# КЕНЕНИМ

*Жусуп Мамайдын айтуусунда*

www.bizdin.kg

# СЕМЕТЕЙ БАШТАГАН БААТЫРЛАРДЫН МЫКААЧЫЛАРГА КАРШЫ АТТАНЫШЫ

Түп атасы Бөйөн хан,
Бөйөн хандан Чайан хан,
Чайан хандан Кара хан,
Кара хандан тараган,
Кадырлуу тууган Орозой;
Орозойдун он уулу,
Улуу уулу Жакып хан,
Жакып хандан туулган,
Алашка каршы чыкканга,
Салып келген чуулган,
Жайдары туулган алп Манас,
Жергелей тартып жыйылган,
Жергесине көп алаш.
Бейжинге барган жайдарым,
Намысы деп алаштын,
Айкөл шерден эр Семең,
Кайгырбаган эр немең,
Карчашкандан кан бүркүп,
Чайкап келген шер немең,
Теңдешкендин баарысын,
Жер тайанткан эр экен,
Ошол Семетейден Сейитек,
Серпишип жоосу тең келбес,
Жетим калып жетилип,
Өз алдынан тетилип,
Желбегей Сыргак бүркүттөй,
Токтоно албай желигип,
Сарыбай баштап нечен дөө,
Сейитектен жеңилип;
Сейитекте эки айал -
Чоң айалы Гүлнардан,
Алымсарык туулган;
Кичи айалы Куйалы,
Өзү катын болсо да,
Теңдешсиз балбан бу дагы,
Мындан туулган Кененим,
Оорагы артык чунагы,
Кененимдин байанын,
Кеп башынан угалы.
Жашы чыгып далайга,
Эр Семетей калган кез,
Жалгыз уулу Сейитек,
Жашы отузга жетелек,
Ат көтөргүс дөө болду,
Ырысы жок жөө болду.
Ат көтөрбөй жөө болуп,
Сейтек жаткан кезинде,
Айылга келди бир топ жан,

www.bizdin.kg

Күн кыйшайган бешимде.
Эр Семетей, Гүлүстөн,
Абаң Бакай ак сакал,
Үйдө болчу ал кезде,
Бир тилдүүсү бар экен,
Келгендердин ичинде.
Жасоолдордон кеп сурап,
Кимдин айлы, деп сурап,
Ал киши турду кобурап.
Жасоол башы кеп айтты:
- Хан Манастын тукуму,
Ак Болотун укулу,
Сейтек айлы, - деп айты.
- Сейтек жайын укканбыз,
Эбегейсиз дөө деген,
Аты жок минээр жөө деген.
Семетей өзү бар деген,
Четтен келген жоо болсо,
Серпишет өзү ал деген,
Акылманы Бакай кары дейт,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Аттана турган чагы дейт.
Арыз айтса абал угат дейт,
Жеткире арызын сурайт дейт,
Адам укса ачынар,
Айтаар арызым турат, - дейт.
Жасоол башы муну угуп,
Эр Семетей үстүнө,
Басып кирди жолугуп,
Кирип турду какайып,
Кеп кылалбай кулуйуп.
Көз жиберип Гүлүстөн,
Оозунда сөзү күмүштөн:
- Эшик беги, не келдиң?
Кирип туруш не иштен?
Эңкейип жасоол баш уруп,
Кеп баштады түз туруп:
- Эшик сактап биз турсак,
Бир топ жан келди жолугуп,
Муңу бардай кеп айтып,
Дегеле жаман оолугуп,
Айталбай кебин бүт баарын,
Ыйлап турду соолугуп,
Ошончо айтты биздерге,
Арыз айтам дейт сиздерге.
Зеригип жаткан Семетей,
Сарыбай дөөнү сойголу,
Чуу көрбөгөн кенедей:
- Ким болсо келсин ал, - деди,
Ээрчитип кел бар, - деди.
Эшиктен кирген жасоолу,
Кетенчиктеп кеткени,
Эшикке чыгып кетти эми:

www.bizdin.kg

- Келген киши, кир, - деди,
Уруксат берди бил, - деди.
Кеп угуп тилдүү тирилип,
Үйгө кирди бүгүлүп,
Урмат кылып баш ийип,
Келинден бетер жүгүнүп,
Белин чындап ийиптир,
Тизеси жерге тийиптир,
Салам айтып бөкчөйүп,
Уруксат менен ал кургур,
Олтуруп калды чөкчөйүп.
Көз жиберсе эр Семең,
Эшиктен кирген кишиге,
Өзү арык, мойну кез,
Кызылы жок бетинде,
Анын өңү сары жез,
Далай заман болголу,
Мындай киши көрө элек.
- Кайдан келген адамсың?
Кайсы жакка барасың,
Не жумушуң бар эле,
Ишиңдин айткын кабарын,
Жүүнүн айткын кебиңдин,
Жөнүн толук билейин.
Семетейди тик багып,
Карай албай байкуштун,
Эки көзү жоодурап,
Кеп баштады кобурап:
- Күн Чыгышта элденбиз,
Соодагербиз, кербенбиз,
Бир жүз отуз киши элек,
Элүү бир киши алаштан,
Отузу кыргыз уруудан.
Биз менен бирге Ополдон,
Келген кыргыз эл эле,
Эриккенде кеп салып,
Алар мындай дээр эле:
«Семетей бар кыргызда,
Семетей тирүү турганда,
Жамандык жок кыргызга.»
Ошолорду уксаңыз,
Бири да тирүү калбады,
Баарын Чынгыш жалмады,
Алдыңа келдик, Семетей,
Ушул кепти айткалы.
Соода кылып жүргөнбүз,
Жер кыдырып айланып,
Күн батышка барганбыз,
Мал тапсак деп курган баш,
Бир балаага капташтык.
Күн батыштын жерине,
Айтумуштун элине,
Биз барыпбыз ал жерге,

www.bizdin.kg

Күн кечиргис тар жерге.
Жердин аты Айтүбү,
Хандын аты Айтумуш,
Биз калдык барып тушугуп.
Айтумуштун алдында,
Чынгыш деген бар экен,
Баштан айак заар экен,
Сураштырып угушсак,
Чыгыштан барган жан экен,
Чынгыштын кызы Чыныке,
Алынча сулуу ал экен,
Мен алам деп күн батыш,
Баш билгичтер зар экен.
Чоң дөөлөрдүн ичинде,
Суунун уулу Суумерген,
Сымбаты башка керилген,
Чыныкени алам деп,
Чымырканып ал келген.
Бербеймин деп айтканга,
Чынгыштын алы келбеген,
Салынуу кашык каадасы,
Калың малы бар, - деген:
"Жетимиш там үйүм бар,
Жеке алтынга толтургун,
Жетимиш миң кул бергин,
Жергелетип эл бергин,
Жер жайнатып мал бергин,
Күнүнө бирден адамды,
Тандап сойуп мен жеймин."
Угуп муну Суумерген,
Жер кыдырып келиптир,
Айдап барып биздерди,
Чынгыш ханга бериптир,
Өзү дагы Суумерген,
Киши сойуп эт жеген,
Зулумдун бири ал экен.
Чынгыш менен Суумерген,
Күндө сойуп киши жеп,
Чыгыштын эли семиз, деп,
Күндө бирден бизди жеп,
Кээ бирин сатты базарга,
Алып чыгып эптүүлөп,
Баарысында бар экен.
Кишинин этин сатып жеш.
Ошентип бизди түгөттү,
Өлүп кетпей күн кечти,
Жүз отуздан калыпбыз,
Арыктап баспай беш киши.
Аралап басып ылгады,
Сойобуз деп шыйгарды,
Сорполук чыкпайт булар, деп,
Айдап бизди чыгарды.
Алты жыл жаттык тутулуп,

www.bizdin.kg

Анан чыктык кутулуп,
Эн салып бизди чыгарды,
Кулакты кесип мулуйтуп.
Он беш күн өттү арада,
Качып чыктык талаага,
Андан кийин барбадык,
Күн батышта калаага.
Шаарга барса жат киши,
Алардын жаман бир иши -
Кулагын карайт адамдын,
Адамы экен деп билет,
Суумерген деген балаанын,
Айдап барып берет деп,
Энин таап алганын,
Андан кийин көрбөдүк,
Ал үчүн шаардын караанын,
Чөбүн таап жеп келдик,
Адамсыз жаткан талаанын.
Айтүбүнөн чыккалы,
Үч жылга быйыл нак толду,
Алты айдан бер жакка,
Эл аралап келебиз,
Эл башкарган эр болсо,
Айтып кабар беребиз.
Жолдо элден кеп уктук,
“Ак калпак кыргыз - алашка,
Семетей улук” деп уктук,
Ошол үчүн жолборсум,
Сизге келип жолуктук.
Айтар арызым бул, - деди,
Өзүмдүн дайнын сурасаң,
Каңгайдан келген кул, - деди.
Айтып кебин бүтүрдү,
Абакең кепке түшүндү,
Ошол жерде Семетей,
Гүлүскө буйрук түшүрдү:
- Сен Гүлүстөн, тур, - деди,
Элге буйрук кыл, - деди,
Жыйырма хан элим бар,
Жылдырып баарын жый, - деди.
Кечээ Бейжинге атам барганда,
Он төрт хан деген хан экен,
Элүү төрт илек кол экен,
Батышка барам бул сапар.
Атамдын колу толсо экен,
Атамдын колун кемитпе,
Карабагын сен ишке,
Камынгыла, болгула,
Күн батышка жүрүшкө.
Жыйырма ханды санагын,
Барбай бирөө калбасын,
Атка минээр эркектен,
Үйдө жатып албасын.

www.bizdin.kg

Деп Семетей акырып,
Жоого тийчүү немедей,
Каары жүзгө чачылып,
Кабарын угуп батыштын,
Абаң Семей ачынып:
- Атам Манас болголу,
Мен Семетей атка конгону,
Адамды адам сойуп жеш,
Мындай шумдук болобу?!
Айтумуш менен Чынгышты,
Жыпжылма кылып койолу.
Суунун уулу Суумерген,
Бизге алы келеби?
Өзүнөн башка дөөлөргө,
Барып кабар бербейби,
Семетей келди деп укса,
Бирөө калбай келбейби,
Өздөрү келип чогулуп,
Ошентип кудай бербейби,
Ээн жатып ээлигип,
Эчтеме көрбөй зеригип,
Эрдемсиген дөөлөрдү,
Эдебин колго берели.
Эсирген доңуз дөөлөрдөн,
Элге кылган зордугун,
Эстесем уйкум келеби?!
Жылдызды санап бөлөлү,
Эл кыйнаган дөөлөргө,
Бир беттешип көрөлү,
Болгун, Гүлүс жолборсум,
Көп кечикпей жөнөйлү!
Кебин угуп абаңдын,
Анда Гүлүс муну дейт:
- Айланайын абаке,
Айтканың чын, сөзүн ак,
Чороң айтам бир сөздү,
Акылга салып угуп бак.
Айкөл атам барында,
Он төрт хандын эли экен,
Кара калмак манжуга,
Кайнап жаткан Кытайга,
Барааары мунун эп экен,
Батыштагы дөөлөрдөн,
Кытайча эли бар бекен?
Кыргызды кыйнап жыйбайлы,
Бүлүктү журтка салбайлы,
Дүрбөтүп айдап барбайлы.
Эл багып бизди эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды,
Төртөөбүз бардык бир кезде,
Алоокенин чоң калча,
Ошол бизге не кылды?
Кызыл кыйа артууга,

www.bizdin.kg

Жыйылган Кытай калкына,
Төртөөбүз барып чуу салдык,
Алоокенин калчанын,
Башын кесип бир алдык.
Ошончо бардык күн батыш,
Эркин элге чуу салбай,
Эптүүрөөк киши баралык,
Куйалы менен Саламат,
Арымсарык арстанды,
Кошуп бирге алалык,
Колбутуп айдап кыргызды,
Коркконсуп кантип калалык?
Элди айдап дүрбүтпөй,
Тандап миңди табалык,
Айтумуш менен Чынгышка,
Суунун уулу мергенге,
Кыр көрсөтүп баралык,
Эли жокбу дедирбей,
Антип барсак ылайык.
Айыгышып карчашып,
Аттан түшпөй кармашып,
Заар төгүшүп арбашып,
Салгылашып көрөбүз,
Ажал жетсе өлөрбүз,
Капташса азап көнөрбүз,
Далайга жашым чыккыча,
Кол албай бардым жоолорго,
Адам уулу жологус,
Эбегейсиз тоолорго,
Эл жыйнап барсаң бул сапар,
Коркконлугуң болот го,
Жалгыз көздөн сезбеген,
Коңурбайдан коркпогон,
Толтой менен Чынкожо,
Оңой эмес жоо эле.
Көк букачан Мадыкан,
Жапандан  келген Кызыл дөө,
Нескаранын Жубатай,
Түз кылуучу балаалар,
Ошолор менен уруштук,
Кыргыздан жыйнап кол албай,
Такыр бизден жоголду,
Абаке бизден соо калбай.
Башканы койдум бөлөкчө,
Канчоро менен Зор Кыйаз,
Кордук салды бул экөө,
Бой бербедик, абаке,
Бул экөөнөн бөлөккө,
Койгон аты Сарыбай,
Кутургур деп аталган,
Катылышкан кишиден,
Канын төгүп баш алган,
Калба салды катышып,

www.bizdin.kg

Капталдан чыгып атышып,
Карчалышты кагышып,
Кара ханга күч келип,
Былчылдашып жабышып,
Сейитекти бел кылдык,
Куйалы келип жардамга,
Кара жерге тең кылдык,
Чуркуратып маңгытты,
Агызып жашын сел кылдык,
Буудандарды арытып,
Жуурултуп баткак тер кылдык.
Абакем азыр аман бар,
Адашсак акыл табалар.
Абаке, сенин өзүң бар,
Караңгыны жарыткан,
Шамдай жанган көзүң бар,
Адамдын көөнүн эриткен,
Балдан таттуу сөзүң бар,
Айтканга кирсең, Абаке,
Акылым ушул билип кал.
Карап Бакай турбады,
Гүлчоро кебин улады:
- Береги турган күн батыш,
Беттешип жоого барабыз,
Атаңдан калган салтың бар,
Атышкан жоону аларбыз.
Өкчөсөк сака утарбыз,
Өчөшсөк башын жутарбыз,
Карчашсак сака утарбыз,
Кармашсак башын жутарбыз.
Бейжинге бардык көп эле,
Белдүү Кытай эл эле,
Беш Бейжин деп аталган,
Мелтилдеп жери кең эле,
Биз баруучу Айтумуш,
Угулбаган кеп эле,
Кабарын уксак, укпасак,
Каңгайга качан тең эле,
Чынын айтсак Кытайдын,
Кишиси жердин чөбү эле,
Кишини киши жейт десе,
Барбай койсок болобу?
Айкөлгө наалат жетпейби,
Абийирибиз кетпейби,
Гүлчоро айткан байатан,
Акылга жаккан кеп болсо,
Миң киши менен баралык,
Семетей, сага эп болсо.
Кабылан Гүлүс, хан Бакай,
Катар айткан кеп болду,
Эми абаң Семетей,
Билгениңдей камын, деп,
Гүлчорого жол койду.

www.bizdin.kg

Эр Гүлүс акыл толтуруп,
Эл башкарган эр менен,
Кеңеш кылып олтуруп:
- Бир кишиден он бала,
Бир кишиден бир бала,
Бир балага катышпа,
Он бала менен үч бала,
Ортосунан тандап ал,
Ат-тону менен белендеп,
Азык-түлүк, жоо курал,
Беш күндү мелжеп жолго сал.
Деп айтып сөзүн так кылып,
Билгичтерге тапшырып,
Аскер жыйды билгичтер,
Эл аралап бастырып,
Аскерге барчуу жигиттин,
Атын катка жаздырып.
Азык-түлүк, ат-тонун,
Дайарлатып камынтып,
Төрт күн болот дегенде,
Сейитектин ордого,
Айдап келди жабылтып.
Оорукта жаткан чоңдору,
Аскерге барчу колдорду,
Чоң Таласка караган,
Айылдагы баары адам,
Айкөл Манас баатырдын,
Күмбөзүнө барышты,
Семетей өзү баш болуп,
Ай тамактап жалынып,
Бирден малды чабышты.
Койдун башын алышып,
Коондой бээни жарышып,
Ак сар баш уй чалышып,
Сүт бото, тайлак мууздашып,
Эбеп жөлөй көргүн, деп,
Арстан Манас күмбөзүн,
Айлана басып чуулдашып,
Жакасын муунта кармашып,
Абаң бакай, эр Семең,
Алымсарык, шер Гүлүс,
Куйалы менен Саламат,
Миң кишини жардатып,
Дүбүрөтүп жөнөдү,
Топуракты чаңдатып.
Атактуу Талас жер калды,
Ак калпак кыргыз эл калды,
Арстан Гүлүс жол баштап,
Айтумуш көздөй  жол алды.
Айтумуш барчуу эрлердин,
Мингени такыр күлүк ат,
Баары андес кагалес,
Мылтык атып жаа тартат,

www.bizdin.kg

Кылычы кында кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Найза колдо зыңгырап.
Аргымак аттар алкылдап,
Саймалуу жаргак сары шым,
Кең багалек балпылдап,
Булгарыдан чоң кисе,
Жандарында шалпылдап,
Күн батыш карай жол алып,
Кетип барат шартылдап.
Тебетейин кырдашып,
Теңтуштарын ырдашып,
Эки экиден бастырып,
Сыр чечишип муңдашып,
Он сегиз күн жол басты,
Эбегейсиз алдынан,
Ээн бир чөл капташты.
Ат өргүтүп жан атып,
Эки күн өргүп жатышты,
Кандай барсак, болор деп,
Абаң Бакай ханынан,
Жолдун жайын сурашты,
Бакай абаң кеп айтты:
- Басып көргөн жол эмес,
Билбеймин, балдар, - деп айты,
Билбеске Бакай чыкканда,
Билбестигин укканда,
Саламат туруп муну айтты:
- Бет келеби силерге,
Билүүчү барбыз дээрге.
Ичибизде Куйалы,
Жердеп жүргөн жер эле.
Жакын менен алысын,
Суусу баары-жоктугун,
Баарын билет Куйалы.
Ушул жолдун кабарын,
Куйалыдан угалы.
- Андай болсо чакыр, - деп,
Жарлык кылды Семетей.
Барып жетти бир жигит:
- Сизди келсин деди, - дей.
- Мени келсин деген ким?
Ачык айтып билдиргин,
Куйалы антип сурады,
Анда жигит турабы:
- Эр Семетей, зор Бакай,
Алымсарык, шер Гүлүс,
Саламат бар жанында,
Чакыргын деп мени айтты,
Ал үчүн келдим алдыңа,
Куйалы анда кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат:
- Мен келгели Таласка,

www.bizdin.kg

Он үч-он төрт жыл болду,
Мен төрөгөн Кененим,
Сегизге жашы нак толду,
Жыл он төрткө толголу,
Үч кишинин караанын,
Бет келишип алдына,
Барган күнүм болбоду,
Талаачылык тар жерде,
Маңдайлашып аларга,
Мал жайып барсам болобу?
Алымсарык, Саламат,
Алар келсе болбойбу,
Чакыртыптыр мени деп,
Бет келишип аларга,
Басып барсам оңомбу?
Барган жигит кайтыптыр,
Бар укканын айтыптыр,
Анда Гүлүс муну дейт:
- Ал айтканы дурус, - дейт,
Келбесе болбойт Куйалы,
Өтө зарыл жумуш, - дейт,
Сен чакыргын энеңди,
Алымсарык, баргын, - дейт,
Алымсарык залкайып,
Салтанаттуу бу чунак,
Куйалынын үстүнө,
Басып барып кирди эле,
Келдим деп жана чакырып,
Мындай айтып турду эле:
- Салмактуу Бакай чоң атам,
Абам Гүлүс шер айткан,
Айтумуш барчуу жол кайсы,
Кабар укмак сиз жактан,
Күн батыштын тарабын,
Билген киши жок экен,
Жолун билип бул жакка,
Келген киши жок экен,
Айтышынча Саламат,
Билген киши сиз экен,
Ал үчүн сизди келсин дейт,
Бара турган жол кайсы,
Бизге айтып берсин дейт,
Арбагы бийик Манастан,
Аттанып чыкты Таластан,
Киши сойуп жейт десе,
Намысынан чоң атам.
Айтумушка бараткан,
Карыларды сактатпай,
Жүрү, энеке, баралы,
Билгениңче кабар айт,
Жообун берип жаналы,
Барбай койор амал жок,
Басып чыгып Куйалы,

www.bizdin.kg

Хандардын кирип үстүнө,
Кол куушуруп эңкейип,
Салам кылып турганы.
Жалгасын кудай, балам, деп,
Жабырап баары алкады,
Баш көтөрүп заңк этип,
Баатыр Гүлүс айтканы:
- Э э, кулунум Куйалы,
Көзүң көрүп турасың,
Азыркы мезгил убакты,
Туура таптык биз сенден,
Бир эле кепти сурашты,
Күн батыштан эл барды,
Жөн кетпей алар кеп салды.
Айтүбүндө Айтумуш,
Айтумуштун элинде,
Киши сойуп жеди, деп,
Өтө жаман кепти угуп,
Жыргап жаткан Таластан,
Аттанып чыктык удургуп,
Канча жылы жоо көрбөй,
Биз калыппыз буулугуп,
Он сегиз күн жол басып,
Куу чөлгө калдык жолугуп.
Уламалап улаштык,
Укмуштуудан сураштык,
Чөлдүн жолун билет дейт,
Ээ, балам, сенден сурап турабыз.
Жерди тиктеп уйалып,
Акырын сүйлөп муңайып:
- Он эки жашка толгончо,
Жүргөн жерим болбоду,
Он үчүм мүчөл жыл өттү,
Азуулунун чоңдорун,
Аңдып жүрүп бу чөлдөн,
Мен байкуштун күнү өттү,
Өзү жаман жаткан кум,
Адамды соруп түгөтчүү.
Укмуштан сурап мен угам ,
Айтумуш мурун жок экен,
Куралган кийин деп угам.
Өткөрө тоосу бийик деп,
Мурун киши жок экен,
Чөбүнүн баарын кийик жеп.
Күн чыгыштан Жүйрүн дөө,
Мында качып келген дейт,
Артылып тоодон ай батпайт,
Айтүбү деп ат койуп,
Айтумуш деп хан койуп,
Ээн жерден эл бөлүп,
Эл жерде эрге жер бөлүп,
Кеткен экен деп угам.
Жайнап жаткан кызыл кум,

www.bizdin.kg

Тирүү жан беттеп баралбас,
Томсоруп  жаткан ушул кум,
Эл аралап, тоо бойлоп,
Түндүк менен жүргөндө,
Он эки айда барабыз,
Батыштагы баранга,
Андайлардан далайга,
Уруш кылып саларбыз,
Эл уйпалап уруш таап,
Эндекей жаткан элди чаап,
Эмгек таап аларбыз,
Аралап  кирсек бул чөлдү ,
Чыгалбай өлүп каларбыз,
Чагалек деген бир чөл бар,
Элүү күндүк куму бар ,
Элүү күндүк куу кумдун,
Эки жерде суусу бар,
Эки жерде чөбү бар,
Кырк беш күндүк жеринде,
Шорголоп турган куму бар,
Эрикпей басса бул жолду.
Ошондо кумдан кутулар,
Айтумушка барышка,
Мүшкүл жумуш ушулар.
Куйалы айтып токтолду,
Жооп берген адам жок болду,
Кара чаар жолборстой,
Хан Гүлүстөн октолду:
- Андай болсо баарыбыз,
Абам Бакай карыбыз,
Кыз Куйалы балбанга,
Жол баштатып алалы.
Айтумушка барганча,
Кол баштатып алалы.
Алдында жүрсүн Куйалы.
Миң кишини жоготуп,
Тентитип ийип бу чөлгө,
Убалына калбайлы
Мен жүрөйүн артында,
Алымсарык, Саламат,
Жүргүлө эки жанында,
Уйку уктаса шылкылдап,
Кайратың кетти кайда, - деп,
Ойготкула  шылдыңдап.
Көөн койуп уккула.
Осолдук кылба камчы чаап.
Минген атка азыр бол,
Сылап-сыйпап  жоорутпа,
Ээрчиткениң  миң киши,
Дегеле, көөнүн оорутпа.
Эндекей өскөн биздин эл,
Ойун менен күлкүдөн.
Андан башка билбеген,

www.bizdin.kg

Кирдүү кийим кийбеген,
Кирдүү айак ашын ичпеген,
Кышта кысыр бээ сойуп,
Жайдын күнү той жеген.
Байге бөлүп кунан чаап,
Көкбөрү тартып уландар,
Өз көөнүнчө жүргөн эл,
Кыштын күнү жоро ичип,
Жайдын күнү шерине жеп,
Кырк-отуздан малдарды,
Зыйанга жыкса мейли, - деп.
Бара жаткан миң киши,
Булар туулуп өскөлү,
Эч жамандык көрө элек,
Жоого беттеп бара элек.
Жоо кадырын биле элек.
Деп Гүлүстөн айтканда,
Куйалы балбан ал ал үйдөн,
Чатырын карай кайтканда,
Элге айтып угузду,
Эртеңки күнү басканга.
Жигиттин баары камын жеп,
Аттарын алып токунуп,
Азык-түлүк байланып,
Жолго түштү шайланып.
Кыз Куйалы балбан кыз,
Далайга мүшкүл салган кыз,
Желжетпес минип залкайып,
Баштап кирди куу чөлгө,
Андан башка адамзат,
Баскан эмес бу чөлгө,
Кетип барат Куйалы,
Камынтпастан шум чөлдө,
Ат тизеден малынып.
Чөл кургатып кетет деп,
Чанактады сууларын,
Бөктөргөгө алышып,
Үч күндө бирден наар алып,
Аттарын кошо сугарып.
Элебей калган бейдымак,
Торсукта суусун кум соруп,
Куру жан болуп калышып,
Тилемсип элден суу сурап,
Жөн бербейт нечен терс айак,
Суусу барлар кулуңдап.
Түндү эсепке албастан,
Он бир күнү жол басып,
Камыштуу жерге жолугат,
Камыштуу жерде суу бар деп,
Арасында чуулдак,
Куйалы билет шор көлгө,
Жакын жетти чукулдап.
Куйалы турду токтолуп,

www.bizdin.kg

Айткан сөзү бул болуп:
- Айалдап, элдер, туруңар,
Айтканымды угуңар.
Алдыбызда бир көл бар,
Суусунда шордуу уусу бар,
Адам ичпе, ат ичпе,
Ичкен жандын баары өлөт.
Алоолонтуп от жагып,
Казанга куйуп суу асып,
Кемеге кылып жер казып,
Бороктотуп кайнатып,
Үстүнөн ылгап шор калпып,
Андан кийин ичебиз.
Атка да антип ичирип,
Торсукка куйуп суу алып,
Бир күн жатып камданып,
Анан жолго салабыз,
Атың өлсө суу ичип,
Жөө калсаң кандай кылабыз,
Сылык айткан сөздү ал,
Айткан сөздү укпаса,
Буйруган ишти кылбаса,
Аты өлгөнчө өзү өлсүн,
Алымсарык, Саламат,
Башын алып таштагын.
Кузгун көзүн чукусун,
Кажыр жарсын кардын, - деп,
Куйалы айтты мындай кеп.
Алымсарык, Саламат,
Айтканындай кыз балбан,
Адам менен айбанды,
Суу кайнатып сугарат.
Суудан ичип чөп жеген,
Айбан мында жок экен.
Жолборс менен шери бар,
Азуулуунун бу чөлдө,
Айтып болгус кени бар.
Кескелдирик молтоңдоп,
Төө куштары койкоңдоп,
Куу чаар болуп таш бака,
Түк окшобойт башкага.
Кирпилери түктөйүп,
Гилеси турат кумсарып,
Жыланы жоон теректей,
Тымсагы төөнүн нарындай,
Томсоруп жаткан куу чөлдө,
Жапа жандар ар кандай.
Абасы салкын жерде өскөн,
Коркуп элдер басалбай,
Ышкырса жылан азандай,
Жол жүрүп келген кайран эл,
Уктап кумар жазалбай,
Бардап көзүн ачалбай,

www.bizdin.kg

Тентип кетип өлөм деп,
Же кайра артына качалбай,
Камалып жатып эки күн,
Дем алалбай күнү-түн,
Эл кужурап турганда,
Келин каш болуп агарып,
Таң сүрүп чыккан маалда,
Кыз Куйалы жол баштап,
Алдында минген желжетпес,
Ооздук тиштеп кыйгачтап,
Кош кулагын кайчылап,
Барган сайын ыргыштап,
Кулжадай көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Барган сайын ыкчамдап,
Башын силкип кылчактап,
Тумарын көккө ыргытып,
Туйагын жерге мылгытып,
Таноосунан буу чыгып,
Колтугунан суу чыгып,
Куйругунан чуу чыгып,
Аркасында чаң калып,
Арбытып салып алыптыр,
Мен-менсиген чандан ат,
Желип-жортуп калыптыр.
Карк этип карга учпаган,
Курк этип кузгун учпаган,
Серендеп койон качпаган,
Кыраакылар байкаса,
Тирүү жандар баспаган.
Керт этерге чөп өнбөй,
Чып этерге суу көрбөй,
Кумдан башка неме жок,
Өнгөн дарак деле жок,
Адам өлөр куу чөлдө,
Томсоруп жаткан бу чөлдө,
Отуздан ашык күн басты,
Күнгө улап түн басты,
Күндү алып эсепке,
Түндү эсепке албады.
Жетип калды ошентип,
Тоо-ташы бар бир жерге.
Түндүгү туташ тоо экен,
Батышы жазык көк экен,
Көгөрүп жаткан чөп экен.
Ортосу агын суу экен,
Тоонун башы карагай,
Өзөндө кайың, талы бар,
Бөксөсү четин, сап ыргай,
Арчанын жыты аңкыган,
Жасанган кыздай келбети,
Нечен тоолор заңкайган,
Чалкак-чалкак төрлөрү,

www.bizdin.kg

Чатырап нечен көлдөрү,
Бу жерге келген кыргыздар,
Мындай жерди көрбөдү.
Жадырап жаткан сазы бар,
Саз ичинде көлдөрдө,
Өрдөгү менен казы бар.
Кайырма, чүрөк, соно бар,
Сазды ээлеп жердеген,
Ызгыч менен жагала,
Андай жандар бир канча,
Ала канат таркылдак,
Таң аткыча уктабай,
Сайрап чыгат таркылдап.
Кара куназ, көк кытан,
Илек-илек, көк казан,
Балыкчы бүркүт, суучулдук,
Суунун терең жеринде,
Ойноп жүрөт суу шуңгуп,
Тайлактай болгон ак куулар,
Каркыра менен турна бар,
Кара боор, кашкалдак,
Молдо торгой, сандыгач,
Күкүк деп Зейнеп чакырат.
Топулуу торгой, бытпылдык,
Бытпылдыктап кыйкырып,
Суусунда балык жылт этип,
Кундуздар ойноп кылт этип,
Токойунун четинде,
Чөөлөрү күлөт шыңк этип,
Чычкандары чырылдап,
Жан-жаныбар кыбырап,
Жайнаган курттар жыбырап,
Айбанаттын түрү көп,
Жерди бербейт быжылдап.
Отун алып жаткандай,
Токойлору кычырап,
Төшүндө улар чыкырат.
Шерлери  жүрөт чакчаңдап,
Токойдо айуу саксаңдап,
Жолборстору күркүрөп,
Үнүн уккан адамдын,
Сийдиги агат бүркүрөп.
Түлкүлөрү кылт этип,
Сүлөөсүн, карсак, ач күзөн,
Суусар, мадыл, мышык көп,
Пилдер турат томпойуп,
Төө куштары койкойуп.
Сары арыстар кырсылдап,
Киле менен сары эшек,
Араң жылат былкылдап.
Карышкыр тоодо кабышып,
Аркар-кулжа жарышып,
Текеси ташта чубашып,

www.bizdin.kg

Кийиги кумдан куйулуп,
Бугусу сууга чубуруп,
Тоодогу түздө топтошуп,
Элиги жерде оттошуп,
Канча түркүн куланы,
Эшектей болуп окшошуп,
Зарапа басып тарбаңдап,
Маралы чуркап дарбаңдап,
Жыгачы калың жер экен,
Канаттуунун кени экен,
Чыгышта киши көрбөгөн,
Канаттуусу көп экен.
Кажырлары далпактап,
Кулалысы шалпактап,
Канаты бар уча албай,
Жөө жүргөн көп талпактап.
Бүркүттөрү жутунуп,
Кайберендин баарысы,
Эркин ойноп кутуруп,
Адам уулу көрбөгөн,
Андай куштар сандан көп,
Кудай кылды кантем деп,
Зарланганы андан көп,
Чыйу-чыйу таталбек,
Сайраганы мындан көп,
Төөнү эчкиге сатам деп,
Ырдаганы андан көп.
Маймылдарын карасаң,
Шактан-шакка секирип,
Кыргоолу жерге бекинип,
Тотукуш куйрук жайышып,
Айбат кылып үксөйүп,
Жапа тооктор мекийип,
Кыргыйек турат чекийип,
Көк жору учат калкылдап,
Ителгиси баркылдап,
Карагай, кайың талында,
Терек, чынар - баарында,
Куш отурат закыйып,
Төө куйрукту кучактап,
Үкү жатат бакыйып,
Жүдөмүш деген канаттуу,
Жүндөрү узун саксайып,
Көркке түшүп көргүн деп,
Бүркүттөр турат далдайып,
Көп жандар бар ал жерде,
Көзү жыртак акыйып.
Учарлык менен тынарлык,
Жери экен ушул жер,
Түрдүү жыгач көп экен,
Кени экен ушул жер,
Түшүнөн кетпей уктаса,
Жылгындуу Кеңкол, Таласка,

www.bizdin.kg

Түк окшобойт ушул жер,
Шиберге жатып жайкалып,
Сууга түшүп чайкалып,
Беш күн өрүүн алыптыр,
Кыз Куйалы жол баштап,
Дагы жолго салыптыр,
Алты күн жүрүп арада,
Шайтан көлдүн сыртына,
Салкынга жетип барыптыр,
Түшпөй туруп Куйалы,
Ойунда кебин салыптыр:
- Келбегемин, уккамын,
Шайтан көлдүн тескейи,
Айтумуштун эли деп,
Айтбүбүнүн жери деп.
Заңкайган тоодон артылып,
Ай үстүнөн ашпайт деп,
Ай ашалбай тоо бийик,
Ай түбү деп айткан кеп,
Мындан нары калганды,
Айта албаймын билем деп,
Куйалыдан угуп кеп,
Гүлүстөн элди түшкүн, дейт,
Бутуңду сунуп жай жатып,
Эми уктап көпкүн, - дейт.
Чыккан чөптүн кени экен,
Кыймыл эткен неме жок.
Өтө таза жер экен,
Кыргыздар калды жай жатып,
Араң келген бул жерге,
Алты күнү жол тартып,
Казан асып, от жагып,
Казанга майды кайнатып,
Аттары жуушап укташып,
Бугунун бычып жайасын,
Азаматтар туздашып,
Аркар эти, кой эти,
Ала шалбырт чыкташып,
Жай алып жатты укташып,
Муну мындай таштайлы,
Кыргыз, Чынгыш сайышкан,
Салгылаштан баштайлы.

## АЛГАЧКЫ САЛГЫЛАШУУЛАР

Алмамбеттин Гүлчоро,
Жан кишиге билдирбей,
Караңгыда жол тартып,
Эркечтей болгон Сур атты,
Батышты карай оң тартып,
Чыгып барса бир белге,
Сүрүп чыкты таң атып,
Ооздугун чыгарып,

www.bizdin.kg

Отко койуп Сур атты,
Бетке алып басты Гүлүстөн,
Чуучайган ташты белгилеп.
Дөбөнүн чыкты башына,
Көчүгүн койуп олтурду,
Сандыктай кара ташына.
Азизхандын  Алмамбет,
Жалганы жок анык кеп,
Бейжинден качып чыкканда,
Ала келген чоң дүрбү,
Эбегейсиз зор дүрбү,
Жүйрүн дөө берген башында,
Алмандын он төрт жашында.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Сур жылан бедер жибектен,
Чалган боосу дагы бар,
Алты күндүк алысты,
Алты аркан бойу келтирген,
Абдан тиктеп караса,
Жүрөгүн таарып өлтүргөн,
Оозу өрттөй кызарган,
Кынабына койгондо,
Кере кулач узарган,
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан,
Тунарык тарткан түз жакка,
Көз жиберип караса,
Тогуз күндүк жер эле,
Бута атымча келди эле.
Сейрек салган тамы бар,
Анда-санда багы бар,
Орто-катар шаары бар,
Андан бери караса,
Карааны бар отузча,
Адырда жүргөн адам бар.
Адамды көрүп туралбай:
“Мындан болбойт тил албай,
Тил алып сөзгө канайын,
Кангыча кабар кеп угуп,
Хан абама барайын,
Андан кийин калганды,
Абамдан күтүп турайын.”
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Дүрбүнү катып койнуна,
Бекемдеп  боосун мойнуна,
Суркойон минип жөнөдү,
Караан көргөн жагына.
“Карасын көрдүм алыстан,
Үч күндүк жолдун чени бар,
Абдан байкап карасам,
Кайда кеткен дедирбей,
Бүгүн түнгө калбастан,
Кайта колго барбасам.”

www.bizdin.kg

Ойго алып көп санаа,
Баса минип жөнөдү,
Буудан күлүк Сур атка,
Табына келген Сур атын,
Аркасында чаң калып,
Артуу нечен бел калып,
Чалкайган нечен төр калып,
Аккан канча суу калып,
Кетип барат Суркойон,
Кара көөдөн бууланып.
Жалган түш болгон кездерде,
Болжолдуу жерге келди эле,
Эл көргөн жердин болжолу,
Болуп калды эми, деп,
Ким экенин билсем, деп,
Токтобой жүрөк элжиреп,
Тентек шамал чойгулап,
Этек-жеңи делбиреп,
Чыга калса бир белге,
Жаткан экен бир топ жан,
Алды жагы эңкүүдө.
Каалгадай калдайып,
Суркойон менен дардайып,
Гүлүстөн чыга калганда,
Отуз алты киши экен,
Кайдан келген адам, деп,
Ат-тону бөлөк не жан, деп,
Ким да болсо ушуну,
Айтумуш алып барсак, деп,
Атка минип жабылып,
Салмоорго таш салынып,
Жабалактап камынып,
Мылтыктары жонунда,
Чойун башы колунда,
Чуркурашып ушулар,
Гүлчорону кармашып,
Алып кетиш ойунда.
Эр Гүлүстөн аларды,
Энге-зенге албады,
Өпкөлөтө теминип,
Аралап кирип барганы.
Жеткен жерге Гүлүстөн,
Бадыр-будур сүйлөдү,
Баары муну билбеди,
Калдыр-кулдур сүйлөдү,
Такыр муну билбеди,
Кырк уруу кыйын тил билген,
Кылымдан ашкан Гүлүстөн,
Оройт-боройт сүйлөдү,
Ону жана билбеди,
Он бир тил өттү билинбей,
Он экиге келгенде,
Отуз алты турган эл,

www.bizdin.kg

Ошондо тилди билди эми,
Жарыша койуп жабырап,
Тил билише келгенде,
Жалпы калбай сүйлөдү:
- Ким болосуң сен? - деди,
Тили жумшак, сөз таттуу,
Кыйын Гүлүс муну айты:
- Жериңер ким, элиң ким?
Эл башкарган эриң ким?
Капкаң кайсы, калкың ким?
Калк бийлеген ханың ким?
Тилиңди билдим, наркың ким?
Тийишип келген жоо болсо,
Тик качыраар алпың ким?
Антип сурап турду эле,
Бирин-бири тиктешип,
Үстүнкү кашын серпишип,
Астыртан ээрин тиштешип,
Сыр бербейли шүк дешип,
Байлап алып кетели,
Камынгыла жүр дешип,
Кол сала албай качырып,
Апкаарышып сүрдөшүп,
Сен бирдеме дегин, деп,
Баш кишини күүлөшүп,
Билип туруп Гүлүстөн,
Апкаарыта сүйлөнүп:
- Жооп берер кишиң ким?
Жообуңду айтып билдиргин,
Ханыңдын аты ким эле?
Жашырбагын жөн эле,
Шаарыңдын аты эмне эле?
Шар айткының тим эле.
Жалдырап баарың турасың,
Жашырбай жооп кыласың,
Жайылдык кылып турсаңар,
Чыгарамын жыласың!
Жабыла кетсең катылып,
Жер кучактап жатасың,
Күч келгенде бир жанга,
Жашырбай баарын айтасың!
Гүлүстөн турду күркүрөп,
Көбүнүн агып сийдиги,
Такымы ылдый бүркүрөп,
Жабыла кетти бир тобу,
Гүлүстөнгө дүбүрөп,
Алтоо-жетөө бар экен,
Мыктысынган күжүлдөп.
Ачып көздү жумгуча,
Аны-муну кылгыча,
Бирине-бирин жеткизбей,
Жанына жакын келтирбей,
Бүктөй кармап камчыны,

www.bizdin.kg

Бирден чаап сулатты,
Баарын аттан кулатты,
Жалпы баары чөгөлөп,
Арстан Гүлүс баатырдан,
Амандыгын сурашты.
Анда Гүлүс муну айтты:
- Атаар мылтык, тартаар жаа,
Кесер кылыч, айбалта,
Канжар менен салмооруң -
Баарын койбой жыйнагын!
Кабыл алды айтканын,
Калтырбады шайманын.
Анда Гүлүс муну айтты:
- Жашырсаң жаның алам! - деп,
Жалпы баарын муң айтты.
Бир тилдүүсү бар эле,
Баш кишиси ал эле:
- Сурадың мурун айтпадык,
Эми жашырып ката албайбыз,
Жашырсак-жапсак кутулуп,
Жаныбыз тирүү калбайбыз.
Айтүбү деген шаарыбыз,
Айтумуш деген ханыбыз,
Атагы хан Айтумуш,
Чынгыш деген залыбыз,
Баш ийебиз Чынгышка,
Ушул турган баарыбыз,
Алдына барат ар күнү,
Айтумуш деген ханыбыз,
Айтүбү атка конгонун,
Айтумуш ханы болгонун,
Кабарын бизден алыңыз.
Жүйрүн дөө деген келген дейт,
Ээн жаткан жер экен,
Айтүбү деп ат койуп,
Шаар салдырган элге дейт.
Шаар бүтүп болгондо,
Салике деген кишиге,
Айтумуш деп ат койуп,
Шаарды ага бергиң дейт.
Жүйрүн дөөнүн жанында,
Чынгыш деген бар экен,
Көп өнөрмөн ал экен,
Көрө албадык көз менен,
Айтабыз уккан сөз менен.
Көккө чыгып көкөлөп,
Көк кептер болуп учат дейт,
Балык болуп бирерде,
Деңиздерде сызат дейт.
Бизден уксаң ушул кеп,
Чынгыштын кызы Чыныке,
Тогуздан жашы өтө элек,
Сулуу чыкты пендеден,

www.bizdin.kg

Чыныке сулуу чыккалы,
Апаат келди бул элге.
Күн батыштын жеринде,
Суунун  уулу Суумерген,
Теңдеши жок эр экен,
Тирүү киши сойуп жеп,
Өтө тентек неме экен,
Чыныке мага бергин, деп,
Сурап келген кеп экен.
Бербеймин деп айталбай,
Суумерген көөнүн кайтарбай,
“Бербес кызда калың көп”
Калың малды көп салды.
Кишиден миңди салыптьр,
Беш жүз киши алыпртыр,
Суумерген, Чынгыш этин жеп,
Күндө бирден жарыптыр.
Семиздеп киши бергин, деп,
Бизге алман салыптыр,
Ошол үчүн бул жерде,
Кишинин баары арыктыр,
Жалганы жок баары чын,
Айткан сөздөр аныктыр.
Суумерген пейли жаман дейт,
Чоңойуп калса Чыныке,
Бойго   жетсе алам, дейт.
Сууда жүрөт балыктай,
Көрүнбөйт көзгө кайыптай,
Жылбырска  кара аты бар,
Теңдеши жок баатыр ал.
Талаша албайт сулууну,
Тең келишип башкалар,
Ашырып ийген жерим жок,
Чынын айтам мактабай.
Кишиден калың  бергин, деп,
Семирди Чынгыш киши жеп,
Айтумуш берет Алманды,
Хандыгым турса болду, деп.
Эн салды элдин баарына,
Күн батышка жарыйа,
Кабар салган Айтумуш,
Уккан шаардын баарына:
“Эндүү киши кез болсо,
Айдап мунда бергин,-деп,
Суунун уулу Суумерген,
Жиберемин билгин” деп.
Коркуп элдер басалбайт,
Башка жакка кача албайт,
Жүргүн деп качан келет, деп,
Жай уктап жакшы жаталбайт.
Айтып кебин бүтүрдү,
Айагында үшкүрдү,
Арстан Гүлүс түшүндү:

www.bizdin.kg

- Баарың кепке кулак сал,
Баш киши, сен айтып бар,
Өлтүрбөйүм бириндн,
Баарың калбай кайтып бар.
Жолуктук де бир эрге,
Жообум ушул силерге,
Айтып жаткан билерге,
Биз Таластан келгенбиз,
Кыргыз деген элденбиз,
Суумерген менен Чынгыштын,
Барылык сырын укканбыз,
Жазасын колго берсек деп,
Бастырып үйдөн чыкканбыз.
Кайгуулчусу мен элем,
Ханыбыз калды оорукта,
Хандын аты Семетей,
Күн батыштын элдерин,
Бучкагына теңебей,
Артык туулган багы бар,
Адамзаттан ченебей,
Өлөмүн деп душмандан,
Ойлоп койбойт кенедей.
Мен барамын алдына,
Атайын элчи салабыз,
Айтумуш менен Чынгышка,
Каш кайтарар калган жок,
Карап көрсөм Чынгышта,
Кабарын угуп иттердин,
Ал үчүн келди батышка.
Хандын аты Семетей,
Атасы Манас шер өткөн,
Ал өңдөнүп ким өткөн?
Кабар алып турсун де,
Элчи келет үч күндө,
Кепти андан уксун де.
Айтып бар, - деп, - ханыңа,
Жанагы Чынгыш залыңа.
Айтып койуп Гүлүстөн,
Бура тартып жөнөдү,
Ат жабдыгы күмүштөн.
Күн бешимге барган кез,
Төбөдөн ооп калган кез,
Ат айабай жөнөдү,
Күүгүм кире барсам, деп.
Эр Гүлүстөн жолборсуң,
Күүгүм кире күн бата,
Кирип келди кошуунга,
Абаң Бакай, Семетей,
Басып кирди алдына,
Көрүнбөдүң балам, деп,
Сурады Бакай карыйа.
Анда Гүлүс муну айтат:
-Өткөн күнү күүгүмдө,

www.bizdin.kg

Кайгуулга чыктым бүрүлдө,
Белге чыктым, абаке,
Таң агарган күдүңдө.
Дүрбү салдым ар жайга,
Топ караан көрдүм бир жайда,
Жетип бардым аларга,
Күн шашике маалда.
Отуз алты жан экен,
Өздөрү арык ыркыйып,
Өңдөрү такыр сары экен.
Он бир түрдүү сүйлөдүм,
Такыр тилим билбеди,
Он эки түргө барганда,
Анан тилим билгени.
Айтумуштун эли экен,
Кербендер айткан Таласта,
Жалганы жок чын экен,
Чынгыш менен Суумерген,
Баштан айак чыр экен.
Баарын уктум кабарын,
Байкадым элдин абалын,
Мойунга артып жүрүпбүз,
Угушпай элдин убалын.
Ашыккандан мен айттым,
Ханыңарга айткын деп.
Атабыз өткөн зор Манас,
Жерибиз Кеңкол, чоң Талас,
Хандын аты Семетей,
Ханың уксун кабар таап.
Элчи келет үч күндө,
Айтумуш менен Чынгыштын,
Калбасын кеби ичинде,
Үч күнчүлүк жол экен,
Эми келдим сиздерге.
Айтканың жөн десеңер,
Жиберели элчини,
Жарабаса бул кебим,
Эми силер билгиле.
Эр Гүлүстөн кеп уруп,
Хан Семетей үстүндө,
Абаң Бакай баш болуп,
Алымсарык жаш болуп,
Кыз Куйалы, Саламат -
Баары олтурду чогулуп,
Семетей оозу бүлк этти,
Ак буладай чойулуп:
-Баарыбыз бирге турабыз,
Гүлүстөн ырас айтыптыр,
Элчи барыш ылайык.
Элчиликке жиберер,
Ылгагын элдин карысын,
Тең айтышар эр болсун,
Кетирбей колдун намысын.

www.bizdin.kg

Турна деген бар эле,
Тил-оозу бар бала эле,
Төрт киши кошту ага эле.
Өзү менен беш болду,
Ар жумушу тез болду,
Кат жазып Гүлүс бүтүрдү.
Аттана турган кез болду.
Анда Семей кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
- Турна баатыр, барып кел,
Ат изин ага салып кел,
“Элчиге өлүм жок” болот,
Тил билбей окшойт, булжолу,
Сүр көрсөтпөй койобу,
Кат берип кебин айтып кел,
Көп кечикпей кайтып кел.
Нары барыш беш күндүк,
Бери келиш беш күндүк,
Анда канча турасың,
Айтумуш билет убактын,
Болжол кылып күн санын,
Үйдө олтуруп мен айттым.
Арадан өтсө он беш күн,
Мен жүрөмүн күнү-түн,
Башына салам хандардын,
Ай тийбеген кара түн.
Демилгелүү кеп айтып,
Турнаны койду узатып.
Айтумуштун элдери,
Гүлүстөнгө жолугуп,
Күн-түн жүрүп келди эми,
Баары көргөн-билгенин,
Таластан кыргыз келгенин,
Көп кечикпей жакында,
Элчинин жетип келерин,
Мамындай айтып бергени:
-Жолуккан киши эң сүрдүү,
Көрбөгөм мурун бул өңдүү.
Ак көңүлү кармаса,
Ак көрпө жайыл көрүнөт,
Каары кармап терс алса,
Кан төгөр жайы көрүнөт.
Отуз алты киши элек,
Опсуз салдык урушту,
Колуна курал алган жок,
Камчы менен курутту,
Барып кайра келгенче,
Алдайар таксыр ханыбыз,
Көргөн-билген жумуш бу.
Айтып кебин бүтүрдү,
Айтумуш кылбай түшүнчү,
Түшүнө албайт Айтумуш,
Кыргызды мурун укпаган,

www.bizdin.kg

Кыйкырык чуудан чыкпаган,
Чыгыштан келген Чынгыш хан,
Кыргыздын жайын айтпаган.
Айтпагандын себеби -
Качып келген эмеспи,
Өз абийрин сактаган.
Такта олтурган Айтумуш,
Жесекчиден кеп угуп,
Кыргыз келди деп угуп,
Семетей деген эрди угуп,
Токтоно албай удургуп,
Ат араба коштуруп,
Артынан чаңын тоздуруп,
Барып жетти Чынгышка.
Чынгыш менен көрүшүп,
Калжындашып күлүшүп,
Какжайышып олтурду,
Ичтеги кебин төгүшүп:
- Айтумуш хан, келипсиз,
Бар беле зарыл ишиңиз?
Антип Чынгыш сурады,
Айтумуш кебин баштады,
Жесекчиден уккан кеп,
Баарын айтып таштады,
Чынгыштын өңү кубулуп,
Жаны чыга тас калды.
Тайанып жаагын тултуйуп,
Түк чыкпаган кара нээт,
Сакалы жок мултуйуп,
Үшүп аткан немедей,
Этегин кумтуп олтуруп,
Кыргыздын угуп кабарын,
Улутунуп үшкүрүп,
Семетей атын укканда,
Ичинен жалын от күйүп,
Жеткен экен кыргыз, деп,
Тирүүлүктөн түңүлүп,
Какайып турган кайран бел,
Кайгыдан сынып бүгүлүп,
Өткөн күнүн ойлонуп:
“Чыгыштын деңиз бойунда,
Жалбырактай ыргалып,
Жүйрүн дөө менен жүргөндө,
Эркин ойноп жыргадык,
Тирүүлүктө бизбиз деп,
Терибизге сыйбадык.
Коңурбай менен касташып,
Эсен хан менен басташып,
Кылымга толуп кыргыздар,
Манас барды Бейжинге,
Алышып жүрүп карчашып,
Ал келе албай чарчашып,
Кыргызга бийлик  бергенде,

www.bizdin.kg

Бейжинде такка мингенде,
Токтоно албай Жүйрүн дөө,
Мени кошо ээрчитип,
Качып келдик бул жерге.
Айтүбү деп ат койдук,
Адамы жок ээн жерге,
Айтумушту хан кылдык,
Шаар салып элдерге,
Жүйрүн дөө кетти жан коргоп,
Адамы жок ээн жерге,
Мени таштап койду эле,
Келбейт деп кыргыз бул жерге.
Төрага болуп турчу элем,
Төбөсүндө бул элге,
Кыргыздын угуп кабарын,
Кайгылуу болдум бир демде.
Жүйрүн дөөнүн качканы -
Алмамбеттен коркту эле,
Алмамбет өлдү деп угуп,
Жүрүчү элем жам-жайкыт,
Коркупмун деп жөн эле."
Айтумушту бир карап:
- Бүттүбү, ханым, сөзүң ? - деп,
Айтканы мына ушул кеп, -
Киши укпаган кебиңиз,
Купуйа кабар бердиңиз,
Атайын айтып кетем деп,
Өзүңүз мында келдиңиз.
Эминеден кооптонуш,
Айтүбү турса жерибиз,
Салгылашар эр болсо,
Суумерген турса эрибиз?
Суумерген алы келбесе,
Сурмерген бар, билиңиз,
Биздики жок, Айтумуш,
Кем-керчилүү ишибиз.
Элчиси келсе көрөбүз,
Эп келген жоопту беребиз,
Үйгө барып жай жатың,
Жооп берер мен бармын,
Элчиси келсе кыргыздын,
Мени карай жибериң.
Айтумуш келип Чынгышка,
Атайын өзү жолугуп,
Кайта кетти тагына,
Арабага олтуруп.
Антип-минтип арадан,
Күндөр өтүп кетиптир,
Турна баштап беш киши,
Кыргыздардан жетиптир.
Жесекчилер жол тосуп,
Чарлап жүргөн шаар четин,
Көрө салып жесекчи,

www.bizdin.kg

Беш кишинин келгенин,
Алдынан барып жолугуп,
Сүйлөшө албай кеп угуп,
Жесекчи менен беш кыргыз,
Шаарга келди чогулуп.
Айтумуштун алдына,
Нишарат кылып билгизди,
Жүгүнүшүп барууга,
Тегинен мойнун ийбеген,
Улугунун алдына,
Жүгүнүшүп кирбеген,
Түз эле басып барышты,
Каттарын бере салышты.
Катты алып Айтумуш,
Чыңгыш хандын кебин кууп,
Чыңгыш ханга алыпар деп,
Элине кылды бир буйрук.
Буйругуна баш ийип,
Чыңгышка келди жулугуп,
Жооп бербей далайга,
Чыңгыш турду чулуйуп,
Оордунан туруп мултуйуп,
Кыр көрсөтүп мурчуйуп,
Үрөйү суук неме экен,
Эки бети тултуйуп.
Сандыгына кол салды,
Бир нерсени колго алды,
Жагып койгон отунун,
Жанына барып кактады,
Бир калбаны тапканы,
Ангычакты болбоду,
Дүркүрөп шамал каптады.
Калтылдады кара жер,
Титиреди турган эл,
Там жарылып бөлүндү,
Төбөсү көктү тиреген,
Бир адамзат көрүндү.
Өңү кара көмүрдөй,
Көзү көпкөк көгөндөй,
Кең көкүрөк кууш айак,
Балбандык сыны бар турат.
Көөрүктөн чыккан ширөөдөй,
Көзүнөн жалын чачырап,
Кутурган иттей шакылдап,
Азуулары качырап.
Сакалы токой чериндей,
Муруту кучак келгиндей,
Булкулдаган бул чочко,
Мурутун кырдап имерип,
Чыңгыш ханга карады,
Капчыгына кол салып,
Кыйынсынган Чыңгыш хан,
Кыргыздан келген катты алды.

www.bizdin.kg

Кагазды алды колуна,
Көз жиберип карады,
Катты окуп болгондо,
Ого бетер карарды.
Каары толду бетине,
Карабай адам түсүнө,
Бир кишини жеп алды,
Каратып туруп көрүнө.
Кармалуу кагаз колунда,
Турна баштап беш киши,
Өлүмдү алды мойнуна.
Айтумушту чакыртып,
Чогулуп алып окушту,
Кат маанисин билишип,
Семетей жазган кат экен,
Эки түрдүү шарт экен:
"Кабар уктум чыгышта,
Кармап сойуп жепсиңер,
Киши келсе батышка.
Канчаны сойуп жедиңер?
Кишинин санын ачык бер.
Адамдын этин адам жеш -
Адам кылаар иш эмес.
Жөөлүптүрсүң, Суумерген,
Жаш кызды мага бергин, деп,
Талашка түшкөн кызды бер,
Киши сойуп жебеске,
Башыңды басып катты бер,
Чыдабасаң берерге,
Кагылышаар жерге кел.
Эдебиңди беремин,
Эсебин элдин аламын,
Эбиңди сенин табамын,
Айтумуш, Чынгыш, Суумерген,
Эки түрдүү шарт ушул,
Жооп аламын силерден!"
Кат маанисин угушуп,
Кан төгүшмөк болушту,
Карсылдашып урушуп,
Айрылышты бул үчөө,
Кеңеш кебин кылышып,
Дайардык көрмөк болушту,
Аскерлерин жыйышып.
Суумерген кетти элине,
Алты күндө келүүгө,
Акимсинген кыргыздын,
Эдебин колго берүүгө.
Коркуп турду кыргыздар,
Чынгыш менен Суумерген,
Кобурашты ушулар.
Кужулдашып кеңешти,
Кетирмекчи кеңеши,
Эсине алып ушулар,

www.bizdin.kg

"Элчиге өлүм жок" деген,
Жер бетинде бар кепти.
Кагазга жазып кат берди,
Айалдабай бат берди,
Турна баштап бешөөнү,
Эми элиңе кайт деди,
Нишарат менен билгизип,
Үстүнө кийим кийгизип,
Алдында жаман коркуту,
Ыштанына сийгизип.
Жандырды эми буларды,
Хандыгын Чынгыш билгизип.
Муну койо туралы,
Эмки болор сөздөрдү,
Семетейден угалы.
Элчиге Турна кетиптир,
Эми эр Семетей нетиптир,
Баш билгичин жыйнатып,
Кеңеш кыла кетиптир.
Эр Семетей кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
- Элчиге кетти эр Турна,
Өлөмүн деп көз жаштап.
Элчиден Турна келет деп,
Айтумуш жооп берет деп,
Жата бериш кайсы кеп?
Эртеңден калбай басалы,
Белес-белди ашалы,
Айтумуштун шаарына,
Жакын барып жаталы.
Кепке келсе Айтумуш,
Эп келген ишти көрөлү,
Сетиркесе Айтумуш,
Серпишип күчүн көрөлү,
Эртең күнгө ишенби,
Айтумушка жөнөйлү.
Жандырган болсо Турнаны,
Жолдон таап алалы,
Орго салып таштаса,
Ордон таап алалы,
Матаган болсо кишендеп,
Колдон таап алалы.
Жаңыдан эми куралган,
Жаңы келген эл экен,
"Элчиге өлүм жок" эле,
Элдин шартын билеби?
Элчини сыйлап узатыш,
Хандын шартын билеби?
Эчтеме билбей коржондоп,
Кокус кыйнап ийеби,
Камынгыла, жүрөлү.
Семетейден кеп келди,
Абаң бакай баш болуп,

www.bizdin.kg

Баарысына эп келди.
Эртелеп атка миништи,
Эңтеңдеп жолго киришти.
Көк ала Майдан жайык төр,
Көгөрүп жаткан жерди көр,
Жалоондой болгон жаш балдар,
Адырда толгон аркарлар,
Аркары ала түрдөнүп,
Жарыша койуп жүр дешип,
Жандоодон атып төрт-бештен,
Өзөн ылдый сүйрөшүп,
Бугусун атып жыгышып,
Муңдан мунтип чыгышып,
Өөгүнөн тилип төрт эли,
Толгоп чылбыр кылышып,
Айтумуштун шаарына,
Эки күндүк калганда,
Беш киши чыкты бир жайдан.
Жакындашып таанышса,
Эр Семетей баатырдын,
Элчиси менен колу экен,
Көрүшө келген жерине,
Ошол жерге кончу экен.
Башка жакка барбаган,
Башкадан кабар албаган,
Бажырап Турна кеп салып,
Кагазын алды калдайып,
Хан абаңа деп салып.
Кагазын алып караса:
“Айтумуш, Чынгыш - биз, - деди,
Арзандык менен жөн эле,
Баш бербейбиз биз, - деди.
Келиптирсиң сен эле,
Кетип калгың тим эле.
Акыл ошол силерге,
Суумерген бар биздерде,
Кара жерди нымдатып,
Каның тамбайт деги эле.
Бул жерге киши келе албайт,
Келген менен бул жерге,
Кайтып үйүн көрө албайт.
Семетей деген сен болсоң,
Кыргыз деген эл болсоң,
Жериңен азып не келдиң?
Чеги сенин келгениң.
Жөн эле кайтып кетип кал,
Келип кетти дебеймин,
Орто Азийа жерденсиң,
Ошондогу элденсиң,
Этиң толук, каның көп,
Калтырбай сойуп бүт жеймин.
Жемирсең мөрөй сеники,
Жеңилип калсаң кокустан,

www.bizdin.kg

Жедим тамак меники.
Кармашсаң каның ичемин,
Катышпай кетсең кантесиң,
Кагышып калсаң тим албай,
Капканыма түшөсүң.
Кагышаар болсоң кел бери,
Кенебеймин мен сени,
Бучкагыма дегеле,
Теңебеймин мен сени.
Шаарымдын келип жанына ,
Жайылтып тууну жайалсаң,
Жабылып чыгам шаар жактан.
Мойнуңа сенин, Семетей,
Эл кырылып кан аккан.
Ат арытып жол басып,
Азык түгөп өң азып,
Эмгек тартып не келдиң?
Кыргыздарда чоң жазык."
Катын көрүп Семетей,
Айтумуш менен Чынгышты,
Бучкагына теңебей,
Бендеби деп бийлебей,
Адамбы деп элебей,
Эртең менен болгондо,
Убада шарты чын болсо,
Шаарынан чубап чыксын, деп,
Көкжал төрө Манастын,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Ашкере сайды Семетей.
Айтумуштун элдери,
Жесекчиси келгени,
Келип кабар бергени:
-Кызыл желек туу сайды,
Азыраак турат карааны,
Айбатуу турат адамы,
Деп барышты сакчылар.
Сакчыдан хандар кеп угуп,
Суумерген турду оолугуп:
-Жалгыз башым барайын,
Бабыраган кыргыздын,
Башына балаа салайын,
Кошун айдап, кол чайкап,
Коркконсуп кантип калайын!
Чынгыш анда кеп айтат:
- Ой, Суумерген, - деп айтат,
"Эр ойлосоң өзүңдү,
Шер ойло, - дейт, - кишини."
Сен өзүңдү эр билсең,
Шер билгиниң кыргызды,
Жалгыз барам дегениң,
Жарабаган бир иш бу.
Жанында караан жок барсаң,
Өзүңө калат жаман ат,

www.bizdin.kg

Жетимиш миң кол алгын,
Жер жайнап турсун сагаалап.
Үч күн көчө чыкпасаң,
Ат салат кыргыз сабаалап.
Сен элиңе барып кел,
Жетимиш миң аскериң,
Жер майышсын алып кел.
Жети күндө жетип кел,
Сен мында кайтып келгиче,
Чыгып турсун биздин эл.
Бизде далай баатыр бар,
Жалгыз эле менмин дээр,
Аларды сынап туралы,
Андан кийин байкайбыз,
Кандай болсо тыйагы.
Суумергенди узатып,
Айтумуш элин чубатты,
Айтумуш эли дүркүрөп,
Аттанып чыкты күркүрөп,
Нечен дөө чыкты шаардан,
Теректей бойу сүлкүлдөп.
Он эки миң кол чыкты,
Айтумуш, Чынгыш зор чыкты,
Тууларын тиктеп сайышты,
Өйүз-бүйүз аскерди,
Сапка тизип салышты.
Айтумуштун жагынан,
Бир атчан чыкты акырып,
Айтумуштап чакырып,
Дегеле катуу келатат,
Тозогун көккө сапырып.
Келаткан жанды караса,
Жолум үйдөй башы бар,
Үйгөн чөпкө түнөгөн,
Жолбун иттей кашы бар,
Буурсундай болгон колу бар,
Орто чынар бойу бар,
Чогулган элдин баарысын,
Оп тартчуудай ойу бар.
Колуна найза кармаган,
Барлык күчүн арнаган,
Атак алган неме эле,
Таамай он күн чабышса,
Талыкkансып калбаган.
Каапырдын көрүп караанын,
Алымсарык суранды,
Хан Бакайдан бararын.
- Баргын балам бар, -деди,
Бабаң Манас арбагы,
Болсун сага жар,  - деди.
Алымсарык чын арстан,
Бата алып Бакайдан,
Аттанып чыкты буйактан.

www.bizdin.kg

Айтумуш эли таңданды,
Тоодой болгон дөбөткө,
Томуктай бала чыкты, деп.
Бир кармаса жан чыгат,
Оозуна салып жебейби,
Мындан кайдан хан чыгат?
Тоодой болгон чоң дөбөт,
Тоо жылгандай сүлкүлдөп,
Салмагына чыдабай,
Жер козголуп дүңкүлдөп,
Токтобогон ойнок жар,
Тоо көчкөндөй калдырап,
Адам тилин билбеген,
Кара нээт бул айбан,
Өзүнчө сүйлөп күңкүлдөп,
Күңгүрөнүп күбүрөп,
Кирген суудай  кужулдөп,
Кирип келди майданга,
Туура тартып маңдайда.
Аңгычакты болбоду,
Алымсарык жаш арстан,
Алдынан чыгып торгоду.
Жаш баланы көргөндө,
Жагалданып түрлөнүп,
Жан алуучу периште -
Азырейил сүрдөнүп,
Молодой мурду коройуп,
Ородой көзү олойуп,
Чынардай колу арбаңдап,
Алдында минген кара төө,
Төрт айагы тарбаңдап,
Кармап оозго салам деп,
Чоң дөбөт келет дардаңдап.
Айтумуш, Чынгыш элдери,
Кыргыздын жайын билеби?
Көздөрүнө көрүнөт,
Чоң дөбөттүн билеги.
Качырып келди найзаны,
Алып көнгөн чоң дөбөт,
Мындан мурун канчаны.
Алымсарык жаш арстан,
Кагып ийип найзасын,
Кый сүбөөдөн бир сайды.
Жаш арстан сайган оңобу,
Кара төөдөн дардайып,
Томолонуп жоголду.
Төбөсү менен тик түшүп,
Мойну үзүлүп кетти эми,
Аңгычакты болбоду,
Дагы бирөө жетти эми.
Жети ага-ини чоң дөбөт,
Бир-бирлеп келди калганы,
Дөбөттүн кунун алсак деп.

www.bizdin.kg

Жандырып эки сайбады,
Манастын уулу эмеспи,
Жетөөнү катар жалмады,
Бир атанын балдары,
Түгөнүп такыр калганы.
Күн кеч кирип эл жанды,
Кайгуулчу менен тороолчу,
Сыртынан элди кайтарды.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Маңдайлашкан эки кол,
Жабыла баары аттанды,
Бир күндө жети эр сайып,
Алымсарык шаттанды.
Айтумуш эли арданып,
Атка минер аз калып,
Чынгыш менен Айтумуш,
Өлүп ала тас калып,
Тике деген аттанды,
Бүгүн барып кыргыздан,
Келемин деп өч алып.
Өкүмсүгөн айбандын,
Өпкөдөй бети бышарып,
Тарамышын чырайтып,
Бүтүн жердин бетине,
Жан койбостой кыйратып,
Алдымда минген көк качыр,
Шодоңдотуп куйругун,
Артынан чаңын чубалтып,
Катуу кирди бул каапыр,
Каарданып көгөрүп,
Кабаттап кара темирден,
Туулганы чөмөрүп,
Алты кулач сом темир,
Алдына туура өңөрүп.
Калканы жондо калкылдап,
Кылычы белде жаркылдап,
Маңдайында эки көз,
Тоо кагындай жылтылдап,
Алты маңгыт тойгундай,
Эки бети чочконун,
Тай торпоктой бултулдап.
Алкымында богогу,
Он эки жашар баладай,
Жакасын жаап салаңдап,
Оозунда тиши шакылдап,
Кирип келди айкырып,
Кыргыздарга жакындап,
Алымсарык чунактын,
Ойунда жок тартынмак.
Камчыга бөлөп жөнөдү,
Алдындакы тору атты,
Тике келет ойунда,

www.bizdin.kg

Карматам деп адатты.
Сом темирин колго алды,
Алымсарык арстанды,
Чокулата бир салды.
Сом темирин чаптырбай,
Алымсарык кармады,
Кармаган колу карышты,
Сом темир түшүп кеткенде,
Алымсарык муштады.
Кыйгай кармап найзаны,
Айры шили желкеге,
Учу темир уу найза,
Ооз омуртка сөөгүнө,
Учу барып такалып,
Сынып кетти бу найза.
Найза тийип шилиге,
Тике жаман арданды,
Тик качырып бу айбан,
Алымсарык баланы,
Жакасынан алганы.
Жакалашып тартышып,
Олпокторун жыртышып.
Оодара тартып кете албай,
Бирине бири тыртышып,
Эртеден кечке оодарыш,
Бирин-бири алган жок,
Ат үстүнөн оодарып.
Жылт этип тоодон күн батып,
Жан жаныбар баарысы,
Жатагын карай чубашып,
Жайына аскер кетиптир,
Эл айрылып атканда,
Жетимиш миң кол айдап,
Суумерген капыр жетиптир,
Айтумуш, Чынгыш бырылдап,
Арыз айтыша кетиптир.
Чынгыш айтат бир кепти,
Жан ачытар бул кепти:
- Суумерген кетип мен калдым,
Айтумуш менен сандалып,
Артынан ээрчип мен бардым.
Дөбөт дөө башта көп өлдү,
Бир жаш бала майданда,
Көрсөтүп жатат өнөрдү.
Бүгүн Тике каарданып,
Жеткен жерде найза жеп,
Ого бетер арданып,
Эртеден кечке салышты,
Жан айабай чабышты,
Күн батканда жылт этип,
Кайта элге жанышты.
Угуп алып Суумерген,
Айтумуш менен Чынгышты,

www.bizdin.kg

Катар тилдеп каарданып,
Кайра жаачу булуттай,
Бузулуп өңү заарданып:
- Алып кел барып элиң деп,
Айттыңар мага далай кеп,
Мен кетипмин кенебей,
Анда эмесе мейли деп,
Чоң дөбөт баштап өлдү деп,
Айтканыңар кандай кеп?!
Айтпадыңбы кыргызга,
Суумерген кайтып келсин деп?
Кыялыңар турбайбы,
Касташып келген кыргызды,
Өз элибиз жеңсин деп.
Жоо жеңер сенде киминң бар?
Кыргызды мурун жоготуп,
Талап алам билип ал!
Жалганы жок чын айтам,
Айтумуш менен Чынгыш хан,
Эртең менен эртерээк,
Тике чыксын жекеге,
Кишинин баарын сойлоткон,
Баласы чыкса чекеге.
Нашталыкка кармап жеп,
Мен жараймын керекке.
Мен-менсиген эки хан,
Мен айтамын силерге,
Эртеңден баштап уккула,
Албагынча кыргызды,
Ушул жерден кайтпайсың,
Үйүңө барып жатпайсың,
Өлүмдөн башың тарпайсың,
Артыңа карап качпайсың,
Мен көрөйүн кыргызды,
Мыкты экен деп мактайсың.
Жекирик кылып хандарга,
Ушул жерде бар жанга,
Жол берген жок Суумерген,
Үйүнө киши барганга,
Айтумуш, Чынгыш күбүрөп.
Суумергенден коркушуп,
Эстери чыгып бүжүрөп,
Таң атырды уктабай,
Басып жүрүп дүбүрөп.
Таң шооласы агарып,
Жан-жаныбар кыбырап,
Жандын баары мыдырап,
Таң атты деп үн салып,
Молдо торгой быжырап,
Салкын жел согуп абадан,
Айтумуш менен Чынгыш хан,
Аттанды баш-аламан.
Тике чыкты алдыга,

www.bizdin.kg

Өлтүрөмүн бүгүн деп,
Же өлөйүн мейли деп.
Аттанып чочко жөнөдү,
Тикенин келе жатканын,
Алымсарык көргөнү.
Аттанып чыкты кыргыздан,
Башталды уруш жылдыздан,
Кечкечекти салышып,
Кел бери деп чабышып,
Сынакы болгон немелер,
Маңдайда жана табышып,
Найзаларын күүлөшүп,
Таамай болжоп сайышып,
Олпокторун жулушуп,
Опсуз жаман урушуп,
Кара жанга күч келип,
Кайран жанды баатырлар,
Кылга байлап ташташты,
Кыйын уруш башташты.
Балтага балта чак этип,
Кулакты жарып шак этип,
От чагылып ободо,
Көрүнүп көзгө жарк этип,
Алымсарык баланын,
Арстандыгы кармады,
Куу найза колго алганы.
Манастап ураан чакырды,
Манастын атын укканда,
Өйүздө турган Чынгыш хан,
Дегеле жаман шашылды,
Тикени бала качырды.
Мурункудай эр тике,
Беттешип найза уралбай,
Алымсарык баланын,
Ыдыгына чыдабай,
Качып берди уйалбай.
Бура тартып качканда,
Буудан бала турбады,
Желкеге найза муштады,
Муштаганда найзасын,
Кызыл канга чыктады.
Тике жерге жыгылды,
Топого башы тыгылды.
Аңгычакты болбоду,
Топурак учуп, чаң басып,
Сары желек туу чыкты,
Айгайлаган чуу чыкты.
Жетимиш бир желеги,
Жетимиш миң кол келди,
Ошол колдун ичинде,
Суумергендей зор келди.
Жыландай болуп сойлогон,
Жылма кара ат минген,

www.bizdin.kg

Жыландай бедер тон кийген,
Ажыдаардай сүрү бар,
Ач бөрүдөй түрү бар,
Жер солкуткан үнү бар,
Желмогуздай жаш жигит,
Жетимиш миңге баш жигит,
Кирип келди майданга,
Колу калды ар кайда.
Кекиликче кужулдап,
Тилин кепке киргизип,
Өзүн өзү билгизип:
- Менин атым Сурмерген,
Мында келген ким экен?
Өзүмдү элге билгизем,
Баарысын жерге киргизем!
Башыңды кесип тизбесем,
Мойнуңду толгоп үзбөсөм,
Суудай каның ичпесем,
Аккан дарйа кызыл кан.
Аралап жүрүп кечпесем,
Айтумуш менен Чынгышты,
Мурадына жеткизем!
Кыргыздын баарын кырбасам,
Жып-жылма, түптүз кылбасам,
Жеримдин аты Талас дейт,
Атамдын аты Манас дейт,
Таласыңды талкалап,
Ташын кумдай кылбасам,
Манас деген ким болсо,
Тилин сууруп албасам,
Бооз катынын жарбасам,
Кызыңды катын кылбасам,
Эркегиңди сойбосом,
Бооруңду туздап тойбосом,
Алайа тиктеп койгондун,
Эки көзүн ойбосом,
Койдой башын кеспесем,
Коондой кардын эшпесем,
Суумерген болбой өлөйүн,
Өлгүнчөктү алышып,
Өрдөктөй башты жарышып,
Өпкөңдү сууруп албасам,
Садага кылып чаппасам,
Суумерген болбой өлөйүн,
Маңдайга жазган шор болсо,
Качпай туруп көрөйүн!
Деп Суумерген сүйлөнүп,
Катуу келди күүлөнүп.
Алымсарык акырып,
Манастап ураан чакырып,
Суумергенди качырып,
Катуу тийди жапырып.
Жаш баланы көргөндө,

www.bizdin.kg

Суумергендин кабагы,
Кар кеткендей ачылып:
“Алмадай кызыл бала экен,
Каны кочкул, эт жумшак,
Тойгончо жээр маалы экен”
Деп Сурмерген качырды,
Жеткен жерде Сурмерген,
Сарыктын кагып найзасын,
Кайра тийип жапырды.
Алымсарык нетти эми,
Сурмергендин найзасын,
Бу дагы кагып кетти эми.
Балага найза кактырып,
Комутта калган бөрүдөй,
Суумерген жаман ачынып,
Кайра айланып киргенде,
Алымсарык арстанды,
Кый сүбөөдөн бир сайды,
Ээрден көчүк бултайды,
Үзөнгүдөн бут тайды,
Жер тайанып жыгылды,
Кыргыздан жетип Саламат,
Алымсарык арстанды,
Ажыратты эсен-сак.
Суумерген ичи ачынып,
Аты жөнүн сурабай,
Токтоосуз кирди кайра эле,
Саламатты качырып,
Сарыбайдын, Саламат,
Кетпейт андан ашыгып.
Суумерген менен Саламат,
Найзаларын кагышып,
Кайра айланып сайышып,
Баш-аламан чабышып,
Найзасында уч калбай,
Балтасында сырт калбай,
Кылычында курч калбай,
Билегинде күч калбай,
Күндү түнгө улашып,
Күркүрөшүп тынч албай,
Үч күнгө кетти айланып,
Тамак ичпей наар сызбай,
Беттерин топо-чаң басып,
Тең келишип калышты,
Талап кылып элинен,
Жаратып жарак алышты,
Жана уруш салышты.
Олпокторун булушуп,
Топчулугун жулушуп,
Түп этектен алышып,
Үзөңгү боого салышып,
Тамандашып тартышып,
Кабыргасы кайышып,

www.bizdin.kg

Аттары баспай майышып,
Эрлик менен көгөрүп,
Өчөгүшүп тайышып,
Урушуп жүргөн кезинде,
Инисине ичи ооруп,
Сурмергени келди эле,
Кыз Куйалы жөнөдү,
Намысы жок немеге:
- Менин атым Куйалы,
Сенин атың ким эле?
Эрегишип сайышкан,
Саламат менен Сурмерген,
Жеңише албай жатканда,
Же жыгылып атпаса,
Бул келишиң жөн эмес,
Сени ага жиберип,
Жатып алчу мен эмес!
Деп сүйлөнүп Куйалы,
Алдынан каршы чыгалды,
Жандырып жооп бере албай,
Сурмерген өтө уйалды.
Уйатынан Сурмерген,
Кылычты тартып кынынан,
Куйалыдай баатырды,
Качырып тийди кырынан.
Кыз Куйалы турбады,
Кылычын кындан суурганы,
Атынан айтып ийе албай,
“Арбагың, айкөл колдо!” деп,
Качырып кирген убагы.
Майданда экөө төрт боллду,
Жалындап күйгөн өрт болду,
Алмамбеттин Гүлчоро,
Мына ошондо ат койду:
- Сурмерген менен Куйалы,
Сен экөөңөр беттешээр,
Боло элек мезгил убагы.
Сурмерген менен Саламат,
Алыша албай турабы.
Деп ошентип айтканда,
Эки жакка бөлүндү,
Байкап көрсө Гүлүстөн,
Суумергенден Саламат,
Саал өөдөрөөк көрүндү.
Гүлүстүн толуп көңүлү,
Болгону болор эми, деп,
Буудан күлүк сур атчан,
Буластаган Гүлүстөн,
Бура тартып бараткан.
Аңгычакты болбоду,
Саламаттан сур чыкты,
Жер солкуткан үн чыкты.
Манастап ураан чакырды,

www.bizdin.kg

Ач кыйкырык бакырды,
Суумергендей балага,
Сооруга найза батырды,
Арбагын баштан качырды,
Шорун минтип катырды.
Ат үстүнөн оодарып,
Көмө сайып жапшырды,
Кайра тарткан Сурмерген,
Саламатты качырды.
Суумергенди куткарып,
Саламатты беттеди.
Колуна найза курчту алып,
Күркүрөсө бул чочко,
Үнү күндөй угулат,
Жүрөгү тайкы адамдын,
Сийдиги агып чубурат.
Күндүн бетин далдалап,
Аттан учкан топурак,
Кирип калды ошондо,
Кара жерге калтылдак.
Колундагы найзасы,
От күйгөндөй жалтылдап,
Сапырылып чыккан чаң,
Жөө тумандай жазылат,
Оозун ачып эстесе,
Азуулары качырап,
Алдында минген көк чаар ат,
Кош кулагын жапырат,
“Көз ала, мени колдо!”- деп,
Коңгуроосун каккылап,
Караанын көргөн адамзат,
Айбатынан жазганат.
Жеткен жерде Сурмерген,
Кагып ийип найзасын,
Кабуусун колго кетирбей,
Ат үстүнөн кулатты.
Кайра айланып жеткинче,
Башын кесип кеткинче,
Кыз Куйалы туралбай,
Желжетпести чуратты.
Кыз Куйалы, Сурмерген -
Эки балбан бет келди,
Бирин-бири өлтүрүп,
Баш байланам деп келди.
Саламатты сайгандай,
Сайып ала койом деп,
Ойунда келет Сурмерген,
Кутургурду кулаткан,
Оңой эмес кыз балбан,
Кысылган жерде кыргызды,
Бир кыйадан чыгарган,
Алдындагы Желжетпес,
Айбандан башка чураган,

www.bizdin.kg

Колундагы найзасы,
Учун ууга сугарган,
Каары кармап беттешсе,
Кутулуп мындан ким калган?
Бири ургаачы, бири эркек,
Бет келишти эки дөө,
Майдандын көркү кептенип,
Эп келишти бул экөө.
Күүлөп найза сундуруп,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Күүсү кулак тундуруп,
Бет алышып качырып,
Көзүнөн жалын чачылып,
Өйүз-бүйүз турган эл,
Айбатынан аптыгып,
Ач кыйкырып бакырып,
Ураанын айтып чакырып,
Баатырлар үнү угулуп,
Маңдайдан тери чубуруп,
Көөдөнгө найза така-так,
Туулгага балта чака-чак,
Баатырдын үнү бака-бак,
Кулактан өтүп шака-шак.
Жердин бети топурак,
Чаң обого созулат,
Булут кайсы, чаң кайсы,
Көз жеткис жерде кошулат.
Күн кечкирип эл жанды,
Куйалы баатыр Сурмерген,
Жай-жайында дем алды.
Таң агарып күн чалды,
Жана кошуун аттанды,
Мурункудан беш бетер,
Сурмерген көөнү шаттанды:
 “Бүгүн сайып мен алсам,
Куйалыдай катынды,
Туудуруп алам ошондон,
Өзүмдөн өөдө баатырды.”
Аттанып чыкты көөнү шат,
Атырылып келатат,
Кыз Куйалы ойумда,
Көмөрөм деп баратат.
Айал-үйөл кылбады,
Аттарга камчы шыбады,
Качырып найза сунганы,
Өрү калган Желжетпес,
Кайра качып жалтаңдап,
Сыр алдырып турганы.
“Өрү калган атың, - деп,
Эми түшөт колума,
Өкүмсүгөн катын” деп,
Өөрчүп барат Сурмерген.
Өлүмчө болгон доңуз, деп,

www.bizdin.kg

Желжетпестен кайгы жеп,
Кыз Куйалы кайран шер:
“Ааламга шылдың боломун,
Алдырып ийсем буга” деп,
Кырданып кирди акырып,
Айкөл деп ураан чакырып.
Сайдырбай өтүп Сурмерген,
Имерип тийип аркадан,
Май сооруга сайганы,
Карчыганын калың эт,
Аралап найза барганы,
Бөйрөктү бөлүп кете албай,
Учу жетип калганы.
Чыпалактай кызыл кан,
Ат сооруга куйулуп,
Алдындагы Желжетпес,
Кызыл канга жуурулуп,
Кармамак болду Сурмерген,
Чылбырына кол сунуп.
«Куйалы колго түшүрүп,
Карматып ийсең уйат,-деп
Жер жүзү калбай угат» деп,
Эр Гүлүстөн теминип,
Эркечтей сур ат элирип,
Өкүргөндөн бакырып,
Өрүктүн башын жапырып,
Ач кыйкырык укканда,
Арстандын үнү чыкканда,
Сурмерген калды шашылып.
Кыз балбандын ошондо,
Тунарган көзү ачылып,
Алдындагы Желжетпес,
Айабай санга камчы уруп.
Эшик эндүү айбалта,
Эптей кармап колуна,
Кар жиликке бир салды,
Сурмерген сунган колуна.
Балта тийген оңобу?
Сынбай колу койобу?
Күң жиликтен үзүлүп,
Сурмерген колу чолойду.
Суумерген жетти шашылып,
Эр Гүлүскө акырып.
Кыз балбанды жүрү деп,
Эр Гүлүс жанды элине,
Сурмергенди жетелеп.
Суумерген кетти элине.
Тайталаң деген бар эле,
Сурмергендин элинде,
Киши ага беттешип,
Көргөн эмес жеринде,
Суумерген менен Сурмерген -
Экөөнөн эрмин дээр эле.

www.bizdin.kg

Өкүмсүгөн тайталаң,
Каапырдын пейли эң жаман.
Таанылар киши таанылбас,
Көз байланган бүрүлдө,
Бүдөмүк тарткан күүгүмдө,
Кернейлерин койдуруп,
Кере кулач чойдуруп,
Сурнайларын койдуруп.
Солкулдатып жер-сууну,
Жер жайнатып айдады,
Жетимиш миң көп колду:
- Жүргүң, колум, жүргүлө,
Четке киши чыгарбай,
Тегеретип алалы,
Кыргыздын колун бул күндө,
Бүгүнкү түндөн чыгарбай,
Баарын кырып салалы,
Балбандары беш экен,
Баарын кармап алалы!
Бир карысы бар экен,
Бар белгиси анда экен -
Уруксат берсе барышты,
Бербей койсо уруксат,
Баспай туруп калышты.
Эркечтей сур ат мингени,
Өтө башка кабыздуу,
Буурул атчан бирөө бар,
Кара башы хан экен,
Адамдан башка көркөмү,
Өтө сонун жан экен.
Бүгүн кирген Куйалы,
Ургаачынын шери экен,
Кайрат кылып качырсам,
Мага качан тең экен?!
Карагер минген бирөө бар,
Алп мүчөсү анда бар,
Бир жаш бала жана бар,
Жоо сайышка маш эмес,
Далай иште чала бар.
Сур ат минген кишиси,
Акыл-айла бүт ичи,
Көрүнүп турат сыртынан,
Өтө башка билгичи.
Бирден чыгып жекеге,
Тең келе албайт биздин эл,
Саны турат миң киши,
Жетимиш миң сел киши,
Агызып каптап кетели,
Ажыратсак элинен,
Алтоо калса алардан,
Бизге алы келеби?
Кан чачабы көп элге,
Амаласыздан баш ийет,

www.bizdin.kg

Андан кийин биздерге.
Тегеректеп алалы,
Теңге башын салалы,
Таң агарып күн чыкса,
Былк эттирбей баарысын,
Кол бутун байлап салалы!
Корс-корс этип кортоңдоп,
Мингени пил томпоңдоп,
Кара бойу бир дөбө,
Колунда найза койкоңдоп,
Тегеректеп кыргызды,
Кармайбыз деп ойлонот.
Кернейдин үнүн укканда,
Барабан үнү чыкканда,
Абаң Бакай кары айтат,
Элге акыл дал айтат:
- Хан Семетей, Гүлүстөн,
Кабар алдым бир иштен,
Караңгы кирген күүгүмдө,
Керней-сурнай койулду,
Барабан үнү угулуп,
Жердин бети солкулдап,
Дүбүртү аттын чубурду.
Намысы жок Айтумуш,
Бир арыпты кылды бейм.
«Тегеректеп баралы,
Азганакей кыргызга,
Айабай кыргын салалы»
Деген ойдо бар белем.
Көп көргөмүн мындайды,
Мындай карап турбайлы.
Тилимди ал калганың,
Ар чатырдын жанына,
Каракчыдан жасагын,
Айтумуштун элинин,
Өзүнө кылгын мазагын.
Атка минип калганың,
Адырга карай чубагын.
Мен барайын эл менен,
Тентектик кылыш анча эмес,
Тебилип аккан сел менен.
Семетей менен Гүлүстөн,
Саламат менен Куйалы,
Алымсарык арстаным,
Калгыла чатыр ичинде.
Барабан ур он колдоп,
Тегеректеп келгенде,
Текши баарың тийгиле,
Намысы жок иттердин,
Кара боорун тилгиле.
Баш кишиси ким экен,
Байкап кармап алгыла.
Таң атар мезгил болгондо,

www.bizdin.kg

Биз чыгалы аркадан,
Айла кылып амал таап,
Качырбайлы бир адам.
Сурмерген болду жаралуу,
Суумерген чарчап жадады,
Айтумуш, Чынгыш биригип,
Бизге чыга алабы.
Хан Бакайдан кеп келди,
Кеңеши элге эп келди.
Миң кишинин баарысы,
Бирден караан жасады,
Адамдан артык, кеми жок,
Кооп турган карааны.
Абаң Бакай баш болуп,
Миң киши адыр барганы,
Хан Семетей аз болуп,
Беш киши мында калганы.
Аңгычакты болбоду,
Тайталаң кеби акыл, деп,
Кайыл болуп макул, деп,
Алыстан келген кыргызды,
Кыйраталы такыр, деп,
Жетимиш миң кол жүрдү,
Жер майышып мол жүрдү,
Тайталаңы баш болуп,
Отуз тогуз зор жүрдү.
Жазылып колу жыйылды,
Ортодо кыргыз калды, деп,
Ат койушуп жабылды.
Отуз тогуз - алпы көп,
Жүргөн жери кызыл өрт,
Өрөйт-бөрөйт дегенсийт,
Анын тилин ким билсин.
Чатырлардын жанында,
Чалкалаган каракчы,
Курчап келип айланып,
Каракчыны кармашты.
Тайталаң буйруп ийиптир.
Ат койуп аскер тийиптир.
Чатырга кирип келгенде,
Чатырдагы беш киши,
Жалпы тийбей бир иши,
Алымсарык ат койуп,
Доолбасты карс койуп,
Мылтык алып тарс койуп,
Манастап ураан чакырып,
Манастын атын укканда,
Баарысы калды шашылып.
Минген атын чуратып,
Бет келгенин сулатып,
Калың жерин аралап.
Алы канча, чамалап,
Беттеше албай нечени,

www.bizdin.kg

Качып барат сабалап.
Тайталаң баштап чоңдору,
Аркасын тосуп камалап,
Бир кишини чыгарбай,
Кыйратам деп санашат.
Балбандары калар, деп,
Таң атканда аларды,
Мыдыратпай алам, деп,
Кызык акыл тапкансып,
Тайталаң турат дембелеп.
Алымсарык арстаның,
Беттешкенин кулатып,
Беш - алтыдан сулатып,
Кыйрынан тийип кыйратып,
Кырылган койдой жуушатып,
Анда-санда бакырып,
Манастын атын чакырып,
Манастын атын укканда,
Тайталаң баштап аптыгып,
Калың жерин суйултуп,
Кылычтан канын чубуртуп,
Жерде жаткан топурак,
Кызыл канга жуурултуп,
Албарс менен кайсалап,
Арбын жерин талкалап,
Беттеп бешөөн бир сайып,
Бели сынып жаткан көп,
Тиши чыгып ырсайып.
Аркасын карай алышпай,
Коркуп жүрөк кылчайып,
Тайталаң бизди кырды, деп,
Кара аскерлер муңканып,
Ажал тартып, кан катып,
Суу ойлошуп тамшанып,
Алымсарык кырыптыр,
Жалгыз жүрүп чаң салып.
Арамзада Тайталаң,
Жалгыз эрдин үнү, деп,
Бир кишиден башкасы,
Түгөл кыргыз өлдү, деп,
Ордосуна кирем, деп,
Өзүм барып келем, деп,
Кандайлыгын билем, деп,
Желип келет элеңдеп.
Пили менен томпойуп,
Куйругу кыска чолтойуп,
Оройу суук доңуздун,
Өтө башка дордойуп,
Салаңдап мурду ормойуп,
Бети калың томтогой,
Орто бойлуу кортогой,
Эки эмчеги баладай,
Булчуң этин карасаң,

www.bizdin.kg

Кысыр эмди танадай,
Эки бети талаадай,
Эки көздүн ортосу,
Чөп ташыган чанадай.
Аргамжыдай чачы бар,
Өңкөргөн койдой кашы бар,
Чечилбей калган ээси жок,
Жолум үйдөй башы бар.
Түн ичинде чатырга,
Кирип келди күдүңдөп,
Кызарып көзү күүгүмдөп.
Алымсарык алдынан,
Тосуп чыкты: - сен ким?!-деп,
- Таанnetwork бaсаң менмин,-деп,
Тайталаң өзүм келдим, - деп,
Калганың качып сен калдың,
Алыңарды билдим, - деп.
Алымсарык кеп айтат:
- Айбан, доңуз!-деп айтат.
Кыргыз качпайт кыргындан,
Кылымга дайын мурунтан.
Уйатсыз сендей болобу,
Уктабай элге чуу салган?!
Биздин эрлер чатырда,
Сенин мындай ишиңе,
Сунган бутун тартпаган.
Мыкты болсоң кел бери,
Белиңди бүктөп, баш кесип,
Бүтүрөйүн ишиңди,
Андан кийин жалмайын,
Аркаңда калган итиңди!
Сарыктын айткан кебине,
Таталаң ичи ачынды,
Карбаластап карпаңдап,
Найза менен качырды.
Тайталаңга сайдырса,
Оңой олтоң эр эмес,
Оңойлук менен адамга,
Омурулар бел эмес.
Бет келишти бул экөө,
Жаш Сарыктын артында,
Карап турган бар төртөө.
Качырып сайды Тайталаң,
Кагып ийди найзасын,
Адис болгон жаш арстан.
Ураандарын айтышып,
Аттарын бура тартышып,
Балтаны колго алышып,
Маңдайлашып чабышып,
Колтуктарын чойушуп,
Койгулашты бир далай.
Алымсарык жадады,
Тоодой болгон чочконун,

www.bizdin.kg

Ыдыгына чыдабай,
Эр Саламат ат койду,
Айал кылып туралбай.
Эр Саламат, Тайталаң,
Салышып кирди кайтадан,
Тамтыгы калбай жоголду,
Качырышкан найзадан.
Кыз Куйалы, Гүлүстөн,
Өлүп кетти канча адам.
Алты имерип сайышып,
Тоодой болгон Тайталаң,
Саламатты качырган.
Кыз Куйалы капташты,
Тайталаңдын ойунда,
Өлбөсө кайра качпасты.
Чойун баштар колунда,
Алы келсе бир - бирин,
Өлтүрүш бар ойунда.
Куйалыны качырды,
Таңга жакын калганда,
Гүлүстөн калган аркада,
Абаң Семей бет келди,
Куйалынын артынан,
Тайталаң бура тартканда.
Каарданган хан Семей,
Кайраты артык бар Семең,
Тайталаң шорун катырды,
Бир чабуудан чыгарбай,
Кара жерге батырды.
Калган отуз сегизи,
Бири калбай жабылды,
Акимсинген иттерге,
Бекер өлүм табылды.
Кыраан Семей абакең,
Кылычты кармап сабынан,
Сууруп алды кабынан,
Ону өлдү дым тартпай,
Отуз сегиз жабылган.
Сезип калып Гүлүстөн,
Бу дагы кирди бир четтен,
Эки баатыр бет келсе,
Кутулуп мындан ким кеткен?!
Ана-мына дегиче,
Айта-буйта кылганча,
Баарын койбой жалмады.
Аңгычакты болбоду,
Таң кылайып агарды,
Абаң Семей, шер Гүлүс,
Кыз Куйалы, Саламат,
Алымсарык жаш арстан,
Аралап кирди камалды,
Адырда абаң хан Бакай,
Абыдан алды кабарды.

www.bizdin.kg

Тышка киши чыгарбай,
Кыргыз келип камады.
Күн кызарган маалда,
Жетимиш миң кишиден,
Миңче киши калганы,
Аскерин көрүп туралбай,
Суумерген жетип барганы,
Тосо чыкты алдынан,
Кыргыздын Гүлүс балбаны.
Эки күнү салышты,
Эрикпестен калбаны,
Суумергендин ошондо,
Былк этер шайы калбады.
Арам ойду ойлонду,
Аркасына толгонду,
Эбин таап жаздырып,
Эми качып чу койду.
Аркасынан Гүлүстөн,
Суркойон менен созулуп,
Качкан менен куугандын,
Аркасынан чыккан чаң,
Ободоку булутка,
Бурулбай барып кошулуп.
Карыган Бакай бакырып,
Гүлчоролоп чакырып:
- Качкан жоону куучу эмес,
Кылычын канга жуучу эмес,
Бүгүн эмес ошол иш,
Мурунтан бери бар кеңеш!
Карыйадан кеп угуп,
Кеп укканда жеме угуп,
Эр Гүлчоро жолборсуң,
Кайтып тартты бурулуп,
Жетимиш миң кишиден,
Беш жүзчөсү калыптыр,
Бөлүнүп чыкты чубуруп.
Өлгөн адам жер толуп,
Аккан канга сай толуп,
Адырга жылкы-ат толуп,
Кузгун чукуп көз ойуп,
Киши этине жабылып,
Учарлыктан тынарлык,
Баары келип чогулуп,
Кажырлар учуп калдаңдап,
Канаттары далбаңдап,
Айры куйрук, кулаалы,
Учуп жүрөт салбаңдап.
Жарыла албай дардайып,
Жаткан өлүк андан көп,
Жаны чыкпай кыйналып,
Мунтип жаткан мындан көп.
Буту сынган төкөр көп,
Колу сынган чолок көп,

www.bizdin.kg

Кулагы жок мулук көп,
Тил сүйлөбөс дудук көп,
Көзү аккан сокур көп,
Бели сынган бүкүр көп,
Жал-жал тиктеп жаткан көп,
Жаны чыкпай аткан көп.
Миңден киши кырылып,
Жетимиш миң киши өлүп,
Суунун уулу Суумерген,
Атагы бар Сурмерген,
Ичи жалын, боору чок,
Кырып салды маминтип,
Кыргыздардын колу жок.
Кыргыздардын ичинде,
Эстүүсү элге күйүнүп,
Эси жогу сүйүнүп,
Өлбөчүдөй жутунуп,
Дүйнө жыйып жүгүрүп;
Биз да бир күн ушу деп,
Көбү жандан түңүлүп,
«Көтөргөн балта тийгинче,
Жарган дөңгөч эс алат»
Биз дөңгөчбүз бүгүн, деп,
Эки-экиден күдүңдөп,
Корконунан басалбай,
Чанданы жүрөт бүжүңдөп.
Муну мындай таштайлы,
Кыргыз менен Кызыл алп,
Кыргынынан баштайлы.

## КЫЗЫЛ АЛПТЫН КЫРГЫНЫ

Кара жанга күч келип,
Калбай эли бүт келип,
Жетимиш миң эл өлүп,
Кырылып кетти түгөнүп.
Күн батышта жети дөө -
Эки мерген, эки дөө,
Кабар укпай жай жаткан,
Жана дагы бар бешөө.
Жору куйрук Кызыл алп,
Берки жаккы четинде,
Суунун уулу Суумерген,
Кызыл алпка жетти эле,
Алдына барып кире албай,
Чын айласы кетти эле.
Кордук коргон Суумерген,
Айал-үйөл кылалбай,
Намысты таштап уйалбай,
Саадагын салып мойнуна,
Жөөлөп басып кирди эле.
Бели ийилип бүгүлүп,
Бирден басып жүгүнүп,

www.bizdin.kg

Кайран бели бүгүлүп,
Катындарча жүгүнүп,
Каадасы менен турду эле.
- Эминеге келдиң? - деп,
Жору куйрук Кызыл алп,
Жолу каткыр сурады.
Келгендин жайын сураса,
Жожурап байкуш турабы:
- Айтумуштун элинде,
Чынгыш хандын үйүндө,
Чыныке сулуу кызы бар.
Чынгыштан кызды сурадым,
Калыңына миң киши,
Алмак болду Чынгыш хан.
Аркайдан киши жыйнадым,
Алып келип бергемин,
Ким экенин билбедим.
Күн чыгыштын элинен,
Качып кетти беш киши,
Семетей деген эр экен,
Кыргыз деген эл экен,
Арыз-абалын айтыптыр,
Андан кийин кайтыптыр.
Санын миңге толтуруп,
Эрикпей жүрүп олтуруп,
Келген экен бул жерге,
Элчи келди биздерге,
Жарашарга болбодук,
Урушар жерди болжодук,
Жетимиш миң колумду,
Алып бардым топтотуп,
Айтумуш, Чынгыш чыгыптыр,
Колун жыйнап колбултуп,
Көздү ачып жумгуча,
Алабыз деп ойлодук,
Алмак турсун кыргыздан,
Баарыбыз кыйрап сойлодук.
Баатырдан өлдү кырк алты,
Сурмерген менен Суумерген,
Өлүмчө болуп жан калды.
Күн батышта сен туруп,
Сени ээрчип мен туруп,
Акым, Шакым - эки дөө,
Ага - ини тең туруп,
Боз чаар минген Боронбай,
Калыбектей эр туруп,
Айтумуш, Чынгыш - эки улук,
Сурмерген менен Суумерген,
Калабызбы журтта улуп?!
Калка болуп барып кел,
Чынгыштын кызы Чыныке,
Сулууну мага алып бер.
Арманыма кулак сал,

www.bizdin.kg

Баарысынан бир шумдук,
Курушат куйкам мен угуп,
Атасы Манас барыптыр,
Бейжинге кыргыз чубуртуп,
Кытайга колун салыптыр,
Кыздарын олжо алыптыр;
Ооганга бүлүк салыптыр,
Баш көтөрөр жан койбой,
Ат жетээр жерге барыптыр;
Эки жолу сага кол салган,
Сарыбайды сойуптур,
Коркконунан кыз балбан,
Кыргызга олжо болуптур,
Мени алганда сени алат,
Күн батышта жети дөө,
Баарыбызды тең алат,
Кытайды мурун алыптыр,
Кылымда мындан ким калат?
Жору куйрук, Кызыл алп,
Сөздүн жайын угуптур,
Сойлотойун баарын, деп,
Кырк миң аскер жыйыптыр,
Ат көтөрбөй өзү жөө,
Үркөрдөй болуп жылыптыр.
Келе берсин Кызыл алп,
Суумергенден угуптур,
Соолуп калган түгөнгүр,
Изин башка буруптур.
Акым, Шакым дөөлөргө,
Баштан  айак калтырбай,
Кызыл алпка айткан кеп,
Баарын айта калыптыр,
Ага - ини эки дөө,
Алтымыш  миң кол менен,
Алар да жолго салыптыр.
Арамзада  Суумерген ,
Боронбайга жолугуп,
Булкулдап  ыйлап соолугуп,
Болгон кепти бүт айтып,
Апыртма кошуп күч айтып,
Жалган жерин чын кылып,
Кичинесин чоң кылып,
Боронбай болгон  кепти угуп ,
Бу дагы жүрдү оолугуп,
Кырк миң колун жардатып,
Топуракты чаңдатып.
Ишенгени  жез камчы,
Таштан кайтпас тез камчы,
Пери менен дос болуп ,
Белекке алып кош болуп,
Беттешкенин жоготуп,
Боронбай жүрчү оштонуп.
Кишиден кыйар Суумерген,

www.bizdin.kg

Кылчаңдабай бу мерген,
Дайрага келсе суу кечпей,
Тоого келсе бел ашпай ,
Сыйкыры артык балакет,
Жанына батып ала кет,
Калыбекке келди эми,
Камчысын салып мойнуна ,
Ханга салам берди эми.
Алик алды Калыбек,
Баарыдан жаман кара нээт,
Калыбек менен кез болуп ,
Тирүү калуу кыйын кеп.
Мелтиреген Калыбек ,
Көк мейкин зоодой зымылдап,
Аш кайнамча кеп кылбайт,
Кеп кылса да түз кылбайт:
- Суунун уулу Суумерген,
Чыныкени алдыңбы?
Чын сулууга кандыңбы?
Кишиден калың берем деп,
Далайдын жашын алдыңбы?
Айтумуш менен Чынгышка,
Айабай мүшкүл салдыңбы?!
Арамзада Суумерген,
Өлүмүн санап бой берген,
Айткан кеби бул экен:
- Алдыңа келдим, Калыбек,
Бүгүнкү бизге канимет,
Эртеңки ишти ким билет?
Семетей келди бизди деп,
Беттешип чыгып кыргызга,
Көзүмдүн жашы себелеп,
Күн чыгышты алыптыр ,
Бүткүл баарын тебелеп,
Атыңарды чыгарсам,
Сүйлөндү мени жемелеп.
Айтумуш, Чынгыш куурулду,
Шайтан көлдүн талаасы,
Кызыл канга  жуурулду,
Айтып кантип түгөтөм,
Баатыр сага муңумду!
Кыргыздын пейли бузулду,
Кең дүйнө бизге кысылды,
Аламын деп айтпады ,
Кармап сойду кысырды,
Алдыңызга келгемин,
Мен айткалы ушуну.
Жору куйрук алп укту,
Акым, Шакым дөө укту,
Бозчаар минген Боронбай,
Жолдо учурап бул укту,
Баары калбай кыргызга ,
Барабыз деп оолукту.

www.bizdin.kg

Айтып болуп Суумерген ,
Ыйлап ийип соолукту.
- Ыйлабагын,  арам ит,
Баатыр болбой жерге кир,
Семетей дедиң билбедим,
Кыргыз дедиң сүрдөдүң,
Түшүндүрүп жакшыраак,
Мага толук сүйлөгүн.
Кобо кылып Суумерген,
Тоңкобаш атып тогуздап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Өкүрүп атып солуктап:
- Сүйлө дедиң сүйлөйүн,
Мурун сүйлөп бергенге,
Айбатыңан сүрдөдүм,
Жандан тойуп түңүлүп,
Алдыңызга киргемин.
Мында келген Семетей,
Кыргыз элдин ханы экен,
Семетейдин атасы,
Манас деген зал экен.
Күн чыгышта каханга,
Күчүрөгөн жер толуп,
Күллү кытай калкына,
Жазганбастан барган дейт,
Ата Бейжин калаасын,
Аз күн да болсо алган дейт,
Ага бүлүк салган дейт.
Ташкент, Кокон, Маргалаң,
Кашкар, Котен, Кешмирди,
Көз каранды кылган дейт,
Түндүктөгү Каңгайды,
Түп көтөрө алган дейт,
Урумдагы Орусхан,
Баштагы өткөн хандардан,
Будагы кыргыз уругу,
Манас менен бир тууган.
Ошондуктан урумдук,
Уйпаланбай тынч калган.
Өлгөн Манас тууралуу,
Уккан кабар ушунча.
Манастын уулу Семетей,
Кийин чыккан эрлерди,
Түк койбоптур кенедей,
Эми мында келиптир,
Өзүңүздү баш кылып,
Бучкагына теңебей,
Бендеби деп бейлебей,
Адамбы деп элебей,
Аскери көп немедей,
Тоотпой жатат ченебей…
Деген жерге келгенде,
Кара көңүл Калыбек,

www.bizdin.kg

Кара көк тартып түрдөнүп,
Суумергенге сүйлөнүп:
- Аскеримди кырды деп,
Келесиң мында сүйрөлүп!
Жоору куйрук Кызыл алп,
Акым, Шакым эки дөө,
Бозчаар минген Боронбай,
Не келбейсиң түз мында,
Аларга айтып угузбай?!
Бачымыраак жолго сал,
Бадырайып отурбай!
Алдында алар барбасын,
Ажыдаарга беттешип,
Балакетке калбасын,
Барып айтып токтоткун,
Бекерче өлүп албасын.
Такыр калбай кырылса,
Эсебин алчу мен бармын,
Мен эсебин алгынча,
Күн батыш эли азыраак,
Түгөнүп булар калбасын.
Сен жеткинче түз барып,
Кырылганы өзүнө,
Менин кебим укпастан,
Катылышса кыргызга,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Каңгыраган кыргыздын,
Көрүнөйүн көзүнө!
Кыргыз эмес кылымда,
Тең эмес бенде өзүмө.
Алтымыш миң кол алам,
Аттанып мен да жол салам!
Деп күүлөнүп Калыбек,
Суумергенди узатты,
Бир сындырым нан бербей,
Бир пийала чай бербей,
Отураар орун - жай бербей.
Калыбектен кутулуп,
Суумерген кетти жутунуп:
«Калыбек барса кыргыздын,
Бирин койбой кырат, - деп,
Ишим менин оң экен,
Төртөө барса чогулуп,
Кыргызга бүткөн  шор экен.»
Кабар уккан Кызыл дөө,
Ат көтөрбөй өзү жөө,
Арада канча жол басып,
Уктабастан мол басып,
Жетип келди Кызыл алп,
Кыргын - чууга улашып.
Эки мерген аскерди,
Ээси жоктой өлгөн көп,
Беттешкенин кыйратып,

www.bizdin.kg

Белдүүдөн жаткан кара көк.
Күн жайылган мезгилде,
Кызыл алп жете келди  эле,
Айтумуш, Чынгыш караса,
Жайнаган аскер көп келди,
Жалындап күйгөн өрт келди,
Жерде жылган тоо келди,
Зоңкойгон бийик зоо келди,
Мурун булар көрбөгөн,
Ким экенин билбеди.
Айтумуш, Чынгыш ашыгып,
Кыргызга келген элби деп,
Кыймыл этер жан калбай,
Кыбыратпай жеди, деп,
Сурмергендин алдына,
Кирип барды энтелеп,
Корkконунан айталбай,
Алсырашып темтелеп:
-  Карааныбыз Сурмерген,
Бизге калка сен элең,
Колуңуз сынган сиздики,
Кокуй күн болду биздики.
Ат минбестен жөө жүргөн,
Дөөнү көрдүк ыраактан,
Кыркты көрдүк байрактан,
Желпилдетип келаткан.
Мурунку кыргыз барында,
Кызыл кыйан кан аккан,
Эми кыргыз келип кошулса,
Бир адам калбайт биз жактан,
Караанын көрүп бул дөөнүн,
Түңүлүп калдык биз жандан.
Сурмерген айтат сөзүн шар:
- Айтумуш, Чынгыш, угуп тур,
Акылдан танып абдыкпай,
Дайынын угуп силерден,
Болду менин көөнүм жай.
Айттыңар силер, мен билдим,
Күчүңөргө күч кирсин,
Чыккан болсо жаныңар,
Уйасына түз кирсин.
Канча күндөн бер жакка,
Көрүнбөдү Суумерген,
Абкаарып калып кыргыздан,
Кабарга кетти деп жүргөм.
Силер айткан жөө желген,
Кызыл алппы деп билем.
Жору куйрук Кызыл алп,
Жолукканды соо кылбас.
Алдынан тосо барыңар,
Кырылган аскер биздики,
Кырган киши тиги, деп,
Көрсөтүп койуп кыргызды,

www.bizdin.kg

Кайра артыңа жаныңар.
Сурмерген айткан акыл, деп,
Айтумуш, Чынгыш жөнөдү,
Жарыша койуп макул деп.
Келе жаткан чоң дөөгө,
Жакын жетти жарашып,
Аттан түшө калышып,
Салам кылды майышып.
Саламга алик албады,
Баштады чочко калбаны,
Айтумуш менен Чынгышты,
Катарынан кармады:
- Сен болосуң ким? деди,
Жору куйрук Кызыл алп,
Мен боломун бил! - деди.
Айтумуш, Чынгыш чыркырап,
Ошондо ыйлап жиберди:
- Кырылган аскер биздики,
Кырган кыргыз тетиги!
Ачык угуп Кызыл алп,
Аскерин түшүп жат, деди,
- Эртең менен таң ата,
Барабанды как! деди.
Айтумуш, Чынгыш, Сурмерген,
Жалгыз менин жээрим,
Токсон доңуз тап! - деди.
Мына бу келген кырк миңге,
Жүз кишиге бирден төө,
Сойуп берип бак! - деди.
Бекерге эмес сойгон төө,
Кыргызды алам кыйратып,
Бир төөгө үчтөн ат, - деди,
Бербей койор чама жок,
Баарысына куп деди.
Айтумуш, Чынгыш чапкылап,
Коржоңдотуп төө айдап,
Төөгө кошуп доңузун,
Коркулдатып жөө айдап,
Келип турду алдына,
Башын салып кол байлап,
Алып келген тартуусун,
Жалмады койбой баарысын.
- Айтумуш, Чынгыш, кайт, - деди.
Үйүңө барып жат, - деди,
Кыргыздын аты бош калат,
Олжо жыйнап чап, - деди.
Элден чыгып күдүңдөп:
«Кыргызды алып болгунча,
Жеп болобу бизди, - деп,
Сойушуна бир күндүк,
Токсон доңуз, төрт жүз төө,
Кана бергин тап десе,
Суумерген менен Сурмерген,

www.bizdin.kg

Эки күндө бир киши,
Алып келгин бас десе,
Бизден сыйкыр качканбы,
Ойлоп көрсөк бул кезде.
Дагы төртөө келет дейт,
Эмине дейт ал келсе?»
Сар-санаа болуп салбырап,
Суу болгондой шалбырап,
Эки дөө кайтты үйүнө,
Ит талаган кишидей,
Этегин жыйбай далбырап.
Кызыл алп жатты ал түнү,
Төө менен доңуз сойуп жеп,
Чыланып майга малмырап.
Аңгыча сүрүп таң атты,
Кызыл алптын кошууну,
Кернейлерин чуулатты.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү шакылдап,
Аттангын деп аскерди,
Айтылып чыкты чакылдап,
Кызыл алптын аскери,
Кыргызга келди жакындап.
Абаң Бакай кеп айтат,
Элге акыл эп айтат:
- Көрдүңөрбү балдарым,
Тетиги душман келатат,
Кетүүчүдөй көрүнөт,
Агызып кыйан сел каптап.
Амал кылып урушуш,
Абалтан бери калган иш,
Канча күндөн бер жакка,
Сурмерген менен уруштук,
Аз да болсок кыргыздар,
Ага кылдык туруштук,
Ушул бүгүн ойлосом,
Арзан эмес бул жумуш.
Өткөн күнү кечинде,
Жерде жылган тоо келди,
Ийип белин жыккысыз,
Ийилбей турган зоо келди,
Агызып кетип калбасын,
Азыраак кыргыз биз элди.
Карап тура бербейли,
Каршы келген душмандын,
Эдебин колго берели,
Байрак тиктеп туу жайгын,
Басалы элдин чуулганын.
Эрекче душман көрүнөт,
Эсим эки бөлүнөт,
Элебесек душманды,
Каныбыз эми төгүлөт.
Келе жаткан черүүдөн,

www.bizdin.kg

Эбегейсиз зор көрдүм,
Башына адам чыгалгыс,
Опсуз бийик тоо көрдүм.
Жатпагыла, тургула,
Аттангыла, болгула!
Бакайдан буйрук алыптыр,
Аттанып жолго салыптыр,
Кызыл желек туу сайып,
Душманды тосуп калыптыр.
Маңдайдагы душмандан,
Бөлүнүп чыкты бир адам,
Капкалуу коргон көрүнөт,
Карааны башка бул адам.
Салмагынан жер солкуйт,
Тиктесе көзү көл толкуйт,
Каш-кирпиги бадалдай,
Колунда жарак деги жок,
Келе жатат тайманбай.
Алымсарык далдаңдап,
Абакеси Бакайдан,
Нөөмөт сурап калдаңдап:
Мен чыгайын жекеге,
Келе жаткан айбанды,
Келтирбейли бу элге.
Туурда куштай кагынып,
Туралбай Сарык чамынып,
Ок өтпөскө жасалган,
Олпок тонун жамынып,
Хан Бакайдан бата алып,
Ак калпак кыргыз алаштан,
Алымсарык аттанып,
Тоо экен деп жазганбай,
Чоң экен деп апкаарбай,
Манастап айтып бакырып,
Ураанын айтып чакырып,
Күүлөп найза сундуруп,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Учунан жалын сүр чыгып,
Өөдө жакка бой жетпейт,
Как киндиктин тушу, деп,
Жарылып кетсе өлбөйбү,
Табарсыгы ушу деп,
Таамай муштап өттү эми.
Өткүр найза бөрү тил,
Терисине тийгенде,
Ташка тийген немедей,
Кайра каңгып кетти эми,
«Кара боорго өтпөдү,
Кара санга өтөрбү?»
Кайра айланып муштады,
Төрт эли өтүп такалды,
Өтпөй найза какалды.
Терисин бүтүн тешпеген,

www.bizdin.kg

Сулп этине жетпеген,
Оң айланып бир сайды,
Сол айланып бир сайды,
Беш катар сайып өткөндө,
Аркасына кылчайды.
Ачып колун сермеди,
Сермегенде Кызыл алп,
Колуна Сарык келгени.
- Мыкты кишиң ушубу?
Мына, кыргыз, ал! - деди,
Ыргытып аны жиберди.
Сарык келет калдаңдап,
Этек-жеңи далбаңдап,
Жерге түшсө өлөт, деп,
Көргүлүгүн көрөт, деп,
Арстан Гүлүс алаңдап,
Алдыңдагы Сур койон
Чабына батпай жалаңдап,
Алымсарык балбанды,
Түшүрбөй кармап алганы.
Кызыл алыптын көп колу,
Айтумуш, Чынгыш зорлору:
“Алда кандай эрдир?  - деп,
Бир кишини алмадай
Кармап алды тиги, - деп,
Тийип калса колуна,
Тим эле бизди жеди” - деп,
Дүркүрөшүп калышты.
Жооп алып Саламат,
Кызыл алтын башына,
Саламын деп алаамат,
Кер ат менен чу койуп,
Темирден найза койкойуп,
Карандуу көзгө көрүнөт,
Эр Саламат болкойуп.
Бурулган жерде камчы уруп,
Төөдөй болгон чоң дөөгө,
Капталынан найза уруп,
Жин ургандай бакырып,
Манастын атын чакырып,
Дагы тийди Саламат,
Такыр колтук көбүккө -
Өпкөсүнө найза уруп.
Манастын атын укканда,
Тиктеди капыр акыйып,
Чанагынан чыкчуудай,
Эки көзү чакыйып.
Муштап өтө бергенде,
Мүргүй түшүп оңолуп,
Алп атына ээ болуп.
Мүргүбөгөн чоң болуп,
Жан жагына карады,
Көлөкөсү чоңураак,

www.bizdin.kg

Бир дарактын карааны,
Кармады чочко сабынан,
Сууруп алды чынарды,
Кыл суургандай камырдан,
Манас деген кепти угуп,
Ачууланып абыдан.
Кайра айланып Саламат,
Капталга найза сайганда,
Чынарды булгап ийди анда.
Салаа-салаа бутагы,
Бир бутактын жоондугу,
Жетпеген адам кучагы.
Күүсү тийбей чынардын,
Күчү тийген болуучу,
Аркан бойу чынардын,
Учу тийген болучу,
Чоң чынар тийсе кишиге,
Качан жакшы болучу?
Аты менен Саламат,
Учуп кетти каргадай,
Капталдап барып жыгылып,
Топого башы тыгылып,
Талаа-талаа тилинип,
Куйканын каны чубуруп,
Кабыргасы кабышып,
Сынып кетип төрт-бешөө,
Өпкөсүнө жабышып,
Эки имерип чаптырбай,
Куйалы кетти чабышып.
Талаада жаткан Саламат,
Чатырга алып барышып,
Жарага дары чабышып,
Кажыр өтүн табышып,
Киши кетпей жанынан,
Күндөп түндөп багышып,
Эс алганда Саламат,
Кыймылдаса козголуп,
Кабыргасы кылтылдап,
Чынар тийген капталы,
Такыр баары кыйчылдап,
Колу-буту бүт сынык,
Өөдө болбой шылкылдап,
Алты күнү жай жатты,
Сакайып кел барып, деп,
Кошуп берип он эрди,
Өз элине узатты.
Кантип жатат Куйалы,
Эми андан кабар угалы.
Арыбы көп кыз балбан,
Алты күнү салышып,
Арып-талып калбаган.
Арбын салды урушту,
Арзан эмес жумуш бу,

www.bizdin.kg

Оңой эмес кыз балбан,
Алты күнү турушту.
Арбаңдап каапыр жүгүрүп,
Ачууланып Кызыл алп,
Куйкасы мунун курушту.
Кере бута жерлерди,
Аттай-буттай түйүлүп,
Шашып калды кыргыздар,
Куйалыдан түңүлүп.
Бутактары копшолуп,
Колундагы чынары,
Нак сойулга окшошуп.
Буудан күлүк жел жетпес,
Бура тарта бергенче,
Куйалы балбан бурулуп,
Тартаңдаган арам ит,
Күүлөп турду чынарды,
Чокудан ары бир уруп.
Куйалы кетти тумактай,
Алдындагы жел жетпес,
Бута атым кетти улактай.
Жел жетпес буудан күлүктү,
Күүсү менен урганы,
Кара ташка чабылып,
Жаш башынан сынганы.
Жебеден мурун Гүлчоро,
Кызыл алпка жеткени,
Куйалыны сапа-сак,
Ажыратып кеткени.
Жыгылган жерден кыз балбан,
Желжетпести көтөрүп,
Шыңк эттире жөтөлүп,
Алымсарык баланы,
Чакырып жанга алганы:
- Хан атама айтып кел,
Эмне десе кабарын,
Бала, мага айтып кел.
Желжетпес буту аксады,
Киши жок муну баккалы,
Бүткөн бойдун тарпы жок,
Саламаттын жатканы.
Кездешип турган Кызыл алп,
Кыйын заман күн туулат.
Хан атам акыл эргитип,
Саламатты жандырды,
Жөө жатып тамак жеп бербей,
Мен барайын бир жерге,
Желжетпести баккалы,
Деп Куйалы айтканы.
Угуп алып чунагың,
Бакай абаң, Семейге,
Куйалы кебин айтыптыр.
Абаң Бакай, хан Семей:

www.bizdin.kg

- Чын айтыптыр Куйалы,
Акыл кеп го бу дагы,
Жетип келсин Куйалы,
Сакайганда бууданы.
Алымсарык айтыптыр,
Желжетпести көтөрүп,
Куйалы балбан кайтыптыр.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Буттай темир курчанып,
Бузулуп өңү кумсарып,
Өткүр найза карманып,
Оң айланып он сайып,
Бурулуп арка жагына,
Буудан Сурду чуратып,
Бөйрөктү болжоп он сайып,
Кайрылганда качырып,
Карчыганын балык эт,
Кандуу найза батырып,
Манастап ураан чакырып,
Бакалоорго сайууга,
Бойу жетпей шашылып,
Эмчектен ылдый карата,
Элүү найза уруптур,
Сандан каны салаалап,
Дөөнү канга жууруптур.
Ана-муна дегиче,
Айта-буйта кылгыча,
Ачып көздү жумгуча,
Алтымыш балта уруптур,
Этинин баары көгала,
Талаа-талаа карарып,
Жердин бети жуурулуп,
Жыбырап кызыл кан агып,
Карап турган көпчүлүк,
Эр Гүлүскө таң калып,
Кудай урган бул дөөгө,
Мынчалык неме канчалык?
Коборуп койгон мунардай,
Козголбой турат заңкайып.
Жана кирди Гүлүстөн,
Жан айабай качырып,
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Көзүнөн жалын чачылып,
Кыпындай кызыл бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кыйын уруш баштады.
Эсине келип эр Гүлүс:
«Болду чочко кыйын иш,
Каржилик менен жотонун,
Булчуңун жара чабайын,
Тарамышы кыркылса,
Жер тайанат Кызыл алп,
Өзөктөн канын жайайын.»

www.bizdin.kg

Кылычты тартып кынынан,
Кыйкырыгы таш жарып,
Таштан өтүп баш жарып,
Кыраан Гүлүс качырды,
Кызыталак Кызыл алп,
Мындан кайдан шашылды.
Жакын кирип келгенде,
Жеткизбестен кылычты,
Көк желкеден аткыды.
Акылы терең эр Гүлүс:
«Кармамак болду мени, - деп,
Колуна тийсем жеди» деп.
Дөө жагына ыктады,
Чоркоктук кылып Кызыл алп,
Үстүнөн алыс муштады.
Муштуму жерге тийиптир,
Чыканактан кириптир,
Колун тартып алганда,
Суу жайыла бериптир,
Көрүп туруп кыргыздын,
Ыштанга көбү сийиптир,
Айтумуш, Чынгыш сүйүнүп,
Бакырышып ийиптир.
Байкап булар караса,
Эр Гүлүстөн тигинде,
Эч карааны көрүнбөйт,
Топурак басып калыптыр.
Алда кандай заман, деп,
Абаң Бакай, эр Семең,
Алмамбет уулу шер Гүлүс,
Калды бекен аман, деп,
Кадала туруп караса,
Топурак тунуп арылды,
Жердин бети жарынды,
Аты менен эсен-соо,
Шер Гүлүстөн таанылды.
Колтукта калып кол тийбей,
Колу түгүл жел тийбей,
Калган Гүлүс акырып,
Кайра тийди качырып,
Гүлүстүн үнүн укканда,
Гүдүңдөгөн Кызыл алп,
Умачтай көзү ачылып,
Кучактап кармап алам, деп,
Колу мунун жазылып,
Колун жыйып имерип,
Бура тартаар чама жок,
Барып калган Суркойон,
Ооздук тиштеп нидиреп,
Колтугуна илинди,
Алмамбет уулу Гүлүстүн,
Кутулбасы билинди.
Манастын уулу эр Семең,

www.bizdin.kg

Кайгырбаган эр немең,
Бура тартты ошондо,
Буудан күлүк буурулду,
Манастап ураан чакырып,
Семетей үнү угулду,
Айтумуш менен Чынгыш хан,
Кызыл алптын көп колу,
Заманасы куурулду.
Аты менен Гүлүстөн,
Карысында салаңдап,
Эр чырагы эки көз,
Маңдайында алаңдап,
Көрүп Семең шашылып,
Кызыл алтын оозун көр,
Жеркуйдай болуп ачылып.
Көсөм тууган Семетей,
Жетип келди шашылып,
Каржиликтин булчуңга,
Урду найза качырып.
Манастан калган сыр найза,
Булчуңду кетти аралап,
Тарамыштан найзага,
Түрмөк-түрмөк канчасы,
Илинип чыкты самсаалап.
Бүгүлбөй колу шалк этип,
Төрт айагы сур аттын,
Кара жерге тең жетип,
Кутулуп Гүлүс эр кетип,
Кызыл алп колу жаралуу,
Бойу тоодой чамалуу,
Арстандын уулу чунагың,
Тайбуурул менен чуратып,
Кездемдин боосун чубалтып,
Кезгерип найза чунайтып,
Как бөйрөктүн тушу, деп,
Карчыттан кара кан акса,
Шайы кетер ушу, деп,
Андес өзү шамдагай,
Адис болгон хан Семең,
Канча удаа найза уруп,
Кызыл алптын карчыттан,
Каны агып чубуруп,
Кызарып каны жошулуп,
Топурака кошулуп,
Кудай урган Кызыл алп,
Мурду көөп дердеңдеп,
Муруттары сербеңдеп,
Сакалдары эрбеңдеп,
Кармаймын деп кол сермеп,
Буурулду кармап алам деп,
Арыш таштап дардаңдап,
Колу-буту тарбаңдап,
Типтик башы соксойуп,

www.bizdin.kg

Орто тоого окшонуп,
Опсуз кирди Кызыл алп.
Семетей калбайт апкаарып,
Тартынып калаар жери жок,
Кара бойун кайтарып.
Жаза сайбайт эр неме,
Жалтангансып жазганып.
Ойуна кетип Семетей:
«Найза менен сөөк сынбайт,
Найзалап жүрүп жан тынбайт,
Балталап уруп көрөйүн,
Көрөйүн мунун өнөрүн.»
Төкөр уста Бөлөкбай,
Жайы-кышы жасаган,
Эшик эндүү ай балта,
Кармай алды сабынан,
Как ыргайга саптаган,
Пил терисин каптаган,
Арта салып ийинге,
Ээрдин кесе тиштенип,
Эр Семетей киргенде,
Колтуктан өөдө кол жетпей,
Каптал кайсы, бел кайсы,
Томук кайсы, кол кайсы,
Токмоктоп ура бергенде,
Кызыл алп жаны кыйналып,
Кысталып турган кездерде,
Акым, Шакым эки дөө,
Жайнап аскер кол келди,
Сапка келип тизилди,
Чатырларын түшүрдү.
Аңгычакты болбоду,
Бозчаар минген Боронбай,
Кырк миң черүү кол менен,
Кылкылдап келип бул турду.
Элдер келип жатканда,
Суунун уулу Суумерген,
Жете келди ал жактан:
- Баарыңар мында келдиң, - деп,
Хан Калыбек кеби, - деп,
Менден мурун ким барса,
Катышпасын деги, деп,
Жиберди эле мени, - деп,
Айтпай койсом маа жазык,
Айткан кепти албасаң,
Кимиң беттеп турасың,
Калыбекке жанашып?
Өлүп кетсе Кызыл алп,
Баарыбызды бул кыргыз,
Кыбыратпай кырат, - деп,
Жалгыз калса Калыбек,
Уруксат сурап чыккың, - деп,
Дөө тилинде бакырып,

www.bizdin.kg

Калыбектин кеби, деп,
Кызыл алпга угузат.
Кепти угуп Кызыл алп,
Жан жагына козголсо,
Кабыргасы кычырап,
Эңкейип алдын караса,
Кызыл канга жуурулуп,
Топурак ылай былчылдап,
Токтоно албай Кызыл алп,
Титиреп кирген кылчылдап.
Көкжал төрө күпүлдөп,
Көсөлүң урган чоң балта,
Тийип турат дүпүлдөп.
Акылын жыйып Кызыл алп,
Суумерген айткан акыл, деп,
Алайын тилин макул, деп,
Семетейге айтат кеп:
- Мен келгени, Семетей,
Албадым тыным кенедей,
Майданга ачка келгемин,
Эчтемени ээлебей,
Азыркы сенин турушуң,
Эр экенсиң ченебей.
Эрдигиңе кол койдум,
Тамак ичип келейин,
Беш күндүккө жол койгун.
Далай күнү уруштук,
Беш киши менен салышып,
Жалгыз кылдым туруштук,
Оңой бүтөр көрүнбөйт,
Ойлоп көрсөм бул жумуш.
Деп Кызыл алп айтканда,
Эрдик менен элебей,
Манастын уулу чунагың,
Эч нерседен кенебей,
Зыңгыраган Кызыл алпты,
Бучкагына теңебей:
- Барсаң, капыр, барып кел,
Беш күндөн калбай кайтып кел,
Керээз кебиң элиңе,
Бала-чака жээниңе,
Кеп байлашкан жериңе,
Калтырбастан айтып кел!
Болжол күнү беш болуп,
Урушмак болуп беш күндө,
Оролошуп кез болуп,
Орто жерде экөөнүн,
Убадасы тез болуп,
Майдандан чыкты бөлүнүп,
Бара жатат Кызыл алп,
Барча тоодой көрүнүп.
Аскерине жеткенче,
Көөнү ачылбай карарып,

www.bizdin.kg

Өмүрү тамам болгондой,
Өлүмү жакын көрүнүп,
Бутун серпип тартканда,
Жошулуп каны төгүлүп.
Баары аскери камынып,
Алдынан тосуп жабылып,
Каадасы экен алардын,
Тизилип сапка жалынып,
Кирип жатты Кызыл алп:
- Мага тамак дайарлап,
Так тойгундай кылып бак:
Санаты болсун алтымыш,
Аракка толсун саптуу айак.
Кыркка тосун санаты,
Чоң-кичик болуп төрт айак,
Бул кыркынан башкасы,
Айуу болсун, ит болсун,
Айак жагы суур болсун,
Тетиги кыркты кошкондо,
Санаты токсон жан болсун,
Бакканынан он доңуз,
Аны менен жүз болсун,
Аңгычакты жеп турам,
Токочтон жүзү жам болсун!
Камдап баарын келгенде,
Алдындагы чалууга,
Токочтон жүздү жегенде,
Эт алдына келгенде,
Суунун уулу Суумерген,
Эшиктен кирип келди эле,
Бери кел дебей курдашын,
Бербей жалгыз жеди эле.
Алтымыш саптуу айакты,
Алтымыш ууртап таштады,
Кырданмак болду Кызыл алп,
Уйкунун даамын таткалы,
Туйунтмак болуп Суумерген,
Кызыл алпка айтканы:
- Ойуңда сенин жок экен,
Мен келбесем кайткалы,
Алың келбей калыпсың,
Тамак ичип келсем, деп,
Семетейге айткалы,
Күнүң бүткөн кез экен,
Жер кучактап жаткалы.
Жаздыгыңды оңдодум,
Жаныңды өөдө кобордум,
Жата бербей тайрайып,
Келер жагын ойлогун.
Беш күндөн калсаң кечигип,
Калыбек келет жетишип.
Анда жакшы болбодуң,
Калбалашсаң катышып,

www.bizdin.kg

Калыбектен сойлодуң,
Карала атчан Калыбек,
Калыбекке беттешип,
Тирүү калыш канимет.
Калыбек сыры белгилүү,
Бекер айткан кеп эмес,
Көөнүмдө жакшы көргөндөн,
Сага айтам мен кеңеш.
Кеңеш кепке ынасаң,
Беш күндө өөдө туралсаң,
Семетей менен беттешип,
Көмө сайып жыгалсаң,
Анда жаның бир калдың,
Өлүп кетсең кыргыздан,
Кутулуп мында бир калдың,
Экөөнүн бирин кылбасаң,
Калыбектен суладың.
Этиңде тамтык калбаптыр,
Сак жериң койбой жаралап,
Күч берүүчү булчуңду,
Найзанын учу аралап,
Тарамышың тилинип,
Тал-тал болуп салаалап.
Бул бойдон жатсаң элебей,
Беш күнү уктап копкуча,
Шишик басат ченебей.
Муунуңа түшөт сары суу,
Бөөдө өлүп каласың,
Элиңе салып чуру-чуу.
Алты эрдин өтүн тап,
Аны ичинден ичип жат,
Айуу, бөрү, көк жору,
Кажыр, түлкү өтүн тап,
Жаратыңа аны чап,
Андан кийин уктап жат,
Ойгонгондо ордуңан,
Сен турасың сапа-сак.
Айтканыма кулак сал,
Баары акыл кебимди ал,
Көзүңдү ачып ушалап,
Жүгүрүп барбай дардаңдап,
Таш салуучу куржун тап.
Томолок таштан чогултуп,
Алтымыш батман таш шыкап,
Туруп бербей кыргызга,
Аралап киргин койгулап,
Асмандатып ыргытпай,
Тизеге болжоп чойгула.
Ташың тийген ат өлөт,
Атка минген эр өлөт,
Адам, айбан тең өлөт,
Гүлчоро менен Семетей,
Сага кирет экөөлөп.

www.bizdin.kg

Жаныңа жакын келгенде,
Жан айабай ташка алгын,
Бут жагы эмес башка алгын.
Атына тийсе ат өлсүн,
Өзүнө тийсе өзү өлсүн,
Усуна таштын чыдабай,
Амал ойлоп тапмакка,
Кайра тартат ал жакка.
Кабылып калган немесин,
Кармап тирүү тытып же,
Бели сынбайт кыргыздын,
Антпегенде дегеле.
Семетей менен Гүлчоро,
Алымсарык, Бакайы,
Качып кайда кутулат,
Ал төртөөнөн башкасы?
Сен киргенде тебелеп,
Мен кирейин дембелеп,
Акым, Шакым эки дөө,
Алар бизге дем берет.
Алдында баштап сен кирсең,
Аркандан удаа мен кирсем,
Акым, Шакым дөө кирсе,
Айтумуш, Чынгыш хан кирсе,
Жарасы бүтүп сакайып,
Сурмерген жатпай ал кирсе,
Бозчаар минген Боронбай,
Олжо алам деп ал кирсе,
Аңгычакты Калыбек,
Келип калат дегеле.
Калыбек мында келгенде,
Нөөмөт бербейт биздерге,
Олжо бербейт көп элге.
Каары катуу Калыбек,
Олжо бер деп ким барат?
Оолугуп кетсе кокустан,
Баарыбызды кыйратат,
Элибизди таратып,
Кулдарына суратат,
Кутулуп мындан ким качат?
Ичер болсоң Кызыл алп,
Байатан айткан дарылар,
Баарысы менден табылат,
Он жылы жылуу тургузуп,
Өттү жүрдүм асырап,
Деп айтканда Суумерген,
Угуп туруп Кызыл алп,
Айткан кеби бул экен:
- Чоң сырдашым сен элең,
Айтканыңды бурбастан,
Баарын кылчуу мен элем,
Көзүм катып баратат,
Дарыңды берсең, мен жесем,

www.bizdin.kg

Шишик басып кетерин,
Аны ойлоп билбесем, -
Буйрук кылды Кызыл алп, -
Вазирлерди чакырган,
Оңдоп мени жаткырган,
Теңин ичтим ичимен,
Калганын сырттан чаптыргын,
Алтымыш батман таш батчуу,
Кайыштан куржун таптыргын.
Тоголок таштан кылдаткын,
Эшигимдин алдына,
Алтымыш батман жыйнаткын.
Чоңу аттын башындай,
Кичиги жыңдын ташындай,
Уктап өзүм тургунча,
Дайарлагын ушундай!
Вазирине тапшырып,
Чалкасынан сулады,
Кара жерди капшырып,
Жер козголуп кетет деп,
Койгондой аны бастырып.
«Ант ургур жата турсун, - деп,
Калыбек келсе сойот,  - деп,
Өзүмдү тирүү койот, - деп,
Өлбөй калса Кызыл алп,
Олжого орток болот, - деп,
Кыргыз кайдан куткарат,
Алдында өлөт Кызыл алп.
Акым, Шакым дөө өлөт,
Бозчаар минген Боронбай,
Же өлөт ал, же өлбөйт,
Өлбөй тирүү кутулса,
Жерге чыгып күн көрбөйт.
Калыбектин жанына,
Жалгыз өзүм каламын,
Талашы жок эч кимге,
Чыныкени аламын,
Бербеймин десе Калыбек,
Алакачып Чыныке,
Жүйрүн дөөгө барамын,
Чыныкени ал жерде,
Талашы жок аламын.»
Арамзада Суумерген,
Тең ойлойт төрт тарабын,
Кызыл алпка алдында,
Үйрөткөнүн карагын.
Акылым акыл болду, деп,
Жүрүп кетти Суумерген.
Беш күн жатып Кызыл алп,
Бир күн тамак жеп болду,
Төрт күн, беш күн болгондо,
Күн санаты толгондо.
Козголбостон уктаган,

www.bizdin.kg

Баш көтөрүп ойгонду,
Бадирек доңуз толгондо,
Тапшырып жаткан башында,
Куржун таштын баарысы,
Тайарланып болгону.
Кетирбестен мезгилин,
Убадалуу болжолду,
Куржунду артып мойнуна,
Колун салып куржунга,
Коржоңдоп бетбак жөнөдү,
Кыргыздын эли көргөнү.
Кызыл буурул ат менен,
Мурункудай салт менен,
Эр Семетей аттанды,
Семетей бүгүн алат деп,
Кыргыздын эли шаттанды.
Коржоңдогон капыр дөө,
Ат минбеген өзү жөө,
Кара бойу бир дөбө,
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Найза сайса тешпеген,
Балта менен миң чапса,
Талкаланып кетпеген,
Билурдан тартып көзүнө,
Сарапча кылып алыптыр,
Салган бойдон Семеңе,
Кагышкалы барыптыр.
Кел, кет деген кеби жок,
Кеп менен деги кээри жок,
Чеңгелинде таш кенен,
Уруп ирди таш менен.
Таштын күүсү зыркырап,
Куусу кулак тундурат.
Тайбуурулдун кара куш,
Кой башындай таш тийди,
Кара куш сынып кетпеди,
Талуу жерге таш тийип,
Тайбуурул томолонуп кеткени.
Жер тайанып копкуча,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Жебеден мурун жеткени.
Чылбырдан илип кеткиче,
Дөөнүн ташы жетиптир,
Эр Гүлчоро баатырдын,
Эки ача билек бир жагын,
Таш сындырып кетиптир.
Дардаңдаган Кызыл алп,
Тоногон төөдөй тартаңдап,
Эл аралап барыптыр,
Семетей менен Гүлчоро,
Көз жаздымда калыптыр.
Таш менен уруп койгулап,

www.bizdin.kg

Туралбай ташка эл чыдап,
Адырды карай бет алып,
Качып берди чуркурап.
Утур келген кишини,
Тытып кетип баратат,
Кыпчуурун болбой тишине,
Жутуп кетип баратат.
Алымсарык эр Бакай,
Эптеп бура тартыптыр,
Эс алалбай Тайбуурул,
Жыгылып-кооп атыптыр.
Тайбуурулга таш тийип,
Томолонуп кеткенде,
Суумерген жетти энтелеп,
«Эр Семетей жөө калды,
Башын кесип кетем» деп.
Сынган колун карабай,
Кылча жанын айабай,
Кылчылдашып урушуп,
Алымсарык ат койуп,
Айалдабай бат койуп,
Эренден экөө болгондо,
Арамзаада Суумерген,
Кайра качты жалт койуп,
Акым, Шакым аскери,
Келатышкан ат койуп.
Аралап кире бергенде,
Болду, балам, болду, деп,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Бура тарта берди эле.
Абаң Бакай, Семетей,
Тайбуурулду сенделтип,
Жөлөп турган кези экен,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Ар кылганы тез экен.
Куну деген дары бар,
Куйуп койсо тамызып,
Баса берет тирүү жан,
Ооруган жерин биле албай.
Кунудан куйуп тамызып,
Сур Койонду Семеңе,
Түшүп берди мингизип,
Алымсарык учкашып,
Алымсарык минген ат,
Гүлүстөн минип алганы.
Буурул атты жетелеп,
Буудандар жолго салышты,
Адамдан Гүлүс колу жок,
Айбандан буурул мойну ооруп,
Тарткылык келип капташып,
Мына мындай иш болуп,
Жазганбай жоого тийерде,
Жан айабай киреге,

www.bizdin.kg

Айбаттуу эрдин колу жок,
Кастарлуу аттын мойну жок,
Суркойондун бутуна,
Ок тийип аксап сороктоп,
Каргаша келип капташып,
Мына минтип томолок,
Тоо тайанды төрт баатыр,
Жан соогалап тоо бойлоп.
Чыккан тоонун сыры бар,
Муну, кыргыз, угуп ал..
Адам өтөөр коосу бар,
Өйүз-бүйүз заңкайып,
Кабышып турган зоосу бар.
Коо бойлоп булар жөнөдү,
Аркасынан айкырып,
Кызыл алп келет бурулбай,
Капчыгайга такалды,
Мүрүсү батып өтө албай,
Кызыл алпка Сурмерген,
Жеке келди туралбай:
-Мен көргөнмүн бул жерди,
Тирүү чыгып кете албайт,
Капчыгайга киргени.
Шайтан көл деген көлү бар,
Жети ачамай төрү бар,
Азыраак жерде чөбү бар,
Жердин көбү аппак кар,
Сен жаткының козголбой,
Жолдон азган төрт кыргыз,
Өзү келет жалынып.
Намыс кылып келбесе,
Тоңуп өлөт чакыйып,
Тирүүлөй тартсын азапты,
Ачкалыктан акыйып.
Мулар минтип жатканда,
Калыбектен кеп келди,
Кепте мындай деп келди,
Калыбек кебин укканда,
Кара жанга күч келди:
«Суунун  уулу Суумерген,
Сенин алың мен билем,
Аркаңдагы Сурмерген,
Анын алын да билем.
Акым, Шакым эки дөө,
Орто - карта ал экөө,
Жору куйрук Кызыл алп,
Жолборс жүрөк бөлөкчө,
Мени менен бет келсе,
Бир карачкы көлөкө.
Бозчаар минген Боронбой,
Жез камчысы болбосо,
Кой кайтарган койчудай.
Алыңар дөөлөр, ушундай.

www.bizdin.kg

Качырыпсыӊ кыргызды,
Катылышпай жөн турбай.
Кутулса кыргыз бул бойдон,
Баарыӊды жеймин соо турбай!
Айтумуш, Чынгыш хансыӊбы?
Алыӊды байкап алдыӊбы?
Неге мурун айтпадыӊ
Алдыма барып арзыӊды?
Шаарыӊ менен жылмалап,
Чыгарайын тарпыӊды!
Атыӊ чыккан баарыӊ ук,
Кулагыӊ салып анык ук,
Бир теӊге алым алды деп,
Мен калбайын аны угуп.
Элге салсаӊ бүлүктү,
Элөөрүтөм гүлүктү,
Унутулгус силерге,
Эпсиз салам түйшүктү!
Жыйырма күн жатасыӊ,
Адырдан аркар атасыӊ,
Кайыптын этин татасыӊ,
Ошентип жанды багасыӊ,
Жыйырма күндүн ичинде,
Семетейди табасыӊ!
Семетей кармап бербесеӊ,
Баарыӊды дарга асамын,
Койбоймун тирүү бириӊди,
Ушундай болот жазайыӊ!"
Деп жазыптыр Калыбек,
Катыша албайт капырга,
Бул айтканы ырас кеп.
"Бизди мурун чакырып,
Кыйынга калдык" деп,
Калган дөөлөр чогулуп,
Суумергенди жемелеп,
Жайыла тарап басышты,
Жыйырма күн дем алып,
Анан издеп тапсак, деп,
Жанын багып жатышты.
Муну мындай таштайлы,
Кейипкери дастандын,
Кененимден баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН ТӨРТ БААТЫРДЫ КУТКАЗЫШЫ

Капчыгай өрдөп барганда,
Күндүк жери капчыгай,
Ак элечек тоо экен,
Этек жагы жалама,
Мелтилдеген зоо экен.
Башы жети төр экен,
Жети суунун куйушу,
Шайтан көл деген көл экен.

www.bizdin.kg

Сеңселип жээги чөп экен,
Кайың, четин, табылгы,
Каранай, арча, төө куйрук,
Жыгачы калың көп экен.
Тегерете байкаса,
Тегерек туйук коо экен,
Киши эмес тоо теке
Чыгар жолу жок экен.
Көлдүн аты Шайтан көл,
Тоонун аты Шабырым,
Албарсты, азыткы,
Мисти мийан, жин-пери,
Ээлеген экен баарысын.
Тазкара барса жазган тоо,
Канаты тоңуп каткан тоо,
Карышкыр кирип барган тоо,
Кетерине жол таппай,
Кадамы анын каткан тоо.
Айуу барса аралап,
Кемирчек менен балтыркан,
Саз менен сайдан казган тоо,
Жай өтүп кышка айланса,
Тоңкойуп өлүп жаткан тоо.
Бугу барбас муздуу тоо,
Тирүү жанга муңдуу тоо,
Мына мындай муз менен,
Капталган экен ушул тоо.
Өрөөндүн баары жайык куз,
Жандоонун баары жалтыр муз,
Кылайган кара жери жок,
Көз уйалткан аппак муз.
Жайдын күнү болгондо,
Элиги ойноп талында,
Булбулу сайрап шагында,
Кураны түздө бакырып,
Улары төштө чакырып,
Көлү толкуп шарпылдап,
Куулары сүзүп калкылдап,
Балыктары кылтылдап,
Кундуздары жылтылдап,
Көлдү бойлоп жарышып,
Чөөлөрү күлүп шыңкылдап,
Сыдырым жүрүп зыркырап,
Кардыгач учуп зыпылдап,
Жыргалы сонун күз кече.
Чөптүн башы саргарып,
Жана айланып кыш келсе,
Калбайт экен тирүү жан,
Бир эле күнү кетпесе.
Кандай жан калса ажерде,
Турушу менен муз болуп,
Кыш айланып жаз келсе,
Эрип кетип жок болот.

www.bizdin.kg

Өлүм кыйын баарыдан,
А жерге жандар токтобойт,
Сырын билип болгондон,
Мурунку өткөн кишилер,
Шайтан көл деп ат койот.
Төрт баатыр барды ал жерге,
Жан корголоп тоо бойлоп,
Жай кетип мезгил кыш экен,
Таман койор жери жок,
Баары аппак муз экен,
Кары Бакай, хан Семең,
Алымсарык шер Гүлүс,
Капташкан жери ушу экен.
Кыргыздын жайын угуңуз,
Бейлеп угуп туруңуз-
Энеси суу кыргыздын!
Атасы тоо кыргыздын!
Көрдүңбү сөздүн уңгусун!
Алатоо бойлоп көчкөн журт,
Аркайган тоодо өскөн журт,
Кирин карда жууган журт,
Киндигин музда кескен журт,
Заңкайган нечен тоо менен,
Салгылашып келген журт,
Ак элечек арсак тоо,
Жалтырак муз, аппак кар.
Жамбаштап жатып көнгөн журт.
Малын карга жайган журт,
Кыргыз деген неткен журт?
Мөңгүнүн суусун ичкен журт.
Күрпүлдөгөн жыттанып,
Күүлөнүп аккан сууларды,
Күн эмес түндө кечкен журт!
Таш жазданып көнгөн журт,
Талашып салкын шамалды,
Булут менен келген журт,
Булуттуу тоонун ичинде,
Тоодо өнүп өскөн журт!
Кыдырып тоону жүрөт деп,
“Кыр кез” атка конгон журт,
«Кыр кез» ди элдер биле албай,
Кыргыз атка өткөн журт!
Эмне кылат кыргызды,
Шайтан көлдө тоңгон муз?!
Шабырым төргө толгон муз,
Орун берет өзү эле,
Кыргызды көрсө ошол муз.
Муну койо туруңуз,
Эми Таластан кабар угуңуз,
Каткалаң, Жакып бир тууган,
Каткалаңдын кыз Сайкал,
Калмактарга кошулуп,
Кыргызга канча чуу салган.

www.bizdin.kg

Манас менен сайышкан,
Качан Сайкал майышкан?
Кечээ Бейжиндеги урушта,
Билишип булар табышкан.
Баатыр Манас өлгөндө,
Өзү барып кыз Сайкал,
Бир боорум деп үн салган.
Ошол эжең кыз Сайкал,
Болоорун мурун болжогон,
Болжобой артын койбогон.
Мергендин кызы Байтору,
Сайкалдын досу болучу,
Асманда учса канатуу,
Абалтан мындай адаттуу,
Байтору келип Сайкалга,
Мына мындай кеп айтты:
- Айкөлдүн уулу Семетей,
Ак сакалдуу Бакай хан,
Алымсарык жаш арстан,
Алмамбетин шер Гүлүс -
Буларга түштү мүшкүл иш.
Жаралуу болду Саламат,
Сак болуп араң келатат.
Жанжүрбөстүн чөлүндө,
Желжетпести жетелеп,
Куйалы жүрөт туз көлдө.
Камалып калды төрт баатыр,
Шайтан көлдүн жээгинде,
Жети суу келип бир куйган,
Шабырымдын тегинде.
Жору куйрук Кызыл алп,
Коппой жатат жол тосуп,
Такалып калган жеринде.
Кыйын заман күн болду,
Кылымга дайын эрлерге.
Деп айтканда Байтору,
Угуп алып кыз Сайкал,
Арамдык жок кылайган,
Өзү жетип барууга,
Аппак чачтуу карыган,
Мурункудай кубат жок,
Бел бүкчөйүп арыган.
Кыз Сайкал уккан окшош кеп:
«Манастын тукумдарынан,
Жалаңгыч Сарык чыгат» деп.
Сейитектин эки уулу,
Экөө тең сары туулду,
Улуу катын Гүлнардан,
Алымсарык болуучу,
Алымсарык жашында,
Камалып жатса муздакта,
Жалаңгыч Сарык ал эмес.
Кыз Куйалы балбандан,

www.bizdin.kg

Кененим Сарык туулган,
Туулду деп угулган,
Көргөн эмес кыз Сайкал,
Көрөйүнчү барып, деп,
Сынга толсо Кененим,
Угузайын анык, деп,
Жесир кемпир түр алып,
Жетим уулдан бирди алып,
Алачык тигип коргонго,
Айыл болуп конуптур,
Конгонго он күн толуптур.
Сейтек жатат коргондо,
Манастан калган борбордо.
Аш түгөтчүү Кененим,
Алты жылы баспаган,
Үч жылы болду басканы,
Тогуз жашка толгону,
Тойор заман болбоду,
Ашпоздору ашташып,
Үлгүртө албай койгону.
Күндө көрсө кыз Сайкал,
Тетири карап жатканы,
Бери карап жатпады.
«Тамак барбы мага?»- деп,
Ушул экен айтканы,
Жадаган экен ашпоздор,
Калгандарга туйгузбай,
Токочтун күйүп калганын,
Күкүмүн кошо салганы,
Муздак, жылуу дебестен,
Ашып-ташып калганды,
Көтөрүшүп алпарды,
Бул эмине? дебеди,
Тетири карап жегени,
Сөөктөн өтөт билгенге,
Ашпоздордун бул кеби:
- Жатып алып жей бербей,
Отун алып кел! - деди,
- Отун алып келейин,
Тойгунча тамак бер! - деди.
Отун алып келгин, деп,
Алты аркан бергени.
Арканды алып басканда,
Кырынан көрүп кыз Сайкал:
«Анык өзү турбайбы,
Жалангыч Сарык дегени,
Бүгүн абдан билейин,
Эртең, аркы күндөрдө,
Бир беттешип көрөйүн».
Акылга түйүп кыз Сайкал,
Өрмөк курду чубалган,
Ар качан кыргыз өрмөгү,
Элөөсүз жерди чуу салган.

www.bizdin.kg

Жакшы менен жамандан,
Пайда менен залалдан,
Адал менен арамдан,
Эчтеме менен иши жок,
Отун алды аралдан.
Аңдуучусу Сайкалдын,
Байкап жүрөт ар жайдан.
Жыгачты сууруп түбүнөн,
Жаман экен камандан.
«Чатак салып эбин таап,
Кеп угайын жамандан.»
Келе жаткан жолуна
Өрмөктү курду чубалган,
Эбин таппай кыз Сайкал,
Тимеле кепти сурардан.
Өрмөккө залал жетпеди,
Аттай басып кеткени.
Мына ушинтип Сайкалдын,
Айтылбай калды кептери,
Мүкчүңдөй басып атайы,
Аркасынан жеткени,
Кененим отун таштады,
Ашпаздардын үйлөрүн,
Басып кала жаздады.
Жер козголуп солк этип,
Үйдө отурган ашпаздар,
Жүрөгү чыга таз калды.
Баары калбай жабылып,
Эшикке чыга чуркады.
Отунду көрүп таң калды,
Күдүңдөшүп күбүрөп:
- Ким көтөрөт мындайды,
Баралына келгенде,
Баарысынан Кененим,
Балбан болот турбайбы.
Тамак берип көбүрөөк,
Эртең дагы жумшайлы,
Эртең алып бир келсе,
Бир ай жатып отунчу,
Бекер ойноп жыргайлы.
Эртеси кетти отунга,
Бийик курду өрмөгүн,
Кененим жолун тосууга.
Кийинки күнү он аркан,
Онду жалаң тартыптыр,
Колтурмачтап көтөрбөй,
Бир ийинге артыптыр,
Чыкырып алып баласын,
Сайкал мындай айтыптыр:
- Отунду оор алыптыр,
Келе жатат Кененим,
Үзүп кетсе өрмөктү,
Ага чатак салалы,

www.bizdin.kg

Бир неме таап алалы,
Эптеп жанды багалы.
Баласына үйрөтүп,
Байкап турду кыз Сайкал.
Ачамай бутак илинди,
Койбой үздү бир жипти.
Жүгүрүп бала жеткени,
Өрмөгүм төлөп бергин, деп,
Жакадан ала кетти эми,
Койгунуң, деп айтпады,
Сырты менен сол колдун,
Баланы Сарык жазгады.
Колу тийген оңобу?
Кайтып өөдө кобобу,
Ошол бойдон дым тартпай,
Бала өлүп жоголду.
«Жолу болду балам, -деп,
Өлдү жөөт арам, - деп,
Сатып келген жөөттөн,
Мындан калба табам» деп
Баласына карабай,
Басып барып жайма-жай,
Сөз баштады мамундан:
- Атадан кеткир айланып,
Эки айактуу пендеде,
Сендей жаман табылбай,
Өз ашыңа ээ кылбай,
Бербей койсо ашпаздар,
Отун алып тартайып,
Жан бакканың кай ишиң?!
Жыга чаптың баламды,
Бөлүндү кылдың санаамды,
Мындай күчтүү экенсиң,
Куткарып келчи сен жаман,
Семетей аттуу бабаңды!
Ак сакал Бакай абаңды!
Алымсарык агаңды!
Алмамбет уулу шер Гүлүс,
Куйалы балбан апаңды!
Деп айтканда кыз Сайкал,
Ийниндеги отунду,
Жерге таштап жиберди,
Айландыра Кеңколду,
Бир тиктеди имерип.
Көзүнөн чыккан жалындан,
Өңүнөн чыккан заарынан,
Сайкал калды ийменип,
Бурулбай басып Кененим.
Он эки катар тай чабым,
Тартып салган желеден,
Жылкы аралап келди эле,
Асый, бышты сандан көп,
Тобурчак, чалыш аралаш,

www.bizdin.kg

Толуп жаткан аты көп,
Эч бирине карабай,
Көзүнө жылуу көрүндү,
Кысыр эмди азоо тай.
Желкеден кармап жетелеп,
Алып келди козудай.
Эшигине Сайкалдын,
Алып келип жыкканы,
Бир киши басып чыкпады,
Басып туруп тизелеп,
Улактан бетер мууздады.
Ашканадан бир казан,
Алып келип асканы,
Кеп кылалбай ашпоздор,
Түрпөтүн көрүп жазганды.
Тайдын этин бүт салды.
Чоң чарага көтөрүп,
Кыз Сайкалга алып барды:
- Кел эт жегин, чоң эне,
Өз баланбы, кулуңбу,
Кеп кылбачы мунуңду,
Өлдү кайта тирилбейт,
Бошотпочу муунуңду,
Жээниңби, тайыңбы,
Сурабайым аныңды,
Бакай менен Семетей,
Гүлчоро, Алымсарыкты,
Абдан айтчы дайныңды.
Өрмөгүң, эне, үзүлүп,
Мага эрмек табылды,
Тирилтмек болдуң, энеке,
Дайынсыз жаткан жанымды.
Кыз Сайкал угуп карк этип,
Үнүн жасап даңк этип,
Карыса да кыз Сайкал,
Жез комуздай шаңк этип;
- Сурадың, балам, угасың,
Укканда кандай кыласың?
Сен баргыча чыгарат,
Ал төртөөнүн жыласын.
Өзүңдүн атаң эр Сейтек,
Кишиден чыккан эр эле,
Жумуру баштуу пендеден,
Кашкайа жалгыз эр эле.
Ат көтөргүс дөө болду,
Карыш жерге жылалбай,
Ырысы жок жөө болду.
Күн батыштын тарабы,
Кар болуптур кыйналып,
Барып келген соодагер,
Киши сойуп жеди, деп,
Семетейге кеп салып,
Угуп ушу кабарды,

www.bizdin.kg

Аттанып кеткен Семетей,
Миң кишини котчу алып,
Хан Бакайды кошо алып,
Гүлүстөн, Алымсарыкты,
Ага кошуп кошо алып.
Айтумуштун эли деп,
Айтүбүнүн жери деп,
Келгендерден кеп уктум,
Жеткенди жеңди деп уктум.
Биринен бири угушуп,
Жети дөө келип чогулуп,
Артыкчасы Кызыл алп,
Тепсеп кирип оолугуп,
Жел жетпес бутун аксатып,
Саламат сөөгүн какшатып,
Жан жүрбөстүн чөлүндө,
Куйалы жүрөт ат багып,
Саламат кетти жерине,
Сакайса кайтып келүүгө.
Буурулдун мойну кылжыйып,
Ооз омуртка тайыптыр,
Кара санга ок тийип,
Суркойон аксап калыптыр,
Айтылуу төртөө калыптыр,
Амалы кетип шай кетип,
Шайтан көлгө барыптыр,
Шабырындын тоосунда,
Солонуп булар калыптыр,
Талыкпастан жол жүрсөң,
Так токсон күн мол жүрсөң,
Табасың элдин караанын,
Азыр колго түшө элек,
Барсаң тирүү табасың.
Деп айтканда кыз Сайкал,
Одурайган Кененим,
Болжоп акыл ойлобой,
Сен кимсиң деп сурабай,
Ошол жерде туралбай,
Тобурчак, чалыш, үкү, айак,
Сүрдүү жылкы терс айак,
(Жыйнатып койгон эр Сейтек)
Бирден кармап бут артат,
Көтөрө албай бүк түшүп,
Мүргүгөнү оңолду,
Жыгылганы копподу,
Сандап жаткан жылкыдан,
Көтөргөнү жок болду,
Бут артар жылкы табалбай,
Кененим ичи чок болду.
Эми айласы кеткенде,
Кербендин жолун тоскону.
Соодагер өтөт топ болуп,
Унчукпай барып бут артса,

www.bizdin.kg

Көтөргөнү жок болуп:
«Атамдан бетер мен дагы,
Жөө жатамбы жыла албай!»
Деп ойлонуп чок болуп.
Күн бешимге барган кез,
Кененим кайра жанган кез,
Кара буура Чаткалда,
Топ караан келет сандалып,
Тосуп турду Кененим,
Батыраак келсе экен, деп.
Санап көрсө ат санын,
Отуз жети ат экен,
Ат ээси такыр сарт экен.
Алдында кармап аттарды,
Жибин кыркып жүктү алып,
Кененим бутун артканы,
Көтөрө албай жатканы.
Отуз жети дегенде,
Кара жал  кула бышты экен,
Жүгүн алып жиберип,
Бутун арта саларда,
Сүйлөп ийди тил кирип:
- Аркам менин алты жоор,
Эки бөйрөк, далым жоор,
Чом басып жүрөт сээрим жок.
Ушу бойдон сен минсең,
Көтөрө албай мүргүсөм,
Атың жок сага жөө азап,
Бир кишини көтөрбөй,
Мага калат жаман ат,
Сенин атың Кененим,
Менин атым Кеңкула,
Сени кандай табам деп,
Ар күнү эстеп жүрөмүн.
Арстандын аты Аккула,
Акырына байласаң,
Кубантып жаным жайласаң,
Он беш күндө семирем.
Андан кийин сен минсең,
Ойлогон жерге жеткирем.
Унчукпай атты жетелеп,
Араң келди Кеңкула,
Басалбай араң сенделип.
Арстандын аты Аккула,
Акыры бар бул жакка,
Ал акырга байлады,
Так он беш күн болгуча,
Аттан карыш ажырап,
Эч бир жакка барбады,
Күрүчтөн жеми эки убак,
Арпакан берет бир убак,
Жетелеп өзү сугарат.
Он беш күнү толгунча,

www.bizdin.kg

Кундуздай жүнү жылтылдап,
Оролто тартып чылбырды,
Ойкуштанып ыргыштап,
Ополдун суусун бургандай,
Он эки карыш казанды,
Үч ашташтын кошууга,
Асып койсо тургундай,
Жетелеп жүрсө Кененим,
Көргөндүн баары таң калат,
Мүчөдөн өөн таба албай,
Кээ бир сынчы айтышат,
Жетпейт деп буга жагалмай.
Күн он бешке жетиптир,
Ат семирип бүтүптүр,
Ойрон болгон Кененим,
Ээр-токум алам деп,
Казынагын тинтиптир.
Тердиги көп, ээри көп,
Кеңкулага чак келген,
Дегеле ээрдин бири жок.
Кийерге кийим таба албай,
Жарактан канча бар экен,
Мунун бирөө жарабай,
Үстүндө эчки тону бар,
Бутунда кийген көн өтүк,
Бастырып үйдөн жөнөдү.
Чом менен минип очойуп,
Айылдан узай бергенде,
Байкап көрсө кыз Сайкал,
Берекелүү бар алптан,
Кененим эмес көзүнө,
Олуйа Кошой көрүндү.
«Душманын жеңет экен, - деп,
Берекелүү бек айбат,
Белдүүдөн үчөө бар эле,
Аман келет экен» деп,
Кыз Сайкал калды үйүндө,
Өз ойун өзү бекемдеп.
Батышты карай бет алып,
Эрен Манас баатырдын,
Желесин тарткан керүүдөн,
Жалгыз булак мазар суу,
Жетип келди жээгине.
Кеңкула анда кеп айтат:
- Э, Кененим, - деп айтат,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеке менен ишиң жок,
Түп атаң Манас жуунган,
Мазар булак мына бу,
Мени байлап жыгачка,
Өзүң чуму булакка,
Алыска сапар аттандың,
Эбегейсиз ыраакка.

www.bizdin.kg

Унчукпады Кененим,
- Колуңду салып көр, - деди,
Жылуу бекен, муздакпы,
Анан айтып бер, - деди.
Аттуу кетип баратып,
Колун салды булакка,
Ымчам жылуу туйулду.
Жан алуучу чунакка,
- Ысык экен суу, - деди,
Кеңкула көөнү толду эми.
Арыстан Манас кабылан,
Барар болсо бир жакка,
Ал булакка баруучу,
Барып колун салуучу,
Колго жылуу туйулса,
Бастырып кетип калуучу,
Муздак болуп калганда,
Барбай жатып алуучу.
Артуу-артуу сары бел,
Аңкып жүргөн сонун жел,
Чөптүн башы буралып,
Жеген айбан кубанып,
Чыга калды белеске,
Батыш жагы тунарык.
Алдында минген Кеңкула:
- Мен чыдайын жүрүүгө,
Сен чыдасаң минүүгө,
Ыйык жалдан кармасаң,
Өнөрүмдү карматам,
Көзүңдү жумуп сен алсаң,
Төрт айагым бир кезде,
Тепе-тең түшөт бир жерге,
Ошондо менин жеткеним,
Болжолду барчуу жериңе,
Кеңкула тилин алганы,
Ыйык жалдан кармады,
Көзүн жумганы,
Кудай өзү туш кылган,
Кененимге куланы,
Арып-чарчап калбаган,
Алты ай чапса бууданы.
Туйагы ташка карсылдап,
Какыр жерде тарсылдап,
Каткан жерде такылдап,
Өйүз-бүйүз тоолордон,
Аттай чуркап закымдап,
Жал-куйругу жазылат,
Аркасында чаң калат,
Кузгун учуп жете албай,
Канаты талып салпылдап,
Кулан кууп жете албай,
Тилин салып акылдап,
Эңишке салып ителги,

www.bizdin.kg

Жетпей калды баркылдап.
Нечен агым суу келди,
Туйуктанып калбады,
Нечен токой чер келди,
Чулганып ага калбады,
Ашуусу бийик тоо келди,
Буйдалып мында калбады,
Үч ай - токсон күндүк жол,
Үч күндө жетип барганы,
Кеңкула минген кишинин,
Калбады бекен арманы.
Бир убакта куланын,
Төрт айагы тең түштү,
Көзүн ачты Кененим,
Аркайган тоонун этеги,
Тоосу аппак кар экен,
Ойдуңу көпкөк көл экен,
Өзөнү агын суу экен,
Айагы токой чер экен,
Шайтан көл деген жер экен.
Капчыгайы тар экен,
Кененим келе жатканын,
Кырда жаткан Семетей,
Көрүп турган чак экен.
Дүрбү салып олтурса,
Чыгыштан келет бир адам,
Бул жерге келген ким, деди,
Дүрбүнү кармап имерди,
Бышыктап карап олтурса,
Кененим Сарык билди эми.
Бакайды карап кылчайып,
Семетей турду муну айтып:
- Абаке, сенде кебим бар,
Кебимде кетик жерим бар,
Дүрбүнү салып олтурсам,
Чыгыштан келди бир адам,
Айландырып карасам,
Кененимдей ченим бар,
Көкжал атам Манастын,
Тукуму эми үзүлүп,
Калабы деген шегим бар.
Сейтек жатты жылалбай,
Төрт ай болду биз жаттык,
Кетер амал табалбай,
Келген окшойт Кененим,
Калгандарга тил албай.
Жып-жылма болсок баарыбыз,
Үзүлбөсө неткени,
Же душман менен алышар,
Онго жашы жетпеди.
Абаң Бакай алдырап,
Ак сакалы жарк этип,
Ителгидей барк этип,

www.bizdin.kg

Сүйлөдү үнү заңк этип:
- Э, Семетей кулунум,
Мен айтайын сен уккун,
Жан досум Манас айтчуу эле:
«Менден калган урпактан,
Жан бүткөндө жаралган,
Өз-жат дебей жан алган,
Жалаңгыч Сарык чыгат,  - деп,
Жаанды тындым кылат" - деп,
Атаң Манас айткандын,
Белгиси анда болуучу,
Келген болсо Кененим,
Кекенишкен душмандан,
Кегимди алат экенимин,
Чын Чыныке Сулуудай,
Келинди алат экемин.
Бир атанын уулусуң,
Буурулду минип бачымдап,
Алымсарык кулунум,
Кененимге жетип бак,
Баатырдан калган сыр найза,
Жеткирип ага берип бак.
Ээрчитип кел бер жакка.
Келбей койсо тил албай,
Сен болбогун аа капа.
Абасынан кеп угуп,
Буурулду минип чу койуп,
Буластаган жаш сарык,
Кененимге жолугуп,
Агасын көрүп Кененим,
Саламга алы келбеди,
Аман-эсен дебеди,
Алымсарык жаш арстан,
Кенениме дегени:
- Келипсиң элден  Кененим,
Аман-эсен, ден - сообу,
Каныкей, Чүрөк эненин ?
Сейтек атам аманбы?
Семетей, Бакай, Гүлүскө,
Амандыгын билдирип,
Бересиңби саламды?
Кыйа карап заар төгүп,
Жат душмандай каар төгүп:
- Тоодо жатсаң муз тиштеп,
Бошотуп алсам силерди,
Саламым ошо эмеспи!
Атынын башын бурбастан,
Айал кылып турбастан,
Бастырып жүрө берерде,
Алымсарык алдырап:
- Кагылайын карагым,
Карагым, мени карагын,
Жоого кандай барасың,

www.bizdin.kg

Колуңда жок жарагың,
Чоң атам Манас көк жалдын,
Энчиге калган бул найза,
Колуңа муну кармагын,
Олпоктон кийип дагы алгын,
Ээри жок жайдак ат минип,
Энтелебей, чунагым,
Ээр токуп минип ал.
Токтолуп калган Кененим:
- Сенден токум дебедим,
Камалып кандай жатасың,
Колуңдагы сыр найза,
Мыкты болсо белегиң?!
Бооруңду музга какшатпай,
Аркамдан ээрчип келерсиң!
Эски эчки тон менен,
Ээри жок жайдак ат менен,
Жүрүп кетти Кененим.
Туйук баш бутта көн өтүк,
Башында кийиз малакай,
Кетип барат жайма-жай.
Кененимден кеп угуп,
Баштан-айак жеме угуп,
Өрөпкүп барып агасы,
Кайра келди деми сууп.
Барганынан келгенин,
Баарын айтты калтырбай,
Бакай угуп бар кепти:
- Мен айланам арбакка,
Айткан Манас турбайбы,
Жалганы жок чын кепти,
Мында карап жатпайлы,
Кармагыла аттарды,
Калкалап башты катпайлы,
Майданын барып көрөлү,
Ажал жетсе өлөлү,
Аттанып баары жөнөдү,
Боз жорго менен зор Бакай,
Жоо бөрүсү Гүлүстөн,
Алымсарык жаш арстан,
Кененимдин караанын,
Кээде көрүп калышат,
Кээде көрбөй калышат,
Каза тулпар Кеңкула,
Шамал менен жарышат,
Ошол үчүн артынан,
Жетер-жетпес баратат.
Каардуу чочко Калыбек,
Бүткүл пейли кара нээт,
Өзүнөн башка алтоону,
Өкүм жазып кат берет:
“Баарыңар келип алдымда,
Менин караанымды көрсөтпөй,

www.bizdin.kg

Карсылдашаар душманга,
Төрт ай бекер жаткырып,
Салдыңар мени бушманга.
Салпаңдаган Кызыл алп,
Акыл ойлоп эсиң тап!
Семетейди кармап кел,
Отуз күндүн ичинде,
Кармап алып келбесең,
Өлүмдү алып мойнуңа,
Өзүң бачым жетип кел!
Экинин бирин кылбасаң,
Тирүүлөй кактап жебесем,
Жээниң менен тайыңды,
Калтырбаймын баарыңды,
Мен келгиче турбастан,
Алыңды чактап билбестен,
Не катыштың кыргызга?!
Суунун уулу Суумерген,
Жөлөгүң сенин Сурмерген,
Бир кишинин уулусуң,"
Түп жайыңды мен билем.
Аскериңди кырдырып,
Мага кабар бербеген,
Жазыгыңа силерди,
Тирүүлөй тытып жебесем!
Алты шаар элиң бар,
Ар тарапка таратып,
Соогат сурап келгенге,
Таратып бөлүп бербесем!
Акым, Шакым эки дөө,
Эрдигиң артык бөлөкчө,
Үстүңдө соот күрөөкө,
Уруксатсыз келдиңер,
Каныңар дары жүрөккө,
Чок кылбасам чачыңды,
Найзанын тагып түпөккө!
Бозчаар минген Боронбай,
Пери менен дос болуп,
Жез камчы алып периден,
Өөдөсүнүп көп элден,
Күйүп турбай кетесиң,
Унутупсуң мени сен,
Кактабай каның сорбосом!
Бозчаар минип чолоңдоп,
Жөн жүрбөйсүң сороңдоп,
Чукуп алып көзүңдү,
Койо берем өзүңдү,
Элди таппай, жер таппай,
Тентип өлгөн короңдоп,
Жыгылып-кооп кумда жүр,
Жер кодолдой кодоңдоп.
Баарыңар угуп камынгын,
Жыпжылма кылып баарыңды,

www.bizdin.kg

Андан кийин кыргызга,
Катылышар мен бармын,
Кыргыздын алып кыйынын,
Алдым деп кетип калбаймын.
Айдап жүрүп аскерди,
Орто Асийа Таласка,
Туура жүрүп барамын,
Уйпалайын жоготуп,
Уксун дүйнө кабарым.
Отуз түнгө калтырбай,
Кызыл алп, жообун сен бергин,
Өлүп кетсе Кызыл алп,
Калганың мага жөн келгин!
Тилимди албай калгандар,
Катылышып кыргызга,
Калыбектин каарына,
Кандай калдык дебегин.
Айтумуш, Чынгыш - эки хан,
Эстетип сага мен айтам,
Чыгарбагын эсиңден,
Бүт элиңди таратам!
Ээн жерге шаар салган,
Айтумуш, сени хан кылган,
Жүйрүн дөөнү кыйратам!
Атың Чынгыш хансыңбы?
Сулуу кызың Чыныке,
Олжо катын кылбасам,
Чыркыратып жаныңды,
Өзүңдүү тирүү кыйнасам,
Көзала урсун уккула,
Айтканымды кылбасам!
Жалпы баарың камынгын,
Калыбек кебин укпасаң!»
Деп жазыптыр Калыбек,
«Эки күчтүүнү бир күчтүү,
Кошот» деген бул бир кеп,
Калган алтоо кат алып,
Чогулуп кылды кеңеш кеп:
- Кыргыз менен алышсак,
Ар кандай болсо шай келет,
Калыбекке катылсак,
Алтообузду чогултуп,
Жарты күндө түгөтөт.
А көрөкчү, Кызыл алп,
Калыбек отуз күн дептир,
Камыналы баарыбыз,
Калыбектин каарында,
Чыкпасын тирүү жаныбыз.
Сен кирбесең бул тоого,
Бизге бергин нөөмөттү,
Кармаш салып көрөлү,
Калыбектен өлгөнчө,
Кыргыздардан өлөлү.

www.bizdin.kg

Анда айтат Кызыл алп:
- Эки күнү тамак жеп,
Отуз күн тамам болгуча,
Мен жүрбөйүн тамак деп.
Айтканыңар баары чын,
Баарыбызды жоготот,
Каарына алса Калыбек.
Мен барайын кыргызга,
Ачка өлүп жаткандыр,
Аппак кар, көпкөк бул музда.
Деп Кызыл алп айтып кеп,
Айабай тамак ичип-жеп,
Карды тойуп дардайып,
Бармакка эртең камданып,
Турганда дөөлөр кептешип,
Кененим жетти кездешип.
Жалаңгыч Сарык жаш бала,
Чыга калса кайкаңдан,
Кыбыраган кара курт,
Чыккан аскер тайпаңдан.
Кайкаңга чыга калганда,
Тилге кирди Кеңкула:
- Э, Кененим, кулак сал,
Эрдигиң бар эсиң жок,
Эчтеке менен ишиң жок.
Жарагың жок колуңда,
Чарайнаң жок бооруңда,
Калканың жок далыңда,
Олпогуң жок жонуңда,
Туулгаң жок башыңда,
Мен бармын атың алдыңда,
Капчыгай ичи кең экен,
Жыгачы көп жер экен,
Тандап туруп чынардан,
Сууруп алып өңөргүн,
Эрдигиңди көрсөткүн,
Кайнап жаткан аскерди,
Аралап, баатыр, жөнөгүн.
Алдыңкы аскер Кызыл алп,
Карылардын кегин ал,
Касиетиң эл көрсүн,
Менин атым Кеңкула,
Кайда калың топ болсо,
Мен ошого жөнөйүн.
Ушуну айтып Кеңкула,
Басып барат шамалдай,
Басканы сонун шаңданып,
Кыраңдап баскан маралдай.
Капчыгай кечип баратып,
Жан-жагына карады,
Токтомдуу көзгө көрүндү,
Бир жыгачтын карааны.
Жандай түшүп Кененим,

www.bizdin.kg

Башынан бурдай кармады,
Короо ордундай кара жер,
Токтоо кыла албады.
Жулуп алып чынарды,
Алдына туура өңөрдү,
Алдында минген Кеңкула,
Албууттанып жөнөдү.
Ошол кезде Кызыл алп,
Семетей барам, деп баскан,
Калыбектен корккондон,
Калдалаңдап бек шашкан.
Аттай басып адырды,
Каттай басып аңдарды,
Карбаластап келаткан,
Түптүү чынар көтөрүп,
Кененим кетип бараткан,
Аркасынан бургуйлап,
Шамал чыгат кула аттан.
Жайнап жаткан аскерди,
Аралап кирди Кеңкула,
Алда эмне болот деп,
Адамдын баары таң буга.
Шагы тийип чынардын,
Шагырап сөөгү жаткан бар,
Туура белден үзүлүп,
Үч бүктөлүп аткан бар,
Колу сынып чолойуп,
Буту сынып торойуп,
Буркурап ыйлап жаткан бар.
Көзү чыгып олоңдоп,
Жыгылып-кооп сороңдоп,
Коктуга кирип жөө качып,
Койондон бетер кодоңдоп,
Башы жок дени тулуйуп,
Бүткөн бой канга жуурулуп,
Жаткан өлүк андан көп;
Аты тирүү, өзү өлүп,
Өзү тирүү, аты өлүп,
Басырык болгон сандан көп;
Ичегиси иймелип,
Учу жерге сүйрөлүп,
Баратканы мындан көп;
Канча түргө бөлүнүп,
Өлгөн өлүк андан көп,
Ошенетип баратып,
Кызыл алпка туш келди,
Жаш Кененим кара көк.
Кененимди көргөндө,
Кызыталак Кызыл алп,
Кандай сонун неме деп,
Карап турду зыңгырап.
Жакын кирип келгенде,
Колун сунуп Кызыл алп,

www.bizdin.kg

Бул дагы алды бир жыгач,
Кыйкырып кирди кысталак,
Чоң чынарды булгалап.
Ойротто жок Кененим,
Жыгачты оңдоп кармады,
Чынарга чынар оролду,
Чын дүнүйө куурулуп,
Топосу жерге куйулуп,
Таштар учуп асманга,
Зыркыраган үн чыгып,
Үйдөй болгон нечен таш,
Учуп жүрөт чыркырап,
Кызыл алптын чынары,
Чыдай албай чапканга,
Тал-тал кетти быркырап.
Ойрон болгон Кененим,
Оңдоп кармап имерди,
Оро-пара чоң дөөнү,
Оройлото жиберди.
Кызыл алп кайдан иймենди,
Чынарды чыбык билбеди,
Колун сунуп кармады,
Тарткылашып калганы.
Учу Кызыл алп жакта,
Түп жагы Кенен арстанда,
Үзүлүп кетти чоң чынар,
Чиренише тартканда.
Ошол үчүн алардын,
Эрмеги калды дастанда,
Акындын тили не кыска,
Толуктап муну айтканга!
Кенен сарык жаш бала,
Мурун мындай көрбөгөн,
Тогуз жашта боз бала,
Карсылдашып тийишти,
Кызыл алптай балага.
Кыраан бала Кененим,
Кыйгактуу чынар түп жагын,
Кыйа кармап бекемдеп,
Булгап-булгап ийгени,
Жараңка башы чынардын,
Кызыл алпка тийгени,
Талаадай болгон кең бетти,
Кыйа-чийе тилгени.
Жолу каткан доңуздун,
Бетинен каны жошулуп,
Камчы саптай шырылдап,
Топуракка кошулуп,
Туулга жок жылаң баш,
Коборгон таштай сокуйуп,
Карап турат кеңгиреп,
Кара бойу локуйуп.
Кабылан балам Кененим,

www.bizdin.kg

Кеңкула менен бургутуп,
Ары өтүп он койуп,
Бери өтүп он койуп,
Аркадан келип он койуп,
Алдынан келип он койуп,
Кырк кабырга омуртка,
Кырын бузбай сойулдап,
Кеңкуланы мойундап,
Баш аламан койгулап,
Көз ачылбай турганда,
Кызыталак чочкого,
Кыйын болуп ошондо,
Не кыларын биле албай,
Мурункудай заңкайып,
Былк этпей туруп бере албай,
Кайра тартып далбактап,
Качмак болду уйалбай,
Опсуз баатыр Кененге,
Оро-пара туралбай.
Качып барат дардактап,
Чылбыр бойу чубалып,
Орто буту салбактап,
Арбаң-тарбаң жүгүрүп,
Алтымыш кулач жерлерди,
Бир арымдап түйүлүп,
Кетип барат тарбаңдап,
Аманат жандан түңүлүп.
Андан башка алты дөө,
(Калыбектен башкасы)
Беттешпей туруп Кененге,
Белдери сынып бүгүлүп.
Кызыл алпты Кененим,
Жеткен жерде төбөгө,
Койуп кетип баратат,
Кыпкызыл канын агызып,
Сойуп кетип баратат,
Карга-кузгун, кажырлар,
Кызыл алптын канына,
Тойуп булар жыргашат.
Ачып көздү жумгуча,
Тогуз күндүк алыска,
Жетип барды ошол чак,
Капташа түштү алдынан,
Кире берме жер кашат.
Кызыл алп кире бергенде,
Айры шили кара куш,
Капташа түштү Кененге.
Кабуура кире түшкөндө,
Ачамай кеткен чынарды,
Как шилиге муштады,
Шилиге тийсе оңобу?
Кененим сайса шилиге,
Кызыл алп өөдө кобобу?

www.bizdin.kg

Тоңкойуп чочко жыгылды,
Топого башы тыгылды,
Кимдер айтып мактанбайт,
Жыгач менен дөө алган,
Ат көтөргүс жөө алган,
Кененимдей кыйынды!
Ыргып түшүп куладан,
Далысынан басканы,
Кылычы тургай балка жок,
Мээсин жара чапканы.
Кырчак кара каңшаардан,
Сууруп бир чоң ташты алды,
Абыдан жанын кыйнады,
Таш менен мойнун кыйганы,
Башын бөлөк таштады,
Денин бөлөк таштады.
Кызыл алптын куу башы,
Эки көздүн ордуна,
Күн жааганда суу толду,
Кулжа түшүп өлөт деп,
Кылымда далай кеп болду,
Жомок кылып айткалы,
Токтоо кылбай Кененим,
Кайта артына тартканы.
- Тээ маңдайда көрүнгөн,
Күдүңдөгөн төрт караан,
Билдиңерби ким? - деди.
Чынгыш айтты ошондо:
- Кыргыздан келген Семетей,
Жайдак атчан келгенде,
Жан кириптир бил, - деди.
Чынгыштан Акым кеп угуп,
Байлап келе калам, деп,
Бастырып чочко оолугуп,
Алмамбет уулу эр Гүлүс,
Алдынан чыкты жол тосуп.
Аты-жөнүн сурабай,
Ачууланып Акым дөө,
Айал-үйөл кылалбай,
Найзасын күүлөп сундуруп,
Кара туман артынан,
Топурак учуп буруксуп.
Гүлүстөн каччуу эр эмес,
Каары катуу Акым дөө,
Жазганып калар неме эмес.
Найзалары кагышып,
Кайта-кайта сайышып,
Колтуктарын чойушуп,
Чокуга балта койушуп,
Куйкалары куйушуп,
Кыжырланып урушуп,
Бузулуп өңү сурданып,
Оролушуп курч алып,

www.bizdin.kg

Найзанын үнү такылдап,
Балтанын үнү чакылдап,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Баатырлар үнү бакылдап,
Кан сагынган эрээндер,
Тилдери батпай оозуна,
Суусагансып лакылдап,
Аманат жандан кечишип,
Кымындай болгон бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кыйын уруш баштады.
Күркүрөгөн үндөрү,
Күнгө окшош түндөрү,
Кужүлдөшүп жүргөндө,
Таң кашкайып сүргөндө,
Күн чыгып жерге тийгенде,
Күркүрөгөн Акым дөө,
Өзүнүн атын чакырып,
Оозунан көбүк чачылып,
Кыраан Гүлүс баатырга,
Катуу тийди жапырып.
Найзага илип кетем дейт,
Как бөйрөккө батырып,
Көрүп муну Гүлүстөн,
Көңүлүндө шашылып,
Сур аттын оозун бурганда,
Сумсайып карап турганда,
Кыбыладан чаң чыкты,
Жалгыз аттчан жан чыкты.
Ач кыйкырык үн чыкты,
Айбаты катуу сүр чыкты:
-Бадырек доңуз!-деп чыкты,
Мен Кененим!-деп чыкты.
Сур атчан киши, кайтып кет,
Өчүгүшүп кайтпасаң,
Жамандык менен жакшылык,
Билесиңго айтпасам!
Кененимден кеп угуп,
Одурайган Акым дөө,
Кайра тарты бурулуп,
Семетейдин жанына,
Гүлүстөн кетти чуу койуп.
Акым менен Кененим,
Айкалышты кең түздө,
Адамдын баары айгине,
Көрүп турат тал түштө.
Э дегенде бул экөө,
Этектен түрө кармашып,
Эрдик күчүн арнашып,
Эңишке салып жарышып,
Этек менен жеңдерин,
Түбүнөн жулуп алышып,
Билектешип тартышып,

www.bizdin.kg

Аттары баспай майышып,
Кабактарын түйүшүп,
Калды булар тайышып.
Кабуусуна келтирип,
Алды найза Акым дөө,
Ал доңуздун кийгени,
Бүтүн соот - үрөөкө,
Кененимге найзасын,
Урду болжоп журөккө.
Кыраан туулган Кененим,
Эңкейе берсе өбөктөп,
Каңгып найза кеткени,
Аттын оозун тарталбай,
Капташып Акым жеткени.
Жандап өтө берерде,
Ач билектен кармады,
Найзасын тартып алганы.
Кеңкула оозун буруптур,
Атынын оозун тарткыча,
Алактаган Акымды,
Көмө койуп жыгыптыр.
Түшө калып Кененим,
Өлтүрбөй туруп Акымды,
Чечип алды чен тонун,
Сыйрып алды соотун,
Тартып алды олпогун,
Бутундагы чопкутту,
Далысында калканды,
Андан башка калганды,
Чечтирип баарын алганы,
Өңүрүп кайдан жүрөм, деп,
Чойун башты таштады,
Чойун башты имерди,
Дардайып жаткан Акымды,
Чокуга тартып жиберди.
Акымдын мээси чачылды,
Кызыл алп менен Акымды,
Кара жерге тапшырды,
Кайраттуусун дөөлөрдүн,
Кадамын минтип катырды.
Акымдын атын кармады,
Шыпырып ээрин алганы,
Жайдак минген кулага,
Жайында келип калганы.
Найза өтпөс, ок өтпөс,
Өгөтүп туруп болоттон,
Ширелткен экен тердигин,
Сары жез менен каптаткан,
Быйданадан желдигин.
Эки жаны темирден,
Жасаткан экен ээрин,
Арткы кашы кызыл мис,
Алдыңкы  ак кашы күмүш,

www.bizdin.kg

Үзөнгү кара темирден,
Бар шайманы тел экен,
Кеңкуланын жонуна,
Куйгандай келген ээр экен.
Үч кабат темир соottун,
Үпчүлүгү үч тогуз,
Үпчүлөндү Кененим,
Тышынан кийген чен тондун,
Топчулугу төрт тогуз,
Топчуланды Кененим,
Айбалта белге байлады,
Кылычты кынга салганы,
Бөрү тилме өткүр миз,
Найзаны колго кармады,
Эр кийими, ээр - токум,
Баарысын минтип кармады,
Кем - керчи неме калбады.
Арак ичип мас болуп,
Жатып калган Шакым дөө,
Анычүн бара албады,
Акым өлдү, көргүн, деп,
Жесекчилер барганы.
Акым өлдү деп угуп,
Шакым чыкты оолугуп,
Найзалашты күнү-түн,
Кененимге жолугуп,
Сундурган найза кагылса,
Балтага балта чабылса,
Чапкандан калкан жарылса,
Темирдин үнү чакылдап,
Ат дүбүртү такылдап,
Жолум үйдөй кызыл чок,
Асманда учуп жаркылдап,
Токтоно албай кара жер,
Дүр - дүр этип калтылдап,
Күн экиге жеткени,
Күркүрөгөн Шакымдын,
Күчөп турган кездери.
Үйдөй болгон чойун баш,
Булгап колго алганы,
Көзгала деп бакырып,
Кененимге салганы.
Чокморду баатыр тийгизбей,
Күүлөп жаткан Шакымдын,
Билегинен кармады.
Каары каттуу, заары күч,
Хан Манастын тукуму,
Кармаган бойдон колунан,
Чокморун сууруп алганы.
Сууруп алып чойун баш,
Айландырып имерди,
Адырайган Шакымды,
Бура тарта бергиче,

www.bizdin.kg

Төбөгө тартып жиберди.
Кененим чапкан оңойбу,
Аты менен Шакым дөө,
Катар өлүп торойду.
Жеткендин баарын жайлады,
Тийишип барган Кененге,
Өлбөй тирүү калбады.
Өлгөндөрдүн аскерин,
Баарын айдап чогултуп,
Калыбек жыйнап алганы.
Боронбай атка мингиче,
Сурмерген жетип барганы,
Бири өлсө бири бар,
Булардын бүтпөйт жаңжалы,
Алып көнгөн Сурмерген,
Мындай нечен канчаны.
Каарына карк толуп,
Кабагына кар туруп,
Алдына минген атына,
Айабастан камчы уруп,
Оңдоп-солдоп теминип,
Ачуусуна чыдабай,
Өпкө орудай демигип,
Сайышып көнгөн мурунтан,
Талыкпаган эринип,
Качырып кирди чамынып,
Сыртынан кызыл жамынып,
Кабагы карыш салынып,
Машы чыккан неме экен,
Найзада мурун таанылып.
«Ошол көнгөн адатым,
Томоро сайып алам, - деп,
Жаңы келген баланын,
Ар кылганы чала» деп,
Карбаластап карпаңдап,
Өзүнчө сүйлөп күрпүңдөп,
Өлтүрөм деп дүпүлдөп.
Күүлөп сайган найзадан,
Күү чыгып шамал күркүрөп,
Үңкүрдөй оозу ачылып,
Көзүнөн жалын чачылып,
Каттуу тийди бакырып.
Карап турат Кененим,
Шашып койбой аптыгып.
Найзанын учу жетерде,
Муштаса кирип кетерде,
Манастын уулу кара көк,
Турган эмес бекерге.
Кирипигин ирмеп жибербей,
Найзаны улай кармады,
Баткактан тарткан тайактай,
Буйдалбай суурул алганы,
Сууруп алган найзасын,

www.bizdin.kg

Кайта өзүнө салганы,
Капталга найза урганы,
Дененси таштан Сурмерген,
Урган найза сынганы.
Кылыгы көп Сурмерген,
Кылычты кындан суурганы,
Кененге кылыч булгады,
Сырты менен балтанын,
Кагып ийип Кененим,
Камаарабай турганы.
Балта тийген оңорбу,
Кылычы каңкып жоголду.
Кылымдан чыккан Сурмерген,
Чойун башын күүлөдү,
Көрүп туруп Кененим,
Күүлөгөндө күлгөнү,
Ачууланып Сурмерген,
Ардангандан өлбөдү,
Өлүп жерге кирбеди.
Өлбөсө да Сурмерген,
Кара жерге тең болду,
Кайраты мунун не болду,
Күүлөп алган чокмордо,
Кененимди бир койду.
Сурмерген ылдый чапканда,
Кененим кар жиликке какканда,
Сынып кетип жилиги,
Чокмор түшүп калганда,
Балтаны таштап жиберип,
Чокморду алды Кененим,
Мыкты сынган Сурмерген,
Билип калды өлөрүн:
«Туруп берип өлгөнчө,
Мындан качып жөнөйүн!»
Кайраты качты калдаңдап,
Этектери далбаңдап,
Эки буту салбаңдап,
Коркуп көзү алаңдап,
Аркасын карап кылчактап,
Качып жөнөй бергенде,
Качаарын баатыр билгенде,
Кеңкула менен тап берип,
Жарак албай колуна,
Этектен түрө кармады,
Алты кабат темир тон,
Аткый кармап чогултуп,
Үзөңгү боого салганы.
Аз келгенсип анысы,
Өзүнүн минген атынын,
Куйругун кошо ороду,
Камчы берип кула атка,
Эр Кененим чу койду.
Алдындагы Кеңкула,

www.bizdin.kg

Арбытып чуркап алганы,
Капталга салды калдайтып,
Аңга салды дардайтып,
Жерге салды тарбайтып.
Сурмергендин ошондо,
Аты менен өзүнүн,
Эти тургай сөөгү жок,
Териси келди колуна.
Калыбектен башкасы,
Кара жандан түңүлдү,
Сынбай туруп белдери,
Сыздап ооруп бүгүлдү.
«Агам өлдү, мен калдым,
Албай өчүм турбаймын!»
Суунун уулу Суумерген,
Ичине батпай убайым,
Көзүнүн жашын тыйалбай,
Сабыр кылып туралбай,
Башка амал кылалбай,
Сундуруп найза-жаракты,
Сыздырып сулуу кара атты,
Суумерген кетип баратты,
Өз күчүнө ишенип,
Өзгөчө кылат талапты.
Эбегейсиз Кененим,
Эч нерсени кенебей,
Бендеби деп бейлебей,
Адамбы деп элебей,
Карап турат зыңгырап,
Бучкагына теңебей.
Ичинен кызыл кан кеткен,
Тартынбады Суумерген,
Сундуруп келген найзаны,
Кененимге урганы,
Солк этпестен турганы.
Кайта айланып тийерде,
Камбыл туулган кара көк,
(Кара көктө, чара көп)
Найзасын кагып жиберип,
Балтаны кармап сабынан,
Чабучудай имерип,
Колундагы найзасын,
Кененим кайра какканы,
Сынып кеткен быдырап,
Балтаны алса Кененим,
Чыдап ага ким турат?
Балтаны көрүп Суумерген,
Кара тер бойдон жыбырап,
Карарып көзү тунарып,
Тамандан үркүп бүткөн бой,
Төбөгө чейин чымырап,
Токтоно албай Суумерген,
Сууну карай качканы,

www.bizdin.kg

Этек-жеңи дирилдеп,
Алдындагы кара аттын,
Жал-куйругу бириндеп,
Эр намысы жоголуп,
Кетип барат Суумерген.
Кененим жетип бararда,
Этектен түрө кармарда,
Боз чаар минген койгулап,
Боронбай жетти аларга:
-Кыргыздан келген Кененим,
Эдебиң колго берейин,
Өлгөндүн өчүн алайын,
Өлтүрүп сени тынайын,
Эрдигиң канча, Кененим,
Майданда сени сынайын!
Өрт-жалындай күйгүзүп,
Ыштаныңа сийгизип,
Эрдигимди билгизип,
Керегим журтка тийгизип,
Элдин кегин албасам,
Боронбай атым курусун!
Кулактап менин угушум,
Түбүң сенин бурутсуң!
Суумергенди карматпай,
Жез камчысын булгалап,
Жетип келди Боронбай.
Качырып кирип Боронбай,
Камчы менен чапканда,
Камчынын иши канча, деп,
Кененим турат жайма-жай.
Камчы келип тийерде,
Айбандан артык Кеңкула,
Ордун сала берди эле,
Азыраак ыкыс желди эле,
Кененимдин жанында,
Кара каңшар турган таш,
Камчынын учу тийгенде,
Коргошундай мөлт этип,
Жайнап түшүп жок болду,
Мөлтүрөп туруп көйкөлүп,
Уйуган аппак шор болду.
Өтө берип Боронбай:
«Кандай жаза чаптым,-деп,
Эми күйүп жаткын» деп,
Камчысын шилтеп жиберди,
Карап туруп Кененим,
Камчынын сырын билди эми:
«Куйкалап кетет экен,-деп,
Камчысы таамай тийгенди»
Камчыны бойго жеткизбей,
Боронбайды Кененим,
Карыга кагып ийди эми,
Камчынын учу азыраак,

www.bizdin.kg

Найзанын тийген белине,
Жалындап найза күйдү эми.
Кененим каккан жез камчы,
Бута атым жерге түшкөнү,
Бозчаар минген Боронбай,
Жебеден мурун жеткени,
Бүлдүргөдөн камчыны,
Илип алып кетти эми.
Алтымыш катар Боронбай,
Ар айла менен чапканы,
Айлага айла-амал таап,
Жез камчыны тийгизбей,
Кененимдин какканы,
Ошондо Кененимге жакындап,
Гүлчоронун айтканы:
- Бери кара, Кененим,
Менин уккан бир кебим,
Падыша Манас айкөлдөн,
Калган бизге сыр найза,
Сыйкыр өтпөс бул найза,
Жез камчы кесип кете албайт,
Ороло тийсе найзага,
Тартса чыгып кете албайт.
Сыр найза алгын колуңа,
Сыйкырлуу камчы Боронбай,
Тосо чыккын жолуна,
Айла кылып, амал таап,
Жез камчы түшсө колуңа,
Беттешип сага туралбай,
Боронбай качат соңуна,
Сыр найзаны Гүлүстөн,
Айтып туруп берди эле,
Карап калып мелтилдеп,
Анан алды Кененим.
Сыр найзаны Боронбай,
Сырын уккан абыдан.
«Кытайдан келген түгөт кул,
Сыр найза берди Кененге,
Жез камчыдан ажырап,
Кур каламбы эми эле?
Мени менен дос болгун,
Жер айланган жин пери,
Манас сайган сыр найза,
Сыйкыр өтпөйт, деди эле.
Атасынын бир көрү,
Жанымды айап нетейин,
Кызыл ооз жалтыр көз,
Жалжылдаган Кененим,
Канынды сени ичейин!»
Кудай бетин салбасын,
Куйундатып Боронбай,
Колундагы камчыны,
Адамдан бетер сүйлөтүп,

www.bizdin.kg

Куржулдатып Боронбай,
Сыйкырдын баарын көрсөтүп,
Камчыны булгап шилтесе,
Коңгуросу чалынып,
Доолбасы кагылып,
Атышып жаткан немедей,
Мылтыктын үнү жаңырып,
Тоо кабышып жаңырык,
Иттер үрүп ажылдап,
Чөөлөр күлүп шаңкылдап,
Көрүнүп көзгө элеси,
Буура келет шалкылдап.
Шер келатат чакчаңдап,
Дөө келатат дактаңдап,
Кыйан келет сел каптап,
Жалын келет чок жайнап.
Жалынды көккө учуруп,
Шамал келет жер чаңдап,
Күн күркүрөп чартылдап,
Жылт-жылт этип кызыл чок,
Жердин бети жаркылдап,
Жети дөөнүн көп кошуун,
Баарыбыз калбай өлдүк, деп,
Коркуп турат калтылдап.
Ал Боронбай акырып,
Өзүнүн атын чакырып,
Сала берди камчыны,
Кененимди качырып.
Манастын уулу Кененим,
Кебелбейт да, кененбейт,
Нечен түркүн сүр келет,
Бучкагына теңебейт.
Атадан калган сыр найза,
Күүлөп колго алганда,
Коңгуроо, доолбас, күлгөнчөө,
Атылган мылтык, үргөн ит,
Чамынган буура, келген шер,
Жайнаган чок , жааган күн,
Кайсы экени билинбей,
Боронбай чапкан жез камчы,
Найзага келип оролду,
Сыйкыры эми не болду?
Найзаны булгап тартканда,
Боронбайдын колунан,
Чыгып кетти жез камчы,
Алда канча алыска,
Ыргып кетти жез камчы.
Жез камчы жерге түшкөнчө,
Кошо жетти Гүлүстөн,
Жердин бетин куйкалап,
Жерге түшүп кеткинче,
Булдургөдөн найзага,
Илип кетти Гүлүстөн.

www.bizdin.kg

- Мына, уулум Кененим,
Өз колуңа алгын, - деп,
Барып жетти Гүлүстөн.
Камчыны көрүп Кененим:
- Муну менен жоо алмак,
Ишенип жарак болот деп,
Антип жүрүш чоң акмак!
Албайм, аба, албайм,
Керек болсо өзүң ал!
Анда Гүлүс кеп айтат:
- Боз чаар минген Боронбай,
Булуттай сызып баратат,
Өз камчысы өзүнө,
Салбайсыңбы, Кененим!
Абаң айткан акыл кеп,
Албайсыңбы, Кененим!
Камчыны колго албады,
Боронбайдын артынан,
Бурулбай жолго салганы.
Өргө салып Боронбай,
Өксүтүп кетип калалбай,
Эңишке салып Боронбай,
Эбин таап кете албай,
Кандырга салып Боронбай,
Качып такыр кете албай,
Черге салып Боронбай,
Ченебей качып дем албай,
Музга салып Боронбай,
Мындан айла таба албай,
Сууга салып Боронбай,
Суурулуп кетип калалбай,
Аңга  салып Боронбай,
Антип  айла табалбай,
Так кырк күнү качыптыр,
Такыр бир күн дем албай.
Кайрат кылып качырып,
Каңкордун уулу Кененге,
Кайрылып найза салалбай,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып Боронбай,
Кутулаар айла таба албай,
Бозчаар баспай калаарда,
Кененим кармап аларда,
Жер алдына түшпөсө,
Башка арга жок калды,
Сыйкыр менен Боронбай,
Кара жерди как жарды.
Жер айрылып ачылып,
Боронбай кирди жашынып,
Ойрон болгон Кененим,
Опсуз жаман ачынып,
Өчөгүшкөн душманды,
Өлтүрбөй тирүү качырып,

www.bizdin.kg

Жер алдына түшөм деп,
Кеңкулага камчы уруп,
Жер жарыгы бүтөт деп,
Дегеле жаман шашылып,
Кененимге жараша,
Кеңкула сүйлөйт ашыгып:
- Эр Кененим, кебимди ал,
Айтканыма кулак сал,
Жез камчыдан айрылды,
Жер үстүнө жарыкка,
Эми чыкпайт Боронбай.
Эр Семетей, зор Бакай,
Алымсарык агаңыз,
Шер Гүлүстөн абаңды,
Ошолорду караңыз.
Жер алдына түшпөгүн,
Ал төртөөнү эске албай,
Таштап кетсең жакшыбы,
Калыбекти куткарбай?
Үч айлык келдиң алыска,
Сен турасың түк туйбай.
Кара нээт Калыбек,
Калды эми мага деп,
Майдан куруп жаткандыр,
Чыккын бери кана деп.
Дембелешип урушуп,
Нөөмөт менен жулушуп,
Жан калкалап тургандыр,
Эске алгын аларды,
Үч айчылык жол калды,
Үч күндө жетип баралы.
Тирүүлөй кармап алабы,
Адамдан асыл Бакайга,
Айабай азап салабы,
Кармап алып кеткиче,
Ажыратып калалы.
"Кеңкула айткан акыл кеп,
Кең Таластан келгемин,
Куткарып аны алам деп",
Бура тартты Кененим,
Кеңкула менен макул деп.
Муну мындай таштайлы,
Калыбекти Кененим,
Сойгонунан баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН КАЛЫБЕК МЕНЕН КАРМАШУУСУ

Карала атчан Калыбек,
Кан ичме чочко кара нээт,
Майданга чыкты желденип:
- Боронбай менен Кененим,
Эми кайра келбейт, - деп,
Боронбай оңой жан эмес,

www.bizdin.kg

Кененимди аздырып,
Жер алдына түшүрбөй,
Койо берчүү ал эмес.
Жер алдына түшкөндө,
Жетимиш тайпа пери бар,
Кененим кайра келчүү эмес,
Кененим качан келет деп,
Келбеске кеткен немени,
Күйүп турчуу мен эмес.
Намыс кылсаң бирден кел,
Бирден келип бирден өл,
Корксоң калбай баарың кел,
Ажырап калбай бирге өл,
Баатырдык кандай экенин,
Байкап менден баарың көр!
Деп күркүрөп турганда,
Карап көрсө зор Бакай -
Коңурбай, Жолой - дөөлөрдү,
Нескара менен Мурадил -
Аларды көргөн чоң Бакай,
Жапандан келген Кызыл дөө,
Жалгыз көздүү Мадыкан,
Нескаранын Жубатай -
Буларды көргөн зор Бакай,
Андай нечен дөөлөрдү,
Ат көтөргүс жөөлөрдү,
Паанус менен Дөө ханды,
Соксо, Сотой балбанды -
Аны көргөн зор Бакай,
Бейжиндеги урушта,
Бендеде болбос жулкушта,
Беш кулак менен Талапты -
Муну көргөң зор Бакай,
Маңгыттардын Бадыкүл,
Сарыбай деген кутургур -
Аны көргөн чоң Бакай,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйналган жыйында,
(Мындай адам жыйылбайт,
Ашырбай айтсак чынында)
Муну көргөн зор Бакай,
Ай менен күндүн кулагы,
Тийишип турган күндөрдө,
Кара келген, хан келген,
Калбай бүткүл жан келген,
Балбан келген, эр келген,
Мен-мен деген шер келген,
Опол тоодой дөө келген,
Баарын көргөн зор Бакай,
Жумуру баш,  айры төш,
Эки айактуу бендеден,
Калыбектей немени,
Карыйа Бакай көрбөгөн.

www.bizdin.kg

Кең көкүрөк кууш айак,
Балбандыгы көрүнөт,
Танак мурун, табак бет,
Талыкбас жайы көрүнөт;
Балтыр эти салаңдап,
Булчуң эти булчуйуп,
Так кырк күндүк чабышта,
Чалыкпас жайы көрүнөт;
Кара мүртөз кайры жок,
Карамдык жагы көрүнөт;
Көзү чуңкур, дөң маңдай,
Дүмөк далы, кыска бел,
Томолок билек, манжа учтуу,
Кармагандан кан чыкчуу,
Каруусу артык көрүнөт;
Капырай кандай адам, деп,
Бакайдын көөнү бөлүнөт.
“Карала атчан Калыбек,
Калыбек менен кездешип,
Тирүү калыш каныметˮ,-
Карап туруп сыртынан,
Бакай айткан бул бир кеп.
Анткен менен хан Бакай,
Калгандарга билгизбейт,
Кан жыттанган Калыбек,
Чык бери! деп күжүлдөйт.
Кабылан Манас тукуму,
Андайларды көзгө илбейт,
Абаң Бакай ичинде:
“Ташы кулап чыңк өөдө,
Жүрүп турган нөөмөтү,
Кененим жетип келсеˮ дейт.
Келгин деген кеп угуп,
Мен барам деп алдында,
Алымсарык жулунуп,
Жообун алып Бакайдан,
Калыбекке жолугуп,
Жаш баланы көргөндө,
Калыбек кетти оолугуп:
- Башкалардай көрөбү,
Көрсөтөйүн өнөрдү,
Билбейт экен кыргыздар,
Күнү бүтпөй өлөрдү!
Алымсарык балага,
Армансыз болуп өлгүн, деп,
Туруп берди закыйып,
Тарпка канган кажырдай,
Көөдөндү тосуп лакыйып,
Ирмебей кирпик тиктесе,
Тоңгон уйдун көзүндөй,
Түбүндө кайнап чакыйып.
Алымсарык жаш арстан,
Оңой-олтоң эр эмес,

www.bizdin.kg

Оңдуруучу жоо эмес,
Оңойлук менен кишиге,
Оморулчу тоо эмес.
Ойноктотуп тору атты,
Оңурайган чочкону,
Оң бөйрөккө муштады,
Ооп барып оңолду,
Оодарыла тас калды,
Оңой бала эмес деп,
Ойуна алды Калыбек,
Найзасын күүлөп тап берип,
Мыкты болсоң келгин, деп,
Ылаачындай жаш Сарык,
Кайра тийди жапырып,
Сол кыйрына бир сайып,
Дагы оңолду Калыбек,
Ооп барып кыйшайып.
Камданып калды Калыбек,
Кай тараптан келет, деп.
Бет маңдайдан сарайда,
Сайдырбастан балага,
Найзадан көзүн айрбады,
Учунан улай кармады,
Жерден эңип алгандай,
Сууруп алды найзаны,
Сууруп алып Калыбек,
Жаш Сарыкты сайганы,
Сайган менен тийгизбей,
Кагып ийди кайра аны.
Опсуз балбан Калыбек,
Найза колдон чыкпады,
Балта менен кагылган,
Белден сынып куу найза,
Учу көккө учканы.
Балта тийген бул найза,
Тал-талынан бөлүндү,
Өз найзасын колго алып,
Калыбек каапыр өмүлдү,
Каарын көргөн калганга,
Бүткөндөй болуп көрүндү,
Алымсарык өмүрү.
Санаа санга бөлүндү,
Семетейдин көңүлү,
Ал Манастын тукуму,
Алымсарык чунактын,
Адистигин көрдүңбү?
Көөдөнгө найза тийерде,
Ат капталга шарк этип,
Калыбектин найзасы,
Алыс кетти жарк этип.
Калыбек кайра тарткынча,
Кууп жетти артынан,
Туулгага чабылган,

www.bizdin.kg

Балтанын үнү чак этип.
Алымсарык мингени,
Түрөгөй тору Тобурчак,
Көз ачырбай доңузду,
Төбөгө балта чака-чак,
Манастап ураан чакырып,
Үнү чыгат бака-бак.
Өтө андес шамдагай,
Калыбек көзүн ачырбай,
Ойротто жок жаш Сарык,
Он тогуз койуп жиберди,
Ошол кезде Калыбек,
Оңтойуна бир келип,
Найзанын учун имерди.
Жетер-жетпес болгондо,
Күүсү менен найзанын,
Тумактай учуп кеткени,
Эми сайса өлөт, деп,
Жарык күн кайдан көрөт, деп,
Шер Гүлчоро жеткени,
Түйшүктүү чочко капырдан,
Алымсарык баланы,
Ажыратып кетти эми.
Баланы салып оңуна,
Тура калды Гүлүстөн,
Калыбектин жолуна.
Келе жаткан карааны,
Карап туруп Гүлчоро,
Келе жаткан карааны,
Карап туруп Гүлчоро,
Калыбекти сынады:
Салкыны сырттын желиндей,
Ысыгы жайдын күнүндөй,
Өңүнүн заары көрүнөт,
Куу чаар жылан түрүндөй,
Азыркы келе жатышы,
Кирген нардын сүрүндөй,
Алкымында күркүрөк,
Толкуган көлдүн үнүндөй.
Анда туруп Гүлчоро:
“Каары катуу неме экен,
Кан ичменин бири экен,
Кызыл алпты баш кылып,
Жети дөөнү ийгерип,
Башкарары эп экен.»
Качырып каапыр келиптир,
Көзүнөн чыккан жалындар,
Найзасынын белине,
Жаба койуп барыптыр.
Күркүрөп найза үн берип,
Учу кызыл жалындап,
Укмуштанып түрдөнүп,
Муну көргөн адамдар,

www.bizdin.kg

Тумтак күнү түгөнүп,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Мындай нечен эрди алган,
Бул Калыбек турмайлык,
Коңурбайга кол салган,
Коркпой аны жалмаган,
Нескараны жайлаган,
Мадыканды кармаган,
Жапандан келген Кызыл дөө,
Кутулуп андан калбаган,
Ошол кезде Гүлчоро,
Жашы элүүгө барбаган.
Көктөн арбап түшүргөн,
Чынгожо менен Толтойду,
Катар ишин бүтүргөн.
Апкаарышты билбеген,
Калыбекти көргөндө,
Кара тер басып сүрдөгөн.
Мелтиреген Бадырек,
Белжемдүү жерге бир сайса,
Бел сындырат экен деп,
Сундуруп найза качырып,
Манастап ураан чакырып,
Оозунан чыккан көк буусу,
Төбөсүндө жазылып,
Адис болгон немелер,
Найзага найза сайылып,
Кызыл жалын от кетип,
Жер бетине жайылып,
Көрүп турган элдерге,
Гүлчоро менен Калыбек,
Эрендиги таанылып,
Акылдан кетип тай кылбай,
Бир-бирине сайдырбай,
Адистик кылып Гүлчоро,
Калыбекке чандырбай,
Кабуусуна келтирип,
Канча сайса Гүлчоро,
Калыбек андан кайгырбай,
Оң-тескери сайышып,
Ороолонуп чабышып,
Үч күн, үч түн болгондо,
Найза кармап сайалбай,
Гүлчоро колу карышып,
Күчөгөн кези Калыбек,
Ошондо өңү тамылжып.
Каарланып Калыбек,
Тарамышын чыйратып,
Беттешип кирди жана экөө,
Найзаларын ыргашып.
Гүлчоронун найзасын,
Кагып ийип Калыбек,
Как далыга бир койду,

www.bizdin.kg

Кутуруп өлгөн кара нээт.
Суркойон жалын кучактап,
Абадан башка кеп кылбай,
Аркасын карап кылчактап,
Үзөнгүдөн бут тайды,
Ээрден көчүк кыйшайды.
Өтө берип Калыбек,
Оңолуп кайра жеткиче,
Оморо сайып сур аттан,
Башын кесип кеткиче,
Арстандын уулу Семетей,
Манастап ураан чакырып,
Ашыгып ал ченебей,
Калыбекке бет келди,
Гүлчорого жеткирбей,
Ач карышкыр өңдөнүп,
Ач калган жолборс сүрдөнүп,
Алп кара куш түрдөнүп,
Каар салып, заар чачып,
Катуу кирди күүлөнүп.
Сыргактан калган жез найза,
Темири болот тез найза,
Кездемдин боосун чубалтып,
Кез керип найза чунайтып,
Алдында минген буурулду,
Аркардай арыш чубалтып,
Чаң асманга созулуп,
Топуракты сапырып,
Кандим болгон Семетей,
Эр сайышка көп минип,
Көнүк болгон Тайбуурул,
Калыбекке капташып,
Карчыткан найза муштады,
Муштаганда Семетей,
Найзаны камга чыктады.
- Ата канат арман күн!
Жарыгы жок кара түн!
Атадан калган найза жок,
Бир кумардан чыкпадым!
Кудай урсун Калыбек,
Кебелбеген тоо болду,
Калыбектин карала,
Мүргүй түшүп оңолду,
Калыбек катуу мас экен,
Көзү ачылып соо болду,
Акылы башка келгенде,
Айткан кеби бу болду:
- Калкан кулак кан жүздүү,
Калкан тоодой сен кимсиң?
Кыл муруттуу кызыл бет,
Кыргызда атың сен кимсиң?
Караса көздөн от жанган,
Кызарып беттен кан тамган,

www.bizdin.kg

Караган бенде суктанган,
Сулуу жигит, сен кимсиң?
Сакалың тал-тал бөлүнгөн,
Баатырдык сының көрүнгөн,
Майга бышкан токочтой,
Мадырайган сен кимсиң?
Агарып тишиң кашкайган,
Ак кулжадай маңкайган,
Арбактанып көрүнүп,
Ала тоодой заңкайган,
Атыңды айткын сен кимсиң?
Сымбатың сырдай кубулган,
Кубулжутуп туудурган,
Затыңды айткын сен кимсиң?
Жериң кайда, элиң ким?
Жигиңди айтып билдиргин,
Бекер киши эмессиң,
Кебетеңден мен билдим.
Семетейдин кеби эми:
-Теги-жайым терип сен,
Тексиз киши дедиңби?
Жерим Кеңкол, кең Талас,
Элим кыргыз көп алаш,
Аласы жок жай күнү,
Ак чечекей ак калпак,
Атамдын атын угуп ал,
Ай-аалам уккан зор Манас,
Эмгиче угуп билбеген,
Айбанга окшош сен акмак!
Өзүңө окшош Калыбек,
Жергеси жок немедей,
Тегимди терип сурайсың,
Өзүмдүн атым Семетей!
Атам Манас дегенде,
Тегим жок сенин дегенде,
Ардангандан Калыбек,
Өлүп жерге кирбеди,
Күүгүмдө көзү тунарып,
Эмне дээрин билбеди.
Ачуу басып калтылдап,
Кылычты кындан тарканда,
Күн чагылып жалтылдап,
Карала атты камчылап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Учкундары бөлүнүп,
Төбөсүндө чыркырап,
Кыйкырыгы таш жарып:
- Кызы талак Семетей,
Тең жарбасаң тениңди,
Темселетип элиңди,
Куру талаа кылбасам,
Кеңкол, Талас жериңди,
Айдап жүрүп кырбасам,

www.bizdin.kg

Ак калпак кыргыз элиңди,
Өлөрүңдү ойлобой,
Атам Манас дедиңби?
Тең кишидей сен мага,
Теңдешип айткан кебиңби?!
Деп ошентип Калыбек,
Кыйа мына келтирип,
Кылычты шилтеп жиберди.
Эр Семетей камынып,
Сомдогон темир чоң балта,
(Эшик эндүү ай балта)
Кылычты какты каңгыта.
Ай балта тийген оңобу,
Кыйрап кылыч жоголду,
Калыбек жарак алгыча,
Качырып келип Семетей,
Туулгага бир койду.
Тогуз кабат туулга,
Кийген экен бир башка,
Тозуп кетти туулгасы,
Чыдаштык кылбай чапканга,
Чойун башты Калыбек,
Күүлөп колго алганы,
Качырып келип Бадырек,
Хан  Семетей абаңды,
Чокулата салганы.
Чойун башты тийгизбей,
Балта мененСеметей,
Алдыртан өөдө какканы.
Кармаган сабын Калыбек,
Калтырбай күчүн бекемдеп,
Күчтүү каккан Семетей,
Чокмор тийсе чокуга,
Бекер өлүп кетем деп.
Чапкан киши Калыбек,
Каккан киши Семетей,
Шылкы мойун чойун баш,
Үзүлүп кетти мойнунан,
Каары катуу Калыбек,
Сабы чыкпай колунан.
Ай балтасын колго алып,
Найза, кылыч, чойунбаш,
Сынганына арданып,
Арта салып ийинге,
Ай балтасын көрсөтүп,
Ай балта менен бир койду,
Жок кыламын деп ойлонуп.
Калыбек балта алганда,
Хан Семетей камынып,
Качырышты бул экөө,
Кирген нардай чамынып.
Көргөндүн баары таң калып,
Кимиси өлүп, ким калат,

www.bizdin.kg

Күч ортосу ылганып,
Балтага балта чабылды,
Кубулуп тогуз жаңырды,
Калыбектин балтасы,
Уңгусунан жарылды.
Семетейдин чоң балта,
Түшүп кетти колунан,
Толгой эшкен бүлдүргө,
Чоң кисенин чагарак,
Тагылуу экен байкасак,
Жерге түшө ай балта,
Ат капталда салаңдап.
Оңдоп кармап найзаны,
Оңбогон ал калыбек,
Семетейге жеткени,
Капталдан нары муштады.
Хан Семетей абаңдын,
Ээрден көчүк бултайды,
Үзөнгүдөн бут тайды.
Күчтүү тийген найзанын,
Күүсүнө буурул туралбай,
Кырданып барып жыгылды,
Жер тайанып Семетей,
Кар жиликтен оң колу,
Сынып кетти карс этип.
Калыбек артка таркыча,
Кайра айланып абаңа,
Кандуу найза сайгыча,
Алымсарык жаш бала,
Манастап ураан чакырып,
Кирип келди аңгыча.
Гүлчоро туруп албады,
Тайбуурулдун чылбырын,
Найзага илип алганы,
Семетейди мингизип,
Коштоп кетип калганы.
Эки сайып Калыбек,
Аңтара сайып алалбай,
Алымсарык баланы:
“Алдына келген бала эле,
Анча-мынча жан эле,
Эки сайып алалбай,
Күчүм менин кана эле?!”
Кайра кирди кезенип,
Ээрдин кезе тиштенип,
Өлбөй туруп Калыбек,
Дагы жетти Бадырек,
Карала менен тап берип.
Алымсарык балта алып,
Абайлап турат камданып.
Калыбектин найзасын,
Кайта кагып жиберди,
Балага найзаактырып,

www.bizdin.kg

Калыбек буга ардыгып,
Өлтүрөйүн муну, деп,
Кең дүйнөсүн тар кылып,
Жалаң болот испанды,
Кармай алды сабынан,
Сууруй алды кабынан.
Алымсарык ойунда,
Кылычты кайра кагам, деп,
Кыйамына келтирип,
Мээсин чубай чабам, деп,
Кыжырланып турганы,
Калыбек кылыч урганы.
Балта менен кагам деп,
Какканга каным жетпеди,
Калыбек чапкан өткүр миз,
Алымсарык баланын,
Оң ийнин таарып кетти эми.
Төрт эли жердин териси,
Кесилбей калды илинип,
Карап турган Гүлүстөн,
Жебеден мурун жеткени,
Чылбырдан атты жетелеп,
Баланы алып кеткени,
Артынан кууп Калыбек,
Жакындап калды жеткели,
Баланы берип Бакайга,
Кайра тартып Гүлүстөн,
Калдаңдаган Калыбек,
Карчылаша кеткени.
Кандуу кылыч Калыбек,
Качырып шилтеп жиберди,
Кыйрынан туура чапканы,
Өтө андес Гүлчоро,
Ат капталга саландап,
Өткөрүп муну жиберди.
Кылыч чабат Калыбек,
Кылына аны тийгизбейт,
Найза сайат Калыбек,
Сактанып муну киргизбейт.
Эр жарагы нечен түр,
Иштетти баарын Калыбек,
Тумтак күнүн түгөтүп,
Тийгизбеди Гүлчоро.
Калыбектин ойуна,
Далай кеп кетип ошондо:
"Бирөө кары, шай начар,
Экөө болду жарадар,
Алмамбеттин Гүлчоро,
Маа болбу барабар?"
Өз ичинен Калыбек,
Опсуз болуп санадар,
Кара бойун безенип,
Ээрдин кесе тиштенип,

www.bizdin.kg

Кара жанга күч келип,
Карала менен тап берип,
Кармаарына калганда,
Каарын чындап салганда,
Гүлүстөндү түгөнгүр,
Түп этектен аларда,
Кудай бетин нары кыл,
Ак сакалы жаркылдап,
Келген Бакай каарынын,
Акылым аз, тил кыска,
Кантип айтам таарибин.
Абаң Бакай жакындап,
Калыбекке жеткенче,
Гүлчорону Калыбек,
Оодара тартып кеткинче,
Ободо булут бузулуп,
Манастап ураан чакырып,
Кененим үнү угулуп,
Бүдөмүк кылбай так айтып:
Кененим сарык нак айтып:
- Кайра тарткын катылбай,
Абам Бакай сен кайтып!
Гүлүстөн, кет элиңе,
Мыкты болсоң Калыбек,
Мен келем, келгин! - деди эле.
Кененим үнүн укканда,
Манастын аты чыкканда,
Колу бошоп кеткени,
Кутулуп Гүлүс кетти эми.
Аркасынан Калыбек,
Келгин деген кеп угуп,
Кылчайып артын караса,
Топурак учуп буруксуп,
Тийип турган жарык күн,
Сурданып булут бузулуп,
Келе жатат Кененим,
Кеңкула менен сыздырып.
Гүлүстөнгө ачуусу,
Келген бойдон Калыбек,
Кан ичме жинди кара нээт,
Каарын салып түрдөнүп,
Кыл кыйма каман сүрдөнүп,
Катынын кара баскандай,
Жоо келип айлын чапкандай,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күрмөөгө тили так келбей,
Күдүңдөп чочко сүйлөнүп,
Селдей болуп түйүлүп,
Артынан чаңы сүрүлүп,
Эки көзү чакчайып,
Сакалы ача бакчайып,
Танак мурду дердеңдеп:
- Мен да сендей эрмин, - деп,

www.bizdin.kg

Менден качып, Кененим,
Так кырк күнү талаада,
Кайда жүрүп келдиң? - деп,
Жору куйрук Кызыл алп,
Акым, Шакым эки дөө,
Катардагы Сурмерген,
Кунун сенден куубасам,
Кылычты канга жуубасам,
Калыбек атым курусун,
Болбой тирүү турушум!
Суунун уулу Суумерген,
Боз чаар минген Боронбай,
Таптырып сенден албасам!
Талпагын ташка кербесем,
Жазаңды колго бербесем,
Койдой башың кеспесем,
Коондой кардың эшпесем,
Ээрдиңен көзөп тешпесем,
Бир сен үчүн, Кененим,
Кара жандан кечпесем!
Кара көзүң ойбосом,
Каныңды ичип тойбосом,
Семетей менен Гүлчоро,
Алымсарык, Бакайды,
Катары менен сойлотом,
Токтобоймун ал бойдон,
Таласыңды жойлосом!
Шаарыңды жылма кылбасам,
Кыргызыңды жыйбасам,
Кылым жердин бетине,
Таратып ийип тынбасам!
Азаматың кул кылып,
Ак жубаның күн кылып,
Олжого алып кызыңды,
Унуткусуз кылбасам,
Ой-тоодо малың чогултуп,
Айдап алып тынбасам!
Найзаны күүлөп сундуруп,
Күүсү кулак тундуруп,
Бура тартпай Бадырек,
Кененимге жолугуп,
Тоо да болсо Кененим,
Томолото сайам, деп,
Токтобой жетти чу койуп.
Жеткен жерде Кененим,
Мындан кайдан айансын,
Калыбектин найзасын,
Учунан улай кармады,
Кармаган сабын найзанын,
Калыбектин колунда,
Учу баатыр Кененде,
Жиптей жыгач чойулуп,
Үзүлүп кетти ортодон,

www.bizdin.kg

Тарткылаша келгенде.
Не деп айтсак эп келет,
Бендеден чыккан эрлерге,
Теминише тап берип,
Колтуктарын чойушуп,
Эшик эндүү айбалта,
Чокулаша койушуп,
Туулгага чабылып,
Балтанын үнү чакылдап,
Көөдөндөгү чарайна,
Найзанын  учу такылдап,
Шилтеген кылыч шаң этип,
күн чагылып жарк этип,
Кетелек менен сом темир,
Көк жашыл тартып жалтылдап,
Алоолонуп тулпарлар,
Ала качып алкылдап,
Ок өтпөс буулум шым кийип,
Багалеги балкылдап,
Дем албастан күн-түнү,
Урушуп жүрөт акылдап,
Жарактан чыккан жаңырык,
Эрден  чыккан бакырык,
Ат дабырты тапылдап,
Доолбас үнү карсылдап,
Сүр көрсөтүп түнүндө,
Калыбектин аскери,
Мылтык атып тарсылдап,
Алай-дүлөй - барсылдап,
Жер жарылып таш кулап,
Агып суулар шаркырап,
Боздоп учат аткан ок,
Жердин бети кызыл чок,
Кылымда мындай болгон жок.
Таң агарып күн чыгып,
Ачык туруп бүркөлүп,
Туман түшүп чүмкөлүп,
Күн бузулуп түмпүйүп,
Ачык асман, жер бүркөк,
Кимдер баатыр, ким коркок,
Мындай күндө билинет,
Кыбыладан жел жүрсө,
Жылжып туман сүрүлөт,
Салышкан эрдин зарпынан,
Жыртылган жердин тарпынан,
Топурак учуп созулат,
Мурункуга кошулат,
Жерге түшүп жай албай,
Обого чыгып кете албай,
Жыты сасык, өңү сур,
Жер бетинде боз турат,
Анда-санда эрлердин,
Кыйкырыгы угулат.

www.bizdin.kg

Алмамбеттин Күлчоро,
Ар сыйкыры бар чоро,
Калмакча жайды катуу окуп,
Канча дуба жат окуп,
Айалдабай бат окуп,
Шамалга булут куудуруп,
Айдап келип тундуруп,
Алтысай мөндүр куйдуруп,
Топуракты жуудуруп,
Күн көрүнүп жарк этип,
Күчтүү жел жүрүп шарк этип,
Күн ачылды шаңк этип.
Асман көпкөк шаңкайып,
Эр Кененим, Калыбек,
Эрэгишип сурданып,
Кеңкула менен Карала,
Кызыган кези бууланып.
Чабына батпай суурулуп,
Кара терге чумулуп,
Калыбек менен Кененим,
Качырышып умтулуп,
Билегин салып кол сунуп,
Ач билектен алышып,
Айабай күчүн салышып,
Амал кылып эбин таап,
Жумуру кайыш канжыга,
Билектен байлай калышып,
Байлатып ийген ким болсо,
Кезенип колун тартканда,
Ортон колдой канжыга,
Чыдатпай үзүп алышып;
Этектен чулгай алышып,
Үзөнгү боого салышып,
Аттын башы кай жакта,
Тулпар кетет жарышып.
Кабат-кабат аң келсе,
Айанбай атты чабышып,
Кеңкула менен Карала,
Аркардай арыш алышып,
Мойнуна кайыш салышып,
Туйдурбай байлап алышып,
Эми алармын дегенсип,
Эңишке кирет жарышып.
Байлатып ийген ким болсо,
Чирене түшүп тартканда,
Мойун тери сойулуп,
Үзүлүп кайыш кеткенде,
Кызыл кан агып чубуруп,
Ылайланып топурак,
Канга калат жуурулуп.
Атынан түшө калышып,
Белинде курдан алышып,
Орой-торой чалышып,

www.bizdin.kg

Ача кармап силкишип,
Тизелей түшүп оңолуп,
Жыгылганы жок болуп,
Жер кучактап торойуп,
Көөдөндөшүп тирешип,
Тепе-тең турат соройуп,
Баштарында туулга жок,
Кокодой башы кодойуп.
Багалектер түрүлүп,
Багалчектер көрүнүп,
Кара тер бойдон жыбырап,
Кара терге төгүлүп,
Катары менен кабырга,
Тал-тал болуп саналып,
Кармаган жерлер кан талап,
Көк ала болуп талаалап,
Бирин-бири сыгышып,
Белдеринен салаалап,
Аманат жанга күч келип,
Же сыйбай бели бүктөлүп,
Күрс дегиче жөтөлсө,
Ооздон мөжүк кан кетип,
Көрүп турган элдерге,
Кең дүнүйө тар келип,
Жөө күрөштөн бөлүндү,
Аттарга минип зоңкойуп,
Барча тоодой көрүндү,
Эрдемсинген далайдын,
Эрдик мындай экен, деп,
Көөнү нечен бөлүндү,
Санаасы сан кыйал миң,
Сабылып жашы төгүлдү.
Калыбек чочко кеп айтат:
- Э, Кененим, - деп айтат,
Мен жекеге чыкканы,
Бөлүнүп элден курган жан,
Бир чекеге чыккалы,
Элүү күн ашып баратат,
Керек болгон окшонот,
Эске түштү аш-тамак.
Аттанып шаардан чыкканы,
Маңдайында Калыбек,
Нашта кылып тамак жеп,
Оозунан наар сызбады,
Каңгара какшап өзөгүм,
Байкасам бүгүн сыздады.
Белгим келип калыптыр,
Отуз күн жатып уктачу.
Жалаңкыч сары кыргыздан,
Сен экенсиң, Кененим,
Мени менен эрдигиң,
Тең экенсиң, Кененим,
Агызып кетчүү кыйандай,

www.bizdin.kg

Сел экенсиң, Кененим,
Оморулбас залкар тоо,
Сен экенсиң, Кененим,
Ак куулар ашып учалбас,
Бел экенсиң, Кененим,
Ак каздар учуп өтө албас,
Көл экенсиң, Кененим,
Казып адам түгөткүс,
Кен экенсиң, Кененим,
Алтымыш уруу алашка,
Сен экенсиң, Кененим,
Орто Азийа элинде,
Эр экенсиң, Кененим,
Күн батышта сага тең,
Мен экемин, Кененим.
Жору куйрук кызыл алп,
Акым, Шакым, Сурмерген,
Алдынкысын алты күн,
Кийнкиси эки күн,
Баарын жедиң, Кененим,
Анткен менен, Кененим,
Мага алың келбеди.
Жарактын чыкты далбалы,
Кийимдин дайны калбады,
Аттар суусап чаалыкты,
Эр билеги талыкты,
Кайра келип жебесем,
Сен Кененим сарыкты!
Олпогумду ондотом,
Ойлоп кой сени сойлотом!
Найзаны учтап чыгартам,
Учун ууга сугартам,
Кылычымды миздетем,
Кененим, башын кеспесем!
Чойун башты оңдотом,
Орутпай сени онтотом!
Балтамдын сырты жарылды,
Кош билерик чырматам,
Кайта айланып келгенде,
Тирүү койбой кыйратам!
Калкан менен туулга,
Уста керек буларга,
Абдан мыктап келбесем,
Кезектешип урарга,
Кесе тиштеп ээринди,
Кел бери деп турарга.
Чарайнамды кадатам,
Телдеп келип шайманды,
Сени кайдан жашатам?!
Тогуз кабат темир тон,
Топчулугун оңдотом,
Бүчүлүгүн чыңдаймын,
Кайратымды көрсөтүп,

www.bizdin.kg

Андан кийин чындаймын.
Эрлик кандай, күч кандай,
Ошондо байкап ылгагын,
Алың канча, Кененим,
Андан кийин сындаймын!
Ичээр тамак, жатар үй,
Сенде жок бүгүн, Кененим,
Намыс кылбай бирге бар,
Тойунуп алып сен келгин.
Калыбектин кебине,
Кененим жообу бул экен,
Жеткире айтып сээрине:
- Барсаң баргын, Калыбек,
Барып келгин элиңе,
Убадаңа бекем тур,
Калпайтпастан кебиңе,
Ким жесин сенин тамагын,
Итим барбайт үйүңө,
Убадаңды бекемде.
Отуз күн уктап дем алып,
Тамак ичип тойунуп,
Кырк күндө кайта келүүгө,
Уруксат кылдым барып кел,
Ачкалганда жеңди деп,
Калбаймын сенин кебиңе.
Акырэттик тамагың,
Ошол болсун карагын,
Керээз кебиң айтып кел,
Көп кечикпей кайтып кел,
Бар, Калыбек, баргын! - деп,
Бастырып кетти Кененим.
Аксакал Бакайга карыга,
Эр Семетей, Гүлүскө,
Алымсарык агага,
Салам берип аларга,
Эсендешип көрүшүп,
Амандыгың билишип,
Ак чатырга киришип,
Арып-чарчап чаалыккан,
Кармашта жүрүп талыккан,
Эр Кененим Сарыкка,
Тойгончо тамак беришип,
Башы адам өтүнөн,
Айагы балык өтүнөн,
Кырк бир түрдүү өт эзип,
Аны ичинен ичирип,
Суу өгүзүнүн терисин,
Алып келип жабышып,
Таш баканы табышып,
Боорун жарып алышып,
Сууга эзип коймолжун,
Бар жарага чабышып,
Кырма кызыл дарыны,

www.bizdin.kg

Кайнатмак кара дарыны,
Керек деген баарыны,
(Кем-керчи жок табылды)
Каратып туруп жанына,
Аксакал кары Бакайды,
Жарага бүткүл чабылды.
Эбеп менен себептен,
Кубат менен Медеттен,
Каныкей жасап иштеткен,
Бар дарыны ичирип,
Күн тогузга толгондо,
Кененимдин бойуна,
Койбой жараат бүтүрүп,
Коңторуп картын түшүрүп,
Жаткырып койду уктатып.
Кененим уктап тынч алып,
Уктап жатып семирип,
Албырып бети нурланып,
Бузук суу калбай денеде,
Тер менен кетти бүт агып.
Семетей колу сак болуп,
Сайыша турган чак болуп,
Болжоп кеткен Калыбек,
Күнү кыркка карк толуп,
Кырк көөкөр арак бүт ичип,
Калыбек чочко мас болуп,
Ат току, деп күпүлдөп,
Көрсөтөм, деп дүпүлдөп,
Жигиттери жүгүрүп,
Жаны калбай дүүлдөп,
Найзанын үнү угулуп,
Бастырганда Бадырек,
Чагылган күндөй күркүрөп,
Өскөн жыгач, чыккан чөп,
Айбатынан дүрүлдөп,
Титирек кирип жаткан жер,
Токтоно албай сүлкүлдөп,
Кумдун баары шыбырап,
Тоолор коркуп бүлкүлдөп,
Атаңа наалат Калыбек,
Айбаттуу келет кара нээт.
Калыбектен бул жолу,
Калыш тирүү кыйын кеп,
Өлбөй калган кишиге,
Тирүүлүгү канимет.
Акпай суулар токтолуп,
Көзү кызыл чок болуп,
Жер жүзүнүн баарына,
Кетүүчүдөй өрт койуп,
Жайнай түшүп бириккен,
Кыйан-селге окшонуп,
Ызгаары капыр зыркырап,
Ок жыландай октолуп,

www.bizdin.kg

Калыбекти көргөндө,
Кененим басты козголуп.
- Аттанбай тура тургун, - деп,
Гүлүстөн аны токтотуп, -
Бул сапар атка минесиң,
Мүшкүлгө далай көнөсүң,
Ата бабаң баспаган,
Арбын жолду көрөсүң.
Суу каптаган селдерге,
От каптаган жалынга,
Ар бир сонун жандарга,
Түркүм-түркүм айбанга,
Жолборс өңдүү балбанга,
Бойу тоодой төөлөргө,
Ат көтөргүс дөөлөргө,
Адам билгис сыйкырга,
Учурайсың чынында.
Калыбекти жеңгенде,
Карала атчан Калыбек,
Жарыктан өтө бергенде,
Көөдөндөн жаны кеткенде,
Жерге башы жеткенде,
Суунун уулу Суумерген,
Өтө сыйкыр куу мерген,
Качып кеткен ал келет,
Суумергенди алам, деп,
Кетесиң, уулум, артынан.
Чаңдан мүшкүл көрөсүң,
Ал чочконун зарпынан.
Атабыз Манас болгон соң,
Абийирибиз калабы,
Андай иштен тартынсаң.
Белек бердим, уулум, саа,
Айтканыма тил алсаң.
Алмамбеттин Алма баш,
Айдалыңа аса жүр,
Кереги тиет ар качан.
Боронбайдын жез камчы,
Кармай жүргүн колуңа,
Сыйкырга сыйкыр чоң себеп,
Ишинди салат оңуна.
Касиеттүү бир көйнөк,
Калган менин колумда,
Кийе жүргүн жонуңа,
Аман-эсен келгенде,
Абамдын кеби акыл деп,
Аларсың аны ойуңа.
Баарысынан чоң белек,
Басташкан жоого эң керек,
Сайганын тешпей калбаган,
Бүктөлүп бели сынбаган,
Тийген жери ырбаган,
Андан болгон жараны,

www.bizdin.kg

Түбүндө жакшы кылбаган,
Айкөл атам Манастан,
Аманат калган абама,
Калыбекти сайарда,
Намыска жарайт сыр найза,
Ала жүргүн жаныңа,
Аман-эсен келгенде,
Абамдын бергин колуна.
Менин атам Алмамбет,
Жүйрүн дөөдөн жазгырып,
Ала келгин ак шамшар,
Бүгүн менин жанымда,
Ала жүргүн жаныңа,
Жаткан дөөгө туш келсең,
Мала келгин канына.
Айтып сырын угузуп,
Баарын берди балага.
Албаймын деп айтпады,
Көйнөктү кийип алганы.
Ак шамшар байлап жанына,
Алма баш асып далыга,
Сыр найза алып колуна,
Боронбайдын жез камчы,
Ортонго илип жулуна,
Кечигип туруп албады,
Абаң Бакай, Семетей,
Эр Гүлүс, Алымсарыктан,
Абыдан бата алганы,
Күүлөнүп жөнөп калганы,
Арбак кубулуп түрдөнүп,
Мурункудан сүрдөнүп,
Аркасынан караса,
Ак жолборстой сын берип,
Маңдайынан караса,
Алгыр бүркүт түрдөнүп,
Төбөсүнөн караса,
Алпкаракуш өңдөнүп,
Сонун иши дагы бар,
Түргөн чийдей артынан,
Сойлоп барат ажыдаар.
Жетер-жетпей жакындап,
Кеңкуланы такымдап,
Баш жүндөрү саксаңдап,
Көздөрү жайнап чакчаңдап,
Эки түгөй шер барат.
Шапкат кылар бири жок,
Шаштыруучу баары бар,
Ракым-Мейир анда жок,
Ич жаруучу баары бар.
Ошол сындан караса,
Жан бүткөндө жаралган,
Өз-жат дебей жан алган,
Жалаңгыч Сарык дегени,

www.bizdin.kg

Көргөн көзгө таанымал,
Кененим кетип бараткан.
Карала атчан Калыбек,
Найзасыз күүлөп кезкерип,
Беттешип чыкты алдынан:
- Кел, Кененим, келгин! - деп,
Кененим андан качабы,
Мен да сендей эрмин, деп.
Кененимди бир карап,
Келе жаткан керемет -
Баарын көрдү Калыбек,
Бүдөмүк эмес элестеп,
Анык көрдү Калыбек,
Шери менен ажыдаар,
Канык көрдү Калыбек.
“Кандай болгон жумуш? - деп,
Менде дагы барбы?” деп,
Жан жагынан көп издеп,
Эчтеме жок көрүнгөн,
Кайгы жеди Калыбек,
Ого бетер чыйралып,
Теминип кирди Калыбек,
Өлтүрөм деп элөөрүп,
Демигип кирди Калыбек,
Ашыгып кетпейт Кененим,
Өтө оор Калыбек.
Калыбектин найзасы,
Күркүрөгөн үнү бар,
Кызыл жалын түрү бар,
Бул чочконун ал күнү,
Адам айткыс сүрү бар.
Каарданып Калыбек,
Качырып найза урганы,
(Тоо да болсо бул сапар,
Томкоро сайып жыкмакчы)
Ошончо урган найзаны,
Тоготпой Кенен турганы,
Калыбек катуу арданды,
Жаны ачып карарды,
Жан алуучу заар салды,
Качырып келип көкжалга,
Калыбек найза муштады,
Тоготпой турган Кененим,
Ошол урган найзадан,
Кеңкуланын үстүнөн,
Учуп кете жаздады.
Акымдан алган темир тон,
Тогуз кабат бүчүлүк,
Токтоо кылбай үзүлүп,
Чымчык көз темир бадана,
Туш-тушунан бөлүнүп,
Чарайна темир чатырап,
Талаа-талаа жарылып,

www.bizdin.kg

Тап кетирбей сактаган,
Ичинен кийген була тон,
Булаасы булап чубалып,
Гүлчоро берген эт көйнөк,
Учу жетип найзанын,
Кайра жанды так этип,
Жез доолбас ургандай,
Үн угулуп заңк этип.
Өтө берип Калыбек,
Кайра айланды бурулуп,
Найзасын күүлөп алганда,
Боронбайдын жез камчы,
Толгой кармап Кененим,
Калыбектин найзасын,
Камчы менен какты эле,
Жез камчы тийген куу найза,
Тең бөлүнүп кеткени.
Камчыны кайра имерди,
Калыбекти Кененим,
Ойлото жиберди,
Калыбек капыр жазганбай,
Жез камчыны кармаган,
Кененимдин колуна,
Балта менен какканы,
Кененимдин билеги,
Сынып кете жаздады,
Колундагы жез камчы,
Алда кайда учканы.
Жез камчы жерге түшүрбөй,
Эр Гүлүстөн жеткени,
Бүлдүргөдөн камчыны,
Найзага илип кеткени,
Көрө салып Кененим:
- Керек эмес, абаке,
Өзүң ала кет, - деди.
Акым дөөнүн чоң балта,
Аткый кармап сабынан,
Ачуусу келип абыдан,
Качырып барып чапканы,
Калыбектин башында,
Тогуз кабат калканы,
Дайыны калбай жок болуп,
Чыгып кетти талканы,
О дедирбей Кененим,
Удаа жана чапканы.
Чак дегени угулду,
Топурак учуп бургуду,
Беш кабат темир туулга,
Калыбектин башында,
Кумдай болуп чачылып,
Тозуп кетти ар кайда.
Туулга жок, калкан жок,
Тулку бойу калганда,

www.bizdin.kg

Кененимдин үстүндө,
Сооту жок, олпок жок,
Калыбекти караса,
Туулга жок, калкан жок,
Экөө болду оп-окшош.
Өчүгүшкөн бул үчөө,
Элден талап кылбады,
Калкан, туулга, күрөөкө.
Сооту жок, олпок жок,
Солкудаган Кененим,
Туулга жок, калкан жок,
Калдаңдаган Калыбек,
Күч ортосун сынар кез,
Кимиси өлүп, ким жеңет.
Калыбектин аскери,
Алып келди туулганы,
Мына, баатыр, кийгин, деп.
Туулга башта алты кат,
Калкан сырта он кабат,
Кененимди жедим, деп,
Калыбек чыкты чалкалап,
Кененим калар эр эмес,
Андан жанын калкалап.
- Көсөк чубак жолборстун,
Ичинен кийген олпогу,
Сакталуу менде болуучу, -
Деп Гүлчоро, Кененге,
Алып келди кийгин, деп.
- Атаңдан калган сыр найза,
Кереги тийээр кези-деп,
Сен жаш бала, мен кары,
Кебимди уксаң ушу, - деп.
Калканды кабат артынып,
Чарайнасын тартынып,
Туулгасын көмөрүп,
Уруп кеткен Калыбек,
Ого бетер күркүрөп,
Үйдөй болгон чойун баш,
Арта салып ийинге,
Жолум үйдөй көрсөтүп,
Карала атты камчылап,
Казабына алыптыр,
Каны көздөн тамчылап,
Кененимден башка жан,
Турар эмес аа чыдап.
Чокморду күүлөп имерди,
Эрней түшүп Калыбек,
Кененимди чокуга,
Кош колдоп тартып жиберди.
Найза менен Кененим,
Калыбекти карыга,
Алдыртан өөдө кагыптыр,
Күүлөп чапкан чокмору,

www.bizdin.kg

Жерге түшүп жатыптыр,
Түшкөн жерге бул чокмор,
Үчтөн бири батыптыр,
Калыбектин тилеги,
Кара таштай катыптыр,
Кененимдин ошондо,
Кер сары болуп өң азып,
Каны ичине тартыптыр.
Кабылан баатыр Манастын,
Сыр найзасын колго алды.
- Камдангының, Калыбек,
Келгениң болду беш күнү,
Акыреттик ашың жеп,
Эми бүгүн жаткының,
Өзүңдүн кара башың жеп!
Манастап ураан чакырып,
Калыбекти Кененим
Жан айабай качырып,
Сыр найзанын учунан,
Кызыл жалын чачылып,
Бороон болуп жер чаңдап,
Кеңкула чуркап ыкчамдап,
Кош кулагын жапырып,
Ошо кезде Калыбек,
Кененимди караса,
Өңүнөн заар төгүлүп,
Көзүнөн жалын бөлүнүп,
Караганда кан чыгып,
Кармаганда жан чыгып,
Аркасынан баатырдын,
Айдар сары жал чыгып,
Бул түрпөтүн көргөндө,
Теңсинбей жүргөн Калыбек,
Эми калды аптыгып,
Кененим жети аңгыча,
Калыбекти шаштырып.
Найзасын кайра кагам деп,
Балта ала албай Калыбек,
Найза алып калыптыр,
Кененимди качырып,
Калыбек найза сайыптыр.
Найзага найза сайылды,
Калыбектин найзасы,
Учунда темир жарылды,
Калыбеке капташып,
Ажал-өлүм кабылды.
Кабылбаса неткени,
Карала аттын үстүнөн,
Калка тоодой капырды,
Бала баатыр Кененим,
Аңтара койуп өттү эми.
Кайра айланып Кенемин,
Как жүрөккө муштады,

www.bizdin.kg

Таштан жанбас сыр найза,
Кыр аркадан чыкканы.
Так көтөрүп Кененим,
Найзага илип ыргады.
Кененим менен Калыбек -
Эки дөөнү көтөрүп,
Кең кулак карыш жылбады.
Сокмогу менен найзасын,
Аңтарылып Калыбек,
Алдындагы карала ат,
Бели сынган турбайбы.
Калыбек башы кесилди,
Ээрдинен көзөп тешилди,
Өз башына күч болду,
Ойрон иттин кесири.
Аңгычакты дөөлөрдүн,
Көп жыйналган аскерин,
Айтумуштун элдерин,
Баарың мында кел, деди.
- Жору куйрук Кызыл алп,
Акым, Шакым эки дөө,
Бозчаар минген Боронбай,
Карала атчан Калыбек -
Ошолордун аскери,
Жериңе жанып кет! - деди.
Аты-тонуң силердин,
Тоноп алып жүрбөйүн,
Баш кишиңер жоголду,
Калганыңды билбейм.
Суумерген менен Сурмерген,
Кырылып эли түгөнгөн,
Сурмерген өлүп жоголду,
Суумерген тирүү не болду?
Айтумуш, Чынгыш, жакын кел,
Жардам кылып силерге,
Жети дөө эли бүт келген.
Улуктан тогуз жам болдуң,
Уруш кылып жеңем деп,
Уйпаланып жоголдуң,
Упурак болуп башында,
Ойлобой акыл не болдуң?!
Алып келгин Чыныке,
Экөөңөрдү сапырбай,
Жай-жайыңа койойун!
Деп Семетей айтканда,
Шашмалап Чынгыш муну айтат:
- Арстандын уулу Семетей,
Чыныкенин калыңын,
Чыдап таап бере албай,
Жүрүүчү эле Суумерген,
Жадатып кызын алам, деп,
Киши сойуп эт жеген.
Үч күн болду Суумерген,

www.bizdin.kg

Ушул жерге бир келген.
Асмандап учса санаты,
Балыктай сүзөт дайрадан,
Балдыртан берки адаты.
Чыныкенин калыңы,
Мындай эле карачы.
Кара деңиз аралын,
Аралап жүрүп кыдырып,
Барып келген кишиге,
Алп кара куш дегенди,
Кармап берген кишиге,
Сегиз миң жыл жашаган,
Чандандын башын ашаган,
Башы жылан, тили адам,
Белден ылдый кара таш,
Жылбай жаткан Жүйрүн дөө,
Башын алып келгенге,
Кумар элем мен Чынгыш,
Башын анын жегенге,
Убадам бар меники,
Ошонун баарын бүтүрсө,
Чыныкени берерге.
Эми эле алып кел дедиң,
Анын баары жок туруп,
Чыныке кандай беремин?
Мейли десем, Семетей,
Чыныке жок колумда,
Анан кимди беремин?
Суунун уулу Суумерген,
Үч күн болду келди деп,
Сага айтып мен бердим,
Алып кетти Чыныке,
Кайда кетти билбедим?
Колумда жок Чыныке,
Сага кимди беремин?
Чынгыш мындай дегенде,
Чымырканып Семетей:
- Айтумуш, шаарың бошоткун,
Биз барабыз ал жерге,
Чыныкени издетем,
Адам жетээр бар жерге?
Деп Семетей айтканда,
Алмамбеттин Гүлүстөн,
Сурабайт акыл эч кимден,
Кармап алды Чынгышты,
Камчылап аны чыңыртты.
Алмамбетке Жүйрүн дөө,
Жасап берген тору бар,
Чынгышты ага салдырды,
Айтумушту жиберип,
Шаарынан чатыр алдырды.
Чатырды тигип үй кылып,
Хан Бакайды баш кылып,

www.bizdin.kg

Айтумушка бактырды,
Алымсарык баланын,
Бир колу бар, бири  жок,
Бир жагына жаткырды.
Кыз Куйалы, Саламат,
Келип калган ал кезде,
Абаң Бакай, хан Семей,
Алымсарык баланы,
Ал экөөнө бактырды,
Торго салып Чынгышты,
Бир баканга астырды.
Семетейдин кеби деп,
Тирүү калган аскерди,
Жай-жайына кайттырды,
Кененимди чакырып,
Кебин эми баштады:
- Чыныке издеп, Кошой издеп,
Суумергенди дагы издеп,
Жүйрүн дөөнү табалы,
Каадасын такыр бүтүрүп,
Чыныкени алалы,
Каадасыз алсак калың жок,
Бизге опа кылабы.
Деп Гүлүстөн айтканда,
Кыйын эмес ушул иш,
Жаш Кененим арстанга.
- Абаке, кандай дедиңиз,
Жарабаган кебиңиз,
Мен аман-эсен турганда,
Сиз да жата бериңиз.
Эби келсе Таласка,
Эми кете бериңиз.
Каадасын хандын бүтүрүп,
Калыңын берип жеткирип,
Чыныкени Таласка,
Алып барат иниңиз,
Чоң атамдын жанына,
Жүр, абаке, баралы,
Алымсарык жарты жан,
Хан Бакайды баш кылып,
Калганды жолго салалы.
Ошол жерде бар адам,
Өзүң менен алты жан,
Эртең менен жолго сал.
Баарыңарды кетирип,
Баардык ишти бүтүрүп,
Кызды ээрчитип мен барам,
Жүйрүн кайда, кыз кайда?
Арал кайда, куш кайда?
Баарын билет Чынгыш хан,
Айтумушта айып жок,
Өзү араң олтурган,
Кыйнап туруп Чынгышты,

www.bizdin.kg

Иштин баарын айттырам.
Деп Кененим жүрү деп,
Күлчоро менен Кененим,
Бакай менен Семеңдин,
Барып кирди үстүнө,
Байатадан айткан кеп,
Баарын айтып бүттү эле.
Эр Семетей серпилип;
- Кыйнайбыз деп Чынгышты,
Чыныке издеп табыштан,
Башты тартуу дуруспу?
Биз кетпейбиз Таласка,
Кай жүз менен барабыз,
Арбагы тирүү Манаска?
Чыныке колго тийбесе,
Биз менен бирге жүрбөсө,
Мен кетпеймин дегеле.
Семетей мындай дегенде,
Темир тордун тээгине,
Тийип койду Гүлүстөн.
Тор чеңгелдеп куурушуп,
Сийдиги агып чубуруп,
Мурдунан агып кан чыгып,
Кетээринде жан чыгып:
- Колдоор болсоң колдо! - деп,
Чынгыш салды чыңырык.
Муну мындай таштайлы,
Кененим менен Жүйрүн дөө,
Жомогунан баштайлы.

## ЖҮЙРҮН ДӨӨНҮН ЖОМОГУ

Чынгыштын үнү чыкканда,
Күн чагылып чартылдап,
Мөндүр түшүп тарсылдап,
Жердин бетин суу алып,
Сел каптады калкылдап.
Алмамбеттин Гүлүстөн,
Сыйкырдын иши экен, деп,
Топтолуп келген булутту,
Токтоосуз муну таратты,
Көрүнүп калды Суумерген,
Баса минип кара атты.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй түшкөн ак атып,
Жазайыл деген мылтыкты,
Ага кошуп дагы атып,
Тирүүлөй жандан тойгузуп,
Турган элди жадатып.
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Бекер эмес ар иштен,
Жерге түшкөн бир окту,
Абдан тиктеп карады,

www.bizdin.kg

Коргошун, чойун, коло эмес,
Адам өлөр ак эмес.
Будагы сыйкыр иши, эмес,
Алмамбеттин алма баш,
Аткын, уулум, аткын, деп,
Кененимге аттырды.
Жааган күндөй түшкөн ок,
Бири калбай жок болду,
Суунун уулу Сурмерген,
Найзасын күүлөп кезенип,
Кененимге жол кошту.
Суумергенди Кененим:
“Сыйкыр менен күн кечкен,
Сырдап өзүн көрсөткөн,
Анча-мынча неме экен,
Мага качан тең экен?”
Деп ойлонуп эреним,
Акымдан алган куу найза,
Алды колго Кененим.
Бет келген жерде Кененим
Суумергендин найзасын,
Сайдырбай кагып жиберип,
Кайра тийди айланып,
Кеңкула оозун имерип,
Суумерген чыдап, тура албай,
Кененимден ийменип:
“Кененим сайса өлдүм, - деп,
Алдымда өлгөн бешөөнө,
Кошулуп алты болдум” деп,
Өлүмдөн коркуп Суумерген,
Качып берди калдаңдап,
Этек-жеңи салбаңдап.
Камчыга басып кара атты,
Качып чочко баратты,
Кеңкула менен арбытып,
Артынан түштү Кененим,
Аркадан чаңын баргытып.
Кара ат менен Кеңкула,
Топуракты сапырып,
Суумерген барат ойунда;
“Жетер-жетпес качпасам,
Кара деңиз кечпесем,
Жүйрүн дөөгө жетпесем,
Сыйкырлуу күмбөз анда бар,
Ошол жерге беттешем,
Кененимди жоготуп,
Кайта келип кыргызга.
Өмүр бойу кектешем.
Калтырбай тирүү тукумун,
Бооз катынын жарбасам,
Боз-улан боорун албасам,
Суумерген болбой өлөйүн!”
Чендеп качып Суумерген,

www.bizdin.kg

Кенеимди тосоттоп,
 Албан сыйкыр иштетти,
Сыйкырдан айла болбоду,
Чынгыш айткан калыңдын,
Бири болгу башынан,
Кара деңиз аралы.
“Мен деңизге барганда,
Асман менен кетемин,
Амал менен өтөмүн.
Өчөшүп кирсе Кененим,
Өзү агып өлбөйбү,
Сууда нечен балык бар,
Көргүлүктү көрбөйбү,
Бир буткулда жатпайбы,
Баткакка башы батпайбы,
Өлбөй өтсө деңизден,
Аралды издеп табабы,
Издеп тапса тушугуп,
Жүйрүн дөөдөн кутулуп,
Өлбөй аман калабы?”
Качып жүрүп Суумерген,
Арбын ойлоп амалды,
Азгырып жүрүп ар түрдүү,
Кара деңиз алпарды.
Деңиздин жетти жээгине,
Качкан жерден бул жерге,
Жыйырма алты күндө жетти эле.
Арамзада Суумерген,
Кечпей койот кенен, деп,
Жакындатып Кененди,
Өлчөп качып чебердеп,
Кармаарына калганда,
Чылбыр бойу барганда,
Сууга түштү чулп этип,
Кеңкуланы камчылап,
Кошо түштү Кененим,
Алдындагы Кеңкула,
Жалын жайып кайыктай,
Толкуп жаткан деңизге,
Тулку бойу жашынбай,
Суумергенди карасаң,
Кара ат менен калкылдап,
Учуп чыкты асманга,
Кененим! деп бакырып,
- Эми кантип барасың,
Кайра айланып Таласка?
Арзыңды айтсаң угабы,
Өлүп калган Манаска?
Каныңды сенин жайбасам,
Өлбөй чыксаң аралдан!
Өмүр бойу издесең?
Амалың жок табарга,
Сөөгүң калат кагжырап,

www.bizdin.kg

Кара деңиз аралда!
Деп ошентип Суумерген,
Көрүнбөй калды асманга.
Кайыктан бетер Кеңкула,
Сууга батпай жебелеп,
Калкып барат чоң сууда.
Күн тийгенде жаркырап,
Суудан чыгат жылтылдап,
Күн батканда кечинде,
Суудa жүрдү Кененим,
Күнү сегиз, түн сегиз,
Он алтыга жеткенде,
Алдынан кургак болду кез,
Кургакка чыкты Кененим,
Кайраты болгон өтө тез.
Суудан чыга бергенде,
Кеңкула калды шалдырап,
Кийген кийим ээр-токум,
Суу болуп баары шалбырап,
Тердик менен желдиктен,
Агып суусу тамчылап,
Жана жүрдү Кененим,
Ат айабай камчылап.
Адырды кирип аралап,
Кетип барат куркулдап,
Учурап калды алдынан,
Шылдыраган бир булак,
Булактын келди жээгине,
Турбай өтө берерде,
Кеңкулага тил кирди:
- Э, Кененим баатыр, ай,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеке  менен ишиң жок.
Суумергендин артынан,
Кубалап жолго киргели,
Кургакта күнүң жыйырма алты,
Суудa жүрдүң сегиз күн,
Күнү-түнү санаты,
Алтымыш сегиз болуптур.
Арада бир күн дем албай,
Сен келесиң талыкпай,
Мингениңе мен чыдап,
Келемин кылча чалыкпай.
Алдыңдагы бул булак,
Суусу сүттөй бек аппак,
Башкача сонун көрүнөт,
Кургакта жүрдүң чаң басып.
Көңүлүңдү дат басып,
Менин бүткөн бойумда,
Топо аралаш тер катып,
Ошондон бери карата,
Өзүң жуунуп албадың,
Оозуңа маар салбадың,

www.bizdin.kg

Астыңдагы мен дагы,
Керт этип чөп чалбадым.
Булакка түшүп жуунуп ал,
Андан кийин жолго сал.
Деп Кеңкула айтканда,
Эп келиптир арстанга.
Түшө калып куладан,
Алдындагы кула аттын,
Ооздугун чыгарып,
Булактан канык сугарып,
Турган чөптөр буралып,
Өзү бекем буулуп,
Ат чалсын деп олтуруп,
Уктап калды торойуп,
Алыстап кетпей Кеңкула,
Кененимди караандап,
Күн кызарып баткандан,
Күн чыккынча жаркырап,
Кененимди кайтарат,
Кененим жаткан жылгага,
Кайберенди оттотпой,
Азуулуну жолотпой,
Канатууну кондурбай,
Жыйырма бир күн кайтарды.
Бир күнү шашке мезгилде,
Тура калып Кененим,
Кеңкуланы кармады,
Үзөнгүгө жакындап,
Бутун калды салгалы,
Өтө жаман сасык жыт,
Каңылжарын жарганы.
Жытты байкап караса,
Кеңкуланын жонунда,
Оңдоп токуп минем деп,
Ээрин сыйрып алганы,
Куйушкан, тердик, жүгөндүн,
Көмөлдүрүк, олоңдун,
Ордунда тери калбады.
Ириңдеп кеткен кулгуна,
Агып жатат балбаарып,
Тамчылап жерге зардабы.
Айласы кетип турганда,
Байакы булак кайнады,
Кайнаганын байкады.
Сөөмөйдөй болгон ак чабак,
Чыга калды жалт этип,
Аркасынан бир кылыч,
Кошо чыкты жарк этип.
Кылычтын учу жетерде,
Балыкты кесип кетерде,
Өктөмгө өч Кененим,
Кылычты кармай алды эле.
Кененим колу жеткени,

www.bizdin.kg

Кылыч ээрип кеткени,
Адамча сүйлөп ошондо,
Ак чабак айткан кептери:
- Адам уулу азамат,
Куткардың мени саламат,
Кургакка чыга албаймын,
Жакын келип амандаш.
Ким экениң билбеймин,
Өз абалым сүйлөймүн.
Суу перинин баашасы.
Кызы элем жапжалгыз,
Сууда жиндин баашасы,
Уулу болду мага кас,
Эки бала дартынан,
Эки бааша болду кас.
Алты сапар алышып,
Жин бүркүшүп салышып,
Жетинчиге калганда,
Атам болду андан пас.
Мага жардам кылалбай,
Атам калды мааналап,
Атамдын элин кыйратып,
Келейткан мени кубалап.
Кара жанга күч келип,
Ачык турса эшик деп,
Чыга качар тешик  деп,
Курган жанга себеп деп,
Мен кирипмин маана издеп.
Эми байкап карасам,
Кутулар жерим жок экен,
Айак жагы булактын.
Жерге сиңип жатыптыр,
Мени кармап душманым,
Өлтүрөөрү аныктыр.
Адамзат, сага кез болуп,
Ажалдан калдым кутулуп,
Кандуу душман каракчы,
Колуңда өлдү тутулуп.
Кылыч болуп кескели,
Калганда жакын жеткели,
Кылычты, адам, кармадың,
Кан-жин түгүл сөөгү жок,
Кан жуткурду жайладың.
Өтүнүп сенден сураймын,
Өзүң кимсиң айтаарсың.
Балык деп мени кармабай,
Кылычты кандай кармадың?
Атамдын аты Каннас шаа,
Менин атым Жаналыс,
Атыңды айткын, адамзат,
Бололу эми биз тааныш.
Кененим анда кеп айтат.
Кыскартып мындай деп айтат:

www.bizdin.kg

- Сен душмандан качыпсың,
Мен душманды качырып,
Кууп келе жатыпмын.
Түп атам аты зор Манас,
Жери Кеңкол, чоң Талас,
Өзүмдүн атым Кененим,
Издегеним Суумерген,
Качырып койуп келемин.
Куткарып алам сени деп,
Ушул жерге келбедим,
Ата салтым меники,
Алсызга жардам бермегим.
Сууну карап олтурсам,
Жаман чыктың шашылып,
Арканда кылыч келатат,
Учунан канын тамызып.
Кармадым кылыч экен деп,
Сен айтасың жабырап,
Баашанын кызы элем деп,
Жалынар сага кебим жок,
Мага жардам бергин деп,
Колумдан качты Суумерген,
Ошондо издеп мен келгем.
Кененим мындай дегенде,
Көркөм сулуу кыз болуп,
Тура калды Жаналыс:
- Издегениң Суумерген,
Калганы жок көп алыс,
Эки күнү жол жүрсөң,
Күн батышты бетке алып,
Үчүнчү күнү барасыз.
Суумергенди билебиз,
Күндөп көрүп жүрөбүз,
Жүйрүн дөөнүн котчусу,
Алты күндүн алдында,
Айлына барсам Жүйрүнгө,
Жүйрүн дөө менен Суумерген,
Олтурат экен бир жерде.
Суумерген айтат кеп салып,
Мен тыңшап калдым серп салып:
“Алдында келем, Жүйрүн дөө,
Чыныкедей кызды алып,
Өзүңдөн мөндүр окту алып,
(Эсеби жок көп алып)
Кайра бардым күч алып.
Баарысы керге келбеди,
Теңдигин душман бербеди,
Качып келдим алдыңа,
Кайра мында темтейип,
Кара ат баспай сенделип.
Издеп келет Кененим,
Кара деңиз суусуна,
Агып өлдү бекендир?

www.bizdin.kg

Суудан агып өлбөсө,
Кайда жүрөт экендир?"
Деп олтурган Суумерген,
Кууган киши экенсиң,
Угуп эми мен билсем.
Жарты күндүк калганда,
Жаркырап күмбөз көрүнөт,
Күмбөздү көздөй басканда,
Жалындап кызыл от келет,
Челектеп суу куйсаң да,
Өчпөйт жалын күч кирет.
Кармаганың сыр найза,
Манастан калган найза окшойт,
Отко уруп жиберген,
Жалыны жок жер болот.
Найзаңды алып болгунча,
Жерди каптап сел толот,
Боронбайдын жез камчы,
Булгап кирсең аралап,
Агыза албай жоголот,
Алды баткак, үстү кар,
Бир укмушка айланат,
Жез камчыны булгалап,
Жана киргин аралап.
Баткагы жок, кары жок,
Карап турсаң баары жок,
Шамал чыгат аркырап,
Таштар учат зыркырап,
Ийниңдеги алма баш,
Аралата атып бак.
Шамалы жок, жели жок,
Күн бүркөлүп карарат,
Жалтыраган көпкөк муз,
Жердин бетин бүт алат.
Шыргалаңдап карсылдап,
Муз жарылып тарсылдап,
Түрү катуу көрүнөт.
Жанындагы ак шамшар,
Алып аны музга чап,
Муз жоголот ошол чак.
Жолборс келет чакчаңдап,
Шерлер келет сапсаңдап,
Баштары жүндүү саксаңдап;
Айуу келет апсайып,
Тууралжын болуп балчайып;
Бууралар келет куркулдап,
Оозунан көбүк бартулдап;
Пилдер келет колтоңдоп,
Куйруктары чолтоңдоп;
Чөөлөр келет шыңкылдап,
Келарыс келет кырсылдап;
Ажыдаар сойлоп жыйрылып,
Көп экен деп шашпагын,

www.bizdin.kg

Кереги жок башканын.
Колуңда бар сыр найзаң,
Алдында келген жолборсту,
Жазбай сайсаң оозуна,
Айбандын баары жоголуп,
Дөөлөр келет чогулуп.
Ооздорун карасаң,
Бир ууртунан заар чачып,
Бир ууртунан от чачып.
Нак ошондо Кененим,
Бүчүлүк чечип төшүң ач.
Гүлчоро берген эт көйнөк,
Биртке жери чыкканда,
Дөөлөрдүн баары тоо болот,
Сыйкырдын баары жоголот,
Бара-бара кийинче,
Дөө дөбө деп ат конот.
Күмбөзгө барсаң атчан бар,
Көк чойундан уйуткан,
Ат башындай кулпу бар,
Сенден мурун сыйкырдан,
Себеп кылып өткөн бар,
Же керексиз кылып бузалбай,
Күмбөздүн ичин көрө албай,
Көп убара тарткан бар,
Же аркасына өтө албай.
Үйүнө аман кете албай,
Ойлогон ойго жете албай,
Ошондо өлүп жаткан бар,
Кулпунун оң кол жагында,
Күмбөзгө ойгон текче бар,
Ал  текчеге койулган,
Текчечелик сандык бар,
Сандыкты ачсаң кагаз бар,
Кагазды алгын унчукпай,
Аттан башка немеге,
Алынбайт кагаз деги эле.
Колуга кагаз тийгенде,
Ачылып кетет шарт этип.
Күн көрүнөт жарк этип,
(Ал күн эмес көхар элеси),
Атыңды таштап ичке кир,
Кайрылбастан утур жүр,
Кагаз болсун колуңда,
Бир эшик бар жолуңда,
Аралап кирип басасың,
Жан жагыңа карагын,
Кишинин этин бышырчуу,
Көрөсүң Жүйрүн жарагын.
Жолугат жана бир эшик,
Эшик ачыш жолдору,
Кагазы жок ачылбайт,
Бары ошол болжолу.

www.bizdin.kg

Ачылса катар үч эшик,
Жабуусу көздү уйалтып,
Ичинде бар бир бешик.
Колуңдагы кагазды,
Ал бешикке тийгизсең,
Таңылуу жаткан бир кыз бар,
Ошол сүйлөйт тил бүтүп.
Андан ары кандай бар,
Аны биздер билбейбиз,
Кыздан кепти угарсыз,
Ошол кандай кеп айтса,
Ошондой жумуш кыларсыз,
Мен суу пери улугу,
Баашанын жалгыз кызымын,
Менден уксаң ушул иш.
Бир аз карап туруңуз,
Кебим болсо угуңуз,
Кызматым болсо көрүңүз.
Сууперинин бары ажыз,
Жынысы ургачы болгон соң,
Айрыкчасы мен ажыз,
Өлүмдөн койдуң куткарып,
Болуп калдык чоң тааныш,
Атама айтып кабарды,
Соогасын алып чыгалык,
Кызматыңды кылалык.
Айтып болуп суу пери,
Суга кирди жылт этип,
Ачып көздү жумганча,
Кайра чыкты кылт этип,
Кененимге баш ийип,
Карап турду жарк этип.
Ал бир тиштем эт берди,
Этти мындай деп берди:
- Атама барып мен келдим,
Душмандын шаарын кошо алып,
Атама такта ээлеттим.
Оозго салгын, Кененим,
Кырк күн тамак ичпейсиң,
Кардың ачпайт бөксөрүп,
Күйүкпөйсүң жөтөлүп.
Канча күндөн бер жакка,
Каптап кирген топо-чаң,
Баарын чыгат көтөрүп,
Сагын кор балык эти эле,
Таба албайт бенде деги эле.
Бир жалбырак чөп берди,
Чөптү мындай деп берди.
- Эки түгөй жалбырак,
Бири саргыч, бири көк,
Көгүн атка бериңиз,
Так токсон күн болгунча,
От чалдырбай, сугарбай,

www.bizdin.kg

Чабышка мине бериңиз.
Бири саргыч жалбырак,
Минген атың куланын,
Тумшугунан куйрука,
Бүт териси жок турат,
Күнгө күйүп жалтырап,
Ириң агып балбырап,
Өзү кичик болсо да,
Жаба салсаң жалбырак,
Бүт баарына жабылат.
Жаап тартып алсаңыз,
Кулпуруп жаңы жүн чыгат,
Аттын эти семирип,
Сууту канып кутурат,
Бу суу перинин баашасы,
Сизге кылган чоң кызмат.
Тилекти кабыл кылыңыз,
Бир жалбырак чөп менен,
Бир кесим этти алыңыз,
Бир шишеде суу берди.
Муну жута салыңыз,
Кубатыңдан айрылбай,
Көп жашка чыгып карыңыз,
Ишиңиз келсе оңунан,
Эркек бала табыңыз,
Өзүңдөн артык эр болсун,
Ошол тапкан балаңыз.
Эт менен эки жалбырак,
Бир кишиге куйган суу,
Кош колдоп келип сунду эле,
Адимий тууган эр неме,
Этке, сууга карабай,
Жалбыракты колго алды,
Кеңкуланын жанына,
Айарлап басып барганы,
Көк жалбырак бир чөптү,
Кеңкуланын оозуна,
Өзү алып барып кармады,
Кеңкула ирмеп чайнады.
Түптүчтөй ийип жал алды,
Камчы этин жаап жиги жок.
Бооруна казы май алды.
Саргыч келген жалбырак,
Эр Кененим жапканы,
Кенедей болгон жалбырак,
Тоодой болгон куланы,
Туйактан бери каптады.
Баса келди чүмкөлүп,
Бир элидей жүн келип,
Башкача болуп Кеңкула,
Өтө сонун түрдөнүп.
Сагынкор эти бир кесим,
Бир тиштеди Кененим,

www.bizdin.kg

Бир шишеде суу ичти,
Калбай иши бүттү эми.
Сууперинин сулуу кыз:
- Жумуш болсо айтыңыз,
Ал келгенче кылалык,
Ал келбей калган жеринде,
Анан карап туралык.
Кандай амир кылат деп,
Сизди карап турабыз,
Керек болсок бирерде,
Бир белгини билербиз,
Айткан бойдон кылсаңыз,
Ошондо жетип келебиз,
Жер астында, үстүндө,
Бар нерсени билебиз.
Ажыздык кылып Суупери,
Билген менен аларды,
Күчүбүз жетпейт аларга,
Алып келип жүрбөйбүз,
Качкын качып жоголсо,
Табылар чама болбосо,
Кабар берсең барабыз.
Көк асмандын үстүндө,
Каттуу жердин астында,
Жүргөн болсо мааналып,
Ал жетсе алып келебиз,
Амал кылар чара жок,
Ал келбесе ал кезде,
Ачык айтып беребиз.
Теги, баатыр Кененим,
Ала жүргүн жаныңа,-
Кыр аркадан бир кылкан,
Чыгарып берди колуна,-
Керек болгон заманда,
Катуу кармап ушала,
Тайар болом заматта.
Балыктан белек көп алып,
Кундуздай жүнүн кулпунтуп,
Кеңкула минтип аттанып,
Жүрүп кетти Кененим,
Адырды кыркып жол тартып.
Перинин кызы айткандай,
Эки жарым күн өттү,
Көзү көрдү алыстан,
Жаркыраган күмбөздү,
Суу перинин кызы айткан,
Пайда болду сыйкырлар,
Кылып барат Кененим,
Кыз айткандай унутпай.
Сыйкырдын баарын бүт жойуп,
Кеңкула менен шарт койуп,
Күмбөзгө келди жанашып,
Киремин деп жөө басып.

www.bizdin.kg

Түшө калды куладан,
Колун сунду текчеге,
Ар канча кылса аракет,
Жетпеди колу дегеле.
Таманына таш койсо,
Өйдө карай узарып,
Туурасынан кол сунса,
Нары карай узарып,
Колу жетпей койгондо,
Кулпусун буза чабам, деп,
Чоң балтаны колго алып,
Качырып барып чабарда,
Бой жеткиз кетти узарып,
Күн баткалы барартат,
Ошол кезде кызарып.
Эсине келип байагы,
Суу перинин айтканы,
Кеңкула минип умтулду,
Текчеге жетип кол сунду.
Сандыкты ачып ийгени,
Кулпуга кагаз тийгени,
Кулпу ачылды шарактап,
Ачылды эшик тарактап,
Кеңкуланы жетелеп,
Кирип Кенен баратат.
Күмбөздүн ичин караса,
Канча бөлмө бөлүнгөн,
Ар бөлүмгө ар башка,
Арбын дүйнө төгүлгөн.
Жетти экинчи эшикке,
Ачылды эшик даркырап,
Башын салып караса,
Аркынын ичи жалтырак,
Жакуттай жаркып от чыгып,
Турган темир жалтырап,
Адамдын сөөгү тизеден,
Жерде жатат кагжырап.
Үчүнчү эшик жетти эле,
Кагаз барып тийгенде,
Ачылып эшик кетти эле.
Айландыра караса,
Бир бешик турат жабылуу,
Ал бешиктин ичинде,
Өлүгү менен тириги,
Дем алганы билинбей,
Бир сулуу кыз таңылуу.
Кагазды Кенен тийгизди,
Кагаз кызды тиргизди,
Көзүн ачып кайран кыз,
Тирүүлүгүн билгизди:
-Каңкордун уулу кара Көк,
Аман-эсен келдиңби?
Аманат жаным кейиди,

www.bizdin.kg

Кыйналганын билдиңби?
Башкадан билип алдыңбы?
Же кабарсыз келип калдыңбы?
Түндө жатсам түшүмдө,
Көрүнүп бирөө көзүмө,
Мага айтып берди эле:
«Эртең келет Кененим,
Баарын айткын баатырга,
Унутуп калбай кептерин.»
Бошонбойум бешиктен,
Кирбесин бирөө эшиктен,
Өзгөрүп дүйнө кетпесин,
Мында туруп кечиксең.
Аркандагы бөлмөдө,
Көпкөк болгон темирден,
Жетөө турат жанаша,
Аппак болуп бөлөкчө,
Экөө турат ар жакта.
Ортодо жалгыз бирөө бар,
Кара күрөң көрүнгөн,
Башканы жаза кармаба,
Ошол шишти аларсың,
Мында келип жүрбөгүн,
Маңдайында эшик бар,
Ошондон чыга каларсың,
Башы жылаан, дени адам,
Белден ылдый кара таш,
Ирмелбей кирпик чакыйып,
Уктап жатат бир адам.
Таманында ошонун,
Күйүп жаткан жалын бар,
Алып барган темирди,
Күйгөн отко аны сал.
Дөбө-дөбө көп отун,
Отундан арбын адамдын,
Сөөгү жатат кошулуп,
Азы отун, көбү сөөк,
Кучактап отко аны сал,
Отко салган темирди,
Унутуп калабай кебимди ал,
Темир отто кызарат,
Андан кийин карарат,
Андан өтүп агарат,
Агарганда темирди ал,
Как киндиктин чункурга,
Жазбай сайып темирди,
Кара жерге мыктап сай.
Көзүн ачып акырат,
Жолдошторун чакырат,
Киндикте темир турганда,
Жолдоштору келе албайт.
Ай бузулут карарып,
Күн артынан кызарып,

www.bizdin.kg

Туман келет эң сасык.
Сасыгынан качпагын,
Зыйаны тийбейт ал сага,
Мурдуңду бассаң кыйшайып,
Оозуңду ачсаң ырсайып,
Күйгүзүп кетет өрт алып.
Шамал болот дабырап,
Жамгыр куйат шабырап,
Суу кылалбайт шабырап.
Күн жарк этип ачылат,
Ошол кезде мен айткан,
Башы жылан жаткан дөө,
Адамча сүйлөп тил чыгат,
Айканына көнбөгүн,
Аны арзан көрбөгүн,
Башын кесип алганда,
Тилин жулуп жеп алгын,
Жүрөгүн суурууп алып кел,
Азаптан мени куткаргын,
Канын сыйпап бешиктен.
Алп кара куш сыйкырда,
Койо берет сыйкыры,
Өпкөсүн мунун жегизсең,
Ошондо келет Суумерген,
Албан сыйкыр сүр менен,
Таманын жерге түшүрбө.
Мурун качып жүрсө да,
Мойун бербей сойулдайт,
Таманы жерге тийгенде.
Менин атым Чыныке,
Чынгыш  хандын кызымын.
Чыныке айтып билгенин,
Кененимди карады.
Кайра басып бурулса,
Экинчи эшик ичинен,
Айткандай алды ал темир,
Бөйрөгүндө эшик бар,
Чыга турган жол кеңир.
Эшикке чыкса Кененим,
Күмбөзгө мурун келгенде,
Күн батар болгон кез эле,
Эми чыкса эшике,
Күн барыптыр бешинге.
Сыйкырдын иши нечен түр,
Бир үйдүн, алды аркайсы,
Окшобойт экен карап көр,
Чыга калып караса,
Өтө сасык жаман жыт,
Чыныкенин айтканы,
Эсине түштү азыр кылт.
Тууралай басты кылчайбай,
Жайнаган кызыл чок турат,
Жалбырттап жалын от турат,

www.bizdin.kg

Отунга сөөк аралаш,
Жыйналган отун көп турат,
Отко салды темирди,
Отунду салды кеңири,
Сөөктүн майы сызганда,
Дүрүлдөп жалын чыкканда,
Кененим байкап караса,
Көргөнгө сонун тамаша,
Башы жылаан, дени адам,
Бутун отко кактаган,
Жаткан адам ал экен.
Чайыттай көзү ачылып,
Тоңуп аткан уйга окошош,
Ирмелбей кирпик чакйып,
Жаткан экен акыйып,
Белинен ылдый караташ,
Барча тоодой лакыйып.
Иймерип Кенен караса,
Киндиги казган ородой,
Куйругу басып жаткан жер,
Үч жүз койлуу коpодой,
Сасыгынан бетбактын,
Качып чымын жолобой.
Темирди барып карады,
Кызарды да, карарды,
Акырында агарды.
Агарган кезде темирди,
Сабынан Кенен кармады,
Баамдап туруп эрнеме,
Дал киндикке сайганы,
Боортоктой түшүп бир ныктап,
Жерге ныктап салганы,
Ачуу үн чыгып өкүрүп,
Ошондо салды айгайды.
Күн кызарып өрт болду,
Ай карарып оңолду,
Жерди туман каптады,
Арылып туман кеткенде,
Жыландын сүйлөп жатканы:
-Менин атым Жүйрүн дөө,
Өзүмдү буруп бөлөкчө,
Жаткан жерде жолуктуң,
Кененим Сарык сен болсоң,
Мен айтамын сен уккун.
Сегиз миң жыл жашадым,
Сендей нечен мыктыдан,
Канчанын башын ашадым,
Адам угуп көрбөгөн,
Далай ишти жасадым.
Дин жаратым нечен түр,
Ишендирдим аны көр,
Биөөнү отко чокунттум,
Бирөөнү уйга багынттым,

www.bizdin.kg

Бирөөнү күнгө караттым,
Бирөөнү бутка караттым,
Бирөөнү ташка караттым,
Бирөөнү сууга караттым,
Дамбал кийбес молдону,
Аны кудай жараттым.
Ошондой кылып көп ишти,
Чаңбейсиндин ойунда,
Деңизге кирип аралап,
Туташкан кургак аралда,
Жан жыргатып жай жаттым,
Өнөрлүү болчуу келсин деп,
Ар кайда кабар тараттым,
Таратып кабар ар кайда,
Башыма балаа мен таптым.
Тирүүлүккө эсирип,
Өлбөймүн деп семирип,
Сыйкырымды жок кылчуу,
Алма баш мылтык жасаттым,
Ар бир балка чапканда,
Сыйкыр өтпө деп чаптым.
Андан өтүп аралап,
Өз канымды төгүүчү,
Денимден башым бөлүүчү,
Ак шамшарды жасапмын.
Бөлөктүн колун тийгизбей,
Өз колум менен жасадым.
Өнөр алчуу көп келди,
Кара келбей, бек келди,
Каканчындын элинен,
Алты жүз бала бир келди,.
Өлүп кетип чанданы,
Алтымыш бала калганы,
Алтымыштан жана өлүп,
Алты бала бир калды.
Кантондун батыш жагында,
Бунтун деген калаада,
Соорандык деген хан анда,
Соорандыктын Сошойа,
Алтынын бири ал калды
Соорандык аты жойулуп,
Азиз хан деген ат алды.
Азиз хан ооруп калды, деп,
Бир күнү мага кат барды.
Хан баласы экен деп,
Кетпесин мындан бекер деп,
Ойума кетти меники,
Белек берсем экен деп.
Алмабаш берди аткын деп,
Жубай шамшар эки эле,
Бирин бердим чапкын деп,
Жубайды мыктап карабай,
Өлөрүмдү санабай,

www.bizdin.kg

Өлүмгө болжоп жасаган,
Шамшарды берип салыпмын.
Муңгул, манжу биригип,
Хакан менен кас болду,
Муңгул менен манжуга,
Ар жылы берип алымды,
Маанайы какан пас болду,
Кантондогу Эсен хан,
Каканчынга баш болду.
Каңкайга бөлүп жер берди,
Соорандык жерин бергени,
Окуп жүрүп далай жыл ,
Сошойанын келгени,
Эсен канга арыз болду,
Алып жерин бербеди.
Атасына айтканда,
Соорандык кошо тилдеди,
Теңдиги кетип колунан,
Соораандиктин Сошойа
Алашка качып келгени.
Муңгул, манжу, анжу бар,
Шибе менен Солон бар,
Чогулушуп ушулар,
Кыргызга азап салганы,
Алаштан Манас чыгат, деп,
Бооз катынын жарганы.
Кыргызда Манас туулуп,
Алаш урук чогулуп,
Мурунку өткөн өчүн кууп,
Бежинге чейин барганы.
Соорандиктин сошойа,
Алашка качып барганы,
Алманбет атты алганы.
Алаштын колун аздырбай,
Муңгул, манжу, анжуга,
Шибе, солон,- буларга,
Баштап жүрүп барганы,
Кыргыздан коркуп беш урук,
Кытайга кабар салганы,
Эсен хан менен Соорандик,
Баштап элин барганы.
Барган менен ал келбей,
Алаштан келген Манаска,
Тарттырып ийди калааны,
Угуп турам кулактап,
Күндө болгон кабарды,
Азгаш берген ак шамшар,
Шамшардан качып айбыгып,
Жердеп турдум аралды.
Алмамбет өлдү дегенде,
Орун кылдым бул жайды,
Каңкайдан алгач келгенмин,
Чыныгыш деген бир жанды.

www.bizdin.kg

Айтбүнү таштадым,
Алманбет жолун карады,
Алманбет өлдү дегенде,
Абыдан басып санаамды,
Ээлеп жатып турганмын,
Кара деңиз аралды.
Жалаңгыч сарык аталып,
Жан койбоочу кейпиң бар,
Көрүнүп турат көзүмө,
Белиңде турган ак шамшар.
Ак пейл  кебим айтамын,
Менден канык өнөр ал,
Тилимди жебе заарым  бар,
Жүрөгүмдү жеп алгын,
Жүз жылдыкка дары ал.
Өлтүрбөсөң кебим бар,
Жер жүзү толгон зарым бар,
Айагы алтын, ак күмүш,
Аны койбой такыр ал.
Дүйнөнү айап кантемин,
Калса болду Азиз жан,
Деп заркырап Жүрүн дөө,
Кененимден суранды.
Агарайын кыларбы,
Чыныкеден Кененим,
Угуп алган кабарды.
Шамшарды күүлөп имерди,
Айры шили кара куш,
Кесер жериң ушу деп,
Болжоп тартып жиберди.
Кесилген башты кармады,
Тилин сууруп алганы,
Бир аз кармап турбады,
Тилди оозуна салганы,
Алкымдан өтүп болгунча,
Кунагына кудурап,
Томолонуп жаткан кум,
Чыккан жердин чөптөрү,
Өз керегин сайрады.
Аңгычакты болбоду,
Жүрөгүн сууруп алганы,
Самсаалатып көтөрүп,
Күмбөзгө кирип барганы,
Жүрөктүн кызыл канына,
Чыныке жаткан бешиктин,
Баш-айагын майлады,
Чыныке тура калганда,
Шыбыраган күн жаады,
Шарылдап кызыл кан акты,
Шуулдап шамал жел алды,
Үйдөй болгон таштарды,
Асмандан жерге кулатты.
Кара туман каптады,

www.bizdin.kg

Карыш жер үкү таппады,
Алма бышты Кененим,
Аралата атканы.
Бөлүнүп туман сүрүлдү,
Кара ат менен Суумерген,
Жүз миң дөө бирге көрүндү,
Асмандан жерге дөөлөрү,
Таруудай болуп төгүлдү,
Адам эмес кайыптан,
Ошол жерде болгон жан,
Мойнуна алды өлүмдү,
Жүйрүндүн сыйкыр эмес, деп,
Арстан Манас найзасын,
Ыргап турду белендеп,
Таманы жерге тийерде,
Табарсыкка муштады,
Таштан жанбас сыр найза,
Жүлүндү жарып чыкканы,
Бөөрү тилме өткүр миз,
Учу канга чыкқталды.
Сундуйуп мерген кулады,
Дөөлөр турбай чубады,
Кененим карап турбады,
Жүйрүндүн алды өпкөсүн,
Суумергендин бөйрөгүн,
Экөөнүн тең жүрөгүн,
Көтөрүп алып Кененим:
«Алп кара куш кайдадыр?
Аны кайдан көрөмүн?»
Деп издеди түнөгүн.
Аргасы кетип табалбай,
Амалы эми жок калды,
Суу перини чакырбай.
Белги берди Кененим,
Бирге болду Суу пери:
- Мына бу турган карылуу тоо,
Кара куштун өзү ушу,
Типтик кеткен эки муз,
Асман тиреп каңкайган,
Алп кара куш колу ушу,
Жүрөк кандын Жүрүндүн,
Сыйпап көрсөң болучу.
Музга канды сыйпады,
Муз тыбырап туйлады,
Кардын баары кулады,
Кара куш өзү калганы,
Бөйрөк менен өпкөнү,
Чокуп оозго салганы,
Канатын ачып дактайып,
Куш сүрөтүн алганы:
- Кутказдың мени, Кененим,
Басылып кардын алдында,
Карып болгон мен эле,

www.bizdin.kg

Отуз жыл болду нак быйыл,
Мага болгон иш кыйын,
Жүйрүн дөөгө жем элем,
Тартып жээр менде чама жок,
Дөөнүн эти чылыгын,
Өпкө, боор, жүрөгү,
Өзөккө түшүп шылыйдым,
Суумерген менен дөө этин,
Кескилеп берди, бүт жеди,
Мурункудай оролго,
Алп кара куш жетти эми,
Муну мындай таштайлы,
Кененимдин Чыныке,
Алганынан баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН ЧЫНЫКЕНИ АЛЫШЫ

Жүр турбагын, Кененим,
Бүт алгын дөөдөн керегиң,
Семетейге сени мен,
Жеткирип койуп келейин,
Алты жүзгө мен чыктым,
Касиетүү Бакайдан,
Карага салам берейин.
Деп каракуш айтканда,
- Дөөнүн нээсин алайын,
Убара кылбай, Сумурук,
Өзүм кетип калайын.
Деп Кененим айтканда,
Алп кара куш айтты анда:
- Айлар аттап жыл өтүп,
Арты-артынан баратат,
Бул жер менен Айтүбү,
Үч айчылык жол жатат.
Кара деңиз дайрадан,
Сен кечпедиң, Кененим,
Үстүңө кийген эт көйнөк,
Батырбай суута сен келдиң.
Алып берген сага ким?
Жусуптун кандуу көйнөгүн,
Бул көйнөккө, Кененим,
Жакыптын жашы чыкталган,
Эч кандай неме дүйнөдө,
Жакын келип жукпаган,
Каканчын түшкөн бул көйнөк,
Казынада сакталган.
Жүйрүн дөөдөн Алмамбет,
Көйнөктүн жайын укканда,
Ала келген атайын,
Бейжинден качып чыкканда.
Бейжинге кайта барарда,
Аруукеге таштаган,
Күлчоро туулуп келгенче,

www.bizdin.kg

Арууке катып сактаган.
Алмамбет өлдү дегенде,
Кетеринде Арууке,
Каникейге каттырган,
Катып жүргөн Каникей,
Күлчорого тапшырган.
Күлчоро билет бар ишти,
Ошол үчүн Күлчоро ,
Чечип сага кийгизди,
Артыктыгын көйнөктүн,
Абыдан угуп билдиңби?
Үч айлык жолго бир демде,
Алып сени барамын.
Аш бышымда барбасам,
Чирип калсын канатым!
Кара куштан кеп угуп,
- Мени менен Кеңкула,
Чыныке менен үч жанбыз,
Жабыр салып сизге биз,
Кантип чогуу барабыз?
Деп Кененим айтканда,
Алп кара куш айтты анда:
- Оор болуп калам деп,
Мени начар ойлойсуң,
Ушул турган үчөөңөр,
Чеңгелиме толбойсуң.
Сыйлап сени алпарам,
Сырт жагыма чыгарам,
Канатымды жайайын,
Кеңкуланды жетелеп,
Далыма чыга сен калгын,
Үрпөйтөмүн билгиниң,
Бир жүнүмө киргиниң,
Кара куш жайды канатын,
Кең таладай Кененим,
Жетелеп барат кула атын,
Жергеден өтүп кеткенде,
Жамгырлуу жайга жеткенде,
Жүндөрү тал-тал бириндеп,
Тал токойдой көрүндү,
Жылмайтып жыйнап алганда,
Күндү көрбөй чөмүлдү,
Козголуп жерден былк этти,
Канатын кагып серппеди,
Качан учат деп турса,
Кененим, жерге түш, деди,
Кудай өзү бериптир,
Кара кушка катуу күч,
Төштө чыккан канатка,
Айтбүбүнүн жери түз,
Алпкаракуш көрүштү,
Бакай менен жүзмө-жүз.
Калгандар менен таанышып,

www.bizdin.kg

Кетмек болду кара куш,
Калгандарга кош айтып,
Кененимге өтүндү,
Бир жүнүн сунуп залкайтып:
- Кара жанга күч келсе,
Кармагын оттун табына,
Кайда болсо Кененим,
Мен боломун жанында,
Чыныкени көргөндө,
Жалынды Чынгыш аңгыча,
-Бар шартымды бүтүрдүң,
Алп кар куш кетирдиң,
Кесип келген баш кана?
Кененим алып ыргыты:
- Керек болсо баш мына!
Караса баштын тили жок,
- Тили кана бул баштын,
Кереги баштын деги жок,
Тилин жеген тил билет,
Башын жеген киши өлөт,
Мени үйгө койуп бер,
Чыныкени кошуп бер,
Эки күн өрүүн алдырып,
Андан кийин кетиңер.
Чынгыш айткан кепти угуп,
Күлчоро турат чыйрыгып.
-Койо бер,-деп Чынгышты,
Семетей айтты бурулуп,-
Чынгышты тордон бошотуп,
Чыныке кошуп бер,-деди,
Убадаңды танбасаң,
Эки күндө кел!- деди,
Чыныкени ээрчитип,
Чынгыш кетти айлына,
Эми кандай болоор деп,
Күлчоро турат кайгыда,
Эки күн өттү аңгыча,
Көрүнбөйт Чынгыш караса,
Айтумушту чакыртып,
Кана Чынгыш кайда? - деп,
Айтумуштан сураса,
-Чынгыш кетти тегине,
Текши тоонун жерине,
Дамбалы жок кожосу,
Кызыл жапан жайдак төш,
Өзүнүн туулган элине,
Жүйрүн дөө менен бир келип,
Турду эле бул жерде.
Он жети кабат кызыл там,
Салган үйү бар,-деди,
Адамдын алы келе албайт,
Кудайдын үйү ал,-деди,
Кетпеймин деп Чыныке,

www.bizdin.kg

Көшөрүп кыйла чыр кылды,
Чыныке болбой койгондо,
Колуна салды чынжырды,
Шишеге куйган суу кылды.
Өзү болду көгүчкөн,
Көкөлөп учуп жөнөшкөн,
Кетеринде ал Чынгыш.
Мага кепти үйрөткөн:
Үйүңө баштап кел, деген,
Диңсийа уудан бер, деген,
Уу бербейм эч кимге,
Баарыга окшош кең элем,
Айтумуш кебин укканда,
- Чынгыш колго тийбесе.
Кетпейм!-деп - Таласка!
Семетейдин айтканы.
-Текши тоого барам,-деп,
Кызыл чапан жайдак төш,
Чынгыштын элин табам, -деп,
Чынгышты кармап торго алып,
Чыныкени колго алып,
Анан келе калам,-деп,
Кененим калды шайланып.
Каргылданып хан Бакай:
-Кана, балам, Кененим,
Сумурук берген белегиң?
Сумурукту чакыргын,
Ага айтар бар кебим,
Бакайдын кебин кыйалбай ,
Бала баатыр туралбай,
Жүндү отко кармады,
Алп кара куш-Сумурук,
Азыр келип калганы,
Алп кара куш келгенде,
Бакай кебин салганы:
-Аллам азиз жараткан,
Алп кара куш ат берген,
Кастарлуу жандар сен элең,
Айкөл Манас аты бар,
Азиз бенде ал эле,
Тукуму менен Манастын,
Турасың бирге бул жерде.
Казабы менен Жүйрүндүн,
Отурдуң учпай бул жерде.
Жүз көрүшүп турабыз,
Буйрук менен бул жерде.
Бизге душман, саа душман,
Сурап алып Чыныке,
Эки күндө келем, деп,
Чыныгыш качып кетиптир,
Текши толу бир жерге.
Барганы турат Кененим,
Чыныке менен Чыныгышты,

www.bizdin.kg

Мында алып келгүүгө,
Кабарын уктук ал жерден,
Он жети кабат, кызыл миз,
Салган үйү бар, деди,
Дамбалы жок молдосу,
Кирүү киши кудайы,
Жел тийгизбей коргоочу,
Кызыл чапан жайдак төш,
Кыжыраган эл, деди,
Түбүндө Чынгыш ал элдин,
Жүйрүн менен бул жерге,
Бирге келген жан, деди,
Уккан кабар ушундай,
Айтумуш айтып бергени,
Ушул жерден текши тоо,
Канча күндүк жол деги,
Билесиңби сен?-деди,
Алп кара куш кеп айтат,
-Азиз Бакай,-деп айтат,
Мен билбеген кылымда,
Кыймыл эткен жан барбы,
Бул жер менен текши тоо,
Жер менен жүргөн адамга,
Жети жылдык жол ошо,
Аты менен Кененим,
Чыкса болот желкеме,
Жети күндө жеткирем,
Текши тоонун жерине.
Ар кимдин сайы ар башка,
Алардын салты бир башка,
Нечен түркөн иши бар,
Албан-албан киши бар.
Кененим барса ал жерге,
Асманда туруп көз салып,
Мен болойун аа бирге,
Ал жерден качса Чыныгыш хан,
Наркы жагы алды эле,
Чынмачындын үч арал,
Аралдын баары бүт жылан,
Береки элден ал жаман,
Канча түрдүү сүрөткө,
Кире берет Чынгыш хан,
Кубулуп качса башкача,
Убара болот Кененим,
Жер түгөткөн Чынгышты,
Өзүм кармап берейин.
Деп ошентип Сумурук,
Желкеге салып Кененди,
Асмандап учуп жөнөдү,
Күндүзү учуп, түн учуп,
Эринбей учуп олтуруп,
Текши тоонун жерине,
Жетип келди элине,

www.bizdin.kg

Жер ортосу бир белги,
Кеңкула менен болкойуп,
Кененим белде зоңкойуп,
Түштүк жагын караса,
Адамдар жатат тоңкойуп,
Не да болсо адам, деп,
Алардан кабар алам деп,
Аралап келсе бастырып,
Боору менен жатыптыр,
Төрт айактап басыптыр,
Мойундарын караса,
Алды миңден, арты жүз,
Мончок ташты асыптыр.
Буркан, Буркан дегени,
Боортоктоп жүргөнү.
Четинен келип Кененим,
Бирөөнөн жооп сурады:
-Эмне кылган элсиңер?
Башка кебиң билинбей,
Буркан, Буркан дегенде,
Бооруң менен басасың,
Жер кучактап жатасың,
Бул эмне адатың?
Кеп сураса кеп кылбай,
Кылганын кылып жатышты.
Аңгычакты болбоду,
Четте турган бир киши:
- Кебиң болсо кел бери,
Менден жооп ал,-деди,
Буларды менден сурасаң,
Эки күндүк ар жакта.
Он жети кабат кызыл там,
Жасалгалуу сарай бар,
Ал сарайдын ичинде,
Теңдеши жок кудай бар,
Кудайдын ишин кылуучу,
Адамдын арзын угуучу,
Узун чапан лаама бар,
Кудайга башын уруугa,
Молдонун кебин угууга,
Араң келген ушулар,
Үч күндүк жолго келгенде,
Басып барбайт сарайга,
Басып барса эгерде,
Күнөөкөр болот кудайга.
Каңкайдын кар тоосуна,
Канча кабат артуудан,
Араң келсе бул жерге,
Сураган менен жооп жок,
Канчалык айтса бул элге.
Кудайдын калба каарына,
Сенда атыңды таштагын,
Жаман болот кудайга,

www.bizdin.kg

Ушул бойдон барганың.
Угуп муну Кененим:
-Кудайыңды билбеймин,
Боортоктоп жүрбөймүн,
Качып келди душманым,
Чыгарып аны бер деймин.
Душманымды бербесе,
Талкалаймын сарайын,
Жок кыламын кудайын!
Кененим мындай дегенде,
Ачуусу келип ал деген:
-Аңылдаган ким элең,
Кудайды кудай билбеген?
Лааманы лаама билбеген?
Каарына калсаң кантесиң,
Жаңыдан келди бир лама,
Теңдеши жок жалганда,
Күлкаакы деген бир куш бар,
Кызыл мистен сарайда,
Сарайга көзүң салганың,-
Кудайга көзүң салганың,
Күлкакыга катышсаң,
Адашып жолдон калганың.
Угуп калса сөзүңдү,
Билип калса өзүңдү,
Жерде чирип калсын деп,
Итке, кушка жегизбей,
Көмдүрүп ийет сөөгүңдү,
Сенин айткан сөздөрүң!
Өрттөдү менин сөөгүмдү,
Азыр эле турбастан,
Сарайга жетип барбасам,
Тирүү кудай молдого,
Сени айта салбасам,
Кызмат кылып кудайга,
Бар күнөөдөн арылып,
Бир соопко калбасам,
Жаңы келген молдону,
Зийарат кылып жанбасам!
Деп ошонтип кабарчы,
Айагы анда-мында бир тийип,
Алек-далек жүгүрүп,
Өпкөсү жок кургуруң,
Опсуз жаман сүйүнүп,
Жүрүп берди далбактап,
Минген котоз букасы,
Мүйүздөрү каркактап,
Басалбай минген букасы,
Тилин салып акактап,
Келеберсин кабарчы,
Жан айабай тартактар.
Көк кептер болуп көкөлөп,
Учуп кеткен Чынгыш хан,

www.bizdin.kg

Күн батыштан түнүлүп,
Маана издеп келген чыгыштан.
Өзү күн батышта болсо да,
Үч жылдан ашпай келүүчү,
Бу жерде тирүү кудайга,
Көп жолжорук берүүчү,
Баштан тартып бул элдер,
Чынгышты жакшы билүүчү.
Бир шишеге суу алып,
Чынгыш келди сарайга,
Келер маалы боло элек,
Кандай келип калды, деп,
Булар калды аң-таңга.
Чыныгыш келип киргенде,
Баары калды дүрбөшүп,
Карай албай Чынгышты,
Айбатынан жүдөшүп.
-Мен келдим Чынгыш батыштан,
Баш маана издеп чыгыштан,
Кененим деген барыптыр,
Орто Азийа кыргыздан.
Тартып алды шарымды.
Жүйрүн өзү тургузган.
Батыштагы жети дөө,
Куралышты намыстан,
Өлүп кетти баарысы,
Бири тирүү калбастан,
Кененим барды жүйрүнгө,
Калганга канаат кылбастан.
Жүйрүндү сойуп тилин жеп,
Жолу каткан Кененим,
Башы адам болгондон,
Айагы чиркей, чымынга,
Мунун тилин бүт билет,
Өнгөн чынар жыгачтан,
Жерге жайнап чыккан чөп,
Мунун тилин бүт билет,
Адам өткүс Ала тоо,
Айагы кум, түбү коо,
Анын тилин бүт билет?
Жүйрүн билчүү башында,
Жүйрүндүн тилин жеп алды,
Кененимдей ким билет?
Ики-дики олтурам,
Аркаман кууп келет деп.
Ушул жерге келгеним,
Биле албаса Кененим,
Тетир издеп калар дейим,
Билген болсо Кененим,
Бүгүн-эртең бул жерге,
Кууп келип калар дейм.
Алп кара куш-Сумурук,
Аны менен дос болду,

www.bizdin.kg

Изимди билсе Кененим,
Издээр жолу шар болду,
Келип калса кокустан,
Бул жер бизге тар болду.
Кол куушуруп жөн эле,
Туруп бериш кыйын кеп.
Кылычташсак урушуп,
Кан агызып суу кечет.
Салтанаттуу сарайды,
Талкалап таштап саларбы?
Кулкаагыны аларбы?
Шишеге куйуп суу кылып,
Кубултуп койдум Чыныке,
Унутуп аны каларбы?
Же болбосо түз эле,
Индичинге барсамбы?
Жыландын кени ал жерде,
Кызматка аны салсамбы?
Айлам кетти алсырап,
Акылым качып башыман,
Билалбай калдым тамтырап.
Ардык алып жаталбай,
Качып жүрүп салпылдап,
Канатым талып учалбай,
Болбой калдым далпылдап.
Чынгыш антип айтканда,
Тирүү кудай молдосу,
Жанында канча жолдошу,
Жарыша сүйлөп жабырап,
Баары сүйлөп бабырап:
- Бул айтканың кеп эмес,
Чынгыш, өзүң ойлоп бак,
Атың сенин кет эле,
Келип мында Жүйрүн дөө,
Чынгыш койуп атыңды,
Алып мында кетти эле.
Ушул жерде туулдуң,
Ушул жерде тургунуң.
Келип калса Кененим,
Кепке салып көрөбүз,
Кебин угуп билебиз,
Кепке-сөзгө келбесе,
Өлтүрүп аны ийербиз,
Чуңкур казып жерге көөмп,
Төбөсүнө сийербиз.
Өзүңүз салган шаарыңыз,
Он жети кабат кызыл там,
Жүйрүн дөө кургун тагыңыз,
Кадемиң тийди арман жок,
Болдуңуз биздин ханыбыз.
Кыжылдаган эл туруп,
Жалгыз жүрсө Кененим,
Келбесин кантип алыбыз?

www.bizdin.kg

Ушул турган баарыбыз,
Сени кармап бергиче,
Кырылышып урушуп,
Суудай аксын каныбыз:
Сарайга тийсе кол салып,
Колу куурап калбайбы,
Кудай жанын албайбы!
Күлкаакы ала албайбы?
Кайда экенин таралы?
Сууну көзгө илеби?
Чыныкени билеби?
Минтип булар дүрбөдү,
Аңгычакты болбоду,
Котоз менен каркылдап,
Кабарчы келди байагы?
Эшик ага күзөтчү,
Не жумушуң бар? деди,
Топоздун таштап жүгүрүп,
Күзөтчүнүн бутунан,
Шур-шур жыттап кучактап,
Каңырыктап алыптыр,
Ал байкуш кебин салыптыр:
-Топчуну күзөт, деп,
Кимиси ишти бузат, деп,
Кожолорун тапшырды,
Тоопчунун баарысы,
Кудайды карап баш урду,
Аңгычакты кула атчан,
Бирөө келип жолукту,
Менден сурап кеп угуп,
Кудайды тилдеп оолукту,
Буркан-шаркан көбүрдү,
Кудайды тилдеп ал киши,
Көңүлүмдү миң бөлдү,
Тоопчуну таштадым,
Айтайын деп ушуну,
Ашыгып бери чапканмын,
Мындан башка кебим, жок,
Ушул менин айтарым.
Угуп кепти күзөтчү,
Молдого айтып угузду,
Үйгө кирип бул кепти.
Чынгыш баштап баарысы,
Чын ашыгып калышты,
Келген киши Кененим,
Анык билип алышты,
Алты лаама шайланып,
Алдынан тосо барышты,
Булар ойлойт ойунда,
Кененимди азгырып,
Алдап кармап алышты,
Тирүү жан чыгып кеткисиз,
Терең орго салышты.

www.bizdin.kg

Түрдөп чапан жамынып,
Мончок ташты тагынып,
Чапанын жерге сүйрөшүп,
Күрөшкө чыкчуу немедей,
Оң жеңдерин түрүшүп,
Белдерин кыйа курчашып,
Тесбелерин карчашып,
Буркан, Буркан, Буркан, деп,
Ичтеринен күбүрөп,
Жыгылып-коп бүжүрөп,
Кененимге келгенде,
Ого бетер дүбүрөп,
Жыгылып-кооп бүжүрөп,
Алдынан тосо барышты.
Кененимди көргөндө,
Жер кучактап баарысы,
Таазим кылыа калышты.
Кейпин көрүп Кененим:
«Кошо барып көрөйүн,
Хан сарайга киргенде,
Чыныгышты кармап бер дейин.
Кежирлик кылса кайшактап,
Как боорунан тилейин.
Жүр дегенде бир жүрүп,
Ишенчисин алайын,
Баары-жогун билген соң,
Анан кебим салайын.»
Кененим арзан эр эмес,
Будагы ойлойт арганы,
Бирге жүрдү эптенип,
Эчтемени билбеген,
Энөө киши кептенип.
Байкап көрсө Кененим,
Алты лаама бир-бирин,
Алдыртан аста тиктешип,
«Алдадык муну биз,-дешип,
Энөө киши турбайбы,
Сөз сурабайт шүк» дешип,
Күлүңдөшүп калышып,
Козголуп койсо Кененим,
Баштарын жерге салышып,
Мусапыр болуп алышат.
Мен көрүнбөй турам, деп,
Көмөскөдө Чынгыш хан,
Кабар берген алдыртан.
Көпчүлүгү чогулуп,
Короону курчап келаткан.
Эки кабат ээн топо,
Эптеп салган коргону,
Ички үйлөрү бүт таштан,
Чоңдору жатчуу борбору.
Алты молдо короого,
Алып келди Кененди:

www.bizdin.kg

-Не жумуштап келгенсиң?
Айт кебиңди сен,-деди.
-Сурап менден кеп уксаң,
Менин атым Кененим,
Айтүбүнүн жеринен,
Айтумуштун элинен,
Чыныгыш ханды качырып,
Артынан кууп келгенмин.
Чыныгышты бергин чыгарып,
Чыныке тапшырып колума,
Күлкаакы тарткын жолума.
Чынгыш ханды бербесең,
Чыныкени жок десең,
Кантип мундан мен кетем?
Бербес болсоң аларды,
Чыйрак болсоң майданга,
Балбаның чык маңдайга!
Деп Кененим айтканда,
Чынгыштан жарлык кеттиби,
Салмооруна таш салып,
Та-талашып жабылды,
Кысталак бул элге,
Бекер өлүм табылды.
Кайраты артык Кененим,
Кеңкула менен заңкайып,
Кебелбей турат чалкайып.
Ташты таштап бир кезде,
Мылтыктап кирди атышып,
Карап тура бере албай,
Кененим тийди катышып.
Найзаны Кенен имерип,
Кырк-элүүдөй немесин,
Беттей сайып жиберип,
Кыйырына келип калганда,
Аттарынан кулатып,
Жуушаган койдой сулатып,
Өлүмдөн коркуп баш тартпай,
Өчөшүп кирди чуулашып,
Ачууланды Кененим,
Кеңкуланы чуратып.
Басырык болгон кой кандай,
Боолап салган чөп кандай,
Оң-тескери жуушатып.
Караганды таң кылып,
Калаасын кызыл кан кылып,
Кызыл чапан элдерин,
Кыйратып көбүн нан кылып,
Кызыгып кирген кезинде,
Багылуу жаткан борбордо,
Темирден чынжыр тагылып,
Кереги бир күн тийет деп,
Бекеринен багылып,
Буйрук берип булугуп,

www.bizdin.kg

Жетимиш миң немесин,
Койо берди агытып.
Эки миң киши жетелеп,
Алып келди экөөнү,
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Кабаган иттей арсылдап,
Экөө турат такылдап,
Тишине-тиши шакылда,
Кош колдоп жерди чапчышып,
Уй букадай өкүрөт,
Топурак башка чачылып,
Тоо-ташты бузуп бакырып.
Көрсөтүп туруп Кененге,
Койо берди агытып,
Буй кылчуудай ааламды,
Экөө келет качырып.
Чыныгыш турат ичинде,
Жакшы кылган экен, деп,
Душман үчүн камынып.
Келе жаткан экөөнүн,
Биринде бар чойун баш,
Биринде бар сом темир,
Чойун башчан келатып,
Нечен тоону уратып,
Талкалап ташты кулатып,
Сом темирчен немеси,
Кең көрүнөт дененси,
Узундугу үч кулач,
Он эки кыр темирде,
Жерге муштап жиберсе,
Уңгусунан батырат,
Жерден тартып аларда,
Жерди бузуп бакырат.
Мына минтип бул экөө,
Жарышып келе жатышат,
Жолуна, келгендин,
Бөөдө шорун катырат,
Бул экөөнүн түрүнөн,
Көпкө кирди калтырак,
Жерден оро казылат,
Таштар кулап калдырап,
Сүр көрсөтүп нечен түр,
Кененеимге бул экөө,
Кирип келди жакындап.
Кабаган элүү ит келет,
Алардын аркасынан арсылдап,
Казылган жерди камашып,
Кулаган ташты талашып.
Кызыл чапан эл ойлойт,
Кененимди алат деп,
Ойунда өлүм санашып,
Кирип келди Кененге,
Өтө чукул жанашып.

www.bizdin.kg

Чоң экен деп санабай,
Экөөнүн катар кармады,
Беш жашар ойноо баладай.
Чокмор менен сом темир,
Ээсиз калды талаада,
Капташып калды шордуулар,
Эр Кененим балаага.
Желкеден кармап имерди,
Сүзүштүрүп жиберди,
Маңкалары куйулду,
Мээси агып чубурду.
Өлүгүн жерге таштады,
«Ит жеңгенин талайт» деп,
Өз ити өзүн талады,
Жабылып кирди жан калбай,
Жетимиш миң балбаны.
Мазарым деп тийбеген,
Жанына жакын сийбеген,
Мунардай болгон чынарды,
Кененеим сууруп алганы,
Оң-тескери булгалап,
Аралап кирди буларды.
Учурап калып өлүптүр,
Колдоочу тирүү кудайы,
Өжөр мүнөз ушул журт,
Өлүмдөн коркуп турбады.
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Катын-эркек аралаш,
Жан башына бирден ит,
Кошо жүрөт абалап.
Ат жүрсө да, жөө жүрбөй,
Коргонго кызыл кан толду,
Мелт-калт этип калкылдап,
Кызыган кези Кеңкула,
Алоолонуп алкылдап,
Кармайбыз деп келгендер,
Кененимге баралбай,
Качып калды калтылдап.
Кызыл мистен тамына,
Кожо-молдо толгону,
Чынгыш кирди мааналап,
Калгандары сыртынан,
Тегеректеп сагаалап,
Тешик койбой кенедей,
Отуз катар камалап,
Адам кирер жери жок,
Көпчүлүктү аралап.
Өздөрү салган Кененге,
Өлгөн иттин чокморун,
Эңип алды Кененим,
Кеңкуланын олоңун,
Чындап тартып бекитип,
Минип алды Кененим.

www.bizdin.kg

Акымдан алган темир тон,
Калыбектин салышта,
Калбай баары жоголгон,
Калыбектин чо тонун,
Кийип алды Кененим.
Манастап ураан чакырып,
Катуу кирди качырып,
Өтө өжөр бу элдер,
Козголуп койбойт шашылып.
Кеңкула менен тепсетип,
Агызып кызыл кан кечип,
Араң жетти Кененим,
Ардактуу кызыл тамына,
Тамга жеткен кезекте,
Чындап алды каарына.
Жандан тойгон Кененим,
Көзүнөн оту чачырап,
Күүүлөп кармап чокморду,
Тамга жетти жакындап,
Күүлөп келип урганда,
Тамга кирди калтылдак.
Аны көрүп Чынгыш хан,
Катуу жаман шашылат:
«Эми эки чапканда,
Манастын уулу жалаңгыч,
Кайран тамды жок кылат.
Кызыл тамды чакты деп,
Кылымга кетет жаман ат,
Буздурду деп миз тамды,
Мага калат көп наалат,
Мен кетейин бул жерден,
Кызыл там калсын салаамат.»
Бир белгисин билдирди,
Элин тарап кеткин, деп,
Көк жору болуп сабалап,
Канатын жыйбай самсаалап,
Шишеге куйган суу кылып,
Чыныкени кошо алып,
Чыныгыш жолго салыптыр
Алууга келбей курбаты,
Гүлкаагы мында калыптыр,
Калган башка байкушту,
Жер зынданга салыптыр.
Эр Кененим бир чапты,
Эки чабар кезекте,
Дегеле киши жок калды.
Кеңкула таштап Кененим,
Аралап кирсе көп жерин,
Сүрөтү турат кишинин,
Сап алтындан жасаган,
Жан жагында көп турат,
Майда-барат сандаган.
Көрүнбөдү тирүү жан,

www.bizdin.kg

Тинтип карап сарайды,
Табалбады эч бир жан.
«Гүлкаакы кайда калды экен?
Шишеге куйган суу кылып,
Чыныке мында бар бекен?
Чынгыш өзү кайдадыр?
Же качып кетип калгандыр,-
Кененим турду элеңдеп,-
Аларды кайдан табам?-деп,
Мени качан келет деп,
Зарыгып калат бабам,-деп,
Мээ коротуп чарчабай,
Суу перини келтирип,
Анан кабар алам» деп,
Ойуна кетти бул бир кеп.
Балык берген кылканды,
Отко жакын кармады,
Шарактап эшик ачылды,
Сулуу кыз келип калганы.
Келгенинче божурап,
Айта кирди кабарды:
-Чыныкени бирге алып,
Чынгыш качып баратса,
Алп кара куш кармады,
«Мен Чынгыш эмес, жору» деп,
Эмгиче кайыл албады,
Чыныке колго тийгенде,
Таанууга келбейт дарманы,
Гүлкаакы турат зынданда,
Чыгарып аны алалы.
Суу пери айтып болгунча,
Сумурук келип калганы.
Көк жоруну далбайтып,
Гүлчоро берген темир тор,
Алып баыр салганы,
Тор жыйырылып кармады,
Өлөргө жакын барганы,
«Мен Чынгышмын, бошот!» деп,
Чыңырыкты салганы.
Чындыгына келгенде,
Шишеге куйган суу кылып,
Чыныкени колго алды,
Кыз супатка барбады,
Чыныкени шишеде,
Суу бойунча сактады.
Чынгышты кыйнап чыңыртып,
Гүлкаакыны сурады,
Зымдандан аны чыгарды,
Заарыгып калды бабам, деп,
Кененим анда турбады,
Чынгыштын колго түшкөүнүн,
Кызыл чапан жайдак төш,
Булардын эли туйбады.

www.bizdin.kg

Алп кара куш, Кененим,
Чыныке менен Суу пери,
Гүлкакыны кошо алып,
Зор Бакайга барганы.
Чынгышты отко күйгүздү,
Адылдыгын билигизди,
Айтумушту тагына,
Аны кайра мингизди.
Атактуу кыргыз алаш, деп,
Жерибиз Кеңкол, Талас, деп,
Алп кара куш, Суу пери,
Жер жериңе кайткын, деп,
Гүлкаакыны, Сумурук,
Сен алыпбарып баккын, деп,
Хан Семетей, зор Бакай,
Алымсарык, Кененим,
Эр Саламат, кыз балбан,
Чыныкени алышып,
Кыргызга кетип баратат,
Жоону сайып жол басыш,
Кырыгз элге жарашат.
Таласка аман барышты,
Шер Сейтек баштаган,
Кол беришип көрүштү,
Каникей менен Айчүрөк,
Колдун учун өбүштү.
Кыргыздар келип атышты,
Төрт-беш күн өркүп жатышты.
Аксакалдар кошо айтып,
Жай-жайына кайтышты,
Жамбаштары май алып,
Жадырап кыргыз жатышты.
Муну мындай таштайлы,
Оору менен жоо тийген,
Кыргыздан кепти баштайлы.

## СЕМЕТЕЙ БАШТАГАН БЕРЕНДЕРДИН КАЙЫП БОЛУШУ, КАҢГАЙДЫН ХАНЫ ЧИКТЕЙДИН КОЛ САЛЫШЫ

Жатканга жалган койобу,
Ар шумдуктун болгону,
Алымсарык жаш арстан,
Калибек чапкан жарааттан,
Жаздыктан өөдө болбоду.
Кош аттап киши чаптырды,
Момунжанды таптырды.
Жараны көрүп момунжан:
-Буга даба табылбайт,
Кишинин этин чиритип,
Жасаган ууга сугарган,
Кылыч менен чабылган.
Төрт жүз кырк төрт мүчөгө,

www.bizdin.kg

Үч жүз алтымыш алты тамырга,
Ала койбой таралган,
Жүлүндү кеткен аралап,
Бүткүл тамыр чириген,
Тарамыштар куураган.
Момунжан табып мындай деп,
Табалбады амалдан.
Төрт беш күндүн ичинде,
Көз жумду сарык жалгандан,
Жыйырма бир жашында,
Бу дагы кетти ааламдан.
Арстандын уулу Семетей,
Күндөн-күнгө арыктап,
Беттеринин териси,
Балбырап кетти салаңдап.
Буга даба барбы? Деп,
Момунжандан сурашат.
-Дабасы бар мунуку,
Табылмак кыйын бир иши,
Кырк беш күндө айыгат
Керектүү кайдан табылат?
Түнүнкүсүн эки кыз,
Боору менен сыртына,
Беттештирип таңылат,
Токсон кыз кайдан табылат?
Күндүзкүсү баатырды,
Жолборстун тулум териге,
Куландын сүтүн толтуруп,
Ошол сүткө салынат.
Ар күндүгү сорпого,
Кызыл койдун этин жейт,
Айунун өтүн куйдуруп,
Бал чайкаган кымыздан,
Суусунуна берилет,
Ушунун баары бүт болсо,
Семетей анан берилейт.
Шайтан көлдө жатканда,
Бакай зорду каркыттап,
Олпогун жапкан абам деп,
Олпок зейди өткөрбөй,
Бакай турат саламат,
Эт көйнөктөн неме өтпөй,
Гүлчоро турат саламат.
Момунжандан кеп угуп,
Унчукпай кыргыз буулуп,
Адам уулу укпаган,
Өтө шумдук кеп угуп,
Тура калды кыз балбан:
-Жаным тирүү турганда,
Керек болсо атама,
Күндө жолборс мен табам.
Күлүмсүрөй Гүлүстөн:
-Куландын сүтүн мен табам.

www.bizdin.kg

Тура калды Кененим:
-Кеңкуланы айабай,
Күндө жолго мен чабам,
Куландын сүтү, жолборсту,
Алып келип мен турам.
Кой кыргыздын колунда,
Айунун өтү кыргызда,
Муруntan бери көп экен,
Жаңысы менен көөнөсү,
Айрылбаган неме экен.
Куйалы балбан, Гүлүстөн,
Жолборс менен куланга,
Кудай ишин оң кылган,
Манастан бери буларга.
Капташып калды Гүлүстөн,
Куландын туут маалында.
Тобун бузбай Гүлүстөн,
Сур койон менен имерип,
Камап туруп бир жакка,
Тостуруп койоп суратка,
Өзү түшүп сааганда,
Чаначка сүттү толтуруп,
Чыккыс кылып оозун бууп,
Тирүүлөй ысык болсун деп,
Кыз балбан берген жолборсту,
Кененим келет өңөрүп.
Сүттү артына бөктөрүп,
Эрдик менен Кененим,
Кырк беш күнү уктабай,
Кызмат кылды көгөрүп.
Айчүрөк кетти алыска,
Капкайда жаткан Арапка,
Көбүнчөсү Багдадга,
Уул-кызды сатуучу,
Базары бар аларда.
Экиден кыз алтынга,
Сатып алат Айчүрөк,
Перилерге көтөртүп,
Алып келет кечикпейт.
Кырк төрт күнү таңганда,
Сексен-сегиз кыз өлдү,
Кырк беш күн болот дегенде,
Таңган кыздар өлбөдү,
Ошол бойдон эки кыз,
Өлбөй өмүр күн көрдү.
Күндүзү салган сүт кара,
Тери жыдып аксазан,
Күнү кырк беш болгондо,
Семетей турду ордунан.
Бир далай күн өткөндө,
Арбын сойду армалдан,
Сүт бото Тайлак баштаган.
Кыргыздын элин чакыртты,

www.bizdin.kg

Ат жетер жерде калбастан.
Кеңколго жайкап эл толду,
Казактан барды канчасы,
Өзүбектен Сынчыбек,
Тажиктен барды Акылбек,
Бадакшан, Балык, Букардан,
Самаркан, Ташкен, Кокондон,
Бүт келишти ошондон.
Коросон менен Шаңкайдан,
Ламдын бели, Кыйба эли,
Үркөнүчтөн барды Ахун хан,
Хотен, Жеркен, Кашкардан,
Лопнур, Баркөл, Турпандан,
Калбай кыргыз бүт барган.
Арал менен Азыктан,
Сайкалдын эли калбаган,
Атабашы, Нарын, Жумгалдан,
Кетментөбө, Наманген,
Ош кошулуп чубаган.
Ысыккөлдө бүт кыргыз,
Көтмалды, Токмок, Кеминден,
Калбай кыргыз бүт келген.
Эрикпей эки кондуруп,
Эт менен майга тойдуруп,
Тайбуурулду токутуп,
Хан Бакайды кошо алып,
Гүлчорону котчу алып,
Каникейди дагы алып,
Айчүрөктү бирге алып,
Алда эмне кылат, деп,
Кыргыздар турду таңданып.
Ат минип бешөө бөлүнүп,
Эл четине көрүнүп,
Эр Семетей төрөнүн,
Оозунан гөхар төгүлүп:
-Атпай алаш көп урук,
Ак калпак кыргыз элин ук,
Өзбек, тажик кошулуп,
Жакшы-жаман күндөрдө,
Башынан келдик бир туруп.
Жыл эсеби толуптур,
Ушул турган бешөөбүз,
Элим, сенден бөлүнүп,
Кетээр мезгил болуптур.
Баарың болгун ынтымак,
Ынтымактуу болсоңор,
Куусаңда кетпейт ырыс-бак.
Четтен келген жоо болсо,
Малга келген доо болсо,
Сейтек алат асырап.
Уруксат алдык арбактан,
Көптөн бери жооп сурап.
Кайыр эмесе калгыла,

www.bizdin.kg

Улуу-кичүү, кары-жаш,
Эркек-айал аралаш,
Болгула баарың саламат!
Бөлдүрүп элди четинен,
Болбогула жаман ат.
Анжу менен манжудан,
Шибе, солон, муңгулдан,
Болуп турат ар убак,
Жамандык күндү туудурган.
Деп ошентип Семетей,
Абасы менен энесин,
Алганы менен инисин,
Ачык-айкын ээрчитип,
Жүрүп кетти кыргыздан.
Ошол жерге баргандан,
Ыйлабай киши калбаган,
Өлгөндү өлүм айырган,
Болбогон иш бул өңдүү,
Тирүү минтип айрылган.
Карап турса тикийип,
Күнбөзүнөн Манастын,
Айланганы көрүнгөн,
Андан кийин көргөн жок,
Атайлап барып карашып,
Аттын изин тапкан жок.
Кыргыздар калды чуркурап:
«Арстандан тирүү айрылдык,
Атаңдын көрү дүйнө шок!»
Айлар аттап жыл өттү,
Күн айланып түн өттү,
Тирүү жандын баарысын,
Өлүм жалмап түгөттү.
Ич өтмө оору жабылып,
Кең Таласка жайылып,
Кары өлдү, жаш өлдү,
Катын өлдү, эр өлдү,
Уул өлдү, кыз өлдү,
Кыйын жумуш иш болду,
Кыргызга мүшкүл туш болду.
Эр Сейтек дагы өлдү,
Тирүүлөр келип көмүштү,
Уйпалаган жалгандын,
Шумдугуна көнүштү.
Атасы өлүп бала жаш,
Бул жалгандын боору таш,
Эне-атасы тең өлүп,
Жетим калган бала көп,
Баласы өлүп буркурап,
Ата-эненин көзү жаш ,
Кең Таластан басылбай,
Чыгып жатты чуркурак.
Семетей кайып кеткенин,
Сейтек өлүп бүткөнүн,

www.bizdin.kg

Каңгайдын эли угуптур,
Кеңеш кылып туруптур:
«Манастан бери карата,
Талкалап бизди курутту,
Таптакыр чаап алалы,
Тазалайлы бурутту.
Кайра таап конолу,
Самаркандан бержакка,
Тартып алып конушту.»
Дүбүрөшүп беш урук,
Эстүүлөрү чогулду -
Чиктей муңгул баатырды,
Шибелердин Сотолу,
Манжулардын Дөөрөтү,
Анжулардын Тетеги,
Беш уруктан бул төртөө,
Белгилүү чыккан тентеги.
Кытайга сурак бербеген,
Кырчылдашып Чынмачын,
Дегеле алы келбеген;
Баашалуу журт Бакбурчун,
Басташып келген нечен жол,
Айдап келген дүрбүтүп,
Азар түмөн канча кол;
Анын да алы келбеген,
Түндүк жагын Кытайдын,
Түп көтөрө ээлеген,
Белдүү чыккан бул төртөө,
Беттешип бирөө жеңбеген;
Анткен менен бул төртөө,
Кененимдин кабарын,
Укпаган да, билбеген.
Бурутту алып келсек, деп,
Үйлөрүндө күпүлдөп,
Бол жүргүн, деп дүпүлдөп,
Бирин-бири жөөлөштү,
Колдорун айдап жөнөштү,
Ат куйругу бүлкүлдөп.
Жер чаңдатып жол тартып,
Алтымыш миң кол тартып,
Чолк куйрук нарларга,
Ок-дарысын мол артып,
Келет булар чубашып.
Алтай ашуу бир белге,
Алды келди бул жерге,
Казактан канча камбылдар,
Тосо барды ал жерге,
Оозун ачып оп тартып,
Соруп койду бир демде.
Буруу жерде казактан,
Кутулган бар азаптан.
«Бизге кооңшу болгула,
Ажырап чык алаштан,

www.bizdin.kg

Өч алабыз биз барып,
Манастын эле Таластан»
Деп күркүрөп коркутуп,
Казактарды кошо айдап,
Илени бойлоп келиптир,
Иледеги эл билип,
Калбай баары биригип,
Кабар берди кыргызга,
Караандашып турушка.
Казака жакын олтурган,
Кыргыз укту кабарды,
Кемин менен жөнөттү,
Кененимге чабарды.
Чабарчы кабар салыптыр,
Чакчалекей-будуңчаң,
Кыргыз дүрбөп калыптыр.
Өлүм каптап бир жактан,
Кененим жалгыз аттанды,
Таластагы кыргыздан,
Алдындагы кеңкула ат,
Арбытып жолду бараткан.
Илебиндин кырында,
Жоонун алдын тосоттоп,
Кененим жетти чынында.
Желегин жерге жаптырып,
Бол жүргүн, деп шаштырып,
Муңгулдардын Чиктейи,
Жиңзы ташты тагынып,
Башына бапек сайынып,
Кебез өтүк, кең белбоо,
Кечилдин ханы болуучу,
Кезеги келсе эр сайган,
Эсирдин бири болучу,
Журт башкарып так минген,
Баашанын бири болуучу.
Борбор кылып ал Чигетей,
Коктукатта туручу,
Сары деңиз бойунда,
Кыштын күнкү конушу.
Жайдын күнү болгондо,
Кулун байлап чыңыртып,
Бээ саадырып ачытып,
Арак тартып кымыздан,
Келгендерди мас кылып,
Эриккенде чыгуучу,
Ал үйүнөн бастырып.
Чаңбейсиндин чыгышы,
Салынып кирген аралда,
Жыргап жаткан көп элге,
Бөөдө колун сунучу,
Талап алып мал-пулун,
Темселетип койуучу.
Чын ачуусу келгенде,

www.bizdin.kg

Чыгыш түштүк жактагы,
Кантонго чейин баручу,
Каканчынды какшатып,
Чаап алып жануучу.
Шиңшиңшанын кара таш,
Калдыраган баары таш,
Батыш түштүк тарабы,
Түндүгү каңкай, муз деңиз,
Орто жерин Чигетей хан,
Өз эркинче башкарып,
Алым алып мал алып,
Ар кайсы жерге шаар салып,
Дардаңдап жүргөн ал Чиктей,
Анча-мынча кишини,
Тушарына теңебей,
Бендеби деп бейлебей,
Адамбы деп элебей,
Анжу, Манжу, Солондор,
Буга Шибе кошулуп,
Көз каранды чененбей.
Бир тентекти баш кылып,
Антип элди кош кылып,
Шибелердин Сотолу,
Жакын коштоп ошону,
Манжулардын Дөрөтү,
Чукул кошотоп экөөнү,
Анжулардын Тетеги,
Өзү менен төрт болуп,
Бет алган жагы өрт болуп,
Келе жаткан Чиктей хан.
Илебиндин кең шибер,
Тосо чыгып Кененим,
Жерге сайып таштады,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Баатыр Манас желегин.
Желекти көрүп Чиктей хан,
Жүзү өңүп сумсайган:
-Жиндиби, сакпы, тиги ким,
Жалгыз жүрүп туу сайган?!
Бириң барып келгинин,
Чыдабай алаш уругу,
Кол куушуруп алдыман,
Тосуп келген белгиби?
Ошентип киши жумшады,
Беш уруктан барбады,
Бир казакты жумшады,
Бир калмак кошо барганы.
Кененимге кезигип,
Келген жоону билдирди,
Казак кепти баштады,
Ачып айтып таштады:
-Карарып турган калың кол,
Хан Чиктейдин колу ошол.

www.bizdin.kg

Жанындагы үч киши,
Таанымал элге бир иши,
Сотолу, Дөрөт, Тетеги,
Чиктей хан төртөө турганда,
Теңдешип бенде жеңеби?
Кармашып жүрүп какан чын,
Өчүгүшүп Чынмачын,
Буларга алы келбеди.
Алаш урук жалпыга,
Кара кыргыз жалпыңа,
Калка болгон Семетей,
Алтымыш уруу Алашка,
Арка болгон эр Сейтек,
Бири кайып болду дейт,
Бири өлүп кетти дейт.
Өткөн өчүм көп эле,
Кара кыргыз калкында,
Эми аламын кекти дейт.
Мурун колум кыска эле,
Эми нөөмөт жетти дейт,
Жумшады мени бул жерге,
Байрак сайган ким эле,
Барып аны билчи дейт.
Эрегишип мен менен,
Жолум тоскон кишиби?,
Же кол куушуруп кыргыздар,
Тизе бүккөн ишиби?
Келген ишим бул эле.
Кененимге ушул кеп,
Катуу жаман тийди эле.
Токтогун деп Калмакты,
Тургузуп койуп арбакты,
Каратып койуп Казакты,
Хан Кененим муну айтты:
-Кайып болсо Семетей,
Өлүп кетсе эр Сейтек,
Алаш ээсиз калабы?
Укпай менин кабарым,
Арбак урган бул калмак,
Таласка колун салабы?
Талатып койуп Таласты,
Жалаңгыч Сарык атанган,
Кененим жатып алабы?
Какандын каны Эсен хан,
Кечелдин ханы Коңурбай,
Каңкор Манас, зор Бакай,
Катылышпай жүрүүгө,
Кат жазышып мөөр баскан.
Айкөл Манас өткөндө,
Өктөмдүк кылып Коңурбай,
Таласка келип катышкан.
Жеңдирип кайра качканда,
Нескара менен Мурадил,

www.bizdin.kg

Ороккыр-үчөө өлгөндө,
Көзү менен көргөндө,
Анда жана кат жазган,
Алты жылга жай жаткан,
Семетейди келсин деп,
Алдап жанан чакырткан,
Жаранын оозу ырбаган,
Коңурбай өлүп сулаган,
Казакты бузуп Калмактар,
Күрпүлдөккө кондурган.
Кармашып келип Семетей,
Казакты кайра көчүргөн,
Андан бери Каңгайга,
Калмактын эли тынч жаткан.
Семетей кайып болду деп,
Сейтек өлүп калды деп,
Ким экен эми чыр тапкан?
Кененим атым укпайбы,
Чигетей акмак келеткан!
Күн батышта жети дөө,-
Жору куйрук кызыл алп,
Калыбекти баш кылып,
Катары менен сулаткан,
Сегиз миң жыл жашаган,
Жүйрүндөнү кууратkan,
Он жети кабат кызыл там,
Кызыл чапан жайдак тон,
Кылкылдаган көп журтан,
Гүлкаакыны кутказган!
Айтып баргын, калмагым,
Жан айабай Чиктей хан,
Өзү өлүп калбасын,
Кол куушуруп кой сойуп,
Кош колдоп сунуп тургундай,
Мен Шибе, Солон болбосом;
Же айттырып ийсе саламды,
Алдынан тосуп Муңгулду,
Мен Анжу, Манжу болбосом!
Менин атым угуп ал,
Жан бүткөндө жаралган,
Жалаңгыч Сарык атанган.
Атамдын аты эр Сейтек,
Энемдин аты Куйалы,
Урааны чыккан кыз балбан.
Өзүмдүн атым Кененим,
Ат бастырып келгиндей,
Акимсинген калмактын,
Акын алып жебедим!
Ак куржунун ачпадым,
Ак теңге пулун чачпадым,
Аласын ала качпадым,
Абийирин анын ачпадым!
Кууп албадым куласын,

www.bizdin.kg

Чийки орбодум буудайын,
Айдамак кошуун кол тартып,
Неге келет калмагың?!
Терең ойлоп иш кылсын,
Темтеңдебей ар жагын,
Өчүгүшсө калмагың,
Өчүрөм баштан арбагын!
Кайра кетсе катышпай,
Артынан кууп барбадым,
Барып айткын ханыңа,
Бастыр, турба, калмагын!
Эми барба калмака,
Калгын мында, казагым,
Ээрчип барсаң калмакты,
Кулуңа берет азабың.
Калтырап казак калалбай,
Же бастырып кошо баралбай:
«Алтымыш миң кол турса,
Окшош төртөө зор турса,
Жалгыз атчан, жалаң тон,
Такандашып бул турса,
Болбой кетсем калмакка,
Арбак урса, туз урса;
Барбай койуп бөлүнсөм,
Кайра түшсөм колуна,
Боорумду жарып өттү алса…»
Калмак мыкты көрүндү,
Ойлоп казак караса.
Барамын деп калмакка,
Карабады арбакка,
Казак кайра басканда,
Катышпай койду казакка,
Калса өзү калаар, деп,
Туз ургур өзү казапка.
Калмак барып калдаңдап,
Этегин жыйбай далбаңдап,
Баштан айак калтырбай,
Укканын айтты барбаңдап,
Аңгычакты артынан,
Казак жетти салбаңдап:
-Карабадым кыргызга,
Саа келдим,-деп дардаңдап,
-Мыкты болсо Кененим,
Айырганын көрөйүн,
Азабын бер казактын,
Акчыланып келгенин!
Коркуп менден Кененим,
Эсенхан, Манас, Коңурбай,
Козгогону беркини!
Деп күүлөнүп Чектей хан,
Казактан бар элүүчө,
Жол баштатып келаткан,
Жыйдырып келип баарысын:

www.bizdin.kg

-Уруп жатып талкала,
Кабыргасын, далысын!
Жети дөөнү жеңдим деп,
Кененим деген эрмин деп,
Шек келтирген кептерим!
Ажыратып алганын,
Көрүп турам эрдигин,
Кетирейин сүр менен,
Көрсөтүп туруп теңдигин,
Казакты жипке тиздирип,
Өгөөсүнөн жаткырып,
Колун-бутун кердирип,
Бир казакка эки эр,
Колуна тайак бердирип,
Тегеректеп келгенде,
Тебелеп ура берерде,
Манастап ураан чакырып,
Кененим келди качырып:
-Атаңдын көрү сен калмак,
Адам болбой кет каман!
Колу түшкөн кишини,
Өлтүрсөң болот ереже,
Кыйнап уруш кишини,
Эрежеде жок эле!
Качырып кирип барганда,
Тайак кармап тургандар,
Кача берди ар кайда.
Кайра тосуп жеткини,
Чечтирди четтен экини.
Анжулардын Тетеги,
Жете келди ал деги:
-Айбыкпай кирген биздерге,
Атың болт ким?-деди.
-Атамдын аты эр Сейтек,
Өзүмдүн атым Кененим,
Укпасаң мени бил,-деди,
Таанybаган кишисиң,
Атыңды айткын сен!-деди.
-Элим манжу меники,
Өзүмдүн атым Тетеги,
Мени менен бет келип,
Тирүү пенде кетеби?
Айкырасың оолугуп,
Ажалың жеткен сеники.
Казагың мына ал,-деди,
Мыкты болсоң Кененим,
Жекеге чыга кал,-деди.
Элүүчө казак кутулуп,
Четке чыкты чогулуп,
Дем алышты байкуштар,
Туура барып олтуруп.
Анжулардын Тетеги,
Атанып чыккан тентеги,

www.bizdin.kg

Найзаны кармап кезенип,
Каарын салып белсенип,
Ыргытып жанды таштады.
Кыйын уруш баштады.
Кабаттап темир тон кийип,
Кандуу найза өткүр миз,
Качырып тийди Тетеги,
Сайдырбай баатыр Кененим,
Кагып ийип найзасын,
Кайра айланып тиерде,
Тетеги мыкты шамдагай,
Ал дагы кылды айласын,
Кененимге сайдырбай.
Карчашып кирди ал экөө,
Эрикпей да, талыкпай,
Тулпарлар сызып шамалдай,
Арыгансып чаалыкпай.
Амал кылып амал таап,
Бирин-бири чаптырбай,
Ат үстүндө чабышып,
Ооп түшүп калбады,
Ээрге көтү жабышып.
Жарактан айла болбоду,
Ач билектен алышып,
Ат күчүнө салышып,
Тамандашып тарканда,
Күч келгенде аттарга,
Айра тартып кете албай,
Оодара тартып алалбай,
Алакан тери сойулуп,
Тарамыштар чойулуп,
Кочкордон бетер койушуп,
Чыйкылары чулуйуп,
Ээриндери кесилип,
Бүткөн бойлор эзилип,
Эки күн өттү арадан,
Таң атып кайра кечкирип.
Манастын уулу каракөк,
Өңү сары эмеспи,
Көк таргыл болуп көгөрүп,
Так көтөрүп тетени,
Жулуп алды атынан,
Кеңкулага өңөрүп.
Анжулардын аскери,
Каптап кирди бөлүнүп.
Каптаган аскер келгенде,
Бөгөөсүнөн таштады,
Көк далыга тепкени,
Оозунан чыгып жүрөгү,
Бута атып жерге түшкөнү,
Он эки миң киши экен,
Анжуудан келген элдери,
Найза күүлөп сунганда,

www.bizdin.kg

Чиктей, Дөөрөт, Сотодон,
Бир да киши келбеди.
Кырк, элүүсүн катарлап,
Бирден сайып жыкканда,
Ат жайылып бош калып,
Тизгинин сүйөп чыкканда,
Туу түбүндө казактар,
Ээрчен атка жабышты,
Бирден кармап алышты,
Ачкалыктын дартында,
Араң турган курган жан,
Кармап келип аттардан,
Семизин тандап жарышты,
Тойунуп жыргап калышты.
Ана-мына дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Залкар тоодой Кененим,
Сапырып баарын салышты,
Болбой калды ал Чиктей,
Колунан кетип намысы,
Буйрук берди ошондо,
Сотолорго барышты.
Шибелердин Сотолу,
Түз багып бенде туралбайт.
Бетине чыдап ошого.
Чын ачуусу келгенде,
Чач-сакалы бириндеп,
Этек-жеңи дирилдеп,
Кабагына караса,
Бурганактап жааган күн,
Бүдөмүктөп көрүнбөй,
Күүгүм кирип жаткан түн,
Кабагына кар тоңуп,
Ызгаары кыштай ышкырып,
Оозунан түтүн буу чыгып,
Көзүнөн жалын от чыгып,
Күүлөп чыккан найзадан,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Айбатынан аптыгып,
Анча-мынча кишиден,
Кетүүчүдөй жан чыгып,
Топчулугун топчулап,
Тоодой болгон Сотолу,
Үпчүлүгүн үпчүлөп,
Өңшөңдөгөн Сотолу,
Буткулдай көзү жылтылдап,
Бука мойун бултулдап,
Кең көкүрөк куш айак,
Баарысы балбан сын турат,
Туулгасы тултуйат,
Көмөрө кийип мултуйат.
Минген аты кара сур,
Бастырганда Сотолу,

www.bizdin.kg

Байкап баарын карап тур.
Карасурду камчылап,
Кан агып көздөн тамчылап,
Арданганы аттан чоң,
Тетегиден айрылып,
Кордолгону койдон чоң.
Он эки миң колду кырдырып,
Бастырып жөнөй бергенде,
Калмактардын аскери,
Бөлүнө койуп дырдыгып,
Кирип келди жакындап,
Оозунда тиши шакылдап,
Кененим чыкты жол тосо,
Кез керип найза чунайып,
Кездемдин боосун чубалтып,
Кеңкуланы чуратып,
Сотолу келет ойунда,
Жеткен жерде Кененди,
Кетемин деп сулатып,
Кеңкуланын үстүнөн,
Аңтара сайып кулатып.
Байкап көрсө Кененим,
Калыбектен өөдөрөк,
Оңой-олтоң эр эмес,
Оңойлук менен адамга,
Оморулар бел эмес,
Белебеске бендеге,
Жооп берер неме эмес.
Жеткен жерде Сотолу,
Кепке-сөзгө келбеди,
Аты жөнүн билбеди,
Найза менен качырып,
Жан айабай тийди эми.
Балта менен найзаны,
Кагып ийди Кененим,
Кандим найза кагарга,
Тийгизбеди беренин.
Кененим тик качырып,
Манастап ураан чакырып,
Сотолуга кактырбай,
Кый сүбөөгө бир сайды,
Кудай бетин нары кыл,
Козголбостон турганы,
Акым дөөнүн куу найза,
Чыдай албай сынганы.
Кененимден найза жеп,
Чындап каапыр чыйралды,
Шылкы мойун, чойун баш,
Булгап колго алганы,
Бура тарта берерде,
Как төбөгө салганы,
Урдурбастан Кененим,
Билегинен кармады.

www.bizdin.kg

Капшыра кармап билегин
Тарамышы какшады,
Күүлөп чапкан чойун баш,
Томолонуп жаткаНы.
Эрегишкен эрендер,
Балталарын алышты,
Унутуп койуп өлүмдү,
Өчөшүп катуу чабышты.
Балталарда сап калбай,
Найзаларда уч калбай,
Кылычтарда курч калбай,
Кызык уруш мамындай,
Күндү-түнгө улашып,
Чырым уйку алабай,
Чымын жан калды жайалбай,
Чымырканып урушуп,
Чын айласын табалбай,
Аманат кара бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кыйын уруш баштады.
Жарактан айла табалбай,
Жакалашып тартышып,
Мындан жеңип алалбай,
Найзаларын сайышып,
Жөө куралын алышып,
Билектерин түрүшүп,
Белден алып күрөшүп,
Көөдөндөшүп тирешип,
Күн бешимге барганда,
Күчөгөнсүп Сотолу,
Чыңдап тартып кучанып,
Белиндеги ботону,
Кененимди бөйрөктөк,
Бурдай кармап камтырып,
Бармагын туштап салууга,
Кош бөйрөктү табууга,
Кирди чочко камына,
Байкап турат Кененим,
Маш күрөштү табууга.
Бөйрөккө бармак маларда,
Жата калып Кененим,
Эки буттун арада,
Талуу жерди тапканда,
Тизе менен какканда,
Табарсыктан көтөрө,
Оң бут менен тепкенде,
Ойрон болгон Сотолу,
Тоңкобаш атып кетти эле.
Тура калып Кененим,
Кабырганын тушуна,
Чоптор өтүк нөкөрү,
Чойулуп келип тепти эле.
Кабыргасы карс этип,

www.bizdin.kg

Осурагы тарс этип,
Жини кетти барт этип.
Өткүр-өкүм Сотону,
Өлтүрүп койду ошону,
Мен менсинген Чиктей хан,
Чын эле мууну бошоду,
Манжулардын Дөрөтүн,
Кычырып калды ошону.
-Жаткан жерде жатып бир,
Баскан жерде басып бир,
Жүргөн киши төрт элек,
Бейжиндик беттеп келе албай,
Жалындап күйгөн өрт элек,
Чаңбейсенден ашчу элек,
Чойулуп биздер жатчу элек,
Арлдагы жапанды,
Келте кийген чапанды,
Соодагерин тосчу элек,
Сонун олжо тапчу элек,
Чогулуп ойноп жатчу элек.
Каканга казап салчуу элек,
Карт алтынын алчуу элек,
Чыныга зордук кылчуу элек,
Чыны менен карачай,
Жылда алып турчу элек.
Чын ачуубуз келгенде,
Чынма-чын менен какандан,
Чолок куйрук нар алып,
Өз нарына жүктөтүп,
Жибек менен чай алып,
Батышка карай чубатып,
Соодагерлик кылчу элек,
Чогултуп дүйнө жыйчу элек,
Кыр көрсөтүп ар кимге,
Чыр чыгарып турчу элек.
Семетейди кетти деп,
Сейтекти өлдү деп,
Кыргызды чаап алсак деп,
Алтымыш уруу алашты,
Азапка башын салсак деп,
Самаркан, Ташкен, Наманген,
Алты шаар, Анжийан,
(Абалында Анжийан,
Араник деп аталган,
Дөө хан менен Панус хан,
Соксо, Сотой баатырдан,
Тартып алып кыргыздар,
Жер анжисин бөлдүк деп,
Анжыдан деп ат калган)
Ошолордун баардыгын,
Кайра колго алсак деп,
Конуш кылып консок деп,
Ойубузда бул эле.

www.bizdin.kg

Ойрон болгон Кененим,
Угулбаган кеп эле,
Келип калып Кененим,
Кездешип калдык Иледе.
Тетеги менен Сотолу,
Бендеден белдүү уул эле,
Анжу менен Шибеге,
Арка болгон туу эле,
Өлүп кетип бул жерде,
Анжу, Шибе аскерин,
Кырып койду бир демде,
Жардамга барып койбодук,
Карап туруп бир бенде.
Муңгул, Манжу бир тууган,
Жакын элек түбүндө,
Экөөбүз карап турабыз,
Өлбөй тирүү бул күндө.
Койбойт окшойт Кененим,
Бирден-бирден киргенде.
Каптап кирсек канетет,
Карап турбай жалпы эле,
Тосотоп жолун келтирип,
Тор таштайлы Кененге,
Кененим торго илинсе,
Кыргыздан киши келген жок,
Каршы чыкчуу биздерге.
Кеңеш салды Чиктей хан,
Манжулардын Дөрөтү,
Макул болуп көнгөнү,
Камчысын булгап Чиктей хан,
Аламан койуп жөнөдү.
Айкөлдүн уулу Кененим,
Кенебеген эреним,
Теңине албас бендени,
Теңдеши жок берeним,
Кеңкула минип болкойуп,
Опол тоодой зоңкойуп,
Сотолунун найзасы,
Колунда турат койкойуп,
Кебелбейт да, кенебейт,
Нөөкөрү бутта чойкойуп,
Аскердин алды келгенде,
Качырып кирди ат койуп.
Манастап ураан чакырып,
Ач кыйкырык бакырык,
Алдында минген кеңкула,
Кош кулагын жапырып.
Чиктей айтат акыл кеп,
Он миң балбан чакырып:
-Дөрөт кирет беттешип,
Кезенип ээрдин тиштенип,
Байкап тургун камынып,
Тор таштагын Кененге,

www.bizdin.kg

Туш -тушунан жабылып.
Ылат-мынат колдосо,
Торго калар чалынып.
Киреринде Кененим,
Элүүчөлүк казакка:
-Эми тийсин керегиң,
Эси жок калган бош атты,
Айдап ала бергиниң.
Пейли башка калмактын,
Катын баасы акмактын,
Тор таштаса жабылып,
Мага барба жакындап,
Балаага калба камынып,
Торго калсам чалынып,
Кененим колго түштү, деп,
Кете бербе жайылып.
Туу түбүнөн айрылсаң,
Кармап алат калмактар,
Качпагыла, акмактар,
Уруштун нечен түрү бар,
Кештенин шакмат ташындай.
Деп айтып койуп Кененим,
Аралады калмакты,
Кызый кирип калмакка,
Кызыл кыргын салмакчы.
Каңкордун уулу кара көк,
Кененим жалгыз, калмак көп,
Аралап кирген жеринде,
Кандан кыйан сел акты.
Эңкейиште эр сайып,
Элүүнү беттей бир сайып,
Жүздөн сайып жүдөтүп,
Миңден сайып бөлүнтүп,
Күнү-түнү сайганда,
Койучудай түгөтүп,
Көрүп туруп Дөрөтү,
Кирди ошондо күчөнүп.
Кара жанга күч келип,
Кара жаак ай балта,
Арта салып ийинге,
Кененимге бет келип,
Кезенишип киргенде,
Ээрдин кесе тиштенип,
Жабылып кетти тор таштап,
Миң балбаны бүт келип.
Маңдайлашкан эки дөө,
Таштаган торго тең түштү,
Чырмалып калды темир тор,
Кезенишкен экөөнө,
Чиктей жетти күркүрөп:
-Сүйрөтүп алып кетем,-деп,
Суракка тартып Кененди,
Мен муратка жетем,-деп.

www.bizdin.kg

Келе бери, балбандар,
Торду бергин мага,-деп,
Мойун бербейт Кененим,
Тарткан менен сага,-деп.
Тордун боосун ал Чиктей,
Толгоп-толгоп чыралтып,
Үзөнгү боого салыптыр,
Кетемин деп сүйрөтүп,
Кызытып келген кара атты,
Камчыга бөлөп күүлөнтүп.
Алты жүзү чамбардын
Дөрөткө түшкөн карагын,
Үчжүзү түшкөн Кененге,
Жүзү түшпөй эч кимге,
Ошондо түшүп жаадына,
Жүүрүндө берген канжарды,
Кененим суурул алганы,
Торду тилип жарганы,
Темирдин баары шыркырап,
Агып түшүп калганы.
Байыркылар айткан кеп:
«Ороо казсаң кишиге,
Бутуңду салып казгын,-деп,
Өзүң түшсөң чыгарга»
Жалганы жок ырас кеп.
Дөрөттү барат сүйрөтүп,
Кененимди тордо деп,
Туш-тушунан чуркурап,
Калмактары айтат кеп:
- Кененим жок дөрөттү,
Сүйрөтүпсүң, Чиктей хан!
– Апей,Көтөк! Кантесиң?
Минткенде түпкө жетесиң!
– Өз- жатты айрып билбеген
Төбөңдөн ургур экенсиң!
Чуркураган кеп угуп,
Ламга оозу барбаган,
Калмактардан жеме угуп,
Арка жагын карады,
Ал Чиктей хан мурчуйуп.
Каңгайдын ханы бу Чиктей,
Уйат болуп ченебей,
Дөрөттү тордон чечтирип,
Туруп кетти чекчейип.
Чиктей ханга карабай,
Бура тартып Кененим,
Казактарга кезигип;
Алганыңды алгын, - деп,
Акылдан калмак калган кез,
Бачымдап кеткин элиңе,
Төтө ылдам болгун тез!
Элиңе айтып баргыла,
Кененим сарык келди деп,

www.bizdin.kg

Теңдешемин деп келген,
Тетеги менен Сотолу,
Катары менен жеди деп,
Көзүн көрдү калганды,
Билгениңче айтып кет,
Көп кечикпей талаада,
Өз элиңе бачым жет!
Бери өткөн кошуун көрүнсө,
Койо  бергин калмакты,
Кайра качып баратса,
Талап алгын арбакты.
Каркыттап алып сыртынан,
Калкалаймын казакты,
Катылышкан ким болсо,
Качпай салам азапты!
Жол бойуна олтурба,
Чиктей менен Кененим,
Бирөө өлүп тынгыча.
Казактарды кетирди,
Өз жерине Алтайга.
Санаасын басып казактан,
Куткарып аны азаптан,
Хан  Чиктейге барам деп,
Эр Кененим келаткан.
Тордон Дөрөт кутулуп,
Дөрөтүн өңү бузулуп;
-Калыптырсың,сен Чиктей,
Өз алдыңча кутуруп.
Каңкайды жалгыз сурамак,
Ойуңда жүргөн турбайбы,
Үчөөбүздөн кутулуп!
Тетеги Анжу өлгөндө,
Анжулардын аскери,
Ашкере кордук көргөндө,
Унчукпай турдуң кумтунуп,
Ойума кеткен болуучу,
Сенден күмөн мен кылып.
Күмөнүм болду  чыныгы,
Ашкере кылдың сырыңды,
Мени чыкпай койот деп,
Алдаганың турбайбы,
Кыдыртып айтып кылымды!
Ат-тонум менен тарбайтып,
Сүйрөтүп жүрдүң дардайдып,
Таанымаксан  болупсуң,
Өлүп болду Дөрөт деп,
Анан чечтирмиш болупсуң.
Алың келсе, Чиктей хан,
Кененимден өчүңдү ал,
Боорун жарып өтүн  ал,
Жетпесе  алың, сен  Чиктей,
Кененимден  өлүп  кал,
Сен  өлгөндө  кыргыздан,

www.bizdin.kg

Кунуңду куучу өзүм бар!
Деп сүйлөнүп Дөрөтү,
Манжу, шибе, жүрү деп,
Кошунум бөлүп жөнөдү.
Анжунун эли кырылган,
Башы өлүп, бел сынган,
Сапырылып журт кетип,
Күмсары ашып бүт чубап,
Көчүп кетти анжуулар,
Көчкөн бойдон анжуулар,
Текши тоону жердеди,
Дегеле кайтып келбеди.
Эр Чиктейден күмөнсүп,
Шибе менен солондун,
Бөлүнүшү чектелди,
Муңгул, шибе, солон деп,
Уруулары жиктелди,
Майданда эли бөлүнүп,
Хан Чиктейге күч келди.
Чиктейдин күчүн көрөм деп,
Манжу, Дөрөт токтолду,
Шибе, Солон бөлүнүп,
Кете турган окшонду.
Манжу Дөрөт жөн койду,
Кой дээр киши жок болду,
Шибе менен солондун,
Кетишине жол койду,
Жүр, кетели жүргүн деп,
Чуркурап булар жоголду.
Ала болуп беш урук,
Алдырмак болду чогулуп,
Ушундайга ылайык,
Карылар айткан макалды ук:
«Ала болсоң алтооңор,
Алдыңдагы атты алдырдың,
Топ болсоңор төртөөңөр,
Төбөдөн жылдыз кармайсың»
Чындыкты айткан чеги жок,
Байыртан калган макалда,
Жалган айткан жери жок.
Жетип келип Кененим,
Кеткендерди көрүптүр,
Көөнүн нечен бөлүптүр:
«Элди талап келгин деп,
Бөлгөн белем элди,деп,
Бузулган бейим муңгулдун,
Бул Чиктейдин пейли,- деп,
Барса барсын мейли»- деп,
Дөрөттү Кенен чакырды:
- Качпай бери келгин! - деп.
Буктурма койуп торчуну,
Келиптирсиң эрмин деп,
Чиктей өлө жаздады,

www.bizdin.kg

Куткарамын сени деп,
Эркиңерге жөн койдум,
Кетсең кеткин мейли деп.
Катынча кылсам урушту,
Сүйрөлүшүп жүргөндө.
Катарың менен башың жеп,
Катар кесип башыңды,
Байланып кетиш турган кеп.
«Амал кылып жоо алыш,
Атага наалат келет, деп,
Эрдик менен алгын» деп,
Аталар айткан бизге кеп,
Теңдик менен сайышып,
Эрдик менен өлсүн деп,
Ошол үчүн турган кез.
Деп Кененим айтканда,
Намыс кылып чоң Дөрөт,
Күркүрөгөн чоң дөбөт,
Найзасын булгап жөнөдү,
Тик качырып Кененди,
Чиктей менен айтышкан,
Сөзү калды талаада,
Ажал айдап күн бүтүп,
Капташмак болду балаага,
Эр Кененим, зор Дөрөт,
Эрегишип сайышты,
Эрикпестен чабышты,
Колтуктарын чойушту,
Чокуга чокмор койушту,
Калкандары калбады,
Кара темир чыдабай,
Бирин-бири албады.
Туулгага балта чака-чак,
Көөдөнгө найза така-так,
Бакырыгы баш жарып,
Баатырдын үнү бака-бак,
Чарайналар чачырап,
Жарылып темир бадырап,
Сооттору жыртылып,
Олпоктору кырчылып,
Найзаны күүлөп сунганда,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Ак көбүк ооздон чачылат,
Азуулары качырап,
Торгой көз темир бадана,
Чыдай албай чатырап,
Куйкалары курушуп,
Чындап булар урушуп,
Булуп-булуп тартышып,
Буулумдарын жыртышып,
Мас болгон нардай кеңгиреп,
Таамай чокмор тийгенде,
Кете жаздап эндиреп,

www.bizdin.kg

Эми сайды чоң Дөрөт,
Кененимди капталга,
Жыртылган жерин белгилеп.
Чыпалактай кара кан,
Карчытынан куйулуп,
Жаны ачыды Кененим,
Чоң Дөрөттөн найза жеп.
Элебей жүргөн Кененим,
Манжу Дөрөт канча деп,
Сотолунун найзасын,
Чыңдап кармап сабынан,
Чымырканып Кененим,
Качырып кирди абыдан,
Түрүн көрүп Кенендин,
Түгөнүп калган чоң Дөрөт,
Оңдоп соотун жамынган,
Каары ашып Кененим,
Ач жолборстой чамынган.
Өтө берип алдына,
Кайта тартып имерди,
Тоодой болгон Дөрөттү,
Бакалоордун безине,
Таамай муштап жиберди,
Муштаганда мылк деди,
Аркы кулак түбүнөн,
Найзанын учу жылт деди,
Найзаны тартып алганда ,
Тоодой болгон  чоң Дөрөт,
Томолонуп шылк деди,
Денеден жаны бөлүндү ,
Тентектин бири бул Дөрөт,
Бул дагы көрдү өлүмдү,
Карап туруп манжулар,
Түп көтөрө өмүлдү.
Арстандын уулу эр Кенен,
Талыкпаган эр немең,
Акым дөөнүн ак кылыч,
Кармап алып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Аралап кирсе манжуну,
Адам коркот каарынан.
Кеңкууланы камчылап,
Кылычтын каны тамчылап,
Калың жерин кайсалап,
Албарс менен талкалап,
Топтолгон жерге кол салып,
Тобун бузуп жол салып,
Жетер –жетпес келгенин,
Найза менен сулатып,
Оң - тескери түшүрүп,
Баш –аламан кулатып,
Айдап чыкты майдандан,
Канкайды карай чубатып.

www.bizdin.kg

Муну мындай таштайлы,
Кененим менен Чиктейдин,
Кармашынан баштайлы.

## ЧИКТЕЙДИН ЖЕР КАПТЫРЫЛЫШЫ

Муңгулдардын Чиктей хан,
Бастырып барбай жанына,
Убалына карабай ,
Агып жаткан канына;
Аралашып мен кирсем,
Манжу  Дөрөт канын кууп,
Бөлүнүп менден чыкканда,
Турган эле эл угуп .
Кененимди алганда ,
Талпагын ташка жайганда ,
Кыргыздын малын олжо алып,
Топтоп айдап барганда,
Ошондо анан көрүнөм,
Анжу, шибе айбанга .
Солондун элин кул кылып ,
Таратпасам ар кайда ,
Анжу, шибе, солонду ,
Үй башына бөлбөсөм,
Каранды кылып муңгулга»
Деп Чиктей хан ойунда,
Беш урук турган жерлерге,
Өзү ээлик кылууга,
Кененимден кантем деп,
Дегеле келбейт кыйалга ,
Кененимдин пейли жок,
Ээн талаага турууга,
Эби келген кез экен,
Эр Чиктейге Кененим,
Угунтуп кепти кыларга,
Келеби деп Чиктей хан,
Карап турду кыйлага.
-Муңгулдардын хан Чиктей,
Арыбың көп ченебей ,
Ээрчип келип үчөө өлдү,
Арамдыкты элебей,
Кырылып жатса канча жан,
Оорунбайсың кенедей.
Арамдык кылып элиңе,
Адал нээт сенде жок,
Узап кетер жериң жок,
Карап көрсөм пейлиңе.
Кененимден кеп угуп,
Сырдашып бирге жүргөндөй,
Жалганы жок чынды угуп,
Адырайган чоң калмак,
Токтоно албай удургуп,
Кармап жутуп ийчүдөй,

www.bizdin.kg

Топтон чыкты жулунуп.
Туулгасы тултуйуп,
Туурасы жоон култуйуп,
Сакалы жок мултуйуп,
Саадагын асып мойнуна,
Жебесин кармап колуна,
Ууга учун сугарган,
Ишенич бар уугуна,
Жебени кездеп жаа тартып,
Кененимди сойууга,
Жайылып уусу кетер деп,
Ок кадалса соотуна,
Бир окту алып тиштеди,
Бир окту жаага кездеди,
Кененимге Чиктей хан,
Айтып турган кептери:
-Баш аламан урушту ,
Баштабайлы биз,-деди,
Кезегимди бер ,-деди,
Менден кезек ал,-деди,
Жебең барбы сеники,
Көрсөткөнүң сен,-деди.
Кененим бекер жан эмес ,
Жебеси жок ал эмес
Ала жүргөн белекке,
Гүлүстөн берген жебе бар,
Үч карыштан чоң эмес.
Белеке алган жебени,
Көрөм деп эми керегин,
Колум сага кол салып,
Бүктөп салган жебени,
Кененим турду колго алып,
Байкап турат Чиктей хан,
Ал жебеге көз салып.
Уккан болчу жети хан,
Көкөтөйдүн ашында,
Жамбы атканы барганды,
Жойкаранын жебесин,
Алмамбет олжо алганын,
Уруусу муңгул Шыпшайдар,
Жебеден куру калганын,
Ал жебени көргөндө,
Чиктей калды туралбай,
Кайрат кылып тайраңдап,
Жебени кездеп тартаңдап:
«Чечекейдин чети,-деп,
Ак чел менен кара чел,
Аралашкан чеги,-деп,
Алыс кетсе аткан ок,
Туулгага тийер,-деп,
Туулгасы жарылса,
Кененим жаны ас калар,
Балта менен чабышса,

www.bizdin.kg

Куралдары кетилсе,
Кошууну жок артында,
Жаңылап курал беришке»
Көңүлүнө жат кылып,
Башынан калса туулга деп,
Чиктей өзү шарт кылып,
Тарткан жебе зыр деди,
Өтө адис эр Кенен,
Ат жалына жыгылып,
Өткөрүп окту жиберди.
«Жебени салса керичке,
Ажалым жетет менин,-деп,
Шыпшайдардын жебеге,
Кененим окту кездесе»
Деген ойду ал Чиктей,
Балтасын алып бакырып,
Каңкайлап ураан чакырып,
Таамай чапсаң Кененди,
Кетем деп жерге жапшырып,
Кененим жебе кездээрге,
Жакын жетти шаштырып.
Баатыр тууган кара көк:
-Катын баасы сен калмак,
Жебеге туруп мен бердим,
Жолуң эле сеники,
Кезегин берип сен турмак!
Колуна алды найзаны,
Чиктей жетти чапкалы,
Балтаны башка жеткирбей,
Найза менен какканы.
Чиктей алды найзаны,
Кененим жетти сайгалы,
Кененимге сайдырбай,
Чиктей кагып таштады.
Найзаларын кагышып,
Бар өнөрүн салышып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыйа шилтеп урушуп,
Кылычка кылып туруштук,
Балталашып урушуп,
Баатырдык менен турушуп,
Чойун баш менен койушуп,
Алакан тери сойулуп,
Найзалашып сайышып,
Намыстанып кайышып,
Так эки күн урушуп,
Опсуз жаман бул уруш,
Ойду-кайгы чабышып,
Оң-тескери салышып,
Бири каңкай, бир кыргыз,
Кең Иледе табышып,
Билектешкен тартышта,
Ажырата тарталбай,

www.bizdin.kg

Аттары турат тайышып,
Багалчеги малынып,
Басалбай тулпар майышып.
Арамкор калмак ал Чиктей,
Акыл ойлоп алганы,
Арбытам деп калбаны.
Аскерди салып урушка,
Өзү качып шарт койуп,
Салбарды тоого баргалы,
Салбардыга барганда,
Калмакка жакын калганы,
Алтайдан алып азыкты,
Тартырып элге жазыкты,
Каңкайдан алып аскерди,
Сайышты чындап салгалы:
«Өз акылым акыл,-деп,
Эптеп-септеп кыргызды,
Четтетейин карактан,
Сайдырып салсам окустан,
Саат чырмап кокустан,
Салбарды ашып калмактар,
Коктукат кетсе жол жакын.
Ушул жерде сайдырсам,
Дым чыгарбай бул элди,
Казак талап албайбы,
Олжого кыргыз тынбайбы,
Азап салдым алты жол,
Какан менен Чынмачын,
Укса шылдың кылбайбы,
Баш көтөртпөй муңгулду,
Кытайдын эли эң жакын,
Көз каранды кылбайбы»
Урушуп жүрүп акыл деп,
Табылды кеңеш макул деп,
Ойлонуп алып Чиктей кул,
Кезектешип жүргөнсүп,
Четтей түшүп күүлөнүп,
Камчысын булгап жиберди,
Хандан жарылык жетти, деп,
Нөшкөй калмак он беш миң,
Ат койуп калмак кетти дейт.
Эл аралап ал Чиктей,
Кара жанын калкалап,
Качып кирди ал Чиктей,
Калмактарды аралап,
Коркпогондо неткени,
Качып кирсе мааналап.
Тегеректеп калмактар,
Теминип кирди сабалап,
Короодон чыккан дөбөттөй,
Коржоңдошуп камалап.
Кенебеген Кененим,
Көп экен деп шашпаган,

www.bizdin.kg

Мындай канча кошуунду,
Сапырып көнгөн баштатан.
Сайаар найза карманып,
Баатыр Кенен барбайып,
Кеңкула менен дардайып,
Каптап келген калдмакты,
Качырып кирди аралап,
Сабын бузбай калмакты,
Сайып барат сабалап,
Каны суудай акканда,
Кашты калмак талаалап.
Он беш миң калмак кошууну,
Көбү кетти кырылып,
Өлбөй тирүү калганы,
Коктукат көздөй сыйлыгып,
Алтайдын тоосун бойлоду,
Каңкайды калмак ойлоду.
Кетип барат Кененим,
Чиктейдин түшүп артынан,
Чиктеген жери Чиктейдин,
Салбардынын этеги.
Самаган жерге чоң Чиктей,
Сапырылып жетти эми.
«Сайа кууп Кененим,
Салбардыга келбейт,-деп,
Салпылдап келсе өчөшүп,
Саламат кайра кетпейт» деп,
Санап туруп сегиз күн,
Салбардыда жатканы,
Санаасы тынып Чиктейдин,
Аттанып чыккан күнү эле,
Алтайдагы Казакты,
Түп көтөрө чапкалы,
Бейкут жаткан казакка,
Бөөдө кайгы тапкалы.
Казактан алган мал-пулду,
Кызы менен боз улан-
Колго түшкөн гүң, кулду,
Кытайга берип өткөрүп,
Андан аскер алгалы,
Айдап алып Кытайды,
Таласка кайра баргалы,
Айабай колдон келгенин,
Кыргызга бүлүк салгалы,
Азыраак калган калмагын,
Айдап алып чоң Чиктей,
Бастырып жөнөй берерде,
Кененим келип калганы.
Келген жерде Кененим:
-Кеңгиреген калмагым,
Качтыбы баштан арбагын?
Качып кайда барасың,
Кара жерди майлайын!

www.bizdin.kg

Качпыгының келгин,-деп,
Кагышып көнгөн экөөбүз,
Кененим жете келдим,-деп,
Жалгысың деп ойлойсуң,
Кажыбаган эрмин,-деп.
Караанын көрүп Кенендин,
Кебин угуп берендин,
Хан Чиктей чыкты дердеңдеп.
Желке чачы сепейип,
Көк наакы бутта тепейип,
Камчылап атын дардаңдап,
Тайган кууган текедей,
Таноолору барбаңдап,
Өзүнүн бойун жыйнабай,
Этектери далбаңдап,
Кара темир калканы,
Аркасында калдаңдап,
Качырып кирди чоң калмак.
Кененим чыкты жол тосо,
Оң айланып сол болуп,
Сол айланып оңболуп,
Омбул-домбул секиртип,
Ойрон болгон чоң Чиктей,
Олоңдорун бекитип,
Белин тартып мекитип,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Согончоктап теминип,
Иледеги урушта,
Башында калган жеңилип,
Жанын айаар жери жок,
Сайыштан качып ээринип.
Найзаны чыңдап карманып,
Кап сени деп арданып,
Жан алчуудай каарданып,
Жылан менен чайандай,
Эт-бетинен заарданып,
Алда канча түрдөнүп,
Кирген буура сүрдөнүп,
Гүүлөп найза ыргады,
Гүүсү кулак тундуруп,
Күркүрөгөн чоң калмак,
Ызгаары шамал зыркырап,
Тушуна келген урчуктоо,
Токтобой кулап быркырап,
Топ-топ учкан канаттуу,
Бирден учуп дыркырап,
Адырда жүргөн айбандар,
Үн алышып чуркурап,
Жер ойулуп кетет деп,
Тешикке кирген айбанат,
Баары ыйлап буркурап,
Агын суулар аркырап,
Токтоо суулар шыркырап,

www.bizdin.kg

Аңкуш-аңкуш дей албай,
Суурлар калды кыркырап.
Жумурткадай жаткан таш,
Токтоно албай зыркырап,
Кайратына кырк толуп,
Кан төгүшөр чак болуп,
Эки балбан беш болуп,
Эңише турган кез болуп,
Өнүп турган жыгачтар,
Дени өлүп нес болуп,
Ат куйругун чарт түйүп,
Күүлөп сунган найзанын,
Учунан жалын от күйүп,
Кабуусуна келтирип,
Как далыга муштаарда,
Күркүрөгөн чоң доңуз,
Найзасын канга чыктаарда,
Далыга найза жетээрин,
Тийсе найза далыдан,
Жүрөктөн чыгып кетээрин,
Билип калып Кененим,
Жер силкинип таш кулап,
Аңтарылып кетсе да,
Кененбеген берениң,
Кыйшайа берип шалк этип,
Ат капталга сулады,
Калмактын сайган найзасы,
Ээрдин кашын сыйпалап,
Каңкып кетип кур калды.
Алдына өтө бергенде,
Оңолуп минип Кененим,
Үк дедирбей жеткени,
Одурайган калмактын,
Сооруга найза жеткени,
Соолуп калган калмагың,
Найзанын учу жеткинче,
Оодарылып кеткени.
Канкытып сайган найзасын,
Алдына өтө бергенде,
Алактаган чоң калмак,
Аркыратып ат менен,
Артынан кууп жеткени.
Камынып баатыр Кененим,
Балтаны кармап сабынан,
Найзанын учу жеткенде,
Балта менен какканы,
Найзанын учку темири,
Быркырап сынып жатканы,
Учу мукур найзаны,
Ал ыргытып таштады,
Балтасын алып бул айбан,
Кененимди чапканы.
Кененим артка бурулду,

www.bizdin.kg

Балтага балта урулду,
Жер жайнап кызыл чок болуп,
Заманы элдин куурулду,
Үстүндөгү эрлери,
Алдындагы аттары,
Кара терге жуурулду,
Айтпай кантип чыдасын,
Булардай мыкты уулду,
Бул өңдөнгөн азамат,
Калың элден туулду!
Эл мактап эрди эргитет,
Эргитип көөнүн сергитет,
Элдин актап туз-нанын,
Эр жигит бойун тердетет.
Арзан эмес эл бакмак,
Элине конуш жер тапмак,
Кыргыздын карап арат жагын,
Кененим тулпар арытат,
Ат арыктап, эл чарчап,
Эл үчүн эмгек тартышат.
Чиктей менен Кененим,
Эрикпей экөө сайышат,
Канча түрдүү арыпты,
Бир-бирине салышат,
Алдында минген аттары,
Басалбастан кайышат.
Туулга, калкан калбады,
Туруштук кылып чыдабай,
Чыкты баары далдалы.
Найзада сайаар курч калбай,
Кылычта кесер миз калбай,
Балтада уңгу сырт калбай,
Чыгып кеткен дал-далы,
Чарайынасы бүт калбай.
Аскерди салып кыргынга,
Качмак болду Чиктей хан,
Чыдаштык кылып туралбай,
Айласы кетип чоң калмак,
Камчысын булгап уйалбай.
Хандан кабар алышып,
Жайнап турган калың кол,
Калбай кирди жабылып,
Аралап кирди элине,
Адамкор Чиктей камынып.
Жаны ачып Кененим,
Токойдо шердей чамынып,
Түрүн көргөн Кенендин,
Түгөнгөн калмак айбыгып,
Үч катар мурун кырылып,
Калмактар жүргөн кайгырып.
Мөкүбалдуу найзасын,
Булгап кирди аралап,
Эт бышым чыдап туралбай,

www.bizdin.kg

Калмактар качты талаалап,
Ач кайкалаң кезеңде,
Чиктей хан турат сагаалап,
Эчтемени элебей,
Кененим барат кан жалап.
Чиктей хан алды ойуна:
«Беттешип чыгып Кенендин,
Мен барбайын жолуна,
Канчалык кылсам кайратты,
Кармалып калам колуна,
Капылетте өлбөйүн,
Кадалып найза бооруна.»
Асынганы асказан,
Атышты алып ойуна,
Мылтыгын алып дүрмөттөп,
От койуп милте түтөтүп,
Арта салып ачадан,
Тиктеп жатты өбөктөп.
Калмактар качып калганда,
Талаалашып ар кайда,
Тартып алып найзасын:
«Бейбечара бул калктын,
Бекерче канын чаппайын,
Боздотуп башын чачпайын.
Касташканым Чиктей хан,
Суутпай изин чалайын,
Качкан болсо адаты,
Кайдан болсо табайын»
Деп ойлонуп Кененим,
Чиктей изин каралап,
Салаа-салаа адырда,
Салып кетип баратат.
Арада алты арту бар,
Кенендин көрүп караанын,
Чиктей көрүп чыдабай,
Кароол менен Жыдыман,
Катар экөөнү беттеди,
Келе жаткан Кенендин,
Тизесин деп чиктеди.
Машаны ирмеп жиберди,
Ооз отунун дарысы,
Кызыл жалын жылт этти,
Оң жаккы бутун көкжалын,
Тизеден үзүп ок кетти.
Кебелип койбойт кенедей,
Солк этип койбойт Кененим,
Чымын чаккан немедей,
«Аткан ок тийбей калды, деп,
Эми дүрмөт салгыча,
Келип калса Кененим,
Өпкө, боор, жүрөгүм,
Өлтүрбөй сууруп алды» деп,
Камына минип атына,

www.bizdin.kg

Кылчайбастан артына,
Коктукат көздөй зуулдап,
Жөнөдү качып шашыла.
Жолу катып Кененим,
Жолборс жүрөк берeним,
Салаңдатып оң бутун,
Олбуй-солбуй камчылап,
Алдындагы Кеңкула,
Омбул-домбул түйүлүп,
Ачып көздү жумгуча,
Чиктей аткан Кайкаңга,
Салып жетип караса,
Милтеге койгон чогу бар,
Жолум үйдөй болжолу.
Аттын изин караса,
Ары карай качыптыр,
Туйагы тийген жерлери,
Жер очоктой казылып,
Жолум үйдөй топурак,
Жол бойунда жатыптыр,
Эңкейип жерди караса,
Оң бутунан Кененим,
Кан куйулуп атыптыр.
Сынган бутун карманды,
Кайра артына айланды,
Канжыгага байланды.
Качып кеткен Чиктей хан,
Капкайда барып бир жерден,
Дүрбү салып карады,
Көрүнүп калды көзүнө,
Кененимдин карааны.
Жүрөгү өлгөн Чиктей хан,
Токтонуп тура албады,
Кылчайып артын карабай,
Караганга жарабай,
Качып жолго салганы.
Эр Кененим элирип,
Эркин аттай желигип,
Эрегишер жолу жок,
Олбуй-солбуй теминип,
Каңкара какшап буту ооруп,
Сынган бутун айабай,
Шишик басып челектей,
Ычкыр кашат, белкырчоо,
Чыгып барды шишиктер.
Атка жүрөр ал калбай,
Карсылдашып Чиктейге,
Качырышар жан калбай,
Кайра артына бурулду,
Бөөрүдөй окшош жуп күчүк,
Кара жолдо урунду,
Алда кайдан бул жерге,
Келип калган ит тууду?

www.bizdin.kg

Эңкейип эки күчүктү,
Салып алды баштыка,
Туптуура кубат калбады,
Таласка кетип калууга.
Удан кошкон Чиктей хан,
Мылтыкка салган дарыга,
Өөдөлөп шишик жабылып,
Эмчеке барды аңгыча.
Жер бетинде адырда,
Чөптө нечен дары бар,
Ал дарынын ичинде,
Сүт эмчек деген дагы бар.
Жүйрүндүн тилин жегеле,
Чөптүн тилин Кененим
Толук билген жайы бар.
Туура келди сүт эмчек,
Эңкейип үзүп алам деп,
Түшүп калды Кененим.
Далайга жатып көз ачып,
Оозуна салды чөптү алып.
Туура келсе тарткылык,
Ким калат качып кутулуп?
Күн чартылдап чагылып,
Мөндүр түштү куйулуп,
Суулар акты шаркырап,
Таштар кулап калдырап,
Буту сынык бой шишик,
Кененим жатат жалдырап.
Салаңдаган урчук тоо,
Томорулуп түбүнөн,
Сан-санаксыз таш келет,
Салаа-салаа зыркырап,
Сак калган бутун таш басып,
Талкаланды быркырап.
Алладан тагдыр ошондой,
Аманат жаны чыркырап,
Эки күчүк баштыкта,
Уулуп-уңшуп кыңшылап.
Чөөлөр келди топтошуп,
Кененимге чукулдап,
Кыз келиндей шыңкылдап,
Чөөлөр чубак каткырат.
Арстандын аты кеңкула,
Айбандан башка жаныбар,
Чөөлөрдү тиштеп ыргытып,
Туйагы менен тепкени,
Мээсин чубай мылгытып.
Чапчыганын жапшырып,
Каражерге капшырып,
Сандап чөөлөр келгенде,
Кеңкула калып шашылып,
Кош кулагын жапырып,
Чөөлөргө тийди качырып.

www.bizdin.kg

Капталдап ташты өткөндө,
Баштыктын боосу илинип,
Күч келгенде чыдабай,
Боосу кетти үзүлүп.
Күчүктөр жерге чачылды,
Караңдаган чөөлөргө,
Арсылдашып үрүштү,
Күчүктүн үнүн укканда,
Чубап жолго түшүштү.
Кененим келип түшкөн жер,
Терең деген жылга эле,
Адам барбас ээн жер,
Чөөнүн кени мында эле.
Башы мөңгү Ала-тоо,
Этеги туйук көк аска,
Кайберен барат капталдап,
Эки жаны заңгыр зоо,
Капчыгайдын өзөнү,
Карагай, кайың, тал анда.
Төө куйрук, шилби, кожогат,
Жапайы терек бар мында.
Боз кийик топ-топ жайылып,
Аңдып чөөлөр жабылып,
Илбирс басат суналып,
Аңдып жатып кыйыктан,
Текени тандап бул алып.
Текелер зоодо кыйналып,
Топозу жумшак тумшукта,
Айуулар жатак суур казып.
Жапайы жаңак, жапа алма,
Шагы ийилет караса.
Карагай, терек, кайыңда,
Куштар турган чурулдап,
Үн алышып канаттуу,
Сайрап жатат чырылдап.
Суу бойлоп шамал зыркырап,
Алда канча аңкыган,
Атыр жыт чыгат буркурап.
Эмчек сүт деген чөптү жеп,
Тарады шишик шимилип,
Күндө бирден суур алып,
Күчүктөр кетти семирип,
Кийик кууду таш-таштан,
Эриккенде элирип,
Буту сынык туралбай,
Кененим жатат зеригип,
Тайгандан качкан кейиктер,
Ташка чыга бергенде,
Ээригип жаткан Кененим,
Жаага окту кергенде,
Беттешип турган текеден
Беш-алтыдан бир атып,
Таштан кулап түшкөндө,

www.bizdin.kg

Күчүктөр менен Кеңкула,
Сүйрөп алып келгенде,
Баспай калган семизден,
Текенин төшүн жегенде,
Такандап турду Кененим,
Күн токсонго жеткенде.
Бекер оттоп кеңкула,
Куландай болуп бүттү эле,
Алгыр эки тайганды,
Кошо ээрчип турду эле.
Жана жатты он беш күн,
Баш-айагы жүз беш күн,
Белсенип баатыр Кененим:
«Тирүү болсоң Чиктей хан,
Эдебиң колго берейин»
Деп аттанды жол тартып,
Коктукат көздөй оң тартып,
Капташып калды Чиктей хан,
Келайтыптыр кол тартып.
Коктукатта зор Чиктей,
Токсон күн жатып кебелбей:
«Кененим издеп келбеди,
Аткан огум тийгенби?
Тийсе болот-уу кошокон,
Салдым эле дарыны,
Баалап кетип Кененим,
Талаада өлүп калганбы?
Же болбосо тамтайып,
Таласына барганбы?
Дем алдырбай барайын,
Таласын талап алайын,
Ак калпак кыргыз дегенди,
Такыр чаап тынайын.
Өлбөсө да Кененим,
Өлүмчө болгон кезеги,
Менин огум даарыган,
Эмгиче өлбөй жүрөбү?»
Кененим тирүү бардыр деп,
Ойунда жок күмөнү.
Элден арбын мол жыйнап,
Элүү миң саны кол жыйнап,
Жекеге чыкса сайышаар,
Балбандан тандап зор жыйнап,
Келе жаткан Чиктей хан.
Капташкан жер кең экен,
Күрпүлдөп жаткан суусу бар,
Орхундун суусу дээр экен.
Ээн жерде Кененим,
Элкин жалгыз бараткан,
Элүү миң аскер, он балбан,
Чиктей хан өзү келаткан.
Чыга калып белестен,
Кездешип калды касташкан,

www.bizdin.kg

Бири калып, бири өлбөй,
Санаасы тынбайт басташкан.
Кененим айтат:-Ой, калмак,
Барасың кайда калдаңдап?!
Кармашка чыдап тура албай,
Качып кеттиң антаңдап,
Эми келе жатыпсың,
Элүү миң калмак самсаалап,
Кененим өлүп калды деп,
Ойуңда, калмак, ушубу?
Каарланса Кененим,
Каныңды төгөр тушубу!
Качканы чын, жалган жок,
Менменсиген хан Чиктей,
Сөз талашар дарман жок,
Калжаңдап намыс талашып,
Качырар шайы калган жок,
Чиктей хан мойнун бурганы,
Кастарлап келген он балбан,
Карап булар турбады,
Батак деген немеси,
Балбан сынып найза сунганы.
Жалгыз башы апкаарбай,
Көп экен деп жазганбай,
Көкжал төрө Кененим,
Качырып найза урганы.
Кененден найза жеткени,
Балбансынган батагы,
Баладай ыргып кеткени.
Аркасынан Кененге,
Сетер калмак жетти эми.
-Сен Кененим, мен Сетер,
Кутулуп менден ким кетер?
Багым артып маңдайда,
Бет келдим сага майданда.
Хан Чиктей мактап маа берер,
Жиңзы ташты алганда,
Сетерде арман калабы,
Караан дүйнө жалганда!
Деп күркүрөп чоң Сетер,
Мурункудан беш бетер,
Булгалап найза качырып,
Буркандап Сетер бакырып,
Тике карап Кененге,
Типтик тийди акырып.
Ойунда келет Сетердин,
Оодара сайып алам деп,
Оорагын баштан качырып.
Короңдогон калмактан,
Кененим коркпойт шашылып,
Айбандан күлүк кеңкула,
Арандай оозу ачылып,
Оозунан чыккан ак көбүк,

www.bizdin.kg

Омороого чачылып,
Оолукандай Кененим,
Манастап ураан чакырып,
Жеткен жерде Кененим,
Тоодой болгон Сетерди,
Тоңкойтту шорун катырып.
Жыгылды Сетер тоңкойуп,
Желип чыкты Кененим,
Темгектүү найза койкойуп.
Ондон эки эр өлдү,
Эми өлүмдү таштап унутуп,
Тоодой Чиктей көгөрдү,
Сом темирин артынып,
Үстүнө соотун жамынып,
Чарайнасын тартынып,
Далыга калкан жамынып,
Башына туулга салынып,
Ач жолборстой чамынып,
Кабагы карыш салынып,
Колуна найза карманып,
Касаба тоодой жарданып,
Жан алуучу периште-
Азырейилдей каарданып,
Таноолору барбайып,
Тамылжып өңү саргарып,
Оозунан жалын от чачып,
Көзүнүн чаарын чыгарып,
Минген атын камчылап,
Казабынан каапырдын,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Көзү көрбөй күүгүмдөп,
Күүгүмдөгү устадай,
Көк жашыл тартып бүрүлдөп:
-Кыйынсыган Кененим,
Кыргызыңда болбодуң,
Кытай менен муңгулдун,
Кошулушкан чегинде,
Капилет өлүп сойлодуң!
Деп качырып хан Чиктей,
Кененимди беттеди,
Кезек бер деп кеңгиреп,
Кезектеп найза кескерди.
«Кезек деп чыкты оозунан,
Кезегин мунун берейин,
Алдында берип кезегин,
Өзүмө кезек келгенде,
Талпагын ташка керейин»
Деп ойлонуп Кененим,
Туруп берди далдайып.
Алдадым деп Кененди,
Ааламдан ашкан немени,
Ого бетер күүлөндү,
Туруп берген баатырга,

www.bizdin.kg

Май соорунун өзү, деп,
Тоодой да болсо күчү бек,
Томорулуп түштү, деп,
Найзаны муштап жиберди.
Олпогуна оролду,
Ороп тартып өткөндө,
Күркүрөгөн Чикетейдин,
Найзасы сынып жоголдк.
Эр Кененим баатырдын,
Ээрден көтү бултайып,
Үзөнгүдөн бут тайып,
Кеңкула жалын тайанып,
Арбагы колдоп Манастын,
Жыгыла жазып тас калды,
Оңолуп минип кула атка,
Оморо сайып Чиктейди,
Жетемин деп муратка,
Найзасын ыргап сундуруп,
Оң тартып атты бурулуп:
-Кезегин бергин Чиктей хан,
Кел майданга түз туруп!
Эр Кененим баатырдын,
Көзүнөн өрттөй от жанып,
Өрдөктөй мойну узарды.
Муну көргөн Чиктей хан,
Майданда туруп бере албай,
Балта менен качырды,
Бура тартып уйалбай.
Анча кирген Кененим:
«Өзүн сайып нетем,-деп,
Балта менен бир салса,
Найзам сынып кетер,-деп,
Жаңылап найза берер жок,
Ишим болор бекер» деп,
Кар жиликтин булчуңга,
Кагып өттү найзаны,
Жарылып кетип булчуң эт,
Сөөгү сынбай какшады.
Кар жиликтен кан агып,
Балтасы түшүп шаңк этип,
Өлбөгөн тирүү жан калып,
Кайра кирсе Кененим,
Өлөмүн деп саргарып,
Качмакчы болду кар нээт,
Эбин тапса жанды алып.
Оозу кургап кан катып,
Улум-улам тамшанып,
Камчысын булгап бакырып:
-Баарың кел!-деп чакырып,
Элүү миң киши ат койду,
Топуракты сапырып,
Аралап кирди тобуна,
Өзү тулку бойун жашырып.

www.bizdin.kg

«Элүү миң аскер, сегиз эр,
селдей каның ага бер,
мен таппасам болбоду,
баш калкалар маана жер.
Баатыр Манас тушунда,
Аранikте урушта,
Дөөхан менен Панусхан,
Соксо, Сотой балбандан,
Анжыдан деп ат койуп,
Араникти алганда,
Соксо, Сотой өлгөндө,
Дөөхан качып келгенде,
Соксо, Сотой экөөнөн,
Эки бала келди эле,
Дөөхандын тукуму,
Алдагы мыкты эр эле,
Өзүм такка мингенде,
Элебедим дегеле.
Калдагай кулак чойун алп,
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат-
Үчөө тең мыкты деди эле,
Ушул бойдон бурулбай,
Мен барайын тигиге,
Үчөөнүн колун чакырып,
Алып келсем бул жерге,
Жалгыз башы Кененим,
Өлбөйбү ушу тим эле,»
Тоодой болгон Чиктейдин,
Ойлогону бул эле.
Бул үчөө жердеп турган жер,
Сарыкум, Бейтик дер эле,
Батышка башын буруптур,
Түштүктү көздөй ыңгайлап,
Тулпарга камчы уруптур.
Күндү улап түн басып,
Түнгө улап күн басып,
Так жыйырма күн жол тартып,
Келип жетсе Чиктей хан,
Бейтиктин кулан кумунда,
Чогулуп үчөө бир жерде,
Олтурган экен жыйында.
Тоодой болгон чоң Чиктей,
Жолоочудан кеп угуп,
Келип калды чогууга.
Көрбөгөн мурун Чиктейди,
Кабарын угат бир жери,
Аты арыктап ыргайдай,
Бит семирип торгойдой,
Бел ничкерип мойну кес,
Өңдөн азып сары жез,
Шашылып кебин айтар тез:
-Өзүм муңгул урукмун,

www.bizdin.kg

Атым Чиктей улукмун,
Муңгул менен кыргыздын,
Арасында кек бар деп,
Көп кишиден кеп уктум.
Семетей кайып болду, деп,
Сейтек өлүп солду, деп
Шибе, солон, муңгулдан,
Манжу менен анжудан,
Алтымыш миң колду алдым,
Сотолу, Дөрөт, Тетеги,
Мен-менсиген зорду алдым.
Манастын шаары Таласты,
Чабайын деп Алашты,
Батышка кетип бараттым.
Түгөнгөн Манас тукуму,
Түтөгөнүн билбепмин,
Илебиндин кырында,
Кененимге жолгоштум,
Туу сайышып жол тостум,
Куйругун басып алыпмын,
Уктап жаткан жолборстун.
Какан менен Чынмачын,
Мен ошондой деп ойлопмун.
Сотолу, Дөрөт, Тетеги,
Сойдурдум катар үчөөнү,
Алты күнү керт башым,
Жан айабай кармаштым,
Чыдай албай каарына,
Чымын куйун мен качтым.
Артыман кууп келет деп,
Салбардыдан жол тостум,
Удан кошуп дарыга,
Мылтыгымды октодум,
Тосуп туруп мен аттым,
Токто кылбай келе атат,
Тосолбай жолун мен качтым,
Коктукат бардым жериме,
Үч ай жаттым элимде,
Кененимден кабар жок,
Төрт айгача дегеле.
Ок даарыган белемдеп,
Өлгөн экен Кенен деп,
Элүү миң аскер, он балбан,
Кыргызды чаап келем деп,
Келе жатсам дердеңдеп,
Жолуман чыкты капташып,
Найзага темир ашташып,
Сайыштык кайра басташып,
Он балбандан экөө өлдү,
Ал келбеди чакташып.
Карап бекер туралбай,
Качырыштым карпаңдап,
Айбат кылдым канчалык,

www.bizdin.kg

Түр көрсөтүп барпаңдап.
Кезек берди сайгын, деп,
Ойлодум сайып алдым деп.
Туруп берген Кененим,
Томоро сайып алалбай,
Найза сынды, кур кол,
Качып чыктым туралбай,
Түбүбүз бирге тууган деп,
Айтып турам уйалбай,
Жатасыңбы, үч баатыр,
Кененимден кек албай?
Улуктук колдо турганда,
Унутупмун силерди,
Ошол кезде эске албай.
Улук болуп журт сурап,
Урмат көргөн күнүндө,
Какан менен Чынмачын,
Катарлап чаап олжо алып,
Карк алтынга бөлүнүп,
Кабың толгон күнүндө,
Катарга албай, эске албай,
Эч болбосо кепке албай,
Дердейип жүргөн күнүндө,
Жерге-жээк, тууган деп,
Толуп турган күнүндө,
Келбедиң, Чикетей, десеңер,
Өзүң билгин, үч баатыр,
Бар сырымды жашырбай,
Айтып турам мен такыр.
Деп зарланып зор Чиктей,
Айтып кебин түгөттү.
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Калдагай кулак чойун алп,
Бирин-бири карашып,
Туруп калды бир далай,
Намысы кеткен Чиктей хан,
Дагы айтты туралбай:
-Олтурасың үч балбан,
Алдыңа келип мен турам.
Кокусунан Кененге,
Мен катылдым бекерге,
Катышып өзүм барбасам,
Келбейт эле бу жерге.
«Коңурбай, Манас тушунан,
Мөөр басышкан кат бар» деп,
Кененим келди бул кепке.
Менден коркуп Кененим,
Кебин айтып жатат деп,
Ойума келди ал жерде,
Ойлогонум күч болуп,
Алдыңа келдим силерге.
Калмактар бизге ар качан,

www.bizdin.kg

Кастык кылар экен деп,
Эрдемсип калды Кененим,
Келбей койбойт бул элге,
Кабар кылбай силерге,
Качып кетсем Каңкайга,
Таппай калса Кененим,
Бурулуп кайра тартканда,
Келип калса бүтүмгө,
Менде калат болучу,
Арылбаган жаман ат,
Ачык жооп бергиле,
Барыңар болуп саламат.
Чиктей кебин бүтүрдү,
Калгандар кепке түшүндү,
Ошол кезде Чиктей хан,
Оозунан түтүн буркурап,
Улутунуп үшкүрүп,
Кечилдин ханы үшкүрсө,
Жыйналышта көпчүлүк,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Чиктейдин көрүп кабагын,
Элинин көрүп абалын,
Калдагай кулак чойун алп,
Капаланып өкүрдү:
-Темир тонду Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Сен кебиңди ачып айт.
Жыл он эки ай камынып,
Мен барамын келер жаз,
Бүгүн жүрүп кетерге,
Дайардык жок, Шайман аз.
Мен билемин көп ишти,
Тажиктин эли ага кас,
Бармак болсоң баарыңар,
Мени менен акылдаш.
Кашкар менен басабыз,
Жоодардын элин чабарбыз,
Олжону андан табабыз,
Үч бөлүнүп кашкардан,
Үч араандап барабыз:
Торукарттап барибиз,
Чечдөбөгө баралы,
Кошойдун уулу жалгызек,
Карып калган мезгили,
Аны талап алабыз.
Эркечтамдан бирибиз,
Алты шаар, Анжидан,
Өлөр-өлбөс жаны бар,
Өлүмчү болгон Сынчыбек-
Өзүбекти талайбыз.
Тажиктин шаары Дүйшөмбү,
Теңдеши жок Темирбек,
Кошулуп бизге колберет,

www.bizdin.kg

Ташкоргонду аа берсек.
Чечдөбө, Кашкар, Анжидан,
Тажикти кошуп алганда,
Хотен, Жеркен, Лопнурдан,
Каттабай тосуп салганда,
Кара калпак, түркмөнгө,
Шаңхай менен бараңга,
Кылдырбай кабар аларга,
Жолун тордоп алганда,
Чиктей менен төрт болуп,
Жалындап күйгөн өрт болуп,
Темирбек менен беш болуп,
Ойдогудай иш болуп,
Оодарылгыз тоо болуп,
Оморулгус бел болуп,
Чогулуп биздер барганда,
Алакандай Таласка,
Кененим жалгыз калганда,
Кумардан чыгып кайтабыз,
Кыргызды талап алганда.
Калдагай кулак чойун алп,
Чогултуп айтып салганда,
Шалкымат менен Кикимат,
Убада кылды бараргa.
Жол бөлүштү олтуруп,
Кыргызга кылып жол туйук.
Калдагай кулак чойун алп,
Жана кепти ал деди:
- Иле бойлоп, хан Чиктей,
Сен Таласка бар, - деди,
Жеткен жерде кыргызга,
Четинен талоон сал, - деди.
Бул олтурган үчөөбүз,
Кең Кашкарга барабыз.
Лопнур, Жеркен, Хотенге,
Түк туйгузбай бул элге,
Жоодарды чаап алабыз.
Кабарсыз кылып буларды,
Жол тостуруп салабыз.
Чатыркөл бойлоп жаңарттап,
Таласка барат Кикимат,
Чечдөбөдө кыргызга,
Өзү барат Шалкымат.
Ташкоргон берип тартууга.
Дүйшөмбүгө мен барам,
Темирбекти кошо алып,
Анжиданга кол салам.
Чогултуп келип бөлөбүз,
Алтын,күмүш,олжо мал.
Таласты талоон кылганда,
Талап алып тынганда,
Эгин эк деп койобуз,
Хотен, Жеркен, Лопнурга,

www.bizdin.kg

Бой бербей келди Лопнурлук,
Карача хандан бер  жакка.
Үйдө олтуруп Муңгулдар,
Кыргыздын элин бөлүштү,
Эсине алып койгон жок,
Дегеле булар өлүштү.
Кайра тартып калган жан,
Каарына калсын мунун деп,
Буркандарын өбүштү,
Убадасын токтотуп,
Чиктей кабар беришти,
Тарап булар жөнөштү.
Аттанып алып хан Чиктей,
Кайра тартып барганы,
Элүү миң черүү, сегиз эр,
Селдей канын агызып,
Тирүү калган Муңгулга,
Кененим өзүн таанытып.
Ээсиз калган аттарды,
Казака жыйнап таратып,
Эр Кененим келиптир.
Кененимдин жанында,
Бирге жүргөн күчүктөр,
Бир күндүк жерден жыт алып,
Арсылдап үрүп үн салып,
Таскактап желип тайгандар,
Эчтекеден тайманбай,
Чиктей карай жүгүрдү,
Ылдамдап тайган кеткенин,
Эр Кененим көрүптүр,
“Жан көрбөсө жаныман,
Жарым кулач кетпеген,
Доңуздан башка жандарга,
Жолдон чыкса үрбөгөн,
Жаныман кетти ажырап,
Үргөнчө кетти арсылдап,
Аңдып жүрүп чоң Чиктей,
Келатканбы жакындап?
Айбанда доңуз эң жаман,
Адамда Чиктей көк каман”
Ойуна алып Кененим,
Ат койуп баатыр келаткан,
Сары кумдуу куу чөлдө,
Кулагын салып Кененим,
Тайгандардын үнүнө.
Жанада бар ойунда:
“Качкан болуп чоң Чиктей,
Таластабы бул күндө?”
Тайгандын бири кыңшылап,
Кененимге жоолукту,
Таң атардын бүрүлдө,
Кененимге жакындап,
Куйругун булгап шыйпаңдап,

www.bizdin.kg

Алдына түшүп жөнөдү,
Бол жүргүнүң дегенсип ,
Аркасын карап кылчактап,
Эр Кененим жөнөдү,
Кеңкула менен ыкчамдап.
Эки тайган закымдап,
Калмактын ханы Чиктейге,
Жакын барды такымдап.
Тайганды көрүп эр Чиктей,
Бир көргөнү эсинде,
Көрүнгөн тайган көзүнө,
Кененим менен беттешип,
Эрегишкен кезинде.
“Ээн калган кошуунду,
Кырган белем бурут, - деп,
Мени тосуп жүргөнбү,
Ушул жерде туруп”деп,
Жааны алды колуна,
Эки окшош тайганды,
Салайын деп жолуна.
Беттештирдим деп ойлоп,
Жебени чойуп жиберди,
Жанаша экөө келаткан,
Жебенин огу тийгенде,
Кулап кетти куу тайган,
Кайра качты булт берип,
Ок тийбеген суртайган.
Кененимди тосот деп,
Кайта артына келаткан,
Кененимге жолугуп,
Жолдошум өлдү дегенсип,
Жолду баштап келаткан.
Ок тийген жерге тайганга,
Келип жетти Кененим.
Тайгандагы жебени,
Колуна алып караса,
(Ал кездеги эрлердин,
Жебесинде белги бар)
Хан Чиктейдин огу экен,
Көргөндө болду таанымал.
“Кайда барган хан Чиктей?
Качып тоодо жүргөнбү?
Же качып барып бир жерге,
Баш мааналап келгенби?
Таппасам ишим бекер”деп,
Изине түштү аргытып,
Кеңкула менен кекерлеп.
Өңү сары,көзү көк,
Өткүр тууган Кененим,
Кекенсе башын кесүүчү,
Жеткир тууган Кененим.
Кара нээт зор Чикетей,
Тайганды атып өлтүрүп,

www.bizdin.kg

“Кутулам кайда барып?-деп,
Кайкалактап үшкүрүп,-
Каканчын барсам батпаймын,
Кантип жанды сактаймын?
Оогандын бизде кеги бар,
Чоң аралдын элдери,
Бир кондурбай кубалар.
Барар жерим калбаптыр,
Аа көрөктү буруттан,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн,
Бактым артса буруттун,
Башын кесип жөнөйүн”
Маана болор эл таппай,
Баш калкалар жер таппай,
Бадырек доңуз башында,
Балбансынбай жөн жатпай,
Кайран жан калды жай таппай.
Качып жүрүп кыдырып,
Далай жерди сыдырып,
Барар жерин билалбай,
Кетип барат шылыйып,
Артынан чыкты аңгыча,
Манас деген кыйкырык.
Кыраандын үнүн укканда,
Кыйкырыгы чыкканда,
Айанар жери калган жок,
Хан Чиктейдин ушунда.
Түпөктүү найза булгалап,
Каңкайлап ураан чакырып,
Жан айабай зор Чиктей,
Жаман тийди качырып.
Алдындагы тулпары,
Кош кулагын жапырып,
Араандай оозу ачылып,
Ак көбүгү буртулдап,
Омороогу чачылып,
Ал белгиси келгенде,
Чанданды алчуу жапшырып.
Зыркаары шамал зыркырап,
Учкан куштай дыркырап,
Ырсайып оозу ачылып,
Азуулары кычырап,
Маңдайында эки көз,
Учкундап оту чачылып,
Артынан чаңы сүрүлүп,
Аркасында айдаары,
Аргамжыдай түрүлүп,
Кененимди беттеди,
Жалаңгыч сарык атанган,
Апкаарып мындан кетеби?
Эки балбан бет келди,
Күч сынашар кез келди,

www.bizdin.kg

Кездемдин боосун чубалтып,
Кезкерип найза чунайтып,
Эр Кененим жаш арстан,
Кеңкуланы чуратып,
Качырып найза сайышып,
Найзаларын кагышып,
Адашып кеткен эки дөө,
Эми калды табышып.
Ач кыйкырык бакырык,
Аскарлуу зоолор жаңырып,
Үнүн уккан айбанат,
Акылынан жаңылып,
Кумдагы кулан оттобой,
Топ-топ болуп чогулуп,
Секирип койон ойнобой,
Адырды түлкү жойлобой,
Текелер таштан түшө албай,
Булардын иши бүтө албай,
Жыртылды жердин далайы,
Тулпарларга түтө албай,
Жолборстун жолу байланды,
Черден чыгып кете албай.
Бөксөдө бөрү көналбай,
Көөнүнчө жандар жүрө албай,
Балтадан чыккан чакылдак,
Түн ичинде болгондо,
От чагылып жалтылдап,
Кош көрүнүп корконго,
Муунуна кирип калтылдак,
Чарайнага найзанын,
Учу тийет такылдап.
Калкандары быркырап,
Олпоктору жыртылат.
Уйалбаган бул калмак,
Дагы туруп кеп кылат:
- Ортобузда биздердин ,
Далай болду көп чатак,
Эп келсе сага,Кененим,
Кезектешип урушсак.
Кененим айтат мындай деп:
- Мундан мурун эки ирет,
Уйалбай кезек сурадың,
Атам Манас шер үчүн,
Кезекке чыдап турганым,
Кезегиң алып болгондо,
Сен кезекке чыдап турбадың.
Туруп берчи сен Чиктей,
Мурун кезек алайын.
Жооп жандырбай алайып,
Жана кирди карарып,
Ажал жетип күн бүтүп,
Улам ээрдин жаланып,
Качырып кирди Кененге,

www.bizdin.kg

Жалаң кылыч колго алып,
Бөйөн менем чайандай,
Уусунчачып каарданып.
Кылычты шилтеп ийгенде,
Кылыч келип тийерде,
Каары катуу,заары күч,
Камбыл тууган Кененим,
Найза менен карыга,
Кагып өттү калмакты.
Кылычы ыргып кеткенде,
Кайра тартып оролду,
Капкадай болгон калмакты,
Как шилиге бир койду,
Кененим сайган оңорбу,
Томолонуп атынан,
Тоодой  калмак торойду,
Жаны ачыган Кененим,
Коондой болгон башына,
Балта менен бир койду,
Айрандай мээси чачырап,
Ааламдан Чиктей жоголду.
Коштоп алып тулпарын:
“Калмакка барып нетем, - деп,
Кадиксиз жаткан тынч элге,
Салбайын калба бекер,-деп,
Дагы чыкса жаталбай,
Кек алам деп кекерлеп,
Өчүгүшүп көрөйүн,
Ошол кезде бекемдеп”
Деп ойлонуп Кененим,
Тулпарды жолго жулкунтуп,
Жолдун чаңын бургутуп,
Калмакты сайып кан кечип,
Эл-журту менен көрүштү,
Аман-эсен алжетип.
Душманга болуп күйүнчү,
Ак калпак кыргыз элине,
Абыдан болду сүйүнчү.
Муну мындай таштайлы,
Кейиш тарткан Кененим,
Кеселинен баштайлы.

## КЫРГЫЗГА КЕЛГЕН КЫРСЫКТАР

“Атбашынын бетинде,
Чечдөбөнүн четинде,
Олуйазаада Кошойдун,
Жалгыз уулу жалгызек,
Атасынан бер жакка,
Биз менен болгон бир тилек,
Карып калган кезимде,
Каттабай мага койду, деп,
Калбасын анын эсинде,

Алдына барып келейин,
Абалын анын билейин”
Деп ойлонуп Кененим,
Таластан чыгып жол тартып,
Атбашы көздөй барыптыр,
Учурашып калыптыр.
- Абаке, келдим алдыңа,
Барып келдим жакында,
Капкайдагы Каңкайга.
Барганынан келгенин,
Жашырбай айтып бар кебин,
Ашырбай айтып чын жерин,
Эки күн өрүн алыптыр,
Кетемин деп айтканда,
Жалгыз ээк кебин салыптыр:
- Ээ, кулунум Кененим,
Менин бар сага бир кебим.
Мени кылдың ыраазы,
Ушул сапар келгениң,
Үч айдан артып баратат,
Батырып тамак жебедим.
Агарып сүрүп таң атып,
Жаркырап тийип күн чалып,
Карарып кайра түн келип,
Мен жүрөмүн ошентип,
Келер бекен сени деп,
Жүрчү элем мунетип.
Ооруган жердин дайны жок,
Сиркечелик алым жок,
Денем турат, шайым жок,
Мурункудай чагым жок.
Жалгыз бала Бакытбай,
Жашы толуп жетелек,
Балапан жүнү бата элек,
Балтыр эти ката элек,
Аттанып жолго баса элек,
Быйыл чыкты он үчкө,
Жаңы түлөк жаш эле.
Багып алгын ,Кененим,
Тилегим келди оңунан,
Саа тапшырайын дегемин.
Тил алсаң, балам, бастырба
Үч күндөн артык күнүм жок,
Аркандан киши чаптырба.
Ополдун түбүн жердеген,
Олуйа чал дээчү  элек,
Арпанын башы жайыктан,
Чоң атаң,балам,Семетей,
Ак шумкар Алган уйадан ,
Алдында алдым бир бүркүт,
Ак ийин деп атыккан,
Шер Гүлчоро, эр Сейтек,
Эрмекке салып жатышкан.

www.bizdin.kg

Кийин алдым бир бүркүт,
Кыл канат болду бул бүркүт,
Көзү көргөн жанды алды,
Топ-топ чыккан карышкыр,
Кутулуп кете албады.
Олуйа чал суратып,
Алып кеткен Кененим,
Эки жыл болду бербеди,
Барып алып келүүгө
Менин алым келбеди,
Абамдан калган мурас деп,
Салып жүргүн, Кененим,
Адамга сонун эрмеги.
Атам Кошой карыйа,
Арыстан Манас барында,
Бейжинге барса бир барган,
Кошо жүргөн жанында.
Айкөл Манас өлүмүн,
Ак калпак кыргыз көрүптүр,
Көмгөн жерин төрт киши,
Көзү менен көрүптүр-
Каныкей, Бакай, алп Төштүк,
Кошой төртөө көмүптүр.
Атасы Жакып көрбөгөн,
Абыке Көбөш билбеген,
Арыстан Манас, дөө Кошой,
Мына ушундай жүрчү экен.
Каныкей чапты төлгөгө,
Атымдын аты тай тору,
Табылды уулу Семетей,
Кол кармашып келгенбиз,
Эмгичекти бөлүнбөй,
Каламбы деп коркомун.
Өлүгүм менин көмүлбөй
Өзүң келдиң жолборсум,
Менин Кызыр болду жолдошум,
Бүрсүгүнү чаршенби,
Балам мага жол болсун,
Жума күндөн калтырбай,
Чечдөбөгө койорсуң.
Сый-сыпатын толук кыл,
Аш берем деп кыйналба,
Көз кырыңды сала жүр,
Бакытбай жалгыз балама,
Деп жалгызек тапшырып,
Эки күнү жаткырып,
Тогуз бээни алдырып,
Тоодогу малга чаптырып,
Жатуучу жерин көрсөттү,
Жалгызек өзү бастырып,
Тирүү туруп Жалгызек,
Көрүн мыктап каздырып,
Он беш киши көр казды,

www.bizdin.kg

Ошол жерге жаткырып,
Кемегесин ойдуруп,
Жанына казан астырып,
Жаңылап бээни сойдуруп,
Арчадан чапкан чөмүчүн,
Эт котортуп бастырып.
Баш-айагын чойдуруп,
Найза бойу ойдуруп,
Чаршенби күнү шашкеде,
Жалгызек кетти чойулуп,
Уктагансып баратат,
Сурмалуу көзү куйулуп,
Чирене түшүп жок болду,
Кызыл өңү кубулуп.
Катыны какшап зыркырап,
Бакытбай ыйлап буркурап,
Кара кыргыз калың эл,
Баарысы ыйлап чуркурап,
Көпчүлүк ыйлап бергенде,
Жалпы кыргыз элине,
Аа дүйнө кеткен жалгызек,
Жаккандыгын билди эле,
Жаназага келсин деп,
Туш-тушка кабар берди эле.
Ар тарапка чабарчы,
Ат жетер жерге атказды,
Атайлап анан кат жазды:
«Жалгызек өлдү,- деп жазды.
Азыр жайлоо жайлаар кез,
Чыңыртып кулун байлаар кез,
Болжогон күндө келгин тез.
Шаршенби күнү жалгандан,
Жаннатка кетти Жалгызек,
Жума күнү койобуз,
Арпага чыгып конобуз,
Кат жазгандын баарысы,
Кең Арпада болорсуз.»
Бакытбайдын катынан,
Кененимдин атынан,
Так кырк күндү болжоду.
Кашкар, Жеркен, Хотенге,
Лопнур, Азык, Баркөлгө,
Алтай, Чөйчөк, Илеге,
Үчкаркыра, Капалга,
Кең Ысыккөл, Текеске,
Түштүк, Чыгыш, Түндүк деп,
Кат жазып буга бүттүк деп,
Бадакшан, Балык, Үркөнчүгө,
Кең Букарга караган,
Кыйба, Шанхай, Баранга,
Жетисууда жедигер,
Ошол элге кабар бер,
Кара калпак, Түркмөнгө,

www.bizdin.kg

Урумда кыргыз жүргөнгө.
Самаркан, Ташкен, Наманген,
Кокон менен Маргалаң,
Өзүбек турган он шаардан,
Ашка келсин деп жазган,
Ар тарабы санаты,
Кырк бир киши атказган.
Таластагы кыргызды,
Сапка баарын тургузду,
Кызмат кылгын барып деп,
Бүт кыргызга угузду.
Болжогон күнү кырк күндө,
Арпага элди чубуртту.
Арпага кайкап эл конду,
Бир үйгө алды беш конок,
Күндө бирден тай сойуп,
Беш күн өрүүн алдырды.
Уй мүйүз тартып олтуруп,
Уругу кыргыз болгон журт,
Кеңеш кылып алышты,
Ошол күнү кечинде,
Жедигердин элинен,
Кабарчы жетип калышты:
«Коросон эли козголуп,
Жетисууга келди,-деп,
Тай семизин калтырбай,
Такыр сойуп жеди,-деп,
Андан башка угушта,
Жана дагы бу бир кеп-
Хотен, Жеркен, Кашкарга,
Ким экени билинбейт,
Буга аскер келди» деп.
Шумкабар элге жайылды,
Хотен, Жеркен, Кашкарлык,
Жедигер ага кошулуп,
Турпан, Баркөл алардан,
Ат арытып баргандан,
Күмөн кылып Каңкайдан,
Баары калбай чубаган.
Алтай, Чөйчөк, Иледен,
Казактын эли көп келген.
Ашка кетти баары деп,
Келдиби кытай чабуу, деп,
Катын менен баланын,
Көрөлү жүзүн жүрү, деп,
Аттанып жүрдү дүркүрөп.
Аттанып жаткан элдерди,
Токтото албай койгун, деп,
Хандардан барды канчалап,
Калбай кетти анталап.
Топ-тобу менен жөнөдү,
Бирин-бири караандап,
Кара кыргыз элдерин,

www.bizdin.kg

Аман болгун баарың, деп.
Бактыбайга Кененим:
-Жаман-жакшы иш болсо,
Мага кабар салгын,-деп,
Ээлик болгун элиңе,
Жаман атты болбо,-деп,
Таластык такыр аттанды,
Арбагы Манас колдо, деп.
Таласка барып жай алды,
Мал семирип май алды,
Айак оона айында,
Күн бузулуп карарды.
Кыра жака Кеңколго,
Тердикке чыга кар жаады,
Бөксөдөн өөдө кар калды,
Бөксөдөн ылдый карарды,
Кесик оору дарт болуп,
Кененим ооруп ал калды.
Эккен эгин дегенден,
Кылайган неме калбады,
Кардын жатып түбүндө,
Сасып чирип куурады,
Бештин айы дегенде,
Азык издеп ар кайда,
Элдин алды чубады.
Күндө шамал ырылдап,
Суук болуп зырылдап,
Тумандап күндө куроо бар,
Жылт-жылт этип зымылдап.
Түшкөчө шамал батыштан,
Түштөн кийин чыгыштан,
Бугу айлары болгондо,
Чыдай албай суунтан,
Жылкыдан калды азыраак,
Кара малдан калбады.
Жер чымырап көк чыкпай,
Текенин айы дегенде,
Титиретип суук чыкпай,
Жай күнү кыштай кылчылдап,
Ала канчык шыбыргак,
Жана кайта айланып,
Оона айына уланат.
Он эки айга жыл толду,
Кененим өөдө туралбайт,
Мындайчылык күндөрдө,
Түбү тууган туралбайт.
Алты шаар, Анжыйан,
Ташкен мененСамаркан,
Кененимди соога деп,
Далай аштык алпарган.
Кененим ооруп жаткалы,
Булар кайта баш тарткан.
Атбашыда Бактыбай,

www.bizdin.kg

Жаман чылык деги жок,
Мурункудай жай жаткан.
Таластан алды кабарды,
Ачарчылык жаманды,
Жерге келип катаалдык,
Малдан неме калбады,
Таластын угуп кабарын,
Бактыбай тура албады.
Жарлык кылып элине,
Тогуз миң улоо камдады.
Азык артып баарына,
Аргамжы менен чамдады,
Үч жүз киши котчу алып,
Таласты көздөй айдады.
Жолдо бара жатканда,
Бактыбай көрдү бир жанды,
Көзү кызыл, ак сакал,
Күдүңдөгөн бир чалды,
Тосоттоп жолун бастырбай,
Чалдын жайын сурады:
-Кайдан келген адамсың?
Кайсы жакка барасың?
Менин атым Бактыбай,
Таласка кетип барамын.
Тогуз миң унаа малым бар,
Баарына арткан даным бар,
Ал сурайым Таластан,
Кененим аттуу агам бар,
Айкөл Манас бабам бар.
Таластагы кыргызды,
Үч жылы багаар чамам бар,
Бир мал калбай өлдү деп,
Мен угамын шум кабар.
Анчүн кетип барамын,
Атбашыда туралбай.
Жолуккан чал кеп айтты:
-Атым Жоодар,-деп айтты.
Уругум менин Жедигер,
Кененим менен айлым бир,
Королош жүрөм жай-кышы,
Жайыттагы малым бир,
Үч күндө бирден даам ичем,
Ошол үчүн жанымбир,
Өлүп кетти Кененим,
Бул кезгече баарыбир.
Кебимди ук, Бактыбай,
Даныңды жеп жаның бак,
Өз элиңде көөнүң жай.
Жедигерге барамын,
Жеримен кабар аламын,
Алып келип унаа таап,
Көчүп кетип каламын,
Кененимден айрылсам,

www.bizdin.kg

Кимди карап турамын?
Бадакшанда жээним бар,
Жедигерге жетпесем,
Жээнимен унаа табылар.
Кош эмесе, - деп койуп,
Бура тартып жөнөдү,
Бактыбай ачык түшүндү:
«Бул жөөттүн өнөрү,
Далайдан бери Темирбек,
Тажикти бөлүп кыргыздан,
Каңкай менен кабарлаш,
Ар кимден сурап угушсам,
Атамдын ашын берерде,
Чакыртсам Тажик келбеди,
Уккандын баары чын болду,
Ачык турат күмөнү,
Кененим ооруп калды, деп,
Ачарчылык Таласта,
Дарманы кетип кыргыздын,
Дайынсыз болуп калды, деп,
Бараткан экен жоодар чал,
Тайыны кеткен Таласка,
Темирбекти баргын деп.
Айттырып сөзгө канайын,
Жоготпостон карaанын,
Чакырып келе калайын,
Убара кылбай бирөөнү,
Өзүм эле барайын,
Жол узарып кетпесин,
Бачымыраак чабайын»
Деп ойлонуп Бактыбай,
Бура тартып чуу койду,
Көмөскөгө жоодар чал,
Кире берип жоголду.
Байкап барат Бактыбай,
Төмөн жаккы белестен,
Башы чыгып коройду.
Ойуна алды Бактыбай:
«Ойлогонум чын болду,
Куткарып ийсем бул чалды,
Түгөнгүсүз чыр болду.»
Бура тартып Бактыбай,
Жоодар чалга туйдурбай,
Адырды карай бет алды,
«Жаш Бактыбай адырдан,
Аркар көргөн экен» деп,
Алдастаган Жоодар чал,
Ат айабай жол жүрүп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп:
«Бактыбай кайра кеткиче,
Тажиктердин кошуунун,
Баштап келсем үлгүрүп,
Кош олжолуу болдук» деп,

www.bizdin.kg

Бити батпай ичине,
Жоодар чал барат сүйүнүп,
Жолду байкап Бактыбай,
Жоодар чалдан оозуптур,
Жолу каткан бул чалдын,
Жолунан чыгып тосуптур.
Элеңдеген жоодар чал,
Чыга калса сеңирден,
Алдында турат Бактыбай,
Кылмуруту керилген.
Сырымды билген, экен деп,
Ойуна алып Жоодар чал,
Кутулам кантип, деп,
Акыл-эси болду дал.
Кеп сурабай Бактыбай:
-Жүр бастыргын, Жоодар чал,
Ачарчылык Таласта,
Үйүңө жетер аштык ал!
Деп катуулап айтканда,
Арамзаада Жоодар чал:
-Ээ, кулунум Бактыбай,
Айтар сага кебим бар,
Сен жаштык кылбай тилим ал,
Барган менен Таласка,
Уйат болуп калбагын,
Кененимди табалбай.
Жылмайа түшүп Бактыбай:
-Бул айтканың чын болсо,
Сен экөөбүз биригип,
Бачымыраак баралы,
Эр Кененим төрөдөн,
Жетип кабар алалы.
Жакшылыгы бар болсо,
Учурашып жанайын,
Жамандыгы бар болсо,
Көзүм менен көрөйүн,
Алып барган соогамды,
Аман калган тууганга,
Ата уулу кылып бөлөйүн,
Амандашып калганга,
Андан кийин жөнөйүн.
Бастыргының, болгун, - деп,
Жоодардын атын соорулап,
Бактыбай жөнөй берегенде,
Баспаймын деп айта албай,
Баш булгап кайра тарталбай:
«башыма боолук түштү,-деп,
Башын жесе Кененим,
Башым тирүү каламын.
Бар болсо тирүү Кененим,
(Барбай баскан экемин)
Башымды билдим алаарын»
«Үйрөнүшкөн жоо болсо,

www.bizdin.kg

Айтышарга ийиги» деп,
Элден калган бул бир кеп.
Акылдан танып эндиреп,
Айласы кетип темселеп:
«Өтөгү бай эр эле,
Унутуп калар бекен» деп,
Эсинен чыкпайт Жоодардын,
Эси жок айткан чогоол кеп.
Бастыраарда Жоодар чал,
- Барасыз кайда өзүң? - деп,
Сураган экен Чыныке,
Жайын айтпай түз кебин,
Чогоол айткан ал жерде:
- Бастырамбы, турамбы,
Эрк өзүмдө меники,
Ооруп жатат Кененим,
Ошону багыш сеники.
Дагыдаарбай, Чыныке,
Сен жайыңча жүргүнчү!
Деп аттанып кеткен болуучу.
Бир буудайга семирген,
Акылсыз киши болуучу,
Ичкенин кузган оозунан,
Чабалдын иши болуучу,
Бергенин алган доолашып,
Жамандын иши болуучу,
Ичкен тузга кас кылган,
Качан киши оңуучу?
Бактууга барып тийишкен,
Башын жеп анан тынуучу,
Байыртан калган бар элге,
Бабаңдын салты болуучу,
Кылымдар бойу кыдырган,
Кыргызга калган нарк ушу.
Зордук менен Бактыбай,
Соорулап атын айдаган,
Кайра качып кете албай,
Калбалуу Жоодар бараткан,
Таласка булар баратса,
Алдынан бирөө келаткан.
Тандап атын жараткан,
Жан айабай келаткан,
Көргөн жерде кааранын,
Тааныды аны Жоодар чал.
Жаманбай деген бар эле,
Кененимдин үйүндө,
Казан басар бала эле.
Көргөн жерде Жоодар чал,
Көзүнүн жашы буурчактап:
-Айланайын Бактыбай,
Жаманбай бала келатат,
Ат айабай ыкчамдап,
Жыгылган бейим Кененим,

www.bizdin.kg

Жылмайып жерди кучактап.
Ак калпак кыргыз көп алаш,
Эми кандай жан сактайт?
Душманга кылын алдырбай,
Кыраан эле Кененим,
Кыргызды баккан сак сактап.
Бактыбай байкап караса,
Жоокалатып Жоодар чал,
Кайра качар чагы бар.
-Жүр, Жоодар чал, Жоодар чал,
Өлүмдөн качып ким калган?!
Алдына салып айдады,
Аңгычакты болбоду,
Жаманбай келип калганы.
Бактыбайды көргөндө,
Жаманбай тили байланды,
Бузулуп ойу саргарды.
Жоодар чалга Жаманбай,
Кебин айта алалбай,
Бактыбайды таанычбай,
Жан кыйналып калганы.
Аны көрүп Бактыбай,
Жайын сурап калганы:
-Ат жаратып минипсиң,
Тон жаратып кийипсиң,
Качкын кууган немедей,
Карбаластап жүрүпсүң.
Айткын, жигит, кебиңди,
Айтпасаң да жумушуң,
Жүрүшүңдөн билинди.
Аман барбы Кененим?
Кененимге жолгошуп,
Кетейин деп келгенмин.
Кара кыргыз калкынан,
Атбашыдан келгенмин.
Деп Бактыбай айтканда,
Көзүнүн жашы он талаа,
Көөдөндө бар көп санаа,
Чыдай албай Жаманбай,
Сөзүн айтты мамындай:
-Кененим аман элде бар,
Далай күндүн алдында,
Ордунан калган туралбай,
Эми эшике чыгып кире алат,
Элдин көөнү болду жай.
Кененим мени жумшаган,
Бара турган иш мындай:
Мына турган Жоодар чал,
Кененим менен бир жүргөн,
Күнүнө бир убак туз ичкен.
Кененим киши таанычбай,
Кер сары болуп жатканда,
Ат жаратып тон кийген,

www.bizdin.kg

Караан тутуп Чыныке,
Жүрчүү экен курдашсып,
Күнүгө кирип-чыкканда,
Жакын келип сырдашып.
«Барасың кайда, Жоодар?» деп,
Чыныке антип сураса,
«Дакдаарыба, Чыныке,
Эрк меники» деп айткан.
Үч күндөн бери Кененим,
Баш көтөрүп калганда,
Жоодар чалды сураган.
Билген киши жок экен,
Жаман кеп уккан Чыныке,
Ичи жалын чок экен.
Мурдун чүйрүп Чыныке:
«Жоодарың менен куруп кал,
Тонун кийип толуктап,
Атын минип бел чыңдап,
Бастыргалы жатканда,
Барасың кайда, Жоодар деп,
Жай сурасам жөн эле,
Ооруп жатат Кененим,
Багып алгын эриңди.
Бастырамбы, турамбы,
Эрк өзүмдө меники,
Деп ошентип Жоодарың,
Жаман айтты мага» деп,
Ыйлап салды Чыныке.
Чыныкеге Кененим,
Жакшы-жаман кеп кылбай,
Олтуруп алды унчукпай.
Чыныкени Кененим,
Жумшап ийип, жумушка,
Чыныке жокто мага айтты:
«Тур Жаманбай, бастыргын,
Эл четинде акмалап,
Жүргөн болсо Жоодарды,
Чакырып кел, Жаманбай.
Тил албаса Жоодарды,
Байлап келгин, Жаманбай,
Жакшы-жаман дебестен,
Жүндөй сабап Жоодарды,
Айдап келгин Жаманбай.
Эл ичинде болбосо,
Күндү күнгө улагын,
Түндү түнгө улагын,
Чырым уйку албагын,
Чыканак жерге салбагын.
Ат айабай жол жүрүп,
Атбашыда Бактыбай,
Айтып кабар сен салгын,
Кененим айтты деп баргын.
Тажиктердин Темирбек,

www.bizdin.kg

Тентек эле бендеден,
Тажиктин жолун байкасын.»
Барар жумуш бул эле,
Жоодарды таптым бул жерде,
Таанлыбайым, баатыр,мен,
Атың сенин ким эле?
Жаманбай кебин бүтүрдү,
Бактыбай угуп түшүндү,
Улутунуп Жоодар чал,
Опсуз жаман ич күйдү.
Опул-топол Бактыбай:
- Жүр бастырыгын, Жаманбай,
Жоодар чалды ээрчитип,
Бактыбай келе жатат деп,
Сен айлыңа айтып бар.
Бактыбай деген кепти угуп,
Жаманбайдын көөн тынып,
Сакалы жок немеле,
Кененимдин үстүнө,
Кирип барды мулжуйуп,
Сүйүнгөндөн Жаманбай,
Саламды калган унутуп.
Жаманбай кирип барганда,
Кененим айтты мамындай:
- Мен жумшаган жумушка,
Барбадыңбы, Жаманбай?
Же болбосо Жоодарды,
Таап алдыңбы, Жаманбай?
Кеп жандырды Жаманбай,
Сүйүнгөндөн Жаманбай,
Маңдайдан терин шыпырып:
- Аттанып жолдо баратсам,
Келайтыптыр Бактыбай,
Жалгыз эмес Бактыбай,
Жанында Жоодар дагы бар.
Келип калды эшикке,
Мен турбайын ат албай!
Кайра кетти калдаңдап,
Айагы тийбей далдаңдап,
Этектери далбаңдап,
Теке жаргак сары шым,
Багалеги балбаңдап.
Эшикке чыкса Жаманбай,
Жоодарды салып алдына,
Босогонун түбүнө,
Келген экен Бактыбай.
- Ой, Жаманбай, Жоодарды,
Алып барып бир үйгө,
Буттарына кишен сал!
Үйгө кирди Бактыбай,
Эки колу боорунда,
Салам айтып оозунда,
Таазим кылып турганда,

www.bizdin.kg

Кененим айтат мындай деп:
- Кой, Бактыбай, койгунуң,
Кел колуңду сунгунуң,
Өз колум менен узаттым,
Жалгызек абам уулусуң,
Жашырбай чынын айтканда,
Кара кыргыз туурусуң.
Урматыңа ашамат
Төргө өткүн, бөбөгүм.
Мен агаңмын, сен бөбөк,
Бирибизге бирибиз,
Баш тартышпас чоң жөлөк.
Бактыбай айтты бул сөздү:
- Таластагы көп иштер,
Мага жүргөн угулбай,
Кулагым чалып калганда,
Мен жөнөдүм туралбай.
Ачарчылык бар деди,
Түгөнүп калды мал деди,
Кеселмен болуп залкар тоо,
Таластын күнү тар деди.
Ошол кепти мен угуп,
Туралбадым удургуп,
Төө менен аттан топтотуп,
Токсон миң алдым унааны,
Идишке эгин салдырдым,
Аркамжы менен таңдырдым,
Айлыңызга келайтып,
Жоодар чалга кабылдым.
Кезигип калып кеп уктум,
Өзүң менен Жоодар чал,
Айылым бирге деп уктум.
"Ноокасы катуу баатырдын,
Унаа алып келем деп,
 Бадакшан бара жатамын,
Барып тирүү көрбөйсүң,
Тилимди алсаң барбагын"
Деген кепти укканда,
Мундан күмөн мен алдым.
Эли  болсо жедигер,
Унаага барса Бадакшан,
Биз чакырсак арпага,
Кебелбей койгон Темирбек,
Темтеңдеген Жоодардын,
Тажикке бара жатканы,
Ачык- айкын болду кеп.
Койо бердим баргын деп,
Акмаладым артынан,
Анык кабар алсам деп.
Белги- бетте көп болду,
Айдап келдим жүргүн деп.
Жаманбайга карматтым,
Бутуна кишен салсын деп.

www.bizdin.kg

Бактыбайдан кеп угуп,
Баатыр тууган Кененим,
Сылап жакшы кондуруп,
Эки күн өрүүн алганда,
Кепке- сөзгө канганда,
Ат менен төөсү чубуруп,
Алды келди аңгыча.
Батпай аштык жык толду,
Казынада бар тамга,
Эгин экпей Таласка,
Эгин келди караса.
Кырылып кеткен бодо мал,
Төө менен жылкы жык толду,
Жылгындуу Кеңкол сазына.
Кеңколдун башы жети төр,
Келсин деди баарысын,
Чубап жаткан элди көр,
Келгендин сурап баш, малын,
Берип жаткан аларга,
Эгинди көр, малды көр.
Бактыбайдын барганын,
Жоодарды кармап алганын,
Анжийан, Кокон, Маргалаң,
Наманген, Ташкент, Самаркан-
Баары уккан кабарын,
Баш көтөрүп Кененим,
Кирип- чыгып калганын,
Кеңеш кылып улуктар,
Үй башына бирден мал,
Төөсү бардан төө алды,
Жылкысы бардан жылкы алды,
Көбү жылкы, азы төө,
Койбой элден бүт алды.
Куру унаа калбады,
Эгин артты, тон тартты,
Аз артпады мол артты,
Мал эсеби санаты,
Токсон миң унаа уратты.
Алып барган Бактыбай,
Эгин менен малдарын,
Элге берип жатканда,
Кокондон барган токсон миң,
Токтосуз келип калганы,
Эгин менен тонду алды,
Малынан бирди  албады,
Алып барган кишилер,
Таштап атып малдарын,
Качып кетип калганы.
Таластын эли тойунду,
Мурункудай койулду.
Тондору жалпы бүтөлдү.
Төлдөп малы түтөдү,
Жыдыгы чыгып кеткенби,

www.bizdin.kg

Мурункудан күчөдү.
Муну мындай таштайлы,
Кененимдин сыйкырдуу,
Жомогунан баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН СЫЙКЫРДУУ ЖООЛОРУН ЖЕҢИШИ

Айлар аттап айланып,
Арадан канча жыл өттү,
Арыстан шер Кененим,
Айылдан карыш жылбады,
Эркектин ишин кылбады.
Кужуру түшүп ичине,
Куршугу мунун кармады.
Түндө уйку келбеди,
Жүрөгү тойлоп турбады,
Балтыры тартып балактап,
Алаканы кычышып,
Кененим болду тынч албас.
“Алда эмне болдум,-деп,
Багыма келген иш болсо,
Баш тартпастан көрдүм,-деп,
Жети өрөөн Кеңкол жеримди,
Ак калпак кыргыз элимди,
Ар жагында Жетисуу,
Жедигердин элдерин,
Бир айланып келейин”
Деп ойлонуп Кененим,
Желденип минди атына,
Ашкере белги шек берип,
Эр Кененим баатырга.
Жети өрөөн Кеңкол жерлерин,
Ак калпак кыргыз элдерин,
Аралады бүт жерин,
Ак калпак кырыгз байыган,
Желеде жылкы кайкаган,
Көргөндө бенде таң калган,
Элим аман экен, деп,
Жерим бай кер, деп,
Жетип барып келейин,
Жедигер аман бекен, деп,
Кеңколдон түшүп түз менен,
Кетип барат Кененим,
Кеңкула аты кекендеп,
Жолунан бир кыз жолукту,
Саамай чачы теңселет.
Кайдан жүргөн кызсың деп,
Кабарын анык билгиче,
Мурдун чүйрүп Кененге,
Бура тартып кубулду,
Ак кулжа болуп маңкайган,
Шаңданып сонун даңкайган,
Кулжаны кармап алам, деп,

www.bizdin.kg

Кененим кетип бараткан.
Башын булгап ак кулжа,
Качып барат дардаңдап,
Артына түштү Кененим,
Топурак учуп жер чаңдап.
Кеңкула менен чуратып,
Кененим жетти жакындап,
Колунда бар найзасы,
Күн чагылып жаркылдап,
Качалбай калды ак кулжа,
Муунуна кирип калтылдак.
Көмөскөгө көрүнбөй,
Кире берди алдына,
Кененим жетип караса,
Бойго жеткен сулуу кыз,
Чачын тарап олтурат,
Көмөскөдө булакта.
Ак кулжа кайда кетти, деп,
Алаңдап карап калыптыр,
Чач тараган сулуу кыз,
Ошондо кебин салыптыр:
-Өңүң сары, көзүң көк,
Өзүң кимсиң, кебиңди айт,
Өткөрбөймүн бул жакка,
Өлбөй тирүү кайра тарт!
Сурабай атың билемин,
Көрсөм деп сени жүрөмүн,
Менин атым Кубулжан,
Сенин атың Кененим,
Сен жалаңгыч Сарык атансаң,
Мен эр түгөткөн атангам.
Жер алдында эрлерден,
Боз чаар минген Бороонбай,
Баш кылып отуз эр алдым,
Эрмектешер эр таппай,
Сени издеп келе жатамын,
Убара кылбай Таласка,
Учурап жолдо сен калдың.
Кыз болуп сага көрүндүм,
Бөлөйүн деп көңүлүн,
Көзүңдү салып койбодуң.
Кулжа болуп калжактап,
Качкан болсом дардактап,
Аркаман куудуң салбактап,
Эч нерсени билбеген,
Ойлосом сендей жок акмак.
Жер бетинде жандар көп,
Ар уруусу андан көп,
Бирине ашып бирине,
Калган дүйнө мындан көп.
Менин өткөн алдымда,
Жер алдынын шаарында.
Кубулке деген өтүптүр,

www.bizdin.kg

Жүйрүн дөөдөн үйрөнүп,
Сокусун минип ат кылып,
Жетимиш миң сыйкыр жат кылып,
Сокбилек менен камчылап,
Жолугуп калган жандардын,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Эламандын Төштүгүн,
Азгырып келди Кубулке,
Айыгышкан көп күнү,
Адамзат арбы зор экен,
Айтышкан баары кор экен,
Өлүп кетти Кубулке,
Маңдайында шор экен.
Жер алдында жети дөө,
Эламандын Төштүккө,
Алы келбей эч бирөө,
Багынды болду баарысы,
Жер үстүнө эр Төштүк,
Кайтып келип калышты,
Жер алдында эрлердин,
Колунан кетти намысы.
Адам уулу, угуп тур,
Аз келгенсип анысы,
Жүйрүн дөөнүн алышы!
Жүйрүн дөөнү сен алдың,
Ошол күнү мен бармын,
Алмамбеттин алма баш,
Асынып турдуң ийиниңе,
Коркуп бара албадым,
Бир беттешсем дечүү элем,
Ичиме батпай арманым!
Далай жылдан бер жакка,
Күн-түнү жок сагаалап,
Кененим, сени кайтардым,
Көп күндөн бери уйку алдым.
Тосуп жүрүп жолуңду,
Бүгүн сени мен таптым,
Жердин тартып танабын,
Кулжа болуп качканда,
Таласыңдан бер жакка,
Кырк күндүк жерге узарттым,
Алма башты албапсың,
Кутулуп кете албассың!
Деп Кубулжан айтканда,
Эр Кененим баатырдын,
Ачуусу келип абыдан,
Көргөн адам өлгөндөй,
Өңүнөн чыккан заарынан.
Каарданган кара көк,
Казабы элдин бейбөлөк:
- Ой, Кубулжан шум канчык,
Кутуласың сен кантип?!
Сокунун минээр ат кылып,

www.bizdin.kg

Сокбилекти камчы деп,
Темир ирек, ор ирек,
Кутулбайт мундан түк бир деп,
Сага үйрөткөн Жүйрүн дөө,
Ойуна келген кепти угуп,
Бүтүн дүйнө жер жүзүн,
Кыймылдаткан менмин деп,
Кур семирген Чанданды,
Кутулбады Жүйрүн дөө,
Түп атаң Манас шер турса,
Теңдешип мени ким жеңет?
Жалынасың бир демде,
Көзүңдүн жашы себээлеп,
Көз ачылбай токмоктойм,
Кутулганын көрөйүн,
Кеңкула менен тебелеп!
Деп Кененим айтканда,
Чачын тарап олтурган,
Таза бойлуу Кубулжан,
Тура калып ордунан,
Сокуга минди чапа-чап,
Сокбилек менен камчылап,
Каары толуп жүзүнө,
Көзүнөн жалын шаркырап,
Темир ийрек колго алып,
Карсылдатып курсагын,
Тырмап жатат ал бетбак.
Бул кара бет долунун,
Темир ийрек колунда,
Адамдын көзүн уйалткан,
Калканы бар жонунда.
Жаргылчагы чарайна,
Аны тартып бооруна,
Найза кылып куургучун,
Кошо кармап колуна,
Чирене тээп туткучун,
Үзөнгүнүн ордуна,
Супурасы кисепчи,
Эки буттун томукта,
Осурагы доолбас,
Тарс-тарс деп үн чыгат,
Жоолуктун учун имерип,
Оозун бейбак думчулап,
Минип алган сокусу,
Тулпардай туйлап булкунат.
Минген соку шаңданып,
Аргымактай элирип,
Качырып кирди Кубулжан,
Кененимге теминип.
Карап турат кара көк,
Коргошун жүрөк, таш билек,
Козголбой турат Кененим.
Кубулжанды карасаң,

www.bizdin.kg

Жалмап ийчүү немедей,
Катуу тийди ченебей.
Эки имерип сайгыча,
Кененим турду кебелбей,
Зымыраган Кененим,
Бучкагына теңебей.
Үч сайдырбай камынды,
Найзасынан көрсөтүп,
Күркүрөгөн жалынды.
Качырып барып сайганда,
Ташкасайган немедей,
Найзанын учу чак этип,
Кайра какты так этип.
Денеси кара  ташпы, деп,
Карап көрсө Кененим,
Кубулжан эмес таш экен,
Шыйкырга канчык маш экен,
Шаңкылдап күлүп Кубулжан:
- Мен Кубулжан, сен Кенен,
Эрегишсем тең келем.
Кубулжан атым курусун,
Жүрөгүң сууруп жебесем!
Теңдешпес болсом бу жерге,
Сени издеп не келем?
Көргөнүңөн көбүрөөк,
Көрө элексиң сен Кенен!
Деп айкырып кара бет,
Алдындагы сокусу,
Кетүүчүдөй тебелеп:
-Ор, Ийрегим, оргун,-деп,
Орбой койбо муну,-деп,
Чал, Ийрегим, чалгын,-деп,
Чалбай калба аны,-деп,
Кылычтай кылып ирегин,
Жалтылдатып Кубулжан,
Жан жагына каранып,
Жан айабай келаткан.
Токтоо кылбай Кененим,
Тосо чыкты алдынан,
Ийрегинин алдында,
Кызыл жалын келаткан.
Кененим кылыч албады,
Найзаны чыңдап кармады,
Шыңкылдаган канчыкка,
Качырып найза салганы.
Кененим сайган оңобу,
Жүйрүндөн алган бул найза,
Кубулжандын Ийреги,
Тийбей туруп мокоду.
Кайта имерип сайарда,
Карт кекирип, шаң күлүп,
Куургучу-куу найза,
Таштан тайбас көп найза,

www.bizdin.kg

Тарк оосуруп кара бет,
Жердин бети топурак,
Туман түшүп боз болуп,
Найзасы менен Кененди,
Май сооруга бир койуп,
Соорудан тийген куу найза,
Боорунан учу чыкты, деп,
Майдандын чыгып четине,
Бул кара бет олтурду,
Сокусу менен чойкойуп.
Мунун алы канча, деп,
Байкабай турган Кененим,
Соорусунан найза жеп,
Найза тийген жеринен,
Кан чубуруп дирилдеп,
Ачуусу келип кара көк,
Муруттары бириндеп,
Манастап баатыр бакырып,
Катуу тийди качырып.
Беттеп найза сайалбай,
Кубулжан калды шашылып,
Кененим жетип сайарда,
Сокусун таштап таш кылып,
Карап турду чакыйып,
Тарпка конгон кажырдай,
Көөдөнүн салып лакыйып,
Таш болгон ушул сокуну,
Кененим келип сайганда,
Таруудай болду чачылып,
Минээр аттан ажырап,
Кубулжан калды шашылып.
Эми сайса Кененим,
Жок кылат экен мени, деп,
Курчалган кызыл тоо кылды,
Кыргыйек учуп кеткисиз,
Тиктеген менен адамдын,
Кырына көзү жеткисиз,
Кырынан канчык үн салды,
Көзү алайып чекчейип,
Ийилбей бели мекчейип:
- Кененим, алың канчалык,
Калдыңбы тоодо камалып?!
Атың ыргай болгондо,
Бетиң торгой болгондо,
Жалбарасың ошондо.
Жалынтып туруп Кененим,
Асыл жаның албасам,
Айнектей көзүң жумултуп,
Азапка башың салбасам,
Жер алдында элдерге,
Мен жеңдим деп Кененди,
Мактанып айтып барбасам,
Алдыңкы жерде элдерге,

www.bizdin.kg

Айтылып калсын даңазам,
Өлтүрбөй үч жыл кыйнасам,
Кылгылыкты кылбасам,
Тартып алып каныңды,
Ордуна сууну куйбасам,
Күндө келип үч убак,
Көзүңө теңеп сөөмөйүм,
Көп азапты кылбасам,
Арманым чыкпайт меники,
Алтымыш күнү кыйнасам,
Ар жорукту салбасам,
Жүйрүндүн кегин албасам!
Деп такылдап турганда,
Шай колдогон кара көк,
Алдыңдагы Кеңкула,
Айтумушка барганда,
Алда канча тоолорду,
Аттай чуркап алпарган,
Айбандан асыл малына,
Камчы урду атына.
Кененден камчы жеткени,
Айбандан башка кеңкула,
Сыйкырдын кызыл тоосунан,
Аттай чуркап кетти эми.
Токтоно албай Кубулжан,
(Кылып койгон көп амал)
Сыйкыры мунун бузулду,
Кененимдин көзүнө,
Буура болуп көрүндү,
Тикенге оонап чамынган.
Оозунан көбүк шалпылдап,
Тиши-тишке шакылдап,
Тик качырып жөнөдү,
Төрт таканы такылдап.
Сандап жерге чубалып,
Чуудалары салпылдап,
Таманынан чаң чыгып,
Келе жатат далпылдап.
Кайраты артык Кененим,
Кабылан тууган эреним,
Бүктөй кармап камчысын,
Чокуга тартып жиберди,
Кененим чапкан соо болбойт,
Кездешип калган кишинин,
Дегеле иши оңолбойт.
Шилиге камчы тийгенде,
Канчыктын көзү жайнады,
Кубулуп башка сүрөткө,
Араң жанын жайлады.
Кузгун боло калыптыр,
Учуп жолго салгалы,
Көтөрүлө бергинче,
Кылычты шилтеп калганы.

www.bizdin.kg

Он эки куйрук, он чалгын,
Кырка чаап таштады,
Учарга чалгын канат жок,
Конорго куйрук адат жок,
Чын амалым кетти, деп,
Мунтпесем ажал жетти, деп,
Күндү жайлап жаадырап,
Сасык тумун түшүрүп,
Шамал болуп ышкырып,
Борошолоп зырылдап,
Шамал чыгып зуулдап,
Кабаган иттей ырылдап,
Жердин бети кар болуп,
Аппак болуп зымырап,
Ой, түзү жок билинбей,
Көз тайгылып жымырап,
Туш-тушунан жыгачтар,
Ырдагансып кыңылдап,
Тердикке чыга кар келди,
Жан-жаныбар баарына,
Кең дүнүйө тар келди.
Кардын бетин караса,
Көрүнөт көзгө чыйыр өңдүү,
Ооздук тиштеп кеңкула,
Карды жиреп жөнөдү.
Ээр кашынан кар жиреп,
Эки күндө, үч түндө,
Каранын четин көргөнү,
Кардын чети жер экен,
Чытырман токой чер экен,
Токойго кире берерде,
Кызыл жалын жабылып,
Качыраган үн чыгып,
Токойдун ичи жаңырык,
Асманда жал шыркырап,
Жыгач кыйрап кычырап,
Жердин бетин өрт алды,
Эсине түшүп ошондо,
Айчүрөк берген белеги,
Ак тинтени колго алды.
Айчүрөк пери баласы,
Алда канча айласы,
Асман тиреп өртөнгөн,
Алоологон кызыл от,
Учуп кетип барартат,
Ак тинте колго кармалуу,
Отко кирди аралап.
Черди аралап барганда,
Башынын жүнү саксайып,
Белин ичке кындыйып,
Шер качырды аркырап,
Оозунан суусу тамчылап,
Теминип кирди Кененим,

www.bizdin.kg

Кеңкула атын камчылап.
Качырып кирген Саксак баш,
Айбаты артык айбанды,
Колун сунуп Кененим,
Көк шилиден кармады,
Жумулбай оозу ачылып,
Чечегейи көзүнөн,
Ыргып кетти акыйып.
Сыйкыры жок шер эле,
Шерди кантээр экен, деп,
Кубулжан карап турду эле,
Сыйкырлуу канчык Кубулжан,
Шерди көрүп өз көзү,
Үмүт үздү жанынан,
Баатыр тууган Кененим,
Тоодой белге капташты,
Шердин арка жагынан.
Желмогуз канчык ушу деп,
Кылычты сууруп кынынан,
Томурайган тоо белди,
Таарый чапты мойнунан.
Кубулжан эми нак билди,
Кара күчкө салышса,
Келбестиги колунан.
Ойуна алды Кубулжан:
«Кимдер качып кутулган,
Бул Манастын уулунан?
Жору куйрук кызыл алп,
Жолуна салган Кененим,
Акым, Шакым - эки дөө,
Аны алган Кененеим,
Суумерген менен Сурмерген,
Баарын алган Кененим,
Боз чаар минген Боронбай,
Колундагы камчысын,
Койбой алган Кененим,
Карала атчан Калыбекти,
Каардуну калтырбай,
Канын ичкен экенин,
Билип туруп ошону,
Бекер келген экенмин.
Сегиз миң жыл жашаган,
Ишендирип ар кимди,
Санаксыз кудай жасаган,
Жүйрүндү алган Кененим,
Анык билем мен баарын,
Анан мында не келдим?!
Сокуну минип ат кылыш,
Жүйрүн дөөдөн үйрөндүм,
Жүйрүндү сойгон Кененге,
Келем деп неге күүлөндүм?!
Алты жылдан бер жакка,
Акмак болуп сүйрөлдүм.

www.bizdin.kg

Өлгөнчөктү Кененге,
Көп өнөрдү салайын,
Анда-мындан көрүнүп,
Көйкапка алып барайын.
Андан айла болбосо,
Бендеге-бенде тең келет,
Камап жаткан Багдатты,
Келбетүү баатыр Шерматхан,
Багдат жакка жалт кылып,
Ошого алып барайын.
Өзү арыктап талыгар,
Найза сайар күчү жок,
Аты арыктап чаалыгар,
Талыбай чуркаар эти жок,
Ошол кезде Кененим,
Анан болот бүтүн жок.»
Айла ойлоп, акыл таап,
Шакылдап күлүп Кубулжан,
Туурасынан кабылат.
«Асманга учуп чыгуучу,
Канат-куйругу жоголду,
Эми канат жасасам,
Жанында турат ак тинте,
Өлүмү анын болобу?
Канча күндөн бер жакка,
Кармашып жүрүп талыдым,
Жеңемин деп келгенмин,
Өз ойумда таанымын,
Туйктанбайт кеңкула,
Чыныгы тулпар тааныдым»
Деп ойлонуп Кубулжан,
Чөөчө күлүп шаңкылдап,
Бойго жеткен кыз болуп,
Мас болгондой шаңкылдап,
Ташка чапкан немедей,
Үнү укмуштуу чаркылдап:
Тааныгының мен ким? - деп,
Кененимге бул канчык,
Жетип келди жакындап.
Ийреги ээрип жоголгон,
Ийректен канчык зор болгон,
Куургуч найза колунда,
Далай иш түшүп ойуна,
Найзасын күүлөп кырданып,
Бузулуп өңү сурданып,
Качырып кирип келгенде,
Кененбеген Кененим,
Колун сунуп сайдырбай,
Билегинен кармады,
Арбы күчтүү шум канчык,
Кармаганга турабы,
Жылан болуп жылп этип,
Жерге түштү шылп этип.

www.bizdin.kg

Жерге кирип жоголду,
Суудан бетер жылт этип,
Жердин жиги ачылып,
Кире берди кылт этип.
Ачып көздү жумгуча,
Алаканын шак койуп,
Каткырык салды кара бет,
Кененим мойнун толгоду,
Бул долу кайда жүрөт, деп.
Караса, аксак түлкү болуптур,
Акырын басып серектеп,
Кененим жакын жеткенде,
Жейрен болуп бул каапыр,
Качып берди деректеп.
Алты какыр, жети сай,
Алкып өтө бергенде,
Кош кулагын жапырып,
Кеңкула жетти тебелеп.
Алдыңкы ээрди бүрбүйүп,
Койон болуп бүкүйүп,
Жатып алды чүкүйүп,
Өтө берди кеңкула,
Төбөдөн алыс түйүлүп:
Кайра качты сереңдеп,
Жер алдына түшүүчү,
Эшике кире берем деп.
Кайран тулпар кеңкула,
Кайра тартып булт берип,
Жана жетти тебелеп,
Иши оңолуп Кенендин,
Камчыны жаза кармады,
Ак тинтени алганы,
Ак тинтени көргөндө,
Эси чыгып калтаарып,
Эшикти таба албады.
Табына чыдап туралбай,
Кемпир болуп келпийип,
Төбөсү тас жаркырап,
Желке чачы селпийип,
Туруп калды телпийип,
Ойуна алды Кененим,
«Курт-кумуска, бөй, чайан,
Кыймыл эткен тирүү жан,
Учур келген нерсенин,
Койбой жанын албасам,
Эгер андай кылбасам,
Куткарып муну кур калам»
Деп ойлонуп Кененим,
Келпийип турган кемпирди,
Колундагы найзаны,
Оңдоп кармап кезкерди,
Сайанда жетип Кененим,
Чычкан болуп чыр этип,

www.bizdin.kg

Корумга кирди зыр этип.
Ар жактан чыгып кубулжан,
Аркар болуп арбаңдап,
Анда-санда бир тийип,
Айактары тарбаңдап,
Көрө салып Кененим,
Кеңкула менен чуратып,
Топуракты чубалтып,
Кууп кирди артынан.
Белестен беш, кыр алты,
Катар ашты баарынан,
Кененим чыкса кырандан,
Куу эшек минген ак сакал,
Учурап калды жолунан:
-Ой, Кененим, тура тур,
Түп атаң Манас кол берген,
Мен боломун Акешен,
Кыйналды жаның шиш кебеп,
Ошол үчүн саа келем,
Айтканым кылып тил алып,
Түп атаңдай кол берсең,
Кубулжан кармап мен берем.
Кудай урсун Кененим,
Кожону көрсө турчу эмес,
Кооп салам кылчуу эмес,
Эшенди көрсө турчу эмес,
Эңкейип башын урчу эмес,
-Келген болсоң Акешен,
Келип жардам бергин деп,
Сурадымбы сенден мен?
Жолумду тосуп торопсуң,
Башкалардай ойлойсуң,
Жоодуратпай Акешен,
Жолго сени сойбосом!
Кайра жаачу булуттай,
Кабагын бүркөп түмпүйүп,
Өңүндө кызыл калбады,
Кара көк болуп чүмкөлүп,
Колуна найза кармалуу,
Качырды муну тап берип,
Кайра тартты «Акешен»
Карышкыр болуп жалт берип,
Аңга салып, адырга,
Опсуз качып жөнөдү,
Ой менен тоонун баарына,
Ойунда турат кубулжан,
Көй капка алып барууга,
Дөө периге жеткирсе,
Дөөдөн кубат алууга,
Айбанда болсо кеңкула,
Арыбы артык бар мында,
Жолун торгоп бастырбай,
Койкаптын жолун таптырбай,

www.bizdin.kg

Ороло чуркап жеткенде,
Кубулжуган канчыктын,
Чын айласы кеткенде,
Таш бака болуп дүкдүйүп,
Жатып алды бир жерге,
Баспай турду кеңкула,
Кененим өтө берерде,
Кененим туруп байкаса,
Таш бака жатат дүкдүйүп:
«Ташбака жатар чөл эмес,
Же тузу ачуу көл эмес,
Ташбака эмес жаадыгер,
Жаткан экен» деп ойлоп,
Имериле тартканда,
Сырымды билди, өлдүм, деп,
Сары арыз болуп кырсылдап,
Сызгырылып жөнөдү.
Тоодой болгон Кененим,
Томуктай чычкан кубалап,
Бу дагы кудай буйругу,
Желмогуздун шумдугу,
Душманды жеңиш арзанбы,
Кумду карай сыйлыкты,
Арамзаада Кубулжан,
Эч бир айла табалбай,
Кененимдин колунан,
Кутулуп аман калуудан,
Акылы токтоп абыдан,
«Айланып кайра салбасам,
Багдагдын шаарын камаган,
Жөөттүн ханы Шермат хан,
Менден бетер жаадыгер,
Анын кызы менен таанышам,
Ошондон жардам албасам,
Белдүү киши Шермат хан,
Кол алдында жүз балбан,
Жаадыгер эки болгондо,
Кутула албайт бизден ал»
Деп Кубулжан ойлонуп,
Бара-бара чоңойуп,
Бойго жеткен кыз болуп,
Жез оймокто уз болуп,
Кызылы-кызыл агы-ак,
Кызгалдак чөпкө окшонуп,
Ийни салкы мойну кез,
Ойкуштанып оштонуп,
Кененимдин жанына,
Келип турду койкойуп:
-Кепке келгин Кененим,
Кекенишип сен менен,
Эр эгишип келбедим,
Жадыгерлик үйрөнүп,
Эрдигин сынап келгенмин.

www.bizdin.kg

Желмогуздун салты бар,
Эрге тийбес шарты бар,
Жөөттүн ханы Шермат хан,
Опсуз сулуу кызы бар,
Жиберген мени атайлап,
Кабарыңды угуп ал,
Шермат хандын кызына,
Кабарга барам мен мындан,
Жаратып алгын сулууну,
Айтар кебим мана бу.
Сынайым деп эл үчүн,
Сени салдым азапка.
Сенден бетер кыйналып,
Мен да калдым азапка.
Жөөттүн ханы Шермат хан,
Багдатта бүгүн казактта,
Багдат менен Ирандын,
Баарын салып азапка.
Багдатка Шермат каз экен,
Багдатта аскер ас экен,
Багдатты барып алам деп,
Шермат хан казат кылыптыр,
Падыша жок Багдатта,
Баш көтөртпөй кырыптыр,
Багдаттка Иран кошулуп,
Шаарды бербей туруптур,
Шерматтын кызын сен алсаң,
Багдатты кошуп сурасаң,
Алакандай Таласка,
Адырда көчүп жүрүпсүң,
Анда сенде не арман!
Сыйрылыштык  экөөбүз,
Досумду көрүп мен барсам,
Сыр айтышып ошондо,
Сени менен сыйлашам,
Айтканыма көнбөсөң,
Шермат ханда жүз балбан,
Шерматтын кызы Жадыкөй,
Аны кошуп дагы алам.
Сурабай башын кесем,
Сен өлтүрдүң канча жан,
Баарынын алам эсебин!
Деп Кубулжан айтканда,
Кененимдин кеби эми,
«Кызга жооп» бергени:
-Азгырбагын Кубулжан,
Алар болсом катынды,
Сулууну издеп таап алам,
Шерматтын кызы экөөндү,
Теңтуш киши кептентип,
Делбелерди не алам?!
Токтоо кылбай кайтып бар,
Шерматтын кызы досуңа,

www.bizdin.kg

Жашырбай, жаппай айтып бар,
Эки жаады, жүз балбан,
Баш кишиңер Шермат хан,
Канчалык бар алыңар?
Башаасы жок жесир эл,
Барып жүрсө уйалбай!
Деп айтканда кара көк,
Кубулжан айтты муну угуп:
- Кененим атка ээ болуп,
Сен кетипсиң кутуруп,
Сага Шермат кыз бербейт,
Кызы турмак туз бербейт,
Ажалың жетип күн бүттү,
Кете албайсың кутулуп,
Деп сурданып Кубулжан,
Саамай чачын сыланып,
Жөнөп кети буралып.
«Адамдуу жерди аралап,
Айланышып жүрбөйүн,
Үч күндө барам Багдатка,
Чөл жакалай жүрөйүн»
Деп Кененим аргытып,
Артынан чаңды баргытып,
Кетип барат каргытып.
Адашып калат дегенсип,
Анда-мында көрүнүп,
Далбаңдаган кара бет,
Далбалаңдап жүгүрүп,
Кан жыттанып көөдөнгө,
Каңырык түтөп күйүгүп,
Катыштым бекер буга, деп,
Кара жандан түңүлүп,
Карбаластап кара бет,
Калктан ашкан кара нээт,
Калкына жетти Багдаттын.
Багдатта бааша жок экен,
Шермат хан салып калбаны,
Кайран эл мындай кор экен:
«Кармашар сага хан жок,-деп,
Карсылдашар ал жок,-деп,
Канчалык алсаң мал алып,
Катарлаган нар алып,
Карк алтындан мол алып,
Канаат кылып кайткын» деп,
Кангара какшап кан безет,
Калган журт айтса канча кеп,
Болбой мойноп Шермат хан,
Балбандарын жиберип,
Баш кишисин карматып,
Бар кордукту салганда,
Иракка Иран кошулуп
Кызыл кан агып жошулуп,
Кыйын болгон кезинде,

www.bizdin.kg

Жөөттүн ханы Шермат хан,
Иран менен Ирактан,
Он беш киши байлануу,
Алдырып келип аларды,
Буйрук кылып жатыптыр,
Тирүүлөй ичин жаргалы,
Так ошондой мезгилде,
Кененим жетип барганы.
-Булар эмне киши?-деп,
Алардын дайнын сурады,
Шермат хандын жасоолу,
Дегеле жооп кылбады,
Канжарын алып жөнөдү,
Булардын кардын жаргалы,
Желдеттер жалпы барганда:
-Тарт колуңду тийбе!-деп,
Кененим айгай салганы,
Коркуп кетип желдеттер,
Колунда канжар калбады.
Колдорун такыр чечтирип,
Колуна канжар кармаган,
Желдеттерди келтирип:
-Булар эмне киши?-деп,
Алардын дайнын сурады.
Эси ооган желдеттер,
Күрмөөгө тили келбеди,
Дегеле жооп бербеди,
Андан кийин Кененим:
-Эмне үчүн өлмөксүң?
Чыныңды айткын сен,-деди.
Орто бойлуу бирөө бар,
Кеп айтарга өтө шар,
Кеп баштады мамындай:
-Шермат хандын желдети,
Киши сайчуу мабулар.
Баш кишиси багдаттын,
Өлүп кеткен өткөн жыл,
Төрт жашар бала жаш калды,
Эли жесир бош калды,
Жөөттүн ханы келиптир,
Багдатты талап алгалы,
Ирандык угуп бул кепти,
Арага түшүп калганы,
Канчалык берсе тартууга,
Жөөттүн ханы албады.
Кеби өтпөй Ирандык,
Багдаттка кылды жардамды,
Кан төгүлүп чайкашка,
Арага курдук майданды.
Аралашкан урушта,
Жөөтөр бизди кармады,
Буйрук кылды улугу,
Кардыбызды жаргалы,

www.bizdin.kg

Башыбызды найзага,
Илип алып баргалы,
Алы келбей Шерматка,
Ирандык кетип калганы,
Камынып жатат Шермат хан,
Багдатка кирип алгалы.
Бар кебин угуп Кененим,
Киши өлтүрчүү желдеттен,
Шерматка бирди жумшады:
-Сен бачымдап бар,-деди,
Барып айта сал,-деди,
Баш кишиңер Шермат хан,
Мени менен беттешсин,
Азыр келсин ал!-деди.
Улук болуп Шермат хан,
Кантип элди сураган,
Жесир катын, жетим уул,
Тынч элге салып чуулган?
Кайраты толук хан болсо,
Хан каадасы бар болсо,
Адам кылар иш эмес,
Ыраз болсо кылганы,
Шермат хан андай киши эмес!
Шермат хандын кабары,
Кубул жандан угулган,
Багдаттка салып жатат, деп,
Баш көтөрбөй чуулган,
Мыкты болсо Шермат хан,
Мени менен беттешсин,
Баштан-айак сыр чечип,
Көөнүн ачып кептешсин!
Уккан киши кайтыптыр,
Көргөнү менен билгенин,
Жашырбастан айтыптыр,
Баарын угуп Шермат хан:
-Кол куушуруп алдыма,
Тобо кылып баш ийип,
Келбей менин жаныма,
Күнөөлүнү бошотуп,
Желдеттерди бозортуп,
Теңтуш киши кептенип,
Жибергенин карагын!
Барабанды каккыла,
Баарын бачым баскыла,
Бейбаш киши Кененим,
Байлап келгин астыма!
Кубулжандан уктум деп,
Кубулжан деген ким экен?!
Деп бакырып Шермат хан,
Барбанды катырып,
Кернейлерин тартырып,
Аттантып чыкты аскерин,
Топуракты чачтырып.

Күндүн бети көрүнбөйт,
Алды бүркөк, үстү ачык,
Шермат хандын жүз балбан,
Бири миңден эр алган,
Кайда жүрөт Кененим,
Мен барып сайып алсам, деп,
Биринен-бири кызганган.
Кеңкула менен болкойуп,
Темгектүү найза койкойуп,
Турган экен кара көк,
Чоң oполдой зоңкойуп.
Карaанын көрүп Шермат хан,
Алп мүчөөлү баатырдан,
Айбатынан жадаган,
Алдындагы жүз балбан,
Жарып байлап келгин, деп,
Атынан айтпай жумушаган,
Бирнен-бири кызганып,
Бири калбай ат койду,
Кененимди бет алып,
Жабылып келет жүз балбан,
Кененимдин өзүнө,
Чымын-чиркей көрүнөт,
Алар Кененимдин көзүнө.
Бирден келбей жүз келди,
Темгектүү темир найзаны,
Тентегин кармап кезгерди.
Манастап ураан чакырды,
Жазганбай жалгыз качырды,
Жеткен жерде экөөнү,
Айланганда бешөөнү,
Беттеп сайып жетөөнү,
Эңиш жерде эр сайды,
Элүүнү беттеп бир сайды,
Аралап өтө бергенде,
Мен-менсинген жүз балбан,
Элүү төртү кулады.
Өлбөй калган кырк алты,
Өчөшүп булар ат салды,
Балбандардан айрылсам,
Баарысы керге келбейт, деп,
Алтымыш миң аскериң,
Аламан баарын каптатты,
Арстандан калган тукуму,
Кадимки шартты карматты,
Каптап келген кошуундун,
Агызып канын жайнатты,
Тамандан чыккан чаңды көр,
Агып жаткан канды көр,
Кыпкызыл канга боөолгон,
Томсоруп жаткан сайды көр,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү ар тоодой,

www.bizdin.kg

Мурутарын шыпыйтып,
Эр өлүгү бир тоодой,
Жарым жаткан жанды көр,
Чайкалып аккан канды көр:
Төгүлүп жаткан жинди көр,
Тоңкойуп жаткан пилди көр:
Миң койго тийген бөөрүдөй,
Жалгыз жүргөн эрди көр,
Жардамы тийген жетимге,
Элге жаккан шерди көр.
Айласы кетип амалсыз,
Аргасын таппай Шермат хан,
Алдына барды Кубулжан,
Жал ооруй барып ал турган:
-Амансыңбы, Шермат хан?
Алдыңа келип мен турам,
Тетиги турган Кененим,
Ал Манастын тукуму,
Ааламдын баарын буй кылган,
Акимсинген чандандын,
Алганын кара туу кылган,
Алты жыл болду чамасы,
Ага бардым мен мындан.
Жер алдында жүргөндө,
Эр түгөткүр аталдым,
Кененимди алам деп,
Ошо үчүн мен бардым,
Алты жыл жүрүп айлында,
Азгырып жолго мен салдым.
Темир ийрек, куу найза,
Теңдешип көрдүм далайга,
Дегеле алым келбеди,
Жер алдына түшкөндө,
Жеткирбеди дегеле,
Сыйкырды салды миң түрдөп,
Илбеди көзгө тим эле.
Көйкапка алып барууга,
Дөө периден эр сурап,
Тең кишини табууга,
Жол бербеди, ал канча?
Акыры келип калдык бул жакка.
Сенин кызың Бетирке,
Жады көйлүк үйрөндүк,
Жин периден бир кезде,
Бетиркеге барайын,
Алып келип калайын,
Эп келеби, Шермат хан,
Көп азапты салайын.
Жүз балбаның жоголду,
Жөн аскериң койбоду,
Жакын каолды шермат хан,
Сага колун созголу.
Мен желмогуз кубулжан,

www.bizdin.kg

Бүт жайымды сен уксаң,
Кепке калып Шермат хан,
Кубулжанды жиберип,
Бетиркен чакырган,
Багдаткка барды аңгыча,
Өлүмдөн он беш кутулган,
Багдат, Иран кубанды,
Кабар угуп булардан.
Калың элин кыйратып,
Кырылган койдой жуушатып,
Айдап кирип келгенде,
Өзү чыкты Шермат хан,
Чыгардан мурун Шермат хан,
Жөөттүгүн карматкан.
Так ошондой болорун,
Байкап билген алдынан,
Келе турган жолуна,
Жерге ордо каздырган,
Чөп-чар менен далдалап,
Үстүн эптеп жаптырган,
Көп аралап чабуулда,
Кененим келе жатканда,
Келип турду Шермат хан,
Казган орду жанына.
Кененимдеп бакырып,
Менин атым Шермат хан,
Кел бери, деп чакыр,
Шермат ханды көргөндө,
Курчтугу эрдин кармады,
Алдындагы кулага,
Айабай камчы салганы,
Жик жараңка көрүнгөн,
Жерди көрүп Кеңкула,
Мында бар деп бир бала,
Жанаша казган эки ордон,
Каттай аттап чуркады,
Жаныбарым кеңкула,
Төрт айагы тең түшүп.
Кирип келди Шермат хан,
Каз бууданын түйүлтүп.
Найзасы колдо зыңырап,
Кылычы колдо кыңгырап,
Ай балта жанда шыңгырап,
Көп кишиден Шермат хан,
Балбан экен кызталак.
Алтымыш батман чойун баш,
Ачууланып Шермат хан,
Булгап-булгап имерди,
Эр Кененим жолборсту,
Туулгага тартып жиберди.
Туулгасы кабышып,
Кара темир далдагай,
Эки бет болуп жабышып,

www.bizdin.kg

Чак деген үндү укканда,
Шермат хандын элдери,
Ат айабай чабышып,
Капкачанкы көп элдин,
Өчүн Шермат алды, деп,
Алтымыш батман чойун баш,
Башына тийди чак этип,
Жер тайанып жаты, деп,
Оозунан мөжүк кан кетип,
Мурдунан мээси акты, деп,
Дүбүрөп кирип келгенде,
Көзүн ачып Кененим,
Шермат ханды көргөндө,
Башына киер туулга жок,
Бендеден мындай туулган жок,
Жазганып андан Кененим,
Жанын айап турган жок,
Ал Манастын тукуму,
Жүргөн жери кызыл чок.
Эшик эндүү ай балта,
Арта салып ийинге,
Мен-менсиген Шермат хан,
Маңдайлаша келгенде,
Ачып көзүн каранып,
Алдынкы ээрдин жаланып,
Чабарына жеткенде,
Чабендес экен Шермат хан,
Ордун сала бергенде,
Сом балта жерге чабылды,
Жердин бети жарылды,
Кол арыктай  суу агып,
Жер бетине жайылды,
Аңгычакты болбоду,
Капыр Шермат камынды,
Колунда найза күркүрөп,
Каз буудандын  дабырты,
Жердин бети дүркүрөп,
Ойулуп кетчүү немедей,
Жер козголуп сүлкүлдөп,
Кененимге жеткенде,
Балта менен баатың,
Найзасын кагып жтберип,
Атын кайра тарталбай,
Капташа жүргөн кезинде,
Ай балта менен Шерматты,
Тартып ийди шилиге.
Кененим чапкан оңобу,
Жыгылып ордон кобобу,
Бутун тартып, кол серпей,
Бул дүйнөдөн жоголду,
Кененим бура тарткыча,
Кобулжан менен Бетирке-
Сыйкырлар дайар болгону.

www.bizdin.kg

Шермат хан кызы Бетирге,
Жылан болуп шыркырап,
Оозунан оту буркурап,
Сүйлөп келет чуркурап,
Кененимди оп тартып,
Жутуп эле кетүүгө.
Түргөн чийдей сур жылан,
Оозунан оту буркурап,
Сүйлөп келет бул жылан.
Айчүрөктүн ак тинте,
Кабынан тартып алганы,
Сорот экен мени деп,
Андан качып калбады,
Арстан туулган Кененим,
Тепсетип кирип барганы.
Ак тинте көрүп бетирке,
Ак куу болуп асманга,
Учуп чыга берерде,
Тинтени шилтеп ийгени,
Он эки куйрук, он чалгын,
Катар тарып өттү эми.
Ак куу болуп уча албай,
Асманга чыгып кете албай,
Сымап болуп жылт этип,
Көрүнбөй көзгө жылт этип,
Жерге сиңип кеткени,
Ангычакты болбоду,
Кубулжандын жеткени.
Кененимди төбөдөн,
Капшыра жерге сайам деп,
Агызып канын жайам деп,
Куу найзадан үн чыгып,
Адам көргүз түр чыгып,
Борошо куйуп бургуйлап,
Аркадан шамал аркырап,
Күн чагылып чатырап,
Багдаттык менен жөөттөр-
Баарысы коркуп калтырап,
Шай колдогон Кененим,
Шашпай туруп баамдап,
Зуулдаган үндү улап,
Ак тинте шилтеп өттү эми.
Кубулжандын найзасын,
Таарый өтүп кеткени,
Сок билек, соку, куу найза-
Бар сыйкырдан ажырап,
Шумдуктан башка неме жок,
Кубулжан калды шалбырап.
Алтымыш алгыр ит болуп,
Бетирке келди арсылдап,
Үн алышып канчыктар,
Ызы-чуу түшүп ажылдап,
Кармалуу колдо ак тинте,

www.bizdin.kg

Кененим кирди аралап,
Тегеректеп кула атты,
Алтымыш канчык камалап,
Оң-тескери кайсалап,
Тинтени шилтеп киргенде,
Бир арымда ак тинте,
Кырк беш итке тийгенде,
Бетиркенин бутуна,
Кылычтын учу тийди эле,
Тийген тинте койобу,
Кесилип буту чолойду,
Бетиркеден кан чыкса,
Калган иттер жоголду.
Кубулжан кылып сыйкырды,
Айланасы от болду,
Жердин жүзү жымылдап,
Кыпкызыл чок жайнады,
Асманга карай жалбырттап,
Кулачын жалын жайганы,
Көрүп турган элдердин,
Биринде акыл калбады.
Калбайбыз тирүү киши, деп,
Багдаттын бүттү иши, деп,
Баарысы мунтип турганда,
Баатыр кууган Кененим,
Жалынга кире берерде,
Бетиркени кармады,
Как жүрөктөн жарганы,
Бетирке каны жайылды,
Оттун үчтөн жалыны.
Жалгыз калып Кубулжан,
Куткармак болуп өз жанын,
Өнгөн кызыл гүл болуп,
Ыргалып чыга калганы,
Келе жатса Кененим,
Жалтылдаган жалбырак,
Кеңкула үзүп алганы.
Мелжемдүү жерден Кеңкула,
Бекем тиштеп алыптыр,
Адамча сүйлөп кызыл гүл,
Амандык сурай калыптыр:
-Менин атым Кубулжан,
Кутулбадым, Кененим,
Албан тирүү кубулсам,
Жер алдында казына,
Адам уулу билбеген,
Анын баарын берейин,
Суу перинин башасы,
Соогасын алып келейин,
Бир кесим эт тиштесең,
Кырк күндүк тамак саа азык,
Уруштуу күнү, Кененим,
Сага тийээр керегим

www.bizdin.kg

От перинин баашасы,
Оокатын алып келейин,
Миң кишиче баркы,
Уртокмок алып берейин.
Жанында чоро-жороң жок,
Жалгыз жүргөн чагында,
Караан болот жанында.
Жекеге чыккан кишиге,
Тамашасын көрөсүң,
Жиберсең аны алдына,
Жүз миң киши саа тийбейт,
Уртокмок турса жанында.
Амандык бер Кененим,
Аманат кара жаныма,
Мойнумду толгоп кылчайып,
Карабайын мен сага.
Кетпе десең кетпейин,
Казаның кармап берейин,
Сага кастык кылгандын,
Талпагын ташка керейин,
Эртеден кечке дем албай,
Тезегиңди терейин.
Бүрмөчөгүн бүрөйүн,
Үзүлгөнүн улайын,
Кыскасы болсо курайын,
Кемтиги болсо бүтөйүн,
Тешиги болсо жамайын,
Ачылып калса жабайын,
Азандан күлүң төгөйүн,
Аманат жанга күч келди,
Жарыгын күндүн көрөйүн.
Ысыгыңа күйөйүн,
Суугуңа тоңойун,
Ыдыгыңа чыдайын,
Карым казык болгунча
Башын токмок болгунча,
Бүкчүйүп белим ийгинче,
Тиземе башым тийгинче,
Кызматың болсо кылайын.
Деп зарланып Кубулжан:
-Касам берен, Кененим,
Кулагың салып сен уксаң,
Ай караңгы түнгө окшоп,
Булут баскан күнгө окшоп,
Соолуп калган гүлгө окшоп,
Суу тамбаган чөлгө окшоп,
Гийеси жок жерге окшоп,
Калдырак кара ташка окшоп,
Каткан кара шорго окшоп,
Казып койгон орго окшоп,
Жалыны өчкөн корго окшоп,
Жан түшпөгөн торго окшоп,
Өнбөй калаган чөпкө окшоп,

www.bizdin.kg

Мен болйун, Кененим!
Ал канчыктын жакылдап,
Айтып жаткан кебинин,
Кайсы бирин билейин.
Ак тинтенин боосуна,
Желке чачтан байлады,
Багдатты карай айдады,
Киши калбай Багдатта,
Алдынан тосуп барганы,
Шаар ичине кирбеди,
Шаардын ичин көрбөдү,
Алты күнү талаада,
Ат сергитип өргүдү,
Жөөттүн ханы Шермат хан,
Анын жалгыз уулу бар,
Чакыртып келип Кененим:
-Сен Багдатка не келдиң?
Тынч жаткан элге чуу салып,
Бар беле мында бир кегиң?
Шермат хан уулу кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
-Быйыл чыктым он бешке,
Ойун менен жүрчү элем,
Аралашпай кеп-сөзгө,
Атам кетти аттанып,
Аскер алып, кол алып,
Келерин мында ким билет,
Тынч жаткан элге кол салып.
Ойноп жүрсөм үйүмдө,
Кубулжан барып бир күндө,
Чакырып келди бул жерге,
Бетиркеге кошо алып.
Акылым таппай сандалдым,
Атам өлүп муң басып,
Менин алым ушунча,
Менде жоктур эч жазык.
-Атаңдын жакын кишиси,
Акылдашы барбы? - деп,
Вазирлерин чакыртып,
Аны кошуп алды дейт.
-Шермат хан такка конголу,
Сен вазири болголу,
Канча жыл болду болжолу,
Кененим калыс өзгөчө,
Жүйөлүү сөздөн козгоду,
Вазир кебин баштады:
-Өлүп кеткен Шермат хан,
Жыйырма үч жыл хан болду,
Мен вазири болголу,
Быйыл он бир жыл болду,
Беш атадан бер жакка,
Жөөттөргө хан экен,
Ким менен болсо жөөлөшкөн,

www.bizdin.kg

Урушкумар жан экен.
Мен вазири болголу,
Алты шаарга кол салды,
Баарысын чаап олжо алды,
Барган жерден жеңилип,
Бекер кайра жанбады.
Бу сапар келип Багдаткка,
Эчтеме менен иши жок,
Баашасы жок эл жатса,
Кол салып буга катылды,
Болбос ишке катышып,
Быркырап мээси чачылды.
Алтын ал деп нар берди,
Кыз алгын деп мал берди,
Багдаттын эли жалбарды,
Жарты кепке албады,
Булар айткан акылды.
Кыйалында Шермат хан,
Багдатты чаап алмакчы,
Келер жылы камынып,
Мисирге колун салмакчы,
Андан аары оолугуп,
Ооганга чейин бармакчы,
Жеңе алса мисир,ооганды,
Индистанды алмакчы.
Биздерге айтып угузуп,
Бүтүрүп койгон кеңешке,
Вазири айтты билгенин,
Кененим укту бар кебин:
-Уулу барбы Шерматтын,
Ордун ээлеп так минер,
Атанын оордун бек басып,
Бузуп чачпай эл бийлер?
Анда айтат вазири:
-Он беште жалгыз уулу бар,
Мунайым кыйал, жумшак сөз,
Жагымдуу жарык жүзү бар,
Шерматтын уулун таптырып,
Жөөттү ага тапшырып,
Он бештеги баланы,
Багдат менен жөөттүн,
Төбөсүнөн баш кылып,
Алтымыш жыл журт сурап,
Адыл болду ал бала,
Бала бааша атыгып,
Ирандын тарткан чыгымын,
Жөөттөргө тарттырып.
Жүрүп кетти Кененим,
Багдатта туруп калбады,
Айабай береген мал-пулдан,
Жарты жарма калбады,
Кубулжанды жетелеп,
Таласты карай бет алды,

www.bizdin.kg

Жети суу менен таластын,
Арасында бир жер бар,
Желмогуз жылга атанды.
-Мени азгырган жериң, - деп,
Жердин бетин айланып,
Багдатка барып келдим, - деп,
Койбойун тирүү сени, - деп,
Желмогузду жайлады,
Кылычка канын майлады.
Таласка барып баатырың,
Жанбашы тынчып жай алды,
Эригип жаткан кездерде,
Жалгызектин бүркүтү,
Эсине түшө калганы,
Кененим чыкты аттанып,
Олуйа чалга баргалы,
Таластан чыгып жол тартып,
Ополду көздөй оң тартып,
Канча күнү, канча түн,
Эрикпей жүрүп Кененим,
Кең Кашкар келип жатканы,
Жоодар бешим чунакты,
Сурап жүрүп тапканы,
Кененим, Жоодар табышты,
Жүрөктө кебин салышты:
-Котен, Жеркен, Лопнурду,
Күнгөйүндө аралды,
Атаңдын жолун жоготпой,
Башкардыңбы аларды?
Кененим сурап калганда,
Жожурап Жоодар кеп таштап,
Кеп айагын бош таштап:
-Котен, Жеркен, Лопнурдан,
Келип-кетип турушат,
Кеңеш кебин ар бир жан,
Башка-башка угузат.
Ооган менен Коросон,
Ага тажик кошулуп,
Анда-санда кол сунат.
Картайып калдым Кененим,
Кабар кылам мен сага,
Чыгып калса бир чатак.
Алтайдын түштүк жагында,
Куландын сары сайында,
Үч дөөнүн аты угулат -
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Калдагай кулак Чойун алп,
Ошондон күмөн чоң турат.
Кулактай жүргүн Кененим,
Калмакка эми чаптырсак,
Бизге калат жаман ат.
Мен жүрөмүн күмөндөп,

www.bizdin.kg

Ак пейли жоктой көрүнөт,
Тажиктердин Темирбек,
Жашырышпай айтышып,
Жаман-жакшы күмөн кеп.
Кашкардагы Алакум,
Өлүп кеткен, Кененим,
Кең Кашкардын сурагын,
Кыргыздарга бергемин,
Бет келишип көрүшпөй,
Сага айта элекмин.
Шаарга барбай тоо бойлоп,
Сөөк, тойун, чакмакта -
Ушуларда жүрөмүн,
Көбүнчөсү тойунда,
Кыштын күнү болгондо,
Эркечтамдын бойунда,
Соноролоп барам кеп-кээде,
Алажууку Үчташка,
Жайлап чыгам жылында,
Чатыркөл менен Арпага,
Картайганда амал жок,
Сени менен, Кененим,
Олуйа чалга барганга.
Кененим анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
-Уктум, Жоодар кебиңди,
Карылыгын билдирбей,
Бекемдеп байла белиңди,
Котен, Жеркен, Кеңкашка,
Лопнур, Азык аралда,
Жакшылап баккын элиңди.
Куландын Сары сайында,
Үч калмак бар дедиңби?
Келип калса жылыштап,
Угузуп кой четини,
Тажиктердин Темирбек,
Күмөндүү киши болдубу?
Басыктырып бир кезде,
Өпкөсүн кысып койолу,
Бадакшан бар, Балык бар,
Баары тажик калык бар,
Коросондогу Даабытбек,
Испандагы Ачакан,
Угулуп турат шум кабар.
Алматыда муз бурчак,
Музбурчактан акубак,
Калбады андан бир туйак.
Үрбүдөн калган балдары,
Үрбүдөй боло албады,
Кулетендин алп агыш,
Андан тукум калбады.
Төштүктөн өзүң турасың,
Кошойдон турат Бактыбай,

www.bizdin.kg

Сынчыбектин элинде,
Өзбектерден далай бар,
Керкөкөүлдүн Тетиги,
Бирде болуп, бирде жок,
Атаңдын көрү дүйнө шок,
Букардагы Кара хан,
Ысмайыл өтүп баласыз,
Баары чыкты катардан.
Таластагы жети хан,
Паландын уулу дедирип,
Калганы жок бир адам,
Олуйазада Манастан,
Жалгыз башым мен турам.
Кыпчакта Жоодар сен турсаң,
Кара кыргыз Бактыбай,
Ага болсоң жоодар сен,
Ини болсо Бактыбай,
Эмнеден менин кемим бар.
Жалгызек айткан кеби бар:
«Алып кетип бүркүттү,
Олуйа чал бербеди,
Кененим, барып алып ал»
Келген ишим бул эле,
Ополго барар жумуш бар.
Жоодар менен кошотошуп,
Жүрүп кетти Кененим.
Коңур салкын күз өтүп,
Алысын катып бараткан,
Алтымыш киши көрүндү,
Бара жатса ыраактан,
Тосоттоп барып алдынан,
Жолугушуп беттешти,
Салам айтса Кененим,
Олуйа чалдын ошондо,
Оозу араң былк этти.
Жалгызектин бүркүтү,
Адырга аркар ототтпойм,
Кадууга жейрен топтотпой,
Коктуга түлкү жойлотпой,
Тектирге теке жайылтпай,
Кайыптын күнүн түгөтүп,
Карып кылып салыптыр,
Канча чыкса карышкыр,
Калтырбай баарын жарыптыр.
Чоң Ополдун бойунда,
Кайберенди түгөтүп,
Адыр, сайда жандар жок,
Бүркүттүн алы келгендей,
Мыдырар жандар калбаптыр,
Канча жылы салыптыр,
Олуйа чалда арман жок,
Келгенин айтса Кененим,
Кебине кулак салган жок,

www.bizdin.kg

Жаткан жерде бир жатты,
Копкон жерде бир копту,
Басса-турса бир болду.
Кененимдин кебине,
Жооп кылып койбоду,
Күндө тыным албастан,
Тоо кыдырып бойлоду.
«Айкөл Манас жол кошкон,
Атагы бар киши экен,
Кантээр экен кана» деп,
Кененим муну ойлоду.
Түндө чырым алдырбай,
Уйкусун жакшы кандырбай,
Таң аткыча күпүлдөп,
Уйку көрбөй дүпүлдөп,
Таң атканда аттанат,
Бол жүргүн деп дүбүрөп,
Кечке оозу тыйылбайт,
Бирдеме деп күбүрөп,
Чын ачуусу келгенде,
Дүбүрөбөй укта, деп,
Зор Кененим сүйлөнөт,
Одураңдап ошондо,
Олуйа чал күүлөнөт:
-Мага Манас жол берген,
Сары бала сен эмес,
Айтып болуп олуйа,
Баары түштү зикирге,
Бөйрөктөрү бүлкүлдөп,
Баш жагында олуйа,
Токтобой башы сүлкүлдөп.
Оң жагына толгонуп,
Оодарылат Кененим,
Асили уйку келбеди,
Чырым алып көз жумар,
Олуйа тынчтык бербеди,
Кирген нардай буркулдап,
Ак көбүк ооздон буртулдап,
Кекиртеги куйкулдап,
Ичегиси чуйкулдап,
Жадаганда Кененим:
- Тура турчу олуйа,
Эки айактуу бендеге,
Жакшылык жок ойуңда.
Мылтык атып, жаа тартар,
Капкан койуп жан багар,
Эгин эгип мал табар,
Элди эркине койбойсоң,
Алгыр бүркүт алман ит,
Элдикин алып ойнойсуң.
Жолдош-жоро кишиңди,
Таң аткыча уктатпай,
«Уу» дегин деп зордойсуң,

www.bizdin.kg

Көзүңө жакшы көрүнсө,
Бата берем сага деп,
Элге чапан койбойсуң,
Мунуң жакшы иш эмес,
Чалмага берген жан салып,
Жараткан кудай сен эмес,
Жеңдей сары бала деп,
Айтуучу киши мен эмес!
Мен олуйа деп айтып,
Элдин алдап ашын жеп,
Тонун кийип, ат минип,
Пейлиң жаман сеники,
Кылып жаткан ишиңе,
Ачуум келди меники,
Кийген кийим, минген ат,
Жаткан төшөк, ичкен аш,
Байкасам баары элдики,
Шишик толгон кез экен,
Олуйа чал сеники!
Кесириң болсо көрөйүн,
Элди алдап бүлдүргөн,
Сен кептенген немени,
Өлтүрүп таштап жөнөйүн,
Каргышың жетсе, олуйа,
Ажалым жетсе өлөйүн,
«Жүйөлүү каргыш тийет деп,
Жүйөсүз каргыш ээсине»
Карылардын кеби экен,
Жалган-чынын билейин!
Деп Кененим айтканда,
Ажалы жеткен алдамчы,
Кан жуткур! Деп тап берди,
Айткан кепке ардыгып,
Кененим муштап жиберди,
Деп алып жата турчу, деп.
Селдеси калды чубалып,
Мурдунан кетти мээси агып.
Жанындагы алтымыш,
Бирин койбой өлтүрүп,
Жүрүп кетти Кененим,
Аттарын айдап олжо алып,
Кондуруп бүркүт колго алып,
Айтып барды Таласка,
Жашырбай баарын кеп салып:
-Ополдун тоосун түптөдүм,
Олуйа чалды бүктөдүм,
Кесири кана тийгени?
Ат үстүндө кыйшайып,
Уккандар калды сумсайып:
-Олуйа чалды укканбыз,
Көргөнүбүз жок эле,
Кимди койот Кененим,
Койбой кылат турбайбы,

www.bizdin.kg

Ойуна туура келгенин,
Жалаңгыч Сарык дегенин,
Бүгүн билдик чын жерин.
Муну мындай таштайлы,
Кененим менен Шалкымат,
Кез келгенин баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН ШАЛКЫМАТТЫ ЖАПШЫРУУСУ

Куландын Сары сайында,
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Калдагай кулак Чойун алп,
Чиктей кабар кылат деп,
Канча жылы жай жатат.
Чиктейдин непак өлгөнүн,
Кабарын укту кулактап.
Кандай өлгөн Чиктей хан,
Анык дайнын сурашат,
Кененимден өлдү деп,
Ачык кабар угушат.
«Укканыбыз чын экен,
Чиктей өлгөн турбайбы,
Тирүү болсо Чиктей хан,
Эмгиче кабар кылбайбы.
Эрдемсиген Кененим-
Бурутту барып уулайлы,
Мунтип карап турбайлы,
Бабай койсок бурутка,
Сөз байлашып ант кылган,
Хан Чиктейдин оорагы,
Баш көтөртпөй урбайбы!»
Кара желек туу байлап,
Отуз миңден токсон миң,
Булар жүрдү кол айдап,
Ээн жатып эриккен,
Бабырышып дуулдап,
Биринин кебин бири укпай,
Аламан сүйлөп чуулдап.
Баркөлдөн тартып Кашкарга,
Барып булар жеткенче,
Жол бойуна мал койбой,
Мыдыр этер жан койбой,
Салуулуу турган шар койбой,
Салуулуу турган бак койбой,
Жаткан жерде жабылып,
Ат жетер жерде калмактар,
Катын койбой, кыз койбой,
Жаш-карысын ылгабай,
Сын-сыпатын карабай,
Тытынып адам айткысыз,
Ишти кылды ар кандай.
Колуна түшкөн кишини,

www.bizdin.kg

Түшкөндөн тартып  кеткинче,
Бүтүртүп алып ишини,
Тоноп алып кээ бирөөн,
Кийим-кечек баарысын,
Өлтүрүп таштап кетишти,
Баш көтөргөн жакшысын,
Көзгө көркөм көрүнгөн,
Сарайдын баарын талкалап,
Кан какшатып ыйлатып,
Катын менен баласын,
Карапайын букара,
Түгөтүп такыр чарасын,
Урпактан-урпак кеткисиз,
Жүрөккө салып жарасын,
Түгөтүп күнүн буй кылды,
Баркөл менен Кашкардын,
Бул  экөөнүн арасын,
Таластан кайра жанганда,
Бүтүрөбүз анан деп,
Мындан калган чаласын,
Чоң иш кылдык биздер деп,
Чочколор басып санаасын,
Буйрук кылып угузду:
«Чыгыштан чыгып бир киши,
Батыш жакка барбасын,
Болбой баскан ким болсо,
Мойну жоон эр болсо,
Башын кесип жайласын,
Жазасы ошол укпаса,
Кылычка канын майласын!»
Буйругун элге угузуп,
Түк туйгузбай кишиге,
Укмуштуу ишти кылышып,
Чыгыштан чыгып үч доңуз,
Батышты карай жылышып,
Барып жетти кашкарга,
Түк билгизбей бир жанга,
Үч бөлүндү Кашкарда,
Үч бөлүнүп барарга,
Калдагай кулак Чойун алп,
Калды Кашкар шаарында.
Кашкар, Котен, Жеркенди,
Лопнур, азык аралды,
Башкарып болуп буларды,
Темирбек менен сүйлөшүп,
Тажикке жетип барарды,
Темирбек экөө биригип,
Таласты барып чабарды,
Төштүктүн уулу Жоодарды,
Бүткүл койбой аларды,
Ажыратып кыргыздан,
Боростой кылып саларды,
Колго тийсе Жоодарды,

www.bizdin.kg

Коондой кардын жарарды,
Бүтөмөк болуп буларды,
Мунтип мунун калганы,
Жез киндиктүү Кикимат,
Эркечтамды ашарды.
«Алты шаар, Анжыдан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Өзүбек көөнүн бурбады,
Өмүр бойу кыргыздан.
Мен өзүбек дегендин,
Көргүлүгүн көр кылам,
Айткан кепке кирбесе,
Он сегиз менен кырк жаштын,
Ортосун койбой бүт кырам,
Уугун учтап шиш кылам,
Мурдун тилип туз куйам,
Унунткусуз иш кылам!
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Тажикке берем олжого,
Кербендер түнөп өтүүчү,
Бекет кылам Коконду.
Кокон колго тийгенде,
Катар чиркеп төөлөргө,
Карачай, жибек артпасам,
Мисир, Багдат, Кудузга,
Алып барып сатпасам,
Батышка койбой алтынды,
Чыгышты карай тартпасам,
Жүз жылы жесе түгөнгүз,
Алтынды жүктөй жыйбасам,
Карызга басып батышты,
Көз каранды кылбасам,
Куландын көчүп сайынан,
Букарга барып турбасам!»
Батыш менен чыгышка,
Бааша болду ойунда,
Баспай туруп Кикимат,
Байы болду баары элдин,
Жүктөй алтын пул жыйнап,
Баарысы тайар болгондой,
Токтоно албай чымыңдап,
Эркечтамдан жөнөдү,
Эрдемсинген Кикимат,
Темир тондуу Шалкымат,
Бар шайманы жалтылдап,
Беркилерден канчалык,
Баатыр экен Шалкымат.
«Торугартап барам, - деп,
Тойунду өрдөп чыккандан,
Түп көтөрө чабам, - деп,
Арпа менен ак сайдын,
Астын-үстүн салам, - деп,
Колума тийген кыргыздын,

www.bizdin.kg

Боорун жарып өт алам,
Көзүн чукуп кек алам,
Башын кесип өч алам!
Атбашыда Бактыбай,
Салгылашып аа барбай,
Нарынга мурун барбасам,
Алооке турган шаар экен,
Нарынды колго албасам,
Нарынды алып колума,
Атбашы карай жылбасам,
Тукум курут кылбасам,
Чынгыш ханга баш бербей,
Козголбой калган деп угам,
Кошойдон калган Бактыбай,
Башын кесип байланып,
Анан Таласына барбасам!
Атбашы менен Аксайды,
Атбашы, Нарын, Жумгалды,
Кетмен төбө шарларды,
Аралап баарын көрбөсөм,
Тоо-ташын койбой буларды,
Белгилеп ордум алайын,
Атбашы менен Нарындын,
Кимисине турарды.
Кикимат менен чойун алп-
Аларды карап турамбы,
Каптап кирсе Таласты,
Кененим чыдап турабы.
Түндүгү капал, муз деңиз,
Чыгышы алтай жер деңиз,
Орто Азийа болгон жер,
Биздики болду десеңиз…»
Кашкарда жүрүп шалкымат,
Ойу менен эл алып,
Кенененим менен Бактыбай-
Эки шерди тең албай,
Элин алып, эрди алып,
Ээлеп турган жерди алып,
Беттешер бенде калган жок,
Жатмак болду чардайып,
Алоокенин ордуна,
Нарынга жакшы шар салып,
Соода кылмак батышка,
Жибек менен чай алып,
Колун сунуп чыгышка,
Жалгыз өзү баш болду,
Баспай туруп дардайып.
Ойлогону колуна,
Эмеле тийген немедей,
Көөдөнүнө батпады,
Өпкөсүү көөп ченебей,
Ажал алса жакадан,
Алактатат ар кимди,

www.bizdin.kg

Өлүм жетсе бендеге,
Көрсөтпөй койбойт тар жерди.
Айал кылып жатпастан,
Атынын башын тартпастан,
Бурулбай аксай бетине,
Атынын изин түшүрбөй,
Атбашынын четинне,
Нарынды карай өтөм, деп,
Басуучу жолдон азыптыр,
Атбашылап басыптыр.
Малчылардан кеп угуп,
Бул Атбашы, деп угуп,
«Атбашыга келипмин,
Бактыбайга жолугуп,
Жолукканча кетейин,
Жолумда экен Бактыбай,
Башын кесип кетейин.
Кененимге туйдурбай,
Бирине-бирин жеткирбей,
Сындырайын белдерин,
Кара жерге жаздайын,
Карсылдашып келгенин»
Ойуна алып Шалкымат,
Утур келегн айылды,
Талап алып жөнөндү,
«Такандашып ким келсе,
Көрсөтөм,-деп,- өнөрдү»,
Ойуна албайт кылайып,
Бул Бадырек өлөрдү.
Отуз миң аскер кол менен,
Мазейил ашып түшүптүр,
Мунун көргөн элдердин,
Жүрөгү коркуп үшүптүр.
Кошойдон бери карата,
Атбашынын бетине,
Кол түшкөнүн көрбөгөн,
Бул эмне шумдук, деп,
Көргөндүн баары дүрбөгөн,
Кара байрак отуз бир,
Аскердин саны отуз миң,
Көргөндүн көөнү болуп кир,
Абышкалар ашыгып,
Жаш балдары шашылып,
Айыл башы ак сакал,
Кеп табалбай аптыгып,
Муунта кармап жакасын,
Кошойду ойлоп жаткылып,
Чечдөбө ата колдо, деп,
Түп көтөрө бастырып,
Кызыл ээк чалбар, деп,
Кызыл муштум балдар деп,
Ырысы бардыр булардын,
Түбүндө кудай жалгаар, деп,

www.bizdin.kg

Зордук кылган ким болсо,
Арбагы Кошой каргаар, деп,
Арбагы колдо Жалгызек,
Аркасында Бактыбай,
Айлабызды табар, деп,
Бир баланы чаптырды,
Бактыбайга кабар деп.
Ордосунда Бактыбай,
Чалдыбарды коргондо,
Жаткан экен ошондо.
Саты бий деген бар эле,
Бактыбайга чапкылап,
Кабарга барган ал эле:
-Баш кармаган Бактыбай,
Жаттыңбы, баатыр, көөнүң жай?
Мазейилдин белинде,
Кара байрак отуз туу,
Алдыңа келдим ал үчүн,
Айлабызды табалбай.
Туусун көрүп ыраактан,
Турнабай менен санадык,
Анык жообун ала албай,
Ким экенин биле албай,
Тинтип тосуп баралбай,
Козголбой жатып алалбай,
Айтканы келдим, Бактыбай.
Кара байрак ким болт?
Камынбасак, баатырым,
Тепсеп кетип жоготот.
Кызыл ээк чалдардын,
Кызыл муштум балдардын,
Эми айласы не болот?
Жайыттагы жылкыны,
Жакындагы койлорду,
Койбой терип жеп болот!
Деп Саты бий айтканда,
Ал Бактыбай муну айты:
-Анталаба, Саты бий,
Элди албай оозуңа,
Тамталаба, Саты бий.
Кара байрак туу болсо,
Каңкайдан келген калмактыр,
Калмактан башка ким келсин?
Мазейилди ашты деп,
Айтканыңан байкадым,
Кашкардагы Жоодарга,
Катылышпай келиптир,
Же болбосо Жоодардын,
Талпагын ташка кериптир.
Кыйпачын укса сөзүнүн,
Кыйгачын көрсө көзүнүн,
Жоодар кабар кылбайбы.
Аксайды карай бастырбай,

www.bizdin.kg

Тоскула барып бел-белди,
Жоо келди деп үркүтпө,
Жыргап жаткан элдерди.
Түп атаман бер жакка,
Үйдө жатып башкардык,
Урматын көрдүк бул элдин,
Өзүм алдын тосойун,
Каптап келген бул селдин.
Хан болупмун калдайып,
Башыма таажы салынып,
Карсылдашып өлөйүн,
Элдин тилеп аманын,
Кабаттап темир жамынып.
Деп ошентип Бактыбай,
Согушка чыкты камынып,
Чуру-чуу түшүп коргондо,
Жез барабан кагылып,
Атка минди миң балбан,
Дайар болуп жабылып,
Жайы-кышы жаткандар,
Бекеринен багылып.
Асабасы калкылдап,
Алтындуу саадак жаркылдап,
Кең багалек буулум шым,
Үзөнгүдө шалпылдап,
Кылыч кында шыңгырап,
Ай балта белде жалтылдап,
Найза колдо зыңырап,
Аргымак аттар алкылдап,
Жоокерлердин жүрөгү,
Токтоно албай балкылдап,
Шалкыматтын жолунан,
Миң киши чыкты атышып.
Падыша Кошой баласы,
Он тогуз менен жыйырманын,
Ортосунда жаш болуп,
Миң кишиге баш болуп.
Мурутун булкуп ыргыткан,
Мындай чыкпайт көп журттан,
Сакалын жулуп ыргыткан,
Батасы журтту байыткан,
Олуйа Кошой төрөнүн,
Туусун көрүп калмактар,
Токтоо кылып турбастан,
Каптап кирди бир баштан.
Темир тондуу Шалкымат,
Калмактарга кеп кылат:
-Сен отуз миң, кыргыз миң,
Бир кишиге отуздан,
Алдырсаңда, алсаңда,
Калганын эми өзүң бил!
Келе жаткан кампайып,
Жалгызектин Бактыбай,

www.bizdin.kg

Бучкагыма албаймын,
Убара болуп барбаймын,
Теңтуш киши кептенип,
Теминишип жүрбөймүн.
Тоготпой карап турайын,
Кайраты канча көрөйүн,
Катылып келсе кол салып,
Башын кесип жөнөйүн.
Карап туруп кыргыздын,
Баатырлыгын билейин,
Балбандары бар болсо,
Как боорунан жирейин!
Каптатып ийип Черүүсүн,
Карап турду кайкайып,
Бүтүлүү тоо көрүнүп,
Бул Бадырек дампайып.
Коргондон чыгып Бактыбай,
Бактыбай анда кеп айтат:
- Токтой тургун, кыргыздар,
Алам уруп ашыкпай,
Олуйа атам Кошойдун,
Алтын туусун көргөндө,
Болбой кирди калмактар.
Калмактар айнып акылдан,
Айласын тапай калдыбы?
Алы канча дегенсип,
Же акимсинип алдыбы?
Так отуз миң эл окшойт,
Туу санаты бардыгы.
Каптап кирсек жапырып,
Кайратын бойдон качырып,
Тартуу тартмак кылат деп,
Коркуп кыргыз ашыгып,
Ойлогону ал окшойт.
Кандай болсо келген жоо,
Өз акылын акыл, деп,
Таптым акыл такыр, деп,
Кулак салып кыргыздар,
Тилимди алсаң макул деп,
Ушул турган миң балбан,
Жалгыз кара башыңды,
Жүз кишиге бааласаң,
Жарадар болсоң азыраак,
Жалтайгансып калбасаң,
Ого бетер ошондо,
Найзаңды чыңдап кармасаң.
Баш айрылат, көз чыгат,
Бет айрылат, кол сынат,
Ат жыгылат, бут сынат,
Андай иштер кез болсо,
Ээрдиңди кесе тиштегин,
Качан болсо өлчүү жан,
Жан айабай күчөгүн.

www.bizdin.kg

Качкан болсо найзалап,
Жакын болсо кылычтап,
Бет маңдай боло балталап,
Өлсөң-өлүгүн урушта,
Кайра качпа аркаңа.
Качып берип калдаңдап,
Сыр алдырба душманга,
Кыргыз кыйын экен, деп,
Келгендер калсын пушманга,
Айтылып калсын атагың,
Жер бетинде укканга.
Ураан салгын бакырып,
Манастан башка болбосун,
Мен турамын бир четте,
Жан айабай киремин,
Баш кишиси бет келсе.
Мен да кирсем аралап,
Карап турган тетиги,
Маңдайында сагаалап,
Анык байкап албайлы,
Алыңарды чамалап,
Капыста бизди калтырып,
Коргонго кирет сабалап.
Аралап кирбей, миң балбан,
Айланасын курчап кал,
Четке киши чыгарбай,
Ошол жерге камап сал.
Деп Бактыбай айтканда,
Балбандын баары бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Мылтык атып жүз балбан,
Доолбас уруп он балбан,
Туу түбүндө Бактыбай,
Он киши менен бир калган.
Уй мүйүз тартып ат койуп,
Сегизжүз ашуун балбандар,
Калмакты курчап салганы.
Аңгычакты болбоду,
Кабар барса көп элге,
Өөдө-тоодо кырыгздар,
Чогулуп келе калганы,
Санаты толду отуз миң,
Калмакка кырыгз теңелди,
Сан тарабы бирме-бир,
Карап туруп Шалкымат,
Көөнү даттап болду кир.
Чыдай албай күркүрөп,
Жекеге чыкты түгөнгүр.
Бөлүндү болгон калмактар,
Жам болушуп бир жерге:
«Кандай адам тең келет,
Кыргыз деген бул элге?
Отуз миңди миң киши,

www.bizdin.kg

Камап койду бир жерге,
Тирүү кетиш жок экен,
(Түңүлдүк жандан) биздерде»
Деп калмактар күбүрөп,
Ачык айтып ийе албай,
Сийдиги агат бүрүлдөп.
Токтоно албай Шалкымат,
Балбандарын чакырат,
Бетек деген балбанын,
Кел бери деп бакырат:
- Мен Шалкымат болголу,
Сен Бетек атка конголу,
Менин менен теңдешип,
Беттешкен бенде болбоду,
Беттешкен менен эрдемсип,
Дегеле иши оңбоду.
Тиги турган Бактыбай,
Көөнүнөн кеткис иш кылгын,
Жекеге келген немесин,
Найзага илип ыргыткын,
Кыргыздын көрдүм караанын,
Токтогон көзгө сенчелик,
Көрө албадым адамын.
Сенден калса Табан бар,
Табан чыкса кыргыздар,
Айласын калар табалбай,
Деп болуп аны чыгарат,
Четке чыккан бетектин,
Дөөкүрсүгөн эшектин,
Кереги жок болучу,
Маңдайлашса кезектин.
Шалкыматтан кеп угуп,
Мыктысың бетек, деп угуп,
Чыкты чочко оолугуп.
Кыргызда бар нечени,
Араң турган жулунуп,
Уруксат алып ханынан,
Кийизбай чыкты жол тосуп.
Калмактардын бетеги,
Найзасын чыңдап кекенди,
Тосо чыккан алдынан,
Кийизбай баатыр бекерби?
Качырып тийген Бетектин,
Кагып ийди найзасын,
Колуңан жарак кеткенде,
Эми алың канчасын?
Имерилип Кийизбай,
Манастап ураан чакырды,
Бир сайгандан чыгарбай,
Менмин деген Бетектин,
Минтип шорун катырды,
Жара сайып курсагын,
Эшектей кылып жаткырды.

www.bizdin.kg

Шалкымат айткан табаны,
Шалкылдатып таканы,
Атка минсе ээринин,
Кашына тийет сакалы,
Жарым уйга жүк экен,
Жамынып алган чапаны,
Ачууланып Табандын,
Абыдан келди капасы,
Каңалтырлап көрүнөт,
Мойнундагы какачы,
Кулагы жалпак мулуйуп,
Бети калың дулуйуп,
Шалкыматтын жанынан,
Бастырып чыкты суурулуп,
Чокморун кысып такыйга,
Кылычы бар кынында,
Балтасы бар жанында,
Найзасы бар колунда,
Калканы бар жонунда,
Чарайна тартып бооруна,
Туулгасын көмөрүп,
Бетектин колун алам деп,
Кайраттанды көгөрүп,
Каарын салып сүрдөнүп,
Ач карышкыр түрдөнүп,
Жаанда аккан кыйандай,
Жаман келет түрдөнүп.
Айал-үйөл кылбады,
Качырып найза урганы,
Чоң экен деп табаны,
Кийизбай карап турбады,
Найзасын күүлөп сунганы,
Күүлөгөнгө болбоду,
Капыр Табан бир койду,
Кийизбайдын сыртынан
Найзанын учу коройду,
Илип алып найзага,
Калмакты карай чу койду.
Кыргыздардын ичинде,
Жолболду деген тың эле,
Жолукканды жубанткан,
Өзү мыкты уул эле.
Кийизбайды калмактар,
Тытып этин жешет, деп,
Тытмакай кылып кетет, деп,
Коңурду минип койгулап,
Олбуй-солбуй камчылап,
Калмакка – берерде,
Качырып жетип Жолболду,
Кара ниет табанды,
Карчыттан нары бир койду,
Тоодой болгон чоң табан,
Топо тиштеп torойду.

www.bizdin.kg

Найзадакы Кийизбай,
Бакырып ийди Манастап.
Кийизбайдын этине,
Найзанын учу тийбген,
Кементай менен күрмөнүн,
Ортосунан найза өтүп,
Түпөгүнөн илинген.
Кийизбайды куткарып,
Табандын атын олжо алып,
Кайра тартты Жолболду,
Дары деген бир балбан,
Калмактан чыгып жол кошту,
Бир сайгандан чыгарбай,
Жомсоп койду Жолболду.
Ошол күнү он калмак,
Жолболдуну колунан,
Баары өлүп жоголду.
Беттешкенин мент кылып,
Сайгандын баарын жабшырып,
Майдандын ичин кан кылып,
Баатырлык кылды Жолболду,
Күн кечкирип бөлүнүп,
Эки башка эл конду.
Эртең кандай болот деп,
Ойлоп жатып таң атты,
Кыргыз калмак – эки урук,
Маңдай-тескей сап болду,
Катар он бир эр өлүп,
Каң караган калмакка,
Арылгыс жаман дарт болду,
Эрдемсип калган Жолболду,
Элден мурун чуу койду.
Калмактардын калкында,
Туруучу эле ар качан,
Шалкыматтын артында,
Дардаң деген бар эле,
Отуз миңдин ичинде,
Эң мыктысы ал эле.
Дардаң чыкты далбаңдап,
Эки буту салаңдап,
Тайган кууган текедей,
Таноолору барбаңдап,
Үстүнкү эрди калбыйып,
Алдыңкы эрди салаңдап,
Эр чырагы эки көз,
Маңдайында алаңдап,
Мингени тору тобурчак,
Ооздук тиштеп жалаңдап,
Учкан куштай дыркырап,
Найзанын куусу зыркырап,
Топурак учуп жер жаңдап,
Өзүнчө сүйлөп күбүрөп,
Күүлүү келет бадырек.

www.bizdin.kg

Калмактар турат шаттанып,
Жолболдуну жеди, деп,
Кыргыздар турат кыпылдап,
Эми кантер экен, деп,
Качырып кирди Жолболду,
Найзаны күүлөп бекемдеп.
Кара ниет дардаңдын,
Кан ичмеси кармады,
Жолболдунун найзасын,
Кагып ийип сайдырбай,
Жолболдуну бир сайды.
Дардаңдап найза жеткени,
Көгүчкөндөй телп этип,
Жолболду ыргып кеткени.
Жыгылып өөдө болгончо,
Өз иниси Койкелди,
Ө дедирбей жеткени,
Жолболдуга карабай,
Тоодой Дардаң калмакка,
Салгылаша кеткени.
Бирден найза сайышты,
Эки имерип сайдырбай,
Койкелдини чоң калмак,
Боорунан канын агызды.
Чай кайнамга калтырбай,
Койкелди менен Жолболду –
Эки эрди катар сайышты.
Жолболду менен Койкелди,
Катар өлүп кеткенде,
Кыргыздын баары күйүндү.
Сүйүн деген бар эле,
Кыргыздардын ичинде,
Таанымалы ал эле,
Кырк менен отуз арасы,
Толуп турган чагы эле.
Каптан кийип күрөкө,
Топчулугун топчулап,
Тулку бойун упчулап,
Туулгасын көмөрүп,
Чоң найзаны өңөрүп,
Дардаңдын кылган ишине,
Жаны ачып карарып,
Жан-жагына каранып,
Бактыбайдан бата алып,
Бастырып чыкты карданып.
Ысыгы жайдын күнүндөй,
Ызгаары кыштын күнүндөй,
Жүзү туман күгүмдөп,
Намыстанган Сүйүндүн,
Көзүнө киши көрүнбөй:
- Калмак Дардаң – сенби? - деп
Кыргыз Сүйүн менмин, - деп,
Мыкты болсоң, Дардаңым,

www.bizdin.kg

Кайратыңды көрсөт! – деп,
Качырып кирди күркүрөп,
Каарын көрүп Сүйүндүн,
Калмактар калды дүркүрөп,
Качырды Дардаң камынып,
Тышынан кара жамынып,
Тик качырып эр Сүйүн,
Аш Жолборстой чамынып,
Кагып ийип найзасын,
Калмактан чыккан Дардаңды,
Кан жыттанган айбанды,
Кабылан Сүйүн бир сайды.
Тоодой болгон Дардаңдын,
Ээрден көчүк бултайды,
Көмөрө сайып кеткиче,
Найзасы сынып Сүйүндүн,
Куру кол  болуп калганы,
Найзага Сүйүн карабай,
Аманат жанын айанбай,
Кылчаңдап мундай айанбай,
Оңолуп минген Дардаңды,
Этектен түрө кармады,
Камбыл экен эр Сүйүн,
Үзөнгү боого салганы,
Тоодой болгон Дардаңды,
Токумдан бетер сүйрөтүп,
Бактыбайга алып барды,
Ажыратып алам деп,
Камчысын булгап Шалкымат,
Бар аскерин жапканы.
Кыргызды калмак аралап,
Ат койуп кирди сабалап,
Туу түбүндө Шалкымат,
Туруп калды аркалап,
Шалкымат кирсе кирем, деп,
Бактыбай турат чалкалап.
Балталары чакылдап,
Бирин–бири калкалап,
Бет айрылып кан агып,
Баш кесилип, теңи калып,
Көзү чыгып олойуп,
Колу сынып чолойуп,
Ичегиси иймелип,
Көк чаар болуп сүйрөлүп,
Мээси чыгып чардайып,
Карды көөп дардайып,
Буту сынып, көз чыгып,
Жаны чыкпай кыйналып,
Өзү жатып өлө албай,
Үй-бүлөсүн эске алып,
Албан-албан иш болуп,
Адам өлүп, ат өлүп,
Чабышып жүрөт мыктылар,

www.bizdin.kg

Айанбастан көшөрүп .
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү ар тоодой,
Муруттарын шипийтип,
Эр өлүгү бир тоодой,
Күнү-түнү бөлүнбөй,
Кыргын болду ошондой.
Таң атып күн көрүндү,
Жык салып эки бөлүндү,
Ажалы жеткен кишинин,
Кыскарып кетти өмүрү,
Мурун мындай көрбөгөн,
Санаасы санга бөлүндү.
Калмактардын Шалкымат,
Кийгени темир беш кабат,
Кыргызды бүгүн кырам ,деп,
Каарданып аттанат,
Аркасынан аскери,
Чыкты булар анталап,
Коркуп калган немеси,
Жыгылып-кооп тамталап.
Чеч дөбөнүн түзүндө,
Ат Башынын жүзүндө,
Четке чыккан Шалкымат,
Каар төгүп жүзүнө,
Тартынар жери калган жок,
Кыргыздардын бул күндө.
Карапа турган Бактыбай,
Хандык туунун түбүндө,
Он тогуз менен жырманын,
Ал экөөнүн биринде.
Топчу кулак карегер,
Бууданы бар минүүгө,
Күрөкө сот дапдаяр,
Кабат-кабат кийүүгө,
Кылычы кында кыңгырап,
Балтасы белде шыңгырап,
Найзасы колдо зыңгырап,
Кагуучу кызыл доолбасы,
Чымын тийбей дыңгырап,
Муруту чыккан керилип,
Сурмалуу көзү кылгырат,
Кең көкүрөк сом далы,
Балбандык сыны бар турат.
Орто бойлуу, кууш аяк,
Мындай көркөм табылбас,
Көрөргө өңү кара сур,
Оттой көзү жалындап,
Көргөн сайын көрсөм деп,
Бетинен нуру тамчылап,
Кулагы калкан темирдей,
Сан-санаксыз жоо болсо,
Салышкандай эринбей.

Шалкыматты көргөндө,
Мыкты баатыр Сүйүндү,
Туу түбүнө тургузду,
Топчу кулак керменин,
Жолунан тосуп бургутту.
Шалкымат келет ойумда,
Найзага илип кетем, деп,
Каргадай болгон бурутту.
Бактыбай менен Шалкымат.
Жан айабай урушту
Күүлөп найза кескерип,
Күркүрөтө сунушту.
Качырышып сайышты,
Найзаларын кагышты,
Күйкалары курушуп,
Кулжундашып урушуп,
Теке маңдай болушуп,
Теминишип койушуп,
Балталашып чабышып,
Колтуктарын чойушуп,
Кан жыттанып көөдөнү,
Акакташып соолушуп,
Такымдан чокмор алышып,
Тартынбастан салышып,
Жалтанышар пейли жок,
Жанын аяп калышып.
Кылычты кындан суурушуп.
Кызык уруш кылышып,
Кылычтын сыртын жарышып,
Кырчылдашып чабышып,
Жарактан айла таба албай,
Жакалашып кармашып,
Бир-бирине жармашып,
Жамгыр жааган немедей,
Кара бойдон тер агып,
Этектерин түрүшүп,
Алды-артына сүрүшүп,
Айкырышып шилтешип,
Аманат жанга күч келип,
Буттары сазга малынып,
Чылпылдак суусун агызып,
Күрөштөн айла таба албай,
Оодарышып ала албай,
Найза, кылыч балтадан,
Кете элек, чокмор сом темир,
Мындан амал кыла албай,
Шайы кетип Шалкымат,
Айтып турат ал мындай:
- Өзүң бала жаш туруп,
Тың экенсиң Бактыбай,
Баш аламан урушуп,
Биз алыштык бир далай,
Эки күндөн бир жакка,

www.bizdin.kg

Келе атабыз дем албай,
Бойдон агып кара тер,
Мыдыр этер шай калбай,
Талкаланып кара бой,
Канталады эт калбай,
Этим жара, сөөгүм сак,
Менин алым ушундай.
Сен кандайсың Бактыбай?
Далай күндөр болгончо,
Ат өргүтүп бой сергип,
Дем алышсак бул кандай?
Ары баатыр, ары хан –
Менин жайым Бактыбай,
Менден бетер, Бактыбай,
Сен экенсин ушундай.
Деп Шалкымат айтканда,
Кеп баштады Бактыбай:
- Шалкымат, түбүң калмаксың,
Жеке чыккан кезиңде,
Менин башым алмаксың,
Алың кетип, шай келбей,
Түзүктөп кебиң салмаксың.
Сурасаң берем нөөмөттү,
Болбой койсом Бактыбай,
Коркту деп айтып каларсың.
Бекемдеп байла белиңди,
Эми чыксаң жекеге,
Тирүү кете албайсың,
Күнүңдүн айткын болжолун,
Жаза айтып койбогун,
Ал күнү ишим бар десең,
Мен Бактыбай болбоймун,
Угуп тургун Шалкымат,
Кебимди айтып койойун,
Кой бергин сатып алам деп,
Корого барба, Шалкымат,
Айран–кымыз бергин деп,
Айылга барба Шалкымат.
Кулдарың барып калбасын,
Эл аралап салпактап.
Ары баатыр, ары хан,
Мен Шалкымат эр дедиң,
Хандыгыңды сактагын.
Менин айтар бул кебим,
Толуп жатат адырда,
Кашкулак менен суур жегин,
Тийишер болсоң кыргызга,
Дем албайым, келгиниң.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн,
Маңдайда багым жар болсо,
Аңтара сайып жөнөйүн.
Арбагы Кошой колдосо,

www.bizdin.kg

Талбагың ташка керейин,
Манастын турат арбагы,
Каранды болуп бербейим!
Деп, Бактыбай табыштап,
Кебин айтып жаныштап,
Ортого он күн болжошуп,
Коргонго барбай кыргыздар,
Маңдайында калмактын,
Карап жатты колбошуп,
Кайгуулчу, изчи, шылуундар,
Карап жүрдү жол тосуп.
Муну койо туруңуз,
Кашкардагы Жоодардын,
Калбаасынан угуңуз.
Алп Төштүктүн эр Жоодар,
Тоодо жатса мал багып,
Малына кошуп жан багып,
Калдагай кулак Чойун алп,
Талап алып Кашкарды,
Анан киши жумшады,
Кармап кел деп Жоодарды.
Кең оползун кыркууда,
Тайгак таш деген жылгада,
Жатчу эле эр Жоодар.
Кароолчусу Талпакбай,
Шаарда элге барам, деп,
Барып келип деп калам,
Өзүнүн бойун жыйнабай,
Келе жатса далдактап,
Капыстан чыгып талпакты,
Кармап алды калмактар.
Калмактын тилин калтырбай,
Канык билет Талпакбай.
Жоодардын тилин салышып,
Кеңешип калды калмактар.
Калмактын кебин бүт угуп,
Кашкарды алып, элди алып,
Келгенин укту Талпакбай,
Калмагынча калдырап,
Сүйлөп ийди Талпакбай,
Бирин - бири тиктешип,
Карашып калды калмактар.
- Түпкү жайым калмакмын,
Уругум тыргоот талпакмын,
Кыргыздын туруп ичинде,
Намысын кылам калмактын.
Калмакча сүйлөп баарыңар,
Жоодардын кебин салдыңар,
Жашырбай айткын туугандар,
Кайдан келип калдыңар?
Такыр билет бул элди,
Мендей Талпак карыңар.
Учураган Талпакка,

www.bizdin.kg

Санаты отуз киши экен,
Отузунун улугу,
Шапар деген неме экен.
Кеп баштап Шапар шапылдап:
- Угар болсоң сен Талпак,
Көкө теңир урсун де,
Асылың болсо чын калмак.
- Көкө теңир урсун! – деп,
Айта салды эр Талпак.
- Андай болсо Талпак бай,
Бизде кептин кени бар,
Жоодарды кайдан табабыз,
Талпак баатыр, айта сал,
Жоодарды колго түшүрсөң,
Жеркен, Котен, Лопнурду –
Барсын колго алабыз,
Бирине улук боло кал.
Кыргыздын жүрүп ичинде,
Жетише албай жүрүпсүң,
Эмгичекти бир ишке.
Деп айтканда Шапарга,
Талпак айтат момундай:
- Жеркен, Котен, Лопнурду
Андан калса Кашкарды,
Такыр алчу киминң бар?
Баш кишиң ким айта сал.
- Билбейсиң, Талпак кары, сен,
Сага айтайын эми мен.
Алтайдын түштүк жагында,
Куландын сары сайында,
Абалтан ата-бабасы,
Жер асырап эл баккан,
Атагы бар Дөөхандан,
Соксо, Сотой балбандан,
Кетелик деген калдайдан,
Кимисинен билбеймин,
Ошолордон калгандан,
Темир тондуу Шалкымат,
Жезкиндиктүү Кикимат,
Калдагай кулак Чойун алп,
Түндүктү түгөл башкарган,
Каканга салып калбаны,
Канча сапар мал алган,
Жүктөтүп алтын – зар алган,
Коктукатта туруучу,
Чиктей деген хан болгон,
Эзелден бери калмакка,
Кыргыздан кас болгон,
Азыркысын кыргызга,
Кененим деген баш болгон.
Чиктей, Кенен кектешип,
Нечен катар беттешип,
Качып келип Чиктей хан,

www.bizdin.kg

Айткан экен буларга,
Үч баатыр берген убада,
Чиктей менен бар арга,
Кабар кылмак хан Чиктей,
Таласты карай барарда,
Кеткен бойдон кабар жок,
Далай жыл өткөн арада,
Чиктей ханды Кененим,
Өлтүрүптүр сураса.
"Түп атабыз Дөө ханды,
Соксо Сотой балбанды,
Кетеликтей калдайды,
Коңурбайды баш кылып,
Андай нечен чаңданды,
Баарын кыргыз жайлады.
Бекер жатпай үчөөбүз,
Баарынын кунун алалы,
Алаш деген атакты,
Биз өчүрүп салалы".
Убада кылып ошончо,
Токсон миң аскер, кул алды,
Жолдо учур келгенди,
Түп көтөрө жайлады,
Кыйамы келген жерлерде,
Башын кесип байлады.
Кашкардагы ханынын,
Башын кесип алганы,
Алты шаар, Анжийан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Кикимат кетти алганы,
Нарын, Кочкор, Жумгалды,
Кетмен Төбө, Чамданды,
Атбашыда Бактыбай,
Шалкымат кетти алганы.
Кашкар, Котен, Жеркенди,
Лопнур, Азык, Аралды,
Алгалы такыр буларды,
Дүйшөнбүдө Темирбек,
Бүтөшүптүр кеңеш кеп.
Калдагай кулак Чойун алп,
Тажиктердин Темирбек,
Жескиндиктүү Кикимат,
Атбашыга чогулуп,
Темир тондуу Шалкымат,
Баш баатырдан төрт болуп,
Жалындан күйгөн өрт болуп,
Кененимге барбакчы.
Кашкардан сурап кеп угуп,
Төштүктүн Жоодар бешими,
Бул кыркууда деп угуп,
Тарап чыктык арсайга,
Жоодарды кармап алмакка,
Түлкүдөн бетер уу кылып.

www.bizdin.kg

Өз кишибиз экенсиз,
Талпакбай, калдың жолугуп.
Шапар кебин бүтүрдү,
Талпакбай бүтүн түшүндү.
Кыргыздардын Талпакбай,
Кеп угуп көөнү болбой жай:
- Шапар сенин атыңбы?
Билдиң душман кашыңды,
Аттарын айттың мен билдим,
Каңгайдан келген баатырды,
Алдап кармап алалы,
Жоодар бешим бакырды.
Азыр өтө кары эмес,
Миңден төмөн кишиге,
Баш берүүчү чал эмес.
Ишенсеңер алдыда,
Мен барайын айылга,
Кашкарда жумуш чыкты деп,
Алып келе алайын,
Шапар баатыр, алдыңа,
Жашырбай мени кошуп айт,
Чойун алпка барганда.
Ушул жерде тургула,
Айтканга мойун сунгула,
Тар жылгага келгенде,
Жалпы кылыч сунгула.
Айтып койуп Талпакбай,
Эки этегин жыйнабай,
Жүрүп кетти салпактай.
Сай менен сабап  суу кечип,
Жоодар бешим айлына,
Токтобой келди ал жетип.
Чоң сарайдын жанына,
Түшө калды далп этип,
Чочуп кетти кул-күңдөр:
- Кандай бейбаш адам?! - деп,
Алыстан түшүп бул үйгө,
Акырын келбей кандай кеп!
Аңгычакты болбоду,
Кирип келди Талпакбай,
Салам айтып тартынбай:
- Тур ордуңан, Жоодар сен,
Ашыгыш келдим мында мен!
Жата бербей тайтайып,
Бооруң бүтүн, башың сак,
Көөнүң куунак немедей,
Бейкут жүрдүң хан туруп,
Эчтекени элебей,
Кудай уруп таштады,
Ушу бүгүн ченебей,
Калмак келди үстүңө,
Токсон миң аскер тебелей!
Лопнур, Азык, Аралды,

www.bizdin.kg

Каранды кылып аларды,
Котен, Жеркен, Кашкарды,
Камал кылды буларды.
Алты шаар, Анжидан,
Наманкен, Ташкен, Самаркан,
Жол үзүлдү булардан,
Кетментөбө, Жазыдан,
Атбашы, Нарын, Жумгалдан,
Ажырадык баарынан,
Башын тарпайт калмактар,
Кең Таласка баруудан.
Азык алып келем деп,
Жакага түшүп баратсам,
Учурап калды топ адам,
Баары калмак эли экен,
Шапар деген баштаган.
Ополдун кокту–колотун,
Чала койбой кыдырып,
Ат боройун сыдырып,
Сени издеп келе аткан.
Мен калмак деп катыштым,
Калтырбай сырын айткыздым,
Атын айтып койойун,
Калмактардын башчысын –
Калдагай кулак Чойун алп,
Жез киндиктүү Кикимат,
Темир тондуу Шалкымат,
Сага ушул айтышым,
Кош жылганын оозуна,
Калмактарды кел дедим,
Жоодарды барып туйгузбай,
Баштап келем мен дедим.
Кашкардын шаарын маа берди,
Сени кармап бер, деди,
Хан болбогум келди мен,
Амалың кетип болупсуң,
Кененимге жетпесең.
Кош жылгадан Шапарды,
Койонду колоп кыр таштан,
Ат жолу менен ачадан,
Ойолго түшүп ан үчүн,
Жети айрыктын куйуштан,
Жетип тосуп калалы,
Терeңдин сайын чеп кылып,
Баарысын кармап алалы,
Тынчытып койуп бул элди,
Кененимге баралы.
Уккан кебин шашырбай,
Кеңеш кебин калтырбай,
Баарын айты Талпак бай.
Жоодар угуп сөз кепти,
Кулакка жакпас куу кепти,
Кыл караны токунуп:

www.bizdin.kg

- Акылың акыл, Талпагым,
Кош жылгада Шапарды,
Эми талап алайын,
Жети айрык куйушта,
Андан кийин барайын.
Талпакбай, Жоодар аттанып,
Кош жылгага барыптыр,
Талпак байды көргөндө,
Жоодарды баштап келди деп,
Көкө Теңир берди деп,
Кубанып калмак калыптыр.
Шашыла жүрүп Талпакбай:
- Жалгыз алп мен келдим,
Кармап алгын калмактар!
Деп, бакырып Талпакбай,
Айак жагы тар колот,
Жалгыз аттын жолу эле,
Өзү жетип жол тосуп,
Тура калды ал жерге,
Шапар Чоңун баш кылып,
Башын кести тар жерде,
Жети айрыктын куюшка,
Талпакбай, Жоодар бастырды,
Мен кармадым Жоодарды,
Калбай баары келсин, деп,
Туш-тушка киши чаптырды,
Алды–аркасын карабай,
Өлөрүн калмак санабай,
Ар жылгадан топ болуп,
Келип жатат сабалай.
Тереңдин сайын чеп кылып,
Эки түндүн ичинде,
Бир миң үч жүз кишини,
Жоодар сайып алыптыр.
Шаарда жаткан чоңдорго,
Жоодар өзү бара албай,
Жеркен, Котен, Лопнурга,
Жетип кабар сала албай,
Башы бошбу, байлануу,
Анык аны биле албай,
Башын катып мааналап,
Таш аралап, ата албай,
Жай алып жаны жата албай,
Жоодар айтат момундай:
- Мени менен тең жүрүп,
Чыдабайсың Талпакбай,
Жети күндө жетейин,
Чоң Таласка мен калбай,
Башы жети учу бир,
Жон атагы Тайгакташ,
Миңден ашуу айу бар,
Жакшы тосуп жолдорун,
Багып тургун тар кылбай,

www.bizdin.kg

Бүгүндөн баштап кыпчакка,
Ээ болгунуң, Талпакбай.
Мен Төштүктүн өз уулу,
Сен Эламандын бир уулу,
Жакшылык менен жамандык,
Экөөбүзгө тең болчу.
Айтып Жоодар тапшырып,
Айал кылып тура албай,
Жүрүп кетти бастырып.
Анык тулпар кыл кара,
Топуракты тоз кылып,
Жөө тумандай сапырып,
Тайгакташ ашып бөксөлөп,
Анжийандан эр Жоодар,
Атбашыга барыптыр.
Бактыбай менен Шалкымат,
Салгылашкан кездерде,
Бактыбай алын чамалап,
Тоо аралап сабалап,
Чоң Таласка барыптыр.
Кененимге жолугуп,
Көргөн–билген иштерин,
Кулагы уккан кептерин,
Баарын айта салыптыр:
- Карсылдашып Бактыбай,
Катуу урушуп жатыптыр,
Анткен менен байкасам,
Шалкымат калмак эң жаман,
Кайраты артык көрүнөт,
Азыркы жүргөн көп жаштан.
Баш бербестей көрүнөт,
Өзүң амал кылбасаң.
Менин жашым барыптыр,
Жетимиштин үстүнө,
Кол салгандай кишиге,
Абалым жок бул күндө.
Кетип калсаң Кененим,
Бактыбайга барам деп,
Кикимат келип калабы,
Кең Таласты тебелеп.
Көрбөсөм да көргөндөй,
Көрүнүп турат көзүмө,
Чойун кулак Кикимат,
Аралаган элдердин,
Көзүнөн жашы себелеп.
Алты шаар, Анжийан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Кол кайтарар киши жок,
Бошотот  шаарды мына деп.
Карсылдашып салышып,
Азамат өлүш, ат өлүш,
Азыраак болор аларда,
Баш кишини калтырбай,

www.bizdin.kg

Баарын жайлап салат да.
Бир келгилик келген дейм,
Азыркысын алашка.
Арбагына сыйынып,
Иш кылалы Манаска.
Жоодардан арбын кеп угуп,
Кайраттанып Кененим,
Кыргыз үчүн белин бууп,
Ак калпак кыргыз эли үчүн,
Кененим калган туулуп,
Кабар кылды элине,
Керне, сурнай урулуп,
Кернейдин үнүн укканда,
Келип жатат чубуруп.
Кененим керней урчу эмес,
Кененим атка конголу,
Сурнайлап кабар кылчы эмес.
Эмне болуп кетти, деп,
Кандай укмуш жетти, деп,
Карылары үрпөңдөп,
Кабактарын бүркөшүп,
Укмуштанган жаштары:
“Оңой эмес бул сурнай,
Арзан эмес бул керней,
Койгун, балам, шүк” дешип,
Эл чогулуп келгенде,
Кененим айткан кеп эле:
- Атагың алаш ак калпак,
Келдиң кыргыз эл чубап,
Урушка айдап барбайын,
Чогултуп сени мен жыйнап,
Жоодар абам келиптир,
Keң Кашкардан жан кыйнап.
Калмактан чыккан үч каман,
Алардын пейли эң жаман,
Токсон миң аскер келиптир,
Аскерин үчкө бөлүптүр:
- Аскеринин бир тобу,
Лопнур, Азык, Аралга,
Котен, Жерген, Кашкарга,
Калба салга аларга;
Бир бөлүгү калмактын,
Алты шаар, Анжидан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Шаар аралап кириптир;
Бир бөлүгү алардын,
Атбашыга келиптир.
Эр Бактыбай башташып,
Катуу калба салыптыр,
Калмакты сайып албаптыр,
Же сайдырып ага салбаптыр.
Анжийан кеткен немеси,
Кандай кылып жатканын,

www.bizdin.kg

Абакем биле албаптыр,
Айтканымды угуптур,
Кыргыздан тажик бөлүнүп,
Калмак жакка туруптур.
Ополдогу кыргыздар,
Эчкидей ташка бааналап,
Булардын күнү куруптур.
Чечдөбөнү эмгиче,
Душман алып көрбөгөн,
Алмак түгүл аралап,
Ат изин салып келбеген.
Таласка келген далайлар.
Келген менен кете албай,
Арбагы колдоп Манастын,
Байлаган багын андайлар,
Таласка келип өлгөн көп,
Нечен-нечен калдайлар.
Мен барамын Нарынга,
Ал жердеги кыргызды,
Бактыбайды баш кылып,
Куткарып жоодон алууга.
Таласта калган кыргыздар,
Даярлангын баарыңар,
Үч бөлүнгөн калмактан,
Келип калса Таласка,
Айанбай калба салыңар,
Байкайынчы силерди,
Канчалык бар алыңар.
Бошотуп берип ордону,
Калмакка берип борборду,
Жок кылбаган коргонду.
Жакшысынып кээ бириң,
Жатып алып үйүңө,
Жамансытып кебирин,
Айдап бербе черүүгө.
Тонуң бүтүн, атың тың,
Топтун тургун алдында.
Шаар сактап, малың бак,
Элик болуп жаныңа.
Качан келет калмак деп,
Карап турсам бул жерде,
Убал болуп калбайбы,
Атбашыда элдерге.
Эзелтен бери карата,
Алты хандын элисиң,
Айтканын кабыл алгыла,
Баш булгабай бийлерге,
Баарыңардын бийиңер,
Атын угуп алгыла,
Көлбай бүгүн силерге!
Деп угузуп Кененим,
Кеңкула минип камына,
Ок өтпөс тонун жамына,

www.bizdin.kg

Атбашыга барууга,
Жоодарды алып жанына,
Караңгынын чапанын,
Калдайтып башка жамына,
Талыкбай жүрүп түн катып,
Эртеси жетип барууга,
Бешимде кеткен Таластан,
Уруксат алып жөнөгөн,
Арбагы азыр Манастан,
Арстаның жетти талыкпай,
Атбашыга намаздан.
Он күн өтүп болжомдо,
Бактыбай менен Шалкымат,
Майдан курган кез экен.
Үч күн өткөн арада,
Бактыбай, Сүйүн жарадар,
Калың эл калган санаада,
Ал экөөнөн башкасы,
Барганы тирүү жанбаган,
Шалкыматтай балага,
Өлүгүн ондун таштаган,
Дардайтып сойуп талаага.
Сүйүн чыккан жекелеп,
Бөлүнүп элден чекелеп,
Ал кандай заман деп,
Бактыбай турган мекелеп.
Шалкымат турган майданда,
Күнүң түгөп, суу бүткөн,
Бачым, бачым келгин, деп.
Баатыр Сүйүн бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Шалкыматтай капырга,
Катуу тийди жапырып,
Кайраттанып Шалкымат,
Алда тийди качырып,
Топуракты артына,
Жөө тумандай сапырып.
Жеткен жерде сүйүндү,
Антаңдатты шаштырып,
Эки имерип сайдырбай,
Ыргыта сайды жапшырып.
Башын кесип кетет, деп,
Бактыбай жетти бакырып,
Сүйүнгө сайган найзасын,
Тартып алды Шалкымат,
Бактыбайды качырып.
Топчукулак кер менен,
Тоодой болгон калмакка,
Токтобой тийди Бактыбай,
Бактыбайдын найзасын,
Кагып ийди сайдырбай,
Бешимге чейин сайышты,
Жаш Бактыбай алдырбай.

www.bizdin.kg

Айласы  кетип, алы жок,
Шайы кеткен Бактыбай,
Шалкымат турат кекенип,
Байлап кетем сени, деп,
Кайта артына тартынбай.
- Бактыбай! – деп, чакырды,
Кененим чыдап тура албай.
Баатырдын үнүн укканда,
Кайраттанды Бактыбай,
Эң алдыңкы күнүндөй,
Айбаттанды Бактыбай,
Шайы кеткен шалдырап,
Кайраттанды Бактыбай.
Кынына батпай калкылдап,
Кададай болгон кашка тиш,
Оозунда жаркылдап,
Качырып тийди каманга,
Катуу үн чыгып Манастап.
Баштатан калган нарк экен,
Эр намысты талашмак,
Бактыбай менен Шалкымат,
Бирин-бири талкалап,
Аянып калган жери жок,
Кара башын калкалап.
Аманат жалгыз бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Жан аябай Бактыбай,
Жаман уруш баштады,
Анткени менен чоң калмак,
Анча-мынча шашпады,
Күүгүм кирип аңгыча,
Бөлүнүшүп кайтканы.
Жан айланып агарып,
Шоолалап таңдын атканы,
Аңгычакты болбоду,
Калмактар доол какканы.
Кыргыз, калмак бет келди,
Жекелешер кез келди,
Көйрөңсүнүп Шалкымат:
- Чык, Бактыбай! – деп келди.
Кече келген Кененим,
Аны калмак билбеди.
“Бактыбай келсе алам, - деп,
Башына каран салам, - деп,
Жымыктырып бул жерди,
Таласка анан барам, - деп,
Кененим алып келейин,
Кикимат менен Чойун алп –
Алар билбей калсын” – деп,
Жеке баатыр болмокко,
Жер бетине даң салып,
Баатырлык атка конмокко,
Бастырып чыкты бул чочко,

www.bizdin.kg

Топчу кулак кер менен,
Бактыбай жүрдү ошондо.
Эки имерип айланды,
Үч имерип сайдырбай,
Топчу кулак кер аттан,
Томоро сайып таштады,
Кылычты сууруп кынынан,
Кетип барат чапканы.
Шер Кененим ошондо,
Жебеден мурун жеткени,
Тоодой болгон калмакка,
Каршылаша кеткени.
Кененимди жалт карап,
Шалкымат айткан кептери:
- Өзүң сары, көзүң көк,
Көрүнүп көзгө бөпбөлөк,
Көзүңөн жалың чачырап,
Жүзүңөн каарың төгүлөт.
Мен көргөнмүн Чандаңды,
Көзгө чоочун сен өңдүү,
Көрө албадым адамды.
Атың кула кең соору,
Айбандын түркү турбайбы,
Аты дагы, өзү да,
Башкача карап көрөргө,
Кайдан келген адамсың?
Бактыбайга кулсуңбу?
Байың аттан куласа,
Кошоматка чыктыңбы?
Каргаша болуп сен мага,
Не келесиң жаныма?
Кылычымды камдайын,
Бактыбайдан канына!
Жарк эттирип кылычын,
Сууруп алды колуна.
Кененим айтат ошондо:
- Баймынбы, кулмунбу,
Койотуруп сен муну,
Мойнуңа алгын өлүмдү.
Менин жайым сурасаң,
Айкөл Манас тукуму,
Жалаңгыч сарык аттанган,
Мен боломун Кененим.
Бар турушуң калмаксың,
Таталап мында не келдиң?
Тийишпесе тийбеген,
Тийишкендин баарысын,
Тирүүлөй көргө киргизген,
Атадан калган салтыбыз,
Бас кайкалаң ашпаса,
Кыргыздын бирөө бастырып,
Атынын изин салбаса,
Куланды кууп качпаса,

www.bizdin.kg

Куржунда пулуң чачпаса,
Алаңды алып качпаса,
Ак теңге пулуң чачпаса,
Же маалын жайып ийбесе,
Жыйнай элек эгинге,
Ат арытып, тон жыртып,
Не келесиң бул жерге?!
Атыңды ала дебесе,
Артыңдан ушак айтпаса,
Изиңди ийри дебесе,
Эшигиң ачып жаштары,
Эшикке ийни тийбесе,
Короодон койуң албаса,
Кол салып койнуң ачпаса,
Сүт ботоңду сойбосо,
Солкулдатып энесин,
Колотко таштап койбосо,
Күлүгүңдү албаса,
Күйгүзүп калба салбаса,
Үйүңдү уурдап албаса,
Жаш balaңды ыйлатып,
Жаныңа жабыр салбаса,
Жаныңды кыйнап бул жерге,
Не келесиң, калмагым?!
Колуңду тыйбай коржоңдоп,
Ар качан келип каласың,
Жыргап жаткан тынч элге,
Четинен калба саласың,
Кызыл ээк чалдарга,
Кызыл муштум балдарды,
Кыйнап келип турасың.
Кыргыздан калмак сеники,
Кана элекпи мудайың?!
Элден уккан кабарда,
Чойун кулак келиптир,
Арал, Азык, Лопнурдун,
Котен, Жеркен, Кашкардын,
Элине бүлүк саларга.
Кол салып бирөө барбаса,
Кокус жаман кылбаса,
Күптөгү зарың албаса,
Ороңду уурдап ачпаса,
Не барасың айакка?!
Самаркан, Ташкен, Наманген,
Атаңдын куну бар беле,
Ала албай жүргөн ал элден?!
Алты шаар, Анжийан,
Ордосу хандын чоң Кокон,
Барымта малың бар беле,
Ала албай жүргөн ошондон?!
Атбашы, Нарын, Жумгалдан,
Кетментөбө, Жазыдан,
Мурунтадан калмакка,

www.bizdin.kg

Бир киши басып барбаган.
Көккө берип көтөрө,
Бар беле малың албаган?!
Же кемтик жериң бар беле,
Кыргыздан кумуң канбаган?!
Олуйа Кошой карынын,
Олуттуу жери Чечдөбө,
Убара болуп  капкайдан,
Не келесиң калмагым?!
Ат изин салар акың жок,
Айлына келип алаштын,
Ажалың жетип күн бүтүп,
Акылыңдан адаштың,
Кантип келдиң тытынып,
Айлына тепсеп Манастын?!
Калдагай кулак Чойун алп,
Жез киндиктүү Кикимат,
Темир тондуу Шалкымат,
Ажалың айдап келипсиң,
Алда кайдан талпылдап,
Тердиги жок ат минип,
Теминипсиң салпылдап,
Күүлөнүпсүң үйүңдө,
Көрсөтөм деп далбылдап,
Армансыз өлөм десеңер,
Уруксат кылдым мен сага,
Калганыңды издеп таап,
Ар кайда калбай талаалап,
Кучакташып бирге жат!
Кимисине турасың,
Кечиктирбей бачым айт,
Тийишпес болсоң аныңды айт,
Өз элиңе кайра кайт!
Менин атым Кененим,
Ойлобойум өлөрдү,
Далайын алдым томоруп,
Сендей канча дөөлөрдү.
Куралышкан жылчыксыз,
Күн батышта жети дөө,
Ойлобогон өлөрдү,
Айткан акыл жукпады,
Көрсөттү мага өнөрдү,
Бириңе-бириң көрсөтпөй,
Жоготомун үчөөндү!
Деп Кененим айтканда,
Темир тондуу Шалкымат:
- Ким жеңет мени талкалап,
Жарык күн жакшы көрүнөт,
Кечиктирип жатыпсың,
Көп сөздү айтып такылдап,
Өнөрүмдү көрүптүр,
Кур сүйлөбөй какылдап!
Деп күүлөнүп найзалып,

www.bizdin.kg

Кененимди качырып,
Оозунан көбүк буртулдап,
Азуулары качырап,
Каары келген капырдын,
Кан аралаш жаш агып,
Көзүнө турат тамчылап:
- Көкө Теңир сенсин, деп,
Көп жардамың бергин, деп,
Көйрөңсүнгөн Кененим,
Көмөлөнтөм эми! - деп,
Үн чыгып найза күркүрөп,
Көргөндүн бойу дүркүрөп,
Жер айрылып кетчүүдөй,
Дүр-дүр этип дүркүрөп,
Карап турат кара көк,
Санаты элден бөпбөлөк,
Кирип келди Шалкымат,
Кетүүчүдөй тебелеп.
Качырышып бет келди,
Кимиси сайып ким алат,
Күч ортосу чектелди.
Найзаларын кагышып,
Кандим болгон сайышка,
Калды булар табышып.
Жан аябай сайышып,
Балталашып чабышып,
Колтуктарын чойушуп,
Чокулата койушуп,
Дебелешип киргенде,
Көөдөнгө найза така-так,
Туулгага балта чака-чак,
Кулак мээни тундуруп,
Баатырлар үнү бака-бак,
Канча найза чыдабай,
Сынып кетти быркырап,
Найзалардын сыныгы,
Асманда учуп чыркырап,
Ыдыгынан булардын,
Шамал чыгып зыркырап,
Дем албастан сайышып,
Бири –бири кайышып,
Жаракты таштап жиберип,
Бел болуктан алышып,
Ажырата тарта албай,
Аттары турат тайышып,
Баса албай турат тулпарлар,
Багалчеги  майышып,
Этектен түрө кармашып,
Булкуп силкип серпишип,
Буттары чийге урунуп,
Буту тийген чийлери,
Түбүнөн кетет жулунуп,
Саздуу жерге туш келсе,

www.bizdin.kg

Чылпылдап суулар чубуруп,
Муну көргөн  адамдын,
Заманасы куурулуп
Талкаланып кара бой,
Тарпы калбай жарылды.
Бүчүлүктөр калбады,
Талаа-талаа жыртылып,
Сооттун чыкты дал-далы,
Башкача укмуш турбайбы,
Адамзаттын балбаны,
Өз башына турмайлык,
Башкага тийди зардабы,
Томорулуп нечен чий,
Томурайып калганы.
Саздаң жердин беттери,
Көлчүк  болуп калбады,
Кайра атына чармашып,
Колуна найза кармады,
Калмактардын Шалкымат,
Ырп этер шайы калбады,
Кененимге жалооруп,
Кебин айта салганы:
- Мен Шалкымат болголу,
Бул өңдүү жумуш болбоду,
Көп киши менен бет келдим,
Сендей баатыр болбоду.
Денемде кубат калбады,
Соотумдун чыкты далдалы,
Эп келсе сага, Кененим,
Эшибизге баралы.
Мен далайдан бери ачкамын,
Оозума тамак татпадым,
Бактыбай менен беш күнү,
Билек түрүп салыштым,
Сени менен үч күнү,
Белимди байлап өлүмгө,
Дем албастан алыштым,
Ушу бүгүн байкасам,
Чаалыккансып калышым,
Сага дагы чоң намыс,
Ачка жүргөн кезимде,
Аттан сайып алышың.
Тамактанып, жан багып,
Тогуз күнү дем алып,
Соотумду жаматып,
Үзүлгөн болсо улатып,
Кетилген болсо куратып,
Найзаны учтап эгетип,
Балтаны чаркка бүлөтүп,
Кылычымды кайратып,
Кем – керчимди бүтүрүп,
Болжогон  күнү келейин,
Алдырып койсом ал күнү,

www.bizdin.kg

Армандуу болдум дебейин,
Жарайбы кебим, Кененим.
Бар жарагым белендеп,
Жалтайбас болуп келейин,
Мыктысынган Кененим,
Жазаңды колго берейин!
Шалкымат кебин бүтүрдү,
Шай кеткенин билгизип,
Улутунуп үшкүрдү.
Анда айтат Кененим:
- Болсун сенин дегениң,
Айабай келгин камынып,
Армандуу болдум дебегин,
Акырет ашың ичирип,
Талпагың ташка керейин.
Болжолуң болсун тогуз күн,
Даяр болгун ушул күн,
Бачымдап бар кошуңа,
Ачкадан өлө көрбөгүн!
Эки кол эки айрылды;
Бетине беттеп айта албай,
Кененимдин ишине,
Кыргыздын эли кайгырды.
Кененимди Бактыбай,
Чоң коргонго алыпарды,
Бээ семизин жарганы,
Дененин баары сары суу,
Тартып чыгып кетсин, деп,
Эр Кененим төрөнү,
Терисине алганы.
Бээ терисин чапканы,
Күндө бирде семиз жеп,
Кененим ардык алганы.
Бактыбай баштап бар кыргыз,
Калмактын элин кайтарды,
Качып кетип калабы,
Же болбосо ач калды,
Суук колун малга салабы,
Кантип жатат Шалкымат,
Андан кабар алалы.
Жооп алып баатырдан,
Өз кошуна барганы,
Баш кишисин чогултуп,
Момунтип айтып калганы:
- Кыргыздан чыккан Кененим,
Арзан баатыр дебегин,
Биз үчөөбүз баш кошуп,
Кеңешип туруп келгенбиз,
Бул түгөнгөн Кененим,
Күчү бар да, тили так,
Мындайлыгын билбепбиз.
Кымыздан тарткан аракка,
Ала күү болуп алганда,

www.bizdin.kg

Жүргүн десе, жүргүн деп,
Биз шашылып дүрбөпбүз,
Бет келгенде Кененим,
Мага далай кеп айтты,
Баштан – аяк кебинде.
Ийриси жок түз айтты,
Кыйгач табар жери жок,
Боло турган жүйө айтты,
Кеп кылдырбай Кененим,
Мени жаман уялтты.
Айтарга кепти таппадым,
Найзалаша баштадым,
Үч күн жүрдүм кармашып,
Өлүп кете жаздадым.
Шайманым кетип, так чарчап,
Тогуз күндүк нөөмөттү,
Кененимден сурадым.
Тулку бойум бүт жара,
Тулгадай башта бир жара,
Кара бойдо миң жара,
Кара башта бир жара,
Кыйрады окшойт бүтүн жок,
Катары менен кабырга,
Кара бойум какшады,
Каражан амал таппады,
Мен силерди чакырдым,
Билгенимди айтканы.
Бүткүл бойум көлкүлдөйт,
Сөөгүм такыр талканбы?
Этимдин баары жанчылып,
Шишик басып атканбы?
Кырма кызыл дарыдан,
Кыйланы мага бериңер,
Кайнатма кара дарыдан,
Катырып койгон сарыдан,
Калтырбай алып келиңер,
Канчалык болсо бериңер,
Кажырдын өтүн табыңар,
Канталаган жерлерге,
Калыңыраак чабыңар.
Бүркүттүн өтүн тапкыла,
Эзип туруп бергиле,
Боорго өткөн зардапты,
Жууп кетет бир демде.
Кашкулак, суурдун өтүн тап,
Коймолжун эзип берип бак,
Сийдиктин жолун тазалап,
Жууп кетет сапа-сак.
Аркар өтү, кой өтү,
Аралаш эзип экөөнү,
Бир жанайак бериңер,
Ичеги, карын-курсакка,
Калтырбайт кесел билиңер,

www.bizdin.kg

Айуунун өтүн тапкыла,
Берч болгон жерге чапкыла,
Кырчылдак кылбай таратат,
Буга айла тапкыла,
Эми айтарым силерге,
Курсагымды баккыла.
Отуз болсун санаты,
Кашкулак, суур карачы,
Аюу эки, ит жети,
Бүркүт бир, бөрү бир,
Эркек эшек төрт болсун.
Кемитпей санын кырк бештен,
Бүгүндөн калбай тапсаңар,
Этти абдан бассаңар.
Отту ченеп жаксаңар,
Эки кайнап борк этсе,
Боз ала болгон кездерде,
Дым чыгарбай жапсаңар,
Атала болот эзилип,
Анан мени баксаңар.
Кырк бештен саны кемисе,
Мен тойбоймун деги эле.
Жай-жайы менен бүтүргүн,
Өз жайында болбосо,
Бул олтурган канча жан,
Ханынан жарлык алышып,
Айткандардын баарысын,
Биринен бири табышып,
Ичинен эзип ичирип,
Тышынан сыйпап чабышып,
Жейим деген эттерин,
Жалган кылбай кептерин,
Көрсөтүп туруп-көзүнө,
Жан казанга салышып,
Шалкыматты жаткызып,
Думбалашып жабышып,
Калдаңдап жүрүп чоңдору,
Олтуруп орун алышып,
Тикесинен тик туруп,
Шалкыматты багышып,
Кутулабыз мундан, деп,
Шанаңдаган дагы бар,
Кандай заман болот, деп,
Салаңдаган дагы бар,
Эси чыгып элеңдеп,
Аланңдаган дагы бар,
Кылычын алып кынынан,
Мойунга ажал минди, деп,
Кайыл алган дагы бар,
Түз кеп айтса терс алып,
Олоңдогон дагы бар.
Эчтемени элебей,
Короңдогон дагы бар,

www.bizdin.kg

Көргүн мени дегенсип,
Сороңдогон дагы бар,
Жакшысы бар, жаман бар,
Алдуусу бар, чабал бар,
Акылдуу бар, жинди бар.
Көпчүлүктүн ичинде,
Ар бир түрдүү киши бар.
Шалкымат уктап калгалы,
Күн тогузга толуптур,
Башын өөдө, көтөрүп,
Төшөктөн өйдө болуптур.
Белендеген тамагын,
Тамак салган тамагын,
Жалап-жүктөп баарысын,
Ашырбастан соруптур.
Токоч барбы, бергин, деп,
Көбүрөөк алып келгин, деп,
Санап туруп Бадирек,
Жана кырк беш токоч жеп,
Он көөкөр арак дагы ичип,
Күрөөкө тонун кийинип,
Жоо жарагын бүт алып,
Мурункудан күч алып,
Буттай темир курчанып,
Күүгүмдөгү устадай,
Күлгүн тартып сурданып,
Учун ууга сугарган,
Өткүр найза колго алып,
Калмактардын тобунан,
Шалкымат чыкты, аттанып,
Бүгүн кыргыз калбайт, деп,
Калмактар турат шаттанып.
Калмактан чыкты бөлүнүп,
Каары жүзүнөн төгүлүп,
Топчулугун топчулап,
Кара бойун опчулап,
Бүчүлүгүн бүчүлөп,
Минген атын чү-чүлөп,
Майданга келди Бадирек,
Өрт жалындай күжүлдөп,
Колундагы найзадан,
Үн угулат күркүрөп.
Кыргыздар көрүп караанын,
Эми кандай болот, деп,
Көбү калды бүжүрөп,
Нөөмөт берген ушуга,
Кененим кандай киши, деп,
Ийкеңдешип күбүрөп.
Кененим куруп калсын, деп,
Кээ бирлери күпүрлөп,
Өз күчүнө ишенип,
Иш кылгандыр баатыр, деп,
Кээ бирлери так сүйлөп,

www.bizdin.kg

Олуя Кошой арбагы,
Чечдөбө ата колдо, деп,
А дүйнө кеткен Манастын,
Арбагы, азыр жолдо, деп.
Бактыбай айтат баатырга:
- Мен барайын алдында!
Кененим болбой кеп айтат,
- Ой, Бактыбай, - деп айтат,
Келе жаткан чоң каман,
Пейлин бузуп аттанган,
Бүгүн ага беттешип,
Тирүү калат чанда жан,
Кан ичер түрү кармаптыр,
Келе атканын байкасам.
Көп беттешкен мындайга,
Эң алдында мен барам,
Угуптургун, Бактыбай,
Бир кебим бар сага айтам.
Атам Манас жар болсо,
Маңдайда багым бар болсо,
Күн бешимге барганда,
Сайып алам мен болсом,
Четке калмак качырбай,
Курчап калгын сен болсго,
Аралатып кыргызды,
Калмактарга тийгизбей,
Кыйкырып чыксын калмакта,
Кыйын баатыр эр болсоң.
Атасы өлгөн уулдун,
Кайраты бар, эмеспи,
Жетим  болбойт, билгиниң.
Энеси өлгөн кыз жетим,
Эри  өлгөн эл жетим,
Ханы өлгөн калк жаман,
Баласы жок багарга,
Тууганы жок карарга,
Карыганда  эри өлгөн,
Катын болот эң жаман.
Булардан башка жаманды,
Жаман деген бүт жалган,
Караан калган калмакка,
Бөөдө салба сен арман.
Бас десе баскан хандары,
Букарада не жазык?
Мен-менсинип келген бири жок,
Буларда намыс талашып,
Кырылып кетсе жакшы эмес,
Бөөдөсүнөн кан агып.
Деп тапшырып Кененим,
Кандуу найза карманып,
Каары толук жүзүнө,
Бузулуп өңү сурданып,
Жаалысы келип бетине,

www.bizdin.kg

Жалын толуп көзүнө,
Тик багып киши карабай,
Баатыр шердин өзүнө,
Топтон чыкты бөлүнүп,
Чоң дөбөдөй көрүнүп,
Маңдайынан караса,
Жааган күндөн төгүлүп,
Аркасынан караса,
Ачылчуу күндөй сөгүлүп,
Төбөсүнөн караса,
Алып кара куш түр чыгып,
Астыртан түрө тиктесе,
Ажыдаардай сүр чыгып,
Кулак тунуп куу чыгып,
Алдындагы  Кула аттын,
Куйругунан чуу чыгып,
Эртеден кечке чапкандай,
Таноосунан буу чыгып,
Күүлөгөн найза күркүрөп,
Күнгөй – тескей кабышып,
Үн чыгып жерден дүркүлөп,
Баатырдын көрүп бараанын,
Бара жаткан караанын,
Алат деп мурун шаттанган,
Шалкыматтан түңүлүп,
Баарына кирди бүлкүлдөк,
Кыштын ызгаар суугундай,
Ат үстүндө сүлкүлдөп,
Балакет баскан Шалкымат,
Кененимге бакырат:
- Амалың кетип, айлаң жок,
Эсиң коркуп асталап,
Канчалык амал кылсаң да,
Бүгүн тирүү жан калбайт.
Кайратыма карк болдум,
Тирүү сени койбоймун.
Ат башы, Нарын турмайлык,
Таласыңды жойлоймун!
Күң кыламын кызыңды,
Кул кыламын уулуңду,
Тул кыламын алганың,
Ата уул кылып бөлөмүн,
Дене кул кылып калганын!
Сен өлөсүң, Кененим,
Кимге айтат арзын алашың?
Мен Шалкымат турганда,
Кур намысты талаштың,
Мөөнөт берип тогуз  күн,
Акылыңан адаштың,
Кем-керчим жок камдандым,
Мага кантип жан ачтың?!
Бүгүн мага келгениң –
Кудайыңа жазганың!

www.bizdin.kg

Акылыңдан шашканың,
Күнүң бүткөн экен го,
Жер кучактап жатканың!
Муну угуп Кенен бакырат:
- Бүттүбү кебиң, Шалкымат?!
Алдастаган кезиңби,
Чыдай албай лакылдап?
Кардың ачса амалсыз,
Нөөмөт сурап такылдап.
Кардың тойсо, калмагым,
Мактанасың бапылдап,
Ажалың жеткен кез экен,
Мойнуңа минип жакындап.
Тойгуча тамак жедиңби?
Ырыскыңдын бүткөнүн,
Шалкымат айбан, билдиңби?
Кайырдашып калкыңа,
Кол тартышып келдиңби?
Ажал алып жакадан,
Алактатып  жатыптыр,
Аны анык билдиңби?!
Бүгүн барсың, эртең жок,
Атаңдын көрү дүйнө шок,
Күн бешимге барганда,
Бул дүйнөдөн болдуң жок,
Менин атым Кененим,
Айтканым айткан, чын кебим,
Тогуз  күндүк ичкен аш,
Бул дүйнөлүк керээзиң,
Арканча кыйын болсоң да,
Калыбектей эмессиң.
Кайратың сенин канчалык,
Хан Чиктейдин жанында?
Мактанасың бабырап,
Байкап сүйлө алыңа!
Кененимдин бул кеби,
Кыйын тийди капырга,
Сөөктөн өтүп жүрөккө,
Октой тийди жакырга.
Жан аябай Шалкымат,
Найза сайды баатырга,
Туруп берди Кененим,
Эки имерип сайгыча.
Эми сайсам алам, деп,
Кантип жаны калар, деп,
Каарданып акырып,
Казабынан чочконун,
Кара жерден чаң чыгып,
Мейкин түз Чечдөбөдөн,
Туйук аң деген жар чыгып,
Өтө берип аптыгып,
Кайра айланып качырып,
Кененимди кетем деп,

www.bizdin.kg

Кара жерге тапшырып.
Найза келип тийерде,
Балта менен баатыр шер,
Найзасын кагып ийди эле,
Кененим каккан оңорбу,
Токсон барча бөлүнүп,
Найзасы сынып жоголду.
Колуна жарак алгыча,
Камбыл тууган кара көк,
Тил качырып чу койду.
Өтө берген күү менен,
Өрөпкүгөн Шалкымат,
Темир тону калдайып,
Арка этеги чочконун,
Көндөй болуп калыптыр,
Көрүнүп калган көчүккө,
Көк жалын найза сайыптыр,
Найзанын учу аралап,
Жүрөгүнө барыптыр,
Көмөлөтө сайбастан,
Көтөрүп көк жал алыптыр.
Илип алып найзага,
Калмакка жакын барганда,
Чогулган топтун четине,
Бута  атымга калганда,
Калмактарды курчады,
Кыргыздар жетип аңгыча.
Аттуу киши калбады,
Томолонуп кулады,
Чылбырын салып мойнуна,
Амандык сурап турганы.
Амандык калмак сураса,
Кошой дөөнүн Бактыбай,
Эртең менен уккан кеп,
Кененим кебин улады:
- Келген калмак сен, - деди,
Айдап келген силерди,
Шалкымат өлгөн эр, - деди.
Кара калкта не жазык,
Ичерге жок аш – азык,
Жаныңды багып кеткиле,
Тоо аралап жол басып.
Атыңды алсам нетесиң?
Куландын сары сайына,
Жөөлөп качан жетесиң?
Кашкар менен жандырсам,
Кетпейсиң тирүү бир адам,
Кашкардан басып аралап,
Баркөл белин ашкыча,
Арада бар көп адам,
Мында келе жатканда,
Жолдо кылган иштериң,
Өтө сенин эң жаман!

www.bizdin.kg

Атыңды алып нетейин,
Атыңды алып силердин,
Кай мураска жетемин,
Тонуңду алып нетемин,
Тонуңду тоноп алгыдай,
Тонсуз кыргыз эмесмин.
Кында менен ашкыла,
Ак сай менен баскыла,
Көбүргөндү тайгакташ,
Ашуучу белиң басыраак,
Ара сырттан кетип кал,
Жүрө бербей тамталап.
Жолдо элдер далай бар,
Жөн кеткиниң алайбай,
Кулагым укса шум кепти,
Минерге атым дапдаяр.
Келгенде отуз миң элең,
Бүгүн калдың жыйырма миң,
Силерге кылдым кеңчилик,
Минген атың мингизип,
Кең пейил кыргыз элди бил.
Алты жигит кошомун,
Анык билгин ошонун,
Куландын белин ашырып,
Кайта келет жигитим.
Так кырк күндө болжодум,
Так кырк күндө келбесе,
Жолуңан чыгып тосомун.
Бактыбайдан кеп угуп,
Аттуу кеткин, деп угуп,
Баарысы кетти чуу туруп:
- Кудай урсун биздин хан,
Түп көтөрө айдаган,
Атыңды минип кеткин деп,
Тонуңду кийип кеткин деп,
Айланабыз кыргыздан.
Убара кылба эриңди,
Бузбайбыз айткан кебиңди,
Кашкар менен кетпе, деп,
Биздин камды жедиңби?
Качкан качкын экен, деп,
Талап алат болучу,
Такыр бузуп пейилини.
Жамандык жатпайт жашынып,
Жылдыздан Манас шаарына,
Адырда кыргыз бар анда,
Манастан Баркол барчыга,
Казактар бар аларда,
Беш алтыдан бөлүнүп,
Жөөлөп кетсек кантет,
Түк көрүнбөй аларга,
Куландын сары сайына?
Кеп укканда Бактыбай,

www.bizdin.kg

Томсоруп туруп унчукпай,
Жасоолдорго санатты,
Кынданы карай чубатты,
Баш кылып Сүйүн баатырды,
Беш кишиге айдатты.
Кененимден кат алды,
Баатыр Сүйүн аттанды,
Күн айдады тындырбай,
Түн айдады уктатпай,
Баспай калган аттарды,
Мелжемдүү жерге таштатты,
Айдап жүрүп чубатып,
Далайдын бутун аксатты.
Салбардын белин ашырды,
Кайта Сүйүн бастырды,
Таштап кеткен аттарды,
Калтырбастан аттырды,
Он жети миң ат экен,
Бактыбайга тапшырды.
Санап алып аттарды,
Жыйнап келип калктарды,
Аламан болгон урушта,
Азамат өлгөн, ат өлгөн,
Ошолорго карматты.
Муну мындай таштайлы,
Кененимдин Кикиматты,
Сойгонунан баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН КИКИМАТТЫ СОЙУШУ

Жалгызек уулу Бактыбай,
Сүйүнгө элди айдатып,
Эми болду көөнү жай,
Кененимди кетирбейт,
Коргонуна ал барбай,
Эки күн өрүүн алдырып,
Жол керегин жан кылып,
Кетесизби дегенде,
Кененим айтат момундай:
- Угуп тургун, Бактыбай,
Бакай айткан кеби бар:
“Эңкейгенге эңкейгин,
Чекең жерге тийгенче,
Ал атаңдын мурас кулу эмес;
Какайканга какайгын,
Төбөң көккө тийгенче,
Ал пайгамбардын уулу эмес”,
Бакай айткан ушул кеп,
Бекер айткан кеп эмес.
Мени ooру басмарлап,
Ачкалык элди басмырлап,
Алаканчык шыбыргак,
Таласты баскан кездерде,

www.bizdin.kg

Жоодарды карап кошо алып,
Токсон миң унаа дан артып,
Мага элес калтырдың.
Жолумду тоспо кетейин,
Болду мага, баатырым,
Таласка барды деп турам,
Жез киндиктүү Кикимат - ,
Калмактардын баатырын.
Мен дабырга барам, деп,
Бактыбай болбой аттанды,
Эр Сейтектин Кененим,
Миң кишидей шаттанды.
Эрте туруп саар басып,
Аз гана эмес мол басып,
Түн ортосу болгондо,
Ордого барды сабашып.
Жатыптыр кыргыз жам жайкыт,
Өрүүн алып алты күн,
Бактыбай кетти ал кайтып.
Кененим жатып ой ойлоп:
“Жоодар айткан баякы,
Чойун кулак Кикимат,
Кайда кеткен? – деп ойлоп,
Кара ниет калмактар,
Барган жердин барысын
Баш аламан кылганбы?
Баш көтөргөн калтырбай,
Баарын такыр кырганбы?
Же болбосо жылдырбай,
Жылчыксыз камап турганбы?
Таласта жатпай мааналап,
Качан келет калмак деп,
Каршы алчуудай сагалап,
Анжыдан барып көрөйүн,
Кикиматта акмалап.
Кашкарга кетсем түз бойдон,
Кабар алып тура албайм,
Жеркен, Котен, Лобнурдан.
Алар, Азык, Тетир суу,
Аралабай келемби,
Эки күн сабыр кылайып,
Биринен кабар келеби?”
Санаа эки, жол ача,
Үйдө жатып Кененим,
Ой ойлонуп ар канча,
Эки күн өттү арада.
Таң менен туруп карасак,
Жергенин сары талаага,
Жер майышып кол түшүп,
Көз жеткисиз аларга,
Коргонго келди эки адам,
Күндүн мурду чаларда.
Дарбаза баккан кишиден:

www.bizdin.kg

“Кененим кайда, эр кайда?
Кабар айткын бачым, - деп,
Кармашар болсо чыккын, деп,
Корккон болсо Кененим,
Коргонду бизге берсин, - деп,
Кол салышар эр болсо,
Байрагын сайып, бел байлап,
Басташар жерге келсин!” деп,
Аны айттырып коргонго,
Алтымыш балбан белендеп,
Каратып койгон бир жерге,
Жалгыз чыкса Кененим,
Кармап алып келгин, деп,
Ордо баккан жигиттер,
Алек-далек жүгүрүп,
Мурун мындай көрбөгөн,
Кара жандан түңүлүп,
Кан жыттанып көөдөнгө,
Энтелешип күйүгүп,
Кененимге барышты,
Көргөнү менен укканы,
Баарысын айта салышты.
- Келгендер, кайта бар – деди,
Келген эки кишини,
Алып келе кал, - деди,
Качырып ийбей кармагын,
Жакшы-жаман кеп кылып,
Бейбаштык кылып салбагын.
Кайта барса туруптур,
Кененим кебин келгендер,
Жигиттерден угуптур.
- Жакындан бери экөөбүз,
Кабарчыбыз ар жерде,
Келсин мага дегенди,
Укпаганбыз дегеле.
Жиберген бизди Кикимат,
Кел деген киши Кененим,
Абийир жок ургандар,
Уялбай айтып келгенин!
Кел деди деп баруучу,
Жеңил бала биз эмес,
Кол куушуруп алдына,
Учураша баргыдай,
Кененим анча киши эмес!
Деп айтканда келгендер,
Атынан сүйрөп алышты,
Ордодогу жигиттер,
“Залкарлуу киши Кикимат,
Санатсыз киши Кененим”
Ооз айбыңа, ушу, деп,
Оролонуп урушту,
Жылаңайлак жүгүртүп,
Кененимдин алдына,

www.bizdin.kg

Алып келип турушту,
Болгон иштин баарысын,
Кененимге угузду.
Сен экөөң кайдан келдиңер?
Атыңды айткын кимсиңер?
Ким болот атын айткыла,
Баштап жүргөн кишиңер?
Жашырбай сүйлөп, чыныңды айт,
Сак-саламат кайрат кайт.
Айта албаса калдаңдап,
Жалганды айтып тамтаңдап,
Куйкасын тилип, туз куйуп,
Таманына шиштен как!
Тирсегинен аскыла,
Талкуу менен баскыла!
Кененимден кеп угуп,
Айбатынан баатырдын,
Сүйлөбөй тили булугуп,
Жаман кеп уккан жигиттер,
Сурак гана үйүнө,
Алып барды аларды.
Үйдүн ичин караса,
Үйтүгүндөй орноткон,
Такыр – мык экен,
Аркасы – алды, капталы –
Баары ошондой жыш экен.
Башын өйдө көтөрсө,
Мык сайылат шилиге,
Тамандан канын жошултуп,
Кыдыртып жүрүп алпарды,
Жылан кана үйүнө,
Он түрдү жылан бар экен,
Солоп койгон бир үйдө.
Жоону мамы жыгачтай,
Тилдери карыш ачан май,
Жылан тургай ал үйдө,
Бөйөнү бар чайан бар,
Көп кене менен киле бар,
Сары эшек менен кирпи бар,
Чиркей менен чымын бар,
Аш кайнамга саламат,
Калаар эмес чымынжан.
Ошондой үйдөн жетөөнө,
Кыдырата алпарды,
Жошологон челектей,
Бүткөн бойу кандалды,
Чыкпаган тирүү жан калды,
Коркуп булар сандалды,
Кайра айлантып абалды,
Киргизген үйгө алпарды,
Эси чыгып байкуштар,
Чай кайнамдын ичинде,
Өңдөн азып саргарды.

www.bizdin.kg

Муракыны келтирип,
Бүткөн бойун жуудуруп,
Кымыздан тарткан арактан,
Алып келип сундуруп:
- Кана кебиң айт,- деди,
Элиңе ылдам кайт,- деди.
Көзү менен көп нерсе,
Көрүп келген кургурлар,
Эч бир айла таба албай,
Айтты сөзүн баарын жай:
- Алты шаар, Анжыдан,
Наманкен, Ташкен, Самаркан,
Баштап жүрүп  Кикимат,
Баарын алды колуна,
Калк башкарган хандардын,
Эл бийлеген бийлердин,
Боолук салды мойнуна,
Кабаттап кишен салдырды,
Буту менен колуна,
Калмактан бирден калтырды,
Ошолордун ордуна,
Такыр бүгүн аман бар,
Кикиматтын колунда,
Билбепбиз не бар ойунда,
Кененимди баш кылып,
Өлтүрөм деген баарысын.
Сыр коргондун оозуна,
Түндө келип түшкөнбүз,
Кең Таластын бооруна.
Алтымыш балбан белендеп,
Кара суунун бойунда.
Жалгыз чыкса Кененим,
Тор салып кармап келгин , деп,
Айткан болчу аларга.
Жерге дагы, көккө да,
Жайып торду таштады,
Уруш кылчуу майданга,
Орду казып таштады.
Таластын жери кең экен,
Телегейи тең экен,
Камыш менен чапканы.
Кикимат айткан кеби бар,
Кептин жайы мына мындай:
“Жерде жайган турум бар,
Майданда казган орум бар,
Сандалып колум бар.
Алты шаар Анжиян,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Эминеден кемим бар?
Ошол турган Таластын,
Мурунку аты Көтөлөк,
Манас койгон Талас деп.
Талас атын жойом, - деп,

www.bizdin.kg

Көтөлөк атка койом!” деп,
Буйрук кылган элине,
“Талас деген кепти уксам,
Тилиң сууруп алам!” деп.
Бизди барып келдеген,
Менден кабар бер, деген,
Темир тонду Шалкымат,
А да келет айт, деген,
Калдагай кулак Чойун алп,
Бул да келет айт, деген,
Айтып койуп кабарды,
Андан кийин кайт, деген.
Келген элдин Таласка,
Кебин укту Кененим,
Мен – менсинген бел болор,
Эрин укту Кененим,
Колу, буту байлоодо,
Эл башкарган эрлерин,
Анык укту Кененим,
Калганы жок кем-керчи,
Каныk укту Кененим:
- Келгендер эми кайт, - деди,
Көргөнүң менен билгениң,
Баш кишиңе айт, -  деди,
Алты күнү былк этпей,
Ат өргүтүп жат, - деди.
Жетинчи күнү чыгамын,
Жыласыңды чыгарып,
Жып жылма, түп-түз кыламын,
Уйкудан көзүң ачамын,
Ой – тоого жиниң чачамын,
Каныңды суудай төгөмүн,
Эрдигиңди, калмактар,
Ошо күнү көрөмүн!
Шалкыматы сойгомун,
Келет деген төрөсүн,
Калдагай кулак Чойун алп,
Тажиктердин Темирбек,
Келтирип мында жүрбөймүн,
Кикиматты жоготуп,
Дүйшөнбү карай жүрөмүн,
Жалганы жок баары чын,
Болбосун мында күмөнүң!
Эртең уруш деп айтсам.
Чарчап келген чагымда,
Жеңип алды кыргыз, деп,
Армандуу болуп жүрбөдүм,
Эр колуна эр түшөт,
Эске сактап түшкөндү,
Эрдик менен хандыктын,
Эзелки жолу экен бу.
Деп Кененим кетирди,
Кикиматка барышып,

www.bizdin.kg

Барганынан келгенин,
Көргөнү менен укканын –
Баарысын айтып бүтүрдү,
Оозун ачып эстенип,
Кикимат чочко үшкүрдү:
"Бул экөөнү коркутуп,
Болгон кепти угуптур,
Шалкыматты өлдү деп,
Тим эле кошуп койуптур.
Алты күнү турайын,
Келип калар аңгыча,
Ат башы кеткен кишилер,
Андан кабар угайын.
Алтынчы күнү майданда,
Кармап алып Кененим,
Жардатып туруп кыргызды,
Алты шаар, Анжидан,
Андан келди он адам,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Мундан келди кырк адам,
Баш аягы колумда,
Байлоодо киши элүү хан,
Кененим менен элүү бир,
Таластагы эрлерден,
Элге кеңеш бергенден,
Тандап туруп таптырам,
Көккө теңир жолуна,
Ошол күнү чаптырам.
Деп ойлонуп алыптыр,
Жанымдагы экөөнөн,
Жана сурай калыптыр:
- Асман – жерде торумду,
Майданда казган оромуду,
Айтыңарбы аларды,
Барып келген эки кул,
Айтпадык дейли биз, дешип,
Астыртан түрө тиктешип,
Эриндерин тиштешип,
Бирин-бири шүк дешип:
- Эмне кылып жатат деп,
Сурабады ал бизден,
Сураса да айтпайбыз,
Сыр чыгарып биз сизден.
Деп айтканда кулдары:
"Укпаган экен Кененим,
Торум менен Орумду,
Колумда экен Кененим,
Маңдайда таалай багым бу".
Деп айтып ийбей ооз менен,
Жатып калды чалкалап,
Күйүп жатат Кикимат,
Бактыбайды талкалап,
Мага келет деп Шалкымат.

www.bizdin.kg

Ак калпак кыргыз элине,
Анткор турган Кененим,
Азырдан киши чаптырат:
- Жол келип камап калды деп,
Качпасын кыргыз калдаңдап,
Аркайган тоону аралап,
Абалыңды билбесин,
Анткор калмак чамалап.
Кененим кантип жатат деп,
Убара болбо сагалап,
Калмактан барса аралап,
Коркпой туруп ур сабап.
Үрпөңдөбөй коркконсуп,
Желелеп бээң байлагын,
Четинен уурдап жебесин,
Жайытын күндө айлангын,
Башкарып алгын малыңды,
Багып жаткын жаныңды.
Деп айттырып жумшады,
Айылга барчуу чабарды.
Ордодо жигит токсон бир,
Чакыртып алды буларды:
-Ордо баккан токсон бир,
Мен айтамын угуп бил,
Калмактардын колунда,
Матоодо киши  элүү бир,
Куткарып кел туйгузбай,
Душмандын көөнү болсун кир.
Жай-кышы ордо багасың,
Эриксең чүкө атасың,
Элүү бирди бошотпой,
Кантип ордо  багасың?
Кененим айтып болгончо,
Айткан оозун жыйгыча,
Калмакча узун чапанды,
Сүйрөлтө жерге жамынган,
Тесмеси аппак маржандан,
Мойнуна жүздү салынган,
Калмакча тилди билгенден,
Канча кошуун кол болсо,
Титинбей тинтип киргенден,
Экөө чыкты бөлүнүп:
- Бүгүн күндүз барабыз,
Күнөкөр баккан неменин,
Башчысына кош колдоп,
Жакшы арактан сунабыз,
Бошоту жолу кандайдыр,
Абдан байкап чыгабыз,
Күүгүм кире барабыз,
Калмактын ылгап атынан,
Элүү бирди мингизип,
Алып келе калабыз.
Айтканды айткан кылбасак,

www.bizdin.kg

Кандай амир  кылсаңыз,
Мойнубузду  сунабыз.
Агачалык эки-үчөө,
Андан-мындан төрт-бешөө:
- Элебей туруп бул иштен,
Томсоруп биздер кур калдык,
Булар алып келбесе,
Биздер карап турбайбыз...
“Ызылдашып калгандар,
Боло түштү чуркурап,
Көөнүндө болуп ыраазы,
Кененим болду кош убак.
Эки жигит жүгүрүп,
Табылды бизге кызмат, деп,
Жаны калбай сүйүнүп,
Учурап калды талаада,
Келе жаткан кеңгиреп,
Талаада эки калмакка,
Калмактарды кармады,
Кармап байлап салганы,
Буктурма деген колотко,
Буларды алып барганы,
Арактан берип табынча,
Алардын дайнын сурады.
Таз карды кызып, көз буурул
Тартып калган убагы,
Ойлоп айтар акыл жок,
Булардын айтып турганы:
- Кыргыз бы десек калмаксың,
Неге бизди кармадың,
Алып келип ээн жерге,
Анан кайра кайта сыйладың?
Калмакка каршы жигиттер:
- Айтканыңар ырас чын,
Куландын сары сайынан,
Колго айдалып чыкканы,
Ойнободук, күлбөдүк,
Көөн сергитип келмекке,
Ушул жерге келгенбиз,
Кийик атып кел, деди,
Калмактан чыккан мергенбиз.
Кыргоол атып, чил атып,
Этин кактап жегенбиз,
Ашып калган эттерди,
Ороп ала келгенбиз,
Арак эмес эт да бар,
Ач болсоңуз жесеңиз.
- Жол басып жүрүп талаада,
Бизге арак, эт кайда?
Жебей кантип турабыз,
Табылып калса мындайда.
- Жол басып деген не кебиң?
Кайда барып келгениң?

www.bizdin.kg

Аңырып жүргөн акмалап,
Кыргыз болуп жүрбөгүн?
Деп жигиттер айтканда,
Эки киши кеп айтты,
Кеп айтканда нени айтты:
- Самаркандан Кикимат,
Таласты карай тартканда,
Атбашыга баргын, деп,
Шалкымат кантип жаткандыр,
Андан кабар алгын, деп,
Барбаймын дээр ооз кайда,
Биз жүргөнбүз макул деп.
Атбашы бардык жол тартып,
Адам бар жерде түн катып,
Атбашынын түзүндө,
Улак тартып жатыптыр,
Кыргыздын баары дуулашып,
Кары-картаң , жаш-жалаң,
Ойду-кайкы жүрүптүр,
Аркы-терки чубашып,
Кененим барып Шалкымат,
Небак эле өлүптүр,
Анык уктук сурашып,
Биздер кайта тарткыча,
Ээр-токумду аттарды,
Айдап барды чубатып,
Олжо бөлүп калышты,
Кыргыздын баары чуулашып.
Эл олжого киргенде,
Бери карай жөнөдүк,
Кара жанды куткарып.
Эми минтип турабыз,
Силерге колду байлатып,
Кулдан бетер айдатып.
Бар кебин угуп алышты,
Аттарын сурап билишти,
Өлтүрүп таштап экөөнү,
Тондорун сыйрып кийишти,
Атарын кармап миништи,
Кыргыздыгын билгизбей,
Калың топко киришти,
Буларды көргөн калмактар,
Өз киши деп билишти.
Кикиматка барбады,
Барбай жатып калганы,
Күнөөкөрдүн башчысы:
- Эл аралап келдиңер,
Арак барбы силерде?
Минтип сурап калганы.
- Көп таппадык, аз таптык,
Таппай куруу калбадык,
Жүр, чогулуп бир жерге,
Азыраак жутуп алалык.

www.bizdin.kg

“Бүгүн бу, эртең өлүм бар,
Жаның бар да күлүп ал”,
Айтылган макал элде бар,
Азыраак деп укканы,
Үйдө олтурган далайдын,
Баарын айдап чыгарды.
Аракка кирди үч киши,
Күнөөлүнүн башчысы –
Мас болуп калды бир киши.
Мас болгонду жаткырып,
Колунан алып ачкычты,
Кишендерди ачтырып,
Тизмекте аттан минишип,
Жүрүп кетти бастырып,
Топуракты чачтырып.
Бирөө кетип бирөө бар,
Бекер турбай кат кылып,
Шаштырбастан бүт жазып,
Төшөгүнүн башына,
Таштап кетти катт ы ачып.
Эшиктен бирөө кириптир,
Катты окуп билиптир,
Шашкалаңдап жүгүрүп,
Кикиматтай улукка,
Кабар кылып ийиптир.
Кабар угуп Кикимат:
- Алты күнү жаткын, эп,
Кененим кылып мени акмак,
Өлтүрүп койот экен деп,
Ойунда мунун турбайбы,
Элүү бирди куткармак...
Жеткирбей кармап алам, деп,
Кайбир чочко аттанат,
Барабаны кагылды,
Бар аскер атка жабылды,
Сүрдүгүп барып бир тобу,
Казган орго кабылды.
Жүз калмакка талаада,
Бекер өлүм табылды,
Ушундай жерде акынга,
Бирден месел табылды:
“Кишиге оро көөлөсө,
Өзү түшөт” деген кеп.
Ушул  жерден алынды,
Калдаңдап кетип баратып,
Караңгыда Кикимат,
Өз торуна чалынды.
Аты түштү жер торго,
Өзү түштү асманга,
Аркасынан келгендер,
Араң чечип бошотту,
Таң агарган убакта.
Калмакка болгон каранды,

www.bizdin.kg

Элүү бири барганы,
Кененим менен көрүшүп,
Кебин айтып калганы,
Баарысынын кеби окшош,
Өзүмө кишен салды, деп,
Алтын-зарым алды , деп,
Аргымагым минди , деп,
Катын-кыздын баарысы,
Күн тийбеген жерлерде,
Саманкана ,кепеде,
Саргарып өңдөн азды , деп,
Сарсана болуп жатты, деп.
Кебин угуп алардын:
-Көөнүңөрдү жам кылып,
Эркин жатып дем алгын,
Эрегишкен чочконун,
Эдебин берчү мен бармын.
Алардын көөнүн жай кылып,
Кең куланы алдырып,
Үстүнө токум салдырып,
Залкар тоодой Көк жалы,
Коргондон чыкты бастырып.
Барабанын кактырган,
Бары аскерин бастырган,
Балакет чыкты Кикимат,
Бара жатса алдыттан.
Кененимди көргөндө,
Таанnetwork баган Кикимат:
-Көрбөгөнмүн , уккамын,
Өзүң сары , көзүң көк,
Турушуң элден бөпбөлөк,
Кененим болуп жүрбөгүн.
Атың кула заңкайган,
Кең соорусу даңкайган,
Атыңды айтчы билейин.
Кененим айтат мындай кеп:
-Мен Кененим билгин,-деп.
Темселеген арам ит,
Эмне кылып бул элге,
Бүлүк салып келдиң?!-деп.
Алты шаар, Анжыдан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Манастан бери карата,
Көөнү куунак жай жаткан.
Нарын, Жумгал , Атбашы,
Кетментөбө, Кең жазы,
Арстан Манас аттанып,
Ат жалын тартып мингени,
Адам изин салбады;
Котен, Жеркен, Кашкарды,
Лопнур, Азык, Аралды.
Баркөлдөн бери карата,
Адам басып барбады.

www.bizdin.kg

Эсирген калмак ээн баш,
Эки жылы эс алсаң,
Жаталбайсың жамбаштап.
Үч бөлүнүп кыргызга,
Үркөрдөй жылып киришиң,
Баркөлдөн бери карата,
Өз билгениң кылыпсың.
Семизин кармап сойупсуң,
Өңү жылуу катындын,
Эрин жесир койупсуң,
Каш кайтарса тил албай,
Тирүү койбой сойупсуң,
Жам-жайкыт жаткан тынч элге,
Жакшыбы, калмак, ошонуң?!
Өз башың менен кетпестен,
Тажиктерди алдапсың,
Тажик сага кошулса,
Анда эмне кылмаксың?!
Кокту катты Чиктейиң,
Кол салып келип өзү өлдү,
Койгулашып канча күн,
Көтөрүп найза өңөрдү,
Бириңе бириң көрсөтпөй,
Эми жоготойун үчөөңдү!
Ороздудан бер жакка,
Адам уулу тийбеген,
Атбашыга кол салып.
Шалкыматың дагы өлдү,
Ажалы жок адамзат,
Ар себептен күн көрдү.
Эл башкарган эстүүдөн,
Элүү бирди кармайсың,
Кабыштыра колдорун,
Бышыктатып байлайсың,
Ор каздырып майданга,
Көңүлүңдү жайлайсың,
Торду жайып ар кайда,
Кылбаганың калбапсың.
Элүү бирди бошотуп,
Алып келдим коргонго,
Кууп келипсиң артынан,
Күн шашике болжолдо.
Алты күн десем алдында,
Алдырап жетип келипсиң,
Ажал алып жакадан,
Эми кулandын сары сайына,
Баралбайсың элиңе!
Кененим мындай дегенде,
Калмактардын Кикимат,
Каарданып кеп кылат:
-Мага жайган торуң деп,
Каздырып жапкан оруң деп,
Шалкыматты өлтүрүп,

www.bizdin.kg

Сага теңтуш болдум деп,
Калжырайсың бокту жеп.
Калдагай кулак Чойун алп,
Темир тондуу Шалкымат,
Карбаңдап жүргөн мага ыктап.
Мен Кикимат , сен Кенен,
Канткенде мага тең элең?
Байлап алып мойнуңан,
Эл кыдыртам сени мен!
Алдап туруп мен сени,
Бошотуп алдың элиңди,
Далайды алдап көнүшсөк,
Жасап айтып кебиңди,
Тирүү койбой, Кененим,
Табайын бүгүн элиңди!
Деп ошентип Кикимат,
Камчылап атын теминди.
Каңгайлап калмак бакырып,
Көкжал төрө Кененге,
Катуу тийди жапырып,
Жазганбай шилтеп найзасын,
Кененимди качырып,
Алдында минген тулпары,
Араандай оозу ачылып,
Жан алчуудай калмактан,
Кененим калбайт шашылып.
Бет маңдайдан тийгенде,
Найзанын учу тийерде,
Балта менен эр Кенен,
Найзасын кагып ийгенде,
Найзасы сынып быркырап,
Сыныктары найзанын,
Асманда учту чыркырап.
Найза каккан кол балта,
Кененим илип жанына,
Бөрү тилдүү өткүр миз,
Найзасын алып колуна,
Кикиматты беттеди.
Өтө мыкты Кикимат,
Адамзаттан бир бөлөк,
Атка сонун кызталак,
Кененим найза чаптаса,
Аттын бир жак жанына,
Түшө калса жалп этип,
Эрдин кашын сыйпалап,
Өттү найза жарк этип.
Оңолуп минип Кикимат
Мөкү балдуу найза алып,
Кененимге жеткени,
Сайдырбастан Кененим,
Жазгырып таштап кеткени.
Кайра айланып сайышты,
Найзадан амал кыла албай,

www.bizdin.kg

Балталашып чабышты,
Кармашып жүрүп күн батып,
Кайта элине жанышты.
Эл жатаарда Кикимат,
Чабуулга салмак аскерин,
Эл бар жерге таратып,
Толтуруп миңден санатып.
-Кеңколдун башы  жети төр,
Жети суугa бар,- деди,
Колуң жеткен кыргыздын,
Кары-жашын караба,
Эр-катынын айаба,
Тирүү койбо бирин да.
Кол жеткен жерин айабай,
Кызыл канга бөлөгүн,
Кырып таштап жөнөгүн,
Кененимди бошотпой,
Кезектешип турамын,
Кененимди маң кылып,
Санаасын санга бөлөлү,
Самсаалатып кыргызды,
Сапырып таштап жөнөйлү.
Кененимди ушинтип,
Кетирбесек аргасын,
Алып кетти эрлерди,
Көрчү мунун айласын!
Деп Кикимат бөлүптүр,
Мунун минтип жатканын,
Кабарчысы кыргыздын,
Барып көзү көрүптүр,
Токтолбой айтып барыптыр,
Эр Кененим ошондо,
Байлоодогу элүүнү,
Чакыртып келе калыптыр.
Ордо баккан токсондун,
Жетимишин бир бөлдү,
Чакыртып келген элүүнү,
Жетиден жети бөлүптүр,
Жетимишин он бөлдү,
Он жетиден кишини,
Жети төргө жөнөттү.
-Жети төрдүн жолун тос,
Миңден калмак жолгошот,
Каршылашса калтырбай,
Канын төккүн жайната,
Өлтүрбөй бирин алып кел,
Жан соогалап жалынса.
Жетиден бөлгөн кишинин,
Ар кимиси бирден жан,
Эрегишкен заманда,
Бири миңге жараган,
Караңгыда калдаңдап,
Катуу жүрүп барбаңдап,

www.bizdin.kg

Жолду тосуп калышты,
Уйку качып далдаңдап.
Бөлүнүп барган  калмактын,
Алдынан чыга калышты,
Ач кыйкырык салышты.
Кандим болгон балбан жок,
Ачып көздү жумганча,
Уйпалап хандар алышты.
Бешим-шамдын  арасы,
Калдайтып айдап калмакты,
Хандар жетип барышты.
Калмактардын Кикимат,
Жайнатып элди чыгарып,
Барабан согуп уктатпай,
Сүрүп чыкты таң атып.
Көмкөрмө ээрин токунуп,
Койнунда бутка чокунуп,
Бөлүнүп чыкты тобунан,
Майданды карай чу койуп.
Далайда чыкты Кененим,
Ашыкпастан чойулуп,
Түндө аскерин жөнөтүп,
Түп көтөрө кыргызды,
Түгөтө кырып келет деп,
Көөнү толук Кикимат,
Кененимди көргөндө,
Күркүрөтүп найзасын,
Көрчү калмак айтканын:
-Жүрөгүң коркуп ,Кененим,
Кечиктиңби келе албай?
Жаныңда жалгыз киши жок,
Кыргызың койуп тил албай,
Колуңдагы кыргызды,
Ме деп салып бере албай,
Мен айткамын акылды,
Тил алгының сандалбай.
Жан багыш арзан бир киши,
Мен кечейин каныңан,
Үмүт үзбө жаныңан.
Намыс көрсөң бул жерде,
Эл ичинде туруудан,
Киши билбес, тил укпас,
Элге барып сен турсаң,
Бирок тирүү эмессиң,
Өлбөй тирүү мен турсам.
Деп Кикимат айтканда:
-Калмак калмак ар качан,
Түшүндө көргөн кишиге,
Кара тумоо деп угам!
Кененимдин кебине,
Арданганда Кикимат,
Атырылтып аргытып,
Камчыга бөлөп тулпарын,

www.bizdin.kg

Кандуу найза каар менен,
Жандан ашкан заар менен,
Айкырыгы баш жарып,
Баштан өтүп таш жарып,
Кененимди качырды.
Зым-зым этип зымырап,
Найза колдо зыңгырап,
Кикимат менен Кененим,
Найзаларын кагышып,
Жан айабай сайышып,
Аманат жалгыз бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кудай бетин нары кыл,
Кыйын уруш баштады,
Темирге темир шакылдап,
От чагылып жаркылдап,
Күн чагылган немедей,
Жер айрылып жарылып,
Жөө тумандай уйулгуп,
Асманга учуп чаң чыгат.
Жылгындуу кеңкол Таласы,
Асман ачык, жер бүркөк,
Алда кандай болот деп,
Адамдын баары дүркүрөп,
Жүрөгү тайкы кишинин,
Сийдиги агып бүркүрөп,
Жашыктар ыйлап бүлкүлдөп,
Мен мыктымын дегендер,
Найзасын кармап тура албай,
Токтобой колу сүлкүлдөп,
Тоо токтобой жаңырып,
Кайберендин баарысы,
Акылынан жаңылып,
Аңтарылып асман-жер,
Азыр эле кетчүүдөй,
Жер калтылдап жаткансып,
Суу чайкалып аккансып,
Толкуп көлдөр чайкалып,
Жер силкинип кыйшайып,
Бараткандай көрүнүп,
Кыйын уруш кездерде,
Жети миң калмак кошуунун,
Буркундатып кубалап,
Хандар айдап жетти эле.
Карап алып Кикимат,
Ичинен мөжүк кан кетип,
Мурункудай боло албай,
Мууну бошоп шай кетип,
Кеңгирей түшүп оңолуп,
Кайраттанып чыйралып,
Тарамышын чыйратып,
Кененимди баш кылып,
Кетемин деп ойлонду,

www.bizdin.kg

Бүт кыргызды кыйратып,
Дагы турду кыйкырып,
Минген атын чуратып.
Өңү сары, көзү көк,
Каарданды кара көк,
Кагып ийип найзасын,
Жаңыртып жарак алганча,
Жандай түшүп эр неме,
Бакалоордун безине,
Муштап өтө бергенде,
Наркы кулак түбүнөн,
Найзанын учу жылт деди,
Томорулуп Кикимат,
Ат үстүнөн шылк деди.
Тоңкойуп чочко жыгылды,
Топого башы тыгылды,
Калмактар турат каңгырап,
Эми бизди Кененим,
Не кылар деп жалдырап.
Калгандарды түшүрүп,
Чатырыңа жаткын, деп,
Өзүнүн элин чогултуп,
Шер Кененим айтат кеп:
-Ак калпак кыргыз көп алаш,
Колуңда малың аз эмес,
Колго түшкөн калмакты,
Кырып ийсең жакшы эмес.
Жоо жарагын булардын,
Аты-тону алардын,
Албагыла бүт баарын.
Койо бергин калмакты,
Өлбөй тирүү калганы,
Багып алсын балдарын.
Так он күнү жатасың,
Андан кийин басасың,
Качып кетсең өлөсүң,
Көргүлүктү көрөсүң,
Кармалып келген элүүң бар,
Бүгүндөн калбай жөнөгүн.
Ээ болуп минген тагыңа,
Таанымал болуп шаарыңа,
Ал жерде калмак канчалык,
Аны өлтүрүп салбаңар,
Атын берип, тон берип,
Өз жерине айдаңар,
Калмак бизге кылган, деп,
Кылган ишин кылбаңар.
Бас десе баскан курган эл,
Тур десе турган курган эл,
Карапайым жөн элде,
Ийнечелик жазык жок,
Кызыл кыргын сүрүштө,
Өлүп кетет канчалап,

www.bizdin.kg

Аны эске алар жок.
Деп Кененим жөнөттү,
Топондошуп элүүсү,
Токтобостон жөнөштү.
Күнү-түнүн карабай,
Кылча жанын айабай,
Азыраак уктап көп басып,
Элдерине барышты,
Энтелеген калмактын,
Эдебин берип колуна,
Калааларын алышты.
Өмүр бер деп баатырга,
Өлбөсүн деп далайга,
Дардайып жатып калышты.
Муну мындай таштайлы,
Тажиктердин Темирбек,
Бет бургандан баштайлы.

## ТЕМИРБЕКТИН БЕТ БУРУШУ

Кененим сегиз күн туруп,
Доолбасын урдуруп,
Жети төрдө кыргызды,
Баарын койбой чогултуп,
Уй мүйүз тартып олтуруп:
- Айлыңды келип жоо басты,
Асырадым барыңды,
Айабадым жанымды.
Анткор калмак канчалык,
Амал айла иштетти,
Акыр-такыр салгалы
Алдын элдин тосоттоп,
Баш аламан кыргалы.
Айла кылдым Кененим,
Элүү чунду бошотуп,
Элдерине жибердим.
Жети бөлүп аскерин,
Жети төргө жөнөттүм,
Элүүсүн бөлүп жиберип,
Айдатып аны бир келдим,
Кымызын ичип, шерне жеп,
Эч кимисин билбедиң,
Эндекей жатып мурунтан,
Ээнбаш кыргыз үйрөндүң.
Каранды болду канча миң,
Калдыраган калмак хан,
Баш кишиси жоголуп,
Баары кызыл кан жуткан,
Атбашыда  Шалкымат,
Таласта өлдү Кикимат,
Өлгөндөрдүн кунун кууп,
Келет экен деп уктум,
Калдагай кулак Чойун алп,

www.bizdin.kg

Кошулуп ага Темирбек,
Алар келет тебелеп.
Аз болсо келет сексен миң,
Сексен миң аскер тосуучу,
Менмин дечү киминңсиң?
Бастырамын мындан мен,
Тажиктердин Дүйшөмбү,
Өзү какас чөлдө экен,
Калдагай кулак Темирбек,
Экөө ошо жерде экен.
Каймагың бузбай жайкын жат,
Ошого барып мындан мен,
Калдыраган калмакты,
Тирүүлөй сүлдөр арбакты,
Өзүм билип таратам.
Кененим мындай дегенде,
Ак калпак кыргыз чур этти:
- Ата журт, Кеңкол, Таластын,
Арбагы азыр Манастын,
Бала күндөн бер жакка,
Пайдасын элдин талаштың,
Барбаган жериң калбады,
Барган жерин соо койбой,
Баарын жеңдиң балбаным.
Жыргап жаттык кыргыздар,
Кыйноого бизди салбадың,
Кыргыз үчүн кырааным,
Кымындай жанды кыйнадың,
Жалгыз жүрүп жан кыйнап,
Жакшы эле кызмат кылганың,
Дүйшөмбүгө барам деп,
Бүгүн айтып турганың.
Жалгыз барсаң мындан сен,
Жайнап жатса кыргыз эл,
Жанында киши жок турса,
Кыргыз тилин албайт деп,
Өзүңдү шылдың кылбайбы,
Ар качандан бир качан,
Жата берсек жамбаштап,
Бизди арбак урбайбы!
Алпарбасаң арстаным,
Арканан калбай чубайлы,
Дүйшөнбү деген мынаке,
Ат чабым жерде турбайбы,
Бирөө  эмес хан эки,
Мурун тажик кыргызды,
Жүргөн киши мааналап,
Эми калмактарга барыптыр,
Көзүн сатып сагаалап,
Чындап шылдың кылбайбы,
Жылбай жатып биз калсак.
Калмактар айтып калбайбы:
«Бөлүнүптүр алаштар,

www.bizdin.kg

Кененим жалгыз калыптыр,
Элине ээлик болалбай,
Же жумшаса да кыргыздар,
Койгон белем тил албай,
Манастын сактап оорагын,
Жалгыз жүрөт экен, - деп,
Намысынан туралбай»
Деп чуркурап ызы-чуу,
Бөлүнүп чыкты бир четке,
Мен  барамын дечүсү.
Санаты толду кырк миңге,
Жайнап кыргыз кең түздө,
«Болбойт экен кыргыздар,
Барса-барсын» дегенсип,
Өз ойунда Кененим,
Келип калды кеңешке,
Убаданы токтотту,
Эми он күндө жөнөшкө.
Калмактарды кет деди,
- Эл-жериңе жет, - деди,
Жолдоку элге катышып,
Калба таап албагын,
Андай кылсаң камалгын,
Кененим тирүү мен бармын!
Оздорунда буркандап,
Өпкөлөтүп теминип,
Атына минип жөнөдү,
Сууга түшкөн түнөөдөн,
Көгүчкөндөй чокчоңдоп,
Калмактар кетип тарашты,
Мен барам деп өзүнчө,
Келгендерди санашты,
Кырк бир миңге толуптур,
Кыргыздардын санаты.
Атбашыда Бактыбай,
Тынч алып үйдө жаталбай,
Астыртан киши жиберип,
Таластан кабар алыптыр,
Калдагай кулак Чойун алп,
Темирбекке барат деп,
Бу да камын алыптыр,
Болжолдуу күндүн санатын,
Кошулмакка  жолунан,
Тосоттоп жолун калыптыр.
Бактыбайдын аскери,
Беш миң беш жүз киши экен,
Кырк миң киши Кененим,
Анжыдан карай жөнөдү,
Чоң Анжыдан баралы,
Кашкардакы калмактан,
Канык кабар алалы,
Алты шаар Кашкарда,
Аралап анда жатабы,

www.bizdin.kg

Же болбосо Чойун алп,
Темирбек менен бириги п,
Жөнөгөлү жатабы?
Келе жатса Кененим,
Алдынан желек туу чыкты,
Беш миң беш жүз киши айдап,
Зор  Бактыбай бул чыкты,
Кененимге жол кошту:
- Кечирерсиң абаке,
Кеткен болсо биздерден,
Алдыртан киши жиберип,
Кабар алып сиздерден,
Калдагай кулак Чойун алп,
Кара нээт Темирбек,
Как ошого барат деп.
Абам менен барайын,
Караан болуп берейин,
Ойлогонум ушул кеп.
Жана уктум кабарды,
Таластакы кыргыздар,
Калбай жүрөт экен деп,
Бирге бар деп айтыпсыз,
Бул түбүндө акыл кеп,
Алжып карып өлгөнчө,
Эчтеме көрбөй эмгиче,
Үйдө жатты кыргыздар.
Көзү менен көрүшсүн,
Кызыл кыргын чуу кандай?
Элдин тартып эмгегин,
Четке чыккан эр кандай?
Деп Бактыбай айтканда,
Кененим кеби мамындай:
- Эл өстүрүп эр болот,
Эл болбосо эр болбойт,
Элдин тартпай эмгегин,
Эрмин  деген киши оңбойт
Эркине койдум бир катар,
Койгун десем эл болбойт,
Келипсиң сен да кол алып,
Алакандай Анжыдан,
Не кылабыз биз барын?
Дүйшөнбүнү көрбөдүм,
Көрбөсөм да билемин,
Адам сейрек, жери аз,
Тулаңы жок какыр таш,
Каты багыт жердеген,
Башкадабы андабы,
Чойун кулак кайда экен?
Котен, жеркен, кашкарлык,
Кандай күндө калдыэкен?
Лопнур, азык, аралда,
Бары кыргыз аларда.
Алар кандай болду экен?

www.bizdin.kg

Ээ кылбастан Жоодарга,
Тартып алган аларды,
Не жорукка салды экен?
Жакында кеткен бул жерден,
Булар аман бар бекен?
Кыпчакта жалгыз карыйа,
Бала кезден бер жакка,
Ат жалын тартып мингели,
Мындай ишти көрбөдү,
Жетимиш ашып жаш көрүп,
Бүгүн кордук көргөнү,
Көп кечигип турбайлы,
Бачымдатып жөнөйлү.
Кененимден кеп угуп,
Жөнөдү кыргыз дуу койуп,
Жаш балдары алышып,
Түзгө келсе жарышып,
Аргымак аттар алкылдап,
Алоолонуп булкунуп,
Табына келген аттары,
Чабына батпай суурулуп,
Кең багалек буулуң шым,
Багалеги балкылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Айбалта белде жалтылдап,
Кылыч кында кыңгырап,
Найза колдо зыңгырап,
Боз кисе белде шалпылдап,
Теке жаргак Сары шым.
Жаштары кийген чыраштап,
Байчечекей түрдөнүп,
Баштарында ак калпак,
Күн жааганда кийүүчү,
Баарысында кементай,
Ырдап көнгөн кыргыздар,
Кыңгыранып туралбай,
Жаагын жанып таңшанып,
Ырдаганы дагы бар;
Торгойдон бетер муңканып,
Комузун алып колуна,
Кыл тырмаган дагы бар;
Коңур үнгө күү кайрып,
Боортабы дагы бар,
Сызгырылтып муңканып,
Угуп калган кишиге,
Кулагын төшөп тыңшатып,
Чоор тарткан дагы бар;
Кыйылдатып кыйкактап,
Кыл кыйак тарткан дагы бар;
Түн ичинде уктабай,
Кумалагын артынып,
Куржунга сала жүргөн бар;
Канжыгалап чүкөсүн,

www.bizdin.kg

Байланганы дагы бар;
Падышасын баш кылып,
Баатырына кайтартып,
Кара аскерин тиздирип,
Кеште ойногон дагы бар;
Азык ичип ат чалган,
Ар  кандай жерде туралбай,
Чатырашы дагы бар;
Кара кашка куйушуп,
«Ханым дат» ойноп жаткан бар.
Ойноп-күлүп сырдашып,
Буулугуп калган кыргыздар,
Коконго барды колбушуп,
Кокондун ханы жүрүптүр,
Кененимди келет деп,
Күндө карап жол тосуп.
Коконго конуп калышты,
Базарга балдар барышты,
Уруксат кылбай чоңдору:
- Барар болсоң төрттөн бар,
Андан ашык барбаңар,
Жакшы көрүп базардан,
Буйум  сатып албаңар.
Барар жериң алыста,
Анда кандай кыласың,
Жооруп кетсе атыңар?
Аксакал киши кезиксе,
Эки колуң боорунда,
Урмат салам айтыңар,
Базар деген көпчүлүк,
Тийип кетсе кокустан,
Эркек-айал, кары-жаш,
Жаман айтып салбаңар.
Кагынбагын силкинбе,
Көпчүлүктүн ичинде,
Этегиң кагып күбүнбө.
Кызды көрсөң кылыңдап,
Жубанды көрсөң шылдыңдап,
Бучукту көрсөң бырбыңдап,
Тазды көрсөң быйрыңдап,
Тигиле тиктеп калбаңар,
Артыңарда ушак  кеп,
Күпүрдү таап албаңар,
Карың барсың, жашың бар,
Акылың менен болгунуң,
Айтканды угуп, жаш балдар.
Насаат айтып Бактыбай,
Базарга барчу элдерге,
Уруксат кылып таратты,
Желдеттерден канчасын,
Аркасынан каратты,
Андан кийин Кокондун,
Билдиңби калмак кайда? – деп,

www.bizdin.kg

Билгичтерден сурашты.
Козубек анда кеп айтат:
- Бала төрө Бактыбай,
Байкап уккун, - деп айтат,
Кикиматтын колунан,
Темир капас торунан,
Эр Кененим куткарды,
Калмакты издеп барарын,
Кеңеш кебин бизге айтты.
Кутулуп калмак торунан,
Аттанып биздер жүргөнбүз,
Жылгындуу Кеңкол бойунан,
Күндү түнгө уладык,
Түк деп алып турбадык,
Кеңеш кылып келатып,
Арал, Азык, Лопнурга,
Кашкар, Жеркен, Котенге,
Кабар алып келүүгө,
Бирден киши жумшадык.
Азыгын анын мол бердик,
Болжолдуу күндө кел дедик,
Күнүн болжоп бергенбиз,
Эми үч күндүн ичинде,
Келет деп күйүп жүргөнбүз,
Эртеңки күнү хан калбай,
Элүү киши бүт келет,
Калбай барып чогулуп,
Жүдөтөлү тебелеп,
Калмак менен тажиктин,
Аксын жашы себелеп.
Калдагай кулак Чойун алп,
Бүгүн кайда экени,
Ачык кабар боло элек.
Эркин жатып канча жыл,
Самаркан, Ташкен, Наманген,
Алты шаар, Анжыдан,
Испандан башка эл,
Аштык сатып киши албай,
Чирип жатат короодо,
Көмбөй таштап ороого,
Кысылып калар жери жок,
Бир сапаркы конокко,
Куйруктары жарылып,
Козу жатат кобо албай,
Соорусунан жарылып,
Жылкы оонап кобо албай,
Соңу жерге чубалып,
Төөлөрү жатат басалбай,
Үч күн жатып туралы,
Эртең келген хандардын,
Кеңеш-кебин угалы,
Кеткендер келет аңгыча
Андан кабар табалы,

www.bizdin.kg

Андан кийин баарыбыз,
Эр Кененим баатырдын.
Кыл дегенин кылалы.
Мен айтканым Бактыбай,
Кулагыңа жагабы,
Козубектен кеп угуп,
Эр Кененим, Бактыбай –
Экөө катар тең угуп,
Кененим оозу бүлк этпей,
Бактыбай айтат жөн кетпей:
- Ар кайда киши чаптырып,
Кабар табыш жакшы кеп,
Чогулуп хандар келет деп,
Бул айтканың кайсы кеп?
Ар качан угуп көрөбүз,
Кененим турат төрөбүз,
Эл чогулуп дүбүрөп,
Антип жүрүш не керек?
Эгиним көп, ороо жок,
Толуп жатат дүйнөм, деп,
Эндегей жатып элебей,
Кикиматтай айлыңа,
Душман келсе тебелеп,
Колу бутун байлатып,
Кор болупсуң ченебей.
Эр Кененим болбосо,
Бооруңду жарып өт алып,
Чечекей чегип көз алып,
Койот эле Кикимат.
Калат элең күн көрбөй,
Козубек ага, сиз эмес,
Баарың ошол болупсуң,
Бир сапар келген шамалга,
Үй алдырбай амалда,
Түпкүлүгүн байкагын,
Өзүңдүн карап чамаңа,
Эл чекесин ар качан,
Он күндө бирден чамала,
Жата бербей тайрайып,
Өзүң басып арала.
“Карабаса мал кетет,
Бакпасаң кетет катының”
Токтобойт анан акылың,
Көп болсо канча үпөндүк,
Күн көрөсүң түбөлүк.
Төрт айактуу тирүү мал,
Кези  келсе жоо алат,
Кези келсе жут алат,
Эгинди сакта, Козубек,
Ошондо тирүү жан калат.
Жаман киши ар качан,
Кылганына  мактанат,
Элге келбейт эч качан,

www.bizdin.kg

Сага келет жаман ат.
Хан көтөрүп калдайып,
Калкың турса сагалап,
Курсагы ачып аш издеп,
Ар кайда жүрсө сабалап,
Сага болот ий наалат.
Бүгүн эртең туралы,
Кеткендер келсе алдынан,
Ачык кабар угалы,
Кайда болсо калмакка,
Анан  биздер жылалы,
Деп Бактыбай токтолду,
Унчуккан киши жок болду,
Ошондой болуп Кененим,
Чоң Коконго беш конду.
Бир күн конок болгону,
“Мен элүү миң кишилик,
Коноктун камын кылдым” деп,
Келген киши көп болду,
Барган киши болбоду,
Калган күнү кыргыздар,
Жанынан сатып жеп конду.
Калмактар мында келгели,
Караңгы үйдө көрүнбөй,
Көмүктө жаткан келин-кыз,
Баары эркин болгону,
Күнү бүтүп болжолдуу,
Кабарчы келип болгону,
Калбай келди кабарчы,
Аман келди чабарчы,
Хандар келди калдайып,
Кененимди  көргөндө,
Көөндөрү өсүп барбайып,
Көчөгө басып көрктөнүп,
Курсактары чардайып,
Кененимди көрсөк, деп,
Эл чогулуп жардашып,
Көргөнү менен укканын,
Чабарчылар кеп салып,
Козубектин чабарчы,
Көбүрөөк айтат кабарды:
- Кашкарга бардым мындан мен,
Жоодар чалга жолуктум,
Кебез тоонун кермеден,
Таласка барып келгенден,
Көрүшкөнчө өзүнө,
Болгон ишти айттым мен.
Кепке канып эр Жоодар,
Мага айтты ал мындай:
“Эл ырысы Кененим,
Кененим менен көрүшүп,
Кайтып мында келгемин,
Жакшы менен жаманды,

www.bizdin.kg

Таамай айрып билгемин.
Туш-тушка киши жибердим,
Темир суу, арал, азыкты,
Кербенчиси калмактын,
Коnолго кылып алыптыр,
Күн-түнү жок бергин деп.
Алым салык салыптыр,
Чыдайалбай алымга,
Жукаргансып калыптыр.
Лопнурга калмак барыптыр,
Четинен тийип мал алып,
Күндө бүлүк салыптыр.
Котенге кеткен калмактан,
Укпадым кабар айактан,
Жеркен менен Кашкардан,
Тажикке азык жеткир деп.
Ар күнүнө беш жүз төө,
Эгин артып чубаткан,
Чыгыш жакка карата,
Куландын сары сайына,
Буйак жагы Дүйшөнбү,
Темирбектин шаарына,
Тарттырып жатат күнүгө,
Эгинди койбой барынча”
Жоодар абам айтышы,
Калдагай кулак Чойун алп,
Дүйшөнбүнүн шаарына,
Кечээлерде жетти дейт,
“Чыгышка тарткан эгинге,
Жылдыз менен кетүүчү,
Эчкиликтин белинде,
Кызыл тайдын кыркууга,
Жеркен дайра бойуна,
Үч бөлүп жолун тостурдум.
Чыгышка баскан төөлөрдү,
Бирин нары бастырбай,
Алып жатам калмактан,
Колго тийген немесин,
Сойуп жатам калмактан,
Койбой тирүү немесин.
Күн батышка басканга,
Батынып бара албадым,
Темирбек менен Чойун алп,
Ортосунда калам деп.
Ошо жагын карадым.”
Мени кайта жумшады,
Жоодар абам кайткын, деп,
Менден уккан бар кепти,
Кененим баштуу хандарга, Калтырбай баарын айтың деп,
Уксаңар менден ушул кеп,
Хандын баары калдайып,
Карап турат далдайып,
Жалгызектин Бактыбай,

www.bizdin.kg

Айтат кебин камданып,
Кененимди бир карап,
Алдыңкы ээрдин жаланып:
- Аман турат төрөбүз,
Ажал жетсе өлөбүз,
Колбуп минтип олтурбай,
Туш тарапка жөнөйлүк,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Өз элиңе жаныңар,
Жатып албай кеп келсе,
Бадакшан, Балык, Испандын,
Жолун тосуп калыңар,
Кашкар, Котен, Жеркенден,
Эгин артып жөнөткөн,
Төөсүн тартып алыңар.
Угуп жүргөн кабарда,
Иран менен Иракта,
Ачарчылык анда бар.
Кара нээт калмактар,
Темирбекке береби,
Аларга сатып пайда албай?
Кайра бергин Кашкарга,
Түшүрүп төөнү сен албай.
Аралап сага келгендер,
Үч айдан ашык турбады,
Бир жылдан ашып баратат,
Калмактар келип тургалы,
Котен, Кашкар, Жеркендин –
Булардын эли куурады.
Айдарлуу Жоодар абама,
Козубек ага, өзүң бар,
Элден алман алдырбай,
Ошол жакты тосуңар.
Калмактан келсе канчалап,
Ачып жолду шар бергин.
Жатып конуп өтүшкө,
Алар десе шаар бергин,
Кыскасы ага тийбегин,
Жолун тосуп жолгошуп.
Калмакча толук билгениң,
Темирбектин шаарына,
Токтобой айдап жибергин.
Бөлүнүп элден кеткенде,
Бел-белден ашар кездерде,
Кайта артына каратпай,
Сай-сайдын оозун тосуп кал,
Аты-тонун тоноп ал,
Айдап өзүн чогултуп,
Бизден кабар болгунча,
Жер айдатып шорго сал,
Козубек, Жоодар агалар,
Чыгыш жакка азыр бар,
Чычканга кебек алдырбай,

www.bizdin.kg

Жоокерлигиң билгизгин,
Душманга сырың чандырбай.
Лопнур менен Котенге,
Убара болуп барбаңар,
Ага барчу бизде бар.
Кабарчылар барышат,
Катыраң айта салышат,
Кабар уккан калмактар,
Калдайып анда туралбай,
Чойун алпка барышып,
Чогулуп өлүм табышат.
Бактыбай кеби акыл, деп.
Баары кетти макул деп.
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Хандар өзү баш болуп,
Жол-жолду тосуп барышты,
Чычкан улак мал бербей,
Жарым табак дан бербей,
Бир ыштандык бөз бербей,
Баарын тартып алышты.
Колго түшкөн калмакты,
Ал жетпеген суу чыкпас.
Жер арыкка салышты,
Бир күн кабар болот деп,
Эр Кененим төрөнүн,
Келерин күтүп калышты,
Алты Шаар, Анжыдан,
Кокондоку Козубек,
Өзү менен жүз болуп,
Жоодарга келди темселеп,
Далай акыл Козубек,
Бактыбайдан уктум деп,
Унчукпады эр Жоодар,
Кабыл алдык макул, деп,
Козубек, Жоодар кары экен,
Хандын оозун караган,
Кынына батпай суурулган,
Далай эрлер бар экен,
Кебез тоонун керүүдө,
Эки күн өрүүн алышып,
Эки кары баш болуп,
Аттанып жолго салышып,
Хан Жоодарды көргөндө,
Калктын баары чубашып,
Жеркен менен Кашкарды,
Калмактарга ээ кылбай,
Заматта тартып алышты.
Баш билгичин калмактын,
Казган орго салышты,
Карапайым калмакты,
Кечкече кетмен чаптырып,
Кечинде кишен салдырып,
Төрт жүз киши жөнөттү,

www.bizdin.kg

Төрт жердин жолун чалдырып,
Жеркендин агын бойуна,
Кызыл тайдын жолуна,
Эчкиликтин белине,
Азык, Арал жерине,
Келгени болсо тийбеди,
Бул сырды калмак билбеди,
Шибе, манжу, кошулуп,
Далай төөнү жиберди.
Чыгышка адам баспады ,
Кайра баскан калмактын,
Башын алып таштады.
Минтип булар жатканда,
Лопнур менен Котенге,
Бактыбай киши жумшады.
Жибергени аларга,
Экиден төрт тың жигит,
Мылтыкты жаза атпаган ,
Өлүмдөн  башын тартпаган,
Төртөө бирдей кыл жигит,
Экиден кетип бөлүнүп,
Хандарына көрүнүп,
Бул жакта болгон иштерди,
Хандарына билгизип,
Калмактар камап жатычу,
Ыштанына сийгизип,
Көөнү өсүп хандар тирилип,
Төлөжүп  калды калдаңдап.
Калмакча тилди бүт билген,
Жигиттер барган аларга,
Котен менен Лопнурда,
Жаткан калмак чоңуна,
Өзү билип жазышкан,
Каттарды берип колуна:
“Араң келдик силерге,
Биз турбайбыз бул жерде,
Жиберген бизди Чойун алп,
Катар өлүп жоголду,
Шалкымат менен Кикимат.
Кысып калды туш-туштан,
Кыргыз деген кызталак.
Тайанчым бар Темирбек,
Ачуум келди меники,
Кыргызды кырам тебелеп,
Көптө өлгөн жакшыраак,
Мында туруп өлгөндөн.”
Айтып туруп жиберген,
Калдагай кулак Чойун алп,
Кептерин булар айтышты,
“Бир күндөрү болгондо,
Аларбыз кийин буларды,
Чогууга барып туралы”
Деп калмактар кайтышты.

www.bizdin.kg

Калмак качты куугун, деп,
Хандар кабар салыптыр,
Калбай баары козголуп,
Лопнур менен Котенден,
Бир калмакты кетирбей,
Таптакыр талап алыптыр.
Кангайдагы калмактан,
Шибе менен манжудан,
Кошулуп солон арадан,
Белсенип чыккан булардан,
Белдүдөн болду беш адам.
Каңгайдагы калмактан,
Кармап он миң кол болду,
Шибе, Солон, Манжудан,
Араң беш миң болгону.
Баштаганы беш баатыр,
Он беш миң аскер келиптир,
Кабарды анык алышып
Козубек менен Жоодарга,
Айтып жетип барышып,
Он беш миң аскер, беш балбан,
Төрт уруктан чогулуп,
Чойун алпка келаткан,
Кабарды толук алышты,
Кайсы жолго салышты,
Кеңешкыла калышты:
“Ашыралы Чымкентти,
Катыралы шорун бир,
Тосуп туруп кептешти,
Кашкарга мурун хан болгон,
Калмактан буга кат жазды,
“Аркадан келген ким болсоң,
Кашкар менен Жергенге,
Аралабай бул элге.
Чымкент ашкын”деп жазды.
Тапшырып катты алышты,
Чымкентти өрдөп басышты,
Алдындакы туу белден,
Аркасында кептештен,
Кыргыздар тосуп жатышты,
Алды-артынан калмактын,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жарым күнү атышты,
Кээ бир калмак көрүнбөй.
Тоо аралап качышты,
Тоодо элүү үйлүү бар,
Алтын алып алданып,
Тонун алып жалданып,
Отузча калмак катышты.
Кутулуп калды ал бойдон,
Кеткени жок жерине,
Жете албады элине,
Сарттан катын алышты,

Ошолордун балдарын,
Сарт калмак деп айтышты,
Айтылган кептин теги бар,
Сарт калмак деген эли бар.
Чеп болуп Кашкар шаарында,
Козубек Жоодар жатыптыр,
Чыгыштан келген калмактын,
Чындап шору катыптыр.
Шалкыматтын элдерин,
Айдатып ийген Бактыбай,
Көргөн-билген иштерин,
Куландын сары сайына,
Барып калмак айтыптыр,
Кабар уккан калмактар,
Батыш жакты карабай,
Тескери карап жатыптыр.
Кикиматтын элдери,
Артынан улай келгени,
Ашкере болду көп элге,
Кикимат менен Шалкымат,
Катар өлүп кеткени.
Муну мындай таштайлы,
Кененим менен Чойун алп,
Кепти айактан баштайлы.
Кексе капыр Чойун алп,
Темирбекке кеп салат:
- Ээ, Темирбек жолборсум,
Каралдуу болоор жолдошум,
Эп келеби сага айтсам,
Мен бир акыл ойлоймун,
Кикимат менен Шалкымат,
Эмгиче кабар жок турат,
Жалаңгыч сары Кененим,
Жан алуучу ок турат,
Коросон менен испанда,
Кол артылар жер турат, -
Коросондо Дабытай,
Кыргызда мунун дарты бар,
Ичинде жүрөт от күйүп,
Сыр чыгарып айталбай,
Балбаны бар кесилет,
Беттешип барган бенденин,
Беймаал башы кесилет,
Артыкча угам адамдан,
Башкача угам балбандан.
Коросондо жүз төө бар,
Үстүндө жибек чайы бар,
Тартууга берип мал-пулду,
Дабытайды чакырта.
Дабытай келбейт тил алса,
Кесилет келет биз жакка,
Кененимди жеңебиз,
Ошондой кылсак биз анда,

www.bizdin.kg

Испандакы Ачакан,
Баарыдан артык, мен угам.
Укмуштан уккан кабарда,
Ооганга Манас барганда,
Жардамга келип Ооганга,
Бойолгон канга деп угам,
Жүз сексен төө анда бар,
Калмактардын элинде,
Андай малдар сайда бар,
Кыргызды алсак кыйратып,
Андай малдан нечени,
Жатып конгон жайда бар,
Бир жүз сексен төө берсек,
Андан артык пайда бар,
Деп Чойун алп айтканда,
Темирбек турду керсейип,
Тиктеп калып чекчейип:
- Ой Чойун алп, сырдашым,
Мен көргөмүн нечени,
Көрбөдүм кылдат сенчелик.
Куйрук керек конорго,
Канат керек учарга,
Жаныбыздан бербейбиз,
Кыргыздын малын беребиз.
Тилимди алсаң Чойун алп,
Кара калпак түркмөндү,
Коросондун четинде,
Жедигер бар жээктеш,
Ошолорду беребиз,
Алардан алып бул жерге,
Дүрбөтүп кайдан жүрөбүз,
Экөөбүздөн кат барса,
Кечикпестен бат барса,
Токтобой келет Дабытай,
Кыйышпай турган жерим бар,
Дабытай менен Темирбек –
Биз болобуз жээнтай.
Испандакы Ачахан,
Кайраты көптү жапырган,
Энеси тажик деп угам,
Туугандыгын мен жазсам,
Төөлөрүңдү сен жазсаң,
Турбай келет эки хан,
Ким албасын олжосун,
Колго тийсе кыргыздан.
Манастан бери карата,
Кыргызга дүйнө жыйылды,
Чыгарбады тыш жакка,
Жылдырбай жалгыз бир кылды.
Кыргыз уруш кылбаган,
Кылычты канга жуубаган,
Кан акпаган сай барбы,
Кыргыз балта чаппаган,

www.bizdin.kg

Кокту-колот адырда,
Кыраңда кайың тал барбы?
Кыргыздын аты барбаган,
Кырчак таштуу жер барбы?
Манастан бери карата,
Кыргызды жеңген эл барбы?
Эрегишип кыргызга,
Өлбөй келген эр барбы?
Кулак угуп көрбөгөн,
Жер бетинде мындайды,
Биз турбайлы кечигип,
Жүдөтөлү кыргызды,
Тепсеп шайын кетирип.
Коросон менен испанга,
Кат жазып киши жумшайлы,
Күн өткөзүп малайдай,
Айды санап жатпайлы.
Кикимат менен Шалкымат,
Алар барып кыргызды,
Калба салып жаткандыр,
Эндегей жаткан кыргыз эл,
Капсалаң түшүп жаткандыр,
Карбаластын үстүнөн,
Капташалы биз барып.
Темирбек менен Чойун алп,
Хан кептенип кат жазып,
Коросон менен испанга,
Бештен онду атказып,
Кеңеш менен кат жазган:
“Келип калсаң эки хан,
Таласка баргын, - деп жазган.
Таласты талкан кылалык,
Сапырып ийип кыргызды,
Дене кул кылып тыналык.
Дабытай менен Ачакан,
Корооңордо төөлөрдү,
Жүк-тагы менен баарын ал,
Таласты талап алганда,
Табылып калган олжонун,
Азын албай көбүн ал.
Манастан бери карата,
Кыл чыгарбай жыйнаган,
Кыргызда бар алтын зар.
Үч бөлөлү кыл жара,
Бирден эки бөлүгүн,
Ээ болуп экөөң  ал,
Сулуудан тандап кызын ал,
Жез оймоктун узун ал,
Жону туйук нарын ал,
Нарга жүктөп зарын ал,
Суу төгүлгүс жоргону ал,
Сулуулар кийчү торкону ал,
Байге бербес күлүк ал,

www.bizdin.kg

Алгыр тайган итин ал,
Эшме канат кушун ал,
Андан кала бергенде,
Кара калпак түркмөндү,
Жедигерди кошуп ал"
Деп жазышкан мал жактан.
"Темирбек менен Чойун алп,
Кабар кылбай кетти, деп,
Таарынчы бизге кылбаңар,
Кыргыздарга карата,
Ич көптүңөр кыйла бар.
Ооганга Манас барганда,
Короолош коңшу испандан,
Жардамга барып көп адам,
Көбү өлгөн кыргыздан.
Коросондун элинен,
Кыргыз атка мингенде,
Бөлүп алды четинен.
Бараң менен шаңкайды,
Чүрчүт менен жуданы,
Жедигерди дагы алды,
Ат жетер жерге кыргыздар,
Бүлүк салбай калбады.
Муңгул менен кытайга,
Шибе, солон, манжуга,
Өчүгүшүп ошого,
Бейжинге чейин барганы,
Кененим атка мингели,
Күн батыштын тарабын,
Тынчын алды булардын,
Бизден мыкты батыштын,
Кабарын жакшы угасың.
Барар болсоң, бек заттар,
Айыңды айтып күн болжоп,
Буларды кайра жумшагын,
Сиздерден кабар келгинче,
Биз турабыз бул жерде.
Алты шаар, Анжыдан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Кикимат бар ал жерде,
Кетментөбө, Кең жазы,
Нарын, Жумгал, Атбашы,
Шалкымат бар ал жерде,
Азык, арал, Кең Кашкар,
Жеркен биздин колдо бар,
Котен менен Лопнурда,
Биздин кошуун кыйла бар.
Торгодук жолун тосоттоп,
Кыргызды карай бастырбай"
Деп жазышып каттарын,
Коросон менен испанга,
Жумшап ийип адамын,
Тайрайып булар жатканда,

www.bizdin.kg

Барабыз деп Таласка,
Камынышып атканда,
Кырк беш миң беш жүз кол менен,
Кененим жүрдү жол менен.
Аркайган тоону аралап,
Дүйшөнбү кетип баратат,
Анжыдан менен барганда,
Ортосунда чөлү бар,
Төөдөн башка мал жүрбөйт,
Какшыган чөл ушундай,
Шабыркандын сайы бар,
Ашар бели дагы бар.
Арыбас тулпар чалыгар,
Эринбес киши талыгар,
Ээн какыр ушулар,
Кабагын бүркөп муңайбай,
Кетип барат кыргыздар.
Дүйшөнбүгө беш күндүк,
Жакын калган арада,
Учурап калды кырк киши,
Чалгында жүрүп аларга.
Байкап жүргөн Бактыбай,
Кеп сурарга буларга,
Жолдо киши жолукпай.
Элесин көрүп бир жерден,
Бөлүнүп өзү көп элден,
Тосоттоп жолун карады,
Чалгындагы кырк киши,
Булар көрүп карaанды,
Дүрбүлөрүн салышып,
Мыктап тиктеп карады,
Бир киши келет жапжалгыз,
Сын-сыпатын билалгыс,
Ыдыгына жан чыдап,
Айбатына туралгыс.
Бир-бирине айтышты:
- Кененим деген кишини,
Көрбөгөнбүз, укканбыз,
Мингени тоодай аргымак,
Толук тулпар көрүнөт,
Тогуз ай минсе арыбас,
Өзү толук көрүнөт,
Тогуз күндүк чабышка,
Маңдайы тердеп талыкпас,
Тайындуу киши экен бул.
Көрүнбөй тосуп жаталы,
Көрүп калып катышса,
Очогор менен аталы,
Анык дайнын билгенде,
Темирбек менен Чойун алп,
Анан барып айталы.
Алар антип жатканда,
Непак көргөн Бактыбай,

www.bizdin.kg

Ойду-кайкы бастырып,
Төө караган немедей,
Аңды бойлоп алыптыр,
Качар жерин калтырбай,
Жакындан чыга калыптыр,
Көрө салып кырк киши,
Аттарына жабылды,
Токтогунуң минбе, деп,
Эр Бактыбай бакырды,
Бир далайы булардын,
Акылынан жаңылды,
Ажал жеткен экен, деп,
Азарланып сабылды.
Каш ымдашып алдыртан,
Баары жалпы жаа алды,
Жаа алганын көргөндө,
Бактыбай жаны карарды:
- Алгын жебе мойнуңдан,
Жааңды ташта колуңдан,
Тил албастан катышсаң,
Үмүтүң үзгүн жаныңдан!
Үнүн угуп апкаарып,
Анча-мынча немеси,
Жыгыла жаздап тас калып,
Шилтелбей буту темтиреп,
Баары турду калтырап,
Кеп кылалбай турушту,
Айбатынан жазганып,
Коркуп турат баарысы,
Кетеби деп башты алып.
- Баш кишиңер кимиңер?
Бери жакын келиңер.
Сүйлөп көрчү билейин,
Ким экенсиң тилиңер,
Бирөө барды жакындап,
Салам айтты сакундап.
- Кайдан келген калмаксың?
Кайсы жакка бармаксың?
Мен угам айткын максатың.
Деп сурады Бактыбай,
Унчукпай койор айла жок,
Сүйлөп кирди балдырай:
- Биз чыгыштан келгенбиз,
Дүйшөнбү деген жерденбиз,
Тажик деген элденбиз,
Өзүбүз калмак элденбиз,
Чойун алп жиберди,
Эми калган иш болсо,
Тажиктен сурап билсеңиз.
- Тажик, калмак аралаш,
Эки урпактан келдиңби?
Аны сенден сураймын,
Айтпасаң да билинди.

www.bizdin.kg

Тажик менен калмактан,
Бирден кишиң келгин, - деп,
Экөө басып келгенде.
- Чойун кулак, Темирбек,
Эмне кылып жатышат,
Чынын айтып бергин,- деп,
Чыныңды айтсаң жаның бар,
Өлбөй тирүү калдыңар,
Көргөнүң менен билгениң,
Чоңуңа айтып барыңар.
Тажиктердин ичинде,
Чыныбай деген бар экен,
Тили кыйла так экен,
Калмактарга карата,
Ичинде кеги бар экен,
Башта Чыныбай элинде,
Төрттүн бири ал экен,
Чойун кулак келгели,
Аркадан калган чагы экен,
Ан үчүн ичке сыр түйүп,
Айталбас жайы  бар экен.
- Жолдо карап турушту,
Тапшырган болчу биздин хан,
Өзүңүз кандай кишисиз?
Кабар уксак сиз жактан,
Мейлиң ишен, мейлиң кой,
Андан кийин какшасак.
Бактыбай айтат мындай кеп:
- Сурасаңар уксак деп,
Таластан келе жатабыз,
Чойун кулак, Темирбек,
Мүшкүлдү катуу салсак деп.
Кикимат менен Шалкымат,
Катарынан жайладык,
Кылычты канга майладык,
Азык, Арал, Лопнурду,
Кашкар, Жеркен, Котенди,
Колубузга алганбыз.
Шибе, Солон, Манжудан,
Кошулуп ага муңгулдан,
 Беш баатыры баш болуп,
Он беш миң аскер келиптир,
Чымкенттен белин ашырбай,
Талап алды кыргыздар,
Кененим келди кол баштап,
Мен Бактыбай келатам,
Астына түшүп жол баштап.
Калдагай кулак Чойун алп,
Тажиктердин Темирбек,
Эми кайда кутулат?
Аркасына качарга,
Ашуунун баарын биз алдык,
Таласка кылбай убара,

www.bizdin.kg

Тосо келип биз калдык.
Беттешип чыкса белсенип,
Бет алдында биз барбыз,
Кетер чама калган жок,
Жанын бизден куткарып.
Элчиликке келишсе,
Эбин жана табабыз,
Эрегишсе эрдемсип,
Өзөктөн канын жайабыз,
Кармалып калса Темирбек,
Кутказып аны алабыз,
Ырас болсо калмакка,
Баш калкалап киргени,
Шаарын кошуп чабабыз,
Жаттап алгын унутпай,
Өз элиңе барганда,
Төкпөй-чачпай айтып бар,
Бизден уктуң бар кепти,
Өз кебиңди айта сал.
- Атыңыз болсо Бактыбай,
Менин кебим мамындай,
Чойун алп менен Темирбек,
Жатканы жок камынбай,
Коросондо Дабытай,
Кыргыз, сенде кеги бар,
Жүз нары бар калмактын,
Жонунда жибек чайы бар,
Дабытайга тартылды.
Кара калпак, түркмөндүк,
Бараң, Шаңкай, Жудалар,
Соогасына айтылды,
Дабытай өзү келалбайт,
Кесилет келет бул жерге,
Кутулуп андан жан калбайт,
Кененим менен Бактыбай,
Теңдешип алың келалбайт.
Испандакы Ачакан,
Кайраты артык мыкты жан,
Коросон, Ооган, Индустан,
Булардын эли мактаган,
Бир жүз сексен комдуу нар,
Жонунда жүгү дагы бар,
Ачаканга арналып,
Бермек болгон жайы бар,
Темирбекке Ачакан,
Жээндик жайы дагы бар,
Дабытай менен Ачакан,
Келе турган чагы бар,
Кайра кеткин тил алып,
Бекер кыргыз бабырбай.
Бештен кеткен он элчи,
Үч күн менен беш күндүн,
Арасында бул жерге,

www.bizdin.kg

Келе турган маалы ал.
Баштан айак калтырбай,
Чыныбай айтты сөзүн жай,
Кароолчуну чогултуп,
Айдап алды Бактыбай,
Тарап качып кетет, - деп,
Аттарына сарпоштоп,
Байлап алды Бактыбай.
Тизгин менен чылбырын,
Ат мойнуна түрдүрдү,
Укурук берип колуна,
Ал Чыныбайга сүрдүрдү,
Алып барып Бактыбай,
Кененимдин астына,
Тобу менен түшүрдү,
Бактан-тактан айтылган,
Кепти айтып бүтүрдү,
Кепти угуп Кененим,
Ачык айкын түшүндү,
Эмне кылсаң кылгын, деп,
Бактыбайга өтүндү.
Жалгызектин Бактыбай,
Акылы бар ар кандай,
Өзөндүү жерге кезигип,
Өргүтүп элди түшүрдү,
Кароолчунун барысын,
Колу-бутун кишендеп,
Эки күнү күтүндү,
Жигиттердин ыктуусун,
Иш кылалчу мыктуусун,
Ар тарапка таратты,
Коросон менен испандан,
Келер жагын каратты.
Эки күндүн ичинде,
Чойун алп менен Темирбек,
Алыска барып келаткан,
Элчилерин карматты,
Алардан укту бар кепти.
Быйыл кышты чыгарып,
Көк чыкканда келмекчи,
Кошуунду козгоп көчүрдү,
Ортодон бир күн өткөрдү.
- Кароолчу, элчи кайт, - деди,
Эмне угуп көрсөңөр,
Баш кишиге айт, - деди,
Таранчыдай чурулдап,
Кароолчу, элчи кайтыптыр,
Көргөн-уккан кептерин,
Кайран Чыныбай айтыптыр:
- Чойун алп менен Темирбек,
Оорагыңар ашыптыр,
Көтөрө чалып сүрдөнтүп,
Чыныбай кулуң айтканда,

www.bizdin.kg

Экөөңдүн атың укканда,
Коркконунан баралбай,
Эки күнү жатканда,
Элчилер келип капташып,
Тыштан кабар укканда,
Чындап эси чыкканда,
Качан болсо өлдүк, деп,
Шүмшүйүшүп келатат,
Тетиги арка жактарда.
Коркпосо кыргыз неткени,
Угулуп турчу ар качан,
Кененимдин кептери.
Кайда болсо Кененим,
Жалгыз башы баруучу,
Жалаңгыч сарык ат алып,
Жалмап сүрүп жануучу.
Бактыбайды котчу алып,
Кырк беш миң беш жүз кол алып,
Үлдүрөп араң келатат,
Антип-минтип карпаңдап,
Кол башкарган Бактыбай,
Кененим дени өлүптүр,
Оозунан жалгыз кеп чыкпай.
Чоң калмак айтат: - Ой, Чыныбай,
Оозуңа сенин кеп жукпай,
Кебиң менен алдайсың,
Түлкүлүк  кылып менден сен,
Кутулуп кете албайсың.
Бактыбайга кеп салсаң,
Кароолдун  кебин салбастан,
Элчини кошуп айтыпсың,
Ошол кебиң ал кандай?
Амалы канча кыргыздын ,
Атымды угуп жалтанбай.
Сенден угуп кабарды,
Бактыбай ойлоп амалды,
Эки күнү жол тосуп,
Элчилерди кармады,
Келер жылы келет деп,
Санаасын басып алганы,
Шалкымат менен Кикимат,
Эси жоктой иш кылып ,
Алар өлүп калганы.
Акыл менен иш кылып ,
Мен өңдөнүп албайбы!
Мындай айтып Чойун алп,
Чыныбай уруп чыңыртып,
Сабаарына калганы,
Карбалас түшүп бир жакта,
Лопнур менен Котенден,
Качкандардан барганы,
Чойун алп менен Темирбек,
Бузулуп өңү саргарды.

www.bizdin.kg

Кайран Чыныбай комдонуп:
- Унутупмун, Чойун алп,
Дагы кебим калганы,
Шибе, солон, муңгулдан,
Кошулуп ага манжудан,
Он беш миң аскер беш балбан,
Саа жардамга аттанган,
Жоодар менен Козубек,
Чымкентке камап бүт алган,
Темирбек экөөң айтыңар ,
Манастын укум тукуму,
Ак калпак кыргыз балдары,
Качан жоодон жазганган?
Мааналап келдиң тажикти,
Чойун алп ченеп мактансаң.
Коросоңго жалындың,
Испанга барып зарылдың,
Күпүлдөйсүң кулдурап,
Байкасаң болот алыңды!
Чойун кулак алпты деп,
Чыныбайды барып Темирбек,
Төрт-бешти салып жиберет,
Ал ошондон Чыныбай,
Күүгүм кире күдүңдөп,
Айлына качкан кептенип,
Кыргызга барды бүжүрөп,
Бактыбайга кеп салды,
Бар абалын күбүрөп.
Чыныбай менен короолош,
Бир жүз сексен үй экен,
Таш коргонду бет алып,
Качып кетти дүбүрөп.
Андан бери карата,
Тажикке барып кошулбай,
Бөлөк болуп жүрүшөт.
Калдагай кулак Чойун алп,
Темирбекти чакырат:
- Мен муңгулдан, сен тажик.
Мынабу келген Кененим,
Экөөбүзгө тең шерик.
Жер түгөткөн Кененим,
Адыр койбой кыдырып,
Эл түгөткөн Кененим,
Найза сайып, кылыч чаап,
Ар жылында кан жалап.
Кан түгөткөн Кененим,
Калгандын башын маң кылып,
Эр  түгөткөн кененим,
Элдин башын маң кылып,
Түгөтпөсө неткени.
Темир тондууШалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Катар өлүп кеткени.

www.bizdin.kg

Экөөбүз турсак жанаша,
Кененим тирүү кетеби?
Испан менен Коросон,
Кутулбайт кыргыз ошондон.
Жекелешип сайышып,
Күч сынашып көрөлү,
Көмө сайып таштасак,
Ак калпак кыргыз болгонду,
Дене кул кылып бөлөлү.
Жыгылгалы баратсак,
Тар кыйага ор казып,
Аралашта  тор салып,
Амал кылып көрөлү,
Айла тапса амалга,
Коросон менен испанга,
Качып барып көрөлү.
Тажиктердин Темирбек:
- Жөөлүгөндөй темтиреп,
Бул айтканың кандай кеп,
Бир беттешип жүз келбей,
Келер иштин камын жеп,
Мен качпаймын дегеле,
Качмак тургай Кененди,
Байлап келем мен эле.
Кол салышып кыргызга,
Катышым менин жок эле,
Азгырдың мени сен эле,
Алтымыш уруу алаш деп,
Бирге келген эл эле.
Айныйт экен деп калба,
Сөзүмдү бузбайм дегеле.
Кыргыз колдуу мен өлсөм,
Кыргыз, тажик – эки урук,
Агарышпайт дегеле,
Түпкүлүгү эң жаман,
Так кыйамат болгунча,
Кызыл канга бөлөнүп,
Кырылышат жөн эле,
Жалгыз уулум Көкбөрү,
Ат жалын тартып мингенде,
Атышып барат жөн эле,
Кыргыз ээсиз калабы,
Калчаңдабайт ал дагы,
Кылчылдашып эки урук,
Кылычты канга жуубайбы,
Жок кепти салып олтурбай,
Жоо, жаракты кылдайлы, Оодарылып калбаска,
Ат жабдыгын чыңдайлы,
Чыгып кетти Темирбек,
Жарабады кебим, деп,
Чойун кулак кеңгиреп,
Ачып оозун эстенип,
Мас болгон нардай зеңгиреп,

www.bizdin.kg

Келин каштап таң сүрдү,
Ак көйнөктөй делбиреп.
Калдагай кулак Чойун алп,
Уктатпай элин тургузуп,
Кулак мээни тундуруп,
Барабанын ургузуп,
Желегин жерге жапырып,
Бол, аттан! деп бакырып,
Ажал алып жакадан,
Сүйрөп турат шаштырып,
Баштап чыкты бадырек,
Касаба туусун жайылтып,
Барабан үнүн укканда,
Барлык тажик козголду,
Темирбек баштап тажикти,
Өзү бөлөк топ болду.
Чойун алптын элинде,
Үч баатыр бар болучу,
Биринин аты Бадыра,
Беттебейт бенде капырга.
Бастырып чыкты  чекеге,
Күрөөкөнүн сыртынан,
Мөшкөй кызыл жамына.
Бактыбайдын Сүйүнү,
Баштатан бери тобуна,
Маалым болчу түйшүгү,
Күн тийгендей жаркырап,
Күлүмсүрөп бастырды.
Бадыра, Сүйүн барышып.
Баатырлар найза сунушуп,
Күн күркүрөп жаткандай,
Бадыра чочко бакырып,
Калдайлап ураан чакырып,
Катуу тийди бадырек,
Сүйүндү беттеп чакырып,
Мындайын көргөн канчасын,
Кетпейт Сүйүн шашылып.
Келе жаткан Бадыра,
Алоолонуп бетинен,
Жалын чыгып жаткандай,
Бир белгисин караса,
Кара нөшөр жаандай,
Кабагы карыш чүмкөлүп,
Капкара болуп түмпөйүп,
Кара жанга күч келип,
Баатыр Сүйүн Илегер,
Бет алганга кеменгер,
Бирин-бири сайдырбай,
Найзаларын кагышты,
Бир  беттешип жатышты.
Кайра айланып кириошти, Чамалашып бир-бирин,
Абалдарын билишти.
Жан алуучу бакырык,

www.bizdin.kg

Жан айабай качырып,
Тандамал күлүк аттары,
Топуракты сапырып,
Ирмебей көзүн тиктешип,
Эми өлдүк шүк дешип,
Ачыгы жок кемир тон,
Найзанын учу такылдап,
Туулгага балта тийгенде,
Таш чапкандай чакылдап,
Күн кечкирип ангыча,
Кош-кошуна кайтышты,
Кайгуулчу, изчи жол сактап,
Калгандар жатып уйку уктап,
Агарып аппак таң атты,
Барабандар кагылып,
Сурнайдын үнү жаңырып,
Аскер атка жабылып,
Эң алдында Бадыра,
Жекеге чыкты чамынып,
Сыртынан кызыл жамынып,
Кечээкиден бүгүн сүр,
Караганга таанылып,
Ак жал сары ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Күрөөкөнүн сыртынан,
Буладан олпок тон кийип,
Найзасынын учунан,
Жалындаган от күйүп,
Кылдай кызыл бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кыргыздан Сүйүн басканы,
Майданда турган калмактан,
Жалттангансып качпады.
Манастап ураан чакырып,
Ач кыйкырык бакырып,
Алдында минген сары аттын,
Артындакы тозоңу,
Жөө тумандай жазылып,
Каарданып эр Сүйүн,
Катуу тийди жапырып.
Карап турган Бадыра,
Эр Сүйүндүн найзасын,
Камынып турат кагарга,
Машы чыккан Сүйүндүн,
Ылаачындан шамдагай,
Жандай тартып кактырбай,
Как туурага келгенде,
Найзадан өтө бергенде,
Капка тоодой калмакты,
Карчыттан туура муштады.
Сootторун тоздуруп,
Олпокторун боздуруп,
Бөйрөккө тийди аралап,

www.bizdin.kg

Ат күүсү менен өткөндө,
Суурулуп найза кеткенде,
Кан куйулуп салаалап,
Бадыранын капталы,
Жол-жол болуп талаалап,
Тунарган көзүн ача элек,
Турганда калмак темселеп.
Жана Сүйүн жеткени,
Тоодой болгон чочкону,
Тоңкойто койуп өттү эми.
Тоодой болуп кулады,
Топого башы шурдалды,
Кындан тартып кылычын,
Сүйүндүн көрчү кылышын,
Шилиге тартып жиберди,
Кайдасындай чоң башты,
Чачынан кармап сүйрөтүп,
Шер Кенендин алдына,
Алып барып таштады,
Алып келип Бактыбай ,
Үстүнө кызыл жапканы.
Жапкан тонду байкады,
Турган кыргыз таң калды,
Кара кыргыз калкына,
Хандык менсеп тапканы,
Ажыңа бийлик бергенде,
Манас жапкан алтын тон,
Сүйүнгө хандык  берерде,
Кененим менен кеңешип,
Бактыбай жапты алтын тон.
Бадырадан өөдөрөөк,
Татан деген балбаны,
Калдагай кулак Чойун алп,
Өзүм менен тең дечү,
Бул кутурган наданды.
Таталаңдап барбайды,
Бөлүнүп саптан чыкканда,
Жарты тоодой дардайды.
Кара ташты муштаса,
Чак этип кайра жанбаган,
Кандуу найза карманды,
Майданга келе жатканда,
Кененим көрүп таң калды.
Салкыны желдей зыркырап,
Жалыны көздөн шыркырап,
Алдында минген тулпары,
Учкан куштай дыркырап,
Туйагы тийген  канча таш,
Кумдай тозуп быркырап,
Каңгайлап ураан чакырып,
Майдандакы Сүйүнгө,
Жаман тийди жапырып,
Кыргыздын кыраан жолборсу,

www.bizdin.kg

Кылт этип койбойт шашылып.
Манастап ураан  чакырды,
Мөөкүбалдуу найзасы,
Бу да булгап качырды,
Найзаларын кагышты,
Жана айланып сайышты,
Бири калмак, бир кыргыз,
Кең майданда табышты,
Шашыкеден кечкече,
Талыкпастан салышты,
Билектерин түрүшүп,
Этектен түрө кармашып,
Бардык күчүн арбашып,
Бирине –бири жармашып,
Кошулган талдай чырмашып,
Оодарыштан амал жок,
Олпок менен күрөөкө,
Дал-дал болуп калган жок,
Ойрон Сүйүн турбады,
Одурайган калмакты,
Оройлотуп урганы,
Баш көтөртпөй калмакты,
Басып карап турганы,
Эрдемсип Сүйүн урганда,
Колундакы балтанын,
Көзөөсүнөн сынганы.
Көздөрдөн балта жарылып,
Найза алгынча  камынып,
Ороңдогон калмакка,
Убакыт  жакшы табылып,
Кандуу найза өткүр миз.
Кара ниет калмактан,
Эр Сүйүнгө сайылып,
Карчыганын балык эт,
Сөөм жери жарылып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк кылтайып,
Ооп барып жыгылды,
Аксаргылдан кыйшайып,
Сапта турган Бактыбай,
Таакат кылып туралбай,
Топчу кулак кер менен,
Жарышкандай жел менен,
Теңдешип келген Бактыбай,
Үйөөр аккан сел менен,
Ур дедирбей жеткени,
Жыгылган аттан Сүйүндү,
Куткарып алып кеткени.
Колундагы кишисин,
Алдырып Татан компойуп,
Бактыбайдын артынан,
Бадырек барат чу койуп.
Сапта турган кыргызга,

www.bizdin.kg

Киргизип ийип Сүйүндү,
Кайта артына айланды,
Каар төгүп бетине,
Адам уулу карагыс,
Бактыбайдын түсүнө.
Утур келген Татанды,
Кагып ийип найзасын,
Сайып көнгөн Бактыбай,
Андай дөөдөн канчасын,
Кайра айланып толгонду,
Тоодой калмак Татанды,
Как далыга бир койду,
Тоңкойуп татан жыгылды,
Кангайлардын Салабы,
Минген атын сабады,
Татандын башын кестирбей,
Бактыбайга күү менен,
Салап найза салганы,
Оңолуп баатыр Бактыбай,
Салапка карап кылчайбай,
Мине албай атка салаңдап,
Коркуп көзү алаңдап,
Үзөнгүнү тебе албай,
Көөдөндөп тийип атына,
Күнгүрөнүп жатканда,
Туулга жок жылаңбаш,
Кодойуп турган башына,
Ооз омуртка тушу, деп,
Өлөр жери ушу, деп,
Мойун эттин тушуна,
Болжоп муштап өттү эле.
Ооз омуртка айдары,
Отуз канча жарылды,
Татанга өлүм табылды.
Атайын келген чоң Салап,
Ажыратып алалбай,
Эми карап туралбай,
Бактыбайга жеткени,
Топчу кулак кер аттан,
Аңтара койуп өттү эми,
Өзү албан кыргызы,
Ажыбайдын уругу,
Уругу эле турмайлык,
Кыргыздан туулган тукуму,
Атыкыр баатыр чуу койду,
Бактыбайга баргызбай,
Тоодой Салап капырга,
Найзалаша кеткени.
Нары өтүп бир сайды,
Бери өтүп бир сайды,
Тоодой Салап ошондо,
Мойнун толгоп кылчайды,
Найзасын кармап имерди,

www.bizdin.kg

Атыкырдай баатырды,
Капталга муштап жиберди,
Салаптан найза жетиптир,
Мыктысынган Атыкыр,
Аттан учуп кетиптир.
Жалгызектин Бактыбай,
Кылча жанын айабай,
Камчы берип кер атка,
Найза сайды Талапка,
Ангычакты Атыкыр,
Ыргып минип сур аттка,
Кылчайып артын карабай,
Жүрүп кетти кыргызга.
Бактыбай, Салап беттешип,
Жан алышты жиктешип,
Кандуу найза кармашып,
Калтырбай күчүн арнашып,
Майдандын ичи чаң болуп,
Топурак учуп уйулгуп,
Тозоң учуп асманга,
Асман ачык, жер бүркөк,
Көз жеткен жерлер көрүнбөй,
Ачык болбой күдүңдөп,
Салап менен Бактыбай,
Салгылашып күжүлдөп,
Кош жаңырык бакырык,
Чак деген үндөр угулса,
Жерге жалын чачылып,
Күркүрөшүп күч менен,
Күүлөп найза сайышып,
Чарайнага тийгенде,
Найзанын учу такылдап,
Туулгага чапканда,
Балтанын доошу чакылдап,
Кылыч менен чабышып,
Ажыраша бөлүнүп,
Ажыдаардай көрүнүп,
Артынан чаңы сөгүлүп,
Оң айланып бурулуп,
Одураңдап урушуп,
Сол айланып турушуп,
Сонун башка урушуп,
Соотторун булушуп,
Олпокторун жулушуп,
Курчанган белге кабаттап,
Чынжырдын баары кырчылып,
Торгой көз темир бадана,
Талаа-талаа жыртылып,
Жердин бети тилинип,
Таштын көбү кум болуп,
Бошоңураак боз таштар,
Талкаланып жоголуп,
Томорулуп нечен чий,

www.bizdin.kg

Карарып көбү торойуп,
Жер астынан кем бир таш,
Башы чыгып соройуп,
Дөбөлөнүп топурак,
Орто жери коо болуп,
Дөңсөө жерлер түзөлүп,
Адам эмес кара жер,
Мына минтип күч келип,
Күн кеч кирип, түн келип,
Жай-жайына жатышып,
Таң агара басышып,
Бактыбай, Талап табышып,
Айал-үйөл кылбастан,
Ана-мына дебестен,
Найза күүлөп урушуп,
Күркүрөтө сунушуп,
Колтуктарын чойушуп,
Жан айабай койушуп,
Чокморлошуп чабышып,
Чокулата салышып,
Сонун уруш бул экөө,
Кийгендери булардын,
Соот менен күрөөкө,
Эрмин деген нечендин,
Ашы барбай жүрөккө,
Кызык уруш кезинде,
Кыйамына Салаптын,
Келе түшкөн мезгилде,
Кыйкырыгы таш жарды,
Күркүрөгөн чоң калмак,
Бактыбайдай баатырды
Көмө сайып таштады.
Бактыбай аттан жыгылды,
Топого башы тыгылды,
Байкап турган Атыкыр,
Ат койуп жетти Салапка,
Заарын Салап салыптыр,
Салбаганда неткени,
Кыйкырып келген Аткырды,
Аңтара койуп өттү эми.
Кыргыздардын элинде,
Кыраандын бири ал эле,
Балта деген бар эле,
Басташканды басуучу,
Касташкандуу жеңүүчү,
Сайышка чыккан нечен жол,
Сайдырып Балта койбогон,
Мөөрөйдү Балта көп алган,
Беттешер жерде кыргыздар,
Балта бар деп кадыр жам.
Эки кабат бадана,
Кийип жүрчү ал Балта,
Беш миң топко аралап,

www.bizdin.kg

Тийип жүрчү ал Балта,
Бойго толук неме эле,
Көрүнүп көзгө бир барча.
Минген атын булкунтуп,
Найзаны кармап зыңкыйтып,
Барылдап Балта бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тоодой Салап калмакка,
Токтобой тийди жапырып.
Балтага найза сайдырбай,
Кагып ийип найзасын,
Балтаны Салап сайганы,
Салап сайган болобу,
Акимсип жүргөн ал Балта,
Аңтарылып торойду.
Коборбостон Балтаны,
Жана демжип сайыптыр,
Аңтарылган Балтанын,
Жүрөк каны агыптыр.
Таабалды кыргыз тунугу,
Таласты жердеп турганда,
Алты миң үйдүн улугу,
Өлдү баатыр Балта, деп,
Салап калмак, кел бери,
Сенин алың канча, деп,
Мингени тору Тобурчак,
Жал куйругу чоң кучак,
Бура тартып чу койду.
Топурак учуп жер чаңдап,
Калмак Салап кутурган,
Балтаны сойуп кан жалап,
Табаалдыны Балтадай,
Аламын деп келатат.
Таабалды, Салап бет келди,
Таамай найза сайдырса,
Кан ичемин деп келди.
Найзаларын күүлөшүп,
Күүгүмдөгү устадай,
Күлгүн тартып өңдөрү,
Күжүлдөшүп сайышты.
Найзанын учун тийгизбей,
Канкылдатып кагышты,
Бакылдаган үндөрү,
Кара жерди жарышты.
Күн бешимге барганда,
Табаалдыны чоң Салап,
Аңтара сайып салышы,
Ажыратып алам деп,
Кутуке жете барышы.
Кутукени чоң Талап,
Жеткен жерде сайышы,
Таабалды менен Кутуке,
Катар өлүп калышты.

www.bizdin.kg

Бактыбайдын элинде,
Чолпонбай деген бар эле,
Жалындап күйүп от болуп,
Болуп турган чагы эле,
Отуз беш менен кырк жаштын,
Ортосунда чагы эле,
Кең көкүрөк, кууш айак,
Балбандык сыны бар эле.
Чолпонбайдын мингени,
Карасур деген ат эле,
Качырып баатыр Чолпонбай,
Манас, Манас, Манас деп,
Арбагың азыр Талас деп,
Качырып кирип барганы,
Таабалды менен Кутуке,
Аткырдай кылам муну, деп,
Салаптын карап турганы.
Салапка найза сайдырбай,
Өтө берди Чолпонбай,
Кылчайып артын карабай,
Кете берди Чолпонбай,
Күү менен Салап кууганы,
Күүлөп найза сунганы,
Найзанын учу жетерде,
Карасурду тайынан,
Үйрөтүп минген мал эле,
Кагып койсо тизгинин,
Жатмай жайы бар эле.
Тизгин какты Чолпонбай,
Жата калды  Карасур,
Өтө берди аптыгып,
Күркүрөгөн Салап кул.
Атын оңдоп таркынча,
Жете барды Чолпонбай,
Чоң Салаптын туулга,
Кетенчиктеп кетиптир,
Чолпонбай эми нетиптир,
Карарган чачтын этеги,
Алайган көздүн үстү, деп,
Кылычты шилтеп өтүптүр.
Кулактын үстү жагынан,
Баш сөөгү ыргып кетиптир,
Салапка өлүм эп болду,
Чолпонбайдын кылганы,
Көргөн элге кеп болду,
Ошол күнү Чолпонбай,
Чоң Салапты баш кылып,
Беш кишини жеп болду,
Күн бешимге барганда,
Майданда турат Чолпонбай,
Калмактын сабы мент болду.
Жекеге киши чыгалбай,
Тажиктен чыкты Мусакун,

www.bizdin.kg

Темирбектен калганда,
Балбаны болчу эң чыгаан.
Чолпонбай балбан, Мусакан,
Сырдана эмес баштатан,
Жекеге чыкпайт балбансып,
Өлүмдөн коркуп баш таркан,
Качырышып бет келди,
Жыгылам деп ойдо жок,
Жыга сайам деп келди.
Манас, Темир деп чыккан,
Бакырыктуу үндөрү,
Көргөндөргө башкача,
Көрктөнүшүп сүрдөндү,
Жан алуучу ойондор,
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Алда канча түрдөндү.
Темирбек деп бакырып,
Мусакандын үнү бар,
Үнүн улай байкаса,
Жан алуучу түрү бар.
Жал-жал тиктеп Чолпонбай,
Мусакандан жалтанбай,
Манастап ураан чакырып,
Жан айабай бакырып,
Мусаканга Чолпонбай,
Жаман тийди жапырып.
Чолпонбайдын найзасын,
Кагып ийип Мусакан,
Жандап өтө берерде,
Капталдан нары муштаган.
Чолпонбайдын күрөөкө,
Чыташтык кылбай быркырап,
Камчы саптай кызыл кан,
Карчыттан агып шыркырап,
Карасур качып алыптыр,
Үстүндө бар Чолпонбай,
Учкан куштай дыркырап,
Урган таштай зыркырап,
Мусаканга жеткизбей,
Кыргыздардын кошуунга,
Кирип келди чукулдап,
Кармап алды чылбырдан,
Баатыр Сүйүн утур чаап.
Чолпонбайды куткарып,
Тосо чыкты эр Сүйүн,
Мусаканды найза алып,
Мусакан, Сүйүн сайышып,
Болумдуу эрлер табышып,
Камчыга бөлөп аттарын,
Өлүмдөн тартпай баштарын,
Сынгычакты кагышып,
Найзалардын саптарын,
Балтанын көзү жарылып,

www.bizdin.kg

Кылычтар сынып кыйрашып,
Ат үстүндө чиренип,
Тамандашып тартышып,
Оодарылып баратса,
Ат жалына тырмышып,
Мындан айла табалбай,
Белги берип кол булгап,
Кошуундан жарак алышып,
Жана кирди салышып.
Теминишип тепеңдеп,
Сакалдары сепеңдеп,
Эрдин кесе тиштенип,
Эсит жанга күч алып,
Кармалбай колу дал болуп,
Көтөрүлбөй шал болуп,
Сүйүн баатыр бошоду.
Мусакан жаңы кызыды.
Канжарлар жайнап төгүлөт,
Карап турган элдерге,
Кимиси өлүп ким калат,
Ажал жакын көрүнөт.
Күн жамгырлап жаткандай,
Тер агып жерге төгүлөт.
Жакалашып тартышып,
Оодара тартып кеталбай,
Бүчүлүктөр үзүлүп,
Соот менен күрөөкө,
Тигишинен бөлүнүп,
Кей кезинде кызаңдап,
Эттери калды көрүнүп.
Күч келгенден Сүйүндөн,
Кара тер бойдон сызылды,
Кайратына карк толуп,
Казаптанды Мусакан.
Сүйүндүн шайы кеткенин,
Анык билди Мусакан,
"Бактыбайдан башкасы,
Бет келалбайт мага, - деп,
Таанып билди Мусакан, -
Койгулашкан канча күн,
Кортоңдогон Сүйүндү,
Койдой башын кесейин,
Коондой ичин эшейин,
Коржондоп келет Бактыбай,
Кошо өлтүрүп кетейин,
Кененимди кекетип,
Өлгөндүн алсам эсебин"
Деп ойлонуп Мусакан,
Өзү болуп өзү хан,
Найзасын ыргап алганы,
Найза кагар Сүйүндү,
Мунун шайы калбады,
Мусакан тажик күжүлдөп,

www.bizdin.kg

Томоро сайып салганы.
Аксаргылдын үстүнөн,
Азамат Сүйүн кыйшайды.
Жыгылды Сүйүн нетер деп,
Күжүлдөгөн Мусакан,
Башын кесип кетер деп,
Эр Сүйүндү өлтүртпөйт,
Мурунурак жетем, деп,
Топчукулак кер менен,
Койдуруп келет Бактыбай,
Эки этегин шамалга,
Чойдуруп келет Бактыбай.
Карагер менен чуратып,
Артынан чаңын чубатып,
Өткүр найза колго алып,
Кирип келди Бактыбай,
Мусаканга Сүйүндү,
Чаптырбады Бактыбай,
Манастап ураан чакырып,
Катуу тийди качырып,
Алдындакы Карагер,
Кош кулагын жапырып,
Сүйүндү чаап кете албай,
Мусакан калды шашылып.
Жаалы келген Бактыбай,
Мен-менсинген тажикти,
Көмө койуп өттү эми.
Тоодой болгон Мусакан,
Томорулуп кулады,
Жыгылганда Мусакан,
Темирбек карап турбады,
Минген аты Темир көк,
Буудандын бири бу дагы,
Артынан чаңды баргытып,
Темир көк сындуу бууданды,
Тепсетчүдөй каргытып,
Колунда найза зыңгырап,
Жанында доолбас кыңгырап,
Зым-зым этип кысталак,
Бактыбайды качырат,
Жалгызектин Бактыбай,
Жан алчудай шашылат.
Темирбекке карабай,
Дегеле жанын айабай,
Тонкочуктап туралбай,
Жер тайанган Мусакан,
Мойун эттин безине,
Муштап өттү Бактыбай.
Бөрү тилме найзаны,
Күрөө тамыр канына,
Чыктап өттү Бактыбай,
Кара жерге капшыра,
Ныктап өттү Бактыбай.

www.bizdin.kg

Темирбек жетип ангыча,
Бактыбайды сайганы,
Топчу кулак жалт берме,
Жалт берип чыга бергенде,
Жаза сайып салганы,
Бергенде өтө Темирбек,
Кыйамыма келди, деп,
Карагер менен тап берип,
Как далыга сайганы,
Сайган менен Бактыбай,
Оодара сайа албады.
Кебелбей да, кенебей,
Бактыбайды Темирбек,
Бучкагына теңебей,
Бендеби деп бейлебей,
Адамбы деп элебей,
Тажиктердин Темирбек,
Балбан экен ченебей,
Балбандыгы  бир канча,
Баатырлыгы бир башка,
Кайра айланып тийгенде,
Найзага найза кагылды,
Карсылдашып сайышты,
Канча жолу тийгизбей,
Найзаларын кагышты.
Тажиктердин Темирбек:
“Мага болду кыйын кеп,
Боз бала менен сайышып,
Минтип жүрүш кандай?” деп,
Каарданды кара нээт,
Заарын салып бетине,
Бек арданды карабет.
Жүзү кара Темирбек:
“Тоо да болсоң жедим, -деп,
Койбоймун эми сени, - деп,
Аңтара сайам деги” деп,
Кайра айланып тийгенде,
Бактыбайдын найзасын ,
Кагып ийди Темирбек,
Беттеп кирди күчөнүп,
Бактыбайды жедим деп,
Желегин жерге жапырып,
Майсорудан кан алып,
Жаш балапан Бактыбай,
Сыймыгын баштан качырып,
Аңтара койуп өттү эле,
Тоңкойуп барып жыгылбай,
Төрт айактап түштү эле,
Көрүп туруп Кененим,
Көздү ачып-жумганча,
Атырылып жетти эле,
Аткый кармап далыдан,
Топчу кулак кер атка,

www.bizdin.kg

Миндире салып өттү эми.
- Баргын, баатыр, баргын, - деп,
Маана болуп кыргызга,
Барып балам тургун, - деп,
Бактыбайды жөнөтүп,
Темирбекке кез келди.
- Башын кесип баланын,
Канын ичер кезимде,
Кайдан келген кишисиң?
Атыңды айтып билдиргин!
Деп Темирбек айтканда,
- Менин атым Кененим,
Мен Таластан келемин,
Жалгама атым айтканда,
Жалангыч сарык дегенмин.
Элден уккан кабарда,
Араникке ээ болуп,
Дөөхан ээлеп турганда,
Ташкенде турган Панус хан,
Нарында турган Алооке,
Сары Аркада Шоорук хан,
Таластын аты көтөлөк,
Анда экен Дөлөс хан.
Көк ойдуңда чоң Көңтөй,
Чамбыл белде Мадыкөл,
Кашкарда Калдай турчу экен,
Баары муңгул балдары,
Бадахшан, Балык, Букарга,
Багыдат, Мисир - буларга,
Кылбаганы калбады.
Тондун кийген жылуусун,
Кыздын алган сулуусун,
Аттын  минген күлүгүн,
Тарттырган элге түйшүгүн.
Алтымыш уруу алашты,
 Каракалпак, түркмөндү,
Тажик менен калчаны,
Андай нечен барчаны,
Дене кул кылып калмактар,
Бөлгөн экен анчаны,
Кыргыздан Манас туулат деп,
Кыргыздын жарган катынын,
Жардырып келген жай-кышы,
Башкаларга отунун,
Манас Манас болгону,
 Манас атка конгону,
Элкин болуп эл бошоп,
Элге сууга ээ болду,
Бадахшан, Балык, Дүйшөмбү,
Тажик сага жер болду.
Кылычың сүйрөп чыгыпсың,
Көл болуп калмак тилине,
Бүгүн сага не болду?

www.bizdin.kg

Бир уруу элге ээ болдуң,
Өткөн күндү ойлогун,
Бүгүн акмак болгонуң,
Калмактын түшсөң торуна,
Түбүндө жакшы болбодуң.
Бүгүнкү күнү кыргызга,
Түртүшкөн душман сен болдуң,
Кененим коркуп жатат деп,
Ойуңда сенин болбосун.
Билсең акыл ушул кеп,
Болбосоң өзүң билгин! –деп,
Кененим айтты мындай кеп.
Тажиктердин Темирбек,
Таноосу көөп дердеңдеп:
- Сага тажик теңдикти,
Манас алып берген, деп,
Бул айтканың кандай кеп?
Тажик кайда тентиген,
Көргөн киши ким экен?
Бадахшан, Балык, Дүйшөмбү,
Тажиктен башка бул элди,
Бийлеген киши ким экен?
Тажикти мурун термелтип,
Чайкаган киши ким экен?
Абалтан бери ошондой,
Астын-үстүн дүйнөнү,
Байкаган киши ким экен?
Менден жакшы көп ишти,
Билген киши сен бекен?
Калмакка бүгүн алданып,
Калган киши мен бекен?
Калмактан чыгып жүрөгүң,
Корккон болсоң Кененим,
Сырыңды айтсаң жашырбай,
Манасты мактап ашырбай,
Таласка кадам бастырбай,
Сага чыгым тарттырбай,
Таталаган калмакты,
Кетирип аны беремин.
Темирбектен кеп угуп,
Баатыр тууган Кененим,
Баштан айак жеме угуп,
Тең кишимин баштан, деп,
Тетири айткан кепти угуп,
Кененим айткан бу бир кеп:
- Кебимди ук, Темирбек,
Тажик койгон атыңды,
Тегин айткан кеп эмес.
Качан тажик эл болдуң,
Теңдешип элге эр болдуң,
Эгин эгип жаштарың,
Машак терип калганың,
Адырда жүргөн дүмүр чаап,

www.bizdin.kg

Катын менен балдарың,
Үйдө жатып от көрбөй,
Муздап өлгөн карганың,
Унутупсуң, Темирбек,
Калмактардын зардабын.
Эл билеби, тажиктер,
Катарга сени алганын?
Падыша Манас баш болуп,
Өзү он бирде жаш болуп,
Көңтөйдү сайып алганда,
Шоорукту сайып салганда,
Алооке, Калдай качканда,
Соксо, Сотой, Калдайды,
Катары менен басканда,
Кангайды карап бет алып,
Түн катып Дөөхан качканда,
Качып барып Панус хан,
Ташкенге башын катканда,
Катарда тажик бар бекен?
Аталабы андайда,
Назаранын  Карилоп,
Панус хан менен биригип,
Акең Манас бир келип,
Панус ханды сойгондо,
Мадыкөлдү жеңгенде,
Кашкардагы Калдайдын,
Кармап башын кескенде,
Кандабай тонун чечкенде,
Чыгышы Баркөл, Алтайдан, Түштүгү Котен, Кашкардан,
Алты шаар, Анжыдан,
Наманген, Ташкен, Самаркан,
Бадахшан, Балык, Букарлык,
Чамбылдан бери карата,
Баарысы колго тийгенде,
Адылдык кылып айкөл шер,
Ата уулу кылып ар кимге,
Жерди бөлүп бергенде,
Сайылган бак, салган там, -
Шаарды бөлүп бергенде,
Атагы тажик эли деп,
Сен катарга келгин, деп,
Бадахшан, Балык, Дүйшөмбү,
Үчүнчү атаң Табылды,
Өзү Манас бериптир,
Ошондон бери карата,
Шаар ээлеп келипсиң.
Элди ээлетип ким берген?
Жерди ээлетип ким берген?
Ким бергенин билдиңби?
Пейилиңден жан, Темирбек,
Кабыл алсаң кебимди.
Болбой, тажик мойносоң,
Мойнуңду толгоп  болбосоң,

www.bizdin.kg

Эми эле табам эбиңди,
Сындырамын белиңди,
Зыркыратам элиңди,
Жок кыламын арыңды,
Бош кыламын шаарыңды,
Калмак, тажик чогултуп,
Түгөтөмүн баарыңды,
Бул дүйнөңдөн көз жумсаң,
Кимге айтасың зарыңды?
Карала атчан Калыбек,
Ошончолук көрбөймүн,
Ушул турган баарыңды.
“Куру кайрат баш жарат,
Жалакор киши док табат,
Күнөөчүл киши кур калат”
Ак санабайт калмактар,
Тилимди алсаң, Темирбек,
Ушул жерден кайра тарт!
Билгенин айтып жашырбай,
Кененим кылды далалат,
Ооз ачып кеп кылбай,
Доош чыгарып унчукпай,
Качырып кирди Темирбек,
Минген атын камчылап,
Жапырып кирди Темирбек:
- Коркконуңдан Кененим,
Акыл деп айттың далай кеп,
Жалтанганың мен билдим,
Айтып кирдиң Кененим,
Мен Манастын уулу деп,
Кыйынсынба Кененим,
Мурун өтүп кетиптир,
Оор актанткан Манасың,
Менден өөдө киши эмес!
Деп Темирбек акыйып,
Табалдылап бакырып,
Оолугуп тажик дүпүлдөп,
Көрсөтөм деп күпүлдөп,
Кармаган колдо найзасы,
Алты аршын сүлкүлдөп,
Беттеп кирди Темирбек,
Жер силкинип дүркүрөп,
Оозунан көбүк чачырап,
Кирген нардай күркүрөп,
Азуулары качырап,
Жалыны көздө чачырап,
Жан алуучу найзаны,
Күркүрөтө урду эле,
Көкжал төрө, Кененим,
Кабыл албай Темирбек,
Көп кыйал, акыл дегенин.
Кеңкула менен сыздырып,
Манастап ураан чыкырып,

www.bizdin.kg

Кененим тийди качырып,
Найзага найза кагылып,
Болотко болот тийгенде,
Кызылы жалын от жанып,
Өтө берип токтолуп,
Кененим менен Темирбек,
Ок жыландай токтолуп,
Найзалары койкойуп,
Алдына минген аттары,
Токтобой турат булкунуп,
Жана тийди беттешип,
Качырышып умтулуп,
Көөдөндөгү чарайна,
Найза тийип такылдап,
Башындакы туулга,
Балта тийип чакылдап,
Басылбай турат жаңырык,
Баатырлар үнү бакылдап.
Кең кула менен Темиркөк,
Туйактары такылдап,
Таманынан чыккан чаң,
Обого учуп топурак,
Тондор тозуп упурап,
Жер бузулуп жыртылып,
Топурак учуп жоголуп,
Жердин бети таш болуп,
Кара темир кагышып,
Карсылдашып салышып,
Катуу кирди сайышып,
Кабыргасы кайышып,
Басалбай аттар майышып,
Оодарыша кеткенде,
Ажырата тарта албай,
Кеңкула менен Темиркөк,
Баспай турат тайышып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыйын экөө урушуп,
Аманат жалгыз бир жанды,
Аркасына таштады,
Адам өлүп баш кетер,
Азаптуу уруш баштады.
Кара бойу дал болуп,
Кармалбай колу шал болуп,
Кайра тартар жери жок,
Кармашар жарак шай болуп,
Эки күнү, эки түн,
Эрикпестен салышып,
Элдерине жанышып,
Эртеңки болчу урушка,
Найзаны уга малышып,
Балтанын мизин эгетип,
Кылычты ташка бүлөтүп,

www.bizdin.kg

Найзаны ташка түйрөйтүп,
Бадананы тордотуп,
Туулгасын оңдотуп,
Мылтыктарын октотуп,
Милтелерин чоктошуп,
Сом темирин кырдатып,
Доолбасын ырдатып,
Найзанын сабын сырдатып,
Балтанын мойнун чыңдатып,
Аттанып чыкты күн менен,
Найзаларын койкойтуп,
Темирбек келет ойунда,
Кененимди алам, деп,
Аңтара сайып, тоңкойтуп.
Эр Кененим, Темирбек,
Кезенишип бет келди,
Качырып найза урушуп,
Олпок тондун буласын,
Найза менен жулушуп,
Бүчүлүгүн үзүшүп,
Бүлүнтүп жерге түшүрүп,
Колдорун сунуп арбайтып,
Белбоосунан кармашып,
Чирене түшүп тартышып,
Этектен түрө кармашып,
Үзөнгү боого салышып,
Өзөнгө түшүп элирип,
Өпкөлөтө теминип,
Капталга чыгып кагышып,
Кандыргалап жарышып,
Алты катар аң келсе,
Аркан бойуу жар келсе,
Туйак какпай мүдүрүп,
Аттары арыш алышып,
Жөө күрөшүп жыгалбай,
Бирин-бири алалбай,
Найзага кирди туралбай,
Тажиктердин Темирбек,
Туулганы чөмөрүп,
Же өлтүрөм, же өлөм,
Өчөшүп кирди көгөрүп,
Темирбекти көргөндө,
Жайылданды  Каракөк,
Жалысы жандап бир бөлүк,
Күркүрөгөн тажиктен,
Күүлөп сунган найзасын,
Балта менен какканда,
Кененим каккан оңобу,
Темирбектин найзасы,
Кырк барча болуп жоголду.
Балтаны таштап жиберип,
Найзаны кармап имерип,
Кыйамына келгенде,

www.bizdin.kg

Балтырдан найза жеткени,
Тажиктердин Темирбек,
Камгактай учуп кетти эми.
Темирбектин Темир көк,
Тегеренип үстүнө,
Түшө калды жаныбар,
Кененимге жандыртып,
Жана найза сайдырбай,
Өтө берип Кененим,
Оң тартып кайра келгенче,
Тура калды Темирбек,
Темир көктөй бууданга,
Мине калды Темирбек,
Камчысын баштан айлантып,
Булгап алды Темирбек,
Темирбек камчы булгады,
Тажиктер карап турбады,
Жааган күндөй тажиктер,
Жалпы баары ат салды,
Отуз миң аскер ат койуп,
Атылып мылтык от болуп,
Боздоп учат аткан ок,
Майдандын ичи от болуп,
Манастап ураан чакырып,
Кыргыздар жүрмөк козголуп,
Эл башкарган Кененим,
Эпсиз башка эреним,
Элге карап кылчайып,
- Эси жоктой иш кылып,
Эрдемсип, кыргыз, келбегин,
Караан болом сага, деп,
Калбай ээрчип келгениң,
Кызыгып кирип кан агып,
Кырылып өлүп бербегин,
Отуз миң аскер келди, деп,
Анча эле кайгы жебегин,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Сактап тургун тигилип,
Кыргыздын сабын буздурбай.
Кокустан тажик барбасын,
Козголоңду салбасын,
Калмактар каптап барбасын,
Калбаны элге салбасын,
Чылбырын сүйрөп ат калат,
Ээси жок минер бош калат,
Олжо алам деп барбасын.
Өзү өлсө ким алат,
Ээн талаада калбасын.
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Кыргызды матап бастырбай,
Көпкүлөң чалган жаш балдар,
Буларды турат жактырбай.
Каптап келген тажикти,

www.bizdin.kg

Качырып кирди Кененим,
Кайраты толук шер неме,
Кажыбаган берениң,
Көк түпөк найза ыргады,
Беттеп кирген жеринде,
Көп тажиктер кыйрады,
Сабын бузбай сандалтып,
Санаты жок эр сайып,
Тажиктерди саргартып,
Кылыч албай найзачан,
Канын төкпөй тажиктин,
Көрсөтмөк өнөр башкадан.
Калың жерин аралап,
Абалын элдин чамалап,
Ителги тийген таандай,
Жыгылып атат сабалап.
Эңишке кире бererде,
Элүү-кыркын бир сайып,
Жыгылып жаткан андан көп,
Ачылып оозу ырсайып,
Салаңдаган андан көп,
Бир жагына кыйшайып;
Наалып жаткан дагы бар,
Таңдайы кургап тамшанып;
Боздоп аткан жана бар,
Не болдум, деп муңканып,
Кеталбай жаткан андан көп,
Керсары тартып кумсарып,
Буту сынган жана бар,
Аты баса жыгылып,
Колу сынган андан көп,
Тайана жерге жыгылып,
Кобалбай жаткан жана бар;
Кемерге кирип тыгылып,
Жошологон челектей,
Башынан каны аккан бар;
Жерге сүрө жыгылып,
Көзү агып калган бар;
Жыгачтуу жерге жыгылып,
Жалпак бет болуп калган бар;
Мурду сынып былчыйып,
Көзү шишип кеткен бар;
Шоолаланып жылчыйып;
Кокустап бели калган бар,
Кобалбай  жатат чыңырып,
Аралап баатыр Кененим,
Ат бастырып өткөн жер,
Жуушаган койдой торойду,
Каптап калмак келбеди,
Тажикке жардам бербеди..
Четке чыгып Темирбек,
Карап туруп далайга,.
Элин көрүп ичи ооруп,

www.bizdin.kg

Теминип жана киргени.
“Мен Темирбек болголу,
Теңдешкен бенде болбоду,
Кыргыздан чыккан Кененим,
Кыйратып элди койобу?”
Бар кайратын бойго алып,
Болоттон найза колго алып,
Кененимди качырып,
Кайта кирди айланып:
- Мен Темирбек, сен Кенен,
Сенден качан кем элем?
Жашырбай чынын айтканда.
Мага качан тең элең?!
Деп качырып киргенде,
Каары катуу Кененим,
Кагып ийип найзасын,
Капталга койуп өттү эле,
Чыйраксынган Темирбек,
Тебетейдей телп этип,
Аттан ыргып кетти эле,
Темирбекке Кененим,
Эми жетер мезгилде,
Калмактардын батасы,
Кененимге жеткени,
Капталга койуп өткөнү,
Оодарылып кетпеди,
Ойрон болгон Кененим,
Ооп барып токтоду,
Бурулганча  батага,
Чолпонбай барып жеткени.
Бабырыган батаны,
Чолпонбай сайып кеткени.
Бата калмак жыгылды,
Чолпонбайдын найзасы,
Батага карыш тыгылды,
Чолпонбай сайган оңобу?
Ордунан өөдө кобобу?
Томолонгон бойунча,
Бата өлүп жоголду.
Кагылышта бата өлдү,
Чогулуп турган эл көрдү,
Көк ала минип дууланып,
Көмөлөнүп жыгылып.
Ыргып кеткен Темирбек:
“Айлам эми кетти ,- деп,
Эми кайра беттешсем,
Чын ажалым жетти, - деп,
Кантер айла таба албай,
Карбаластап калдаңдап,
Алапайы куурулуп,
Амал таппай далдаңдап,- ”
Кененим айтты далай кеп,
Тил албады макул деп.

www.bizdin.kg

Өмүрлүк караан болот деп,
Коросон менен испанга,
Кат жазыпмын бекер,- деп,
Мен ишенген Чойун алп,
Ичи оорубайт экен ,- деп,
Эми барсам Кененим
Коркуп келдиң дебегин,
Испан менен коросон,
Куйкалап элди жебейби,
Башымды ала качайын,
Бар пулумду чачайын,
Баш калкалап бул жерден,
Иранга барып жатайын,
Иран менен Багдатты,
Шермат хан камап жатканда,
Кезкелип калып Кененим
Шермат ханды өлтүрүп
Иран менен Багдаттын,
Көөнүн алды деди эле,
Мени кармап бербейби,
Батырбай Иран эмеле,
Тирүүлөй терим сойбойбу,
Ачуусу келсе жөн эле.
Калмактарга караандап.
Аралашып турайын,
Мен билбеген эр барбы,
Чойун алптан сурайын.
Коросондон кесилет,
Келип калса бул жерге,
Кенендин шайын кетирет.
Дабытай менен кесилет,
Ачакан, Камтур - төртөөлөп,
Мен Темирбек Чойун алп,
Тебелесек алтоолоп,
Жалгыз башы Кененим,
Кантип чыгып жол тосот?
Кылымга толгон кези экен,
Кененимден айрылса,
Чайкалып кыргыз жоголот,
Калмактан бүгүн баш тартсам,
Ишим кайдан оңолот?
Акылды эми таптып деп,
Катылышпай урушка,
Баш мааналап жаттым деп,
Ойлоп алып Темирбек,
Буйрук берип тажикке,
Кернейин жана тарттырды,
Баш аламан уруштан,
Элин кайра тарттырды,
Эл ордуна түшүптүр,
Темирбектин жүрөгү,
Корккунунан үшүптүр,
Элин сапка тизгени,

www.bizdin.kg

Эсеп ала кеткени,
Он жети миң калыптыр.
Он үч миңи урушта
Түгөшүптүр кырылып,
Баары өлүп кетпеген,
Өлгөнү аз, тирүү  кеп,
Өткөрө сайбай Каракөк,
Каз таман найза кармаган,
Кан чыгара сайбаган,
Сүрдүгүп катуу жыгылып,
Өлүп калган чанда көп,
Бирине-бири кагылып,
Өлгөнү бар бир канча,
Колу сынып, буту аксак,
Болгону бар бир канча,
Башы айрылган, көз  чыккан,
Мындайы бар бир канча,
Бир атты бекер кетирбей,
Кыргыздар жыйнап  алыптыр,
Он үч миң аскер өлдү, деп,
Темирбек кетип калыптыр.
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Кененим айтат мамундай:
- Кыйрап жаткан тажикти,
Тирүүсү көп, өлгөн аз,
Белге таңуу үч баатыр,
Барып көргөн аралап,
Кайрылбай кетти Темирбек,
Туз ургур экен кысталак,
Тирүү баарын калтырбай,
Жыйнап келе калыңар,
Кооп баскан немесин,
Айдап келе калыңар,
Өлбөй көзү кыймылдап,
Тургандары канча экен,
Билип келе калыңар.
Үч баатыр кетти баш бурбай,
Барган жерде Бактыбай:
- Колу-бутуң сактарың,
Кооп баскын, жатпагын,
Басалбаган жарадар,
Башыңды жерге катпагын.
Баскын дайын бастырып,
Жаткын дайын жаткырып,
Өлгөнүн санап кат кылып,
Үчөө кайта барыптыр,
Өлгөндү каттан караса,
Беш жүз толуп калыптыр.
Басалбай жаткан миң экен,
Жарадары,  өлгөнү,
Бир миң беш жүз киши экен,
Тирүү басып барганы,
Жети миң беш жүз кырк экен.

www.bizdin.kg

Эсепке алса буларды,
Сегиз миң беш жүз кырк болду ,
Төрт миң төрт жүз алтымыш,
Ат-оту менен жок болду.
Тирүүсү бир миң беш жүздүн,
Ат-тонун берип кетирди.
Төрт миң төрт жүз алтымыш,
Тирүү качып чыгыптыр,
Тирүү тажик ичинде,
Турум деген бар эле,
Төрт миң төрт жүз алтымыш,
Баш кишиси ал эле,
Өлбөй тирүү калганың,
Кел бери, деп чогултуп,
Кермеге атын чалдырып,
Кеңири жерде олтуруп:
- Угуп жүргөн мурунтан,
Болуп өткөн укмуштан,
Катарда тажик жок экен,
Төгөрөктөн төрт бурчун,
Калмак билген чагы экен,
Калмак бийлеп турганда,
Түрктүн баарын бурут деп,
Өтө жаман кар экен.
Бактысына түрктүн,
Тунжур Манас чыгыптыр,
Болуп өткөн иштерди,
Калтырбай баарын угуп тур.
Орто Асыйа жерин бүт,
Өткөрүп колго алганда,
Кар болгон элди эске алып,
Жерден энчи бөлгөндө,
Бир кишини баш кылып,
Элден энчи бөлгөндө,
Тажиктердин ичинде,
Табылды чыйрак бала экен,
Дүйшөмбүдө туулган,
Бадахшанда  турчу экен.
Бадахшан, Балык, Дүйшөмбү –
Шаарды Манас бериптир,
Жерди Манас бериптир,
Элди Манас бериптир,
Ошондон бери карата,
Ээлеп тажик келиптир.
Табылды менен үч ата,
Темирбек бүгүн элге баш,
Калмактарга сатылып,
Кыргызга болду бүгүн кас,
Отуз миң толук киши элек,
Кырылып кетип калдык аз.
Төрт уруу тажик журт элек,
Бир уруусу биз элек,
Төрт миң төрт жүз алтымыш,

www.bizdin.kg

Качып чыктык мен баштап.
Азазил болгон жолдошу,
Калмактардын балчысы,
Ираңкүдүк молдосу,
“Жети ата болбой Манаска,
Теңдешпейт киши буга” деп,
Айткан экен башында,
Лаама кеби чын келди,
Төрт ата болду Кененим,
Теңдешип бенде жеңбеген,
Түртүшүп калды Темиркөк,
Кененимди жеңе албайт,
Өзүнүн башын жегели.
Коросон, испан элине,
Дабытай менен Ачакан,
Эл башкарган бегине,
Кабар берип кат жазды,
Катарлап чиркеп нар айтты,
Жонуна жүктөп зар айтты,
Алтын менен төөлөрдү,
Чойун кулак алп айтсын,
Темиркөк ага не айтты?
Кыргызды жеңип алганда.
Темирбекти өлтүрүп,
Түп көтөрө тажиктин,
Малын берем деп айтты,
Калмактар алдап жатпайбы,
Далдаңдаган акмакты.
Төр миң төрт жүз алтымыш,
Тирүү турган Кыймыл жан,
Турумдун кеби акыл, деп,
Айткан тилди эми алсаң,
“Бала белде, катын жолдо” деп,
Айткан кебиң мурунтан,
Ооганга беттеп баралы,
Эптеп жанды багалы,
Жеңилсе кыргыз непада,
Темиркөкти табалы.
Калмак менен тажикти,
Жеңип алса Кененим,
Күн барбы бизге көрөр, деп,
Кененимге баралы.
Колдон бербей экөөн тең,
Бүркүттөй мойун суналы.
Турумдан тажик кеп угуп,
Төрт миң төрт жүз алтымыш,
Бизге Турум башчы деп,
Бий шайлады чогулуп,
Бий болуп Турум талаада,
Эми калды балаага.
Кожокелди, Эшенди,
Акуй деген чеченди,
Атаке, Калпа дегенди,

www.bizdin.kg

Билген кебин үйрөтүп,
Кененимге жиберди.
“Темирбекке барбайлы,
Тирүү деп укса Темирбек,
Айдап барып дагы эле,
Чоң урушка салбайбы,
Балаага антип калбайлы”
Калпа, чечен, эшени,
Караңгыда дүбүрөп,
Мурундарын коңкойтуп,
Мусапырсынып бүжүрөп,
Кененимди табышты,
Кебин айта салышты.
Кепке каныл Кененим,
Бактыбай, Сүйүн, кел, деди,
Алар менен кеңешип,
Колуна жазып кат берди:
- Ушул катты көтөрүп,
Жоодар бешим бар, - деди,
Дүйшөмбү менен Ташмалык,
Арка-бериш жер деди,
Мурун кеткен элиң бар,
Ал элиңди колуң ал,
Аша басып кырчакты,
Катын менен balaңды,
Аман-эсен таап ал.
Ташмалык сага жер болсун,
Таш коргонго ээ болгун.
Эшен, калпа, чечени,
Турум бийге келгени,
Кененим катын бергени,
Катты көрүп ачтырып:
- Купуйа сөзү бар болуп,
Жоодар бизди сойобу,
Шорубузду катырып?
Деп олтуруп Турум бий,
Калпа, эшен, чечenди,
Жоодар бешим жиберди.
Кең Кашкарга барышты,
Кененим жазган кагазды,
Жоодарга бере салышты.
Жоодар угуп бар кепти,
Калпа, чечен, эшенге,
Айтып турат бул кепти:
- Мурун качып тажиктен,
Далай киши бир келди,
Катын бешик өңөрүп,
Ташмалык, Чымкен, Миңтеке,
Мен аларга бергемин,
Кененим айтса келгиле,
Элиң менен чогулуп,
Баарың бирге жүргүлө,
Таш Коргон шаары тар эле,

www.bizdin.kg

Кантип батар экенсиң,
Көбөйүп кетсең кичине?
Жоодардын кебин угушту,
Турум бийге жоодурап,
Баарын айтып турушту.
Памирдин тоосун кылаалап,
Турумбек элин чубуртту.
Кененимден бер жакка,
Таш Коргондо тажик бар,
Унутпайт кыргыз бул журтту.
Беш жүзчө киши жарадар,
Миң ашуун киши сапма-сак,
Тажикке барды темтеңдеп,
Өлтүрбөй бизди Кененим,
Кеткин деп койо берди, деп.
Эки күн туруп элинде,
Бир миң беш жүз кеңешип,
Качып жолго салыптыр,
Аркасынан Темирбек,
Жетип тосуп калыптыр.
Баштап качкан кимиң, деп,
Койбоймун тирүү бириң, деп,
Күркүрөп турду Темирбек.
Барсак дагы өлдүк, деп,
Турсак дагы өлдүк, деп,
Ар кайсы тоону бет алып,
Качып берди дүбүрөп.
Тоо тайантпай жеткенин,
Кылыч менен баш алды,
Найза менен ич жарды,
Боорун жарып өт алды,
Чечекей чегип көз алды,
Тоо тайанган тажиктер,
Ар кайда кетип тарадаы.
Он жети миң аскерди,
Айдап алып Темирбек,
Беттеше албай Кененге,
Өз ичинде кайгы жеп.
Ичинен кызыл кан  өтүп,
Ичте ийрилип турган кез.
Муну мындай таштайлы,
Кененим менен Чойун алп,
Салгылашын баштайлы.

## КЕНЕНИМДИН КАЛДАГАЙ КУЛАК ЧОЙУН АЛПТЫ  ЖЕКСЕНДЕШИ

Калдагай кулак Чойун алп,
Барабанды урдуруп,
Жыйырма алты миң аскерин,
Жайнатып чыкты чубуртуп.
Төбөй деген балбаны,
Калдагай кулак Чойун алп,
Канча жылдан бер жакка,

www.bizdin.kg

Ардактаган айбаны,
Бөлүнүп сапта коройуп,
Төбөй чыга калганы,
Жолум үйдөй башы бар,
Жолбун иттей кашы бар,
Ач жолборстун тиши бар,
Анын кыйла иши бар.
Чоң мунардай бойу бар,
Бир чынардай колу бар,
Кайнаган эки көзү бар,
Кырчак тоодой мурду бар,
Боз талаадай бети бар,
Турушу барча бир дөбө,
Тогуз кабат кийгени,
Баары соот, күрөөкө,
Кабаттап калкан тартынган,
Буттай темир артынган,
Бул кара нээт калмакка,
Ажалдуу бенде катылган,
Тердебеген Темир көк,
Ал кездеги эрлердин,
Аңгемеси далай көп.
Тердебес тулпар ат минип,
Кабаттап темир кийинип,
Каар төгүп карарып,
Эрди-мурду жаланып,
Өткүр миз найза карманып,
Акимсип калмак аттанды,
Кененим эми сойлойт, деп,
Буруттан бирди койбойт, деп,
Чойун алп өзү баш болуп,
Чогулган калмак шаттанды.
Туулгасын башка чөмрүп,
Өчөшкөн доңуз көгөрүп,
Каңгайлап ураан чакырып,
Кайраты көптү жапырып,
Майданга келди лакыйып,
Калың кыргыз калкынан,
Кененим чыкты бастырып,
Жаалысы келип жүзүнө,
Баатырдын уулу чунактын,
Жан багалбай түсүнө,
Бир сары тон жамынып,
Күрөөкөнүн үстүнө.
Бул белгиси келчү эмес,
Бул белгиси келгенде,
Жанга ыракым кылчу эмес,
Каарданды баатыр, деп,
Кандай болор акыр деп,
Кыргыздар карап турушту,
Төбөй менен Кененим,
Баштамак болду урушту,
Калмак Төбөй качырып,

www.bizdin.kg

Катуу тийди акырып,
Качырып урган найзаны,
Кагып ийип Кененим,
Качырып найза салбады,
Айнектей көзү жалтылдап,
Кененим карап турганы.
Найзасын Төбөй бекемдеп,
Эми аңтара сайам, деп,
Камчы берип атына,
Беттеп кирди тепеңдеп.
Найзанын учу тийерде,
Ирмебей көзүн Кененим,
Учунан улай кармады,
Катуу кармап бек силкип,
Найзаны тартып алганы,
Тартып алган найзаны,
Жаткан ташка салганы.
Сексен барча быркырап,
Найза сынып кыйрады.
Найзасын колдон алдырып,
Төбөй чочко арданды,
Жолум үйдөй чойун баш,
Булгап колго алганы,
Тердебес менен тап берип,
Чокудан нары салганы.
Кенебеген Кененим,
Бендеден чыккан бекзатка,
Кайсы кепти мен дейин.
Күүлөп урган чокморду,
Балта менен камынып,
Алдыртан өөдө какканы,
Жолум үйдөй чоң чокмор,
Асманды карай учканы,
Кайта жерге түшөрдө,
Түшүрбөй жерге Кененим,
Жана какты чокморду,
Удаа улай кагылды,
Чокмордун башы жарылды,
Анталаган чоң калмак,
Кылычын тартып кынынан,
Жандан тойуп так жадап,
Аша кечип жанынан,
Жалтылдатып кылычын,
Жан алам деп күркүрөп,
Түрүн көргөн Төбөйдүн,
Далайлар жандан түңүлүп,
Кыйкырыгы таш жарып,
Таштан өтүп баш жарып,
Кыйырдан келип урганы,
Кыраандын уулу Кененим,
Найза менен камына,
Булчуң эткен сайганы.
Булчуң эти булт этип,

www.bizdin.kg

Таначардай булчуң эт,
Жерге түштү шылп этип,
Карыдан каны чубуруп,
Камчы саптай куйулуп,
Төбөйдөн аккан канына,
Былчылдап ылай жуурулуп,
Кененимдин ишине,
Өңкөй калмак көп журттун,
Заманасы куурулуп,
Найза, чокмор, кылычтан,
Ажыраган чоң калмак,
Балтасын кармап сабынан,
Балта чабар шайы жок,
Колу какшап абыдан,
Сол колго алып балтаны,
Кудай бетин нары кыл,
Буга окшогон наданды!
Оозунан көбүк чачылып,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Мурдунан чыккан көк буусу,
Кол ыштыктай буркурап,
Оозун ачып эстенип,
Ээрдин кесе тиштенип,
Башынан калмак сологой,
Балта чабат оң колдой.
Балтаны шилтеп чабарда,
Кармаган балта колунун,
Алаканга Кененим,
Алдыртан өөдө бир сайды,
Шак-шагынын сыртынан,
Найзанын учу кылтайды,
Балта колдон бош кетип,
Жерге түштү так этип,
Кайра айланып Кененим,
Ач билектен кармады,
Тамандай түшүп силккенде,
Кармаган колун сөгөрдөн,
Солдойтуп сууруп алганы,
Сойуп жайган талпактай,
Жайылып жатып калганы.
Мен-менсинген калмактан,
Ошол күнү Кененим,
Он сегизди жалмады,
Колуна жарык албады.
Дердеңдеген кээ бирин,
Айландырып жерге чаап,
Кээ бирин Кененим,
Чыргадан бетер сүйрөтүп,
Этин ташка түлөтүп,
Тартайып сөөгү калганда,
Таштап койду тарбайтып.
Күн кеч кирип ангыча,
Элге келди түз кайтып,

www.bizdin.kg

Сүрүп чыкты бир кезде,
Келин каш болуп таң атып,
Кененим келди майданга,
Кең куланы оң тартып,
Тажик, калмак кошулуп,
Калдагай кулак Чойун алп:
- Канча күнү салышып,
Темирбек алы келбеди,
Тажиктин канча балбаны,
Кангайдан Төбөй баштаган,
Өлтүрүп кыргыз таштады,
Бүгүн өзүм чыгайын,
Күм-жан кылып кыргызды,
Баарын жерге тыгайын.
Кыргыздан бүгүн кечпейин,
Келгенинин баарысын,
Кара жерге тепсейин,
Кененим башын кесейин.
Ээрдинен көзөп тешейин,
Кайда барсам мен башын,
Байланып алып кетейин,
Көзүнө күндө сийейин,
Мээсинин ордун табактай,
Арак куйуп ичейин.
Бактыбайды байлайын,
Алып барып Таласка,
Кылычым канга майлайын,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Койдой башын кесейин,
Коондой кардын эшейин,
Үйүндө калмак күүлөнүп,
Үңүрөңдөп сүйлөнүп,
Жаанда аккан кыйандай,
Алда канча түрлөнүп,
Акырдан атын алдырып.
Атка токум салдырып,
Оңдоп минип очойуп,
Карачкыдай чочойуп,
Тогуз кабат темир тон,
Кара бойго кийинип.
Койнундагы бутуна,
Баш уруп калмак сыйынып,
Темир ээр калмакча,
Атка чыңдап токутуп,
Бастырып чыкты лукуйуп,
Аркасында аскерге,
Барабанын урдуруп,
Бар аскер чыкты чубуруп,
Майданга келген Кененге,
Чойун алп келип чогулуп:
- Качантан бери сен бурут,
Таанылып элге эр болдуң?
Карсылдашып Каңгайга,

www.bizdin.kg

Качан бизге тең болдуң?
Калдаңдап жүрүп Манасың,
Калдайдан канга бойолуп,
Кара жерге тең болдуң.
Кененим атка минди, деп,
Кабарың угуп болгомун,
Кантер экен мейли, деп,
Көрмөмүш болуп койгомун,
Алыңа чактап иш кылып,
Ойлогондой болбодуң.
Сен батышка барганда,
Баргандын баарын сойлотуп,
Баш көтөрпөй жатканда,
Качан болсо батыштык,
Чыгышты карай жылабы?
Жакшы кылып жатат, деп,
Жайыңа, бурут, жөн койдум.
Батышты басып алгансып,
Бадырайып балбансып,
Демиңди жыйбай дардакшып,
Чыгышты карай бет алдың.
Бүтпөй ишиң калгансып,
Хан Чиктейге катыштың,
Канча жылы атыштың,
Бутуң сынып калганда,
Ичериңе аш таппай,
Жатарыңа мааналап,
Жаан тийбес жар таппай,
Карагайдын түбүндө,
Какталып күнгө жатыпсың.
Кангайдыга хан Чиктей,
Кадигине албаптыр,
Атайлап издеп барбаптыр,
Жаның калып жай алып,
Балжууран, ышкын терип жеп,
Курсагың тойуп жал алып,
Кайта барып уурданып,
Хан Чиктейди алыпсың,
Уктап жатса өлтүрүп,
Жеңдимдеп элге барыпсың,
Уктабай басып турганда,
Кантип алың келалсын?
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат –
Экөөнү котчу мен алдым.
Эси жоктор энтелеп,
Бирден-бирден барышып,
Сенден өлүп калганын!
Алын сындап байкадым,
Темирбек деген балбандын,
Баарынын кунун чогултуп,
Кууп алчу мен бармын!
Бир денеңде бар болсо,

www.bizdin.kg

Алты-жети миң жаның,
Кыргызыңдан үмүт үз,
Жаның тирүү калбайсың!
Көргөнүң жарык бүгүнкү,
Таласка бара албайсың!
Жооп бердим, барып кел,
Жакшы-жаман кебиңди,
Кыргыздарга салып кел,
Тирүү кайта кетирип,
Жүрө албаймын сени мен!
Деп күркүрөп Чойун алп,
Кененимге айтканда,
Канкордун уулу Кененим,
Карс-карс күлүп жиберип,
Күнгө кургап калгандай,
Куу сары болгон мурутум,
Булкуп кармап имерип,
Кан куйгандай кызарган,
Керебе сары сакалды,
Жулкуп кармап сыланып,
Каалгадай кашка тиш,
Маңдайынан кылайтып,
Кененим турду муну айтып:
Мурунтан калмак, адатың,
Алдап туруп амалдап,
Чыр тапмак ата санатың,
Айтканыңча бар экен,
Падыша баатыр Манастын.
Кечилдин ханы Коңурбай,
Кытайлардан Эсенкан,
Кидандардан чоң Жолой,
Шибелерден Бозкертик,
Солондордун Борончу,
Калмактардын Уушаңы,
Манжулардын Нескара,
Анжулардын Кырмуз шаа?
Анын уулу Мурадил,
Солабанын Соорандык,
Акимсинген Чабалай,
Андай дөөдөн канча бар,
Айжаңжун менен Күнжаңжун,
Сандубада Бешкулак,
Каңгайлардын чоң Талап,
Ордонун ханы Ороңгу,
Сазаңшаанын Макил дөө -
Баары жүрүп чогулуп,
Баатырга алы келалбай,
Эсен хан кызы бир Мыскал,
Ай жаңжүндүн Бурулча –
Эки сулуу кыз менен,
Эсен хандын алтын так,
Башында конгон сыймык бак –
Баарысынан ажырап,

www.bizdin.kg

Соодой калган ошол чак,
Акимсинбе тимеле,
Адырайган сен калмак!
Далдалап жаның ор казып,
Жер алдынан жол  казып,
Баатырга балта чапканың,
Балбандыкбы, ой, калмак?!
Айтпайт элем айттырдың,
Арсыз калмак, ойлоп бак!
Катышпаса катышпас,
Манастан калган салтыбыз,
Катышып калса баш алмак,
Мурунтан берки наркыбыз,
Өзү келип катышса,
Жок болот бизде тарыныш.
Мен барбадым каңгайга,
Чиктейиң келди Алтайга,
Аттай басып келиптир,
Атактуу жер Илеге,
Неге барат Чиктейиң,
Үйүндө жаткан тынч элге?
Бутум сынып жатканда,
Жолборстун изин ит баспай,
Жүрөксүп мага баралбай,
Кулaндын сары сайында.
Хан Чиктей барган айлыңа.
Атагың каңгай эл туруп,
Кикимат менен Шалкымат,
Калдагай кулак сен туруп,
Атымды угуп уктабай,
Таң аткынча кан жутуп,
Баш калкалап үйүңө,
Силер баспай койгондо,
Өлүп алды уу жутуп,
Ачуунун уусун жутканда,
Мага тийди оолугуп.
Кармай түшүп шайтаным,
Чиктейиңди дүйнөдөн
Анан койдум жоготуп.
Хан Чиктейдин кан карзы,
Менде эмес силерде,
Адамсынып далдайып,
Не келесиң бу жерге?!
Ар акчан, калмак, катынча,
Амал кылып багасың,
Анткен менен амалга,
Жетик эмес чаласың.
Кекилик кармап алчуудай,
Кишиге кылтак жайасың,
Түлкү кармап алчудай,
Жер көөлөп капкан курасың.
Арпа  көмчүү немедей,
Ороо казып көрөсүң,

www.bizdin.kg

Жылкы кармап жаткансып,
Боолук салып багасың,
Баарысын кылды Кикимат,
Ойлоп көрчү, Чойун алп,
Кайда кеткен уйатың?!
Бул кайратың бар туруп,
Тажиктердин Темирбек,
Аны неге алдадың?
Коркпос болсоң,Чойун алп,
Жүгү менен нар айтып,
Алтын, күмүш зар айтып,
Коросон менен испандан,
Кандайча кошун сурадың?!
Коросон, испан кыргызга,
Ирегелеш киши элек,
Коңшуга бүлүк салыпсың,
Сени ээрчиген Темирбек,
Тентип өлөт бир сайда,
Коросон менен испандын,
Сөөгү калат ар кайда,
Калдаңдаган калмагым,
Сен өлөсүң майданда,
Илегерлик кылам деп,
Коңурбай каны кошулду,
Күрпүлдөк деген дайрага.
Арамдык кылган оңолбос,
Акырында соо болбос,
Айтканын танып коржоңдоп,
Мурадил өлдү Казанда,
Нескара өлдү Сайрамда,
Уушаң өлдү Нарында,
Такыр баарың жем болдуң,
Кузгун менен кажырга!
Өлүгүң жерге батпаган,
Жер койнуна тартпаган,
Калмак сендей журт барбы?
Көрүнгөн жерге чуу салган,
Урган сендей жут барбы?
Каңгайда жатпай жериңде,
Эминеге келгенсиң?
Акың барбы бул жерде?
Мыкты болсоң Чойун алп,
Мынча киши чыкырып,
Убара болгон сен акмак,
Айлыңа басып барбадым,
Ак тенге пулуң албадым,
Куланды кууп качпадым,
Куржунда пулуң чачпадым,
Коржоңдогон, калмагым,
Ажалдан коркуп качпагын!
Деп Кененим айтканда,
Кеп табалбай айтканга,
Камчы басып атына,

www.bizdin.kg

Кененимди качырды.
Кең кулага Кененим,
Согончок менен теминип,
Нойубаган Кененим,
Жоо сайгандан эринип,
Күркүрөтүп найзасын,
Күүлөп булар сундуруп,
Күүсү кулак тундуруп,
Качырышты бул экөө,
Бир-бирине бой уруп.
Көөдөндөкү чарайна,
Какпай найза сайышып,
Кененимдин найзасы,
Каңгып чыкты тайгылып,
Чойун алп куру кол калды,
Найзасы сынып айрылып.
Каңгып чыккан найзаны,
Оңдоп кармап имерди,
Одурайган чочкону,
Капталга муштап жиберди.
Кененимдин найзасы,
Үзүлүп чыкты белинен,
Найза сынып кеткенче,
Тийбегенин-тийгенин,
Муну чочко билбеди.
Кененимдин сайганын,
Кенеп койбойт кенедей,
Ат үстүндө солк этип,
Балбан экен ченебей.
Мас болгон нардай кеңиреп,
Этек-жеңи делбиреп,
Бадирек турат тултуйуп,
Туулгасы тумтуйуп,
Сакалы жок мултуйуп,
Ачып көзүн каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Төбөсүндө чыккан чач,
Үрпөйүп бирден саналып,
Жайылданып кара жүз,
Ого бетер карарып,
Найзасы жок кур колго,
Балтасын алып камданып,
Кетемин деп ойунда,
Кененим башын байланып,
Аты кыргыз болгонду,
Тобун бузбай олжо алып,
Алаш уулу дегендин,
Уулдарын кулданып,
Кайра кирди Чойун алп,
Каарданып, сурданып:
- Муң кыламын, өзүм, деп.
Күң кыламын кызың, - деп,
Көзүнөн аксын кандуу жаш,

www.bizdin.kg

Өлбөй туруп себелеп!
Одураңдап бул айбан,
Кетүүчүдөй тебелеп,
Күүлөнүп тийди Кененге,
Тең келеби мага, деп,
Карап турган Кара көк,
Кайраты жандан бир бөлөк,
Айнектей көзү жалтылдап,
Алтындуу саадак жаркылдап,
Качырышты бул экөө,
Күн бүркөлүп карарып,
Кара нөшөр күн куйуп,
Мойну ылдый суу агып,
Тиктеген кирпик ирмелбей,
Күн карсылдап чагылып,
Чакмак чагып жаткандай,
Жер силкинип калчылдап,
Чарт айрылып аткандай,
Тоо козголуп калтылдап,
Таштар кулап жаткандай,
Көл чайкалып дүрүлдөп,
Кургак жерди баскандай,
Сел келип кыйан бууланып,
Жер бузулуп жаткандай,
Кыйын заман иш болду,
Чойун алп менен Кененим –
Эки баатыр кез болду,
Калдагай кулак камынып,
Балта менен бир койду.
Байкап туруп Кененим,
Балта менен балтаны,
Жазганбастан какканы.
Балтага балта чабылды,
Чапкан балта чак этип,
Жарылып сырты кеткени,
Эр Кененим, Чойун алп,
Балталары жарылып,
Башкадан шайман колго алып,
Кирген суудай бууланып,
Өңдөрү саздап бөлүнүп,
Жан алчудай көрүнүп,
Өткүр найза, бөрү тил,
Өлүмдүн жайын анык бил.
Бул экөөн көргөн кишинин,
Кең дүйнөсү тар болуп,
Мурутуна муз тоңуп,
Кабагына кар болуп,
Алып көнгөн бул экөө,
Ачык жолу шар болуп,
Эр азамат кармачу,
Ар шайманы бар болуп,
Агы калбай көзүндө,
Ачуу менен кан толуп,

www.bizdin.kg

Таноолордон буу чыгып,
Бетинен сары жүн чыгып,
Азуулары кычырап,
Куйкалары курушат.
Сакалдары бириндеп,
Этектери дирилдеп,
Эр намысын талашып,
Жаалын төгүп, жан ачып,
Кабактары бүркөлүп,
Кере карыш чүмкөнүп,
Кайра жаачу булуттай,
Каарданып сурданып,
Качырышып кирищти,
Бүркүттөй болуп кырданып.
Найзаларын өңөрүп,
Эрдик менен көгөрүп,
Калдай-калдай-калдай, деп,
Чойун кулак бакырып.
Баатыр тууган Кененим,
Манастап ураан чакырып,
Булгап сунуп найзаны,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Бирин-бири качырып,
Кимиси таамай сайалса,
Кетмекке шорун катырып,
Как өпкөгө чиктешип,
Алгыр бүркүт кептенип,
Ирмебей көзүн тиктешип,
Найза учу жетерде,
Мылгып кирип кетерде,
Найзага найза каңк этип,
Учунда темир жарк этип,
Сайдырбастан найзаны,
Найза менен кагышып,
Бели катуу эрендер,
Адистигин таанытып,
Ителгидей айланып,
Баштакыдан беш бетер,
Огобетер каарданып,
Жылан менен чайандай,
Уусун чачып заарданып,
Алам деген Чойун алп,
Таамай найза сайалбай,
Өлүүчүдөй арданып,
Буурадай тиши качырап,
Көзүнөн жалын чачырап,
Оозунан көбүк чачылат,
Жана кирди  түгөнгүр,
Минген атын камчылап.
Көк түпөк найза карманып,
Көргөн бенде таңданып,
Көрктөнүп калмак шаңданып,
Карап турат Кара көк,

www.bizdin.kg

Канчалык киши калмак деп,
Катын баасы арбак, деп,
Калмактан найза жеткенде,
Учу келип олпокко,
Тийе турган кездерде,
Кол балтаны имерип,
Кара нээт калмактын,
Найзасын кагып жиберип,
Күү менен келген Чойун алп,
Жандап өтө бергенде,
Кеңкула оозун имерип,
Калдаңдаган калмакка,
Карчыганын балык эт,
Аркадан найза жиберип,
Баатырдан найза жеткени,
Жети кабат темир тон,
Бешөөнөн өтүп кеткени.
Экөөн найза тешпеди,
Акимсиген Чойун алп,
Алдында минген буудандан,
Аңтарылып кеткени,
Жер кучактап жыгылды,
Эр кишидей асыра,
Алдыңда минген атыңды,
Дууланып калган Кеңкула,
Аттай чуркап кеткени.
Кайра айланып жеткинче,
Каптап каңгай жеткени.
Чойун алптын Кара сур,
Айбандын ишин карап тур,
Чойун алпты жакадан,
Тиштеп тартып коборуп,
Эки колу бүгүлүп,
Туура тартып оңолуп,
Жармашып минип сур атка,
Качты капыр чу койуп.
Аңгыча каптап көп кошуун,
Кулак тунган чуу болуп,
Ат тери менен эр тери,
Жөө тумандай буу болуп,
Чойун алп качып жоголуп,
Көпчүлүктү аралап,
Манастын уулу Кененим,
Эр көкүрөк эрениң:
“Каптап келген калмакка,
Карбалас кыргыз кошулар,
Кызыл кан агып жошулар,
Бөөдөсүнөн кыргыздар,
Кыргын болор ушулар”
Деп ойлонуп алганы,
Бактыбайлап бакырып,
Эр Сүйүн деп чакырып,
Чолпонбай деп акырып.

www.bizdin.kg

- Кененим кантер экен деп,
Калмакка тийбе качырып,
Кыргын болуп жүрбөгүн,
Бөөдө каның чачылып!
Айтып койуп кыргызга,
Ач жолборстой чамынып,
“Душмандашкан калмактын,
Кара аскерде айып жок,
Хан буйругу ушул” деп,
Келген калмак караан топ,
Кененим мындай кеп ойлоп,
Каз таман найза карманып,
Касаба тоодой жарданып,
Качырып тийди алдынан.
Кененимди көргөндө,
Келген калмак баарысы,
Үмүт үзүп жанынан,
Келбей койор айла жок,
Каар көрөт ханынан.
Кең кула менен Кененим,
Алдынан чыкты ойнотуп,
Күүсү менен найзанын,
Кырк-элүүдөй сойлотуп.
Качты калмак дүркүрөп,
Караанын көрүп көк жалдын,
Сийдиги агып бүркүрөп,
Калдагай кулак Чойун алп,
Темирбек экөө баш кошуп,
Кеңешке кирди күбүрөп,
Эрдемсиген акмактар,
Амалы кетти бүжүрөп.
Тажиктердин Темиркөк,
Чойун алпка айтат кеп:
- Үчүнчү атам Табылды,
Андан бери тажиктер,
Ээлеп келип жатканбыз,
Дүйшөнбүнүн шаарыны,
Жан жыргатып жам жайкыт,
Жатчу элек эл чайкап.
Калдагай кулак Чойун алп,
Кыргын кылдың сен чайкап!
Кыргыз деген кыйын журт,
Кызыгышкан душманын,
Кырып келет кан жутуп.
Өрттөнүп өлгөн Манастын,
Өлбөгөн укум-тукуму,
Өөрчүп келет өрт болуп,
Арбып кеткен жери жок,
Бирден ашык көп болуп.
Жалгыз жүрүп Семетей,
Ээрчиткен эки чоросу,
Он экиде кенедей,
Чынкожо менен Толтойду,

www.bizdin.kg

Бучкагына теңебей,
Айчүрөк тартып бир алды,
Андан кала бергенде,
Карылардын айтканы:
Атактуу Коңур алп баштап,
Нескара менен Мурадил,
Уушаң өңдүү зор баштап,
Түп Бейжинге калтырбай,
Беш урукту бүт айдап,
Таласка келип алалбай,
Же муунуп өлүп калалбай,
Жатындашы Ороккыр,
Нескара менен Мурадил,
Сен калмактын Уушаңы,
Коңурбайдан башкасы,
Баары өлүп сулады.
Аны менен жай жатпай,
Кызыл-Кыйа сагаага,
Коңурбай тузак курганы,
Өзү түшүп тузакка,
Күлчородон кулады,
Коңурбайды жеңди деп,
Семетейге ат калды.
Казактын эли бузулуп,
Жапандакы кызыл дөө,
Жалгыз көздүү Мадыкан,
Нескаранын Жубатай,
Мурадилдин Каратай,
Калмактардын Уусанген,
Калбай келип баарысы,
Бирөө тирүү калбады,
Семетейдин ошондо,
Абдан ачты арбагы.
Маңгыттардын Мадикүл,
Жалгызкөздү дагы алды.
Бараң менен Шанхайды,
Жөөт менен тарсаны,
Жуда менен калчаны,
Каракалпак, Кыйваны,
Баарын мындан куткарды.
Канчоро ичтен бузулду,
Ошондо далай кысылды,
Жедигердин элинде,
Жетисуунун жеринде,
Сейтек андан туулду,
Кыйазды жакын жолотпой,
Аташканы Айчүрөк,
Албарсты болуп кубулду.
Он экиде Сейитек,
Эли-жерин эстеди,
Тоодой болгон Кыйазды,
Тоңкойтуп сойуп кеткени.
Элге батпас ант ургур,

www.bizdin.kg

Жерге батпас кутургур,
Беттешип барып кор болду,
Мен-менсинген далай дөө,
Кыргыз колдуу жоголду.
Сейтектен Кененим,
Күн батышка бир барып,
Жети дөөнү жоготту,
Баш булгатпай батышты,
Жүрөк курчун мокотту.
Иран менен кудусту –
Булардын баарын колотту.
Сегиз миң жыл жашаган,
Жүйрүн дөөнү торойтту.
Катышып барып Чиктей хан,
Каңгайда өлүп жоголду.
Темир тондууШалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Ал экөөн шор болду,
Сен экөөбүз бир туруп,
Көргөнүбүз бул болду,
Коросон менен испандык,
Келип калса не болду?
Иранкүдүк Чыңгышка,
Айткан экен башында:
“Тогуз ата болгунча,
Томолонбойт Манас” деп,
Ал айтканы чын болду,
Ажал алып жакалап,
Амалыбыз болбоду,
Жалаңгыч сарык  Кененим,
Жалынсак тирүү койобу?
Эр Кесилет, Ачакан,
Дабытай баштап ал үчөө,
Келер кези болжолу.
Бул кан ичме кыргызга,
Булардан айла болобу,
Баарыбызды чогултуп,
Ажыдаардай соробу?
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Жөлөк болуп зоройду.
Ойлосо бүгүн кыргызды,
Замана бизге тар болду.
Алып болду күлүктү,
Аскерге салды бүлүктү,
Тажик менен калмактан,
Тентип жолго көп түштү.
“Ханыңда күнөө сенде жок,
Кайда барсаң баргын” деп,
Ат-тонун берип жөн койду,
Кантип бизге кайрылсын,
Өлбөй калган бар аскер,
Кыргыздын кулу болгону.
Жандан тойбой, Чойун алп,

www.bizdin.kg

Көп акылды ойлойлу,
Тажик, калмак биригип,
Кыргыздан калып жеңилип,
Калганга таба болбойлу.
Коросон менен испанга,
Жону туйук нар бердик,
Сандыкка салып зар бердик,
Андан кала бергенде,
Кыргызды чаап алгын, деп,
Сыртынан бийлеп аа бердик,
Өз билгенче айабай,
Карындан майга мал, дедик,
Айткандын баары бөтөн сөз,
Акмак болгон белембиз.
Деп Темирбек токтолду,
Калдагай кулак Чойун алп,
Айткан кеби бул болду:
- Чын айтасың, Темиркөк,
Коркуп калган белемсиң,
Кененимден кайгы жеп?
Мен кенебей турамын,
Мынчалык ишти канча, деп.
Элиң сенин Темиркөк,
Качып кетип жоголду.
Ан үчүн болбо сен капа,
Болбос ишке кайгы жеп.
Калмактын эли көбүрөөк,
Көйкашкалар көмүлүп,
Көп да болсо чөбүрөөк,
Майдасы калды, чоңу жок,
Кенже койдой чөбүрөп.
Акимсиген Кененим,
Эртең чыгып жекеге,
Талпагын ташка керемин,
Алдындакы кула атты,
Олжого алып минемин.
Кандай киши экеним,
Темирбек, анда билесиң,
Коросон менен испанга,
Эки күндө келбесе,
Шаарына барып киремин,
Таштап койуп калганын,
Туздугуна сийемин!
Сен Темирбек, байкагын,
Чын сырымды айтамын,
Айткандай кылам бар ишти,
Үкүз кепти айтпадым!
Калмактын көрчү айтканын,
Баш калкалап жан катып,
Качып жүрүп мааналап,
Коросон менен испанга,
Үкүс кепти айтканын.
Өзүнчө сүйлөп күдүрөп,

www.bizdin.kg

Кейпи суук калмактын,
Сел аккан суудай күжүлдөп,
Кабагын ачып ирмесе,
Асманда булут бүркөлөт,
Намыстанып Чойун алп,
Камчы басып сур атка,
Кененимге баратса,
Хан Дабытай, Кесилет,
Ачакан келет жанаша,
Эми болот көргөнгө,
Өтө кызык тамаша.
Аларды көрүп күч алып,
Заар жүзүнө айланып,
Сом темирди артынып,
Чарайнасын тартынып,
Кетелегин кошо алып,
Кылыч кында кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап,
Найза колдо зыңгырап,
Жолум үйдөй Чойун баш,
Такымына кысыптыр,
Туулгасын көмөрүп,
Баары темир көгөрүп,
Көөдөнүндө чарайна,
Далысында калканы,
Торгой көз темир бадана,
Беш кабат катар кийгени,
Тизесинде кисепче,
Үзөнгүдө калдыркан,
Алдынкы ээрдин кашында,
Жойкумасы байлалуу,
Эки миздүү канджардан,
Алтоо-жетөө камдалуу,
Сарапча тартып көзүнө,
Көргөн киши таң калат,
Бул капырдын өзүнө,
Өчөшүп жаман келатат,
Темиркөккө актанып.
Өзү айткан сөзүнө.
Ошол капыр чочконун,
Ачуу басып акылын,
Жан көрүнбөйт көзүнө,
Булдурттап тили күрмөлбөй,
Түшүнбөй адам сөзүнө,
Тик багып киши карагыс,
Кысталактын жүзүнө.
Кыйкырыгы таш жарып,
Таштан өтүп баш жарып,
Колундакы найзадан,
Жалындаган от жанып,
Аркасында чаң калып,
Дабытай менен  Ачакан,
 Эр Кесилет жанаша,

www.bizdin.kg

Карап турду таңданып.
Аңгычакты болбоду,
Кең кула менен аргытып,
Артынан чаңды баргытып,
Асман көктү каратып,
Атырылтып каргытып,
Аркасында чаң калып,
Көк түбүк найза карманып,
Өңү сары, көзү көк,
Бузулуп жаман сурданып,
Сакалы сары сеңселип,
Кармашарга жоо десе,
Каарданып эңсенип,
Качырып чыкты Кененим,
Манастап ураан чакырып,
Калтаарытып бар элди,
Жапырып чыкты Кененим.
Көзүнөн жалын от чыгып,
Кара көк туулган берениң,
Калдагай кулак Чойун алп,
Качырып найза салганы,
Сайдырбастан Кененим,
Балта менен какканы,
Балта тийген куу найза,
Талкаланып жатканы,
Карап калмак турбады,
Айбалта менен урганы,
Чаптырабы Кененим,
Балтага балта кагылды,
Чойун алптын балтасы,
Уңгусунан жарылды,
Кан ичме доңуз Чойун алп,
Кылычына камынды.
Кылычты кындан суурганда,
Кыйкырыгын күчөтүп,
Кыйрынан келип урганда,
Балтаны таштап Кененим,
Найзаны оңдоп имерди,
Кылыч чапчу оң колдон,
Каржиликтен булчуңга,
Найзаны муштап жиберди.
Күчтүү тийген бул найза,
Колундакы кылычы,
Ыргып кетти капкайда,
Калдагай кулак Чойун алп,
Чокмор алар колу жок,
Өлбөй калар жолу жок,
Манастын уулу каракөк,
Өтө баатыр колу шок,
Көкжалдык эмей неткени,
Көзүрсүнгөн калмакты,
Көмө койуп өттү эми.
Тоңкойуп калмак жыгылды,

www.bizdin.kg

Топого башы тыгылды,
Кайра айланып сайгыча,
Темирбек келип кабылды,
Беймаал өлүм табылды.
Калмакка сунган найзаны,
Тартып алып Кененим,
Темирбекти муштады,
Ичеги-боорун аралап,
Омуртканын тышынан,
Найзанын учу чыкканы.
Чойун алп кетти кутулуп,
Темирбек калды өлүмгө,
Бурула албай тутулуп.
Чойун алп басты санаасын,
Дабытайга кошулуп:
- Кесилет менен Ачакан,
Курбалдашым Дабытай,
Сен үчөөңө кошулдум,
Эминеден кемим бар?
Темирбек өлдү көрдүңөр,
Болбой калган жерим ал,
Бир капталым бек ооруйт,
Аңтара сайды кан ичме,
Как өпкөмө кабыргам,
Кадалып калган чени бар...
Карбаластап калдаңдап,
Ит куугандай барбаңдап,
Өзүнүн бойун жыйнабай,
Этектери далбаңдап,
Эки буту салбаңдап,
Эки жеңи балбаңдап,
Өкүрүгүн басалбай,
Жумулган көзүн ачалбай,
Чалды-куйду түшүрүп,
Сөзүн жакшы айталбай,
Коркуп калган кези экен,
Кара жанын каталбай.
Майданда турат Кененим,
Эңишип келген душмандан,
Эринбеген береним,
Испандан келген Ачакан,
Жанындакы Уданы:
- Кененимге бар, - деди,
Кепти ачык сал, - деди,
Ачакан менен Дабытай,
Эр Кесилет, кел, - деди,
Биз түшөлү жайланып,
Жан тумшукка келгенде,
Кара жанын калкалап,
Качып келди Чойун алп,
Башын катып мааналап,
Эртеңден баштап көрөлү,
Кимдер өлүп, ким калат.

www.bizdin.kg

Ачакандан кеп угуп,
Ууда кетти бурулуп,
Кебин салды калтырбай.
Кененимге жолугуп.
Кепке канып Кененим,
Кең пейил тууган эрениң:
- Келген киши, кайтып бар,
Менин кебим ханыңа,
Төкпөй-чачпай айтып бар,
Ачакан менен Дабытай,
Испан менен коросон,
Козголуптур жан калбай.
Буулугуп калган кезиби,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Айдарына мал таппай?
Алданып малга келиптир,
Аманат жаны жай таппай,
Баркы кетет хандарың,
Баш калкалаар бай таппай,
Кетиреби Кененим,
Селдей толкуп кан акпай!
Айкөл Манас, Чынача,
Урушканда Ооганда,
Коросон менен испандык,
Коңурбайга алданып,
Барган экен башында,
Кечириптир күнөөсүн,
Келбеттүү Манас падыша,
Испан менен Коросон
Жана келип калыптыр,
Анткор калмак алдаса.
Алданып койуп тажиктер,
Темирбекке капташты,
Кан төгүлүп каргаша.
Карыдан кабар укпайбы,
Ачакан менен Дабытай,
Укса дагы жукпайбы,
Эки хан эстен азыптыр,
Эмгектүү жолду басыптыр,
Ажал алып жакадан,
Хан талашып шашыптыр.
Коросон менен испанга,
Кол салып кыргыз барбаса,
Топтошуп жүрүп не пайда,
Төө берип калмак алдаса?
Ат берейин жөө болсо,
Тон берейин жок болсо,
Калмак менен тажикти,
Түп көтөрө берейин,
Арык болгон, ач болгон,
Алы начар эл болсо,
Кетип калсын эки хан,

www.bizdin.kg

Оор албаса, эп болсо,
Деп Кененим жөнөттү,
Кайра барып Удасы.
Көргөнү менен укканын –
Баарын айтып түгөттү.
Аскер түшүп жатышты,
Жан казанын асышты,
Уйкунун даамын татышты.
Аскерди уйку басканда,
Торойушуп жатканда,
Дабытай менен Ачакан,
Эр Кесилет үчөөнө,
Чойун алптын айтышы:
- Карап турду көзүңөр,
Угуп турдуң өзүңөр,
Бул кан ичме Кененим,
Айткан кептин туркун көр.
Чаары турат көзүндө,
Чалгырты  турат сөзүндө,
Айткан кеби баары заар,
Ичи мунун такыр чаар.
Мени менен силерди,
Чагыштырып айтканын,
Манаста болгон урушту,
Салыштырып айтканын,
Бириң баатыр, экөөң хан,
Кептин тегин байкагын.
Кыр көрсөтүп биздерге,
Жакшылык жактын шеги жок,
Жамандык жагын издерге,
Беттешкенин мент кылып,
Алып келди бул кезге,
Касташканын капшырып,
Басып келди бул кезге.
Кылымды кыргыз басты, деп,
Айтылып калды кеп болуп,
Жашы-жаман иш болсо,
Не дегени эп болуп,
Катышкамын кыргызга,
Келечек кепти ойлонуп,
Белге таңуу бектер деп,
Кабар айттым сиздерге,
Калың кошуун кол менен,
Келипсиздер бул жерге.
Акылым айтам баарыңа,
Жашырбаймын дегеле,
Жекелешип урушуп,
Ал келбестей Кененге,
Акылды арбын жыйалы,
Кызык жумуш кылалы,
Эртеңден баштап бөлүнүп,
Үч бөлүнүп чыгалы,
Туш-тушунан кыргызга,

www.bizdin.kg

Кылгылыкты кылалы.
Бир бөлүгү биздин эл,
Кас тилеги Кашкарда,
Жоодарды кармап сойолу,
Жоготуп аны койолу.
Бир бөлүк кол баралы,
Атбашы менен Нарынга,
Калтырбайлы кыйратып,
Кыргызды койбой барынча.
Бир бөлүк кол түз жүрүп,
Таласына баралы,
Таш-талканын чыгарып,
Такыр  чаап алалы.
Мен барайын Кашкарга,
Ачакан барсын Нарынга,
Дабытай барсын Таласка,
Кесилет жарайт намыска.
Айтканың акыл, баатыр, деп,
Атагы кыргыз болгонду,
Түгөтөлү такыр деп,
Эртеңки түнү бөлүнүп,
Туш-туш жакка жөнөргө,
Убадасын бекитти,
Өздөрүнүн салтынча,
Ант кылышып бекишти.
Бет келгенди кыйратып,
Самарканга чогулмак
Болуп тарап кетишти,
Жай-жайына жатышты.
Аңгыча таңдын атышы,
Чуркурак чыгып башталды.
Тажиктердин качышы.
Кара нээт Чойун алп:
Тажиктерди камчылап,
- Бузук салган кимиң? деп,
Тениңден башың кесемин,
Аксын каның тамчылап!
Деп жекирип турганда,
Кененим киши жиберди,
Ээсиз калган элди деп.
“Коржоңдогон бул калмак,
Неге бокту жеди деп?
Мен колдуу өлдү Темирбек,
Эл меники эми, - деп,
Кызыкса калмак жашынбай,
Азыр чыга калсын!”
Кененимден кеп келди,
Бул эреже ырас деп,
Тийбес болуп тажикке,
Баарысына эп келди,
Бадахшан, Балык, Дүйшөмбү,
Карап тажик кеткени,
Майданга чыгып бир киши, Жекелешип келбеди.

www.bizdin.kg

Дабытай менен Ачакан,
Калдагай кулак Чойун алп,
Кол башкарган мыктысын,
Койбой баарын келтирди:
- Тайарлыгың кыл, - деди,
Тайар болуп тур, - деди,
Керней тартып чуу салып,
Сурнайдын үнүн чыгарбай,
Доолбасты урбастан,
Айал кылып турбастан,
Коросонго караган,
Таласты карай бас, - деди,
Ачаканга караган,
Атбашыга түш, - деди,
Чойун алпка караган,
Кең Кашкарга бар, - деди.
Кармап алып Жоодарды,
Тажиктен качып мааналап,
Кашкар жакка барганды,
Алып келе кал! – деди,
Кеңеш кеби бүтүштү,
Кеч киришти күтүштү.
Бактыбайдын элинде,
Сакадай деген бар эле,
Салтанаттуу иш кылган,
Салттуу эрдин бири эле,
Кененимдин элинде,
Сары айар деген бар эле
Сак сакташкан мезгилде,
Сактын бири ал эле.
Сакадай менен Сары айар,
Кеңеш кыла калышты,
Жай алып жатты келгендер,
Жакшылап кабар алышты,
Сакадай кийди испанча,
Сары айар кийди калмакча,
Ашпоз боло калышты,
Чай сунуша барышты,
Кебин угуп алышты,
Кененимдин алдына,
Булар келе калышты,
Барганынан келгенин,
Бар кебин айта салышты.
- Айтканыңар чын болсо,
Өтө жаман иш экен,
Үч тараптан чыр болсо,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Таласка баргын сен болсо,
Кашкардагы Жоодарга,
Каралашам мен болсо,
Аркандан жете барамын,
Ачык жолум шар болсо,
Атбашыга, Бактыбай,

www.bizdin.kg

Ата журтуӊ ээ болгун.
Конгон жерде жөн койбой,
Кол салыша бергиле,
Манастап түндө тийгиле,
Кара боорун тилгиле,
Күүгүм кире бүрүлдө,
Жалпы атка мингиле.
Бөлүнүп жөнөй бергенде,
Астыртан утур тийгиле,
Аралап өтүп тубастан,
Арткы колго киргиле.
Бирикпесе бөлүнүп,
Айткан жерге баргыла.
Азыр болуп калгыла,
Чогулушса баарысы,
Биз да чогуу туралы.
Бөлүнүп чыкса талаалап,
Биз чыгалы алдынан,
Жолун торгоп сабаалап.
Деп Кененим тапшырып,
Эр Сүйүн менен Чолпонбай,
Таластын элин бир бөлүп,
Аттарын токуп жакшылап,
Жан казанын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Чылбырын кармап аттардын,
Буйрук күтүп калыптыр.
Зор Бактыбай кер атка,
Ээр-токумун токутуп,
Атбашы, Нарын элдерин,
Бар керегин жам кылып,
Тайарланып калыптыр.
Көк жал төрө Кененим,
Кеӊкула атты белендеп:
- Кызыталак Чойун алп,
Кеӊ Кашкарга жеткирбей,
Талпагыӊ ташка керем, - деп,
Жолум үйдөй башыӊды,
Жол бойуна илем,- деп
Томолотуп көргөндөр,
Көзүӊө балдар сийер, - деп,
Сенден көөнүм жай кылып,
Коросон менен испандын,
Кыйындыгын билем деп!-деп,
Кыжырланып алганы,
Шабыркандын сайынан,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Жол тосуп тура калганы.
Айалдап аста жүргөн деп,
Аркасында калганды,
Аттанып чыккан коросон,
Колу келип капташты.
Тосо чыгып Чолпонбай,

www.bizdin.kg

Ким болосуң жүргөн , деп,
Жолун сурай баштады,
Кол баштаган немеси,
Коржоңдоп жооп кылбады,
Кужуру кармап Чолпонбай,
Жыга чаап таштады,
Ач кыйкырык ызы-чуу,
Кызыл кыйан сел агып,
Кыйын уруш башталды.
Таластын эли талаада,
Капташып калды коросон,
Эр Сүйүн менен Чолпонбай,
Жан алуучу балаага.
Манастап экөө бакырып,
Аралап кирди жапырып,
Ким капташса буларга ,
Каны-жини чачылып,
Кайра качты коросон,
Дабытай көздөй шашылып.
Кыргыздан аскер кирбеди,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Далайын кырып жиберди.
Камынып кыргыз тосконун ,
Хан Дабытай билди эми,
Хан Дабытай, Кесилет,
Камынып атка миништи,
Кыргыздын эли экен, деп,
Манас деген үндү угуп,
Калмакка барып тийишти.
Калмактын каны сел болуп,
Кагылып башы алмадай,
Кара жерге тең болуп,
Испандагы Ачакан,
Кеп угучу кез болуп,
Атбашыны бетке алып,
Аттанып жолго салыптыр.
Инектин сайы дегенде,
Жолун тосуп Бактыбай,
Жолугушуп калыптыр.
Ачакан калган аркада.
Аскер келе жаткан кез,
Бактыбайдын кайраты.
Башка жаштан болгон кез.
Жолун тосуп кеп сурап,
Барасың кайда, деп сурап,
Сакер баштап келейткан,
Ачакандын кишиси,
Караңгыда калдаңдап:
- Жөн сураган сен кимсиң?
Ачакандын кошууну,
Абдан жайын билгиниң,
Жоодурабай жооп сурап,
Өз жолуңа киргиниң!

www.bizdin.kg

Бастырып жөнөй берерде,
Жана айтты Бактыбай:
- Ачакандын кошууну –
Колу барат кай жерге?
Жол баштаган жооп айтты,
Кобурабай тургун , деп,
Колду баштап басканы,
Колун сунуп Бактыбай,
Далысынан кармады,
Чымчыктай аттан алганы,
Чымырканып сурады.
Атбашы, Нарын барабыз,
Коргон салган Кошойдун,
Койбой элин чабабыз,
Кумардан чыгып калабыз.
Чын кумардан чыктык! деп,
Жакадан муунта кармады,
Осуртпай жанын алганы,
Байрагын булгап көтөрүп,
Кайра артына жанганы.
Калмак менен коросон,
Койгулашып жатканда,
Колду алпарып салганы.
Коросон, калмак, испандык,
Шаркырап суудай кан агып,
Ангычакты болбоду,
Таң көрүндү агарып,
Хан Дабытай, Кесилет,
Мойнун буруп карашып,
Кырылган элдин саны жок,
Кылайган кыргыз бири жок,
Коросон, испан, калмактан,
Өлгөн өлүк саны жок,
Кырылган элди көргөндө,
Чоңдордун ичи жалын, чок,
Калдайай кулак аттанып,
Кашкарды карай бет алып,
Бастырып чыга бергенде,
Кененим калды капташып.
Караанын көрүп көкжалдын,
Жүрөгү коркуп апкаарып:
"Жолумду тосуп бекемдеп,
Куткарбайт экен эми, - деп,
Эрдемсиген Чойун алп,
Өмүрүм бүткөн экен, - деп,
Мындай уруш курусун,
Куландын сары сайына,
Качып кетсем белем, - деп.
Коросон менен испанга,
Койгулашып Кененим,
Өлүп калса угармын,
Өлбөй калса Кененим,
Өзү издеп баргынча,

www.bizdin.kg

Узартып өмүр турайын",
Сур аттын башын бургany,
Созултуп качып жөнөдү,
Аттанып жаткан аскерге,
Аралап кирип жоголду.
Таң агарган болжолдо,
Из таанылар болгондо,
Айкөлдүн уулу арстаның,
Ат изин чалып карады.
Кырылышкан элдердин,
Жанына басып барбады.
Кашкарды карай бет алып,
Качкан экен кара нээт,
Аттын изин таап алды.
Кеткенин билип калмактын,
Катын баасы арбактын,
Сары жашыл жалпак бет,
Намысы жок акмактын,
Аркасында аскерди,
Абалы кантер экен, деп,
Акмалап туруп калганы.
Күндүн мурду чачыла,
Тунарыктар жазыла,
Коросон менен испанды,
Чойун алпты таппады.
Кыргыздын элин караса,
Кыбырабай жай жаткан,
Коросон, испан, калмактан,
Селдей болуп кан аккан,
Атайын киши жиберип,
Кыргыздан муну сураткан,
Биз билбейбиз деп койду,
Билбегенге жооп жок,
Аны менен тим болду.
Калдагай кулак Чойун алп,
Каңгайлыкта көрүнбөйт.
Кызыл жолборс Кененим,
Кыргыздарда билинбейт,
Көптүгүнө алыптыр,
Коросон менен испандык,
Таласты карай бет алып,
Аттанып жолго салыптыр.
"Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Маана болор элге, - деп,
Баш душманым кангайлык,
Калдагай кулак эле, - деп,
Куткарбайын аны" деп,
Аттын изин кубалап,
Артынан түштү Кененим,
Кең куланы камчылап,
Борбуйдан тери тамчылап,
Омбул-домбул түйүлтүп,
Ой-дөңү жок жүгүртүп,

www.bizdin.kg

Опсуз катуу жөнөдү.
Кара нээт Чойун алп,
Аска ташты мааналап,
Атын байлап далдалап,
Кененим өтө бергенде,
Сур атка минип калдайып,
Кара аскадай далдайып,
Кайра артына салганы,
Коросон менен испанга,
Кошулуша калганы.
Үч бөлүнүп ургандар,
Кыргызды үйрүп камады,
 Жекелешип барбады.
Мылтык алды, жаа алды,
Мылтык алып тарсылдап,
Жебе тартып зыркырап,
Салмоордун ташы чыркырап,
Асманга учуп топурак,
Милтенин баары кызыл чок,
Боздоп учат аткан ок,
Жандан тойуп кыргыздар,
Баарысында жан-ман жок.
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Жалтайгансып калган жок.
Бирде өөдө, бирде ылдый,
Атаңдын көрү дүйнө шок!
Манастап ураан чакырып,
Бактыбай тийди качырып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Эр Сүйүн кирди бакырып,
Эми калган кыргызга,
Чолпонбай айтат шашылып:
- Жаманатты болбогун,
Ар кайда качып чачылып,
Жалпы кыргыз баарың ук,
Туу козголсо качты, дейт,
Бизден кыргыз шашты, дейт,
Тууну кармап мен турам,
Баатырдын атын эске алып.
Баарың киргин турбастан,
Туруп берип окко өлбөй,
Душманга барып күч көрсөт.
Кудай бетин нары кыл,
Манас деген бакырык,
 Бар кыргыз ураан чакырып,
Жер силкинип калтылдап,
Аралашып киргенде,
Сойулга сойул чакылдап,
Келип калган кептенип,
Кыйамат кайым жакындап,
Шер Бактыбай, эр Сүйүн,
Кылычтан канын чубуртуп,
Калың жерин суйултуп,

www.bizdin.kg

Коросон менен испанды,
Таштап койуп унутуп,
Калмактын кирип тобуна,
Найзаны кадап баратат,
Жер тайантып бооруна.
Тура калды Чойун алп,
Эр Сүйүндүн жолуна,
Келе жаткан Сүйүнгө,
Көрүнбөй туруп ал калмак,
Капыстан найза урганы,
Саргыл аттан эр Сүйүн,
Камгактай учуп кулады,
Бактыбай көрө салганы,
Жебеден мурун жеткени,
Калдагай кулак капырды,
Капталга койуп өттү эми,
Алдындагы сур аттан,
Аңтарылып кеткени.
Бала баатыр Бактыбай,
Чойун алпка карабай,
Аксаргылга Сүйүндү,
Миндирип кетти тайманбай,
Испандардын Ачакан,
Чойун алпка жетиптир,
Куткарып алып кетиптир,
Туу түбүндө Чолпонбай –
Чоктой кызыл жалынга,
Беттеп бенде баралбай,
Буулугуп калган кыргыздар,
Кылча жанын айабай,
Кылчайып артын карабай:
“Жаным тирүү турганда,
Жандан тойгон калмактан,
Аз болгондо алтыны,
Көп болгондо алтымыш,
Жаздана жатсам экен” деп,
Алы жогун алдуусу,
Аңтара тартып атынан,
Көзгө чаап баратат,
Күчү жогун күчтүүсү,
Көчүккө сайып найзалап,
Кан агызып баратат.
Башы-көзү челектей,
Көзү күүгүм электей,
Жулкуш болуп ченебей,
Кызык уруш кези эле,
Эр Кененим изин кууп,
Кара кырдан ашканда,
Аз канакей кыргызды,
Кай тарапка кетти, деп,
Калдагай изин чалганда,
Кайта артынан чапканы,
Келе жатып кез болду,

www.bizdin.kg

Кеткен аттын изине,
Издин дайнын таппады,
Алда эмне кылды, деп,
Жалын түшүп ичине,
Кең кула менен желгени,
Кызыл кыргын кезинде,
Элге жетип келгени,
Жазганбастан сайышкан,
Көзү көрдү элдерди,
Баатырдын туусу сайылуу,
Желеги көккө жайылуу,
Жанын айап калбады,
Кабылан тууган Кененим:
- Калдагай кулак кайда, - деп,
Канчалык кылсаң айла, - деп,
Бир жаныңа табылбайт,
Кутулар менден арга! – деп,
Ачуу үн чыгып акырып,
Манастап салып бакырык,
Алгыр бүркүт түрдөнүп,
Кененим кирди качырып,
Калдагай кулак эр айтат,
Дабытай менен Ачакан,
Чакыртып келген элге айтат:
- Үнүн угуп турасың,
Жалаңгыч сарык келайтат,
Бетке келсе куткарбайт,
Бел сындырып жан тартат,
Башынан келе жатамын,
Кененим менен кектешип,
Мен чыгамын беттешип.
Жол бошотуп силерге,
Аны азгырып мен кетип,
Таластын тарпын чыгаргын,
Токтоо кылбай түз жетип.
Бөлүнбөй бирге жүргүлө,
Таласты алсаң бел сынат,
Такыр акыл билгиле.
Деп ошентип Чойун алп,
Кененимдин алдынан,
Утур чапты жол тосуп.
Келе жаткан Кенендин,
Кебетесин байкады,
Күүгүмдөгү устадай,
Өңү күүгүм сурданып,
Күүгүм туман көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Мурутуна муз тоңуп,
Кабагынан кары жаап,
Жаалы чыгып бетинен,
Жалын чыгып көзүнөн,
Көргөн адам айбыгат,
Келе жаткан түрүнөн.

www.bizdin.kg

Кененимдин белгисин,
Көрүп туруп Чойун алп:
“Беттешермин эрдемсип,
Кетчүдөй турат баш кесип.
Коросон менен испандын,
Көзү карап турганда,
Темирбектей тепселип,
Мында өлүп бергенче,
Качыра түшүп тап берип,
Күн кеч кирип калыптыр,
Топ аралап кирейин,
Көз байланган бүрүлдө,
Качып жолго жөнөйүн”
Акыл ойлоп алганы,
Арамзаада түгөнгүр,
Кез керип найза чунайтып,
Кездемдин боосун чубалтып,
Тик качырып жөнөдү.
Барып найза сайалбай,
Жандап өтүп булт берип,
Нары качып ойт берип,
Бери качып шойт берип,
Күн кеч кирди аңгыча,
Калың кара кошуунга,
Кирип кетти кылт койуп.
Карааны көздөн жоголду,
Караңгыда жылт берип,
Анткор калмак кайда, деп,
Арстан тууган Кененим,
Бактыбайга жол кошуп:
- Кангайдан келген калмакты,
Как боорунан жарбасам,
Кең куладан түшпөймүн,
Коросон менен испанга,
Катылышып жүрбөймүн,
Чойун алпты албасам,
Мен Таласка келбеймин.
Коросон, испан кетпесе,
Кезенишип диттесе,
Амал менен урушуп,
Айла кылып тургула,
Туйдурбастан жылыштап,
Таласты карай жылгыла.
Кезектешип урушпа,
Адам уулу чыдагыс,
Кесилет менен урушта,
Кейпи суук көрүнөт,
Ким эрдемсип беттешсе,
Беймаал каны төгүлөт.
Деп тапшырып Кененим,
Жүрүп кетти бастырып,
Кара нээт Чойун алп,
Чокудан чыгып шашылып,

www.bizdin.kg

Тоо аралап жашынып,
Чыгышты туура бетке алып,
Кетип барат ашыгып.
“Түбү тууган бирге эле,
Кызыл чапан, жайдак төш,
Мунун эли көп эле,
Баш калкалап мен барсам.
Маана болуп береби?
Чыгыштан жалкып калышты,
Кененимди көргөндө,
Же кармап мени береби?”
Санаасы сан, кыйал миң,
Калдагай кулак өзү бир,
Мээнет акыл таптырбай,
Ачылбай келет көөнү кир,
Тоо кылкалап жол басып,
Корум таштуу бел ашып,
Күн алтыга жеткенде,
Кашкарга келди жанашып.
“Алты күндөн бери жакка,
Аркамдан кабар болбоду,
Кененим калган белем деп,
Изимди таппай адашып,
Жоодарды сойуп кетем” деп,
Качып жүрүп жаны ачып,
Кез дайранын бойунда,
Жоодарга калды капташып,
Дүйшөмбүнүн шаарынан,
Кененимге баратып,
Көрө салып Чойун алп,
Ал Жоодарга муну айтат:
- Кайда кетип барасың,
Чал сакалың калдаңдап?
Дүйшөмбүдөн мен келем,
Кыргызды кырып канжалап.
Кыргыздан тирүү калбады,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Кененимди баш кылып,
Кажыр-кузгун талады.
Баш калкалап Жоодарың,
Мааналар жериң калбады,
Мен келатам сени издеп,
Башыңды кесип алгалы,
Жолумдан чыктың мага, - деп,
Найзасын колго алганы.
Жоодар анда кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат:
- Кыргызды кырып түгөтүп,
Келатпапсың кан жалап,
Качып келе жатыпсың,
Аркаңды карап кылчаңдап,
Башыңды кесип байланып,
Жолбостун жолун тосойун,

www.bizdin.kg

Атаңдын көрү кап, калмак!
Жоодар алды найзасын,
Кайрат кылып тырпаңдап,
Ак сакалын жаркытып,
Жааган кардай барпаңдап.
- Качкан киши менби? – деп,
Каарданып чоң калмак,
Баш алуучу сенби? – деп,
Улуу жолго сойойун,
Ичиңди жарып, томайак,
Талаага таштап койойун,
Келгендер көрсүн көзү, - деп,
Жүрөгү өлсүн өзү, - деп,
Ашкере билсин ап-ачык,
Чойун алптын иши деп!
Уга салып эр Жоодар,
Арсаңдап күлүп жиберди:
Атаңа наалат ой, калмак,
Качкандыгың билинди,
Жаныңды катып мааналап,
Келгендер көзү көрсүн деп,
Бул айтканың кайсы кеп?
Кара күчкө байатан,
Мактанасың бокту жеп!
Карылардан калган кеп,
“Капкан жоону чындаса,
Кайраттуу катын алат” деп.
Качып келе жатыпсың,
Ашкере сени билдим, - деп,
Мөкүбалдуу найзаны,
Булгап алды Жоодар чал,
Кайраты жаштай толкуду,
Качырып кирди карган чал.
Чойун алпка сайдырбай,
Найзасын кагып жиберип,
Кылкараны оң тартып,
Кайта тийди имерип,
Тартынып калар жери жок,
Чойун алптан ийменип.
Жоодар чалдын найзасын,
Кангыта кагып Чойун алп,
Сур ат менен тап берип,
Түп этектен алам, деп,
Айтканындай Жоодарды.
Жол бойуна жарам, деп,
Атына камчы басканы,
Кайран Жоодар шашканы,
Кылкараны койгулап,
Сойодой болуп качканы,
Кош кезек деген Мойнокту,
Катары менен ашканы.
Утур чыгып жолунан,
Шер Кененим капташып,

www.bizdin.kg

Жоодардын ичи кызыл чок,
Салам айтса  Кененим,
Алик алар шайы жок.
- Жоодар ага, не болду?
Кайратың кайда жоголду?
Жоодар жооп бергенче,
Көрүнө түштү Чойун алп,
Шер Кененим чу койду.
Кайра качар жай таппай,
Качырып кирди Чойун алп,
Ажал алып жакадан,
Аптыгып кирди чоң калмак.
Ачуусу келген Кененим,
Жоготкон жоосун жолунан,
Кудай өзү бергени,
Ачып көзүн каранып,
Кызыл түпөк найза алып,
Беттеп кирди Кененим.
Өпкө-боордун тушу, деп,
Жиктеп кирди Кененим.
Качырган жерде калмактын,
Найзасын кагып жиберди,
Оңолуп калмак келгенче,
Кеңкула оозун имерип,
Калдаңдаган калмакты,
Кара бойун жыйнабай,
Далдаңдаган калмакты,
Шамалга учкан камгактай,
Далбаңдаган калмакты,
Тайган кууган кийиктей,
Барбаңдаган калмакты,
Эки этеги жыйылбай,
Салбаңдаган калмакты,
Токойдо жапа доңуздай,
Дардаңдаган калмакты,
Карчыганын балык эт,
Найза менен муштады,
Табарсыкты аралап,
Найзанын учу чыкканы,
Калмакты сайып алганы,
Кара жерди майлады,
Башын кесип байланды.
Карыган Жоодар чалына,
Сур атты ага карматты,
- Ага Жоодар, кулак сал,
Унутуп калбай кебимди ал,
Башка хандан көбүрөөк,
Саа караштуу жерлериң,
Баарысынан кабар ал,
Жеркен, Котен, Лопнур бар,
Азык, Арал, Кум дайра,
Ээлик кылгын буларга,
Улуктарын үч жылда,

www.bizdin.kg

Бирден оодар тил алсаң.
Элдин көөнүн оорутпай,
Багалганын албасаң,
Эл наразы болгонун,
Көөнүн карап салбасаң,
Унутуп калат пейилсип,
Үч жылда бирден барбасаң.
Кокон менен колдошкун,
Кол үзгөндө болбоссуң,
Бактыбайды балам де,
Бар кеңешим салам де.
Айкөл Манас барында,
Жүргөн Төштүк жанында,
Алым келсе кадырлайм,
Наразы болбо карыйа.
Кененим, Жоодар кеңешип,
Кеби тамам болгончо,
Чыгыш жактан чаң чыкты,
Токтоо кылбай шар чыкты,
Кара байрак туу чыкты,
Калдайган кошуун кол чыкты,
Кабаттап темир кийинген,
Капкалуу тоодой зор чыкты.
Жоодар менен Кененим,
Ким экенин билүүгө,
Бура тартып буруудa,
Башмактап турду бир жерде.
Кол астында эр жалгыз,
Чабдар күрөң ат минген,
Куйругун ача шарт түйгөн,
Жеңишке салчу күлүктөй,
Көкүлүн көккө шүйдүргөн,
Бар кийгени темирден,
Күн чагылып жаркылдайт,
Кара бойу кем эмес,
Кара тоонун сеңирден.
Жер козголуп калтылдайт,
Алдында минген чабдар ат,
Алоолонуп алкылдайт,
Саадагы сары жез экен,
Көз уйалтып жалтылдайт,
Доолбасы кызыл мис,
Чымын тийсе зыңкылдайт,
Айбалта сабы күмүштөн,
Күн чагылса жылтылдайт.
Айдары кара түпөктөй,
Бетиндеки сары түк,
Беш байпактуу жүн экен,
Карап турат эки эрен,
Келаткан киши ким экен?
Ангычакты болбоду,
Жол бойунда дардайган,
Чойун алптын тарпына,

www.bizdin.kg

Атын тартып токтотуп,
Жанына келбей кошууну,
Көргөн жерде токтоду.
Камчысын булгап чакырды,
Келген киши беш болду,
Келгендин бири бүк түштү,
Бакырып ыйлап какшады,
Көзүнүн жашы сел болуп,
Жакасы ылдый акканы:
- Тирүүндө неге көрбөдүм?
Өзүңдөн мурун өлбөдүм?
Ким экен сени өлтүргөн!
Дүмүрүн казып көрөйүн,
Күркүрөп бирөө кеп айтты,
Баатыр сендей болобу?
Ыйлабагын, деп айтты,
Ким экенин билем, деп,
Жоодар чалың баратты,
Баары турду дүрбөшүп,
Көрө сала карaанды,
Көк темир кийген кеп айтты:
- Ким болосуң? – деп айтты,
- Ким болойун мен бир чал,
Жумушчулап келатам,
Коркуп кетип коктуда,
Жашырындым байатан,
Көркүң башка адамдан,
Ким болосуң, айта сал.
- Ким экеним сурасаң,
Атым Сакта билип ал,
Атамдын аты Чиктей хан,
Өлтүрүптүр Кененим,
Кунун кууп келатам,
Калдагай кулак Чойуналп,
Жез киндиктүү Кикимат,
Темир тондуу Шалкымат –
Үчөө экен бир тууган,
Чиктейдин өчүн алам, деп,
Кайраттанып бел бууган.
Ыйлап жаткан тетиги,
Чойун алптын баласы,
Атын уксаң Саранжа,
Камынып жаткан кези экен.
Атасын издеп бараргa,
Чойун алп өлүп жатыптыр,
Ушу жерде келатсак,
Ким өлтүргөн экендир,
Угат элек сурасак,
Сактадан Жоодар кеп угуп,
Кеп баштады оолугуп,
Көптөн бери сүйлөбөй,
Калган экен буулугуп:
- Атың Сакта калмакпы?

www.bizdin.kg

Коктукаттан кол тартып,
Койбой элди чубатып,
Кененимден доо доолап,
Чиктейдин кунун алмакпы?
Кунун кууп өлгөндүн,
Көзүң көрүп турасың,
Чойун алп жолдо өлгөнүн.
Шалкымат өлдү Таласта,
Жалаңгыч сарык Кененим,
Жолуна чалды Манаска.
Атбашыда Кикимат,
Катар өлдү үч калмак.
Алтын берип, зар берип,
Аны артып нар берип,
Коросон менен испандан,
Андан калмак кол алган,
Тажиктердин Темирбек,
Аны алдап дагы алган,
Барысы жүрүп тең келбей,
Кененимден сойулду,
Өлгөндөрдүн майына,
Карга-кузгун тойунду.
Сакта менен Саранжа,
Катышып барсаң баатырга,
Кара көзүң ойулду!
Же болбосо бул сөздү,
Чын айттыңбы, ойнуңбу?
Ойноп айтсаң ойлой айт,
Тилимди алсаң экөөңөр,
Ушул жерден кайра тарт,
Кененимге кездешсең,
Койдой кезет башыңды,
Коондой жарат ичиңди,
Ачып көздү жумганча,
Бүтүрүп койот ишиңди,
Сындырат бүктөп белиңди,
Шыпырат аттан ээриңди,
Жетим кылат балаңды,
Жесир кылат алганды.
Темирбек өлүп сулады,
Тажиктин эли чуулады.
Коросон менен испанга,
Кол салат эми душманга,
Алар да калат бушманда,
Ажал айдап келипсиң,
Жаш өмүрүң кыскарта!
Атым Жоодарбешим мен,
Келе жатсам бул жерде,
Четин чардап элимдин,
Мени менен кез болду,
Калдагай кулак Чойун алп,
“Бар кыргызды түгөтүп,
Келатам” деп кан жалап,

www.bizdin.kg

Аңгычакты аркадан,
Кененим жетти кубалап.
Кененимди көргөндө,
Туулгасын башка көмөрдү,
Чоң найзасын өңөрдү,
Ачууланып көгөрдү,
Анткен менен калмагың,
Бул дүйнөдөн жөнөлдү.
Ат чалдырып Кененим,
Ар жакқы агын бойунда,
Силерди мындай келет деп,
Дегеле жок ойунда.
Жоодар мындай дегенде,
Сактанын айткан кеби эле:
- Чын болсо кебиң карыйа,
Кененим канча киши экен,
Келалбайт менин алдыма.
Келатканым көргөн бейм,
Карааным көрүп алыстан,
Жүрөгү менден өлгөн бейм,
Көөдөндө жаны бар туруп,
Башкаларга жалынып,
Жан сакташы кандай кеп?
Коросон менен испандан,
Кол сурашы болбоптур,
Колунда барды аа берип,
Түбүндө жакшы болбостур,
Аларды колго чакырып,
Болбогон ишти ойлоптур,
Баш көтөртпөй муңгулду,
Өзүнүн жолун тордоптур.
Кыргыз менен кас болуп,
Кырылып жатсак маминтип,
Алардан өлсө аттуудан,
Аты угулган баштуудан,
Алардын ага-иниси,
Сен үчүн муңгул өлдү, деп,
Изин кууп келбейби,
Күндө айылдан доо кетпей,
Эдепти эки бербейби.
Өз башы менен ар кимдин,
Болгону жакшы мындайда.
Кененим менен кездешем,
Керт башыма беттешем,
Тирүүлүктөн үмүт жок,
Өлүм жагын жиктешем.
Чойун алпты жарганда,
Кумардан чыгып канганда,
Кайра кетти Кененим,
Коркпосо келип көрүшсүн,
Жазайын анын берейин,
Куйкасына чач койбой,
Бирден санап берейин!

www.bizdin.kg

Терисин тетир сойойун,
Саман салып толтура,
Жыгачка асып койойун.
Эки көзүн чекпесем,
Суу ордуна ичпесем,
Сакта болбой өлөйүн,
Сабынды бузбай жөнөгүн!
Сапырылтып топону,
Сабын бузбай черүүсүн,
Сакта баштап жөнөдү,
Жоодар кайра салганы,
Кайда кетти каары деп,
Сакта менен Саранжа,
Кадигине албады.
Кененимге жетиптир,
Көргөн-билген баарысын,
Такыр айтып берди эми.
Анда туруп Кененим,
- Жоодар аба кайт, - деди,
Кененим келди, мына деп,
Акмактарга айт деди.
Сакта менен Саранжа,
Кун алгалы келбеди,
Жан бергели келгени,
Деп айткыныӊ, - дегени.
Желип жетти Жоодарыӊ,
Алдын тосуп балдардын,
Кайда барып келгениӊ.
Кененимдин бар кебин,
Калтырбай айтып бергени.
Сакта менен Саранжа,
Унаадан жүгүн түшүрүп,
Чатырын тигип күтүнүп,
Кеӊеш кебин бүтүрүп:
“Жекелешип баралы,
Жеке уруш салалы,
Пил болсо да бу чакка,
Чаалыккандыр Кененим”
Каӊгайдын көрүп байрагын,
Жоодар сайды бир жерге,
Кененимдин желегин.
Мен-мен дешип талашып,
Сакта менен Саранжа,
Талашып калды далайга.
Эстүүлөрү калмактын,
Түшүп жатып арага,
Мурун өлгөн Чиктей хан,
Бул барса болот туура, деп,
Уруксат кылды Сактага.
Каӊгайдан келген эр Сакта,
Бойу тоодой бир барча,
Саадагын салып мойнуна,
Жебесин алып колуна,

www.bizdin.kg

Бар сайманы бойунда,
Бастырып чыкты буркундап,
Ылат-мылат булардын,
Колдой турган кудайы,
Катылуу жүрөт койнунда.
Сом темирин артынып,
Чарайнасын тартынып,
Бузулуп өңү сур чалып,
Буттай темир курчанып,
Кара буурул ат минип,
Каттай темир кийинип,
Баатырлыгы билинип,
Бастырып чыкты эр Сакта,
Балакет баскыр жекеге.
Сайышаар жери ээн топо,
Эпсиз жаман жер ошо,
Кененим, сакта бет келди,
Ойунда Сакта  Кененди,
Оодара сайам деп келди,
Кара буурул атына,
Камчы берип тап берди.
Найзалардан үн чыгып,
Жан алчудай сүр чыгып,
Жандаша түшкөн жеринде,
Найзаларын кагышып,
Кайта-кайта сайышып,
Балталашып чабышып,
Балтанын сыртын жарышып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыйкырышып урушуп,
Олпокторун булушуп,
Соотторун жулушуп,
Канжарлашып кармашып,
Кара бойго жармашып,
Калтырбай күчүн арнашып,
Талкаланып тарамыш,
Сөөктөрү зыркырап,
Кабыргалар калбастан,
Калгандай болуп быркырап.
Бирин бири тиктесе,
Көздөрдөн жалын шыркырап,
Темирден чыккан широөдөй,
Жылт-жылт этип чыркырап,
Зыркаар жүрүп эпкиндеп,
Шамал чыгып дыркырап,
Төбө чачтар үрпөйүп,
Сакалдары үксөйүп,
Муруттары бириндеп,
Этектери дирилдеп,
Зым-зым этип зымылдап,
Салтанаттуу Кененим,
Ак мейкин зоодой зымырап,
Жер бетинде айбандар,

www.bizdin.kg

Курт-кумурска көп жандар,
Коркконунан кобо албай,
Былк этпей жатат кыбырап.
Чиктей хандын эр Сакта,
Ээрдин кесе тиштенип,
Аманат жанга күч келип,
Жана тийди айкырып,
Найзасын булгап кезкерип,
Салтанаттуу кара көк,
Амалы журттан бөпбөлөк,
Күүлүү келген найзаны,
Сайдырбастан какканы.
Кененим каккан оңобу,
Балта тийген бул найза,
Сан барча болуп жоголду.
Буга Сакта арданды,
Балтасын колго алганы,
Чаптырбастан Кененим,
Кар жиликтин булчуңга,
Найза менен сайганы,
Каруу кылар булчуң эт,
Как бөлүнүп кетиптир,
Кан какшап булчуң какшады,
Колундакы балтасы,
Жерге түшүп жатканы.
Бирөө жара, бирөө сак,
Куруп калган бул Сакта,
Кантер айла таппады,
Таппаганга болобу,
Жалаңгыч сарык Кененим,
Бакалоордун безине,
Найза менен бир койду,
Кара буурул тулпардан,
Калпактай учуп торойду.
Көрүп туруп Саранжа,
Күркүрөп чочко ат койду,
Келгенинче бул чочко,
Кененимге шарт койду.
Тулпарларды арытып,
Жаш өмүрдү карытып,
Амал издеп айла таап:
- Андай уруш кылбайлы,
Какпай найза сайышып,
Качпай балта чабышып,
Колтуктарды чойушуп,
Чокмор менен койушуп,
Этек-жеңди түрүшүп,
Эрдик менен күрөшүп,
Турушалы Кененим.
Мындан айла болбосо,
Кезектешип нөөмөткө,
Чыдашалы, Кененим.
Кимдин жолу шар болот,

www.bizdin.kg

Кимдин жолу тар болот,
Кими баатыр ким коркок,
Ошондойдо ылганат.
Деп ошентип айтканда,
Макул болуп Кененим,
Күүлүү найза алышты,
Күркүрөтө сунушту,
Кагышпастан найзаны,
Как өпкөгө урушту.
Чарайнасы чатырап,
Быркырады Саранжа,
Саранжанын найзасы,
Кененимге тийгенде,
Канча барча бөлүндү,
Сыныктары чыркырап,
Көктө учуп көрүндү.
Колуна балта кармады,
Барлык күчүн Саранжа,
Кененимге арнады.
Кененимдин туулгасы,
Жалпайа түшүп токтоду,
Саранжанын туулгасы,
Дал-дал болуп жок болду,
Кылычын тартып кынынан,
Тең жарам деп ойлонду,
Кененимди кырынан,
Кененимдин кылычы,
Жүйрүн дөөнүн мурасы,
Кыйын кылыч мына ошо,
Армансыз болсоң калмак деп,
Карап турду Кененим,
Кылычын кындан тартканда,
Жылтылдады калмактын;
Алдында минген тулпары,
Жорголой басып арыштап,
Кылтылдады калмактын;
Күлкүсү чыгып кылыңдап,
Шылкылдады калмактын.
Кыйкырыгын күчөйтүп,
Күүлөп урду Кененге,
Кесип өтүп кетти, деп,
Саранжанын ойу эле,
Кененимдин кийгени,
Акым дөөнүн сооту эле,
Күүлүү чапкан бул кылыч,
Кырк жеринен сынганы.
Эр Кененим жолборско,
Кенедей зыйан кылбады,
Кылычы жок кур болду,
Саранжага сыр болду,
Салтанаттуу Кененим,
Бел тушуна болжоду,
Мелжеп туруп бир койду.

www.bizdin.kg

Кылыч кесип өткөнүн,
Билбей калды Саранжа,
Чапкан кылыч кана деп,
Сурайын деп козголду,
Тооpактай эки бөлүнүп,
Томолонуп жоголду.
Кезенишип Кененге,
Кекенише келгенде,
Калдагай кулак Чойун алп,
Хан Чиктейдин эр Сакта,
Чойун алптын Саранжа –
Үчөө катар сулады.
Жыйырма миңден колу бар,
Чуркурашып ыйлады,
Саадагын илип мойнуна,
Салбырашып турганы,
Буркурашып баш уруп,
Жан соогасын сурады.
- Айдоого келген, сен аскер,
Сенде жазык жок, – деди,
Жөн кишиге катышпай,
Жолуң менен кет, - деди,
Кайра келип калмактар,
Каңгайга барсак айдайт деп,
Куландын сары сайында,
Эсепке бизди албайт, деп,
Үч кошут менен жылдызга,
Үйүр алышып жердеди.
Аны андай таштайлы,
Кененим менен Кесилет,
Кез келгенин баштайлы.

## ӨЗҮНЧӨ ДҮРБӨГӨН КОРОСОН МЕНЕН ИСПАНДЫН ТОЗДУРУЛУШУ

Антип-минтип арадан,
Даалай күн өтүп кеткени,
Кыргыздар кандай болду, деп,
Кененим жөнөп кеткени,
Чойун алпты Кененим,
Кууп кеткен кездерде,
Коросондун Кесилет,
Бастырып чыкты жекеге.
Кыргыздардан Чолпонбай,
Бөлүнүп чыкты жекеге.
Бет келгенде кесилет,
Кылган иши кесирет,
Өзүнө өзү ишенсе,
Адамзат түркүн эсирет,
- Атың сенин ким**?-** деди,
- Менин атым Чолпонбай,
Мени менен беттешкен,
Болгон эмес көөнү жай.
Токтоло калып Кесилет:

www.bizdin.kg

- Кененим кайда, не келбейт?
Кененим келсе мен бармын,
Мени менен жөөлөшпөй,
Жөн эле кетип сен калгын,
Чолпонбай ага болбоду,
Найзаны күүлөп кескерип,
Капталдан ары бир койду,
Найзасы сынып белинен,
Козголуп койбойт көчүгү,
Минген аттын ээринен.
Эрегишип Чолпонбай,
Эшик эндүү айбалта,
Туруп берген Кесилет,
Чокуга чапты кезенип,
Бүткүл күчтүн барынча,
Туулга темир жарылды,
Кесилет буга ар кылды.
Камчылап атын сабады,
Чолпонбайдай мыктыны,
Белден туура кармады.
Аттан алып түшүрүп,
Жана мыктың келгин деп,
Карап турду күтүнүп.
Эр Сүйүн жетти ат койуп,
Эр кайраты тез болуп,
Кесилетке жетишти,
Сондуруп найза кез болуп,
Найзасын улай кармады,
Силкип тартып алганы,
Куру кол калган Сүйүндү,
Атынан алып таштады.
- Турган экөөң кет, - деди,
Элиңе ылдам жет, - деди,
Кененимден башкаңар,
Атка минбей жат, - деди,
Чолпонбай, Сүйүн кайтканы,
Бактыбайга айтканы,
Бактыбай угуп каарданды,
Атка камчы салганы,
Жеткен жерде Бактыбай,
Камындырбай сайганы.
Бактыбайдан найза жеп,
Мыкты жигит экен, деп,
Качырып кирди Кесилет,
Эки буту тепеңдеп,
Төрт карыш келет сакалы,
Шамал тийсе сепеңдеп.
Бактыбайдын найзасын,
Кагып таштап Кесилет,
Как далыга бир койду,
Топчу кулак кер аттан,
Тоодой болгон Бактыбай,
Томолонуп торойду.

www.bizdin.kg

- Бол атыңа мин, деди,
Мен Кесилет бил, деди,
Менден коркуп Кененим,
Бул майданга келбеди.
Эртеңки күнү жүрөмүн,
Таласка барып киремин,
Кененим келсе кагышып,
Как боорунан тилемин,
Манастын тагын минемин,
Калганда өзүм билемин.
Силер менен сүйлөшүп,
Убара болуп жүрбөймүн,
Силерге бүгүн тийбеймин,
Кененим келген күндөрдө,
Үчөөңдү каттап сойомун,
Кара көзүң ойомун,
Карап турсун Кененим.
Кабакка таштап койомун,
Андан кийин Кесилет,
Баатырлык атка кономун!
Деп ошентип Кесилет:
- Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Бачым мындан кет, - деди,
Бар элиңе жет, - деди.
Кененимди тапкыла,
Баш-айагың жыйгыла,
Тайарланып тургула,
Таласка барам түз мындан,
Эркек киши койбоймун,
Кененим чыккан уруудан!
Коросондон кутулуп,
Таалайы андан пас болуп,
Кужулдашып олтуруп!
"Токтоо кылбай бул жерден,
Таласка жетип тыналы,
Кененим келер ангыча,
Кеңеш-кепти угалы."
Дүбүрөшүп жөнөдү,
Мурункудай боло албай,
Бужүрөшүп жөнөдү.
Муну мындай таштайлы,
Башкадан кепти баштайлы.
Кутургурдун Саламат,
Күн батыш барып келгели,
Кененим атка мингели,
Абам Бакай, хан Семей,
Каныкей энең, шер Гүлүс,
Айдай жеңең Айчүрөк,
Кайып болуп кеткели,
Чоң Таласка келбеди.
"Аксакалдын баарысы,
Элден кетти алыстап,
Ошондон бери барбадым,

www.bizdin.kg

Таласка барып келейин,
Айкөл шердин күмбөзгө,
Алакан ачып кол жайып,
Бата кылып келейин”
Эки бала ээрчитип,
Жез билекти кошо алып,
Таластан келип кеп угуп:
“Эр Кененим баштаган,
Элинен эркек ылганып,
Тажиктердин шаарына,
Калмактар келди чогулуп,
Урушка кетти” деп угуп,
“Мындай эмес Кененим,
Бармактай бала кезинен,
Жалгыз өзү барчу эле.
Кантип калган эми, - деп,
Ээрчитип элди дүрбөтүп,
Минтип жүрүш кандай кеп?”
Деп ойлонуп Саламат,
Таласта жаткан кезинде,
Колдун алды келди, деп,
Кабар болду бешимде.
Алдынан тосо барам, деп,
Шер Кененим төрөгө,
Саламат жолго салыптыр,
Бара жатып жол тосуп,
Бактыбай,  Сүйүн, Чолпонбай,
Капташып жолдо калыптыр.
Саламга алик алышып,
Эсен-соону сурашып,
- Кененим кана мында жок?
Саламат сурай калыптыр,
Кененимдин кеткенин,
Өздөрү мында келгенин,
Бактыбай айта салыптыр.
Угуп алып Саламат:
- Андай болсо азамат,
Үйгө тарап кетпеңер,
Бириң аттан түшпөңөр,
Коросон менен испандык,
Кошо түшөт эми эле,
Коргонго кирип жай алса,
Таласка ээлик кылалбай,
Тим каласың жөн эле,
Арамдык менен Кесилет,
Алдап келген турбайбы,
Чогуу туруп төртөөбүз,
Коргонду берсек душманга,
Арбагы Манас урбайбы.
Алыстан келген баатырлар,
Кайыл болду макул, деп.
Жылгындуунун бойуна,
Үч Кошойдун ойуна,

www.bizdin.kg

Чатырды тигип салышты,
Тайарланып калышты.
Эртеси күнү түш менен,
Испан менен коросон,
Колбуп келип калышты.
Түптүз басып чатырга,
Түшкөлү келе жатышат,
Алдынан киши жиберди,
Атайлап ага Саламат.
Саламат атын угушуп,
Тайарланды урушка,
Барабанын урушуп.
Барабандар кагылып,
Испан менен коросон,
Катар туруп сап тизип,
Байрак тиктеп туу сайып,
Желпилдетип желекти,
Жоого болор керекти,
Кызыгышып кан төгөр,
Унутулбас белекти.
Ачакандын элинде,
Искен деген балбаны,
Бадырайып баш жуткур,
Майданга чыга калганы.
Кыргыздардын Чолпонбай,
Токтоо кылып туралбай,
Үстүнө кызыл жамынып,
Ач жолборстой чамынып,
Кыргыздан чыкты жекеге.
Чолпонбай, Искен бет келди,
Чолпонбайды ал Искен,
Томолотом деп, келди.
Желегин желге жапырды,
Саламат кеби акыл, деп,
Жекелешип качырды,
Жеткен жерде Чолпонбай,
Искендин шорун катырды.
Катпаганда неткени,
Чолпонбайдын найзасы,
Карчыттын этин аралап,
Тепчип өтүп кеткени,
Ушул күнү Чолпонбай,
Кара жерге жастанды,
Испандан жети жексенди,
Искен менен сегизди,
Телегейи тегизди,
Ырысын анын жегизди.
Күн кеч кирип эл жатты,
Кайгуулчу менен торолчу,
Аскерди сактап туруучу,
Таң атканча турушту.
Бүткүл Талас элине,
Душман келип жатканын,

www.bizdin.kg

Түп көтөрө угузду,
Эркек-айал, кары-жаш,
Калбай баары угушту.
Арбагың Манас колдо, деп,
Муунта кармап жакасын,
Тилек тилеп турушту,
Дагы жерге күн тийип,
Баштамак болду урушту.
Чолпонбай чыкты жекелеп,
Кыргыздан четке чекелеп,
Испандан киши чыкпады,
Коросондон бир баатыр,
Келе жатат мекелеп.
Келгендин аты Тепке экен,
Жекеге чыгып далайды,
Жексен кылган эр экен.
Чолпонбай, Тепке беттешип,
Ээрдин кесе тиштешип,
Өткүр найза колдо бар,
Өлөөр жерин чектешип,
Качырып найза урушуп,
Каңк-каңк этип үндөрү,
Найзаларын кагышты,
Бирин-бири ичинен,
Чамалашып алышты.
Жана айланып күчөнүп,
Жан айабай сайышты,
Тепке кулдун найзасын,
Кагып ийип Чолпонбай,
Оңтойума келди, деп
Бу кулду кудай берди, деп,
Такыр колтук ушу, деп,
Так өпкөнүн тушу, деп,
Качырып найза муштады.
Өпкөнүн кара канына,
Найзанын учун чыктады,
Коросондон Чолпонбай,
Бешти сайып жыкканы.
Күн төбөдөн кыйшайды,
Жекеге киши чыкпады.
Ортодон чыкты Чолпонбай,
Кыйын заман, мүшкүл күн,
Кыргыздын эли тынч албай,
Күндүзү сайыш жоо бети,
Түнкүсү малдын күзөтү,
Кирпик ирмеп уйку албай,
Жата албай чыкты Чолпонбай,
Таң атканча уктабай.
Күн үчүнө жеткенде,
Испан менен коросон,
Аламан койуп аттанды.
Малын талап короодон,
Катын-кыздар шекшинип,

www.bizdin.kg

Эшикке чыкпай бекинип,
Зор Саламат, Бактыбай,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Коросон менен испанды,
Жөн койуп жатып алалбай,
Ар жерде болду жулушуш,
Баш аламан урушуш.
Сарыбайдын Саламат,
Сардалдын бири эмеспи,
Манастап ураан чакырып,
Коросондун кошуунун,
Айдап кирди жапырып.
Каскактын учун кан кылып,
Коросон башын маң кылып,
Чыдай албай Кесилет,
Четке чыкты бастырып,
Саламат тийди Манастап,
Кесилетти шаштырып.
Эр Саламат, Кесилет,
Жекеге чыгып бетме-бет,
Бар кайратын жыйнашып,
Түпөктүү найза ыргашып,
Коросон, испан бир тарап,
Карап турат көз сатып.
"Саламатты Кесилет,
Сайып алат эми" деп,
Коросон, испан ойлонот.
Өткүрдөн найза карманып,
Аркасында чаң калып,
Качырышып киргенде,
Көргөндүн баары таң калып.
Экөөнүн орто жеринен,
Кызыл жалын от жанып,
Найзаларын кагышып,
Кайта айланып жанышып,
Жаандан ашкан эрендер,
Калган окшойт табышып.
Адистиги билинип,
Калар эмес ал экөө,
Найза учуна илинип.
Күркүрөп үнү угулуп,
Жамгырдай тери куйулуп,
Аманат кара бир жанды,
Кылга байлап таштады.
Көөдөнгө найза такылдап,
Туулгага балта чакылдап,
Сынып кеткен найзалар,
Асманга учуп чыркырап,
Аттан учкан даңкандар,
Төбөсүндө быркырап,
Кабактары чүмкөлүп,
Кар жаачу күндөй бүркөлүп,
Колтуктарын чойушуп,

www.bizdin.kg

Кош колдоп туруп койушуп,
Олпокторун булушуп,
Тартып силкип жулушуп,
Сооторун жыртышып,
Буулумдарын кырчышып,
Дембелеп уруп найзаны,
Бирине-бири зыргытып,
Аттан түшпөй урушуп,
Жакалашып тартышып,
Этектерин чойушуп,
Үзөнгү боого басышып,
Аттарын бура тартышып,
Эңишке салып жарышып,
Капталга келсе жанашып,
Заар төгүп жаны ачып,
Аңтарып көзүн карашып,
Өргө салып аттарын,
Өпкөлөтө теминип,
Жери түтөк Кеңколдун,
Өпкөсү көөп демигип,
Кулактарын кайчылап,
Тулпарлары элирип,
Кандыргалап жарышып,
Кара темир үзөнгү,
Какылдашып кагышып,
Күндүн нурун батырды.
Бөлүнүшө бастырып,
Саламатты кыргыздар,
Сылап-сыйпап чакырып,
Жанчылып калган этине,
Кашкулак өтүн чаптырып,
Кара-Суунун Шабырдан,
Алып келип чаптырып,
Ат жетер жерге чаптырып,
Карышкыр өтүн алдырып,
Кажырдын өтүн коштуруп,
Эзип туруп жуткуруп,
Айуунун өтүн алышып,
Ар жарага чабышып,
Таңга жакын болгондо,
Эс алып калды Саламат,
Кыңкыс үнү басылып,
Көзүн жуумп сеп алып.
Саламат болуп жарадар,
Кыргыз болду санаадар.
Эртең чыкса Кесилет,
Кездешип кимдер баралар?
Эстүү баштуу кишилер,
Кененимди эстешип,
Таң атканча көз жумбай,
Арбагың Манас колдо, деп,
Келаткандыр Кененим,
Аман болсо жолдо, деп.

www.bizdin.kg

Аты Талас болголу,
Ээси Манас болголу,
Беттешип келип бендеде,
Алган киши болбоду.
Ар качан кыргыз кыйналса,
Арбагы менен колдоочу,
Деп буркурап карылар,
Чуркурап ыйлап катындар.
Үшкүрүшүп уландар,
Олжого кетип өлдүк, деп,
Убайым тартып жубандар,
Кыздардын жашы кылгырып,
Арак ичкен немедей,
Өрттөнүп ичи сыйрылып,
Атагы кыргыз элинен,
Күлкү чыкпай ый чыгып,
Бардык үйдүн баарынан,
Арбагың Манас колдо, деп,
Заркыраган үн чыгып,
Таң атып чыкты аңгыча,
Жер жаркырап күн чыгып.
Ак калпак кыргыз караса,
Арстан эрдин күмбөздөн,
Турган экен сүр чыгып,
Бир четинен көп элдин,
Сүйүнчү деген үн чыгып,
Түкүтай деген бар эле,
Төлгө билчү бала эле:
- Төлгөмдү салдым, сүйүнчү,
Кененим келет кечкече,
Мени мууздап салгыла,
Бешимден калып кечиксе!
Далычы Калбай бакырып:
- Кызыл ээк карың, ук,
Кылым кыргыз, баарың ук,
Кызыл муштум жашың, ук,
Элдин тарткан эмгегин,
Эл башкарган жашың ук,
Жазыгы чыкса кебимден,
Өлтүрүп ташта мени уруп.
Аркардын көрдүм далысын,
Анык билдим баарысын
Чойун алпты сойуптур,
Сонун жумуш болуптур.
Ангычакты Каңгайдан,
Каптап аскер толуптур,
Эки баатыр баш экен,
Өздөрү кырчын жаш экен,
Эр Кененим төрөгө,
Эрегишип келиптир
Келген менен оңбоптур,
Катар өлүп сойлоптур,
Элин айдап ийиптир,

www.bizdin.kg

Эреним  жолго кезиптир.
Кеңкула тери кургабай,
Кербен кыргыз нетти деп,
Келе жатат бир тынбай.
Алды-аркасын арыткан,
Батасы журтту байыткан,
Падыша Кошой тукуму,
Биздин элден Бактыбай,
Кесилетти ал тосот,
Илгери кадам бастырбай.
Кененим келип кыргызга,
Кешиктин кени ачылды,
Коросон менен испандын,
Суудай каны чачылды,
Ажал айдап бул экөө,
Кыргызга келип асылды.
Кененим келет деп укса,
Кесилет келбей жатпайбы,
Пендеби деп бейлейби,
Кененимден башканы?
Саламаттан Кесилет,
Кебелип мындан шашпады,
Калбай минтип айтканы:
“Май оозуңа балам” деп,
Бары-жогу айтканы.
Коросондун бул элде,
Айары бар билинбей,
Эл менен бирге турду эле,
“Минтип айткан далычы,
Эми мени билет” деп,
Акырында качты эле.
Анда айтат Калыбай:
- Коросондон араңда,
Кеп тыңшаган бирөө бар,
Көрмөмүш болуп койуңар,
Көргөнүңдөн көрбөсөң,
Пайдалуу иш билип ал.
Коросондун айары,
Төлгөчү менен далычы,
Элге айткан кептерин,
Койбой айтып баргары.
Дабытай менен Ачакан,
Эр Кесилет кеп угуп,
Кесилет кетти оолугуп:
- Жекеге чыкпай мен бүгүн,
Кам кыламын күтүнүп,
Кыргыздын туусун жыкпасам,
Кененимдей балбанын,
Аттан сайып түшүрүп!
Ачакан баатыр, өзүң бар.
Саламат келер алы жок,
Сайышка чыгар чагы жок,
Андан башка кыргыздар,

www.bizdin.kg

Саа беттешер дагы жок.
Кесилеттен кеп угуп,
Ачакан чыкты жулунуп,
Туулгасын көмөрүп,
Буттай темир өңөрүп,
Найзасын болгоп бакырып,
Жекеге чыкты качырып:
- Мыкты болсоң келгин, - деп,
Желегин жерге жапырып, -
Бирден коркуп келбесең,
Экиден, үчтөн келгин, - деп,
Кайратым көптү жапырган,
Ачакан деген менмин, - деп,
Ажалың жетип күн бүткөн,
Өлүүчүң болсо келгин, - деп.
Кыргыздын кыраан баласы,
Кайраты толук Чолпонбай,
Манастап ураан чакырып,
Кененим келет, деп угуп,
Чолпонбайдын көөнү ток.
Ачакан менен Чолпонбай,
Бир беттешип алышты,
Найзаларын кагышты,
Кайра айланган кездерде,
Кандим болгон Ачакан,
Чолпонбайга сайдырбай,
Жандап өтүп булт берип,
Машыккан экен минген ат,
Балыктан бетер кылт койуп,
Аркасынан айланды,
Кабуусуна келтирип,
Капталдан нары бир сайды.
Ойротто жок Чолпонбай,
Ооп аттан кыйшайды,
Ээрден көтү бултайды,
Үзөнгүдөн бут тайды,
Тоңкойуп жерге жыгылды,
Топого башы тыгылды.
Аксаргылды аргытып,
Ат койуп Сүйүн жөнөдү,
Жолу каткан Ачакан,
Чыга берип кылт этип,
Жандап өтө бергенде,
Жапдысына келгенде,
Жалпайта сайды Сүйүндү.
Жалгызектин Бактыбай,
Алды-артына карабай,
Аманат жанды айабай,
Бактыбай өзү камбыл эр,
Ар кылганы даңгыл эр,
Чолпонбай, Сүйүн кутулду,
Катар сайып эки эрди,
Ачакан жаман кутурду.

www.bizdin.kg

Бактыбай менен Ачакан,
Сырдаш эмес баштатан,
Укмуштуу уруш баштады.
Топчу кулак кара кер,
Жер тайанар мал эмес,
Катар чыкса жуп кемер.
Ачакандын мингени,
Кандай жазгап бурулса,
Бурчалтпады Каракер,
Күн чагылып жаркылдап,
Алтындан кылган чоң кемер,
Амалы ашты Бактыбай,
Жаш да болсо кеменгер.
Бирин бири сайалбай,
Бир кабуусун табалбай,
Жаман катуу урушту,
Деги тынчтык алалбай.
Оңтойуна бир келди,
Ойрон болгон Ачакан,
Найзасын муштап жиберди.
Капталга  найза тийгени,
Ат жалынан оңолуп,
Кайра атына минди эми.
“Мен Бактыбай болголу,
Карап туруп капырга,
Алдатканым кайсы кеп?!”
Жагалданып Бактыбай,
Кыйамына келтирип,
Кең көкүрөк, ай балкай,
Найзаны уруп өттү эле.
Ооп барып Ачакан.
Оңолуп минди атына,
Оодара сайып алалбай,
Күчү жетпей капырга,
Жыгылбаган Ачакан,
Жыгылмакчы болуптур,
Кабыргасы сынганбы,
Кан ичине толуптур.
Ачакандын кеби бул:
- Мен Ачакан болголу,
Ат жалын тартып мингели,
Сен өңдөнүп найзасы,
Мага киши тийбеди.
Эртең менен шашылып,
Тамак ичпей келгемин,
Сенин мындай экениң,
Беттешпепмин, билбепмин.
Болот тонум кийинип,
Анан жетип келейин,
Уруксат барбы бизге? – деп,
Сөзүм ушул сизге, - деп,
Жашылданып турду эле.
- Барсаң барып келгин, - деп,

www.bizdin.kg

Баатырлык кылып Бактыбай,
Алдында өткөн иштерди,
Унутуп аны кек кылбай,
Ачакан жөнөй бергени,
Аңгычакты Кененим,
Келбеттүү баатыр келгени.
Арбагың арстан жөлө, деп,
Айкырганы андан көп;
Кызыл жолборс келди, деп,
Кыйкырганы мындан көп;
Сары эчкини өңөрүп,
Садагага белендеп,
Чапкылаган сандан көп,
Ак боз бээни тапкын, деп,
Айкөл Манас баатырдын,
Арбагына тийсин, деп,
Арнап бээни чалгын, деп.
Анталаган мындан көп,
Сарбашыл уйду тапкын, деп,
Түктүү сан кылып талатып,
Баатырдын жолун ачкын, деп,
Кеңкол ата, чоң Талас,
Ээң келди көргүн, деп,
Жерге айтканы дагы бар.
Жоголмок элек тайынсыз,
Жолборс келди аралап,
Жоголбойбуз эми, деп,
Элге айтканы дагы бар.
Какшымак элек соолуп, деп,
Жер-сууңду соруп,  деп,
Дүрүлдөп чалкый бергин, - деп,
Көлгө айтканы дагы бар.
Бугу менен кулжа, деп,
Куурайт элек кумда, деп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Сени аңдыр киши жок,
Курбуда ойноп чуба, деп,
Бугу менен кулжага,
Муңун айткан дагы бар.
Карасууда каз-өрдөк,
Караан калар кезинде,
Хан Кененим келди, деп,
Какылдагын эми, деп,
Казга айтканы дагы бар.
Суурултуп минип улоодон,
Суу  укурук  колго алып,
Сүрөт эле мени, деп,
Куйругуң салып сыртыңа,
Кутуруп ойно эми, деп,
Жылкыга айткан дагы бар.
Жонуңа тоодой жүк артып,
Чубатат эле жол тартып,
Алабата жулуп жеп,

www.bizdin.kg

Поп деп эми жаткын, деп,
Төөгө айтканы дагы бар.
Бышылдатып мурдуңду,
Шорголотуп богуңду,
Айра чаап жонуңду,
Табат эле жолуңду,
Сазды бойлоп өлөң жеп,
Салкындап сазда жаткын деп,
Уйга айтканы дагы бар.
Байлык атка кондурган,
Балекет кыргыз койу деп,
Күндө нечен сойуп жеп,
Чуркуратып чубатып,
Айдайт эле сени, деп,
Адырлуу жерде топ болуп,
Суу бойуна токтолуп,
Чөбү калың суу кенен,
Эч бир кайгың жок болуп,
Жуушап жаткын эми, деп,
Койго айтканы дагы бар.
Асман менен тирешип,
Бойуңду керип заңкайып,
Арактиш болуп арсайып,
Үч күндүк жерден көрүнүп,
Таанымал көзгө даңкайып,
Таластын тоосу дедирип,
Туура болдуң эми, деп,
Тоого айтканы дагы бар,
Орто жериң ор болуп
Эки четиң көл болуп,
Сымаптай болуп жылтылдап,
Кирген күнү кылкылдап,
Кыз күлгөндөй шыңкылдап,
Жорго басык жылкыдай,
Ар бууланып кылтылдап,
Эми агар чагың, деп,
Сууга айтканы дагы бар,
Өрөөнүң токой чер болуп,
Өзөнүң менен жел согуп,
Өйүз-бүйүз адырга,
Төрт түлүктүү мал толуп,
Көркүңө чыгар кезиң деп,
Тоого айтканы дагы бар.
Күнгөйүң четин, табылгы,
Төө куйрук, арча – баарысы,
Аралап чыгып ичиңе,
Аркар оту дарысы,
Кайыңдар көккө керилип,
Мор байлап талың ийилип,
Тескейиңде карагай,
Койкойуп кыздай жарашып,
Бой сунуп кырдан карашып,
Кандай сонун жердир, деп.

www.bizdin.kg

Көргөндөр турчуу таң калып,
Манастын жери   Талас, деп,
Кылымга атың даңкталып,
Кудай ура жаздады,
Айрылып сенден кур калып,
Эр Кененим келди, деп,
Койнуңан орун бергин, деп.
Төргө айтканы дагы бар.
Төшүңдү жайгын сазың, деп,
Үн алышып каркылдап,
Өрдөк менен  казың, деп,
Жээгиңде желек камышың,
Сыдырым соксо шуудурап,
Жагымдуу назик табышың,
Бөлөк- бөлөк чулдугуң ,
Буткулда суунун тунугун,
Кымыз ичкен немедей,
Жутканда канат суусунуң,
Саргарат элең тепселип,
Салтанаттуу эр келип,
Залкайып эми жаткын, деп,
Сазга айтканы дагы бар.
Күн тийгенде жаркылдап ,
Жаан жааганда жылтылдап,
Төбөңдө өнүп эңилчек,
Гелемдей жумшак былпылдап,
Алтын элең таш эмес,
Ээң келип Кененим,
Эркин болгон чагың, деп,
Ташка айтканы дагы бар.
Таласты кыргыз аркалап,
Кыргызды турган калкалап,
Ак калпак кыргыз элиңди,
Айкөл Манас падыша,
Арбагың менен багып ал,
Сен бакпасаң ким багат,
Атагың элге таанымал,
Кененимдей уулду,
Султан Манас, колдоп ал...
Ойго айтып, тоого айтып,
Өзөнгө айтып, төргө айтып,
Сууга айтып, сазга айтып,
Чыккан жыгач чөпкө айтып,
Адам тургай малга айтып,
Ар бир түркүн жанга айтып,
Кары- жашка тең айтып,
Ак калпак кыргыз элге айтып,
Душмандар камап келгенде,
Айласын таппай күйүгүп,
Шер Кененим келгенде,
Терге батпай сүйүнүп,
Бирине бири айтышып,
Сүйүнчүлөп жүгүрүп,

www.bizdin.kg

Кудайга наалат дарт айтып.
Арбагың менен колдо,  деп,
А дүйнө кеткен Манастын,
Арбагына арыз айтып,
Жабырап жаагы басылбай,
Жайма сүйлөп жатканда,
Таласка тепсеп келгенде,
Капкайдан келген элдерге,
Жаны ачып Кененим,
Ак калпак кыргыз көп элдин,
Ыйлаганын көргөндө,
А дүйнө кеткен Манасты,
Арбагың менен колдо, деп,
Сыйлаганын көргөндө,
Садага чапчуу эчкисин,
Аксарбашыл уйларын,
Сүттөй аппак бээлерин,
Жыйнаганын көргөндө,
Эркек- айал, карысы ,
Уул- кыздын баарысы,
Жамгырдай жашын төгүшүп,
Ыйлаганын көргөндө,
Унутулбай Манасты,
Көзү кыйбай Таласты,
Аманат жанды кайран эл,
Кыйнаганын көргөндө,
Жамгырдай болгон кара жаш,
Тыйбаганын көргөндө,
Душмандын кылган зордугу,
Көөдөнүнө батышып,
Сыйбаганын көргөндө,
Күзгү чөптөй саргарып,
Кубарганын көргөндө,
Жыргал күндү унутуп,
Жубанганын көргөндө,
Шилекейи куйулуп,
Суусу агып мурдунан ,
Чубалганын көргөндө,
Күлүмсүрөп күлбөгөн,
Күлгөнүн бенде билбеген,
Күйүт тарткан немедей,
Кабагы карыш түйүлгөн,
Элди карап Кененим,
Ителгидей баркылдап,
Каалгадай кашка тиш,
Маңдайында жаркылдап:
- Жериң Кеңкол, чоң Талас,
Элиң кыргыз ак калпак,
Кабыл болуп айтканың,
Арбагы менен колдосун,
А дүйнө кеткен зор Манас.
Абаң Бакай, Каныкей,
Хан Семетей, Айчүрөк,

www.bizdin.kg

Шер Гүлүстөн төрөнү,
Унутпайлы буларды,
Унутуп калсак буларды,
Бизди кудай урбайбы.
Эр Сейитек зардалды,
Эл чайкаган балбанды,
Андан мурун алдында,
Өтүп кеткен Чанданды,
Алмамбет, Чубак - шерлерди,
Баатыр Сыргак, эрлерди,
Олуйа Кошой карыны,
Музбурчак, Төштүк- баарыны,
Айдаркандын Көкчөнү,
Унутпайлы өткөндү,
Алымсарык агамды,
Айкөл менен бир жүргөн ,
Жакшы күндү тең көргөн,
Жаман күндү бир көргөн,
Кырк баатырдын арбагы,
Унутулуп калабы?
Ажыбайдай чечени,
Андай сонун нечени,
Кысылса тийген кереги,
Кымбат баасы Сереги,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү,
Актай далы көрүчү,
Ашкере айтып берүчү,
Алымдардын Алакен,
Унутулчуу жан бекен?
Кадыр, Жайнак, Шууту,
Караңгыда жол жүрсө,
Калк башкарган мына ушул,
Түмөн Жайнак куусу,
Түн ичинде жол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылтпас,
Душмандын изин куучусу,
Эл башкарган Эламан,
Калк кармаган Калкаман,
Топ башкарган Токоной,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Ушунун баары өлгүнчө,
Кыргызга кызмат кылышкан,
Кызматында көкжалдын,
Кыйкырып бирге турушкан.
Ырчуул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Кенедей эстен чыгарып,
Унутпаймын мен муну.
Өткөндөрдүн баарынан,
Өтүнүп жардам суранам,
Ошентип кыргыз эл турсаң,
Кантип тынып жай жатам?

www.bizdin.kg

Батаңды бергин, баары  журт,
Арбагына айкөлдүн,
Алакан жайып кол ачам,
Айыгышкан иттердин,
Агызып канын мен чачам!
Ак калпак журтум кыргыз эл,
Ата конуш мурдакы,
Атактуу Талас биздин жер,
Таластын жерин чаң кылып,
Кыргыздын башын маң кылып,
Душман турса камалап,
Мен Кененим уулуңар,
Кантип тынчып жай алат!
Үйүнө түшүп кирбестен,
Бир пиала чай ичип,
Анан атка минбестен,
Кеңкула менен болкойуп,
Зыңгырап найза коңкойуп,
Сырттаның чыкты бастырып,
Эр Кененим зоңкойуп.
Баатыр шер атка мингенде,
Бастырып жөнөй бергенде,
Таластын жери түрдөнүп,
Кыргыздын эли сүрдөнүп,
Жайнап жаткан чөптөрү,
Чечекей төгүп түр берип,
Карагай, кайың калкылдап,
Каз-өрдөк учуп баркылдап,
Дүркүрөп көлдөр жылтылдап,
Балыктар ойноп кылтылдап,
Тоодоку улар чакырып,
Токойдо элик бакырып,
Белде турган аскердей,
Бой жасап терек закыйып,
Бугусу ойноп тарбаңдап,
Бүркүттөр учуп далбаңдап,
Кулжа менен тоо теке,
Мүйүздөрү калдаңдап,
Төөлөр ойноп тайраңдап,
Уйлары ойноп сайгактап,
Чөөлөрү күлүп шыңкылдап,
Жагалмай учуп зыпылдап,
Сүйкүм шамал жел айдап,
Кеңколдун ичи зыркырап,
Ачылсын баатыр жолуң, деп,
Атбай кыргыз чуркурап,
Көөнү ачылып кыргыздын,
Жубандары суйсалып,
Белдемчи жерде чубалып,
Суусар, кундуз, бөрк кийип,
Саамайын кыздар сыланып,
Кеп айтаардан эринип,
Мырзалары керилип,

www.bizdin.kg

Беттеп чыкты Кененим,
Кеңкула атты теминип.
Булгаары тердик, көк наакы,
Баатыр шерди карачы.
Кененим келди деп угуп,
Ачаканга Кесилет,
Атайын келип жолугуп:
- Жекеге чыгып Ачакан,
Экини сайып түшүрдүң,
Өзөктөн канын жайалбай,
Бактыбай менен сайышып,
Маңдайлашып туралбай,
Кайта келиш бул кандай?
Кесилетке Ачакан:
- Мен айтамын сен уксаң,
Баатыр экен Бактыбай,
Маңдайлашар ал калбай,
Бактыбайдан найза жеп,
Мыдыр этер шай калбай,
Кайра кирсем беттешип,
Өлгүндөймүн жан калбай,
Болжолум бүтүп баратат,
Мен турамын чыгалбай.
Жалаңгыч сарык келиптир,
Кеңкула атын миниптир,
Бактыбайды жандырып,
Жекеге өзү кириптир.
Уга салып Кесилет:
- Айткалы келдим кеп-кеңеш,
Айтканың чын, Ачакан,
Жазыгы жок кебиңдин,
Жашырбай айттың ак сырың,
Актыгы ушул пейлиңдин.
Теңиме албай жүргөмүн,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай –
Кыргыздын жаңы эрлерин.
Кененим эми келиптир,
Эдебин эми берейин,
Айтканымдан жанбаймын,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай –
Аларга айткан кебиң бар,
Таласка барып менин да,
Аларга айткан кебим бар,
Башыңды алам дегемин,
Апсана кылып кыргызга,
Ашырып айткан эмесмин,
Адамдарга угузбай,
Жашырып айткан эмесмин,
Өзүң баштап, Ачакан,
Баарың карап тургансың,
Бирден найза сындырбай,
Баарын аттан жыккамын,
Бучкагыма теңебейм,

www.bizdin.kg

Кененимдин чыкканын.
Эки айлантып сайдырбай,
Кененимди сайамын,
Кыз-келини сулуу экен,
Кыргыз деген бул элдин,
Баарысын олжо кыламын.
Кыргызда майда уруу көп,
Манас чыккан уруунун,
Бирин койбой кырамын.
Уугун учтап шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Бир кумардан чыгамын!
Биз менен бирге сүйлөшкөн,
Темиркөк менен Чойун алп,
Көрүп турдук өлгөнүн,
Булардын кунун кубамын,
Куйкасын тилип туз куйуп,
Таманына шиш кагып,
Унуткус жорук кыламын!
Күмбөзүн бузам Манастын,
Күйгүзөм жерин Таластын,
Жер бетинен өчүрөм,
Тилге албас кылып Манасын!
Коргонун чагып кулатам,
Бак-дарагын кыйратам,
Чалкыган көлүн кууратам,
Жөө чубатып тирүүсүн,
Коросон, испан, каңгайга,
Бөлүп берип кулдантам,
Катындарын күң кылам,
Карыларын муң кылам,
Эркектерин кулданам,
Жаш балдарын ыйлатам,
Кыздарын бөлүп олжого,
Кылым элге таратам!
Туубас кылып катынын,
Куубаш кылам уланын,
Атаң алаш болгонго,
Ар жорукту кыламын!
Жол-жолго таштап кетемин,
Абышка-кемпир карганын,
Шилисин көзөп тал-талга,
Илип кетем балдарын!
Кош эмесе, Ачакан,
Кененимге барайын,
Кеңеш-кебим бул эле,
Келип сага айтарым.
Кайраттанып Кесилет,
Колуна келип камданып,
Жоо жарагын жамкарып,
Буттап темир курчанып,
Каскаксыз найза колго алып,
Каарданып, сурданып,

www.bizdin.kg

Тарамышын чыйратып,
Кара бойун чыңдатып,
Кабаттап белин курчанып,
Үпчүлүгүн үпчүлөп,
Топчулугун топчулап,
Жардай сары ат минип,
Канча темир тон кийип,
Калканын тартып калдайтып,
Канча түрдүү жоо курал,
Бутагындай чынардын,
Аркы-терки тартайып,
Жылтырап көзү көрүнөт,
Адамзатпы, айуубу,
Айрып аны жан билбейт,
Кененимди баш кылып,
Карап турган көп элди,
Ал Кесилет көзгө илбейт.
Өзү күндөй күркүрөйт,
Найзасы узун сүлкүлдөйт.
Салмагынан кара жер,
Жарылчудай дүңкүлдөйт,
Жерден чыккан доңуздай,
Үнү алкымда күңкүлдөйт.
Чөлдө калган бакадай,
Тамактары бүлкүлдөп,
Алдында минген сары аттын,
Төрт айагы такылдап,
Кененимге бадырек,
Кирип келди жакындап,
Аркасында алты ит бар,
Ажаандай болуп арсылдап,
Катуу үрүп карсылдап,
Айал-үйөл кылбастан,
Аты-жөнүн сурабай:
- Сен Кененим дегенби?
Менин атым Кесилет,
Атың менен өзүңдү,
Тоздурамын тебелеп,
Каның жерге чачылат,
Кар жаагандай себээлеп.
Мен келген соң, Кененим,
Өлгөнүң ушул эмеспи!
Деп күркүрөп түгөнгүр,
Күүлөп алып найзаны,
Күркүрөтүп сунганы,
Күчү менен урганы.
Балта менен Кененим,
Алдыртан өөдө кагыптыр,
Кесилеттин найзасы,
Аркасына каңгыптыр.
Балта тийген каңк этип,
Сыныктары найзанын,
Асманга учуп заңк этип,

www.bizdin.kg

Темирлери ар кайда,
Түшүп жатат жарк этип.
Жолборс тууган Кененим,
Жолукканды жок кылган,
Жүргөн жерин чок кылган.
Тийбегенге тийбеген,
Ат бастырып атайлап,
Башка жерге барбаган,
Барып бүлүк салбаган,
Басып келген жоо болсо,
Башы катып калбаган,
Баатыр тууган Кененим,
Бапиктүү найза колунда,
Кынаптап сонун кармаган,
Коросонду Кененим,
Колтукка койуп өттү эле,
Кененимдин найзасы,
Белинен сынып кетти эле,
Кур кол калган баатырга,
Кыргыздар найза жеткирди.
Аңгычакты Кесилет,
Амалы күчтүү кара нээт,
Чокмор кармап колуна,
Оңтойуна келтирип,
Кененимди чабууга,
Кутурган иттей арсылдап,
Кирип келди жакындап.
Чокморун күүлөп имерди,
Кыргыздан чыккан көкжалга,
Чокморун шилтеп жиберди.
Чокмордон чоочун үн чыкты,
Кулак тунган сүр чыкты,
Эпкининен чокмордун,
Кара жерден чаң чыкты.
Асманга учту топурак,
Токтоналбай буркурап,
Кененим кантер экен, деп,
Кыргыздар турат чуркурап.
Далайды алган андайдан,
Андан артык чандандан,
Карбаластап Кененим,
Апкаарып калаар жан эмес,
Чокмор тиет экен деп,
Чочуп кетер шер эмес.
Козголбогон кара көк,
Найза менен колтукка,
Кесилетти сайганы,
Тешип өтүп кете албай,
Соотунан найза тайганы.
Каңгып чыккан бу найза,
Кар жиликке тийгени,
Кар жиликтин булчуңун,
Каршы жерин тилгени.

www.bizdin.kg

Тарамышын жаралап,
Булчуң этти аралап,
Чокмор колдон бош түшүп,
Кесилет көзү алаңдап,
Кененимдин Кеңкула ат,
Ооздук тиштеп кыйгачтап,
Өтө берди жалаңдап.
Коросонго Кесилет,
Качып кирди далбаңдап,
Жаман качкан аптыгып,
Эки этеги салбаңдап,
Мурду көөп кетиптир,
Текечердей барбаңдап,
- Баш кишибиз Дабытай,
Колуңда барды багып жеп,
Козголбостон жөн жатпай,
Чойун алп качып кеткенде,
Ушул жерден биз кайтпай,
Калмактан комдуу нар алып,
Алтын, күмүш жана алып,
Түргөн  жибек аны алып,
Жыты сонун жакшы деп,
Каптал-каптал чай алып,
Жасоол болуп калмакка,
Кыргызга келип кол салып,
Бай болом деп жылкысыз,
Арбын малын олжо алып,
Күң кылам деп,кыздарын,
Уулдарын кулданып,
Катындары казанчы,
Эркектери мал бакчуу,
Коросон менен испандык,
Биз элек жыргап жай жатчуу,
Эми капканга келип түшүппүз,
Кыпкызыл болуп кан акчу.
Элебей келген экенбиз,
Эмгек, мээнет казгалы,
Мээнет акыл таптырбай,
Балакет бизди баскалы,
Жолун билбей калыпбыз,
Чыгып кетчүү асканын.
Испан менен коросон,
Эки баа эл элек,
Бар дөөлөттү жөн жебей,
Не келгенбиз темселеп?
Жексен кылат окшонот,
Жер тайанып тебээлеп,
Жаман катын, жаш бала,
Ыйлап калат белейим,
Көзүнүн жашы себээлеп!
Барып турду Кесилет,
Дабытай менен Ачакан,
Катарынан жемелеп,

www.bizdin.kg

Испандын ханы Ачакан:
- Саа Кесилет, мен айтам,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Сен кетирдиң Кесилет,
Кишини көрбөй малчалык,
Ушунуң болгон кесирет.
Кесириңди башыңа,
Кененим эми келтирет,
Сен  кылгансың жакшылык,
Кыргыз кайдан кечирет?
Таласка келип тамтаңдап,
Кененимден кордук жеп,
Кетебизби салпаңдап?
Коросондо канча жыл,
Козголбой жаттың багылып,
Эми элге көрсөткүн,
Балбандыгың таанылып.
Карсылдашып салышып,
Кан жүткүрүп сен өлбөй,
Кыргыздан кантип качабыз,
Карагай найза өңөрбөй,
Кишини киши жеңеби,
Өжөрлүк кылып көгөрбөй?
Өктөлүү кепти кыласың,
Өлбөй туруп Кесилет,
Кайда кеткен уйатың?
Дабытай менен Ачакан,
Көрүп жүрдүң, Кесилет,
Жоодон коркуп ким качкан?
Кете бергин, Кесилет,
Уйалбастан сен качсаң.
Ачакандын артынан,
Дабытай сөзүн улады:
- Баатырсынып, Кесилет,
Айтчуу элең далай кеп,
Тирүү калбай өлдүк деп,
Бул айтканың кандай кеп?
Баатырлык сенде, Кесилет,
Баашалык өкүм менде бар,
Оозуңа келген кепти айтпай,
Сен ошону билип кал.
Бүгүн жатып дем алгын,
Эртең менен кыргызга,
Эрегишип сен баргын,
Өткүр кылыч жой болот,
Жойкуманы колго алгын,
Мыктысынган Кененим,
Төбөсүнөн тең жаргын,
Боло албай кетип баратсаң,
Боорукер кишиң мен бармын.
Кыркка жашың чыкканча,
Кыймылдабай сен жаттың,
Бар чыгымың көтөрүп,

www.bizdin.kg

Кыңк этпестен мен бактым.
Аракет кылсаң, Кесилет,
Ичкен тузду актагын,
Эни менен оозуңдун,
Айтып далай мактандың,
Жалган беле чын беле,
Канакей сенин айтканың?
Эрдигиң канча экенсиң,
Эртеңки күнү байкайын,
Өлүшпөй кетет дебегин,
Ушул менин айтарым,
Жаным тирүү бар болсо,
Качкансып кантип кайтамын?!
Ачакандын айтканын,
Байатадан байкадым,
Билбедиңби, Кесилет,
Шылдың кылып жатканын.
Мен Дабытай эр элем,
Менден мыкты сен элең,
Карчалышкан заманда,
Каралды болот дээр элем.
Качалы деп алдында,
Айтуучу киши сен белең?
Кыргызды сайып алалы,
Испандыкка бербестен,
Не келемин мында мен,
Сага  ишенип келбесем?
Калмак тартуу кылганда,
Хандык кылып мен алдым,
Калгандардын алдында,
Баш олжосун сен алдың.
Ар качандан бир качан,
Алдыңкы сапта сен барсың,
Баатырлык салтың болбосо,
Чоң катарда не барсың?
Кетпейбиз албай кыргызды,
Токтотпойбуз урушту,
Узартабыз жумушту.
Ал жеталбай баратса,
Элден черүү алдырам,
Алакандай кыргызга,
Кең дүйнөнү тар кылам,
Кеңирсип жаткан кыргызды,
Жерге жакын жөө кылам,
Керилип баскан мырзасын,
Казан-айак жуудурам,
Өкүм менен угузуп,
Кыздарын үйдө туудурам,
Антын кантип актаймын,
Мага айтканын кылбасам,
Калдагай кулак Чойун алп,
Андан кантип кутулам?
Калдагай кулак мага айткан:

www.bizdin.kg

“Кытай менен кыргызга,
Райым кылба” деп айткан.
“Кытайга кылсаң жакшылык,
Жаадыга салып тууратат,
Кыргызга кылсаң жакшылык,
Кууп алып малыңды,
Жөө калтырып кууратат”
Уккан кулак жазыксыз,
Ойумда ушул иш турат.
Айтканымдай кылам, - деп,
Козголбоймун Таластан,
Ушул жерде турам, - деп,
Дабытай айтты далай кеп,
Айталбай калды Кесилет,
Кетип калсам белем, - деп.
Качкан жоону куубастан,
Карап турду Кененим,
Кесилет келбей калганда,
Айал кылып турбады,
Атынын башын бурганы,
Арбактуу Манас жолборстун,
Күмбөзүнө барганы,
Тобо-томук кылганы,
Кененимдин артынан,
Элдин баары чубады.
Качты кыргыз бизден, деп,
Коросон менен испандык,
Аттарына жабылды,
Ажал-өлүм табылды.
Муну мындай таштайлы,
Сарыбай уулу Саламат,
Сатылгандан баштайлы.

## САЛАМАТТЫН САТКЫНДЫГЫ

Коросон менен Испандык,
Коргонду карай бет алып,
Баары жөнөп калыптыр,
Ойуна муну алыптыр:
“Коргонду тартып алабыз,
Кордукту эми салабыз,
Кыргыздын элин кыйратып,
Кызыл уук кылабыз,
Ордону баккан токсон эр,
Бири миңге тең келер,
Мылтык атып, жаа тартып,
Баары мыкты кеменгер,
Найзакерден ыктуу бар,
Балтага андес шыктуу бар,
Алтымыш киши бөлүнүп,
Аттанып чыкты ушулар,
Алтымыштын ичинде,
Торсолдой деген бар эле,

www.bizdin.kg

Баш билгичи ал эле,
Мылтык атып , жаа тартып,"
Манастап ураан чакырып,
Торсолдой баштап бакырып,
Бакырыкты укканда,
Баатыр тууган Саламат,
Атка минди камынып,
Кайнап аскер келатат,
Кара курттай жабылып,
Чыккан чөптөй жыбырап,
Кумурскадай быжырап,
Тосуп чыккан алтымыш,
Топко тийди аралап,
Мөндүрдөй октор дыбырап,
Жамгырдай жебе зырылдап,
Очогор үнү зүңүлдөп,
Жазайыл атып,  жаа тартып,
Жер чайкалып сүлкүлдөп,
Тоо силкинип карсылдап,.
Бараңдын үнү барсылдап,
Таштар кулап дүпүлдөп,
Көл чайпалып дүркүрөп,
Коргонду ала койсок, деп,
Коросон, испан күпүлдөп,
Боз мунарык кызыл чок,
Боздоп учат аткан ок,
Жердин бети чаң болуп,
Чөптөр күйүп күл болуп,
Жыгачтын баары жыйылып,
Бутактарын ок кыркып,
Аңгычакты болбоду,
Коросон менен испандын,
Аркасынан чуу чыгып,
Кутургурдун Саламат,
Жебедей сызып келатат,
Бар кыргыздан озуптур,
Коросон менен испандын,
Колун чайкап бозуптур,
Жалгызектин Бактыбай,
Топчу кулак тору атты,
Сыздырып баатыр келатты,
Сүйүн келет залкайып,
Ак жал сары ат заңкайып,
Чолпонбай келет октолуп,
Бет алган жагы өрт болуп,
Барбагын деп кыргызды,
Калтырып койду бек тосуп,
Кесилетке Саламат,
Кезигишти жолгошуп,
Жеткен жерде салышып,
Кез керип найза сайышып,
Өтө мыкты шамдагай,
Өткүр тууган Саламат,

www.bizdin.kg

Кылча жанын айабай,
Өлөмүн деп санабай,
Кызымталдуу бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Эр Саламат, Кесилет,
Кыйын уруш баштады,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Токтоо  кылып туралбай,
Алтымыш эрге кошулуп,
Коросон менен испандан,
Кызыл кан агып жошулуп,
Коросон менен испанды,
Койдой айдап үркүтүп,
Аркасына жандырды,
Кызымталдуу баатырлар,
Каскактын учун кан кылды,
Кара жерди май кылды,
Коросон менен испанга,
Кең дүйнөнү тар кылды,
Бөлүнүп чыкты эл үркүп,
Кайра качып дүркүрөп,
Жер аңга түшүп кетиптир,
Жүз жетимиш сүрдүгүп,
Ат ойнотуп сыздырып,
Эр Бактыбай бараткан,
Көрө салып Ачакан,
Байкап турган кашаттан.
Байкабай келди Бактыбай,
Ачакан жанын айабай,
Капталдан чочко жеткени,
Топчу кулак кер аттан,
Аңтара койуп өткөнү.
Көрө салып эр Сүйүн,
Акжал менен койгулап,
Табына келген тулпары,
Тизгин кагып чойгулап,
Бактыбайга бурулуп,
Келе жаткан  Ачакан,
Ат дүбүртүн укканы,
Эр Сүйүнгө сайдырбай,
Жолунан тосо чыкканы,
Аксаргылдан Сүйүндү,
Көмө койуп жыкканы,
Карап турган немедей,
Капташа түштү  Чолпонбай,
Ал Сүйүндү өргөндө,
Жаны ыраазы өлгөнгө,.
Жан  айабай жеткени,
Ачаканга Чолпонбай,
Найза сайып өттү эми.
Тоодой чочко  кыйшайбай,
Чолпонбай өтө бергенде,
Аркасынан урады,

www.bizdin.kg

Ат үстүнөн Чолпонбай,
Тебетейдей кулады,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Катарынан сулады.
Кайра тартып Ачакан,
Качырып найза сайганы,
Келе жатып Кененим,
Капташып калган убагы.
Көрө  салып шашылып,
Сайса өлтүрүп койор, деп,
Баатыр Кенен бакырып ,
Кең куланы аргытып,
Сала берди качырып.
Кененим үнү эң сүрдүү,
Өмүрүндө Ачакан,
Үн укпаган бул түрдүү,
Үндү угуп шашылып,
Апкаарыды Ачакан,
Кайкыларын биле албай,
Калтаарыды Ачакан .
Жаман атты болом деп,
Мындан коркуп мен качсам,
Күчкө күчүн улады,
Капташып калган убагы,
Күжүлдөгөн Ачакан,
Күүлөп найза сундуруп,
Кененимге урганы,
Кенебей да, кебелбей,
Шер Кененим турганы,
Ачакандын найзасы,
Түпөгүнөн такалды,
Өтпөй найза какады,
Олпокко салган булага,
Оролду найза темири,
Кайраттанып Ачакан,
Кайра тартып алалбай,
Кабыргасы маталды,
Найзадан тойуп Ачакан,
Кененимди таштады.
Беттешерге шай таппай,
Кире качар жер таппай,
Испандын элин бет алып,
Качып кирди аралай,
Тоодой баатыр Кененим,
Ачаканды карабай,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Аттарын айдап жеткирди.
Аттарын минип кутуруп,
Кененим келип баатырлар,
Өлүмдөн булар кутулуп,
Болбосо калган башында,
Ачаканга тутулуп.
Кыргыздын эли сак калды,

www.bizdin.kg

Коросон менен испандын,
Көбү шорго тапталды.
Карсылдашып салышып,
Жарактарын кыйратып,
Куру кол болуп калышып,
Күркүрөгөн үн чыгып,
Киши коркор сүр чыгып,
Беттерине карасаң,
Эр Саламат, Кесилет,
Бир пайпактык түк чыгып,
Ач кыйкырык куу сүрөөн,
Ал экөөндө ким жүргөн?
Арасында булардын,
Кызыл жалын от күйгөн.
Жердин бети чаң болуп,
Көздөрүнүн жээгине,
Сүрө кочуч туз толуп,
Уккан- көргөн кишиге,
Бир укмуштуу иш болуп,
Камчы менен салышып,
Жаагын жара чабышып,
Колтуктарын чойушуп,
Муштум менен койушуп,
Алы кетип шай калбай,
Акакташып соолушуп,
Жакалашып тартышып,
Олпокторун булушуп,
Койо бербей тырмышып,
Кемердей толгой кармашып,
Кекенишип жармашып,
Багалектен бурушуп,
Этектерин түрүшүп,
Далыдан чапчый кармашып,
Барлык күчүн арнашып,
Бирин- бири жыга албай,
Айнектей түзгө дардайтып,
Андан амал таба албай,
Бирин бири алалбай,
Аттарына жармашып.
Колдорго найза кармашып,
Качырышып сайышып,
Качпай туруп салышып.
Найзанын учу тийгенде,
Кыпкызыл канын агызып,
Кан куйулуп салаалап,
Ого бетер жан ачып,
Өчүгүшүп карарат.
Эртеден- кечке тынбастан,
Аманат жанды кыйнашкан,
Күн уйага киргенде ,
Кайра кетти турбастан.
Элине барып Кесилет,
Өпкөлөп ыйлап эчкирет:

www.bizdin.kg

- Баары баатыр, баары шер,
Балбаны сайат канчаны,
Кыргыздын элин ким билет,
Балдары сайат найзаны,
Балбаны сайат канчаны.
Жаш- карысы кыргыздын,
Элебейт экен анчаны.
Көзгө илбесе Кененим,
Дөөлөрдөн нечен барчаны-
Тажиктердин Темирбек,
Калдагай кулак Чойун алп,
Саранжа, Сакта кандай алп?
Жалгыз жүрүп Кененим,
Баарысын жеңди жер жаздап,
Ошонун баары сулады,
Кулачтап жерди кучактап,
Токтобой акты көздөн жаш,
Мончоктой болуп бурчактап,
Алдыбызда өлүптүр,
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Кыргыздан чыккан жаш балдар,
Баары мыкты талыкпас,
Эртеден кечке чабышта,
Өжөр экен чалыкпас,
Катышып калса кыргызга,
Дарт экен булар айыкпас,
Заары жылан тили экен,
Балдары кызыл пил экен,
Баарысы окшош жүрүшөт,
Баш билгиси ким экен?
Катындары уйаттуу,
Кыз балдары кымбаттуу,
Жубандары сымбаттуу,
Келиндери келбеттүү,
Бай-жардысын билгисиз,
Баарысы шуру-берметтүү.
Какжаңдаган кары жок,
Чакчаңдаган жашы жок,
Мас болгону дагы жок,
Падышасы ким экен?
Кол куушуруп бүкүйүп,
Кошомат кылган дагы жок,
Тең турат экен жанаша,
Чоң-кичүүдөн айрым жок,
Кийген кийми өтө кооз,
Ээр-токуму баары окшош,
Жер бетинде жок чыгар,
Ушул кыргыз элге окшош.
Хан Дабытай, Ачакан,
Кандай күндү көрөбүз,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Карышкырдай улуган,

www.bizdin.kg

Үнү ачуу бул журттан?
Саламатка эки кур,
Салгылаштым жанашып,
Эми  келсе Кененим,
Кетет белем кан агып.
Арыбы көп, амал көп,
Өтө башка журт экен,
Биз козголбой койгондо,
Кете берип күмбөзгө,
Куру таштап коргонду,
Курчап бизди жеткенде,
Эбибизге келтирип,
Азыраак киши бир демде,
Ачаканга сайдырып,
Алдырбайт эле Бактыбай,
Кененимди келтирмек,
Биздин элге туйдурбай,
Эрдин иши эмеспи,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Качырып кирди жазганбай,
Кеңеш кепти кылгыла,
Ачакан менен Дабытай,
Жылыштап элге жетели,
Беш баатыры бар экен,
Элинен бөлүп кетели.
Коросон, испан  бир турсак,
Күндө жаңы кол жыйсак,
Бизге алы жетеби?
Алыстатып кетели,
Бешөө калса колу жок,
Бели сынат эмеспи,
Алып барса аскерин,
Эл кырылат эмеспи,
Эки жактын аскери.
Тең кырылат эмеспи,
Алыска барса бизге окшош,
Азык-түлүк дагы жок,
Арыктап өлөт кыргыздар,
Аппак кардай майы жок,
Артып ала жүргүндөй,
Биздикиндей даны жок.
Элинде болсо кыргыздар,
Кулжуңдашат турбайбы,
Эчтекеден камы жок.
Калкында болсо кыргыздар,
Какшай берет турбайбы,
Он экинин бири жок,
Сарамжалга келгенде,
Уй байларга жиби жок,
Уруштан башка иши жок,
Кой деп айтар киши жок.
Кар жааганды билбесе,
Карды  көзгө илбесе,

www.bizdin.kg

Борошо жаанды билбесе,
Суукту көзгө илбесе,
Ызгаарлуу шамал борошо,
Үшүп үйгө кирбесе,
Суу ордуна май жесе,
Суукту тамак жебесе.
Ысык жерде тердесе,
Биздин элдер кайтарып,
Көлөкө жерди бербесе.
Бүткөн бойу жуурулуп,
Айланып көөнү кирдесе,
Салкын шамал жок жерде,
Сүт болбосо ичерге,
Ошондой жерге түшпөсө,
Ысык урган эгиндей,
Үрпөйүшүп жүдөсө,
Уйпаланган бул кыргыз ,
Ошондо жооп бербесе,
Салкын жерде кыргыздар,
Баш берээр эмес дегеле.
Аккан суусу шар экен,
Аппак сүтү, кымыз дары экен,
Жетпесе ажал өлтүрбөс,
Дары чөптөр бар экен,
Улар деген улуу куш,
Ушул жерде көп экен,
Улардын эти медеткер,
Аркардын эти себепкер,
Муунга дары бугу эти,
Кашкулак өтү табылбайт,
Коросон, испан дегенде,
Көк жорунун өзү жок,
Бел ооруга берерге,
Өтүн ичет турбайбы,
Этин жебей бул жерде,
Тоо текеси көп экен,
Ысык өтпөй бул элге,
Чечек чыгып чаар болбойт,
Илбирс жүрөт ар жерде,
Эти бышып катпайбы,
Бир кесимден жегенде.
Карышкырлар кабышып,
Адырда жүрөт жарышып.
Тамак ооруу болобу,
Анын өтүн табышып,
Коктунун баары түлкү экен,
Бул түгөнгүс мүлк экен,
Ириңдеп эти ырбабас,
Мунун өтү дары экен,
Сүлөөсүнү көп экен,
Биздин элде ханда жок,
Ошол үчүн келиндер,
Ичик кийген кеп экен.

www.bizdin.kg

Ала мойун суусар бар,
Ачакан менен Дабытай,
Булар жүрөт табалбай,
Түгөнүп калган кыргызда,
Жылтылдатып кылканын,
Кийип жүрөт жаш балдар,
Андыктан кыргыз элдери,
Кундузду койот пулга албай,
Жапа кундуз көп экен,
Сасык дешип теңге албай,
Байкерчилик болобу,
Кыргызга окшош жанга бай,
Кыр сактаган аскердей,
Кылактап турат карагай,
Теректи карап койбосо,
Жыгачпы деп эске албай.
Чоктой кызыл табылгы,
Колдо камчы баарысы,
Кырчын талдар буралып,
Асман тиреп кайыңы,
Темирден катуу ыргайы,
Чыккан чөбү бүт дары,
Аркар оту, мамыры,
Арбын чөптүн тамыры,
Шыралжын менен бозунач,
Кокон менен сүт тикен,
Кан аккан жерди бүтүргөн,
Чалкан куурай бирсалар,
Шишикке дары табылбай,
Өпкө оорунун дарысы.
Өтө сонун баарысы.
Жапалдаш сары чечекей,
Апийинден кем эмес,
Эрмен менен боз куурай,
Кайнатып суусун жууганда,
Териге желди жуктурбай,
Көлү менен күлепше,
Көп экен дары бул жерде,
Тал мыйа менен кекире,
Табылбайт бизде дегеле,
Сандап жатат ар жерде,
Дары эсептеп билесе.
Бүркүт менен үкүнүн,
Таз кара менен жорунун,
Такыр этин жебесе,
Кашкулак, койдун терисин,
Дегеле киши билбесе,
Жапа кундуз, ит тери,
Жанына киши барбаса,
Кыркып койдун жүндөрүн,
Талаага таштап эл көчсө,
Аны киши албаса,
Алмак түгүл жанына,

www.bizdin.kg

Жакын басып барбаса,
Агын суулар бул туруп,
Жандатып арык чаппаса.
Жамгырда эгин айдаса,
Жел согуп үшүк албаса,
Бышпай чийки калбаса,
Өлчөм деген болбосо,
Таар-таарлап дан алса,
Суудан кемип калбаса,
Чирип жатат жыгачтар,
Отун издеп бир жерге,
Убара болуп барбаса,
Талыгабы кыргыздар,
Ушундай жерге карчашса?
Деп Кесилет айтканда,
Дабытай менен Ачакан,
Кулак салып угушту,
Кандай дээрин биле албай,
Башын кашып турушту.
Жашырбай чынын айтканда,
Дабытай менен Ачакан,
Башын жээчү жумуш бу.
Алданып алтын-зарына,
Калмактардын малына,
Өздөрү тапкан ажалды,
Өлчөм кылып жанына,
Алданып жүрүп тажиктер,
Темирбек өлдү алдында.
Атырдай жыты буруксуп,
Адамды алдайт шум дүйнө,
Алтын алып, мал алып,
Ажалга калды бул күндө,
Жалгандыгын билгизбей,
Шектендирди бул күндө,
Биз баашабыз деп келген,
Коргондон башка шаары жок,
Коркот деп бизден кыргыздар,
Жалгандыгы дүйнөнүн,
Жалдыратат ушундай.
Көрүнбөйт көзгө көп-азы,
Күч келип жанга кысылбай,
Дүйнөдөн өтпөйт армансыз,
Ажал кысып келгенде,
Адамдын баары дармансыз.
Жал-жал тиктеп бир бирин,
Жалдырашып турушту,
Дабытай менен Ачакан,
Улуктан экөө баштаган,
вазырын чогултуп,
Кеңеш кылды бир топ  жан.
Ачакан айтып алдырап,
Тил байланып балдырап:
- Мен Ачакан аталып,

www.bizdin.kg

Тактага чыгып хан болуп,
Эл башкарып тургалы,
Жыйырма жылдан ашыптыр,
Испандын эли козголбой,
Жанын багып жатыптыр.
Алданып калмак пулуна,
Ачакан жолдон азыптыр.
Тартууга калмак берди, деп,
Алтын алдым, мал алдым,
Калмактан аны неге алдым?
Кыргызды жоолап берем деп,
Баатырсынып мен алдым,
Анда билбей алыпмын,
Кененим жанды аларын,
Эми  алтын берип, мал берип,
Тандап сулуу кыз берип,
Маана болор бир байды,
Билбеймин кайдан табарым!
"Өз өлтүрбөйт" деди эле,
Өз элимди мааналап,
Мен испанга барайын.
Дабытайга эп келсе,
Коросон испан бириксе,
Алы келбес кыргыздын,
Эр Кененим, Саламат,
Бактыбай, Сүйүн, Чолпонбай,
Булар барат калалбай,
Эркибизче уулайбыз,
Аз кыргызды жайма жай.
Сен да акыл бериңиз,
Билгениңди, Дабытай.
Дабытай аңдап бул кепти,
Өтө жаман ачуусу,
Келгендей айтты бир кепти:
- Испандын ханы Ачакан,
Адам айтар кеп эмес,
Сен айтканың байатан.
Жанчылган эти Кесилет,
Айтып өттү далай кеп,
Карчалышкан душманды,
Жаш-карысыны мыкты, деп,
Жерине чыккан чөптөрүң,
Киши өлтүрбөс дары, деп,
Баштан-айак бул кеби,
Айабаган бокту жеш!
Ат арытып, тон жыртып,
Атайын келип бул жерге,
Кыргыз деген шум элге,
Кетели деш кайсы кеп?!
Айлына келип алалбай,
Кетебиз кантип уйалбай,
Биз кеткенде бул элден,
Кыргыз барат туралбай.

www.bizdin.kg

Коросон менен испанга,
Кол салып кыргыз барбады,
Экөөбүздү, Ачакан,
Калдагай кулак Чойун алп,
Айла менен алдады.
Бизден бетер Темирбек,
Билбей калып алданды.
Жаны ачып сайышып,
Өлүп кетип жай алды.
Темирбектин элине,
Тийбестен жолго салганы.
Бир тажиктин колунан,
Камчысын олжо албады,
Тийишпесе тийбеген.
Тийишип келген кишинин,
Ким экенин билбеген,
(Кененим өзү айтты эле)
Анысы ырас турбайбы.
Калдагай кулак Чойун алп,
Саранжа, Сакта дегенди.
Катары менен жалмады,
Калганын кайта кетирди,
Камчы сап олжо албады.
Кара аскерде жазык жок,
Ханы менен балбанын,
Баш кармаган зардалын,
Чыгарды анын далдалын.
Көрүп туруп кыргызды,
Өз жериңе алпарсаң,
Баштакыдан көбүрөөк,
Чыккан турат чоң жаңжал.
Баш кишиңди  калтырбай,
Баарысын жалмап сорбойбу,
Калың элдин баарысы,
Кара элечек болбойбу,
Кара башың карабай,
Калгандарды ойлойлу,
Таласта өлсөк урушта,
Такыр элге угулат,
Качып барып өлгөндө,
Калганды койо тургула,
Калкың кылат жаман ат.
Калкыңа кыргыз келбесе,
Калмакка бардың неге, дейт,
Калк ичинде карылар,
Калбай баары жемелейт,
Билеги жоон балдардын,
Баарынын каны себээлейт,
Ал көрөкчө, балдар, ай,
Өлгөн жакшы жан калбай,
Жекелеше чыгалы,
Андан бетер тайманбай,
Кычырып барып кыргызды,

www.bizdin.kg

Эл кыдыртсак ал кандай?
Элине тилеп амандык,
Дабытай айтты ар кандай,
Ачакан менен Кесилет,
Башкача акыл айталбай,
Таң атырды кеп менен,
Чырым уйку алалбай,
Кыргыздардын Саламат.
Башына түшүп кыйамат,
Омурткасы зыркырап,
Кабыргасы быркырап,
Каңгара какшап жан кыйнап,
Бүткөн бойу дал болуп,
Кармалбай колу шал болуп,
Чырым уйку албастан,
Канча түрдүү чөп ичип,
Айанбастан көп ичип,
Сүрүп чыкты аңгыча,
Жер агарып күн тийип,
Кесилет чыкты жекеге,
Урчук таштай керкийип.
Тарт Кула атты, дегиче,
Жолборс тууган Кененим,
Жүрүп кетти Саламат,
Ат куйругун шарт түйүп.
Саламат менен Кесилет,
Жан айашпай бет келип,
Найза күүлөп сайышып,
Балта булгап чабышып,
Кылычташып урушуп,
Чокмор менен койушуп,
Этектен түрө кармашып,
Барлык күчүн арнашып,
Жакалашып тартышып,
Көөдөндөшүп тирешип,
Булкуп-силкип күршүп,
Орой-торой чалышып,
Койун колтук алышып,
Ача кармап мекчийип,
Ирмелбей көзү чекчийип,
Акакташып солушуп,
Көттөрүн жерге койушуп,
Кайта ордунан кобушуп,
Аттарына камынып,
Күрөөкө тонду жамынып,
Күркүрөшүп күч алып,
Күкүрттөй ичи туганып,
Буттап темир курчанып,
Аңгычакты болбоду,
Күүгүм кирди күн батып,
Аскер түштү атынан,
Даам ичип, тынч алып,
Жана чыкты таң атып.

www.bizdin.kg

Жаркырап жерге күн чалып,
Кесилет жок келүчү,
Дабытай чыкты аттанып,
Мага муну бергин, деп,
Бактыбай турду таптанып,
Жекеге чыкты Бактыбай,
Кененимден бата алып,
Дабытай мыкты эр экен,
Эр турмайлык шер экен,
Кайраты көптү жапырган,
Караандуу эрдин бири экен,
Качырып найза сайганга,
Агызын канды жайганга,
Кандим болгон неме экен,
Кесилетти кекетип,
Ачаканды кулатып,
Кеп айтары эп экен,
Хан Дабытай, Бактыбай,
Качырышып бет келди,
Найзаларын кагышты.
Бир беттешип жанышты,
Өрттөнүп өлгүр экөө тең,
Өчөгүшүп сайышты,
Күн төбөдөн кыйшайып,
Бешимге жакын барышты.
Ыргыштатып Дабытай,
Бактыбайдын найзасын,
Кагып өтүп сайдырбай,
Топчу кулак тору аттан,
Сайып өттү камгактай.
Ак жал сары арбаңдап,
Сүйүн кетти далдаңдап,
Сүйүн кантип айанды,
Тоодой болгон Дабытай,
Май куйрукка бир сайды.
Карыш жерин куйруктун,
Найза жиреп чыкканы,
Кыргыздын Сүйүн балбаны,
Дабытайдын майына,
Найзанын учун чыктады.
Коросондун Дабытай,
Каарданды карарды,
Бактыбайдан сак калып,
Сүйүндөн найза жегенге,
Намыстанып арданды,
Күңгөйдүн куу чаар жыландай,
Ого эле жаман заарданды,
Бөрү тилме өткүр миз,
Найзасын колго кармады.
Сүйүнгө найза сайдырбай,
Сайып өттү Дабытай,
Мен-мен деген Сүйүндү,
Ыргыта сайды камгактай.

www.bizdin.kg

Күүлүү найза нетиптир,
Бөйрөктү тепчип кетиптир,
Карчытынан тешилип,
Кош бөйрөгү эзилип,
Желип чыкты Дабытай,
Карышкырдай эсирип,
Жаш балапан жоголду,
Келе жаткан жетилип.
Чолпонбай жетип ангыча,
Дабытайга кезигип,
Карарып өңү бузулуп,
Каарданган Дабытай,
Жаалы чыгып бетинен,
Жалын чыгып көзүнөн,
Заарданган Дабытай,
Канча миң колу кырылып,
Капшытынан сөгүлүп,
Жарылып калган Дабытай,
Кылча  жанын айабай,
Кылчайып артын карабай,
Келе жаткан Чолпонбай,
Зымыраган Дабытай,
Бучкагына түк албай,
Чолпонбайга сайдырбай,
Найзасын кагып жиберди.
Табарсыктын башына,
Таамай муштап өттү эле,
Камгактай учуп Чолпонбай,
Капкайда барып түштү эле,
Жер тайанып делдейип,
Бойун жасап керилип,
Өлүп кетти Чолпонбай.
Кененимден сурабай,
Салган бойдон Саламат,
Жүрүп кетти туралбай,
Саламатты көргөндө,
Дабытай айтат мамындай:
- Сен Саламат мыктысың,
Атанын жолун жолдобой,
Акылыңдан алжыпсың!
Түп атаң сенин Бадыкөл,
Ээлик кылып маңгытка,
Алооке,  Дөөхан, Шоорукка,
Курбу-курдаш тең өткөн,
Кыргыздын канкор Манасы,
Кыйаматка жөнөткөн.
Ага караштуу жерлерин,
Аркасында элдерин,
Кар манапка бир берген,
Бадыкөлдүн Мадыкөл,
Маңдайда жалгыз көз экен,
Нак желмогуз өзү экен,
Атанын ордун тапканда,

www.bizdin.kg

Чогултуп элин бакканда,
Манастын уулу Семетей,
Баса келип тебелеп,
Мадыкөлдү сулатып,
Тактасын элге талатып,
Ар кайда элин таратып,
Бараң  менен Шаңкайды,
Кыргызга кошуп каратып,
Баарысынын бийлигин,
Кар манапка карматып,
Топтоп күлүк аттарды,
Кеткен экен айдатып,
Багышка берип кетиптир,
Жолдо кетип баратып,
Чоң атаң сенин Мадыкөл,
Баары жандан чоң экен,
Чакташар катын жок экен.
Сенин атаң Сарыбай,
Ошон үчүн найза өтпөс,
Таштан болгон денеси,
Эки атам өчүн алам, деп,
Таласты кармап чабам, деп.
Келген экен Сарыбай,
Семетей менен Сейитек,
Ата бала кулдары,
Ак калпак кыргыз бүт баары,
Беттешип алы келалбай,
Жан жүрбөстүн чөлүнөн,
Алып келген Куйалы,
Сарыбай – сенин атаңды,
Сайып берген Куйалы,
Кыз балбан деп аталып,
Атагы чыккан бу дагы.
Сейитек алган Куйалы,
Андан туулган Кененим,
Жалмап келет күн бербей,
Жер бетинде туулуп,
Мен балбанмын дегенин.
Укмуштуу катын Айчүрөк,
Асырап алган жез илек,
Асыранды кыз берип,
Сени алдап күйөө деп,
Ишенбесең, Саламат,
Тирүү койбойт Кененим,
Кылып көрчү бөөдө кеп.
Кара калпак, түркмөндү,
Сага берип салгансып,
Асыранды кыз алып,
Сен жүрөсүң алданып.
Сарыбай атаң өлгөндө,
Сен курсакта калыпсың,
Сени тууган энекең,
Кыргыздан коркуп айтпаган,

www.bizdin.kg

Аныктап уга албапсың,
Төрөдүбү Жезбилек,
Жана барбы катының?
Үй-бүлөңдү ким билет,
Тукумсуз өтсөң жоголдуң,
Үч атаң өлсө кыргыздан,
Киринди болуп не болдуң?
Намысың жок адамсың,
Уктабай жүргөн чыгарсың,
Жашым сага курбалдаш,
Карылардан угамын.
Бала кезде Саламат,
Элдир-селдир угучу,
Эс тартканда Саламат,
Мындай кептер жок болчу.
Баштан-айак кыскартып,
Дабытай муну угузду,
Аа болбоду Саламат,
Баштап кетти урушту.
Күркүрөтүп булгалап,
Күүлүү найза урушту,
Адис болгон берендер,
Бендеден белдүү эрендер,
Эбегейсиз урушту.
Найзаларын кагышып,
Карсылдашып сайышып,
Балталашып чабышып,
Бар кайратын чогултуп,
Эки колго алышып,
Кылычты кындан суурушуп,
Башкача кыйын жулушуп,
Бүтүн койбой тондорун,
Олпокторун булушуп,
Арзан эмес бул жумуш,
Чокморлорун алышып,
Чокулата салышып,
Колтуктарын чойушуп,
Кош колдоп туруп койушуп,
Белбоолорун үзүшүп,
Этектен бурдай кармашып,
Бүткүл күчүн арнашып,
Эс алган жок бул экөө,
Эр намысын талашып.
Кара мүртөз Дабытай,
Катуу тийди жан ачып,
Болуп калган Саламат,
Көз тунарып, шай качып,
Дабытай өзү кагалес,
Ар кылганы чабандес,
Адис болгон түгөнгүр,
Саламаттын балтасын,
Чаптырбай кагып жиберди.
Тоодой болгон баатырга,

www.bizdin.kg

Кайта тийди имерип,
Карчыганын балык эт,
Качырып найза муштады,
Сооттон өтүп кеткен жок,
Өлөр жерге жеткен жок,
Тоо кулаган немедей,
Тоңкорулуп кулады.
Дабытай урган капталга,
Токтоп артка турабы?
Кайра айланып Дабытай,
Жана сайса Саламат,
Жаны калбай өлөт, деп,
Кеңкула менен аргытып,
Кененим жетти майданга,
Артынан чаңды баргытып,
Манастап баатыр бакырып,
Кененим үнүн укканда,
Дабытай калды шашылып,
Саламатка Дабытай,
Жандатып найза сайалбай,
Чолпонбай менен Сүйүндөй,
Өзөктөн канын жайалбай,
Теңдешкени Саламат,
Капталдан каны жошулуп,
Өлбөй калды эсен-сак.
Тура калып Дабытай,
Сөз сурады мамындай:
- Кара жал кула ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Ким болосуң сен? – деди,
Мындай мурун көрбөдүм,
Сен өңдөнгөн бендени.
Үнүң каар, өңүң заар,
Көзүң кыйгач, ичиң чаар,
Таруудай бетте каның жок,
Кабуу тапсаң кишиге,
Ыракым кылар пейлиң жок,
Манастайсың бакырып,
Жөн жаткызбай көрүнө,
Атынан айтып чакырып,
Тирүү киши турмайалык,
Өлгөнгө кошо асылып,
Кененим айтат мамындай:
- Апкаарыдың Дабытай,
Качырып найза уралбай,
Кара жалдуу чоң кула ат,
Мингениме жарашат.
Аттын аты Кеңкула,
Таруудай бетте каным жок,
Кабуусун тапсам душманга,
Ракым кылар чагым жок,
Түп атадан мурасын,
Үнүм ачуу, өңүм заар,

www.bizdin.kg

Көзүм кыйгач көргөнгө,
Өзү келип катышат,
Сен кептенип айбандар,
Чолосу тийбей өлгөнгө.
Пейилим кенен элиме,
Ичим чаар силерге,
Берекелүү эки айбат,
Атамдын аты шер Манас.
Айтып жоого тийерге,
Атамдын атын укканда,
Сен кептенген неменин,
Шейшеби бекип чыга албайт,
Эркинче басып сийгенге.
Сурасаң атым Кененим,
Жоодураган коросон,
Колуңду айдап не келдиң?
Корооңо сенин барбадым,
Короодон малың албадым,
Койнуңа колум салбадым,
Гөл тилине алданып,
Келиптирсиң калмактын,
Коркуп айтып жатат деп,
Көнүлүнө албагын,
Испан менен коросон,
Кетип калсаң канетет,
Тереӊ ойлоп ар жагын?
Тийбегенге тийбеген,
Атадан калган адатым,
Катышып келсе кол калып,
Кан агызып баш жутуш,
Кадимден берки санатым,
Түшүрбөй айта жүрөбүз,
Баатыр атам ураанын.
Каңгайдан канча эр келди,
Алдында үчөө бир келди.
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Тартынбай салып жаңжалды,
Такыр өлүп сулады,
Бүлдүргөчө немесин,
Кыргыз олжо албады,
Кара аскерде жазык жок,
Ханы айдап келди, деп.
Сенден бетер Темирбек,
Акылдан азды темтелеп,
Өзү өлдү, эли сак,
Тарап кетти сенделип,
Саранжа, Сакта- балбандар,
Калдагай кулак баштаган,
Андай нечен чандан бар,
Кененимдин колунан,
Өлүп кетти жан калбай,
Айдап ийдим аскерин,

www.bizdin.kg

Олжо кылып мал албай,
Дабытай менен Ачакан,
Уксаң акыл мен айтам,
Бекер өлүп кетесиң,
Куру намыс талашсаң.
Кара башың талаада,
Кала берет ташка окшош,
Аскериң барат элине,
Калмак, тажик элге окшош.
Кечээ түп атам Манас барында,
Оогандын ханыЧынача,
Коңурбай менен колдошуп,
Калмак менен биригип,
Койгулашкан чагында,
Испан менен коросон,
Кошулуштуң башында,
Калмактан бетер жоолашып,
Кол салыштың угушта.
Ооган, испан,коросон,
Катарың менен алдырдың,
Кектеп Манас калбады,
Калмакка неге бардың, деп,
Ат изин сага салбады,
Бүгүн келдиң дүбүрөп,
Калмакка кулдук кылгалы,
Атамдын жолун жолдоймун,
Аркасын алыс ойлоймун,
Кетемин десең, Дабытай,
Торгобоймун, тоспоймун,
Жөн койомун жолуңду,
Бош койомун колуңду,
Артыңдан кууп барбаймын,
Арданыпсың калмакка,
Кектеп сени калбаймын,
Ага болбой кармашсаң,
Айанып сенден калбаймын,
Эчки жайган адырдай,
Жазгы чыккан таанадай,
Түбүң менен жалмаймын.
Кимисине турасың,
Кетер болсоң, Дабытай,
Кечикпегин, турбагын,
Кетпес болсоң, Дабытай,
Кебиң болсо баштагын!
Деп Кененим айтканда,
Ажал алып жакадан,
Кайтарын билбей Дабытай,
Тушамыш салып колуна,
Аныктады абыдан:
- Ар качандан бир качан,
Испан менен коросон,
Алдандың деп калмакка,
Айтканың жаман баарыдан.

www.bizdin.kg

Мен алданып калмакка,
Малдын кулу экенмин,
Кең пейил элге күйүнгөн,
Сен Кененим экенсиң,
Кененим сенден жалтайып,
Акчан  киши экенмин,
Желкеңден жерге баспасам,
Жети ата кылып кыргызды,
Жети катар чаппасам,
Дабытай атым курусун,
Жесир катын, жетим уул,
Журт- журтта калып улусун!
Какжаңдап   карың кыйналсын,
Бөкчөңдөп кемпир ыйласын,
Бешикте лалаң ачка өлсүн,
Качып жүрүп уул- келин,
Курбу-курбу ташта өлсүн,
Алысак тартып чубатып,
Арыктап төөлөр чөлдө өлсүн,
Ашарга иштеп аш таппай,
Азаматтар ачка өлсүн,
Куугунда өлсүн азоолор,
Куйугуп өлсүн кулундар,
Чачылсын алтын пулдарың,
Тартып алам бүт баарын,
Азапка салам элиңди,
Ашырбай айтам кебимди,
Эртеден бери, Кененим,
Кетип калгын дедиңби?
Амалың кетип алдырап,
Коркуп айткан кебиңби?
Көөпайлык кылып Дабытай,
Билбей калат дедиңби?
Кууп кетпей жылкыңды,
Куру кетчүү  мен эмес,
Куру сөзгө кубантып,
Кетирип ийчүү сен эмес.
Ормолоку кеп айтып,
Үйрөтүп калган экенсиң,
Кой Кененим, саалтып,
Кечиктирбе жолумду,
Алаксытып сөз менен,
Байлабагын колумду,
Баштан айак калтырбай,
Билип болдум ойуңду.
Ачык айтчы жообуңду,
Сен айтпасаң мен айттым,
Бере турган жообум бул!
Деп, Дабытай күркүрөп,
Найзасын ыргап кезкерип,
Качырып сала бергенде,
Камбыл тууган Кененим,
Ар иштин жолун так билген,

www.bizdin.kg

Даңгыл тууган Кененим,
Тогуз жаштан бер жака,
Тоодой нечен дөө сайып,
Азуусун айга бүлөгөн,
Ааламды ьузар эр сайып,
Күндөй тийген табы бар,
Борошодой каары бар,
Көргөн адам жалтайган,
Ажыдаардай заары бар,
Андай нечен эр сайып,
Адис болгон  Кененим,
Бул Дабытай канчалык,
Калыбекче жок турат,
Байкап көрсө канчалык.
Буда карап турбады,
Бууданга камчы урганы,
Жалындаган от чыккан,
Жан алар найза сунганы,
Сайдырбастан кагышып,
Жана кайта сайышып,
Найзанын сабы быркырап,
Сыныктары асманга,
Учуп жатат чыркырап.
Балтанын сырты жарылып,
Баатырлар колу дал болуп,
Көтөрүлбөй колдору,
Бүткөн бойу шал болуп,
Кылычтын  баары кыйрады,
Кылайып жумуш бүткөн жок,
Олпоктондор булунуп,
Ат башындай  булалар,
Кармаган жерден жулунуп,
Кемер курлар үзүлүп,
Кеткен жок аттан түшүрүп,
Бирин бири алган жок,
Ойлогон ишин бүтүрүп,
Жай- жайына жанышты,
Аңгычакты кеч кирип,
Жесекчилер жер сактап,
Кайгуулчу, изчи – баарысы,
Милдеттерин алышты,
Агарып таңдын атышы,
Коросон, испан элдери,
Аттанып чыкты болжолу.
Дабытай менен Кененим,
Кезектешип кирбеди,
Жайнап чыккан кыргызга,
Туш-тушунан тийди эми.
Коросон колу коргонго,
Испандын эли тоолорго,
Кесилет баштап келгендер,
Каптап кирди жол-жолго.
Эр Кененим жолборсуң,

www.bizdin.kg

Коросонду беттеди,
Тоодой болгон Саламат,
Кесилетти чиктеди,
Бактыбайды байкасаң,
Эки көзүн айырбай,
Ачаканды тиктеди,
Кең кула менен Кененим,
Капаланып камыгып,
Көзүнөн чыккан жалыны,
Туулгага жабылып,
Коросондун колуна,
Аралап кирди чамынып,
Чамбыл ала чаң кылып,
Кызыл ала кан кылып,
Найзаны жерге мылгытып,
Кырк-элүүдөн немесин,
Катары менен ыргытып,
Тобун бузбай сулатып,
Кулаган таштай уратып,
Олпоктуусун онтотуп,
Сооттуусун сойлотуп,
Балталуусун башка уруп,
Балчыктай кылып жапшырып,
Каардуусун какшатып,
Кылычтуусун кыйратып,
Тамандан чыккан чаңды көр,
Чайкалып жаткан канды көр,
Томпойуп жаткан эрди көр,
Тоңкойуп жаткан атты көр,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү ар тоодой,
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү бир тоодой,
Көгөргөн чөптөн калган жок,
Баары чамбыл болуптур,
Бозоргон топо калган жок,
Баары саргыл болуптур,
Ой-чуңкурдун баарысы,
Уйуган канга толуптур,
Коргонго кирген бет алып,
Коросондун кошуунун,
Беттеп кирген Кененим,
Түгөтө жаздап койуптур.
Коросондун калганы,
Баштап жүргөн Дабытай,
Мен-мен деген балбаны,
Бүт коросон элдерин
Башкарып жүргөн зардалы,
Кара жанын калкалап,
Тоо тайанып алганы,
Кайра тартып кыргызга,
Кылчайар жайы калбады.
Шер Кененим ошондо,

www.bizdin.kg

Калгандарды байкады,
Коросондун Кесилет,
Кылган иши кесирет,
Кесилет менен беттешип,
Тирүү калыш кыйын кеп,
Суусамырда тынч элге,
Аралап барып тийерде,
Саламат жетти бетме-бет.
Алты сапар беттешип,
Алышалбай калышкан,
Капканга түшкөн карышкыр,
Дал ошондой кайышкан,
Эр Саламат нетиптир,
Эл аралап чуу салган,
Козголбой жаткан тынч элге,
Коркутуп барып кол салган,
Кесилеттин тобуна,
Аралап кирип кетиптир.
Саламат мыкты эр экен,
Санааттуу тууган неме экен,
Белсенишкен жумушта,
Бели катуу шер экен.
Эрендиги кармады,
Эл аралап барганы,
Беттеп кирген жерине,
Бет келип калган бендеге,
Бекер өлүм салганы.
Түпөктүү найза желеги,
Эр Саламат баатырдын,
Эми тийди кереги.
Каптап калган кошуундун,
Канчасын сайып жиберди,
Күүлөп найза сунганда,
Күүсү менен найзанын.
Жыйырма-отуздан кулады,
Чапкан чөптөй жыгылып,
Аркы-терки сулады.
Өмдөгөн менен коросон,
Туруштук кыла албады,
Он алты миң киши экен,
Алты айланып өткөндө,
Ат үстүндө эрбейип,
Он миңчеси калганы.
Муну көрүп Кесилет,
Өтө жаман арданды,
Жылан менен чайандай,
Заарын салып заарданды,
Чыдай албай Кесилет,
Белги берип кернейден,
Элин жыйнап алганы,
Ажалым жетсе өлдүм, деп,
Азабым болсо көрдүм, деп,
Саламаттын алдынан,

www.bizdin.kg

Кесилет тосо барганы.
Айанып калар жери жок,
Кесилеттен тартынып,
Калар киши ал эмес,
Эр Саламат балбаны.
Кезенишип көгөрүп,
Кесирлер найза өңөрүп,
Туулгасын томпойтуп,
Төбөсүнө көмөрүп,
Кемерлерин курчанып,
Кер сары тартып сумсайып,
Жутуп ийчүү немедей,
Бузулган күндөй кумсарып,
Жан алуучу найзаны,
Жана кайта колго алып,
Мингени тулпар дыркырап,
Кузгун учуп жаткандай,
Куулгулуп зыркырап,
Найзанын күүсү күркүрөп,
Учунда жалын от күйүп,
Ойулуп кетчүү немедей,
Жер силкинип дүркүрөп,
Беттешип кирген эки дөө,
Болуп жаткан дүңкүлдөк,
Айкырышып бакырып,
Ач кыйкырык чаңырык,
Тулпарлардын туйагы,
Топону  көккө сапырып,
Буларды көргөн адам зат,
Акылынан жаңылып,
Бактысы кимге жар болот,
Кимиси өлүп жоголот,
Кими өлүп ким калат,
Кимиси жерди жастанат,
Жардап карап эл турат,
Кыргыз менен коросон,
Коркуп эли ошондон,
Койгулашып кириշти,
Кан аралаш сары суу,
Агып жатат денеден,
Колдоруна түкүрүп,
Күн күркүрөп жаткандай,
Талаанын бети өкүрүк,
Жер чапчыган букадай,
Күчөнүшүп өкүрүп,
Тополор уйуп тоз түшүп,
Топурак учуп боз түшүп,
Топого булар көмүлүп,
Асман ачык жер бүркөк,
Жел чыкканда зыркырап,
Асман көпкөк көрүнүп,
Кудай бетин нары кыл,
Эр Саламат, Кесилет,

www.bizdin.kg

Эрегишип алышып,
Эрикпестен чабышып,
Бүчүлүктөр үзүлүп,
Жакалары шалбырап,
Этектери далбырап,
Тил байланып так келбей,
Сүйлөй албай балдырап,
Тиктеп калып бир бирин,
Далайгача жалдырап,
Катыкүн уруш кылыптыр,
Чыдай албай Кесилет,
Жаткан болуп кечинде,
Эл уктаган мезгилде,
Коросон көздөй жылыптыр,
Элин таштап салыптыр,
Качып кетип калыптыр,
Таң атканда Саламат,
Качкандан кабар алыптыр,
Былк этерге шай калбай,
Жанчылып калган болучу,
Өлүмүнөн карабай,
Ээрдин кесе тиштенип,
Кесилеттин артынан,
Саламат жолго салыптыр,
Бактыбай кантип атат деп,
Кеткен экен Кененим,
Муну билбей калыптыр,
Испандын ханы Ачакан,
Кыргыздан чыккан Бактыбай,
Кыргызга колун салдырбай,
Кыйын уруш баштаган,
Жеткен жерде Бактыбай,
Желегин жерге жапырып,
Аралап кирсе айылга,
Кандай заман болот, деп,
Манастап ураан чакырып,
Мыктап тийген качырып.
Найзасын күүгө улантып Испандыкты Бактыбай,
Күн жаагандай күн-түнү,
Ойноок жардай кулатып,
Беттеп сайып беш-ондон,
Улап сайып үч-төрттөн,
Томолотуп баратат.
Топчу кулак кара кер,
Арбытып чуркап алактап,
Шай колдогон Бактыбай,
Сапырып кетип баратат.
Кара курттай кыжырап,
Жер жайнаган быжырап,
Испандыкты Бактыбай,
Өз жанына ээ кылбай,
Өпкө боорун жапшыра,
Өлтүрө сайып жөнөндү,

www.bizdin.kg

Муну Ачакан көргөнү.
“Өтүп кеткен күндөрдөн,
Топчу кулак атыңдан,
Томоруп сайып алгамын,
Ырас чындап келгенде,
Сенден канча балбанмын,
Ошол күчүм дагы бар,
Эми сайып аламын,
Саймак түгүл, Бактыбай,
Өзөктөн каның жайамын.”
Деп ойлонуп алганы,
Алдында минген атына,
Айабай камчы салганы,
Бактыбай Кошой тукуму,
Батасы журтту байыткан,
Аны билбей калабы?
Сабын бузбай сулатып,
Сайып жаткан испанды,
Таштап ийип Бактыбай,
Кылчайып артын карады.
Эки жанын каранып,
Ээрди, мурдун жаланып,
Бөрү тилдүү өткүр миз,
Найзасын колго карманып,
Ачаканды көргөндө,
Жалгызектин Бактыбай,
Кайра жаачу булуттай,
Каар жүзүнө айланып,
Жаалысы келип жүзүнөн,
Ачаканга Бактыбай,
Жебеден мурун жеткени,
Найзасын булгап алгынча,
Көмө койуп өттү эми.
Испандын эли чуркурап,
Ачакандын үстүнө,
Чогулушуп кужурап,
Бактыбайды ортого,
Камап алды көпчүлүк,
Камаарабай Бактыбай,
Ого бетер күч кирип.
Ителги тоодак тепкендей,
Имерип тийди испанга,
Ачаканда амал жок,
Кыр аркасы кыйраган,
Бактыбайга чыкканга.
Бактыбайдын кер аты,
Ок жыландай сойлоду,
Испандыктын ичинде,
Кара мурут Бактыбай,
Ылачындай ойноду,
Найзага утур келгени,
Кара жерге киргени.
Орто жерин ой кылып,

www.bizdin.kg

Эки четин коо кылып,
Арасын ачып жол кылып,
Каскактын учун кан кылып,
Испандын башын маӊ кылып,
Желип жүрөт бургутуп,
Топчу кулак кер аттын,
Топко башын чулгутуп.
Күн батышка аз калды,
Испандын эли чуру-чуу,
Барабанды какканы,
Бактыбай чыкты бөлүнүп,
Испандыктын көзүнө,
Ач жолборстой көрүнүп.
Элден чыккан Бактыбай,
Кененимге жолгошуп,
Эсенби деп көрүшүп,
Эсендигин билишип,
Жай-жайына барышты.
Таӊ агарып атканда,
Кесилеттин качканын,
Кабарын укту Кененим,
Саламаттын кеткенин,
Аны да укту Кененим,
Дабытай жана качыптыр,
Муну да укту Кененим.
Аӊгычакты болбоду,
Колу калып өзү жок,
Ачакандын кеткенин,
Аны укту Кененим,
Кесилет менен Ачакан,
Келтирди элин Кененим:
- Коросондун теӊ эли,
Испандыктын бүт эли,
Баш кишиӊ качып кетиптир,
Эки күнү - эки түн,
Былк этпестен жат, - деди,
Менден жооп болгондо,
Андан кийин кайт, - деди.
Бактыбайды баш кылып,
Жергесинде кыргызды,
Эл аралап бас, - деди,
Жаны ачыган жамандар,
Эл аралап барбасын,
Элге бүлүк салбасын,
Андан кабар ал, - деди.
Кеӊколдун башы жети төр,
Жергелей жаткан элди көр,
Аралап кабар алышты,
Элибиз жыргап жатат, - деп,
Кененимге барышты,
Эл аманын билгени,
Эр Кененим күлгөнү,
Эки күнү – эки түн,

www.bizdin.kg

Коросон менен испанга,
Так төрт жылдай көрүндү,
Эми кандай кылар, деп,
Көзүнөн жашы төгүлдү,
Санаасы санга бөлүндү,
Эки күн эки түн өттү,
Коросон менен испандык,
Ыйлап жатып шолоктоп,
Көзүнүн жашын түгөттү.
Күн болжолу толгондо,
Эли аман болгондо,
Эр Кененим ошондо,
Бактыбайды бар, деди,
- Башчысы жок жесир журт,
Эри өлгөн катындай,
Бириңе бириң катышпай,
Өз элиңе кеткин деп,
Аны жолго сал, - деди,
Кененимге ошондо,
Бактыбайдын бир кеби:
- Коросон менен испандык,
Коржоңдоп мында келгени,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Ал экөөнү жегени,
Атын алып жөө кылып,
Тонун алып  жалаңач,
Өзүн айдап ийели.
Бактыбай мындай дегенде,
Кененим мундай дегени:
- Дабытай менен Ачакан,
Алар таштап келбесе,
Испан менен коросон,
Өздөрү мунда келеби?
Коросон менен испанга,
Кордук болду буларга,
“Касташып барган душманды,
Тойгондук кылып кыргыздар,
Ат-тонуна катышпай,
Айдап жолго салды, деп,
Алда кандай жумуш” деп,
Аң-таң калсын уккандар.
Карапайым букара,
Калганда жок эч жазык,
Чоңдорунун иши го,
Бок дүйнөгө алданып,
Атбашыга кеткиниң,
Мында турбай сен жанып,
Эмне  болду Саламат,
Кабар алам мен барып.
Бейбаштык кылып Саламат,
Кеткенин кара акмактын,
Кулагы угуп жүрүчү,
“Качкан жоону кууба, деп,

www.bizdin.kg

Кылычты канга жууба" деп,
Олуйа Бакай айтканын.
Кененим кебин укканда,
Анда айтат Бактыбай:
- Коросон менен испанды,
Колбутуп айдап алайын,
Атбашыга барайын,
Өзүң менен барайын.
Муну угуп Кененим,
Бузулуп өңү сурданып:
- Кой деген тилди албадың,
Болбой бирге барганың,
Сүйүн менен Чолпонбай,
Жолборсторду жалмадың.
Дүйшөмбүдө кырдырдың,
Кыргыздын далай балдарын,
Пайдасы тийчүү элине,
Баш көтөргөн чыйрагын.
Өлүп кеткен эл эмес,
Өзүң дагы аз калдың,
Жол талашып калыпсың,
Мен барбаймын сен баргын,
Саламат менен Бактыбай,
Катарың менен жалмайын,
Коросон менен ин испанга,
Андан кийин барайын!
Деп Кененим заарданды,
Кың кылалбай Бактыбай,
Коросон менен испанды,
Бириңе бириң катышпа,
Жолдо жаткан тынч элге,
Калба салып атышпа,
Өз элиңе кеткин, деп,
Айдап жолго салганы,
Бүлдүргөчө бир неме,
Олжо кылып албады,
Бактыбай элин ээрчитип,
Атбашыга жанганы.
Саламат кандай болду, деп,
Эр Кененим жолборстун,
Ойунда бар ушул кеп,
Кеңкула минип болкойуп,
Ээрчитип чыгып алашты,
Атасы өткөн Манастын,
Арбагына сыйынып,
Элин кайта кетирип,
Саламатты табам деп,
Залкарың эми аттанды.
Муну койо туруңуз,
Качкан менен куугандын,
Кабарынан угуңуз.
Түндө качып Кесилет,
Дабытайга кез келет,

www.bizdin.kg

- Качып чыктым, Дабытай,
Кененим эмес, Саламат,
Сайышына чыдабай,
Жаның аман калдыңбы,
Кененимдин колунан,
Бир адисе таап албай,
Кетебизби, Дабытай,
Ачакан кандай болду экен,
Андан кабар алалбай?
Менде алым  калган жок,
Таласка кайта баргындай,
Бармак түгүл Таласка,
Кылчаңдап айал кылгындай.
Кесилеттен, Дабытай,
Келер-кетер кеп угуп,
Булар минтип жатканда,
Ачакан калды жолугуп,
Ачакан айтат мындай кеп:
-Хан Дабытай, Кесилет,
Кара башым калкалап,
Качып чыктым мен болсо,
Калгандарды мейли деп,
Кыргызга бердик көп элди,
Бизге болду кыйын кеп.
Алданып каңгай элине,
Ааламга шылдың болдук,-деп,
Токтообстон шапылдап,
Дабытай айтат акыл кеп:
-Адатыңча Кененим,
Койо берет калганды,
Өз элиңе кеткин деп.
Токтолбой жолго салалы,
Коросон менен испандын,
Айрылышар жеринде,
Ачамай жолдо туралы.
Койо берген биздин эл,
Убап -чубап барбайбы,
Өткөрүп ийип ар жакка,
Чогултуп элди жыйнайлы.
Кууп барса Кененим,
Кол куушуруп турбайлы,
Эси жок уруш кылбайлы,
Бир-бирден чыгып жекеге,
Көмүскөдө көрүнбөй,
Экөөбүз бугуп туралы,
Алдын тосуп амалдап,
Ошондой уруш кылалы,
Кененимдин эбин таап,
Көмө сайып жыгалы,
Кененим колго тийгенде,
Таласты талаан кылалы,
Кыргыздын тарпын чыгарып,
Талап алып тыналы,

www.bizdin.kg

Келбей койсо Кененим,
Келээр жылы камынып,
Таласты карай жылалы,
Таштап койсок бул бойдон,
Уккандар шылдың кылбайбы.
Айтканың ырас, акыл кеп,
Жүрүп кетти макул деп,
Күн түнү жок жол жүрүп,
Ат айабай мол жүрүп,
Коросон менен испандын,
Айрылышар жерине,
Жетип барып жай алды,
Жай алып жатсын Дабытай,
Дабытайды мааналап,
Кесилет менен Ачакан,
Жанында жатсын байкуштар.
Кетип барат Саламат,
Атын айап бир тынбай,
Үч баатыр жаткан жерине,
Келип калды Саламат,
Келе жаткан кишини,
Бугуп жаткан адамдар,
Көрүп турду тамамат.
Саламатты көргөндө,
Калтырады Кесилет,
Тамтаңдады Ачакан,
Ал экөөнөн Дабытай,
- Эмне болду силерге,
Сасык тумоо тийдиби?
Эр Саламат келгенде,
Корккону̧ндан калтаңдап,
Кобалбай бириң тамтаңдап?
Саламат уулу турмайлык,
Сарыбай өзү келсе да,
Мен барамын өзүм, - деп,
Ит кезгенге ынак кул,
Мен ойойун көзүң ,- деп,
Саламат менен беттешем,
Кеңешим айтып кептешем,
Кеңеш кепке кирбесе,
Байлап алып кетпесем,
Кененимге көрсөтүп,
Көрүнөө башын кеспесем,
Айтканымды кылбасам,
Дабытай болуп мен нетем?
Корккону̧ң карап тургун, - деп,
Коржоңдогон Дабытай,
Кара бойу мунардай,
Колу-буту чынардай,
Узун бойлуу кең далы,
Эмикинин балбаны,
Өтө сулуу кызталак,
Меңсиз бети апаппак,

www.bizdin.kg

Кең көкүрөк, кууш айак,
Баатырлык сыны таанылат,
Сары кирпик, жалтыр көз,
Шыңга бойлуу кагалес,
Өтө кыйын чабандес,
Жүрөгүндө кара жок,
Жазганып калар эр эмес,
Минген аты төрт айак,
Чаалыгып калар мал эмес,
Таамай кырк күн чабышта,
Талыгуучу жан эмес,
Ат койуп чыга калганда,
Алыстан келген Саламат,
Ат ойнотуп баратат,
Тосо чыккан Дабытай,
Токтоло калып муну айтат:
- Сен Саламат эрсиңби?
Мени менен теңсиңби?
Айтканда кепти билбеген,
Ала көөдөн жерсиңби?
Эрдигиң чын, күчүң бар,
Кул болгонуң ыраспы?
Атаңдын кунун кууп албай,
Ушуну менен эки айттым,
Намыс кылып туралбай,
Алооке, Дөөхан барында,
Маңгыттын элин башкарып,
Чоң атаң жүргөн катарда,
Бадыкөлдү сойлотту,
Кыргыздын жинди Манасы,
Сенин атаң Мадыкөл,
Атанын кунун талашты,
Мадыкөлдү сойлотту,
Канкор Манас баласы.
Эки сапар элинди.
Кыргыз буруп таратты,
Маңгыт, бараң, шаңкайды,
Жүржүт, жуда, калчаны,
Башканын көзүн каратты,
Өзүңдүн атаң Сарыбай,
Опсуз намыс талашты,
Таласка келип салышып,
Кыргыздын элин жадатты.
Кайыптын кызы Куйалы,
Айчүрөккө алдатты,
Кыздан чыккан шер экен,
Сарыбайды кууратты.
Сен бой тартып өскөндө,
Айчүрөк баккан Жезбилек,
Сени алдады кызым, деп,
Менден уксаң ушул кеп.
Күн батыш барды Семетей
Ээрчип бардың элебей,

www.bizdin.kg

Дөөлөр менен кармашып,
Үч жыл жаттың ченебей.
Ат жалын тартып мингели,
Кененим жүрөт, саламат,
Бучкагына теңебей,
Жалганы жок чынды айтам,
Жашырбай ички сырды айтам,
Жети дөөнү Кененим,
Бүткүл баарын жеңгенде,
Сага соога кылган жок,
Найза эмес темене,
Качан алды теңине?
Ойлоп көрчү дегеле,
Сен жүрөсүң далбаңдап,
Кененим деп жөн эле.
Кыйа карап мойун бур,
Билинип калат бирдемде,
Булкунуп көрчү тик айтып,
Башыңды алам тим эле.
Адам болбой жерге кир,
Саламат болбой көргө кир,
Сенин ушул ишиңе,
Менин көөнүм болот кир!
Сен билбейсиң, Саламат,
Элдин баары айыңдап,
Сага калды жаман ат.
Бүт дүйнөнүн элинде,
Мойнуңда бар бир наалат.
Бадыкөл менен Мадыкөл,
Эр Сарыбай кутургур,
Тукумсуз өтөр эр беле,
Сарыбай эмес Саламат,
Атаң сенин ким эле?
Башка болсо чын атаң,
Жашырбай айтчы! - деди эле.
Сарыбай эмес Саламат,
Башка атаң бар беле?
Жандама атаң бар болсо,
Жашырбай айтчы дегеле!
Сен төрүнөн бүтсөң төшөктүн,
Сарыбайды эске алсам,
Жалындап күйөт өзөгүм,
Өзүң айтчы, Саламат,
Атаң эмес Сарыбай,
Башкада болсо күмөнүң!
Чын болсо атаң Сарыбай,
Эмне кылып жүрөсүң?!
Деп Дабытай айтканда,
Карап калып делейип,
Муздагандай селейип,
Сакалдары бириндеп,
Муруттары тиктейип,
Атам эмес Сарыбай,

www.bizdin.kg

Башка болчу дей албай,
Кара жанга күч келип,
Белге чапкан жыландай,
Ичке ийрилип бүктөлүп,
Төбө чачы үксөйүп,
Бетинен чыгып сары түк,
Кирпидей болуп түктөйүп:
“Атым болсо Саламат,
Атамды эске албастан,
Кызмат кылып кыргызга,
Болуптурмун жаман ат.
Дабытайга мен бүгүн,
Өч алышып бергин деп,
Ээрчип чапсам кандай кеп?
Дабытай менен Ачакан,
Кесилетти кошо алып,
Катар баарын кууратып,
Таласка мындан барбастан,
Элимден жыйнап кол алып,
Койгулашсам кандай?” деп,
Акыл ойлоп алайып,
Аңырайып далайып,
Кара бойун жыйнабай,
Карап калды шалайып,
Кошулмак болду мага деп,
Дабытай турат данайып.
Аңгычакты болбоду,
Коросон испан элдери,
Тирүү калган немеси,
Колбуй баары келгени,
Баштыгына кеп салып:
- Кененим бизди кет, деди,
Камчы сапча бир неме,
Кыргыздын эли албады,
Сиздер качып кеткенде,
Тургузбай бизди айдады.
Кет дегенче Кененим,
Баарыбызды кырат деп,
Өлтүрбөсө кыргыздар,
Үй башына бөлөт, деп,
Дене кул кылып алат, деп,
Ойубузда бул эле.
Кененим бизге келбеди,
Бактыбай келип кет, деди,
Бөлүнүшөр жерине,
Чогулушуп бар, деди,
Бириңе бириң катышпай,
Бөлүнүп жолго сал, деди.
Ошондон бери карата,
Бөлүнбөстөн келгенбиз.
Жол ачамай кетерде,
Силерди эми көргөнбүз.
Түн ичинде кыргыздар,

www.bizdin.kg

Кубалап келип кырат, деп,
Билмексен болуп Кененим,
Үйүндө жатып калат, деп,
Кырбаса алып ат-тонду,
Айдап жолго салат, деп,
Таластан бери чыкканда,
Эсибиздин чыкканы.
Чырым уйку албадык,
Чыканак жерге салбадык,
Ооздугун чыгарып,
Аттан түшпөй чалдырдык,
Ошентип келе жатканбыз.
Аркадан киши келген жок,
Кенедей карды ачпаган,
Кең пейил кыргыз эл экен,
Жыргатып элин ойнотуп,
Жалгыз жүрүп Кененим,
Жоосун сайып онтотуп,
Бендеден белдүү эр экен.
Ээктери эбиреп,
Жаактары жабырап,
Кеп салышып бабырап,
Коросон,испан элдери,
Кол куушуруп ханына,
Колбуп келип турду эми.
Сарыбайдын Саламат,
Кандай жооп берет, деп,
Дабытай турат сагалап,
Саламаттын санаасы,
Сапырылып аркайда,
Көөнү калды кыргыздан,
Атасын эске алганда.
“Коросон менен испанга,
Киринди болуп жүрбөйүн,
Бир башына келгенди,
Качпай туруп көрөйүн,
Манабы турган үчөөнү,
Катар сайып жөнөйүн.
Сайып аттан түшүрүп,
Жан соогалап айтканда,
Алдыма салып айдайын,
Таласка анан барайын,
Үч атамдын каны үчүн,
Кененим менен Бактыбай -
Экөөнүн башын аламын.
Сарыбайдын каны үчүн,
Күмбөзү менен коргонун,
Ак калпак кыргыз дедирген,
Ордосун чагып салайын,
Өткөндөн бери угушта,
Өмүрү өткөн эл экен,
Кыргыз деген урушта,
Кырып муну түгөнгүс,

www.bizdin.kg

Мурункулар айткан кеп,
Кыргыз деген бир атак,
Ушул кептен калган деп.
Түгөнбөй келген кыргызды,
Кырып жатып түгөткүс,
Түгөтөйүн такыр жеп,
Коросон менен испанды,
Коркутуп туруп колго алсам,
Андан кийин каңгайга,
Кат жазып киши жумшасам,
Күн батышта жети дөө,
Ат көтөрбөй жүргөн жөө,
Кененим баарын сойуптур,
Жети дөөнү сойгондо,
Жалаңгыч атка коնуптур.
Баласы бардыр бирөөнүн,
Ага-тууган, эл журту,
Эли бардыр дөөлөрдүн,
Менден кабар болгондо,
Келбегенин көрөйүн,
Кежирлик кылган ким болсо,
Кекиликтей мойнунан,
Кесип башын алайын.
Бейжинге Манас барганда,
Элүү төрт илек эл экен,
Алтымыш илек эл менен,
Таласка мен бир барайын,
Баткан менен Бейжинге,
Таласка киши батабы.
Талкаланып таштары,
Шамалга учсун кум болуп,
Баш көтөрбөй жоголсун,
Баары кыргыз кул болуп”
Ойу менен Саламат,
Таласты болду жоготуп,
Кыргызды алды колотуп,
Эр сайыштан эгешип,
Найзанын курчун мокотуп.
Санаасы менен шаар алып,
Залкар кыргыз элди алып,
Дабытайга тиктенди,
Коросонго бет алып:
- Испан менен коросон,
Кол куушуруп аттан түш!
Мен Саламат болгон соң,
Сен эмес кыргыз кутулуп,
Кетер жериң калган жок.
Байатадан мен туруп,
Акыл ойлоп курадым,
Коросон испан сен тургай,
Батыш менен чыгыштын,
Баарын койбой сурадым.
Кененим келип калабы,

www.bizdin.kg

Жалаңгычты келтирбей,
Таласты талап алалы.
Коросон менен испандык,
Буйругумду уккула,
Бурулбастан баскыла,
Кеч кирген жерде жаткыла,
Жан казанды аскыла.
Кыргызга карайт барлык жер,
Бээ семизин жыккыла.
Буйругумча болбосоң,
Дабытай менен Ачакан,
Башыңды жулуп аламын,
Коросон испан элиңди,
Түп көтөрө чабамын,
Түйшүктү катуу саламын,
Соогага берип мал-пулуң,
Ар кайдан кошуун табамын,
Алтымыш илеп кол менен,
Мен Таласка барамын!
Деп күүлөнүп атканда,
Анда айтат Дабытай:
- Сарыбайдын Саламат,
Оозуңа келген кеп айтып,
Бокту жедиң айабай!
Кол куушуруп  топоңдоп,
Кошо барчу ким экен?
Ээрчитип алчу сен бекен?
Ээрчип алчу мен бекем,
Эки айактуу бендеде,
Ким экен сендей жөөлүгөн?
Атаңдын тайнын табалбай,
Айтып берсем атаңды,
Күркүрөйсүң маа кандай?
Мындан мурун атаңдын,
Кунун неге куубадың,
Мыкты болсоң сен андай!
Дабытайдын кебине,
Таакаты кетип, так чарчап,
Тамылжыган Саламат,
Ойлогон ойдон кайтпады,
Ойун ачык айтпады.
Эрлигимди көрсүн, деп,
Эси чыгып жүрсүн, деп:
-Ачакан  менен Дабытай,
Эсебиңди табамын,
Көк чаар кылып чубалтып,
Ичегиңди чыгарып,
Ичиңди жара сайамын!
Талатып берип пулуңду,
Таркатып берип кулуңду,
Чыгыш  менен батыштан,
Кишилерден табамын!
Найзасын алып тап берип.

www.bizdin.kg

Дабытайга беттеди,
Саламатка карата,
Дабытайдын кептери:
- Ойлойсуңбу, Саламат,
Оодарылма дүйнөнү,
Ойлойсуңбу, Саламат,
Кененим келип каларды?
Ачык айтып кебиңди,
Болбойсуңбу, Саламат?
Өңү сары, ичи заар,
Келип калса Кененим,
Кайсы кептен дээрсиң?
Айткан кепке болбодуң.
Деп ошентип айтканда,
Саламат жооп айтты анда:
- Дабытай менен Ачакан,
Кесилет менен баарыңды,
Катарың менен сойомун!
Кененимге керт башым,
Жалгыз өзүм боломун,
Кененимди жеңишти,
Байа эле ойлоп койгомун!
Деп Саламат оолугуп,
Алдында минген атына,
Айабай камчы бир уруп,
Күркүрөтүп найзасын,
Күүсү кулак тундуруп,
Дабытайды качырды,
Жазганабы Дабытай,
Бу да кирди туралай.
Дабытай менен Саламат,
Эмнени булар талашат?
Сайышса да, чабышса,
Бул экөөнө жарашат.
Найзаларын кагышып,
Кайта айланып сайышып,
Жакалаша кеткенде,
Аттары баспай тайышып,
Сарбайдын Саламат,
Мындай нечен эр сайган,
Болгон эмес жаман ат.
Кыйамына келтирип,
Кыр аркага сайганда,
Карчыганын балык эт,
Саламаттын найзасы,
Кирип кетти аралап,
Дабытайдын аркасын,
Талкалады жаралап.
Аңгычакты Ачакан,
Саламатты качырды,
Дабытайдын элдери,
Алып барып жаткырды.
Эки имерип сайдырбай,

www.bizdin.kg

Ачаканды Саламат,
Сайып өттү сулатып,
Тулпарынан кулатып,
Кайра айланып сайдырбай,
Кесилет кетти чуратып.
Кесилетти көргөндө,
Саламат деген менмин, деп,
Сайышалбай Таласта,
Качкан киши сенсиң, деп,
Заарын салды Саламат,
Кесилетти камгактай,
Сайып өттү Саламат:
- Ачакан менен Кесилет,
Мен Саламат билгин, - деп,
Армансыз болдуң сайыштан,
Эрдигимди көрдүң, - деп,
Кол куушуруп алдымда,
Жүрөр болсоң аныңды айт,
Эбин тапсаң жалтайып,
Калар болсоң дагы айт.
Кебиңерди угайын,
Дабытайга кебим бар,
Андан кийин кыламын!
Коркуп калган байкуштар,
Кайдан кылды кабызды,
Кол куушуруп турушту.
Жаны ачыган Саламат,
Дабытайды келсин, деп,
Ошол  жерге алышы,
Чогултуп алып барысын,
Кебин мындай салышы:
- Дабытай менен Ачакан,
Сен турасың Кесилет.
Кеңешимди мен айтам,
Барасыңбы Таласка,
Башыңды тартпай мен менен,
Кызмат кылып кыргызга,
Жүрүптүрмүн билбестен.
Дабытай, айттың далай кеп,
Мен ойлосом кыйын кеп,
Эми калдым ойумда,
Атамдын кегин кыргыздан,
Бүгүндөн баштап алсам деп,
Канат ачпай, баш тартпай,
Так Таласка барсам деп..
Анда айтат Ачакан:
-Баралы десең Саламат,
Башымды катпай мен барам,
Кыргыздан чыктың бөлүнүп,
Ушул болду табылгам.
Быйыл бойду сергитип,
Аттарды жакшы семиртип,
Соот менен олпоктун,

www.bizdin.kg

Топчулугун бекитип,
Найзаны ташка түйрөйтүп,
Кылычты чаркка эгетип,
Балтаны ууга сугарып,
Найзанын учун жаңылап,
Бөрү тили чыгартып,
Жаңылап элден кол алып,
Анан барсак кантет,
Күчтү күчкө улантып?
Дабытай турду муну айтып:
- Сен Саламат баатырсың,
Тил албаган жакырсың,
Сага айтпай мен кепти,
Сенден качан жашырдым?
Кыр аркамды кыйратып,
Менин шорум катырдың,
Ачаканды кулаттың,
Кесилетти сулаттың,
Баралы деп Таласка,
Эми айтып турасың,
Кененимдин колунан,
Кетелекпиз кутулуп.
Омурткам ооруп зыркырап,
Сайышка чыгар чагым жок,
Картайып калган жаш өтүп,
Ачакандын шайы жок,
Бүткөн бойу сары суу,
Мына турат Кесилет,
Мурункудай алы жок.
Саламат өзүң турасың,
Жалгыз сен кандай кыласың,
Акылыңды билдиргин,
Биригип кеңеш кылалы,
Ашыгын алып азайтып,
Кыскасын улап узартып,
Орток кеңеш кылалы.
Деп Дабытай айтканда,
Каны тартып саламат:
- Дабытай менен Ачакан,
Кесилет болуп баарыңар,
Жериңерге жеттиңер,
Элиңерге кеттиңер,
Бириң кары шайың жок.
Бириң жара бүтүн жок,
Жалгыз өзүм турамын,
Баарыңды такыр кырамын,
Кылгылыкты кыламын
Кымызга сууну куйамын,
Ошондой кылып тынамын!
Башыңарды кесемин,
Байланып алып кетемин,
Кененимге беремин,
Максатыма жетемин,

www.bizdin.kg

Найзага башың илемин!
Бир тынбастан жүрөмүн,
Таластакы кыргызга,
Тартынбастан жетемин,
Кыргызга башың беремин,
Билбемиш болуп жүрөмүн,
Кыйамына келтирип,
Кененим көзүн тешемин.
Анда айтат Дабытай:
- Сарыбайдын Саламат,
Бул айтканың жакшы эмес,
Баарыңар байкап уккула,
Мен айтамын кеңеш-кеп.
Ачакан менен Дабытай,
Биз калмакка кошулуп,
Кара кыргыз элинен,
Каныбыз акты жошулуп,
Биз үчөөбүз биригип,
Ушул жерде олтуруп.
Ортого  тузду койолу,
Жаалашалы кол салып,
Кимибиз качкан күн болсо,
Каткан туздай бололу,
Сууга басып баралы,
Суу жутушуп алалы,
Ушул кепти ким бузса,
Суудай кургап калалы,
Бадананы токтотуп,
Сөз байлашып жаналык,
Билмексен болуп Саламат,
Кыргызга барып аралап,
Үйүңө барып камың кыл,
Биздер камды кылалы,
Келер жылы он айда,
Дабытай менен Ачакан,
Бул жерге тайар туралы,
Беш күн  туруш болжолу,
Өтүп кетсе беш күндөн,
Таласка карай жылалы,
Кыргызды түптүз кылалы,
Чыгыштагы каңгайга,
Батыштакы дөөлөргө-
Баарына кабар салалы.
Жердин бетин чаң кылып,
Караганды таң кылып,
Калың элге каң кылып,
Кыргыздын башын маң кылып,
Каскактын учун кан кылып,
Сапыралы кыргызды,
Аралап кирип алашты,
Талкалайлы күмбөзүн,
Атагы чыккан Манасты,
Астын-үстүн кылалы,

www.bizdin.kg

Манастын жери Таласты,
Талас атын жойолу,
Калмак жердеп турганда,
Көтөлөк деген жер экен,
Өзүнүн атын койолу.
Муң кылалы чалдарын,
Кулданалы уланын,
Күң кылалы жубанын,
Олжолойлу кыздарын,
Жер бетинен түгөтүп,
Кыргыздын нарк нускасын,
Деп айтканда Дабытай,
Саламат айтат мамындай:
- Андай болсо, хандарым,
Акыл десең калганын,
Эки күнү туралы,
Кененим келип калабы,
Келип калса Бадырек,
Бирден-бирден беттешип,
Амал кылып көрөлү,
Ал амалга болбосо,
Жайыла качып жөнөйлү,
Качыштын дагы эби бар,
Ал кан ичме кыргызга,
Акылдын шегин алдырбай,
Менден кылбайт арамдык,
Силерге келет карарып,
Катышпайбыз сага, деп,
Анан кетип калалы,
Коркуттум деп баарысын,
Бачагар жатып калганда,
Алдындакы кеңешти,
Унутушпай жыйылып,
Үйөр селдей жылышып,
Анан жетип баралы.
Кеңеш кепте ушулар,
Эми Кененимден кабар алалы.
Таласта жатып алалбай,
"Эмне болду Саламат,
Кандай жатып аламын,
Андан кабар мен албай,
Саламат кууп кетпесе,
Барбайт элем кубалап,
Дабытай менен Кесилет,
Ачакан үчөөн кииш деп"
Кең кула минип болкойуп,
Опол тоодой зоңкойуп,
Түштүктү көздөй бет алып,
Испанды карап  жол тартып,
Аттын башын оң тартып,
Оолугуп жөнөп калганы,
Далай күнү жол жүрүп,
Коросон менен испанга,

www.bizdin.kg

Ажырашар жерине,
Баатыр шер жетип барганы.
Кененим келер күнүндө,
Мурунку күнү күүгүмдө,
Ажырашып баарысы,
Үч тарапка бет алып,
Булар жөнөп калышты,
Алыстан келген Кененим,
Испандын жолун жакалап,
Тууралап жөнөп алыптыр,
Келаткан утур алдынан,
Саламат чыгып калыптыр,
Кененимди көргөндө,
Салам айтып салпыйып,
Бошоң тартып шалпыйып,
Учурашып калыптыр.
- Амансыңбы Саламат?
Дабытайдын артынан,
Жөнөп кеттиң кубалап,
Бакай айткан канча кеп,
“Качкан жоону кууба” деп,
Угуп жүрүп кулагың,
Унутуп калыш кайсы кеп?
Дабытай менен Кесилет,
Ачакандын бири жок,
Атынын изи көп экен.
Ушул жерде жатыптыр,
Бизден качкан калың топ,
Эндегей минтип жүрүшүн,
Укмушу бар бир ишиң,
Колу кайда коросон?
Өзү кайда Ачакан?
Жер түбүнө кирсе да,
Бурулбастан мен барып,
Асманга учуп  кайкалап,
Таманыңан тартпасам,
Жерге кирсе темселеп,
Көкүлүнөн тартпасам,
Кененим  атым курусун,
Жакшы эмес, Саламат,
Сенин мындай турушуң,
Чаар толуптур көзүңө,
Каар толуптур жүзүңө,
Жакшы-жаман иш болсо,
Жашырбай айткын өзүмө,
Арканда сенин бир элес,
Жамандыктын белгиси,
Көрүнүп турат көзүмө.
Же кууган жоону таппасаң,
Же жүрө бербей сандалап,
Таласты карай кайтпасаң,
Арамдыгың болбосо,
Жетет элең качканга,

www.bizdin.kg

Же барат элең Таласка.
Деп Кененим айтканда,
Акыр заман башына,
Эми түштү Саламат:
- Сен кайнага, мен күйөө,
Кесип алгын башымды,
Күмөн кылбай бул көрө.
Жолдо атым чаалыкты
Кирпигим катып талыкты,
Ат чалдырып алам деп,
Чыканак жерге салам деп,
Билалбаймын санатын,
Бир далай уктап калыпмын.
Уйку канып  ат чалып,
Жолго түштүм аттанып,
Бул жерге келсем бир күнү,
Кошуун жаткан жер экен,
Ким экенин билбедим,
Ат изин чалып жүргөмүн,
Ушул жолду бет алып,
Бастырып жолго киргеним,
Жаадыма түштү баратсам,
Бакайдан уккан кептерим,
Эсиме түшкөн кезимде,
Келе жаткан кезегим.
Деп Саламат айтканда,
Кененим айтат мындай кеп:
- Сен Саламат, мен Кенен,
Арамдыгың ашкере,
Чыгып турат кебиңден,
Коросон менен испандын,
Койо берген кошууну,
Сага кайдан жолукту?
Камындырбай Саламат:
- Ат чалдырып уйку уктап,
Мен жаткан жер бир кокту,
Мен көрбөдүм кошуунду.
Ошондо өтүп кеткенби,
Жүрүгүнүң, Кененим,
Таласка кайта кетели,
Деп Саламат бурулду.
Анда айтат Кененим:
-Ой, Саламат , туратур,
Мен айтканды уга тур,
Коросон менен испанды,
Артынан кууп баралы,
Мындан кетип  калганда,
Бекер жатып алабы,
Батыш менен чыгышка –
Баарына кабар салбайбы,
Каңгайдан кошуун кол курап,
Күн батыштан кол сурап,
Дабытай менен Ачакан,

www.bizdin.kg

Аз болгондо алты илек,
Көп болгондо алтымыш,
Илекке санын толтуруп,
Таласка барат томсоруп,
Алтымыш илек кол болсо,
Анда-мында олтурган,
Көчмөн кыргыз эл болсо,
Аз болбосо мол болсо,
Андай сонун иш болсо,
Уугунду шиш кылат,
Унуткусуз иш кылат,
Мурдуңду тилип туз куйат,
Мурутуңду жулбайбы,
Өз билгенин кылбайбы,
Кымызга сууну куйбайбу,
Кызыңды катын кылбайбы,
Кызыл ээк чалыңды,
Кызыл муштум балаңды,
Бирин койбой кырбайбы,
Жүр, Саламат, жүргүнүң,
Испанды кууп жетели,
Кыргызга тийбей жүрүшкө,
Ачакандын тилинен,
Тилкат алып кетели,
Коржондосо тил албай,
Кулжуңдаша кетели,
Оттогон койон ээктенип,
Мулжуңдаша кетели,
Батышпаган уруудай,
Жулжуңдаша кетели.
Ачакандан ажырап,
Дабытайга баралы,
Андан кабар алалы,
Арамдык ойдо бар болсо,
Айабай найза сайалы,
Адыраңдап желденсе,
Амалын анын табалы,
Тагдырдан буйрук болгончо,
Таласка барып жаталы,
Узап кетет алыстап,
Бачымыраак басалы.
Кененимден кеп угуп,
Барбаймын деп айталбай,
Бастырган бойдон кеталбай,
Кайра тартты Саламат.
Саламатты карасаң,
Санаасы санга бөлүнүп,
Замана жакын көрүнүп:
"Ачаканга барарбыз,
Андан кепти угарбыз,
Ачакан айтат жашырбай,
Анда кандай кылармын?
Качкан жоонун артынан,

www.bizdin.kg

Келгеним менен бир кызык,
Арамдык турат сенде, деп,
Кененим айткан кеп кызык,
Кыргыздын тузу урабы,
Кылгалы турам бир кызык,
Кыйалымды мен бузуп,
Кызын алдым кыргыздын,
Кызыгын көрдүм бул журттун,
Кызматын кылдым канча жыл,
Кылганын билбей калыпмын,
Айтканын көрчү канкордун.
Беттешейин белсенип,
Мен- менсиген немеге,
Качан да болсо бет келем,
Мен качпаймын дегеле,
Темтеңдебей бул жерде,
Көрсөтөйүн күчүмдү,
Элдер көрсүн кең жерде.
Көрүнгөндү Ачакан,
Алдымда жүрөт эрдемсип,
Артынан найза салайын,
Аңтара сайып алайын,
Менден качкан Кененим,
Эми жетип сайдым деп,
Мактанып элге барайын,
Батыш менен чыгыштан,
Далай эрдин каны бар,
Баарынын өчүн алайын,"
Деп ойлонуп Саламат,
Баражатып өзүнчө,
Санаасы менен эр алды,
Кененимди аңтарып,
Ак калпак кыргыз элди алды,
Айтылуу Талас жерди алды.
"Сайалбай калсам кокустан,
Ойронумду чыгарып,
Оморобу белимди,
Олойто тартып ачарбы,
Ойумдакы кебимди?
Жүр деди бирге барайын,
Кезеги келсе тайманбай,
Башын кесип алайын.
Кезегине келбесе,
Ачакан менен Дабытай,
Кесилетке кошулуп,
Бир айласын табайын,
Коңурукту кош тартып,
Катуу уктаса бир жүрөм,
Айанып кантип калайын.
Дегеле айла болбосо,
Дабытай менен Кесилет,
Ачакан өлүп сойлосо,
Үйгө алып барайын,

www.bizdin.kg

Жамбашына мык салып,
Тамагына уу жайып,
Тындырармын санаамды.
Кененим көзү өткөн соң,
Өзүм билем калганды"
Арганын баарын саламат,
Акылына жат кылып,
Арамдык бүгүн ичине,
Ат койгон бойдон жөнөдү.
Бастырганда Кененим,
"Алды эмне болду,- деп,
Кетели деген Саламат,
Кетпес болду неге?- деп,
Келберсип көкжал баратат,
Бастыра түшүп Саламат,
Кылчаңдап артын каранат.
Байкаса кабак түйүлөт,
Бузук пейли билинет,
Билсе дагы Кененим,
Билмексен болду жөн эле,
Көрсө дагы Кененим,
Көрмөксөн болуп алды эле.
Баражатып Саламат,
Баспай турду токтолуп:
- Ачакан кетип калганбы?,
Испанына барганбы,
Эп келсе,  баатыр сөзүбүз,
Барып калса келер жыл,
Олжосун толук алалы,
Шаарына барып алганда,
Жекелешкен Ачакан,
Аттан түшүп калганда,
Кол куушуруп калган эл,
Жан соогалап турганда,
Пейлиңиз сиздин кең эле,
Бейлебеген дегеле,
Күнөөсүн кечип ийерсиз,
Томсоруп куру кеткенде,
Анда кандай кылабыз?
Деп Саламат айтканда,
Карап адам баккысыз,
Кененимдин түрүнө,
Кеп айтты эми түрүлө:
- Сенин атың Сарыбай,
Азыраак маңгыт эл эле,
Тирүү олуя Семетей,
Сага берди жезбилек,
Жезбилекти бергенде,
Конушуң берди белгилеп.
Тарса, жөөт, сакалат,
Калчаны кошуп аралаш,
Чүржүт менен жуданы,
Сага берди буларды.

www.bizdin.kg

Испандан олжо албасаң,
Ошолор аздык кыларбы?
Бузулгандан олжо деп,
Бүлдүргү алба, Саламат,
Өтө берет көр дүйнө,
Көөдөндө жаның турса сак.
Атак эмес кишиге,
Элди талап мал тапмак,
Эл талап малын алганча,
Эгин эгип, кетмен чап,
Билегиң түрүп тер төгүп,
Аппак сүттө жаның бак,
Элге азап салдырбай,
Ылайык келет биз бармак.
Хандар айдап жөнөсө,
Кайран эл кандай кыйналат.
Бастыргының, болгун! - деп,
Сламатты шаштырып,
Айтар кебин табалбай,
Саламат кетти бастырып.
Ат чалдырып албады,
Айал кылып турбады,
Азык ичип баспады,
Аз кынтайып жатпады.
Чырым уйку албады,
Чыканак жерге салбады,
Ат чаалыкпай чыйралып,
Эр талыкпай сурданып,
Эрикпестен жол алып
Ачакандын артынан,
Эр Кененим, Саламат,
Эми жете барышты,
Кененим менен Саламат,
Көздөн чыгып кетели,
Ачакандын ойуна,
Көргөндө кетти далай кеп:
“Кененимди келатса,
Келтирбей алып кетпестен,
Неге келди Саламат?
Кененимди көргөндө,
Айтканынан танганбы?
Атасынын көрү деп,
Алдыраш келип калганбы?
Же болбоос Саламат,
Акыр- чикир бар ишти,
Кененимге айтканбы?
Анык угуп Кененим,
Көбөйбөгөн аз жакта,
Коросон  менен испандык,
Бүгүн менден пас жакта,
Колботуп кошуун кура элек,
Батыш менен чыгыштын -
Баарына кабар кыла элек,

www.bizdin.kg

Кур семирген буларды,
Кууратайын аны деп,
Антип келип калганбы?
Бар ишти айтып Саламат,
Коросон менен испанды,
Мага бергин, баатыр,
Кененимден алганбы?
Дабытай менен Ачакан,
Башыңарды жедирип,
Коросон менен испанга,
Ээ боломун өзүм, деп,
Кененимге кошулуп,
Саламат кайра жанганбы?”
Ушаланган шум дүйнө,
Ачакандын ойуна,
Кирип чыкты чанданы.
Кайра качар чагы жок,
Дабытай менен Кесилет,
Колдошору дагы жок,
Ар канча болсо Саламат,
Айтпагандыр бизди, деп,
Айактан болуп көөнү ток,
Байрагын булгап бакырып,
Бар жолдошун чакырып,
“Качырып барып тийгиле,
Ак-карасын көңүлүн,
Саламаттан билейин”
Деп сапырылтып тозоңун,
Желегин жерге жапырып,
Катуу кирди каарданып,
Бар кайратын бойго алып,
Бөйөн менен чайандай,
Уусун чачып заарданып.
Ачаканды көргөндө,
Саламат атын бурганы,
Айал кылып турбады,
Манастап ураан чакырып,
Барып тийди будага.
Найзаларын кагышты,
Каңкылдатып чабышты.
Кеч кирип калган кез эле,
Күн батып кайра жанышты,
Саламатка Кененим,
Мана мундай айтышы:
-Алдында бардың, Саламат,
Ачакан сырын алгансың,
Бар амалын чамалап.
Ачык билет жер сырын,
Ким билет ички чын сырын,
Биз жатпайлы мааналап,
Тегеректеп туш-туштан,
Тоспосун бизди камалап,
Ачаканга алдырсак,

www.bizdin.kg

Бизге калат жаман ат,
Аралап кирип кол салба,
Чогуусуна жол салба,
Качпасын чубап бир жакка,
Сен Саламат жол кара.
Мен жатпаймын дегеле,
Түн бойунча чыгамын,
Испан жаккы чоң белге.
Белден дүрбү саламын,
Жерин чендеп аламын,
Азы-көбү испандын,
Элин чендеп аламын,
Күндүн мурду тийерде,
Кайта келе калармын.
Айтып койуп Кененим,
Кеңкула менен бастырып,
Чыга калса жылгадан,
Жаткан экен кужулдап,
Испандыкка Ачакан,
Күүлөп жерди каздырып.
Кененимди көргөндө,
Саламат деп Ачакан,
Жолугушту баатырга,
Жолун тосо бастырып,
Кененимге бет келди,
Караңгыда таанıбай,
Бул саламат деп келди,
Айра таанып Кененди,
Кабылан сындуу беренди,
Шек алдырбай баатырга,
Качырып найза салалбай,
Кайра качты жалт берип,
Чактап билген Кененим,
Ачакандын абалын,
Чылбырынан кармады,
Кеңкула менен тап берип.
- Испандын ханы Ачакан,
Качкан менен кутулуп,
Кеткен барбы ажалдан,
Таласка бардың тамтайып,
Караңгыда уйалбай,
Кайта качтың салпайып.
Кайда бара жаткансың,
Хан башың менен калдайып,
Кошууну бар, колуң бар,
Ар иш кылсаң жолуң бар,
Өзүм менен эки жан,
Өзүбүз барар эби бар.
Кененимге Ачакан,
Кептен тайып калганда,
Ачакандын кеби экен:
- Айтканың чын, Кененим,
Муну өтүрүк дебейим,

www.bizdin.kg

Таластан качтым талаалап,
Кууп келди Саламат,
Арабыздан сабаалап.
Дабытай айтты канча кеп,
Саламатты табалап:
“Үч атаңды кыргыздар,
Канын чачты агызып,
Элин бузду чачылтып,
Бакма кызга алданып,
Сен жүрөсүң маминтип.”
Аа  Саламат болбоду,
Беттешип чыктык жекеге,
Баарыбызды койбоду.
Багындырып биздерди,
Күн чыгыш менен батышты,
Чакырмак болдук бүт элди,
Алтымыш илек кол менен,
Алты жүз балбан зор менен,
Ат көтөргүс чоң менен,
Алмак элек силерди.
Дабытай болгон жарадар,
Кесилет болгон санаадар,
Карып калган экенмин,
Менде канча алым бар?
Келер жылы бул күндө,
Чогулмакбыз бул жерге,
Аңгычакты Саламат,
Кыйамына келтирсе,
Тапмак эле жайыңды,
Кылымдын баарын кыдыртпай,
Токтотмок эле баарыны,
Сен  учурап бул жерге,
Келипсиңер биздерге,
Күндүзгү болгон урушта,
Келмек эле Саламат,
Болжошуп койгон кеп эле,
Тар жылганын оозуна,
Ор каздыргын деди эле,
Кандек казып жатабыз,
Саламаттын кеби эле,
Караңгыда калдайып,
Ушул жерге келишим,
Мына ушундай кеп эле.
Ишенбесең, Кененим,
Жалган- жазык дебеймин,
Эртең чыгат жекеге,
Ошондо билгин кекерин.
Шамга жакын болгунча,
Салышып мага кагышат,
Күүгүм кирген бүрүлдө,
Так өзүңө жармашат.
Кененимдин кеби эми:
- Хан башыңда, Ачакан,

www.bizdin.kg

Жалган айтсаң, чын айтсаң,
Бүгүн койо беремин,
Эртең өзүм билемин,
Саламатты кара деп,
Булайтканың кандай кеп,
Аталары өлгөнүн,
Билбептирби эмгиче?
Кимиң кабар кылмаксың,
Чыгыш менен батышка ,
Жайнап жаткан көп элге,
Эртеңки күнү жекеге,
Сен чыгасың чекеге,
Өзүм барсам кантесиң,
Саламат барбай ал жерге?
Өзүңдү салам, Ачакан,
Өзүң казган кандекке,
Пейлиңердин карасы,
Качан болсо ашкере.
Таласты алам дегениң,
Жарабаган бир кебиң.
Айкөл Манас баатырдын,
Күмбөзү турса заңкайып,
Коргону турса даңкайып,
Бакай менен Манастын,
Бактары турса карарып,
Азуусун айга бүлөгөн,
Ак калпак кыргыз эл турса,
Бай чечекей башында,
Бадырайып калдайып.
Деп айтканда баатыр шер,
Ачакан айтат алдырап,
Кайсы экенин биле албай,
Акыл качып шалырап:
-Сурадың, баатыр, кулак сал,
Баарыбызды башкарган,
Саламат болгон биздин хан.
Батыш менен чыгышка,
Саламат кабар бермекчи,
Батышта жаткан дөлөрдөн,
Жети дөөнүн элине,
Айтумуштун жерине,
Күн чыгышта кытайга,
Анжу менен манжуга,
Муңгул менен киданга,
Шибе менен солонго,
Кабар берчү элдердин,
Аттары, баатыр, ошончо,
Эртең менен болгондо,
Калганын байка ошондо,
Анык белги болот го.
-Андай  болсо, Ачакан,
Кененимге айттым деп,
Саламатка айтпагын,

www.bizdin.kg

Абийиримди ачат деп,
Жер кучактап жатпагын,
Жакшы-жаман иштерин,
Өз билгимче байкайын,
Ушу деп менин дегеним,
Кайра тартты Кененим.
Аңгыча сүрүп таң атты,
Тоо бөксөлөп күн чалды,
Испандыктын аскери,
Түп көтөрө атланды
Байракты көрүп Саламат,
Атка минип басканы,
Кой, Саламат, барба, - деп,
Кененимдин айтканы, -
Канча күндөн бер жакка,
Карчалыштың кармашып,
Коросон менен испандык,
Койгон окшойт чарчатып.
Өткөн күнү өкчөштүк,
Жан айабай салышып,
Ошол күндү өткөздүң,
Ойноп чүкө карчаштың,
Каруулашып кармаштың,
Мен барайын алдында,
Тилимди алсаң барбагын.
Саламат ага болбоду,
Найзасын күүлөп имерип,
Сапырылтып топону,
Салган бойдон чу койду.
Испандан келген Ачакан,
Саламат менен бет келди,
Ачакан сайды айанбай,
Саламат сайды айарлай.
- Ой, Саламат, Саламат,
Турасың азыр эсен- сак,
Айткан сөзүң канаке,
Кененимди station
Келмек элең тар жерге,
Таң аткынча жол тостум,
Келбей койдуң ал жерге.
Айлабыз эми не болот,
Амалын тапкын! - деди эле.
Саламат айтат мамындай:
- Эки имерип сайышып,
Качып бергин калдаңдап,
Мен кууп калам далдаңдап.
Кененим айтат койгун, деп,
Мен кетемин болду, деп.
Бүгүн жаткан жеринде,
Сага келем, Ачакан,
Кененимдин башын жеп,
Айтканындай Ачакан,
Качып калды калдайып,

www.bizdin.kg

Аркасынан Саламат,
Кууп кирди далбайып,
Кууба дебей Кененим,
Карап турду калкайып.
Жетмексен болуп Саламат,
Кайра тарта албады,
Качырып найза салбады.
Кеңкула менен аргытып,
Кененим жетип барганы,
Ажалым жеткен экен, деп,
Ачакан шашып калганы.
Ачуу басып Саламат,
Ажалы мунун айдады:
- Сен алдынан, Ачакан,
Мен артынан салам! - деп,
Айкырып айтып калганы.
-Апкаарып калдым, Саламат,
Алдынан чыга албаймын,
Аркасы кең, алды тар,
Анык арстан Кененим,
Бар сырымды айтайын.
Ачакандан кеп угуп,
Сыр айтамын деп угуп,
Түнкү менен кээри жок,
Айтат экен чынын, деп,
Ачылат экен сырым, деп,
Ачаканды бет алып,
Ачуу менен Саламат,
Атка камчы бир салып,
Жандап өтө бергенде,
Эр Кененим кеп айтат:
Кой,Саламат, койгун, - деп,
Болду, баатыр, болду, - деп,
Эки айтса укпады,
Кененим жетип баргыча,
Ачаканды Саламат,
Как бөйрөккө муштады,
Кош бөйрөктөн өткөрүп,
Найзаны канга  чыктады,
Саламат, деп бир айтты,
Жаныштап үнү чыкпады,
Жалпайып жерди жыттады.
Саламатка Кененим:
- Сайба десе болбодуң,
Болбой муну сойгонуң,
Арамдык бар бул жерде,
Ачыгын айткын кебиңдин,
Ашкере билип турамын,
Арам ит, сенин пейлиңди,
Бул эмине кылганың?!
Кененимдин кебине,
Жооп бербей дегеле:
-Чыйраксынба, Кененим,

www.bizdin.kg

Чакчырылып сен эле,
Акимсий берсең жөн эле,
Абийириң ачам эми эле!
Атамдын кунун аламын,
Эрке тукум бар туруп.
Албай кантип каламын?!
Энем эркек деп тууган,
Элимдин кегин аламын!
Деп күпүлдөп Саламат,
Бакырыгы баш жарып,
Сарыбай деп үн салып,
Өткүр найза колго алып,
Үңүрөңдөп качырды,
Кагып ийип найзасын,
Кененимдин айканы:
- Ойнойсуңбу, чыныңбы,
Чын эле нээтиң бузулуп,
Кылып жаткан чырыңбы?
-Ойлоп койгун ойнум жок,
Ичим жалын, боорум чок,
Кененим, сенден саламат,
Жалтанып калар жерим жок!
Жалаңкыч сары сен болсоң,
Кутургурдун уулумун,
Суудай төгөм каныңды,
Бош кыламын шаарыңды,
Кыдыртып жүрүп кылымга,
Жоготом кыргыз баарыңды!
Ажыдаардай арбаймын,
Айанып сенден калбаймын,
Түптүү кыргыз журтуңду,
Түп көтөрө жалмаймын,
Обур-добур сөз айтып ,
Оозунан көбүк чачылып,
Оттой жанып эки көз,
Ок жыландай атылып,
Опсуз тийди бакырып.
Салгылаша келгенде,
Атасы  өлгөн Сарыбай,
Кутургурдан кем эмес,
Адам болжор эр эмес.
Найзаларын кагышып,
Карсылдашып чабышып,
Жер силкинип суу агып,
Тоо козголуп таш кулап,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден учкан топурак,
Күн бүркөлүп бузулуп,
Күн көрүнбөй тутулуп.
Акыр-такыр бул дүйнө,
Акыр заман болгондой,
Жер танабы үзүлүп,
Аңтарылып кетчүдөй,

www.bizdin.kg

Булуттун жиги ажырап,
Жерге түшчү немедей,
Ар бир шумдук кубулуп,
Болуп жаткан ченебей.
Кармашканын кылган түз,
Каары катуу заары күч,
Канкордун уулу Кененим,
Манастап ураан чакырып,
Саламатты бетке алып,
Жан айабай киргенде,
Кара жерге калтырак,
Дыр-дыр этип тийгенде,
Чыккынчыны Кененим,
Найзага илип алганы,
Көтөргөндө күү менен,
Колумда жарак калбады,
Төрт айагы тарбаңдап,
Өлгөн төөдөй дардайып,
Күүлөп-күүлөп алганы,
Күүсү менен Кененим,
Үрчүк тоого салганы,
Ушаланып жоголду,
Сөөгүнөн тайны калбады,
Ачакан менен Саламат,
Катар өлүп сойлоду.
Испандыктын элдерин:
- Өлбөй тирүү калганың,
Өз жериңе кет, - деди,
Өз элиңе жет, - деди,
Ачакандын уулу бар,
Атанын ордун басуучу,
Ханыңар болсун ал, - деди.
Колбуп жаткан кошуунду,
Элине айдап жиберди.
Саламаттын найзасын,
Ачакандын таажысын,
Ала кетти Кененим.
“Коросон барып нетемин,
Коркпос болсо Дабытай,
Батыш менен Чыгышка,
Кабар берип баарына,
Баштап келсин эрлерин,
Бадыректин ошондо,
Мен беремин  эдебин.
Жамандык жерге жатканы,
Ачакан менен Саламат,
Катар өлүп кеткенин,
Бирөөлөр барып айтпайбы,
Кек алам деп кектеше,
Ат изин салып кыргызга,
Таластын жерин тепсетсе,
Тартынбай туруп баарысын. Талкалайын күл кылып.
Бүгүн неге барайын,

www.bizdin.kg

Арып-чарчап, ач-арык
Араң барган элдердин,
Башына каран түн кылып?”
Деп ойлонуп Кененим,
Бурулуп жолго салыптыр,
Муну мындай койуп тур,
Коросондун улугу,
Дабытайдан угуп тур.

## КЕНЕНИМДИН КЕСИЛЕТТИН БАШЫН КЕСИШИ

Бара жатып Дабытай,
Коросонго жөн барбай,
“Алгандын иши алган, деп,
Душмандын качан бир кылым”
Шаңкай деген кыргыздын,
Бир уруусу эл эле,
Жетисуу менен Коросон,
Ортосунда турчу эле,
Утур келип ал жерге,
Шаңкай кыргыз элдерге,
Кененимге айткын, деп,
Азабыңды тарткын, деп,
Адамына тийбеди,
Басып жүргөн тирүү мал,
Сандыктагы алтын зар,
Орого куйган эгин бар.
Жайылып чыгар мал койбой,
Маана кылып жаанда,
Баш калакалар үй койбой,
Сойуп жерге кой койбой,
Суукка кийер тон койбой,
Үрүп чыгар ит койбой,
Азыгы жок, үйү жок,
Бут артарга тайы жок,
Алсыратып шаңкайды,
Таштат атып жөнөдү.
Чуркурап ыйлап жабыла,
Чогулушту сай-сайга,
Бут артарга малы жок,
Арзын айтып Таласка,
Кененимге барганга.
Кеңиреп ыйлап ар кайда,
Чогулуп өлүп алалбай,
Казып жерге кире албай,
Өлөйүн десе жан таттуу,
Кирейин десе жер катуу,
Ыйлабаса мал таттуу,
Таттуу эмей неткени,
Көрүшпөгөн көрүшсө,
Аманбы деп мал-жаның,
Мурун айтып мал жагын,
Ал сураша кеткени.

www.bizdin.kg

Коросон барып Дабытай,
Козголбой жатып ала албай,
Талап алган кыргызды,
Малы-пулун айабай,
Эки бөлөк кат жазып,
Саламат менен Ачакан-
Ал экөөнө деп, жазып,
Бат жеткизип келгин, деп,
Жөнөткөн эле бир күнү,
Эки киши аткарып,
Учурап калды Кененим,
Кетемин деп келатып.
Таластагы урушта,
Кененимдин аскери,
Тааныгандын бири  экен,
Кененим аны тааныбайт,
Тааныды бизди  деп шашып,
Аша-шаша калдаңдап,
Аттарынан куланып,
Жыгылып-кууп тамтаңдап,
Таазим кылып бүгүлүп,
Катындарча жүгүнүп,
Кендиргелеп бүгүлүп,
Келиндерче жүгүнүп,
Кеп айталбай аптыгып,
Кер сары болуп өң азып,
Таноолору кыпчылып,
Тарамышы тырышып,
Салам айтып калтырап,
Корккондугу билинип,
Кол куушуруп турушту,
Көздөн жашы бош кетип,
Мурдун тартып шор этип,
Маңкалары чубалып,
Эми өлдүк бүт дешип,
Кененимге кезигип,
Кетти деп башым кесилип,
Кеп кылалбай турганда,
Кейпин көрүп булардын,
Мени тааныйт экен, деп,
Кененим айтат мындай кеп:
- Калтырап келип турасың,
Кайсы жактан келесиң?
Кебиңдин айткын ырасын,
Кеп жашырып калп айтсаң,
Чыгарамын жыласың!
Кененимдин каарына,
Булар кантип чыдасын,
Айтты кептин ырасын,
Кош колдоп суна беришти,
Дабытайдын кагазын.
Бендеден белдүү кара көк,
Катка көзүн салганы,

www.bizdin.kg

Катты окуп алганы,
Дабытайдан кеп-кеңеш,
Абдан сөзгө канганы.
Карап калып кайран шер:
“Кайрылбай кете берсемби,
Саламат менен Ачакан,
Таппай кайтып келгенде,
Кантер экен Дабытай,
Андан кийин көрсөмбү,
Суу толкутуп чайкалтып,
Толтура куйуп чайпалтып,
Келген күнүн көрсөмбү?
Батыш менен чыгыштан,
Киши келбейт байкасам,
Келип калса кокустан,
Эл упурап чачылат,
Арада канча киши бар,
Ошонун баары кысылат.
Шаңкайдын эли шалдайып,
Үпөндүктөн ажырап,
Боз ала болуп олтурса,
Баарыдан жаман иш турат.
Шаңкайдын малын берсин, деп,
Саламат менен Ачакан,
Катары менен өлдү деп,
Буларды кайта жумшайын,
Жакшы кепке келишсе,
Жаңжалдашып жүрбөйүн,
Дабытай менен салышып,
Калдаңдашып жүрбөйүн.
Элиме келдим дегенсип,
Эрдемсип мойнун толгосо,
Кекиликтей мойнунан,
Тетир толгоп үзөйүн,
Ийри жерин түзөйүн.”
Деп ойлонуп кабылан,
-Келген экөөң кет,- деди,
Дабытайга жет,-деди,
Бара жатып аларга,
Учурап калдык талаада,
Кененим деген балаага.
Саламат менен Ачакан,
Жылдыз чыкпас күн тийбес,
Келбес жерге кетиптир,
Жеталбадык аларга,
Деп айтып бар ханыңа
Катына катты Кененим ,
Жазып койду бетине,
Айчыгы алтын чоң мөөрүн,
Басып койду четине.
“Шаңкайлыктын мал-пулун,
Бузбай-чачпай алдыма,
Айдап келгин Дабытай,

www.bizdin.kg

Бир беттешип көрүшүп,
Кайтып кеткин Дабытай,
Бузулбастык убадаң,
Айтып кеткин Дабытай,
Бекер жерге жол салчуу,
Бейкут элге кол салчуу,
Мен эмесмин, Дабытай,
Алты атамдан жети атам,
Айтканын танган эр эмес,
Ак калпак кыргыз биздин эл,
Пейли бузук эл эмес,
Колго тийсе кош болгон,
Кишинин баары сен эмес,
Ушул кылган жумушуң,
Адам кылар иш эмес,
Ууруча барып айлыңа,
Кол салуучу мен эмес.
Айткан кепке болбосоң,
Арманың ичте калбасын,
Айанбастан камдангын,
Камың бүтүн болгончо,
Камаарабай мен бармын,
Кагышар болсоң бел байлап,
Арканда аскер жардасын,
Ачакан менен Саламат,
Ажырап андан сен калдың."
Деп жазыптыр Кененим,
Убадасын токтотуп,
Бек жазыптыр Кененим.
Катты алып байкуштар,
Кайта жолго салышты,
Карбаластап энтеңдеп,
Ханына жетип барышты,
Өзү жазган кагазды,
Өзүнө бере салышты.
-Алты күн болду кеткели,
Бүгүн кайтып келгениң,
Ачакан менен Саламат,
Бербей кайта не келдиң?
Бири мыкты жан экен,
Кеп айтканы шар экен,
Айткан кеби ал экен:
-Буйрук алып, кат алып,
Буудандан тандап ат алып,
Аттанып чыктык талаага,
Учурап калдык баратып,
Кененим аттуу балаага.
Шамал болбос, күн тийбес,
Жерге кеткен эки жан,
Адам жеткис аларга.
Катыңды окуп кат берди,
Кет элиңе, кайт, деди.
Бир бетине жазылган,

www.bizdin.kg

Колуңузда кат, - деди.
Угуп туруп Дабытай,
Бул эмине шумдук, деп,
Бетин ачса кагаздын,
Берекелүү бек айбат,
Аты чыкты Кененим,
Андан кийин караса,
Мени менен көрүш, деп
Каты чыкты Кененим:
“Саламат менен Ачакан,
Кат берипсиң Дабытай,
Жылдыз чыкпас, күн тийбес,
Айылда экен ал экөө,
Кайра жанды  жигитиң,
Хандарыңа жете албай.”
Шаңкайлыктын малы бар,
Баарын угуп Дабытай,
Эки көзү жалдырап,
Колу-буту шалдырап,
Тил байланып, балдырап,
Бойго кирип калтырак,
Олтуруп кетип бир далай,
Чоңдорун такыр чогултуп,
Топтуу караан олтуруп,
Коросондун Дабытай,
Короосунда күпүлдөйт:
-Кыргыздан келген кызталак,
Тең кишидей кат жазат,
Көрсөтөм деп дүпүлдөп.
Кырк алты шаар Коросон,
Мен коркомбу ошондон?!
Кырылышып өлөмүн,
Жалаңгыч сары Кененим,
Ойлонбоптур өлөрүн,
Көп кишинин бириндей,
Мени ошондой көргөнүн!
Алтымыш алты алпым бар,
Кесилеттен башкасы,
Тең келеби Кененим,
Жалгыз кара бир башы,
Өлтүрүп койсом бул жерде,
Жанында караан киши жок,
Кыла турган көз жашы,
Жыга чаап Кененди,
Өлтүрүп койуп нетемин,
Не муратка жетемин?
Мойнунан байлап тайгандай,
Ай-ааламды кыдыртып,
Аныктап берем эсепти.
Алы канча экенин,
Кененим анан чактасын,
Уккан жандын баарысы,
Дабытай деп мактасын!

www.bizdin.kg

Деп күркүрөп бакырып,
Кырк алты шаар Коросон,
Кырк алты киши чаптырып,
“Казык киндик калбасын,
Келбей жатып албасын
Келген киши жөн келбей,
Үчтөн жарак кармасын.
Жергесин да, жээнин да,
Жергеси менен  таайын да,
Түп көтөрө айдасын!”
Буйрук кылып кат жазып,
Жакын жерин үч күндөн,
Алыс жерин он күндөн,
Калбай келсин деп жазып,
Каран түн салып элине,
Тумтак күнүн түгөтүп,
Сүрдүрүп келип чогултту,
Коросондун элине,
Көрүнөө салып кордукту.
Эл чогулуп болгондо,
Жер каптап аскер толгондо,
Алтымыш балбан санаты,
Булардын ишин карачы,
Ар балбандын колунда,
Чокморлору кармалды.
Башына туулга көмөргүн,
Сом темирин өңөргөн,
Далыга калкан жамынган,
Белине темир курчанган,
Беттеп кирсе майданга,
Чыгарчуудай күм талкан.
Кабааган иттей арсылдап,
Азуулары кычырап,
Жулкунуп турат токтобой,
Ооздорунан көбүгү,
Ууртунан агып буртулдап.
Байлоодо туруп бакырып,
Билектерин түрүшүп,
Бирин бири качырып,
Карс дедире сүзүшүп,
Байлоодогу алтымыш.
Он бешинин иши экен,
Жөөкүрөшүп эр алган,
Карсылдатып жаа тарткан,
Он беш эле киши экен,
Чокморлошуп чабышкан,
Он бешинин иши экен,
Найза сайып ат минген.
Аттуулары алдырап,
Чаап кирип кеталбай,
Балалуу турат жалдырап.
Көркко салып эрлерди,
Көрсөтүп алып келгени.

www.bizdin.kg

Аскерин сапка тизилтип,
Барабанын кактырып,
Сурнайларын тарттырып,
Дабытайды караса,
Жөө аскерге көтөртүп,
Бар сөөлөтүн көрсөтүп,
Келип турду майданга,
Кененим деп бакырып,
Кебимди ук деп чакырып:
- Мен Дабытай улукмун,
Сенин алың ошобу,
Жалгыз башың турушуң?
Азабың айдап келипсиң,
Менден кайдан кутулдуң?!
Батыш менен чыгыштан,
Чыйракты такыр жеңдим деп,
Ойуңда келген экенсиң,
Мени ошондой экен деп.
Байлоодо балбан алтымыш,
Сен турасың жапжалгыз,
Алтымышын он бештен,
Ар ишке салам кандайсың?
Бирине айла табалсаң,
Биринен кандай кыласың?
Жөө күрөшүп он беши,
Муунуңду бошотот,
Жалгыз кылды жара атат,
Он беши жебе жаа тартат,
Жаның кантип жай табат?
Он беши чокмор чабышат,
Жон сөөгүңдү талытат,
Он беши найза сайышат,
Жүрөктөн каның агызат.
Кесилет бар, мен бармын,
Кандай болот Кененим,
Жалгыз жан сенин амалың,
Кутулар жериң калган жок,
Эбиңди өзүм табамын.
Сыйкырчым бар нечен түр,
Колуңду байлап шал кылып,
Кара бойуң дал кылып,
Айлаң кетет алдырап.
Амалсыз туруп бересиң,
Эки көзүң жалдырап,
Сөөгүң сөпөт болосуң,
Устуканың шалдырап!
Деп Дабытай айтканда,
Кененим айтат мамындай:
- Бирден-бирден келбегин,
Бириңди бириң көрө албай,
Бириндеп жүрүп өлбөгүн,
Атам Манас айкөл шер,
Алтымыш балбан дегениң,

www.bizdin.kg

Бир кишиче көрбөймүн!
Жөө чыкканга жойкума –
Болутум бар колумда,
Мергениңе, Дабытай,
Аленгир жаа, сур жебе,
Асынып турам жонумда.
Он бешиңе бир жебе,
Жан алычу огум бар,
Чокморлууңду чогултуп,
Сом темир менен сомдоймун.
Жандырып кайта чаппаймын,
Бирден-бирден домдоймун,
Найзакерге найзам бар,
Аз келесиң он бешиң,
Ылганып жүзүң чыгыңар,
Жалгыз башым Кененим,
Жүз миңге жалгыз тийерге,
Жадабай турган демим бар.
Карапайым кырк миң кол,
Короодоку койго окшош,
Кесилет менен Дабытай,
Качып  келдиң Таластан,
Бөрүдөн качкан тайга окшоп.
Белдүү болсо балбаның,
Болгун, бачым чыгаргын,
Кененимдин кебине,
Кеп табалбай Дабытай,
Жөө күрөшчү он бештин,
Мойнунан кынжы алганы,
Бирден барбай он беши,
Жабылып жөнөп калганы.
Кыргыздан чыккан кара көк,
Кызматы элден бөпбөлөк,
Жойкуманы кынынан,
Сууруп колдо алганы.
Эки чапсам уйат деп,
Дабытай карап турат, деп,
Оң жагына кылт этип,
Оңтойуна келтирип,
Жойкума менен он бешин,
Тобун бузбай жалмады.
Он беши жатты торойуп,
Он беши өлүп кеткенде,
Коросондон оолугуп,
Он беши чыкты жаа тартып,
Жебенин огу зыркырап,
Он беш ок тийди шака-шак.
Ойротто жок Кененим,
Оң айланып имерди,
Сап боло түшкөн кезинде,
Жебени тартып жиберди.
Жебенин огу жетиптир,
Жер тайанып он беши,

www.bizdin.kg

Жалпы баары шылк этип,
Алтымыштын отузу,
Ойрону чыгып кетиптир.
Өлбөй калган отуздан,
Он беши чокмор күүлөшүп,
Он беши найза сүйрөшүп,
Дабытайлап бакырып,
Майдандын бети жаңырык.
Ар жактакы элдерден,
Сыйкырдуу дуба билгенден,
Булутту кармап асмандан,
Ат ордуна мингенден,
Ортонуна жыланды,
Камчы кылып илгенден,
Жетимиш киши жабырап,
Колу- бутун баатырдын,
Байлайбыз деп бастырбай,
Түркүн-түркүн дубасын,
Түрмөгү менен салганы.
Салган дуба өтөбү?
Кененимдин кийгени,
Жүйрүн дөөнүн көйнөгү.
Каптап келген отузду,
Имерип тийди Кененим,
Чокморлууга чаптырбай,
Найзалууга кактырбай,
Аралап өтө бергенде,
Найзакерден экини,
Чокморлуудан бешөөнү,
Томолотуп өттү эле,
Мен- мен деген жетөөнү,
Жыйырма үч балбан илегер,
Баары мыкты кеменгер,
Карсылдашып кагышып,
Каарданып чабышып,
Төбөдө чокмор чакылдап,
Көөдөндө найза такылдап,
Тегеректеп келгенде,
Тентек тууган Кененим,
Кайра жаачу булуттай,
Кабагы катуу чүмкөнүп,
Каз таман найза карманып,
Манастап баатыр үн салып,
Качырып кирди бет алып,
Жаалысын көргөн кишинин,
Жаны турбай ордунда,
Аралап өтө бергенде,
Жаныбарым кеңкула,
Жаадай учуп зыркырап,
Кагнаттуудай дыркырап,
Беттеп сайып бешөөнү,
Качырбай сайып жетөөнү,
Он экини сайды эле,

www.bizdin.kg

Карап турган коросон,
Эс- акылдан тайды эле,.
Ылачындай тийгенде,
Баш тартпастан киргенде,
Капташып калса баатырга,
Кутулбасын билгенде,
Он бири качты калдаңдап,
Найзанын учу жетет деп,
Как далыга бир койсо,
Каражан кантер экен деп,
Буттары барат тепеңдеп,
Сакалдары эпеңдеп,
Аркасын карап кылчаңдап,
Эми жетет экен, деп,
Балбандары качканда,
Байкап турган Дабытай:
-Элебей калсын Кененим,
Сен, Кесилет, бар,- деди,
Аркасынан туйдурбай,
Аңтара сайып сал,- деди,
Он миң балбан бирге бар,
Туш- тушунан каман сал.
Тордон түшсө канчасы,
Кабат- кабат салгыла,
Аты менен сүйрөтүп,
Алып келе калгыла!
Ат ойнотуп Кесилет,
Арасында он миң бар,
Кумурскадай быжырап,
Кара курттай кыжырап,
Каптап кетти коросон,
Эчтекени элебей,
Эрениң бара жатканда,
Оролуп түштү отуз тор,
Капташып калды мынча тор.
Кесилетке сайдырбай,
Кененимди тордоду,
Мындай кордук болобу?
Кудай уруп койобу?
Карап турган калкы жок,
Элүү- кыркын бир сайган,
Кадимкидей наркы жок.
Торго түшүп тордолуп,
Колу- буту байланып,
Жалдырап  баатыр турганда,
Эр Кененим көк жалды,
Сүйрөтүп алып кете албай,
Чөбүрөшүп жатканда,
- Келе бери арканды,
Мен сүйрөтүп кетем,- деп,
Кесилет чочко айтканда,
Үнүн угуп Кененим:
Семетей бабам колдо,- деп,

www.bizdin.kg

Абам Гүлүс жолдо,- деп,
Карыйа Бакай кайда,- деп,
Умай энем Каныкей,
Көгүчкөн болуп кубулган,
Көйкапта кохар тууру бар,
Айчүрөк энем канаке,
Жаадыма түштүң силер,- деп,
Сыйынамын медер,- деп,
Анык кайып болгондор,
Жардамы болсо берер,- деп,
Айабаса ат -тонун,
Абам Гүлүс келер ,- деп,
Арканды алган Кесилет,
Чырмап байлап бекемдеп,
Үзөңгү боого салганда,
Чиренип тартып калганда,
Аты менен Кененим,
Сүйрөтүп алып кете албай,
Дүбүрөшүп жатканда,
Жер силкинип козголуп,
Топурак учуп тоз болду,
Кененим деген үн чыкты,
Жер жарылып суу чыкты,
“Мен Гүлүстөн, сен Кенен,
Турбай, балам, тебирен!”
Абам айтып жатат, деп,
Айкөлдү алды акылга,
Кайрат келди баатырга,
Бар кайратын бүт жыйды,
Жаман туйлап күч кылды,
Жетимиш темир тор экен,
Калтырбай үзүп түз кылды.
Күч келтирип айабай,
Тартып жаткан арканы,
Кесилетке тийиптир,
Орой тийген чачылып,
Күүсү менен аркандын,
Элүүчөсү өлүптүр,
Кеңкула менен Кененим,
Кесилетти көрүптүр,
Эр кененим жеткени,
Кылыч менен мойнунан,
Кыйа чаап өттү эми.
Кесилет өлүп Дабытай
Жетимиш аркан тор менен,
Байланганда Кененим,
Таманы менен жер баспай,
Таркыла деп бакырып,
Желдеп турган Дабытай,
Кесилет деми суудай сууп,
Кеп айталбай буулугуп,
Керсары тартып өң кетип,
Заманасы куурулуп,

www.bizdin.kg

Буйрук берди аскерге,
Жааган күндөй коросон,
Кененимге куйулуп,
Чуркурашып , кужулдап,
Кара курттай кыжылдап,
Тегеректеп киргенде,
Дабытай турат бакырып:
-Торчуң торуң таштагын,
Найза сайар качпагын,
Чокморлуу чапкын  чокуга,
Мергендин баары чогулуп,
Чыгып тургун чет жакка,
Арамзада Кененим,
Жылыштап чыкса чет жакка,
Жыдыманды житирип,
Чечекейге аткыла!
Элдери кабыл алыптыр,
Торлорун түрүп белендеп,
Беш миңи келип калыптыр.
Белдүү тууган Кененим,
Кылыч суурул алганы,
Кыйырын бузбай сулатып,
Кылычтын канын чубалтып,
Кылымдан чыккан Кеңкула,
Жагалмайдай чуратып,
Айдап кирди келгенди,
Наркы элге чуулатып.
Кылычтуу менен найзачан,
Тамандан чыккан чаңды көр,
Чайкалып жаткан канды көр,
Чаар ичеги чубалып,
Чыкпай жаны кыйналып,
Чакыйып жаткан жанды көр.
Бир колу бар, бири жок,
Атаңдын көрү дүйнө шок,
Бир буту бар, бири жок,
Опасы жок дүйнө бок,
Денеси калып башы жок,
Теңи калып, теңи жок,
Кулагы жок мулуйган,
Бузулуп мурду бучуйган,
Көзү чыгып олойгон,
Башы жок мойун коройгон,
Өлүп жаткан эрди көр,
Жуушаган койдой torойгон.
Тилин салып акактап,
Суу ордуна кан жалап,
Өлүп жатат нечен жан,
Ачып- жуумп көздөрүн,
Солуп жатат нечен жан.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү ар тоодой,
Азууларын аркайтып,

www.bizdin.kg

Ат өлүгү бир тоодой,
Жарадан каны шыркырап,
Жан талашып буркурап,
Өөдө бол деп жөлөсө,
Көз ачалбай шылкылдап,
Антип жаткан андан көп,
Күндү түнгө улантып,
Түн кетип, күндү чыгартып,
Кеңкула чуркап чаалыкпай,
Кылычты шилтеп Кененим,
Кырып жүрөт талыкпай,
Жердин бети чыпылдап,
Жуурулуп топо былчылдап,
Албарс менен кайсалап,
Абыдан кырып талкалап,
Чамбыл ала чаң кылып,
Кызыл ала кан кылып,
Арасын ачып коо кылып,
Чыдай албай коросон,
Чогуу турбай суйулуп,
Чаң созулта качканын,
Найзага илип ыргытып,
Топтуу караан көп элди,
Айдап кирди чубуртуп.
Сыйкырчы шамал салыптыр,
Кененимди бир демде,
Мунарык каптап калыптыр.
Көптү көрүп, көп билген,
Жүйрүндүн тилин сууруп жеп,
Бар өнөрүн жат билген,
Колундакы найзасын,
Булгап- булгап имерди,
Шамалды айдап жиберди.
Шамал салган сыйкырчы,
Санаты анын беш экен,
Үч балбан кездеп Кененим,
Келип калган кез экен.
Балбанына карабай,
Беттеп кирди бешөөнү,
Жайыла кача бергенче,
Жан куткарып кеткенче,
Жапшыра сайып өттү эле.
Камчылап атын чуратып,
Артынан чаңын чубалтып,
Найзасын күүлөп бакырып,
Үчөө келет бакырып,
Бир тарапка Кененим,
Чыга берди булт койуп.
Өтө берип балбандар,
Оңолуп кайра тарткынча,
Эр кененим кабылан,
Жебедей учуп жеткени,
Жер тайантып үчөөнү,

www.bizdin.kg

Катар сайып өттү эми.
Мен-мен деген үч балбан,
Катар учту камгактай,
Коркуп турат коросон,
Кырат экен бизди деп,
Бир кишини куткарбай,
Алоолонуп кеңкула,
Жаңыдан кызып алыптыр,
Жанашып шамал жете албай,
Чаңы аркада калыптыр.
Топ-топ качкан немесин,
Тоодак тепкен шумкардай,
Томолотуп баратат,
Жалгыздап качкан немесин,
Жара сайып жүлүнүн,
Канын жайып баратат.
Тандалган балбан зорунан,
Кол салышып келгенде,
Жан кутулбас колунан,
Талана деген бар эле,
Тармалкөк деген аты бар,
Тармалкөк ташты басканда,
Талкаланып кетүчү,
Талана талды кармаса,
Суусу агып чыгуучу.
Темирден тону беш кабат,
Тентектин бири кызталак,
Башында туулга жети кат,
Беттешкенин  мерт кылат,
Алып жүргөн кан жалап,
Кара темир калканы,
Кабаты тогуз байкачы,
Барган жерден баш алган,
Бадырек өзү мыкаачы.
Найза, кылыч, чойун баш,
Кетелек менен сом темир –
Баарысын билет түгөнгүр,
Мылтык атып, жаа тартып,
Баарын билет Талана.
Балтасы аттын башындай,
Көк дөбөдөй эр болсо,
Күрөшүп жүрчү жашынбай.
Тапа- так найза беш кулач,
Аргамжыдай өргөн чач,
Бөктөргөн иттей кашы бар,
Жолум үйдөй башы бар,
Көзү казган ородой,
Жатып копкон жерин көр,
Элүү кой жатчуу короодой,
Кашы менен кирпиги,
Карагайдын чериндей,
Тиштери арсак кырчактай,
Кара бойу  мунардай,

www.bizdin.kg

Колу- буту чынардай,
Оозу тоонун үңкүрү,
Бул өңдөңгөн адамды,
Мындан мурун ким көрдү,
Касабасы калкылдап,
Кара бойу бүт темир,
Күн чагылып жалтылдап,
Айбаты элди коркутуп,
Тармалкөк менен булкунтуп,
Алы келбей оозуна,
Алоолонтуп жулкунтуп,
Кутурган иттей арсылдап,
Азуулары карсылдап,
Жер дүңкүлдөп дабырты,
Жетип келди чукулдап.
Баатырдын белек Каракөк,
Карап турду тамылжып.
Жекелеп келген Талана:
- Жекеге келдим мен сага,
Жиним келип козголдум,
Табылбайт бүгүн саа даба.
Кармасам ташты талкандап,
Качырышкан немени,
Келатамын кан жалап.
Эркиңе койдум нечен күн,
Эрдик жолун талашкан,
Эрди сынап көрөм деп.
Мен- мен деген далайдын,
Канын ичтиң, Кененим,
Көрүп туруп кейпиңди,
Өзүм эми келгемин,
Эми кайта жер бетин,
Экинчи көрөм дебегин,
Талпагың ташка керейин,
Тереңди тасма тилейин,
Кутурупсуң, Кененим,
Көөкөрлөп каның ичейин,
Айтканыма жетпесем,
Найзага илип кетпесем,
Өзөгүңдөн жарбасам,
Өпкө бооруң албасам,
Бооруңду чокко салбасам,
Жүрөк каның ичейин,
Каныңа кылыч майласам!
Жасатыңды найзага,
Илип алып, Кененим,
Дабытайга барбасам,
Талана атым курусун,
Алтын жака асыл тон,
Сыйлыгымы албасам!
Кененимдин айтканы:
-Бөөрү-жору болот деп,
Көзгө басар малына,

www.bizdin.kg

Күлүк аттын жалына,
Кыргыздар байлайт айбаалы,
Айбаалысың сен дагы,
Жер менен жексен кыламын,
Сендей нечен айбанды!
Үстүңкү ээрдин калбайтып,
Көк-асманды  шыпырып,
Алдыңкы ээрдин далбайтып,
Кара жерди шыпырып,
Мактанышат чанданы,
Сендей бойу беш келет,
Жору куйрук кызыл алп,
Кутулуп кете албады,
Ашкере тийип жардамы,
Атам Манас арбагы!
Сегиз миң жыл жашаган,
Адам ойлоп тапкысыз,
Нечен ишти жасаган,
Кутулбады Жүйрүн дөө,
Керк көтөрбөй, пил минбей,
Антип жүргөн нечен дөө,
Кутула албай баарысы,
Колунан кетип намысы,
Кучагын жайып кулачтап,
Жерди жыттап калышы.
Сен ошонун бирисиң,
Калыбектин алдында,
Сен канчалык кишисиң?!
Кененимден кеп угуп,
Кекээр кептен жеме угуп,
Токтоно албай Талана,
Ачбөрүдөй жулунуп,
Найзасын күүлөп акырып,
Дабытайлап бакырып,
Кененимге бул айбан,
Келип тийди качырып.
Ачуусунан айбандын,
Оозунан көбүк чачылып,
Үнү күндөй күркүрөп,
Уккан кепке ачынып,
Көзүнөн жалын от жанып,
Таноосу көөп дердеңдеп,
Сакалдары байпаңдап,
Чылбырдай болуп чубалып,
Саамай чачы салбаңдап,
Жарты көлдөй жылтырап,
Маңдайда көзү алаңдап,
Арбашып жаткан жыландай,
Ээрди-мурдун жаланып,
Найзасынын  учунан,
Кере кулач от жанып.
Карап турат Кененим,
Камаарабай залкайып.

www.bizdin.kg

Элеп койбойт кененим,
Эчтемеден кайгы жок,
Элинде турган немедей,
Кудай артык жараткан,
Кененимди ченебей,
Арстан тууган каракөк,
Айласы журттан ашкан көп,
Талананын найзасын,
Балта менен какканы,
Балта тийген бул найза,
Асманды карай учканы.
Тараша кетип быркырап,
Сыныктары асманга,
Учуп жүрөт чыркырап.
Темири учуп асманга,
Күн чагылып жалтылдап,
Кимибизге түшөт, деп,
Башына калкан жамынып,
Аскердин баары калтылдап,
Аңгычакты болбоду,
Талананын башына,
Чапкан балта чакылдап,
Айта- буйта кылгынча,
Ана- мына дегинче,
Ачып көздү жумганча,
Андас тууган Кененим,
Алтымыш койуп өттү эле.
Калкандан кызыл от жанып,
Жайнап жерде чок калып,
Чарайнага найзанын,
Учу тийип такылдап,
Байкап көрсө коросон,
Таланага кез болуп,
Келгендей өлүм жакындап.
Колдо турган Дабытай,
Атынан айтып акырат:
- Талана!- деп бакырат,
Баатырлык кана, эс кана?
Кененимге былк этпей,
Туруп берип майданда,
Андестик керек эмеспи,
Аңкоолук кылбай мындайда!
Дабытай үнү чыкканда,
Талана таамай укканда,
Андестик кылып шапа- шап,
Чокморун суурун алганы,
Күүлөп- күүлөп чокморун,
Кененимди чапканы,
Адис көнгөн Кененим,
Балтаны  кармап сабынан,
Талананын чокморун,
Кагып ийди алдынан.
Кененимдин балтасы,

www.bizdin.kg

Сырты тийди таманга,
Талананын чокмору,
Каңгып кетти асманга.
Чокмор кетти каңкылдап,
Жер-сууну бузуп даңкылдап,
Ашыккандан Талана,
Арбайтып колун сунганы,
Каракөк тууган Кененди,
Жакасынан алганы.
Кайраты артык Кененим,
Бул дагы алды жакадан,
Жакалашып тартышып,
Тамандашып тебишип,
Этектен орой кармашып,
Барлык күчүн арнашып,
Ээр кашына орошуп,
Алалбай аттан түшүрүп,
Алаканга түкүрүп,
Жакаларын жыртышып,
Кемерлерин үзүшүп,
Ат үстүндө сүзүшүп,
Мурундун каны тамчылап,
Кеңкула менен Тармалкөк,
Ат айабай камчылап,
Ажырата тарталбай,
Жанга өлчөлүү тулпарлар,
Кулактарын кайчылап,
Капталга атты салышып,
Кандыргалап  жарышып,
Эңиш менен жарышып,
Эликтей колун сайылтып,
Асабасын жайылтып,
Өргө салып тартышып,
Минип жүргөн аттарын,
Кулжадай төшүн салынтып,
Аттар чарчап жүрбөдү,
Жөө күрөшкө кирди эми.
Көөдөндөрүн тирешип,
Буттары жерди жирешип,
Булкуп- силкип имерип,
Так көтөрүп аларда,
Салмагын жерге салганда,
Тизеден жерге малынып,
Жер чыдабай жарылып,
Топурак учуп, тоз учуп,
Тунарыктап боз түшүп,
Жердин бети  жарылып,
Казан каптай нечен таш,
Аңтарылып торойуп,
Башбагып жерден коройуп,
Тизе бойу көрүнүп,
Нечени чыкты соройуп,
Түбү менен өңгөн чий,

www.bizdin.kg

Карарып калды торойуп,
Кээ бир таштар көмүлүп,
Жерге кирди жоголуп.
Саз чылпылдап суу чыгып,
Какырдар арык коо чыгып,
Эки күнү -эки түн,
Эрикпестен күрөштү,
Эгем  өзү билбесе,
Эми кандай болушту.
Чарчаганда дем албай,
Чай кайнамга тынч албай,
Дем өткөрүп бир  тынбай,
Талана айтат талабын,
Кененимге туралбай:
- Элким келген, Кененим,
Эдегенде мен сенин,
Эр экениң билбедим.
Кол салышып кармашсам,
Мен койбоймун дегемин.
Ат үстүндө алыштык,
Арып- чарчап талыктык.
Ат олоңун бекиттик,
Оодарышып кармаштык,
Кылышпадык жармаштык,
Багалектен  алыштык,
Барлык күчтү салыштык,
Ийилбеген кайран бел,
Балтыр этти талыттык,
Орой- торой чалыштык,
Ороолонуп көрүштүк,
Өчүгүшүп күрөштүк,
Баштан берки адатым,
Балачактан санатым,
Жети күндө бир тамак,
Иче турган кезегим,
Бирден- бирден санадым,
Бүгүн болуп калыптыр,
Тамак ичер убагым,
Тамактанып келейин,
Сенден нөөмөт сурадым,
Мени менен бирге бар,
Тамакты кантип айайын.
- Талана, барсаң барып кел,
Бачымыраак кайтып кел,
Керээз ашың ичип кел,
Өлүм тонуң бычып кел,
Кеңешинди салып кел,
Катын -балаң бар болсо,
Ыраазылык алып кел.
Кайта бара албайсың,
Мен барбаймын, Талана,
Кароолонуп кетпеймин,
Үзүлүп түшүп тамакка.

www.bizdin.kg

Кененимден жооп алып,
Калкына келди Талана,
Кара тоодой калдайып,
Барып түштү айлына,
Көк камандай дардайып.
Дабытай баштап зорлору,
Баары келди чоңдору:
- Талана баатыр, не болдуң?
Ала келбей бул жерге,
Талаага таштап не койдуң?
Талана айтат мамындай:
- Араң келдим жан калбай,
Байлап келмек тургайлык,
Мыдыр этер ал калбай.
Жалынып сурап жооп алдым,
Тамактанып тойунуп,
Анан кайта барамын,
Алым келсе аламын,
Алдырсам өлүп каламын.
Башы ара, буту айры,
Бендеден бүткөн таш экен,
Айтышынча Кененим,
Барбаган жери аз экен.
Жүйрүн дөөнү баш кылып,
Албаганы жок экен,
Уруудан чыккан эр экен,
Ойротто мындай жок экен,
Азыркысын Кененим,
Жайнап жаткан чок экен,
Катылышкан ошого,
Капташкан эрдин шору экен.
Болгула тамак бергиле,
Дайарлагын мен жээрге.
Токочтун саны жүз сексен,
Тойбоймун арзан мен жексен,
Ооз оту болор жерим жок,
Жүз сексенди мен жесем,
Атан төө сойгун, уй сойгун,
Ага кошуп кой сойгун,
Чочко сойгун, ит сойгун,
Алты күнгө дайарда,
Арактан алты көөкөрдү,
Азыр ичем экөөнү,
Тамакка кошуп төртөөнү.
Эшкен чеге жип болсо,
Алып келгин алдыма,
Жамбашыман катуурак,
Өткөндө жакшы уктаймын.
Деп тапшырып Талана,
Жатып калды дардайып,
Үңкүрдөй мурду карарып,
Бута атым жерге учуруп,
Мурду менен дем алып.

www.bizdin.kg

Ашып- шашып ашпаздар,
Аш -тамагын белендеп,
Жүгүрүшүп дереңдеп,
Алты күн өттү арадан,
Тура калып Талана,
Ашырбай жеди тамактан,
Дайардын баарын жеп болуп,
Аттанып чыкты айылдан,
Тармалкөк менен зоңкойуп.
Кеңкуланы чалдырып,
Бир кудайга жалынып,
Качан келет Талана,
Шашып турат Кененим,
Ач жолборстой чамынып,
Талананы көргөндө,
Таакаты калбай ачуудан,
Бузулган күндөй бүркөлүп,
Кайра жаачу булуттай,
Кабагын чытып түмпөйүп,
Талана келди аңгыча,
Көпкөк темир чүмкөнүп.
- Мен тойуп келдин, Кененим,
Сен турасың ач курсак,
Эми кантер экенсиң?
Эркиндеп өскөн мен камыш,
Сен суула турган жекенсиң,
Тагдырың ушул белем,  дейм,
Сөөгүңдү алар киши жок,
Бул дүйнөдөн кетерсиң!
Бакырыгы баш жарып,
Баштан өтүп таш жарып,
Качырып тийди Кененге.
Найзага найза кагышты,
Кадимкидей бул экөө,
Бир беттешип жанышты,
Өтө берип толгонуп,
Жаан айланып салышты.
Каарданып Кененим,
Абасы Гүлүс кептенип,
Заарданып Кененим,
Манастап ураан чакырды,
Тармалкөктөн солтойтуп,
Сайып өттү капырды.
Тоңкойуп барып жыгылды,
Жер тайанып Талана,
Бута атым жерге шаркырап,
Оозунан кетти атала.
Коросон жагы бекиди,
Кишиси жок барарга,
Дабытай калды ойлонуп,
Индистан көздөй качарга.
“Индистан барсам батамбы?
Кененимдин айласын,

www.bizdin.kg

Анда барсам табамбы?
Индистан барып нетемин,
Жөн койбой мени коргогон,
Каңгайга барсам бекемин.
Кудуска барсам батырбайт,
Бир күнү менижашырбайт,
Багдатка барсам батпасам,
Мисирге кирсем кондурбайт,
Дегеле мени оңдурбайт.
Багдат, Мисир, Кудусту,
Жөөттөр камап турганда,
Жөндөп берген Кененим,
Барган менен аларга,
Батырбасын билемин.
Индистан барсам Кененим,
Кууп барса артымдан,
Индистан кууп чыгарбы,
Бузук деп мени калкынан?
Каңгайга барсам табамын,
Ким үчүн минтип калганым,
Өктө кылып айтамын.
Кара кытай, манжуда,
Шибе, соло, муңгулда,
Аркалар киши калган жок,
Барган менен мен анда”
Коросондо Дабытай,
Баш калкалар бай  таппай,
Бара турган жай таппай,
Көр напсиге алданып,
Калмактан дүйнө алам деп,
Кайран жан калды сай таппай.
Санаасы санга бөлүнүп,
Тирүүлүктөн өлүмү,
Карыш жакын көрүнүп:
“Кененимди угушта,
Кең пейил деп угамын,
Пейли мага кең болбойт,
Саламатты бузганым.
Саламатты бузбасам,
Карайт беле Кененим,
Талана бар менде деп,
Көңүлүм ток жүргөмүн.
Таланадан айрылдым,
Белдүүдөн калбай баары өлүп,
Канатып сынып кайрылып,
Калмактан тартуу алганда,
Акылымдан айныдым.
“Оро казсаң тайыз каз,
Өзүң түшсөң чыгарга”
Оро казып Кененге,
Өзүм түштүм түбүндө,
Амалым кетип куурулуп,
Сарсанаа болдум  бул күндө.

www.bizdin.kg

Кайрат кылып качырсам,
Калбаса тирүү чымын жан,
Өлтүрбөй койсо өзүмдү,
Коросонду тапшырсам"
Малы кетип куурулуп,
Өңүнөн азып кубулуп,
Чын шаштысы кеткенде:
"Качырышып Кененге,
Кайрат кылып көрөйүн,
Качантан бери кармашта,
Талыды бекен Кененим?
Алда канча алп менен,
Айыгышып чарчашты,
Арыды бекен Кененим?
Өз жеримде элимде,
Өчүгүшүп көрөйүн,
Өзгөчө көңүл бөлөйүн,
Өлүм келсе качпастан,
Кайрылбас жайга жөнөйүн.
Кадимки наркым бар болсо,
Канын төгүп келейин,
Өнөгүмдү мен кантип,
Өз колумдан берейин?"
Деп ойлонуп алганы,
Кайра качар жери жок,
Коросондун Дабытай,
Коржоңдоп жөнөп калганы.
Кененим көрүп караанын:
"Келе жаткан Дабытай,
Келбей кайда барасың,
Эч айланды таба албай?
Жакшы айтып келсең жалооруп,
Ар ишиңди кечейин,
Өчөшүп келсең элөөрүп,
Так башыңды кесейин"
Деп ойлонуп Кененим,
Жалгыз жүрүп көптү алган,
Нойубаган эреним,
Эрлик жолдон тайбаган,
Эч кимге алын айтпаган,
Көрүнүп ажал турса да,
Башын булгап качпаган,
Сан- санаксыз жоо келсе,
Сабылып коркуп шашпаган,
Көптү көрсө күч алган,
Өрт жалындай тутанган,
Намыска белин буунган,
Кан менен колун жуунган,
Кан төгүшкөн ким болсо,
Чечекей чукуп көз алган,
Боорун жарып өт алган,
Кара дебей, баш дебей,
Өзүм дебей, жат дебей,

www.bizdin.kg

Кан агызып баш алган,
Карабаган кишиге,
Ошол үчүн Кененим,
Жалаңгыч сарык атанган.
“Жанымды айап нетемин,
Качып берип ар кайда,
Баш калкалап жүргөнчө,
Балталашып көрөйүн.
Барган жерде макул деп,
Маа кошулса жакшы кеп,
Калкынан качкан караан деп,
Карабаса кийин кеп,
Элинен азган кишиге,
Эки жылга эл жок,  деп,
Жеринен азган кишиге,
Жети жылга жер жок деп,
Жеткирлер айткан бу бир кеп.”
Ар бир акыл ойлонуп,
Ар нерсе ичке жык толуп,
Арылбаган муң  бул деп,
Айласы кетип Дабытай,
Баш айланып тел болуп,
Эшитер кулак  кер болуп,
Эт жүрөгү чер болуп,
Качамын деп качалбай,
Чыгамын деп чыгалбай,
Коросондун элине,
Мурункудай ээ болуп,
Калдайып карап туралбай,
Аманат жанга күч  келип,
Минген атын камчылап,
Алчыланып барганда,
Баш калкалап мааналап,
Барбай койор айла жок,
Бастырып кирди туралбай.
Дабытайды көргөндө,
Жаандан ашкан Кененим,
Жагалданып турду эле,
Жанаша келип Дабытай,
Кебин айтты мамындай:
- Эрегишке эр керек,
Эр башкарган эл керек,
Элебей сага катыштым,
Кадырлап каңгай келди, деп,
Эми таанып мен жеттим,
Эрдигиңди белгилеп.
Качантан бери кагышып,
Кармаштым далай салышып,
Испандык ханы Ачакан,
Мени менен бир барган,
Баарынын тарпын чыгардың,
Далдал кылып тамтыгын.
Өз элиңден Саламат,

www.bizdin.kg

Сага кылды көп кызмат,
Жашырбай айтам, Кененим.
Бадыкөлдөн кыдыртып,
Баарын айтып угузуп,
Сага кылдым аны кас.
Айтпады, билдиң, Кененим,
Саламат тилге киргенде,
Сени жеңдим дегемин.
Карандатпай жаныңа,
Кадемин анын катырдың,
Кара жерге тапшырдың.
Касташканды кем кылдың,
Кара жерге тең кылдың,
Калмактан келген Калдайды,
Мен- мен деген чанданды,
Баарысын жалмап жеп койдуң.
Кишиге кылбай жылуу сөз,
Жалаңгыч атка конгонуң,
Бир арыш элге мен ханмын,
Эби келсе жөн койгун.
Беттешип көрдүм башында,
Белимди такыр сындырдың,
Бежайлык кылып өчөшүп,
Белдүүнүн баарын кыйдырдым,
Душманга салсаң жараймын,
Такалышкан тар жерде,
Ар иштин эбин табамын.
Баашалык минген тагым бар,
Маңдайымда багым бар,
Жаакташса жаңылбас,
Иш билги жайым дагы бар.
Төрт кырым бар билгенге,
Токтолбоймун ар ишке,
Көөнүңө мени жактырсаң,
Көргөзүп туруп ар элге.
Ордума мени таштасаң.
Элдер айран калгандай,
Уккандар кебин салгындай,
Урматтап сени узатсам.
Деп Дабытай айтканда,
Кененим айтат мамындай:
- Ээ, Дабытай эрсиңби,
Эрегишкен нечен кул,
Эми айлаң кеткенби,
Эптүүлөнүп келдиңби?
Эрлик кандай? Эл кандай?
Элдин четин бөлүнтпөй,
Элди баккан эр кандай?
Элөөрүп элди башкарып,
Эмгекке салып кырылтып,
Антип жүрүш ал кандай?
Айдама кошуун кол жайнап,
Алпардың элди алыска,

www.bizdin.kg

Эл сактабай, эл кырып,
Жарайсың кандай намыска?
Түп атам Манас баатырдан,
Бизге калган салтыбыз,
Ата мурас баркыбыз.
Атабыз Манас айкөлдүн,
Кырк баатыры жанында,
Кыркы менен жол тартып,
Барып келчүү ар кайда.
Аскер алып барыптыр,
Чоң Бейжинге барганда.
Бейжин менен башканын,
Айрымы ачык ар кимге,
Эки чоро ээрчитти,
Семетейге келгенде.
Семетей, Гүлүс, зор Бакай,
Сейитекте бирге эле,
Мен Кененим болгону,
Кененим атка конгону,
Жалгыз чором болбоду.
Кечээ, Дүйшөмбүдө урушта,
Бирге барды кыргыздар,
Койгун десем болбоду,
Унутуп калган урушту,
Ат чабыш деп ойлоду.
Эл багыш мурас биздерге,
Эл кырмак керээз атадан,
Энчиге калган сиздерге.
Жанымды кой деп келипсиң,
Жашырбаймын кебимди,
Саламатты сага мен,
Кас чыгардым дедиңби?
Колуңдан келсе  айанба,
Өз колуңдан келбесе,
Болбосту менден сураба,
Кечирим кылар жерим жок,
Ойлоп көрсөм мен сага.
Териңди тетир сойомун,
Саман салып териңе,
Коросондун дарбаза,
Ошого асып койомун!
Катышпаймын элиңе,
Карабаймын жериңе,
Сенин кунуң кубам, деп,
Барып калса жериме,
Жамандыкка жамандык,
Айабаймын дегеле.
Ханы өлгөндө калкына,
Катылышкан ал жаман,
Эри өлгөндө элине,
Эрегишкен бул жаман.
Ханы жок  кара букара,
Камалда калган колго окшош,

www.bizdin.kg

Эри жок ээн калган журт,
Эс жыйа элек бала окшош.
Элге жабыр салбаймын,
Эсирген акмак, сага окшоп!
Эрлигиң болсо айанба,
Эч бир мага караба,
Имерилер жерим жок,
Эч качанда мен сага!
Кененимден кеп угуп,
Кепке окшобос жеме угуп,
Теминип кирди Дабытай,
Дегеле жаман оолугуп.
Күркүрөтүп найзасын,
Күү чыгарып качырды,
Көмө сайып кетем деп,
Көкжал төрө баатырды.
Карап турат Кененим,
Камынбай да, күтүнбөй.
Дабытайдын найзасын,
Сайдырбай кагып жиберип,
Колундакы найзасын,
Оңдоп кармап имерип,
Кыйа тарта бергенде,
Кыйрына кирип келгенде,
Кый сүйбөөгө бир сайды,
Кызыталак Дабытай,
Ээрден көчүк бултайып,
Үзөңгүдөн бут тайды.
Кененимдин өткүр миз,
Өкүм болот найзасы,
Кабылдай сайды соотту.
Ыкшап сайып өткөрүп,
Найзага илип көтөрүп,
Дабытайды калдайтып.
Карап турат коросон,
Жүрүп кетти Кененим,
Коросондун элдери,
Колунан жумуш келгени,
Калбай өлгөн эмеспи,
Артынан барган бир жан жок,
Баш көтөргөн тир жан жок,
Акыл табар киши жок,
Аны менен иши жок.
“Дабытайды алпарып,
Бастырып жарга жоготуп,
Кайта келип кырат деп,
Канды суудай агызып,
Баш- аламан кылат,- деп,
Кылычтап башты кыйат,- деп,
Баарыбызды кырат, деп,
Жыпжылма түптүз кылат” деп,
Коросондун элдери,
Өз жанынын камын жеп,

www.bizdin.kg

Убайым тартып сарсана,
Упурак болуп турганда,
Бурулбастан Кененим,
Коросондун коргонго,
Падышалык ордого,
Тепчий сайды соотунан,
Дарбазанын ортого.
Өлбөгөнүн билбеди,
Өкүм өскөн эр неме,
Дарбазанын башына,
Кемеринен илгени,
Кылчайып артын карабай,
Кара кошуун элдерге,
Кайрылып  жетип келгени.
Асып койгон Дабытай,
Өлгөн эмес өзү сак,
Найза тийбей эти  сак,
Тулку бойу такыр сак.
Дарбазада жолчуга,
Жарлык кылды Дабытай,
Бачымыраак түшүр, деп.
Казынада элдерге,
Жатып жеген эрлерге,
Жалпы баарың жүргүн, деп,
Жарлык кылды бүт элге,
Жапырт баары жөнөдү,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Очогор менен ок  атып,
Жер куйкалап топ атып,
Алай- дүлөй тарсылдак,
Жан алуучу барсылдак,
Мунарыктап топурак,
Асман ачык, жер  бүркөк,
Жерге кирди сүлкүлдөк,
Жебенин огу зыркырап,
Барабан үнү зыңкылдап,
Баш аламан чуркурак,
- Эми кайда барасың,
Кыргыздан келген, кызталак?!
Дабытай үнү угулат,
Дабытайды көргөндө,
Ыйлап аткан көп аскер,
Баары кирди чуркурап.
Салмоор менен таш урган,
Жазбай кара башка урган,
Таштын үнү дуулдап,
Барскандары жонулду,
Уста келет балбаңдап,
Араалары колунда,
Жыгаччы келет салбаңдап,
Этегин өөдө түрүнүп,
Күрөгүн ала жүгүрүп,
Сугатчы келет тартаңдап,

www.bizdin.kg

Белин бекем курчанып,
Ийри орогун белге алып,
Орокчу келет кыйкаңдап,
Эрин ээрчип жүгүрүп,
Катын келет тыйтаңдап,
Жонунда жоор тери жок,
Аттары келет кыйшаңдап.
Өгүз минип өпөйүп,
Өлөсөлүү чал келет,
Карысы бар, жашы бар,
Катын- эркек аралаш,
Калбай баары бүт келет.
Өзү жатты Дабытай,
Коргонго кирип бекемдеп,
Карап туруп Кененим:
"Өткөрө сайбай боорунан,
Кабылдай сайган экемин,
Энөөлүк кылып элебей,
Эл козголуп чайпалды,
Түбөлүк болуп ченебей,
Найзаны сайып мылгытып,
Көгүчкөндөй сыргытып,
Кете берсем ыргытып,
Эндекей элге убал, -деп,
Эми эле мени кырам,- деп,
Карапайым букара,
Ханы жарлык кылганга,
Калбай келет бүт мында,
Кай муратка жетемин,
Карандай элди кырганга?
Карабайын бул элге,
Качырып барып көрөйүн,
Коргондоку эрине.
Атам Манас арбагы,
Колдосо мени түбүндө,
Дабытайды коргондон,
Байлап чыгам көрүнөө."
Акыл ойлоп арбытып,
Арстан Кенен көөнүндө,
Алдында минген Кеңкула,
Айбан жетпейт так буга,
Коргонду карай жөнөдү,
Камчы берип бууданга.
Төрт айагы кула аттын,
Топону көккө сапырып,
Жал-куйругу жайылып,
Катап келген көпчүлүк,
Калбай баары жабылып,
Жанаша албай кула атка,
Шамал артта калыптыр,
Ачып көздү жумганча,
Коросондон коргонго,
Кененим жетип барыптыр,

www.bizdin.kg

Дарбазасы сом темир,
Коргону бийик бир сеңир,
Эшик эндүү ай балта.
Колуна алды Кененим.
Дарбазаны бекиткен,
Килити да бир темир,
Кайтарган киши бир канча,
Карабады аларга.
Каалганын килитке,
Ай балта менен какканы,
Ат башындай кулпусу,
Талкаланып жок калды.
Чапкан балта кескени,
Бир жагында каалгасы,
Томкорулуп кеткени,
Тостуруп койгон кишилер,
Токтоо кылбай жеткени,
Тобун бузбай Кененим,
Тоздуруп тонун өткөнү,
Мен-мендеп киши келе албай,
Көрүп турган Дабытай,
Кол салышып чыга  албай,
Тар көчөнү бет алып,
Качып чыкты Дабытай,
Акыл айнып көз тунуп,
Шашып чыкты Дабытай,
Кайда барып турарын,
Абдан анык биле албай.
“Изимди тетир салайын,
Бир тынбастан шашыла,
Таласка жетип барайын,
Кененим мени табалбай,
Кеңгиреп мында жүргөндө,
Манастан калган Таласын,
Астын- үстүн кылайын,
Бул жерде турсам өлөмүн,
Туруп берсем тартайып,
Өзгөчө кордук көрөмүн,
Жалынсам койбойт жанымды,
Берсем да албайт Кененим,
Малым менен шаарымды,
Бекер өлүп кеткинче,
Таласка жетип барайын,
Колбуп жаткан кыргызды,
Койдой кесип баштарын,
Коондой кардын жарайын,
Манастан калган коргонун,
Койбой такыр чагайын,
Талкалайын күмбөзүн,
Күйгүзөйүн ичтерин,
Деп ойлонуп арамкор,
Тополоң түшкөн тоз жакта,
Жердин бети көрүнбөс,

www.bizdin.kg

Топурак учкан боз чакта,
Камчы басып жөнөдү,
Бул бадырек тору атка.
Коросондун калаасын,
Койбой баарын аралап,
Табалбады Кененим,
Туш- тушка киши чаптырып,
Дабытайды ким тапса,
Баашалыгым берем деп,
Тактайга катты жаздырып,
Такыр дайнын таппады,
Дабытайдын жээн-тайын,
Жеп жоготту бүт баарын.
Уул-кызы жок экен,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Үйүндө өлсө Дабытай,
Ордун ээлеп тактага,
Ээ болору жок экен.
Күчала жеп катыны,
Үйдө өлдү селейип,
Дабытайдын тактасын,
Тапшырып берип бирине,
Кененим шаардан аттанды:
“Кайда кетти Дабытай,
Бир күн тыным албаймын,
Аны таап баш албай,
Таласка барып кыргызга,
Айтып койуп журтума,
Андан кийин жөнөйүн.”
Дүнүйөнүн бурчуна,
Кеңкула менен оң тартып,
Таласты карай жол тартып,
Эрте басып, кеч жатып,
Караңгынын чапанын,
Калдайтып чүмкөп жамынып,
Ат айабай келатып,
Ачамай айры бир жолдон,
Туйактын ойгон жеринен,
Көлчөк болуп суу толгон,
Ат изин көрдү Кененим.
Тулпардын изи экен, деп,
Тиктеп көрсө бекемдеп,
Алтымыш уруу алаштын,
Такасындай из эмес.
Таканын тагин карады,
Коросон менен испандык,
Ошо жактын такасы.
Анык таанып билди эле,
Дабытай кеткен экен, деп,
“Каңгайды карай качканбы?
Акылынан шашканбы?
Же Таласты беттеп жол алып,
Карамендер басканбы,

www.bizdin.kg

Кененим жокто жетем, деп,
Кеңирсип жаткан кыргызды,
Асты-үстүнө кылам,деп,
Коросондун каалгасын,
Бузуп кирди талкалап,
Күмбөзүнө айкөлдүн,
Кастык кылып жүрбөсүн,
Так түшүрүп баткалап,
Сайа түшүп изин кууп,
Сапырылтып жөнөдү,
Башка жакка бурулбай,
Таласты карай беттеди.
Коросондо далай күн,
Өтүп кеткен эмеспи,
Аркасынан жетпеди.
Аңгеме болуп алардын,
Айтылып калды кептери.
Муну мындай таштайлы,
Дабытайдын кыргызды,
Кырганынан баштайлы.

## ДАБЫТАЙДЫН КЫРГЫЗДАРДЫ КЫРГЫНДАШЫ

Кара нээт Дабытай,
Күндү улап, түн тынбай,
Келе жатат бир тынбай,
Күзгү коңур салкында,
Жетип келди Таласка,
Кыргыздын баары жыйылып,
Куран окуп жатыптыр,
Сыйынып баатыр Манаска,
Айгыр сойуп, бээ сойуп,
Карача каймал төө сойуп,
Ак сарбашыл кой сойуп,
Жайа чыгар уй сойуп,
Казан асып, от жаккан,
Тулганын боору карарган,
Эркек-айал калбастан,
Барган экен тамам жан.
Эл чогулуп жатканда.
Кемеге казып көп жерге,
Эт бышырып, май агып,
Булоолонуп атканда,
Керээз деген бир кыз бар,
Сөзү таттуу айтканда.
Кыргыздан чыккан шумурай,
Уй мүйүздөн жасаган,
Чымылдакты тартканда,
Карылар жашып каңырык,
Койнуна жашын агызып,
Муңдуулар ыйлап эчкирип,
Делдейип тыңшап калучу,
Эчтемени элебей,

www.bizdin.kg

Жарык күн батып кечкирип,
Бээ садырбай ыр тыңшап,
Жылкычылар копчу эмес,
Уйу саалбай калганын,
Кээ бир катын билчү эмес,
Сүтү куйүп калганын,
Тыңшап жатып туйчу эмес,
Койлор жатчу короодо,
Койчулар коппой олтуруп.
Секинин чыгып башына,
Чачын сылап Керээз кыз,
Чымылдагын тартканда,
Бекер тартпай байкуш кыз,
Күү келтирип жатканда:
- Атпай кыргыз алаш ук,
Кары-жашың тамам ук,
Катын менен балаң ук,
Кыргызга бийлик тийиптир,
Айкөл Манас туулуп,
Каңгайдан али келбептир.
Калдайлары чогулуп,
Күн чыгышка жол салды,
Чоң Бейжинге кол салды.
Бүт дүйнөгө чуу кылып,
Бейжинге кыргыз барган, деп,
Кылымдын баары тең угуп,
Айкөл шердин балдары,
Кастарлап элин бакканы.
Эмгиче кыргыз элиңди,
Тыштан келип кол салып,
Дегеле киши албады,
Аркачандан бир качан,
Каңгайдын эли тынч албай,
Салып турат калбаны.
Айрыкча кыргыз багыңа,
Эр Кененим туулуп,
Батыш менен чыгыштан,
Каш кайтарар калбады,
Кол көтөргөн кишини,
Корпой баарын жалмады,
Испан менен коросон,
Кошулушуп Каңгайга,
Келе албады дарманы,
Коросон кетип Кененим,
Эмгиче келе албады.
Тигинде келет бир адам,
Көзгө суук карааны,
Көптү көрүп, көп билген,
Таанымчылар карачы,
Келатабы Кененим –
Сейтек абам баласы?
Кийгени көк, ат тору,
Башкача турат карааны.

www.bizdin.kg

Керээзден элдер кеп угуп,
Тиктеп калды тигилип,
Таанылды элге ашкере,
Жат киши деп билинип.
Жээнтай деген бар эле,
Бир көргөнүн жазбаган,
Таанымчылдын бири эле.
Кийим бүтүн, карды ток,
Жел өпкө өскөн жаш балдар:
- Кел, Жээнбай, карагын
Кененим эмес жат болсо,
Аттаналы биз болсо,
Курчап туруп алалы,
Кутуруп келген ит болсо.
Тура калып Жээнбай:
- Каран күн бизге болгонбу?
Кудай уруп койгонбу?
Келе жаткан тору атчан,
Дабытай кул окшонду.
Кайра качып Таласка,
Баш калкалап келгенби?
Же Кененимди жоготуп,
Бизди кастап келгенби?
Эки кептин бири го!
Жээнбай кебин угушуп,
Баары турду чуркурап:
- Оозуңа кара кан толсун,
Баш калкалап Таласка,
Дабытай келбейт, Жээнбай.
Байкап айтсаң болбойбу,
Сары ит кирип, оозуңдан,
Кара ит кирип жин куспай!
Энтери деген бар эле,
Жаңы өспүрүм жаштардан,
Мен элемин дээр эле,
Сарыкер деген аты бар,
Бар шайманы тептегиз,
Чоң баатырдай салты бар,
Дабытайдын алдынан,
Тосо чыкты тартынбай.
Эр жүрөктүү Энтери,
Бөлүнгөн жери эл чети,
Сайышка эчен жол чыгып,
Машы чыккан эмеспи.
Коросондун Дабытай,
Калгандарды бачагар,
Батегине албастан:
- Сарыгер минген атың бар,
Сайышчуудай салтың бар,
Кененим өлүп сойлоду,
Эми кыргыз кимиң бар?
Мен Дабытай билип ал,
Кары-жашың бүт баарың,

www.bizdin.kg

Колуңа бирден кетмен ал,
Сыр коргон менен күмбөздү,
Талкалап жерге түзөгүн,
Жаныңдан болсо үмүтүң!
Айтканымды кылбасаң,
Калбайт тирүү бир кишиң!
Сарыкер атчан, кайтып бар,
Менин айткан кебимди,
Төкпөй- чачпай айтып бар.
Ачууланып Энтери:
- Сен Дабытай саткын кул,
Оозуңа кара кан толсун,
Кененимди өлдү деп,
Айтканын көрчү мына бул!
Ырысы качып кыргыздын,
Карандай калчу эл бекен?
Манастын уулу Кененим,
Сен жеңичү эр бекен?
Кетмен алып колуна,
Коргонун чанап Манастын,
Кыл дегенди кылучу,
Коркок кыргыз эл бекен?
Ормолоку кеп менен,
Коркутчу кыргыз сен бекен?
Чогулуп кыргыз кастарлап,
Көкжал төрө Манастын,
Күмбөзүн тайып жатышат.
Тирүүлүгүң канымет,
Бүгүн барсың, эртең жок,
Төбөңдөн тийген кара нээт!
Кылчайып туруп Энтери,
Кыргыздарга айтат  кеп:
- Ак калпак кыргыз баарың ук,
Ак сакалдуу карың ук,
Коросондун Дабытай,
Айткан кеби эң бузук,
Өлтүрөм дейт баарыны,
Одурайып түрү суук,
Кененимди жеңдим дейт,
Коргон менен күмбөздү,
Бузгалы мында келдим дейт.
Кепти угуп болгондо,
Катындын баары кажылдап,
Жайма сүйлөп ажылдап:
- Өлүгүңдү көрөйүн,
Каракчыдай чочойгон,
Жалпы катын баралы,
Жан-жанына жабылып,
Жара тартып салалы.
Жарабаган кепти айтат,
Кененимдин жанына,
Бул салпайак  барабы?
Карылары какжаңдап,

www.bizdin.kg

Карыган койдой чакчайып,
Чач- кирпиги кибиңдеп,
Кирпиден бетер бириндеп,
Жаштын баары  жабырап,
Жабыла минип атына,
Жаштын баары сороктоп,
Найзалары короктоп,
Энтериге сүйлөнүп,
Элге айтасың несин, деп,
Мен эрмин деп жүрөсүң,
Керге жарар кезиң, деп,
Элге айтып нетесиң,
Кайда кеткен эсиң, деп,
Бир кишини көп киши,
Өлтүрөлү кескилеп,
Былчылдатып найзалап,
Өпкө-боорун  тешкилеп!
Элден жеме кеп угуп,
Энтери кайра бурулуп,
Дабытайды беттеди,
Найзасын күүлөп бой керип.
Энтерини киши деп,
Элебеди Дабытай,
Алы канча дегенсип,
Кененимди Дабытай.
Манастап бала бакырып,
Баатырдын атын чакырып,
Энтериге үн кошуп,
Кыргыздын баары акырып,
Дүңгүрөктү укканда,
Дабытай калды шашылып,
Энтерини бетке алып,
Дабытай кирди качырып.
Найзаларын кагышты,
Кайта-кайта сайышты,
Энтерини Дабытай,
Аңтара сайып салышы.
Энтерини өлтүртпөй,
Ажыратып алышты.
Бөтө баатыр кыргыздан,
Кыйкырыгы таш жарып,
Ач арстандай жаланып,
Эрдигинен жазганбай,
Дабытайга түз барып,
Тиктеп калды Дабытай,
Баатырдын бири экен деп,
Эр бөтөгө таң калып.
Кара мээнет кыргыздын,
Эр немеси жокпу, деп,
Тирүү басып жүргөнү,
Жалындап күйгөн отпу, деп,
Жандан тойгон Дабытай,
Жаалысы келип жүзүнө,

www.bizdin.kg

Ант кылышып өзүнө:
“Чогулган кыргыз элдерин,
Бирин тирүү койбойун,
Эрдемсип келген немесин,
Эсирген кул каарданып,
Кандуу найза колго алып,
Качырып келген Бөтөнү,
Аңтара койуп өттү эле.
Жамаке деген бир жигит,
Жебеден мурда жеткени,
Дабытайды капталга,
Катуу муштап өттү эле.
Ат үстүндө Дабытай,
Араң-араң токтолуп,
Жамаке атын бургуча,
Тебетейдей ыргытып,
Сайып өттү Дабытай.
Өлтүрөт экен аны деп,
Жамакенин камын жеп,
Бала Тубаш жетти эми,
Дабытайды колтукка,
Муштап өтүп кетти эле.
Жаны ачыган Дабытай,
Качырып найза неткени,
Бала Тубаш атынан,
Калпактай ыргып кеткени.
Кыргыздын жашы кыйкырып,
Ат салуучу кептенди,
Акжолтой деген карынын,
Айтып турган кептери:
- Кененимден мааналап,
Качып келген Дабытай,
Тилимди ал, жаш балдар,
Ээси жоктой иш кылбай,
Тарт тизгиниң токтогун,
Аламан койуп ат салбай.
Аламандап киргенде,
Ажалыңдын жеткени,
Амалыңдын кеткени.
Жыыглдым деп эми эле,
Намыс кылбай дегеле,
Жыгылганды ажырат,
Бирден барып ат улап,
Алдынкыга күч улап,
Кыла бергин демелге,
Арбагы Манас жар болсо,
Кененим келет бир демде.
Баш аламан киргенде,
Баданаң жок, соотуң жок,
Кандагай жок, олпок жок,
Каныңды суудай агызат,
Кан ичме капыр бир демде.
Тилимди ал, оолукпа,

www.bizdin.kg

Тим ажалга жолукпа,
Жан талаш уруш кыла бер,
Бүгүн эмес эртең да,
Айкөлдүн турат арбагы,
Акимсинген чочкону,
Эми эле арбак урбайбы,
Кененим келсе кечкече,
Кез ажалы жетпейби,
Кесилип башы кетпейби,
Балбансып жаткан жигиттер,
Тонун  сыйрып чечпейби,
Мен балбанмын дегендер,
Баданага жетпейби,
Арбагы арстан Манастын,
Колдогонун анык бил,
Күмбөз тайып чогулбай,
Күдүңдөп жүрсөң ар кайда,
Чачылат болчу жиниңер,
Кесилет болчу тилиңер,
Чогулуп калыш, кыргыздар,
Колдогондо билиңер.
Аламан койбой, кыргыздар,
Акжолтой кеби ырас, деп,
Эки баатыр ат койуп,
Айалдабай бат койуп,
Ажыратып алышты,
Арстан бала Тубашты.
Энтери менен эр Бөтө,
Дембелешип бул экөө,
Бала Тубаш, Жамаке,
Алды- аркасы ал экөө,
Төртөө жүрөт салышып,
Кезек бербей бөлөккө.
Атактуу Кошой абамдын,
Жалгыз кызы Алмаке,
Акжол деген бар эле,
Андан туулган бала эле,
Энтери менен дос эле,
Турган жери Акжолдун,
Нарынды жердеп турчу эле,
Учурашып келем, деп,
Келип калды бул жерге.
Карап калды далдайып,
Не калба болуп кеткен, деп,
Ак калпак кыргыз бул элге?
Экиден чыгып жатыптыр,
Жалгыз чыкпай жекеге,
Салам айтып элдерге,
Тура калды жекеге.
Жээнкул келип Акжолго,
Амандаша кетти эле.
Акжол айткан кеби бул,
Саламга алик албастан:

www.bizdin.kg

- Ой, Жээнкул, Жээнкул,
Бул эмине шумдугуң?
Маңдайда турган ким эле?
Байанын айтчы,- дегенде:
- Акжол аке, кулак сал,
Менден дайнын угуп ал,
Жалгыз турган Дабытай,
Коросондун улугу,
Кошуун чайкап кол айдап,
Таласка келген болучу.
Жалгыз келбей Дабытай,
Испан, каңгай кошулуп,
Далай күнү Таласта,
Кан аккан болчу жошулуп,
Эр Кененим төрөнүн,
Ыдыгына чыдабай,
Качып кеткен болучу,
Караңгыда калдырап,
Шашып кеткен болучу.
Аркасынан Саламат,
Сайа кууп турбастан,
Салып кеткен болуучу.
Жалгыз кетип калды деп,
Арстан баатыр Кененим,
Ал да кеткен болучу.
Эр Кененим, Саламат –
Ал экөөнөн кабар жок,
Күмбөзүн тайып арстандын,
Жыйылган эл ушул топ,
Эл жыйылып жатканда,
Келип калды Дабытай,
Азып калган итке окшоп.
Келген менен жөн келбей,
Кененимди өлдү, деп,
Күмбөзү менен коргонун,
Коморгула жүрү, деп,
Оозуна келген кепти айтып,
Кара оозуна кан толгур,
Айабаган бокту жеп,
Өчүгүшүп, урушуп,
Өлүшүп атат биздин эл.
Аламан койуп киргенге,
Ак сакалдар жол бербей,
Бирден чыгып көрүшкө,
Дабытайга ал келбей,
Эр Кененим, Саламат,
Эми келип калар, деп,
Андан күдөр үзүлбөй.
Арбагы Манас колдоду,
Эл жыйылып калбаса,
Салтанаттуу сыр коргон,
Залкар тоодой ак күмбөз,
Эмгичекти жок болчу.

www.bizdin.kg

Жээнкул кебин бүтүрдү,
Акжол анык түшүндү.
Колдон качкан коросон,
Мойнун үзүп алам, деп,
Оолугуп Акжол күпүлдөп,
Аттын белин бекитип,
Алып учуп дүпүлдөп,
Дайарданып эр Акжол,
Такыр кайта келгин, деп,
Энтери, Бөтө - экөңөр,
Жамаке, Тубаш- төртөөңөр,
Жалгыз чыкчу менмин, деп,
Акжол  өзү чоң эле,
Былк эттирбей Нарынды,
Билип жатчу зор эле.
Каңгай барып Нарынды,
Камап кордук салганда,
Анда Акжол жок  эле,
Элден угуп келгенин,
Жалындап ичи чок эле.
Чалбашты минип камынып,
Кара жерди чаң кылып,
Олуйа Кошой тайатам,
Оорагың мени колдо, деп,
О дүйнө кеткен айкөлдүн,
Арбагы дайар жолдо, деп,
Алмамбет, Чубак эрен, деп,
Качыргандан кайтпаган,
Баатыр Сыргак  берен, деп,
Шер Семетей абам, деп,
Баатыр Гүлүс агам, деп,
Алп Төштүк менен Музбурчак,
Шер Сейитек, эр Көкчө,
Өзүңөр жардам  болгула,
Мен өлүмгө бара жатам, деп,
Энем менен боорлош,
Жалгызек менен тайым деп,
Эр Кененим мында жок,
Дабытай келип Таласка,
Алашка болду кыйын кеп,
Коргонуна кол салса,
О дүйнө кеткен Манастын,
Күмбөзүнө тийишсе,
Көркү кетет Таластын,
Деп күркүрөп эр Акжол,
Кыргыздан чыкты бөлүнүп,
Киши эмес ал Акжол,
Кыпкызыл жалын көрүнүп.
Дабытай, Акжол бет  келди,
Бирин-бири качырып,
Ыргыта сайам деп келди,
Кандуу найза бөрү тил,
Карс дедире кагышып,

www.bizdin.kg

Кайта айланган кездерде,
Баш аламан сайышып,
Бадыратып салышып,
Баштары кызыл челектей,
Жошулган канын агызып,
Кара бойу дал болуп,
Кармалбай колу шал болуп,
Дабытай менен Акжолго,
Кишинин баары таң болуп,
Жабышкан жери  жыртылып,
Талаанын бети аң болуп,
Акжол кылат өөдөлүк,
Арбагы Манас жар болуп,
Эртеден кечке чабышты,
Алыша албай шай  болуп,
Бирин бири жеңген жок,
Бак- таалайы жар болуп,
Кер сары тартып өңдөрү,
Кең дүйнөсү тар болуп,
Кабактары кар болуп,
Муруттары муз болуп,
Сакалдары чаң болуп,
Мурундардын алдына,
Топо ылайлап там болуп,
Асты калкак жар болуп,
Күн  кечкирип түн болуп,
Акжол кетти кыргызга,
Дабытай калды талаада.
Кан жалаган карышкыр,
Караңгыда тийет деп,
Как бооруңан тилет, деп,
Элге балдар сак бол деп,
Акжолтой кары бакырып.
Абамдын кеби ырас, деп,
Энтере менен Жамаке,
Бала Тубаш, эр Бөтө -
Төртөө чыкты аттанып,
Төрт бөлүнүп баатырлар,
Уктабай элди кайтарып.
Акжолтой кары нетиптир,
Эр Акжолго жетиптир,
- Тегин эмес экенсиң,
Жээни экенсиң Кошойдун,
Чама кетип, чарк келбей,
Эл чачылар кезинде,
Акжол, ырас келипсиң,
Арбагы Манас чакырып,
Алып келген турбайбы,
Бекер келди дебесмин,
Кашкулак, кажыр өтүнөн,
Эзип,балам, ичкиниң,
Ичиңе зардап суу түштү,
Айдап аны кетирсин,

www.bizdin.kg

Боз кийиктин терисин,
Тышыңан сага жаптырам,
Тышыңдакы жаранын,
Суусун койбой кетирсин.
Суу ордуна кан толуп,
Мурункудай күч кирсин.
Ичинен өттү ичирип,
Тышынан тери жаптырып,
Кой  этинен даарытпай,
Жылкы этине тойгузуп,
Кымыздан берип жаткырып,
Күтүнүп кыргыз калганда,
Коросондун Дабытай,
Көөнүндө кири бар анда,
Батарына ишенип,
Баш калкалар байы жок,
Муңгулдан башка Дабытай,
Батар жери дагы жок,
Мындайын билсем кыргыздын,
Коросондо өлбөй, деп,
Ичи жалын, боору чок.
Бутун сунуп, бой керип,
Жатар жери дагы жок,
Ач курсак араң келдиң, деп,
Тамак берер киши жок,
Жалгыз калды талаада,
Жанында каран дагы жок,
Кыйкырып тийбей кыргызга,
Жатып алар чагы жок.
Эми эки күн ичинде,
Эбимди кыргыз табат, деп,
Мени менен салышкан,
Акжол жаман турат, деп,
Акжолго амал тапсам, да,
Кененим келип калат, деп.
Агачейин кыргыздан,
Миңдин бащын жебесем,
Мага калат уйат, деп,
Күл азык бар жанымда,
Өлбөскө жүргөн байланып,
Өзү жалгыз олтуруп,
Тамактанып жайланып,
Топчулугун топчулап,
Үпчүлүгүн үпчүлөп,
Кара бойун камданып,
Карк темирге чапталып,
Ат олоңун бекитип,
Куйушканын кыскыртып,
Атка минип дардайып:
“Алдында барбай кыргызга,
Күмбөзүнө Манастын,
Караңгыда барайын,
Эл тойунуп болгончо,

www.bizdin.kg

Төбөсүн бузуп талкалап
Эбин таап салайын,
Дегеле өлөм баары бир.”
Деп ойлонуп көгөрдү,
Өчөшүп капыр жөнөдү.
Кыраан кары Акжолтой,
Алты бала котчу алып:
- Жүрүгүлө, уулдарым,
Мурдума жыт муундарым,
Атагы алаш журтуна,
Арка болгон айкөлдүн,
Күмбөзүнө баралы,
Барып кабар алалы.
Эл кайтарган төрт баатыр,
Элебей аны калабы,
Кара нээт кан ичме,
Күмбөзгө бузук салабы.
Жети киши желденип,
Жакын келсе күмбөзгө,
Тоодой бойу калдайып,
Келе жатат бирдеме,
Акжолтой баштап ал жетөө,
Карап турат бир жерде.
Бузук ниет шумурай,
Күрзүсүн күүлөп алганда,
Чабуучудай күмбөзгө,
Чакчайып жөнөп калганда,
Үн чыкты күмбөз күркүрөп,
Жерге кирди сүлкүлдөп,
Көрүнгөн көзгө караан жок,
Өзү калып Дабытай,
Колунда күрзү жана жок.
Күрзүсү жок колу кур,
Турганы жок өзү шум,
Жанындакы балтаны,
Ийинге арта салганы,
Чак деген үн угулду,
Колундакы балтасы,
Топтой учуп жоголду.
Булгап алып найзасын,
Колго алды бадырек,
Атка камчы саларда,
Колундакы найзасы ,
Ыргып кетип аркага.
Мурункудай күмбөздөн,
Кызыл жалын сүр чыкты,
Кулак жарган үн чыкты:
- Келе албайсың бул жерге,
Аз күндүк калды өмүрүң,
Ошол үчүн биз сага,
Катылбайбыз дегеле.
Эки күндө Кененим,
Келип калат бул жерге,

www.bizdin.kg

Кененим келсе элине,
Кыргызга болот демилге,
Жер бетинде далда жок,
Сен батпайсың,- деди эле.
Бура тартып Дабытай,
Мойнун толгоп караса,
Күрзү, балта, найзасы,
Кол менен тизип койгондой,
Үчөө жатат жанаша,
Найзасын алып сүйрөтүп,
Ай балтасын белге илип,
Күрзүсүн кысып такымга:
Бул Манастын күмбөзү,
Сыйкыр экен, сыр экен,
Кыргыздын кылган иштери,
Баштан айак чыр экен.
Коргонуна барайын,
Каалгасын чагайын,
Не нерсе бар ичинде,
Аны байкап багайын,
Сыйкырдын сыры коргондо,
Түйүнүн анын табайын.
Сыйкырдын тапсам жеткирин,
Мен билемин бүт сырын."
Коргонду карай жөнөдү,
Акжолтой баштап ал жетөө,
Аркасынан жөнөдү,
Дабыр- дүбүр келатат,
Аны чочко билбеди.
Коргонго жакын барганда.
Аны көрбөгөн жан арманда.
Айланасы коргондун,
Ай тийгендейжаркырап,
Качырып чыкты Кумайык,
Дабытайды аркырап.
Үргөнү сонун арсылдап,
Үнү күчтүү карсылдап,
Түз бастырып Дабытай,
Баралбады жакындап.
Дабытайга келтирбей,
Кумайыктын мойнунда,
Каргыга койгон  жип байлап,
Кармап турган бирөө бар,
Ар жагында тарткылап.
Жетелеген тайганды,
Хан Манастын доорунда,
Дарбазачы Сарытаз,
Кызы Седеп экен деп,
Мындай укмуш айтылат.
Бузмак тургай Дабытай,
Куу тайгандын сүрүнөн,
Кумайыктын үнүнөн,
Коркуп бара албады,

www.bizdin.kg

Туруп калып делейип,
Кылычын тартып кынынан,
Качырып жөнөп калганы,
Кылычты шилтеп чабарда,
Кумайык куйрук булгады.
Куйругу тийди кумайык,
Тору атынын үстүнөн,
Тоголонду куланып.
Пери кызындай Седеп кыз,
Басып келип суналып:
- Коржоңдогон арамкор,
Айта турган сөзүм бул.
Күмбөзгө бардың күдүрөп,
Коргонго келдиң бүжүрөп,
Күмбөз менен коргонду,
Ойлончу сага ким берет?
Он эки кылым болгочо,
Оозуна жакын жан келбейт,
Койо берсем Кумайык,
Тирүү сени кетирбейт.
Мындай болуп сен өлсөң,
Айкөл шерди жамандап,
Такыр сыйкыр экен деп,
Күмбөздү багып перилер,
Анда жүрөт миң-миңдеп,
Сени ага киргизбейт.
Коргонду багат кырк арстан,
Кабарчысы Кумайык,
Адам кирбейт кылайып,
Кире албаган Коңурбай,
Сен Дабытай турмайлык,
Сендей нечен сексенди,
Башкарган  Коңур хан эле.
Жыландан камчы илгенди,
Булутту кармап  мингенди,
Башкаргандын бири эле,
Ырыскың бүткөн күнү өл,
Тур кеткиниң! - деди эле.
Тиши тишке шакылдап,
Жулунуп турат Кумайык,
“Кире албайт экен Дабытай,
Мында неге туралык,
Жөнөп кетти ал жетөө,
Акжолтой ага баш болуп,
Элди карай дуулатып,
Аңгыча торгой сайрады,
Таң агарып чуулашып,
Жан- жаныбар кыбырап,
Жандын баары мыдырап,
Жердин бети ачыла,
Тунарыгы жазыла,
Чалбаш менен эр Акжол,
Бастырып чыкты шашыла.

www.bizdin.kg

Таң атканча уктабай,
Тамтадаган Дабытай,
Ат чалдырып алалбай,
Тамактанып баралбай,
Барбай жатып алалбай,
Бастырды чыдап туралбай,
Намысы жок уйалбай.
Акжол менен Дабытай,
Айанышар жери жок.
Астыртан түрө тиктешип,
Өлөр жерин чиктешип,
Күжүлдөшүп, күүлдөшүп,
Найзаларын сүйрөшүп,
Качпай найза сайышып,
Найзаларын кагышып,
Колтуктарын чойушуп,
Чокмор менен койушуп,
Кындан кылыч алышып,
Кыпындай жанды айабай,
Кылчылдашып чабышып,
Аманат жалгыз бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Кыйын уруш баштады,
Акжол мыкты эр экен,
Өлүмдөн башын тартпады.
Кыргыз деп жанын айабай,
Кылчайып артын карабай,
Кылыч, найза , чокмордон,
Кылайып мындан коркпогон,
Өтүп кеткен түнүндө,
Сыр коргондун түбүндө,
Эки күндө Кененим,
Келип калат элге, деп,
Седеп кыз айткан ачуу сөз,
Дабытайдын көөнүндө.
“Айтайын келип кыргызга,
Күмбөз менен коргонду,
Бузалбадым мен бирин,
Өмүр көрөм мен бүгүн,
Келип калса Кененим,
Эртең жакын өлөмүн.
Кайрат кылып көрөйүн,
Аңтара сайып Акжолду,
Мунун канын төгөйүн.
Акжолду сайсам аңтарып,
Кыргыздан мага ким чыгат?
Аламын мизин кайтарып,
Жүдөтөмүн кыргызды,
Жүрөгүн элдин майтарып,
Чымырканып, чыйралып,
Аз болгондо кыргыздан,
Миңдин башын жебесем,
Дабытай мында не келем?

www.bizdin.kg

Кененим келсе элине,
Кетирет менин шайымды,
Түгөтөт такыр жайымды”
Кайраттанып, каарданып,
Кандуу найза карманып,
Атайын келип Таласка,
Кыргыздан бирди сайалбай,
Кызыл канын жайалбай,
Арданганы аттан чоң,
Кордонгону койдон чоң,
Коржоңдогон бадырек,
Карыган койдой чакчайып,
Каш-кирпиги саксайып,
Муруттары бириндеп,
Ачуусуна чыдабай,
Этектери дирилдеп,
Мас болгон нардай күркүрөп,
Көргөндүн бойу дүркүрөп,
Ач бөрүдөй жаланып,
Аркасында чаң калып,
Качырып кирди Акжолду,
Карсылдашар чак болду,
Андан бетер эр Акжол,
Айбатына карк толуп,
Дабытайды бетке алып,
Жан айабай ат койду.
Дабытай келет жаланып,
Камчыга бөлөп тору атты,
Чалбаш менен сыздырып,
Баатыр Акжол баратты,
Коросондун Дабытай,
Карматты жаман адатты.
Тура калды токтолуп,
Оозун тартып Тору аттын.
Жандап өтүп эр Акжол,
Тарта албастан Чалбашты,
Кыйа тарта бергенде,
Кыйамына келгенде,
Кызыталак Дабытай,
Кый сүбөөдөн бир сайды,
Кыргыздан кыраан Акжолдун,
Ээрден көчүк бултайды,
Үзөңгүдөн бут тайды.
Жер тайанып жыгылды,
Чаңга башы тыгылды,
Оодара сайды Дабытай,
Опсуз Акжол кыйынды.
Оңдоп атын тарткынча,
Оонап калган Акжолго,
Оңолуп балта чапкынча,
Элеңдеген энтери,
Жебеден мурун жеткени,
Дабытайды Энтери,

www.bizdin.kg

Куйрукка муштап өттү эми,
Өтө берген Энтери,
Оңтойуна келгенде,
Ороңдогон Дабытай,
Оодара сайып кеткени.
Байкап турган кыргыздан,
Бала Тубаш жеткени,
Энтериге жеткирбей,
Балталаша кеткени,
Бала аны көзгө илбей,
Баатырлыгын билеби,
Баатырсынган баланы,
Балакет баскан Дабытай,
Ыргыта койуп кетиптир,
Аңгычакты болбоду,
Бөтө баатыр жетиптир,
Дабытайды бөйрөккө,
Койуп өтүп кетиптир,
Бөтө сайган найзаны,
Элебеди анчаны,
Сайып көнгөн Дабытай,
Мындай нечен–канчаны,
Баатырсынган Бөтөнү,
Аңтара сайып таштады,
Коросонду Дабытай,
Колундагы найзаны,
Козгоп кайра тартпады,
Өлтүрөт деп Бөтөнү,
Жамаке жетип чапканы,
Чапкан колун тарткынча,
Жамакени Дабытай,
Жалпайта сайып таштады,
Дабытайга жанашкан,
Кыргыз деп намыс талашкан,
Кыраандын баары жатканы.
Ак жол менен Энтери,
Балатубаш, Жамаке,
Баатыр Бөтө санаадар,
Өлтүрөт деп буларды.
Кыргыздын баары жарадар,
Жалпы кыргыз ат койду,
Жалдырап карап турбайлы.
Манас деген бакырык,
Баары ураан чакырып,
Ач кыйкырык куу сүрөөн,
Дабытайды качырып,
Карапайым көп өлден,
Коркуп кетпейт шашылып,
Оңтойума келди деп,
Оолугуп тийди жапырып,
Утур келген неменин,
Өмүрлүк шорун катырып.
Беттештирип төрт-бештен,

www.bizdin.kg

Сайып кетип баратат,
Кызыл канын кыргыздын,
Жайып кетип баратат.
Топту беттеп жол алып,
Жеткен жерден  жан алып,
Беттешип чыгар чама жок,
Баатыр Акжол,Энтери,
Бала тубаш, Жамаке,
Эрен бөтө ал бешөө,
Найза жеген жаралуу,
Жаны менен жумуш жок,
Элдер ойдо саналуу.
Элдин баары дүрдүгүп,
Качуучудай сүрдүгүп,
Канетерин биле албай,
Камалышып турганда,
Ордонун ханы болуучу,
Мурун мында жок эле,
Келип калды Орунбай.
Дабытайды көргөндө,
Жарадар болгон төртөөнү,
Ат-атынан бакырып,
Атап айтып чакырып:
-Кайда кеттиң сен төртөөң,
Кетеби кыргыз чачылып?
Кененим элде жок чакта,
Келген экен ашыгып.
Ашыгыш айтат Акжолтой:
- Коргондун ээси келипсиң,
Айбатың бар сан колдой,
Сен айткан төрткө кошулуп,
Кошойдун жээни Акжол бар,
Баатырдын баары жарадар,
Алда кандай болот деп,
Биздин элде санаа бар,
Айлабыз кеткен чагыбыз,
Амалын издеп табалбай.
Орунбай көпкө акырып:
-Мен чыгамын качырып,
Калгандын баары туш-туштан,
Калбай тийгин жабылып.
Балта чабар мыктуун бар,
Найза сайар ыктуун бар,
Чокморго андес шыктуун бар,
Кылыч чабар кыйын бар,
Мылтык атчуу, жаа тартчуу,
Четтеп элден чыкпаса,
Жай-жайында туруңар.
Салмоор урчуу камдуулар,
Бойу узун шаңдуулар,
Азоого чалма урчуулар,
Куш кармоочу торчулар,
Дайар болгун барыңар,

www.bizdin.kg

Баарың амал кылыңар!
Деп бакырып Орунбай,
Манас-Манас-Манас деп,
Жыргалдуу Кеңкол, Талас деп,
Куу найзасын колго алып,
Кулдуңдап Орун жөнөдү,
Урмат кылып баарысы,
Ордонун чоңу төрөнү,
Найзалары сороктоп,
Жөнөп берди короктуп,
Кылычтары жалтылдап,
Бара жатат шалкылдап,
Балталары шаңгырап,
Баары калбай алдырап,
Чокморлуулар чогулуп,
Колтуктары чойулуп,
Боз топурак чаң болду,
Жердин бети сойулуп.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жайнап кирди дүркүрөп,
Жалгыз турат Дабытай,
Мас болгондой күркүрөп.
Орунбай кайдан айанды,
Өпкө-боордун тушу, деп,
Өткүр найза урганы.
Орунбайды бучкакка,
Теңебеди Дабытай,
Орунбай урган найзаны,
Чымын-чиркей чаккандай,
Элебеди Дабытай.
Кайнап келген элдерди,
Бендеби деп бейлебей,
Бучкагына теңебей,
Анткен менен Дабытай,
Кененим келип калат, деп,
Эси чыгат ченебей,
Кененим ойго түшкөндө,
Акылы калбайт кенедей.
Кыйамына кирди, деп,
Кыргыз колго тийди, деп,
Кылычты сууруп кынынан,
Кылымдын коркпой чырынан,
Чамбыл ала чаң кылып,
Кызыл ала кан кылып,
Утур келип калганын,
Кетемин деп нан кылып,
Дабытайдын ойу бар.
Тегеректеп кыргыздар,
Дүмпүлдөккө алышты,
Башын өөдө кылдырбай.
Найза менен сайгылап,
Чокмор менен койгулап,
Балта менен чапкылап,

www.bizdin.kg

Дабытайдын башынан,
Кетпей турат чакылдак.
Кылыч чабар колуна,
Канча найза сайылды,
Кар жиликтин булчуңга,
Балта тийди далыга,
Чокмор тийди чокуга,
Найза урулду колуна,
Өлүмдүн түшүп боолугу,
Дабытайдын мойнуна:
“Туруп бербей кыргызга,
Жандан тойгон бурутка,
Атка камчы салайын,
Четке чыга калайын,
Эл суйула түшкөндө,
Эбин анан табайын.”
Өбөктөй түшүп Тору атка,
Үстү-үстүнө камчы уруп,
Тулпардын салып күчүнө,
Топтон чыкты суурулуп,
Кар жиликтьин булчуңдан,
Кара кан агып чубуруп,
Кылчайып артын караса,
Эл азайган суйулуп,
Качырып кирди кыргызды,
Кайта артына бурулуп.
Сапырып келет кыргызды,
Найза менен чубуртуп,
Кырып келет кыргызды,
Кылычтын канын куйултуп.
Ал аңгыча болбоду,
Күн кулпуга жашынды,
Көз байланып караңгы,
Бүрүлдөп бара жатканда,
Четте турган мергендер,
Ченебестен ок атып,
Жебечилер жаа тартып,
Аңдып туруп тушунан,
Элүүчө киши тор салып,
Ок зоотуна ширеди,
Анткен менен кирбеди,
Элүүчө тор мойнунда,
Токтото албай сүйрөлдү.
Сүйрөгөн менен Дабытай,
Эл аралап баралбай,
Эптеп тордон чыгалбай,
Жетип келип Орунбай,
Башын кыйа чабам, деп,
Жойболот менен чапканы,
Таамай башка чабалбай,
Торго чаап таштады.
Тор кыркылып кеткени,
Бошонуп капыр кетти эми,

www.bizdin.kg

Бирөө да жок кыргыздын,
Жоголуп баары кетти эми.
Келе жаткан Кененим,
Кулагына угулду,
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Адамдын үнү чуркурап,
Күмбөз жактан угулат,
Муну угуп Кененим,
Алда эмне шумдук, деп,
Заманасы куурулат.
“Качып кеткен Дабытай,
Таласка жетип келгенби?
Кыргыздардын бөлүнүп,
Четке чыгып мергени,
Беттешип найза сайалбай,
Мылтыкташып киргенби?
Же болбосо Дабытай,
Коргонго келип кол салып,
Атышып элдер жатканбы?
Коргон алыс жерде эле,
Аткан менен мылтыкты,
Угулбайт эле бул жерге.
Күмбөздү бузуп чагат деп,
Атышып жаткан эл окшойт,
Ажыратып калам” деп,
Мылтыктын үнүн укканда,
Кош кулагын кайчылап,
Кеңкула келет элеңдеп.
Күндүз келбей, түн келди,
Кулагы угуп чыдабай,
Ызылдаган үндөрдү.
Аркыратып кула атты,
Эр Кененим келатат,
Ботонун белин бет алып,
Качып кыргыз баратат.
- Дүпдүрөң түшкөн түгөнгүр,
Дүбүрөбөй тур!- деди,
Кыргыз болсоң коркпогун,
Мен Кененим бил, - деди.
Кененим деген үндү угуп,
Бирин бири кыйкырып,
Келди далай чогулуп.
Келе жаткан Дабытай,
Аркасынан оолугуп,
Кененим деген кепти угуп,
Тура калды бурулуп,
Кыргыздардын дуулдап,
Кылган кебин бүт угуп,
Бура тартты Дабытай,
“Кетейин качып жоголуп.
Эми кайда качам?- деп,
Каңгайга барсам батам, - деп,
Кара кытай, манжуга,

www.bizdin.kg

Шибе, солон, муңгулга-
Беш уруктун журтуна,
Арзымды айтып барам,- деп,
Беш урктан беш баатыр,
Кара курттай көп аскер,
Ошол элден табам - деп,
Кайта келип Таласка,
Түп көтөрө чабам," деп,
Түн күбүрөп уйку албай,
Жүрүп кетти Дабытай.
Камчы басып тору атка,
Дабытай качты каңгайга,
Кете берсин Дабытай,
Кененим кууп келет, деп,
Түнүнкүсүн уйку албай.
Муну койо туруңуз,
Таластакы кыргыздын,
Аңгемесин угуңуз.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Жер жаркырап, күн чыгып,
Кененимди көрүшүп,
Тирүүлөрү күлүшүп,
Тууганы өлгөн дагы бар,
Бууданы өлгөн дагы бар,
Эри өлгөн катын бар,
Атасы өлгөн уул бар,
Баласы өлгөн кары бар,
Муңдуу-чердүү – баары бар,
Түп көтөрө барышты,
Бири барбай калалбай.
Көрүшүп көкжал төрөгө,
Көңүлдөрү толушуп,
Дабытайдын калтырбай,
Баары кебин салышып,
Балдар жүрөт жарышып,
Жаңыртып кайта түлөөнү,
Жаңылап малын чалышып.
Арбагын тайып Манастын,
Куран окуп жанышып,
Жай-жайына жетишти,
Тарап үйгө кетишти.
Элге барып Кененим,
Кеңеш кебин бериши:
- Дабытай келип силерге,
Далай мүшкүл салыптыр,
Тың балдардан бешөөнү,
Жарадар кылып салыптыр,
Жараңар, балдар, айыгат,
Өлүп кеткен кыргыздар,
Алар кайта табылбай.
Аман- эсен калганың,
Оокат кылып жаның бак,

www.bizdin.kg

Бекер бирөө аш бербейт,
Өзү басып мал келбейт.
Акжолтойдун айтканы,
Баары акыл эмеспи,
Тың балдардан ылганып,
Тийип- качып жөн койбой,
Тынчын ала берсеңер,
Келет элем мен болсом.
Сиздерде жок айып кеп,
Коросондук Дабытай,
Өтө балбан кара бет,
Ээси жоктой, Орунбай,
Кырылтыпсың кыргызды,
Атийет керек урушка,
Арзан эмес жумуш бу.
Күмбөздө болгон шектерди,
Коргондо болгон кептерди,
Койбой баарын Акжолтой,
Кененимге жеткизди.
Кепти угуп Кененим:
- Баарысы чын, көп элим,
Көрүпсүңөр көрүнөө,
Көкжалым жардам бергенин.
Бириңе бириң жөлөк бол,
Карыңа жашың өбөк бол,
Азыңа көбүң одок бол,
Колуңда барың тартынбай,
Коржоңдобо байыңар,
Колунда жокко кайрылбай.
Узунун кескин четинен,
Көзүнүн жашын агызган,
Абалын сурап жетимден,
Кедей менен сагырга,
Жесир менен жакырга,
Кайыр кыла жүргүлө,
Колуңда барың мындайга,
Бул сапаркы кебимди,
Эми менден угуңар,
Саламатты кетти, деп,
Аркасынан баргамын,
Тилине кирип Саламат,
Бузулуптур хандардын,
Өкүмсүгөн чочконун,
Башын кесип мен алдым.
Коросондун элинде,
Коржоңдогон алптары,
Айабаган көп экен,
Көп да болсо алптары,
Кененимден кем экен.
Жаздымдык өттү менден да,
Дабытайды өлдү, деп,
Асып койдум каалгага,
Андан кийин капташтым,

www.bizdin.kg

Арылбас кара балаага,
Аралап жүрдүм канча күн,
Кара курттай адамга.
Дабытайдын жаздырып,
Кеткенин билбей Таласка,
Жеринен карап табалбай,
Элинен кабар алалбай,
Коросондон жөнөдүм,
Козголбой туруп калалбай,
Аттын изин бир көрдүм,
Экинчи карап табалбай.
Кечикпестен тез келдим.
Таласка келет дебедим,
Каңгайга кетти деп келдим,
Бекинип жатып алганда,
Коргонун буздум талкалап,
Келген экен бул жерге,
Сыр коргонду чакмакка,
Даа тутуп кире албаптыр,
Кумайык үрүп турганда.
Кененим келди мына, деп,
Аламан салдың чуулган,
Силердин кептин баарысы,
Кулагына угулган,
Менин атым укканда,
Кең дүйнөсү тарыган,
Заманасы куурулган,
Кайра качса кеткендир,
Коросондун жерине,
Эми барып ээ болбойт,
Мурункудай элине,
Хандыгын берип келгемин,
Өчөшкөндүн бирөөнө.
Каңгайга барат маана издеп,
Аттуунун баары кырылган,
Аны ээрчип ким келет,
Кыдырып жүрүп жер бетин,
Бир күн келет темселеп.
Эми көрсө Кененим,
Тирүү кайдан кетирет,
Кара нээт бузуку,
Ажал айдап жеткирет.
Изин куусам эми эле,
Узатпастан табамын,
Каадалуу киши кептентип,
Ага кайдан барамын.
Эгин эгип, мал багып,
Аракет кылып мал табып,
Жан сактагын, кыргыздар.
Деп Кененим жатканы,
Сак сакайып эр Акжол,
Ал элине кайтканы,
Эмне көрүп билгенин,

www.bizdin.kg

Бактыбайга айтканы.
Кепти угуп Бактыбай,
Айткан кеби мамындай:
- Эми кыргыз тынч алып,
Болот экен көөнү жай.
Үлүш берип кунан чаап,
Ойноп балдар дуулдап,
Акачөлүм түнкүсүн,
Кыз- келиндер чуулдап,
Короосун кошо кайтарып,
Бекбекей айтып безилдеп,
Аңчылар бөөрү кармашып,
Аркар- кулжа бугу атып,
Текесин таштан кулатып,
Түлкүдөн кийип тебетей,
Мырзалары кырдашып.
Бөөрү ичигин жамынып,
Абышкалар бакчайып,
Элечеги казанадай,
Сүлөөсүн ичик жамынып,
Байбичелер чалкайып,
Белдемчи жерде чубалып,
Барынча кийип буралып,
Жубандар басып залкайып,
Акыректе чоң сөйкө,
Аркасында чач теңге,
Ал ханынын доорунда,
Санаага албай эч нерсе,
Торкодон чапан жылтылдап,
Бийдана бутта кыйчылдап,
Сууда сүзгөн балыктай,
Келиндер басып кылтылдап,
Шайы көйнөк жалт этип,
Алтындан соккон билерик,
Ак билекте жалт этип,
Кийгени кундуз тебетей,
Күлгөндө үнү шаңк этип,
Төгүлгөн жерге сымаптай,
Элестеп көзгө жылт этип,
Алтындай топчу наар төккөн,
Акак, шуру аралаш,
Боору толгон асыл таш,
Арасында бермети,
Тал- талдан өрүп тизген чач.
Башына үкү сайынып,
Кемселге седеп тагынып,
Чыккан күнгө туш келсе,
Көз уйалтып чагылып,
Кызы сонун кыргыздын,
Ийни салык, мойну кез.
Сыртынан кызыл жамынып,
Боз уландар куш салып,
Кайрыма, чүрөк, куу алып,

www.bizdin.kg

Ак тайлактай чоң кууну,
Байланып жанга кубанып,
Кекилик менен чил алып,
Айырдын четин жээктеп,
Канжыгадан ашканын,
Куйушканга тээктеп,.
Каш кулактан ичиги,
Суусардан жака салынып,
Чыгаан байдын балдары,
Алтындан кемер курчанып,
Анча-мынча кишилер,
Айталбай салам апкаарып.
Жайдын күнү болгондо,
Кысыр эмди тай сойуп,
Кымыз ичип, шерне жеп,
Кыштын күнү болгондо,
Кырк-элүүдөн чогулуп,
Бозо кайда, жарма деп,
Самоор кайнап ар жерде,
Сары канты чачылып,
Эртеден кечке жыйналбай,
Дасторкону жайылып,
Балдары майга карабай,
Катындар каймак жалабай,
Эндегей жүргөн кыргыз жок,
Эшикке күлүк байлабай,
Бекер жүргөн киши жок,
Ит агытып, куш  салып,
Сандыгында зары бар,
Өрүшүндө жайылган,
Төрт түлүктүү малы бар,
Ак калпак кыргыз болгондун,
Баарысынын көөнү жай,
Өлүмдөн башка кообу жак,
Катын алып, бала таап,
Андан башка ойу жок.
Кыргыздар жатат жан жыргап,
Дүнүйөгө көз тойуп,
Арбытып төлүн мал жыйнап,
Кайда жүрөт экендир,
Дабытай шордуу жан кыйнап?
Таластан качкан Дабытай,
Күнү- түнү бир тынбай,
Ат чалдырып дем албай,
Азык ичип жата  албай,
Баш калкалар жай таппай,
Арызын айтар эр таппай,
Балтыры батар жер таппай,
Чыгышты карай бет алып,
Күндүзү аз, түн басып,
Өзү жадап өңү азып,
Аты жадап тер басып,
Атасы көргөн жер эмес,

www.bizdin.kg

Кыргыздай тоодо жол таппайт,
Энеси бычкан тон эмес,
Шар аккан нечен суу кечип,
Шагылдуу нечен бел ашып,
Айланып канча тоолорлон,
Зоңкойуп турган зоолордон,
Карагандуу сайлардан,
Аркайган далай каңшардан,
Кабаттап жүрүп эринбей,
Күн алтымыш болгондо,
Каңгайга жетти капташып,
Ак элечек нечен тоо,
Аркада калды адашып.
Калмактын ханы Оторго,
Абалын айтып ошого,
Алооке менен Манастан,
Калмак менен кыргыздан,
Кептин башын баштады,
Алып келип айагын,
Калдагай кулак, Чойун алп,
Жез киндиктүү Кикимат,
Темир тондуу Шалкымат,
Тажиктердин Темирбек,
Испандакы Ачакан,
Кутургурдун Саламат,
Коросондун Дабытай,
Алып келип аштады,
Жаш баладай шолоктоп,
Эки көзүн жаштады,
Көзүнөн аккан бурчак жаш,
Жакасын жууп чыктады:
- Маңгул, манжу сен элең,
Шибе, солон аралаш,
Канатташ жүргөн эл элең,
Кара кытай кошулуп,
Талабыңар бир элең,
Тайыны чыккан кишини,
Такыр кыргыз түгөттү,
Баш көтөртпөй бүт элди,
Мына минтип жүдөттү.
Манастын өзү барында,
Ооган менен урушкан,
Коросон менен испанды,
Аны да кошо куруткан,
Талапташ жүргөн элбиз, деп,
Калдагай кулак, Чойун алп,
Атайын мени чакырткан,
Испандакы Ачакан,
Таштабады катардан.
Түптүү муңгул эли, деп,
Баш тартпастан келгенбиз,
Тажик Темир, Чойун алп,
Дүйшөнбүдө чогулдук,

www.bizdin.kg

Темирбек менен Чойун алп,
Ошол жерде жоготтук.
Таласка бардык тебелеп,
Талап алсак экен деп,
Талап алмак турмайлык,
Каныбыз акты себелеп.
Мен Дабытай, Ачакан,
Акыл ойлоп курадык:
“Коросон менен испанга,
Бурулбастан баралы,
Сырыбыз бирге муңгулга,
Айтып кабар салалы”.
Кошулду бизге Саламат,
Козголбос болуп ал дагы.
“Муңгул, манжу, кытайды,
Шибе, менен солондун,
Бешөөнөн кошуун алалы.
Маңгыттардын Саламат,
Коросонду Дабытай,
Испандакы Ачакан,
Сегиз уруу эл болуп,
Селдей каптап баралы”
Деген кеңеш тапканбыз.
Чыдай албай качканбыз,
Коросонго мен кеттим,
Испанга кетти Ачакан,
Маңгытка кетти Саламат,
Саламат кетип баратса,
Кез болуптур Кененим,
Кыргыздан чыккан жанакы,
Жалаңгыч сарык дегениң,
Аркабыздан келиптир,
Саламат менен Ачакан,
Жазасын колго бериптир,
Экөөнү катар жалмаптыр,
Андан кайта жанбаптыр.
Коросон барды коржойуп,
Кол салыштык коркподук,
Менде балбан көп эле,
Бири миңден жоо сайган,
Баары мыкты эр эле,
Баарысын сойду кыйратып,
Он эки түн дегенде,
Найзага илип өзүмдү,
Көрсөтүп көзгө өлүмдү,
Дарбазага илгени,
Тирүүлүгүм билбеди,
Шаар аралап киргени.
Ордо баккан эрлерди,
Бейкут жаткан элдерди,
Баарысын салдым кызматка,
Тегеректеп карма деп,
Карыш жерге узатпа.

www.bizdin.kg

Ошончолук көп элди,
Бир көзүнө илбеди,
Көптүгүн анын билбеди,
Ителги тийген таандай,
Найза менен чубуртуп,
Аралап кирсе кылычтап,
Мизинен канын куйултуп,
Калың жерин суйултуп,
Окчун турган элдерди,
Албарс менен кайсалап,
Алдына кирген ким болсо,
Найза менен талкалап,
Эл аралап жүргөндө,
Ойума келди бир неме:
“Мен барайын Таласка,
Кененим мында жүргөндө.
Күмбөзүн бузуп Манастын,
Коргонун чагып Таластын,
Ал жердеки кыргызды,
Айак асты кылайын.”
Бет келер мага эр жок, деп,
Анда мага тең жок деп,
Апыр- шапыр жөнөдүм,
Таласка барсам кыргыздын,
Күмбөзүнө Манастын,
Чогулганын көргөмүн.
Мен жеткенде четине,
Бирөө келди бетиме,
Аңгеме дүкөн курадым,
Кетмен алып колуңа,
Талкала деп көмбөздү,
Буйрук кылып тургамын,
Менин кебим укканда,
Катындын баары ажылдап,
Калбай баары бажылдап,
Качырды бирөө түз мени,
Көзүнүн оту жалындап.
Манасташып бакырып,
Баары ураан  чакырып,
Асман жарган чуу болуп,
Чыгып жатат акырык,
Анчалык ишке Дабытай,
Кеткеним жок шашылып,
Эрдемсип келген эренин,
Аңтара сайдым жапырып.
Буруттун эли эң сүрдүү,
Кылган ишин көрдүңбү,
Бири калса жыгылып,
Бири тайар найза уруп,
Жыгылганын чаптырбай,
Бири келет жапырып,
Бекер келбейт  келгени,
Манастап ураан чакырып.

www.bizdin.kg

Сүйүнсө да кыргыздын,
Манас экен айтканы,
Күйүнсө да кыргыздын,
Манас экен айтканы,
Малын сойуп чогулуп,
Күмбөзүнө Манастын,
Баш урушуп жатканы,
Күмбөзгө бардым түнүндө,
Төбөсүн ойуп чаккалы.
Чокмор, найза , балтамды,
Колума алсам жок калды,
“Аз күндүк калды өмүрүң,
Чагалбайсың кеткин” деп,
Бир үн мага айтканы,
Кылчайып артым карасам,
Чокмор, балта, найзалар,
Чогулушуп жаткалы,
Калтырбай баарын алгамын,
Коргонуна баргамын,
Коргонун баккан Манастын,
Тайганына таң калдым.
Куу тайган чыкты арсылдап,
Азуулары шакылдап,
Баралбадым жакындап.
Кылыч алдым чабам, деп,
Ажылдаган тайгандын,
Башын кесип салам, деп.
Куйругун тайган имерди,
Тору атымдын үстүнөн,
Көмө койуп жиберди.
Көзүмдү ачсам бир кыз бар,
Кыз айтты мага мамындай:
“Кетип калгын, Дабытай,
Сенде аз күндүк өмүр бар,
Койо берсем Кумайык,
Койбой сени жеп салар,
Эки күндө Кененим,
Келип калат бул жерге,
Анда болот күнүң тар!”
Таң агарды аңгыча,
Кыргыздар келди жабыла,
Акжол деген эр келди,
Чалбаш минип алдында.
Качырып найза безедим,
Каңтара койуп кеткемин,
Жамаке, Бөтө, Тубаштар,
Бирден келди сабалай,
Көмөлөттүм баарысын,
Өзүмө найза сайдырбай.
Бирине бирин улашып,
Тегеректеп найзаны,
Дембелеп сайды чуулашып.
Токтоно албай ал жерде,

www.bizdin.kg

Тору ат менен чу койуп,
Качып чыктым чуратып.
Доолбас үнү карсылдап,
Атылып мылтык тарсылдап.
Жебенин огу зыркырап,
Бараңдын огу чыркырап,
Ызы-чууга аралаш,
Канчалаган темир  тор,
Илиниптир мойнума.
Кыймылдарга чама жок,
Кыргыздын калдым торунда,
Мыктысынган бир жигит,
Жой болоту колунда,
Менин башым чабам, деп,
Өзүнүн чапты торуна,
Бактым качкан байлоодо,
Ишим кетип оңуна,
Кайра кирдим жапырып,
Карышкырдай качырып,
Көмөлөтүп канчасын,
Найза менен сулаттым,
Кылыч менен кыйа чаап,
Кыйланын канын агыздым,
Качып жолго эл кирди,
Аңгычакты түн кирди.
Топтуу караан качканын,
Аркасынан куугамын,
Көрүп калдым баратып,
Кыргыздын эли чогулуп,
Кененим менен турганын,
Атымдын башын бургамын,
Кебин тыңшап тургамын,
Канымет деп тирүүлүк,
Качып келип алдыңда,
Эми арзымды айтып турганым.
Дабытай айтып бүтүрдү:
- Атайын келип, Дабытай,
Айтар кебиң ушубу?
Сенден мурун Дабытай,
Мен билем кыргыз түп жайын,
Ыраа көрүп жаманга,
Ар ким кыйбайт өз жанын.
Барса барсын калгандар,
Мен барбаймын кыргызга.
Шибеде белдүү киши жок,
Солондун мында иши жок,
Манжу менен кытайда,
Барчуулар болсо алып бар,
Тилимди алсаң, Дабытай,
Коросонго кайтып бар.
Бир жетимди Кененим,
Ээ кылып таштап кеткендир,
Айла кылып ордуңду ал,

www.bizdin.kg

Ээ боло алсаң тагыңа,
Мурункудай багыңа,
Кабар бергин сен мага,
Беш урукту чогултуп,
Мен барамын ушунда,
Сенден кабар болбосо,
Мен жатамын жайымда.
Саламат өтүп кетиптир,
Сага жөлөк болор жок,
Маңгыттардын элинде.
Эмгичекти оодарып,
Кыргызды киши алган жок,
Орто Асыйа жеринде,
Ээрчип киши барбайт го,
Буруттардын элине.
Бурут үчүн, Дабытай,
Калбасын көөнүң дегеле.
Баатыр чыккан, эр чыкан,
Ар уруунун элинде,
Теңдешип адам жеңбеди,
Буруттан чыккан эрине.
Манастан бери карата,
Буруттун эли бузулбай,
Келе  жатат ар качан,
Эч душмандан кысылбай.
Каңгайдын эли канча жол,
Катышып барды бурутка,
Алп Коңур баштап баарысы,
Сайдырыптыр бул журтка.
Урушуп барган кишини,
Уйпалады ушулар,
Аман жанган болбоду,
Каны агып жошулбай,
Муңгул барбайт бурутка,
Биздин кыйал ушундай,
Эми беш жыл жатабыз,
Айылдан  карыш бир жылбай,
Калдагай кулак, Чойун алп,
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат -
Алар барып өзү өлдү,
Айдап жүргөн элдери,
Аз өлбөдү, көп өлдү,
Аз келгенсип анысы,
Сакта менен Саранжа,
Айдап алып жөнөдү,
Буруттан баары кырылды,
Беш уруктун дөөлөрү.
Андан беш жыл камынып,
Кабаттап темир жамынып,
Караганды таң кылып,
Кара жерди чаң кылы
Буруттун башын маң кылып,

www.bizdin.kg

Барамын Отор мен өзүм.
Жалаңгыч сарык Кененим,
Жетимиң жаны болсо да,
Өлбөгөнүн көрөмүн.
Күмбөзү менен коргонду,
Бузулбады дедиңби?
Сенин билген турбайбы,
Алың келбес жериңди.
Эринбесек, Дабытай,
Жылбай жаткан беш жылы,
Бир которуп берейин,
Ушул кезде кылымды,
Кыйамына келтирип,
Кыргыздан чыккан кыйынды.
Жата  албасаң, Дабытай,
Коросонго баргының,
Беттеп сага ким чыгат,
Шаарыңды колго алгының.
Сен да айанбай беш жылы,
Кем- керчи жок камынгын,
Сенин камың бүткөндө,
Мага кабар кылдыргын.
Кененим койгон испандын,
Кожосун колго алгының,
Испанды кошо колго алып,
Кадырыңды жам кылгын.
Кабарлашып болгондо,
Боорунан сийген немесин,
Бүткүл айдап жылдыргын,
Бурутту берем колуңа,
Санааңды анан тындыргын.
Оолугуп Отор сүйлөдү,
Ойумда кеңеш бул, деди,
Сен Дабытай бил, деди.
Куруп калган Дабытай,
Каңгайда беш жыл жаталбай,
Беш жылдык болду убада,
Кайра кетти баталбай.
Каңгайдан чыгып Дабытай,
Күн батышты бетке алып,
Коросонду эске алып,
Кетип барат талпылдап,
Алдындагы Тору аты,
Араң барат шалпылдап,
Канча күнү жол басып,
Коросондун шаарына,
Жетип барды жакындап.
Күн барбады, түн барды,
Туйгузбай кирип ордого,
Түгөнгүр калба салганы,
Туйунуп жаткан чоңдору,
Урушуп калба тапканы.
Дабытайды улук деп,

www.bizdin.kg

Караган бенде деги жок,
Карап көрсө коросон,
Кылчайа турган пейли жок.
Такка минген жаңы хан,
Дабытай колдуу өлгөндүн,
Жээни менен тайына,
Жерге-жээк баарына,
Катын менен уулуна,
Ага тууган калгандан,
Ошолордун баарысын,
Жайа салып жай айтып,
Баарынын көөнүн жайлаган,
Кененим айткан кептерин,
 Чыгарбай эстен жаңы хан,
Өзү мыкты неме экен,
Күчү начар болсо да,
Акылга дыкан эр экен,
Оор салым элде бар,
Борборго алса экини,
Бөлүп алчуу бешөө бар,
Ордодон чыккан экөөнө,
Кошулган элден жетөө бар,
Күндө салык дей берип,
Таап бере албай салыкты,
Кыйналуучу нечендер,
Алтын, күмүш, төө таппай,
Кыжалат болчу нечен бар.
Кененим келип кеткели,
Жаңы хан такка мингели,
Эки жыл ашып бараткан,
Салык деп бирөө келбеди,
Бей-бечара байкуштар,
Бир этек саман бербеди,
Унутуп калды букара,
Алым- салым дегенди,
Эл күчүнө жөлөнүп,
Дабытайга жаңы хан,
Дегеле жооп бербеди,
Коросондун элинен,
Колу үзүлүп Дабытай,
Испанды карай жөнөдү.
Түз испанга барам, деп,
Испандын колун алам, деп,
Баштап келип кошуунду,
Коросонду чабам, деп,
Испанга барса Дабытай,
Ачакандын баласын,
Хан көтөргөн кеп экен.
Кененим айтып бекитип,
Хан кылып койгон киши экен,
Кененим айткан акыл кеп,
Ачакандын баласы,
Кабыл алган макул, деп,

www.bizdin.kg

Болбой койду Насыке,
Эрчибеймин сага, деп.
Опуз кылып Дабытай,
Коркутуп көрдү күпүлдөп,
Көрүнөө айтты Насыке,
Сени ээрчибей Дабытай,
Кененимге барам, деп.
Кененим барам дегенде,
Муңгул, манжу, каңгайдан,
Андан башка чандандан,
Жакындакы иштерден,
Баштан айак калтырбай,
Айтып өттү бир-бирден:
- Сенин атаң Ачакан,
Ким колдуу өлдү, билгин сен,
Кененим өзү өлтүргөн,
Аны толук билем мен,
Насыке айтат мамындай:
- Болдуңбу айтып, Дабытай?
Менин да сага кебим бар,
Азгырып жүрүп атамды,
Сен алпарып өлтүрдүң,
Кебим тургай кегим бар,
Кырчаңгы болгон жылкыдай,
Мага келип шыйпанбай,
Кайда барсаң, анда бар!
Тил албай мага катышсаң,
Катыгыңды беремин,
Төрт казыкка керемин,
Сарпоштоп таңып Тору атка,
Төрт кишиге айдатам,
Алып барып Таласка,
Кененимге карматам!
Сен келген күнү, Дабытай,
Тил билгенден экини,
Мен Таласка узаткам,
Кете албайсың кутулуп,
Жайып койгон тузактан!
Насыке хандан кеп угуп,
Жан күйгүзөр жеме угуп,
Кол салышса испанга,
Колу жетер көрүнбөйт,
Коопсуп калды Дабытай,
Коркуп жаны тынч албай.
Козголбой чындап жаталбай,
Антип- минтип арадан,
Далай күн өттү карасаң,
Санаасы сан, кыйал миң,
Дабытайды карап бак,
Кененим атын уккалы,
Жаталбады ал чыдап.
Тору атты минип токунуп,
Эми кайда барам, деп,

www.bizdin.kg

Ар тарапка бой уруп:
"Багдатка барсам батпасам,
Иракка барсам кондурбайт,
Жөөттөр камап турганда,
Куткарган аны Кененим,
Дегеле мени оңдурбайт,
Тентип жүрүп өлөмбү?
Мындай тентип жүргөнчө,
Маа теңдеши азыраак,
Талап алып испанды,
Коросонго барсамбы?
Испандын малын таратып,
Элди өзүмө каратып,
Баашалыгым алсамбы?
Жантабаны карагын,
Кененимге тайанып,
Жаңы хан атын алганын!
Катышпай башка элдерге,
Кайрылбастан түз жүрүп,
Коросонго барайын,
Берсе алып тагымды,
Мурункудай багымды,
Жөн жыргатып жанымды,
Тайрайып жатып калайын,
Коросондо киши жок,
Мен көрбөгөн -билбеген,
Беттешип чыкса мен менен,
Суудай канын чайкайын."
Өзүнө- өзү акыл деп,
Жүрүп кетти шакылдап,
Эрте жүрүп, кеч жатып,
Кээ кезинде түн катып,
Минген Тору тулпардын,
Төрт туйагы такылдап,
Коросондун шаарына,
Кирип келди жакындап.
Жөө жүгүргөн бирөө бар,
Этегин кайра түрүнүп,
Кетип барат лакылдап,
Келе жаткан Дабытай,
Калды буга учурап.
Лакылдап келе жаткан жөө,
Дабытайдын тушунда,
Шаар башкарган жалгыз дөө,
Дбытайды көргөндө,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Төгүп ийди жөө баскан:
- Кайдан келе жатасың,
Ой, Дабытай, падышам?
Менин күнүм сенде экен,
Хандын күчү элде экен,
Жаңы хан элге жагынды,
Бир кишиден албады,

www.bizdin.kg

Жоготту алык-салыкты.
Бер деп киши барбаса,
Жылында салам албаса,
Бей- бечара табалбай,
Кыйналган киши болбосо,
Кишинин баары жакындап,
Мааналады ошого,
Менин жайым сурасаң,
Алты жерде тамымды,
Бирин мага калтырып,
Тартып алды баарыны.
Аз келгенсип анысы,
Адыр толгон малымды,
Сокур төө, аксак-төкөр кой,
Жетим улак, чычкак уй,
Аны мага калтырды,
Сокур төө кетет олоңдоп,
Аксак кой кетет чолоңдоп,
Улак кетет сереңдеп,
Жиңгек атып куйултуп,
Чынак уй качат чычаңдап,
Эгинге кирет бир жерге,
Малыңды тосуп албай, деп,
Ээси келет кызаңдап,
Азабын тартып мен жүрдүм,
Мана минтип кыйшаңдап,
Алты айдын ары жагында,
Сени келип кетти, деп,
Уктум эле укмуштан.
Көрүп турам өзүңдү,
Оттой жанган көзүңдү,
Мана минтип кыйналтып,
Жоготуп койдум өзүмдү,
Уккандырсың, Дабытай,
Менин айткан сөзүмдү.
Бура тартып бир жерге,
Көмүскөгө келишти,
Эми кандай кылсак, деп,
Эки бузук кеңешти.
Келе жаткан жөө айтат:
- Сен Дабытай, эр элең,
Кененимден башкадан,
Кандай эрден кем элең?
Менин баргын үйүмө,
Далдалайын бир жерге.
Күндүз баспай түн басып,
Унаа минбей жөө басып,
Кененимге кердүүгө,
Жүрөгү зардап чердүүгө-
Баарына кабар салайын,
Эл башкарган эрлерден,
Эдеби колго тийгенден,
Эшикке чыгып сийе албай,

www.bizdin.kg

Короосуна сийгенден,
Үч айдын күнү токсон күн,
Бирден бирге айттырып,
Кабар алып келем мен,
Элден акыл табылса,
Арык жайык чабылса,
Мурункудай калдайып,
Падышабыз болсоң сен.
Кеңеш кебин бүтүрүп,
Дабытайды бир үйгө,
Караңгыда түшүрүп,
Бир баласын, катынын,
Дабытайды күттүрүп,
Өзү жүрөт тартактап,
Дабытайдын тушунда,
Таанымалга жүгүрүп,
Дабытайды уккандар,
Баарысы калды сүйүнүп.
Күн күбүрөп тынч албай,
Түн дүбүрөп уктабай,
Убадасын бекитип,
Бирин бири жекишип,
Жөнөкөй жүргөн элдерди,
Койгону жок шекитип.
Амал ойлоп акыл таап,
Болжолдуу күнгө жетишип,
Айкырып чыкты ар жерден,
Кызыл канды кечишип.
Кыйкырык -сүрөөн угулуп,
Дабытайлап үн чыгып,
Калаасы калды жабылуу,
Калгандын баарын Дабытай,
Өз колуна алды бу.
Айласы кетип жаңы хан,
Эл ичин жүрбөй текшерип,
Акылынан жаңылган.
Тышка чыга албады,
Бир жарым жыл камалдан.
Ичерине аш калбай,
Шаардын ичи кысылды,
Мурункудай боло албай,
Ынтымагы бузулду,
Айласы кетип жаңы хан,
Акыл ойлоп олтурду:
“Шаардакы элдерди,
Сапырып айдап чыгайын,
Бир сапар уруш кылайын,
Бир кишинин эбин таап,
Шер Кененим төрөгө,
Туйдурбастан жумшайын”
Деп ойлонуп алыптыр,
Аттанып аскер чыксын, деп,
Буйрук берип салыптыр.

www.bizdin.kg

Шаарда жаткан тамам жан,
Жардык болуп ханынан,
Жабыла жөнөп калганы.
Шаардан чыгып сап болду,
Салыша турган чак болду,
Жаңы ханды көргөндө,
Жаны ачыган Дабытай,
Тору аты менен чу койду.
Тойту деген бар эле,
Беттешип чыгып жоо сайып,
Нечени алган жан эле,
Дабытай менен салышып,
Беттешип чыкты ал эле,
Беттеп булар жүргөндө,
Майдандакы көпчүлүк,
Жаңы ханды көргөндө,
Канча күндөн бер жакка,
Какжаңдаган кан жалап,
Дабытайдын бийлерин,
Иш башкарган эмесин,
Бирде бирин калтырбай,
Байлап алды бир демде,
Жүз сексенди чогултуп,
Мууздап салды бир жерге.
Жаңы хандап чуу тартып,
Дабытайга жабылды,
Карамүртөз Дабытай.
Каарданып камынды,
Беттеп келген Тойтуну,
Мунун шорун катырды,
Кара жерге капшырды,
Баруучу жайга тапшырды.
Кылычын сууруп кынынан,
Качырып кирди Дабытай,
Беттеп бирөө чыгалбай,
Качып берди талаалай,
Агып барат кызыл кан,
Ар бир жерден салаалай,
Шаарга кирди жаңы хан,
Шаар эли бүт калбай.
Дарбазаны бетке алып,
Кездеп келет Дабытай,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жамгырдай кылып ок атып,
Жакындатпай койушту,
Далайга жүрдү айланып,
Кайрат кылып каарданып,
Нечен сапар калаага,
Тийип көрдү заар салып.
Кире албады шаарга,
Ичи күйүп арданып:
“Тыштан киши киргизбей,
Бир жылгача тосойун,

www.bizdin.kg

Ач калганда чыкпайбы,
Бирин бирге кошпойун.
Түк айласын  кетирип,
Түгөтөйүн муну” деп,
Калааны жүрдү кайтарып,
Күнү- түнү дүбүрөп,
Шаардан тышта калгандан,
Кабар кылып барган жок,
Кененимге бир адам,
Жаңы хан өзү чыгалбай,
Калаадакы камалдан,
Башы  айланып болду тел,
Ойлоп жатып санаадан.
Андай- мындай иш менен,
Бир жыл өттү арадан,
Кененимге бир киши,
Туйдурбастан жиберди,
Коросондун жаңы хан.
Жаңы хандын кишиси,
Кененимге жетиптир,
Жалпы иштин баарысын,
Кабар кыла кетиптир.
Кабар угуп Кененим,
Бармак болду аттанып,
Кабарчы кайра барыптыр,
Кененим келмек болду, деп,
Кабар айтып мактанып.
Жаңы хандын тарабы,
Кызык уруш кылышат,
Жетилип көөнү шаттанып.
Жаңы хандын ичинде,
Запыра деген бар эле,
Дабытайга билгизди,
Болгон ишти кат жазып.
Даыбтай угуп кабарды,
Жаңыдан ойлоп  амалды,
Ичинде алды бекитип,
Кененим элде жок жакта,
Кең Таласка барарды.
“Коросон келсе Кененим,
Койбойт тирүү жанымды,
Кетирет амал- шайымды.”
Запырага Дабытай,
Сырын айтйп билгизип:
- Мен Таласка барамын,
Кененим келсе бул жерге,
Сен Запыра айтарың,
“Дабытай менен жаңы хан,
Кеңеш кебин бир кылган,
Келишип алып бир жерге,
Сизге киши жумшаган,
Таласка кетти Дабытай,
Саа көрүнбөй түз мындан,

www.bizdin.kg

Таласты тартып алышып,
Туруп калмак  Дабытай,
Коросонду жаңы хан,
Жакын болгун, Запыра,
Айабай малың барынча,
Кененимге уу бергин,
Эчтекеден тартынба,
Кененимден кутулсаң,
Таластакы Сыр коргон,
Тактын эли болосуң,
Кыргыздын чыгып кырына,
Бакыт ээси болосуң.
Дабытайдан кеп угуп,
Кара нээт Запыра,
Ээ болдум деп Таласка,
Өзүнчө калды оолугуп,
Алдап алып кишиден,
Ичи бузук итинен,
Кененим келип калат, деп,
Кабар алып бел- белден,
Тайарланып туруптур,
Кененим келе жатканын,
Анык кабар угуптур,
Таласты алып көңүлгө,
Кара жүз атын буруптур,
Муну  мындай таштайлы,
Эр Кененим төрөнүн,
Кабарынан баштайлы.

## ДАБЫТАЙДЫН ӨЛҮШҮ

Таласта жаткан Кененим,
Коросондон кеп угуп,
Коросонду Дабытай,
Камап жатат деп угуп,
Ордонун ханы Орунбай,
Андай уулдан канча бар,
Баары калбай жыйналып,
Келсин деди жаш балдар,
Акжолтой сындуу карыны,
Энтери менен Жамаке,
Бала Тубаш, Бөтөнү,
Чакыртып келип төртөөнү,
Акжолтой кары бешөөнү,
Орунбай менен алтоону:
- Карың менен жашың ук,
Бул олтурган баарың ук,
Мен коросон барамын,
Камалда калды жаңы хан,
Аны аламын кутултуп,
Каңгайды барып Дабытай,
Койгондой болду кутуртуп,
Келип калса каңгайлап,

www.bizdin.kg

Кошуун айдап чубуртуп,
Элге бүлүк салдырба,
Алдын алып туйунтуп.
Билинбей келип чалгынга,
Менден кабар алабы,
Силерди алы канча, деп,
Бир калбаны салабы,
Адам койуп карагын,
Киши үзүлбөй бел-белден,
Киргизбегин ичиңе,
Жат киши келсе ар жерден,
Кайра кайтып кет дегин,
Келген болсо кай жерден,
Өчөшүп болбой ким кирсе,
Алып келип камап кой,
Агачейин мен келем,
Кандай киши экенин ,
Бир көргөндө мен билем.
Кененим айтып  бар кебин,
Кабардар кылып бүт элин,
Алтымыш күндөн ашырбай,
Мен аңгыча келем, деп,
Айтып койуп акыл кеп,
Жүрүп кетти Кененим,
Коросонго барам, деп.
Таластан чыгып кайран шер,
Айбаты артык кеменгер,
Аттанып жөнөп кеткенде,
Акжолтой баштап алты эр:
“Мындан башта Кененим,
Минтип акыл бербеген,
Кайда барып келгенин,
Кыргыздын эли билбеген,
Бир коркунчу бар окшойт.
Кабар алып туралы,
Киши койуп бел-белден,
Келер душман бар окшойт,
Киши эмес, пил бекен”
Дешип булар турганда,
Акжолтой айтат акыл кеп:
Уккула, баатыр, баарың,- деп.
Кененим коркор киши жок,
Мындан мурда кетүүчү,
Кыргыз менен иши жок,
Жалкытып койду жат душман,
Элөөсүз келип Дабытай,
Бизге салды көп бушман,
Каңгайга барса Дабытай,
Кайтып келсе Коросон,
Кабар келсе ошондон,
Мен Коросон кеткенде,
Башкадан келип калат, деп,
Шек кылган белем ойлосом.

www.bizdin.kg

Эндегей жаткан тынч элге,
Элге бүлүк салабы,
Бузбай сактап калсын, деп,
Айтканы ошол биздерге.
Акжолтойдун кеби, деп,
Жетик акыл эми, деп,
Киши койуп бел-белге,
Жана киши дайындап,
Татаал, кыйма, тар жерге,
Ошентип киши тургузду,
Ой -тоосу жок ар жерге,
Жесекке киши тургузду,
Күмөндүү жол дегенге.
Эми кайтып келели,
Коросон кеткен Кененге.
Кеңкула минип болкойуп,
Жез найза колдо койкойуп,
Барааны баатыр башкача,
Чоң ополдой зоңкойуп,
Нечен бел калды арада,
Тоскоолдук кылбай тоңкойуп,
Ак элечек тоо калды,
Жасанган кыздай койкойуп,
Келбеттүү  баатыр шаңданып,
Кеңкуланын артынан,
Түрүлгөн туман чаң калып,
Түрүлүп аккан сел калып,
Тунуп жаткан көл калып,
Чарчабай аккан суу калып,
Чалкайып жаткан төр калып,
Коросонго кайрат шер,
Келип калды жандашып.
Буктурма койгон кишиси,
Дабытайдын ар жерге,
Баатырды көрүп  таң калып,
Бетине чыдап баралбай,
Кабар айта салышты,
Дабытайга түз барып.
Беттешем кантип ага, деп,
Таласты карай жөнөдү,
Тору атты санга бир салып.
Бир жарым күн болжолдо,
Дабытай чочко келбеди,
Мурункудай коргонго.
Шаар ичинде баары жан,
Өзү баштап жаңы хан,
Дабытай кайда кеткен, деп,
Булар болду айран-таң.
Шаар четинен Кененим,
Жолуккан элден кеп сурап,
Дабытай кайда деп сурап.
Жолуккандар кеп айтат,
Эки күн болду Дабытай,

www.bizdin.kg

Көрүнбөдү, деп айтат,
Арамды кайдан табам, деп,
Шер Кененим келайтат.
Арам нээт Запыра,
Жаңы ханга билинбей,
Чыгып кеткен талаага,
Жолугушту талаада,
Эр Кененим баатырга.
Өзү койгон киши эле,
Жаңы хандын жанына,
Кененимди көргөндө,
Кетенчиктеп бүгүлүп,
Келинден бетер жүгүнүп,
Кандыргалып бүгүнүп,
Катындарча жүгүнүп,
Сырымды билсе өлөм, деп,
Кара жандан түңүлүп,
Таазим кылып турду эле,
Кененим анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
- Эсенби, сакпы жаңы хан?
Дабытай салды кордукту,
Мага киши жумшаган,
Кайда азыр Дабытай,
Билесиңби, Запыра?
Кайдан келип капташтың,
Жолугуп калдың талаадан?
Көз жашы кылып Запыра,
Өңгүрөк атып бакырып:
- Кайраты артык баатыр сен,
Билгенимди айтам мен,
Келээр маалы болду деп,
Жолуңду тосуп жүргөмүн,
Дабытай келип бул жерге,
Бузук салды тынч элге,
Жаңы хан экөө сүйлөшүп,
Жиберген киши сиздерге.
Шаарымды камап алды, деп,
Сага  айтканы жалган кеп,
Алдап сени келтирип,
Амал менен айла таап,
Ичкен ашка заар салмак.
Коросонго ордунда,
Калмак болуп Дабытай,
Бармак болгон Таласка,
Сыр коргонго жаңы хан.
Деп Запыра жабырап,
Жасап айтты бажырап,
Кененим байкап караса,
Кеп айткан сайын кубулуп,
Үнү башка угулуп,
“Жамандык жуктур жаңы хан,
Жамандык сенде экен” деп,

www.bizdin.kg

Ичинде калды сыр бүгүп.
Запыра барат калдаңдап,
Өзүнүн бойун жыйнабай,
Өңүрү кетти далбаңдап,
Калаага жакын барганда,
Тай жарышым калганда,
Дабытайдын элинен ,
Иш башкарган биринен:
-Эки күн болду Дабытай,
Биздин элде жок болду,
Ачык-дайнын билдиң сен,
Запыра мага айтпасаң,
Киргизбеймин шаарыңа,
Жеткирбеймин ханыңа,
Деп тосоттоп турду эле.
Эр Кененим байкаса,
Сен кантесиң дегенсип,
Ээрдин тиштеп, көз кысып,
Бул Кененим дегенсип,
Ишарат кылып жаткансыйт.
Билмексен болуп Кененим,
Бастырбай туруп калганда,
Орок-тарак Запыра,
- Бул Кененим эр турса,
Жол тосоттоп кантесиң?!
Деп бакырып шойт койуп,
Жүрүп кетти бастырып,
Калаага жакын барганда,
Эр Кененим келди, деп,
Сүйүнчүлөп бакырып,
Жаңы хан деп акырып,
Туйдурбаймын деп ойлойт,
Дарбазаны ачтырып.
Калаадакы бардык эл,
Калбай келди жабылып,
Куруп калган жаңы хан,
Кененимди кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Токтоло калып жаңы хан,
Запырага муну айтат:
- Сен Запыр, арамсың,
Акжолтой болор күндөрдө,
Эң алдында тайарсың,
Эр Кененим баатырды,
Келерин кандай билгенсиң?
Шаардан чыксаң талаага,
Саа катылган киши жок,
Эмне кылып жүрөсүң,
Кененимге бет буруп,
Ичиндеки кепти уруп,-
Дабытай келип бул жерге,
Көптөп каршы турганда.
Коросонго кире албай,

Испанды карай кетти эле,
Кайта келди жалгыз баш,
Кесилип кетти нечен баш,
Аскер жыйнап элдерден,
Тартып алмак калааны,
Талабы ошол биздерден.
Беттеше келген кезекте,
Дабытайды ээрчиген,
Кара нээт кишиден,
Сексенчелик кишини,
Өлтүрүп ийди биздин эл.
Беттешип барып ал келбей,
Камал болдук шаарга,
Кат жазып киши жумшады,
Билишимче Запыра,
Эки күн болду Дабытай,
Көрүнбөй калды элинде,
Зыпыра, кошо жок болдуң,
Көрүнбөдүң   бул жерде,
Айран болуп турамын,
Сиз менен бирге келгенде.
Буулуга түшүп    Запыра,
Бар кебин баштап айтарда,
Талаада турган бардык эл,
Кирип келди шаарга.
Дабытай кайда кетти, деп,
Кеп сурады алардан.
Дабытайдын катчысы,
Бир киши чыкты арадан:
-Толук билет бар жайын,
Запырадан сурасак,
Запыра ачып айтпаса,
Билгенимди мен айтам.
Запыранын ошондо,
Көзүнүн жашы он талаа:
- Жаңы хан менен катчынын,
Мага жапкан жалаасы,
Эр Кененим, сен кара,
Бул экөөндө бар окшойт,
Мага жетчүү бир балаа.
Кебин баштап Запыра,
Айткалы келе жатканда,
Кененим айтат мамындай:
- Кимиң айтсаң аның айт,
Жалганы жок чынын айт,
Кайда кетти Дабытай,
Ал чочконун дайнын айт.
Арканча жорго болсоң да,
Дартыңа дабаа табылбайт!
Дабытайдын  катчысы,
Капчыгына кол салды,
Запыра жазган кагазды,
Сууруп колго алганы:

www.bizdin.kg

- Мынаке каты Запыра.
Жаңы ханга сунганы,
Дабытай жазган катынын,
Бир барчасы бар эле,
Аны кошуп берди эле,
Дабытайдын жазган кат:
“Кененим мында келгенде,
Мен барамын Таласка,
Конок кылып кой сойуп,
Чайга кошуп уу куйуп,
Сен жарагын намыска,
Кыргыздын казып дүмүрүн,
Мен турамын Таласта.
Коросонго сен тургун,
Жаңы хан укум -тукумун,
Бирин койбой жоготкун,
Акылчысын, билгичин,
Колу- коңшу кишисин,
Калтырбагын бирисин”
Деп жазыптыр Дабытай,
Запыранын капчыгын,
Ошол жерде карады,
Кененимге берем, деп,
Белендеген немесин,
Капчыгынан таап алды,
Дабытай колго түшкүнчө,
Жылчыксыз жерге камады.
Кырк аршын казган ору бар,
Алып барып салганы,
Жаңы хан калды ордунда,
Таласка бачым жетем, деп,
Шер Кенен түштү жолуна,
Келе берсин Кененим,
Дабытай менен жарышып,
Мен да бирге келемин.
Арам ойлуу Дабытай,
Күндүзү тыным албады,
Түндө уйку канбады,
Тору атты кыйнап жол жүрүп,
Таласка жетип барганы,
Таластакы элдердин,
Кабарын угуп алалы.
Кененим мындан кеткели,
Аттын баары байлоодо,
Азаматтар шайлоодо,
Кылычтын курчу мизинде,
Найзанын курчу учунда,
Балтанын сабы ыргайдан,
Бекинип мойну чыңдалган,
Чарайнасын чатынган,
Далыга калкан тартынган,
Туулгасын көмөргөн,
Сом темирин өңөргөн,

www.bizdin.kg

Бекемдеп белин курчанып,
Чокморун кысып такымга,
Саптуу айагын байланып,
Эркектин баары камданып,
Кары менен катындар,
Алар жүргөн мал багып,
Азыгын жанга байланып.
Адырдан  чыгып жол чалып,
Ит агытып куш салып,
Куру  келбей кайтканда,
Бөрү менен түлкү алып,
Куу мүйүз кулжа атышып,
Кубанычка минтип батышып,
Эрте туруп, кеч жатып,
Антип жүргөн кыргызга,
Көрүнбөй барып кире албай,
Дабытай калды капташып.
Коросондук арам деп,
Коржоңдогон кара нээт,
Калбалашып урушуп,
Куйкалары курушуп,
Койгулашып, салышып,
Жаактарын жарышып,
Жаагынын канын агызып,
Бала  Тубаш, эр Бөтө,
Нөөмөт менен чабышып,
Булардын шайы кеткенде,
Энтери менен Жамаке:
- Эми бизге канаке,
Бала Тубаш, эр Бөтө,
Чыга берет мынаке.
Акжолтой табат акылды,
Орунбай айтат элине,
Туу түбүндө бул экөө,
Дембелеп төртөө урушуп,
Нөөмөт бербейт бөлөккө,
Ал төртөөнүн кийгени,
Бадана соот, күрөөкө,
Коросондук Дабытай,
Бир ой түштү жүрөккө:
“Алып сайышкан немедей,
Жүрө бербей майданда,
Эргежээлдей төртөөнө,
Курчалышып буларга,
Утур келген немесин,
Көмө сайып жөнөйүн,
Тетиги курган кыргыздын,
Селдей канын төгөйүн,
Кененим келсе аркамдан.
Тирүү эмес өлөмүн,
Аралап кирсем кыргызга,
Азап салып бул журтка”
Айбаттанып акырып,

www.bizdin.kg

Өзүнүн  атын  чакырып,
Бала Тубаш, Бөтөнү,
Беттеп кирди качырып.
Жеткен жерде экөөнү,
Сайып өттү жапшырып,
Тилегиң каткан Дабытай,
Минтип шорун катырып,
Энтери менен Жамаке,
Манастап ураан чакырып,
Желегин жерге жапырып,
Бала Тубаш, Бөтөнү,
Өлтүрбөсүн бекер, деп,
Жебеден мурда жеткени,
Жеткен менен экөөнү,
Катар сайып өттү эми.
Акжолтой менен Орунбай,
Манастап ураан чакырып,
Атбай алаш болгон журт,
Жер сойулуп кара курт,
Бала Тубаш, Бөтө өлдү,
Энтери менен Жамаке -
Экөөнү алды кутултуп.
Экини сойуп кан жалап,
Ал Дабытай   кызталак,
Ак калпак кыргыз бул элге,
Кетип барат аралап,
Кандуу кылыч кайсалап,
Калың жерин талкалап,
Качып жөнөй бергенин,
Куткарбастан найзалап.
Чамбыл ала чаң кылып,
Кылычтын мизин кан кылып,
Кыргыздын башын маң кылып,
Кең дүйнсүн тар кылып,
Кырып жүргөн кезинде,
Кененим түшүп эсине:
“Келер кези болду,- деп,
Таластын бетин кан кылдым,
Моокумдан чыгып болдум,- деп,
Күн кеч кирип калыптыр,
Түн киргинче  сүрөйүн,
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин алды жөп жата,
Коргонуна кирейин,
Кире албасам коргонго,
Жете албасам болжолго,
Улуу жолго салайын,
Кененим жолун чалайын,
Келбей калса Кененим,
Күмбөзүн келип чагайын.”
Бул күйдүргү бадырек,
Эпсиз капыр, кара  нээт,
Алды-артын тең ойлоп,

www.bizdin.kg

Эр Кененим төрөнүн,
Келер күнүн нак болжоп,
Көз байланган күүгүмдө,
Элден чыкты  бөлүнүп,
Үч Кошой көздөй жөлөнүп,
Таң атып чыкты аңгыча,
Аркасынан сүрүлүп,
Жылдыздын баары жымыңдап,
Кыбыла көздөй сүрдүгүп,
Жандын баары кыбырап,
Жабыла чыкты дүрдүгүп,
Чыгыш жактан кызарып,
Мунарыгы арылып,
Күн көрүндү жаркырап.
Жетисуу жакты караса,
Эр Кененим келатат,
Кеңкула аты жаркылдап,
Алтындуу саадак бетинеде,
Күн чагылып жалтылдап,
Кененимди көргөндө,
Дабытайдын бойуна,
Титирек кирди калчылдап,
Токтоналбай удургуп,
Эт жүрөгү балкылдап,
Коросон карай качмакка,
Ойлоп турат салпылдап:
Качып жүрүп качанга,
Кара жанды катамын,
Аңдып туруп аныктап,
Мылтык менен атамын,
Түтүн менен тең кетсе,
Кеңколго кайта кирейин,
Бооз катынын кыргыздын,
Тик боорунан тилейин,
Жаздым атым таштасам,
Коросон эми киргизбейт,
Каңгайды карай мааналап,
Оторду көздөй качайын,
Кандуу душман кыргызга,
Каңгайга башым катайын,
Кууп жетсе куткарбай,
Жер кучактап жатамын”
Деп ойлонуп кара жүз,
Кудай бетин нары кыл,
Очогорун  октоду,
Милтесин кызыл чоктоду.
Жер кашатты бетке алып,
Жыдыман менен кароолду,
Так өлчөлүү ченге алып,
Чендеп доңуз караса,
Топчулугун топчулап,
Кара бойун упчулап,
Каарына карк толуп,

www.bizdin.kg

Көзүнөн чыккан учкуну,
Төбөсүндө көрүнүп,
Анык байкап караса,
Ок өтөр жери жок болуп.
“Атканым болор бекер,- деп,
Арылып түтүн болгончо,
Өз ажалым жетер, деп,
Өтө берсин алдыма,
Алдындагы кула атты,
Май сооруга атйын,
Атын атып таштасам,
Ырысы жок жөө болор,
Карып болгон дөө болор,
Арканча мыкты болсо да,
Кайраты качып жоголор”
Кайкыдан аша берерде,
Жаныбарым Кеңкула,
Арам өлгүр кантет, деп,
Арстан туулган Кененим,
Камчы менен чапканы,
Бутактан учкан кыргыйдай,
Кеңкула аттын сызганы.
Кененим камчы чапканда,
Бул дагы маша басканы,
Очогор үнү дүп этип,
Жер козголуп сүлк этип,
Аткан огу тийбеди,
Апыр- сапыр шашыла,
Дабытай атка мингени,
Ажалдын кара найзасын,
Ортонуна илди эми.
Кененим бура тарткыча,
Качырган бойдон жеткени,
Капталга койуп өттү эми,
Олпокту найза тешпеди,
Тешпеген менен олпокту,
Беш кабырга белинен,
Катар сынып кетти эми,
Анчалыкты элебей,
Артык туулган Кененим,
Адамзаттан ченебей,
Кырданып кирди качырып,
Манастап ураан чакырып,
Мурункудай сак болсо,
Сайып өтмөк жапшырып.
Найзаны күүлөп сайарда,
Көтөрүлбөй оң колу,
Кабыргасы кычырап,
Кулагына угулуп,
Кубурлуу тууган, кайран эр,
Мына мындай шор болуп,
Жолго түштү Дабытай,
Сойодой болуп созулуп.

www.bizdin.kg

Эр Кененим көк жалдын,
Кабыргасы сынганын,
Оң колу керден чыкканын,
Дабытай аны билбеди,
Каңгайды карай бет алып,
Качып жолго киргени,
Дабытай кетти жолуна,
Кененим менин аркамдан,
Куубады деп ойунда.
Келип түштү Кененим,
Кыргыздардын тобуна.
Калың кыргыз эл келди,
Кары-жашы тең келди,
Кемпир келди, чал келди,
Катын келди, эр келди,
Боз улан келди, кыз келди,
Кыргыз болгон бүт келди,
Бир кишиге Кененим,
Колун сунуп бербеди,
Колу майып экенин,
Дегеле киши билбеди.
Бала Тубаш, эр Бөтө-
Эки баатыр келбеди,
Келбегенде кайран шер,
Өлгөндүгүн билгели.
- Калганың тара үйүңө,
Дүбүрөбөй бул жерде,
Акжолтой менен Орунбай,
Энтери менен Жамаке,
Бала Тубаш, Бөтөнү,
Алтооң мында кал,-деди.
Эли тарап кеткенде,
Бала Тубаш, Бөтө жок,
Калган төртөө кирди эле,
Акжолтой кары кеп баштап,
Ыйлап-сыктап көз жаштап:
- Ак калпак кыргыз кешиги,
Кулагың салып уккунуң,
Кууураган менин кебимди.
Айтып кеттиң акыл кеп,
Биз орундап турдук макул, деп,
Дабытай келип кез болду,
Бизде кыймыл тез болду,
Энтери менен Жамаке,
Бала Тубаш, эр Бөтө,
Дембелеп кирип сайышып,
Көз ачырбай турганда,
Намысын элдин талашып,
Каарданып кара жүз,
Катуу кирди жан ачып.
Жамаке менен Энтери,
Катар сайып таштады,
Ажыратып алууга,

www.bizdin.kg

Бала Тубаш, эр Бөтө-
Баатырлар турбай ат салды,
Жеткен жерде экөөнү,
Көмөлөтө сайганы,
Көөдөндөн канын жайганы,
Бул экөөнү өлтүртпөй,
Ажыратып эл алды.
Ал кара бет чочконун,
Кан ичмеси кармады,
Кыргыздын канын агызып,
Кыйан суудай жайганы,
Күүгүм кирип кеткинче,
Көп кишини жайлады,
Өлгөндүн саны ал кезде,
Жүздөн ашып калганы,
Таң аткандан бер жакка,
Көрүнбөдү карааны,
Көрүп калып ал сени,
Качып кетип калганбы,
Же болбосо бир жерде,
Көмөскөдө жатканбы?
Кыргыздын болуп ырысы,
Арбагы Манас жар балуп,
Өзүң келип калганың,
Деп Акжолтой айтканда,
- Турбагыла, баскыла,
Элдин четин кайтарып,
Четтен чалгын чалгыла.
Аттандырып аларды,
Чыныкени чакырып,
Жүйрүн дөөнү сойгондо,
Алып келген көп дары,
Чоң куржундан таптырып,
Апы менен сапыны,
Тыштан эзип чаптырып,
Эбеп менен себепти,
Дартка кылчуу медетти,
Кутудагы кубаттан,
Даамга кошуп татканы.
Тарамышын аркардын,
Тартыш деген дарыга,
Таратып туруп чылатып,
Ичинен жеди тууратып,
Сыртынан тартты оротуп,
Жаңылап жаап дарыдан,
Күн токсонго толгондо,
Үч айдын жүзү  болгондо,
Кабыргада берчи жок,
Кем- керчи жок айыгып,
Чиктейден буту бир сынган,
Элөөсүздөн Дабытай,
Кабыргасын сындырган,
Айабай жаман ардыгып,

www.bizdin.kg

Жан кишиге айтпастан,
Чарайнасын тартынып,
Сом темирин артынып,
Кеңкула менен болкойуп,
Кетип калды бастырып.
“Коросондон табам,- деп,
Коросондон таппасам,
Каңгайга издеп барам,- деп,
Артынан кууп таппасам,
Эсирден таап бир эрди,
Келип калба салар, -деп,
Канча жыл болду барбадым,
Кантип жатат экендир,
Карыган Жоодар абам, -деп,
Жеркен, Котен, Лопнурдан,
Комул менен Турпандан,
Баркөл, Манас, Алтайдан,
Иле, Текес, Музарттан,
Күнөс менен Жылдыздан,
Азык, Арал, Кунарык,
Арка жагы Ысыккөл,
Чубалып жаткан Теңир тоо,
Күңгөй-тескей бетинен,
Мээ кайнаган ысыктан,
Дем чыкпаган кысыкта,
Амалайдын алдында,
Кешмирден бери карата,
Алтымыш уруу кошулган,
Алаш деп аты угулган,
Өргөнчтөгү кыргыздан,
Ламдын бели кыймадан,
Боз үй тиккен кыйбадан,
Бадакшанда,  Балыктан,
Короолош тажик калыктан,
Кара калпак түркмөндөн,
Букар менен чамбыл бел,
Алты шаар Анжыдан,
Наманген, Ташкен, Самаркан-
Булардан кабар албадым,
Далай жыл өттү арадан,
Дабытайды изүүлдөп,
Баарысынан укпасам.
Тынчылык болсо алаштан,
Андан кийин Кененим,
Арбагына сыйынып,
Айкөл атам Манастын,
Бутумду сунуп жыйбастан,
Андан кийин уктасам.”
Залкар санаа, ой менен,
Салтанаттуу кара көк,
Коросон көздөй жөнөдү.
Жетисуунун белинен,
Жедигердин элинен,

www.bizdin.kg

Букар менен түркмөндөн,
Мында жүргөн элдерден,
Бетбактын тоосун кылаалап,
Кыйла журтту аралап,
Жарды-байын элдердин,
Жан сактоосун чамалап,
Коросондон табалбай,
Бадакшан, Балык, Тажикти,
Үргөнчтүн элин аралап,
Кара тоону бойлоду,
Ат өргүтүп конбоду.
Кешмир менен айланып,
Котен менен , Чын менен ,
Жеркен, Кашкар, шаар менен ,
Арал, азык жол менен ,
Лопнурдун бойу шор менен ,
Жибек артып, шай артып,
Катарлап чиркеп, төө тартып,
Кербендер өтчү жол менен ,
Кеңкула менен  Кененим,
Кебездей аппак шор менен ,
Какшып жаткан чөл менен ,
Жылып аккан кум менен ,
Турпан менен комулду,
Катар басып аралап,
Баркөл менен  Манасты,
Байкап өттү чамалап.
Бешбалыкта элдердин,
Чекесинен кеп сурап,
Алатоо бойлоп өтмөккө,
Алтайды карай кетмекке,
Адырмакты аралап,
Бара жаткан кезинде,
Салбардынын этеги,
Сары кайкы деген кезеңде,
Турнабай салып караса,
Куландын сары сайынын,
Чыгыш жаккы четинде,
Алтайдын Канас көлүнүн,
Батыш жаккы алдында,
Кара байрак туу турат.
Кернейдин үнү бапылдап,
Доолбас үнү заңкылдап,
Майда желек кызылдан,
Жерге батпай кылкылдап,
Келе жатат калың кол,
Жер сойулуп былкылдап,
Топурак учуп, жер чаңдап,
Асман ачык, жер бүркөк,
Күн көрүнбөй күдүңдөп,
Ачык-айкын таанылбай,
Турнабай жүрбөй бүрүлдөп,
Тунарыктап алыптыр.

www.bizdin.kg

Кайсы экени билинбейт,
Андан бери караса,
Кызыл-тазыл жүк жатат,
Көрүнгөн жылга, сай-сайда,
Катын-бала эрбеңдеп,
Басып жүрөт ар кайда,
Казактын эли мында, деп,
Эндекей жаткан бул элге,
Кайдан келген калба, деп,
Телпилдетип этегин,
Тентек шамал чойгулап,
Кеңкула оозун тартпастан,
Кетип барат койгулап.
Жете барды бир жерге,
Карааны бар элүүчө,
Катын-бала топ элге,
Кененим кирип келгенде,
Дүм түшүп баары жыгылып,
Көзүнөн жашы кылгырып,
Аа деген бири болгон жок,
Оозунан деги үн чыгып,
Тили ичине тыгылып.
Орто жашта бир катын,
Колун сунуп сермеди,
Алты жашар, төрт жашар-
Эки эркек баланы,
Жанына тартып келгени.
-Бүгүн көрдүм, балдарым,
Жалганбы деп жүрчү элем,
Анык көрдүм чын жерин,
Кара жанга күч келсе,
“Катын жолдо калбайбы,
Бала белде” дегенин.
Кылчайып мага карабай,
Ордумду басаар уулум, деп,
Сен экөөндөн бирөөндү,
Өңөрүп кетип калалбай,
Атаңар таштап кеткени,
Коросондук желмогуз,
Коржоңдоп жеткен турбайбы,
Ажалыбыз жеткени.
Тирүү болсок чогулуп,
Бир дөбөгө качалы,
Өлүк болсок чогулуп,
Бир чуңкурда жаталы,
Башка келди, балдарым,
Байыркынын макалы.
Деп бапылдап ал айал,
Эки эркек баланы,
Кучактап барып жылды,
Башка кепти кылбады,
Кененимдин дегени:
- Коросондук эмесмин,

www.bizdin.kg

Мен Кененим дегенмин.
Мен Кененим дегенде,
Эстен танып элейип,
Тиктеп калып селейип,
Жалдырап тиктеп делейип,
Анык уккан ал айал,
Сынап айтып жатат деп,
Качан болсо өлөмүн,
Ачык сурап билем  деп:
- Жана айтчы чыныңды,
Жаздым угуп калдымбы?
Ким дегениң билалбай,
Угалбай калдым атыңды.
- Менин атым Кененим,
Кең Таластан келемин.
Атын угуп баатырдын,
Сүйүнгөндөн токтобой,
Көлдөй агып көз жашы:
- Жүзүңдү көрдүм, көкжал шер,
Мен кудайга ыраазы,
Алтымыш уруу көп алаш,
Атбай журттун аркасы,
Качып жүрүш сай- сайда,
Куураган жандын аргасы,
Эр көкчөнүн элинен,
Ата-баба бул жерге,
Жүргөн казак эл элек,
Каражанга күч келсе,
Казак, кыргыз бир бир тууган,
Манасы кайда дээр элек.
Бир жылдын нары жагында,
Коросондон бир киши,
Каңгайдын ханы Оторго,
Качып келди, деп уктук,
Эр Кененим кыргыздан,
Карчалышып ал келбей,
Жазып келди, деп уктук,
Алты күндүн алдында,
Биз мээнетке жолуктук.
Аты тоодой тору экен,
Өзү жандын зору экен,
Айылга келди бир киши,
Кимдин эли дебестен,
Алты азамат жигиттин,
Башын кесип жиберди,
Андан кийин кан соргуч.
“Менин атым Дабытай,
Коросондун ханымын,
Атым алаш дегенден,
Канын ичем баарынын,
Кошуунум бар аркамда,
Жол чалып келе жатамын.
Алдымдан чыккан айылдан,

www.bizdin.kg

Алтынын канын татамын,
Жаман эмес тарттым, дейт,
Мен алаштын  азабын.
Ханым Отор чоң, деди,
Камынгының бол” деди,
Арактан сундук астырып,
Айалдаттык азгырып,
Арканча берип аракты,
Жыгалбадык мас кылып,
Дайарлык кылып тургун, деп,
Жүрүп кетти бастырып.
Ал бастырып кеткенде,
Кабар берди ар кайда,
Туш-тушка киши чаптырып,
Жаныңды алып кутул, деп,
Кабар берди шаштырып,
Мына минтип жүрөбүз,
Айланы таппай аптыгып.
Катын менен балага,
Кылчайып бирөө карабай,
Катын-бала жүрөбүз,
Баш батар жерди табалбай.
Мен көргөн кол калмактын,
Колу экен деп, Кененим:
- Баарың коркпой келгиниң,
Мен Кененим дегенмин.
Кененим деген кепти угуп,
Катын-бала калбастан,
Келди баары чубуруп,
Жетимишче жан болду,
Андан-мындан чогулуп.
Ызу-чуу түшүп бакырып,
Ырысыңа эл- журтум,
Эр Кененим келди, деп,
Бирин-бири  чакырып,
Сен баланча келгин, деп,
Атынан атап акырып.
Аттуу киши келгенде,
Жай-жайыңа жангын, деп,
Ар тарапка чаптырып,
Бөрүдөн качкан элдерди,
Бүткүл кайра таптырып,
Өз айлына келтирип,
Үй-үйүнө жаткырып,
Эми турбай Кененим,
Желип кетти бастырып.
Утур чыкты бир киши,
Келе  жаткан шашылып,
Тура тур деп айта элек,
Караанын көрүп баатырдын,
Калтырак кирди ашыгып.
Ажал жетип өзүнү,
Көрүнгөндөй көзүнө,

www.bizdin.kg

Бура тартып качалбай,
Тушалып буту басалбай,
Тил билбеген арамкор,
Кыргызча салам айталбай,
Жалдырап турат жалтанып,
Тик карабай калтарып.
- Кайдан келе жатасың?
Ким болосуң?-деди эле,
Кененимдин кебине,
Берген жообу бул эле:
- Отор менен Дабытай,
Алдыга мени бар,- деди,
Сойушка малын камдасын,
Кызмат кылсын баарысы,
Үйүндө киши калбасын,
Айтып койуп жан,- деди.
Ат айабай алдырап,
Келген жумуш ал,- деди.
Кененимдин кеби энди:
- Чабарман киши, жан, деди,
Менин айткан кебимди,
Ортого айтып бар,- деди.
Өңү сары, көзү көк,
Кара жал кула ат минген,
Жолукту де бир кииш.
Качкын менен котчусу,
Келип конот бүгүн, деп,
Тигип койор үй кайда?
Келгендер сойуп жесин, деп,
Ээсиз көргөн мал кайда?
Дабытайга теңелип,
Кошуун курап баруучу,
Отор чоңго жоо кайда?!
Кайра жансын калкына,
Барып жатсын шаарына,
Ат арытып, тон тозбой,
Мен барамын алдына,
Бекер калба салбасын,
Менин атым Кененим,
Айта баргын ханыңа!
Кененим деп укканда,
Саргарып өңү бузулуп,
Чечекейдин тамыры,
Кетичүдөй үзүлүп,
Түз карабай шылыйып,
Сүткө тийген күчүктөй,
Жерди тиктеп кылыйып,
Оозу ачылып ырсыйып,
Тышка деми чыгалбай,
Бүткөн бойдо жылуу жок,
Карды көөп дыңкыйып,
Катып калды зыңкыйып.
Кетпейсиңби, арам ит,

www.bizdin.kg

Кет дегенди уктуңбу?!
Кет дегенди так угуп,
Атка камчы чабам, деп,
Өзүн-өзү башка уруп,
Кайра тартты бурулуп,
Далдага кире бергенде,
Чаң артында созулуп,
Көздү ачып- жумганча,
Колуна жетти кошулуп,
Өзүнүн элин көргөндө,
Тер кетти бойдон жошулуп.
- Ханым Отор, Дабытай,
Менин айтар кебим бар,
Сен алдыга бар дедиң,
Кой камдасын, үй тиксин,
Айтып кабар сал дедиң,
Тикчүү үй, сойчу койунун,
Анын санын ал дедиң,
Айтканыңды кылам, деп,
Териме батпай желдедим,
Элөөсүздөн ажал кез,
Келерин мага билбедим,
Учурап калды бир киши,
Караанын көрүп сүрдөдүм,
Айтып өтүп кетейин,
Ал кишинин түрлөрүн.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Каражал кула мингени,
Такыр темир кийгени,
Сыртынан олпок жамынган,
Ач жолборстой чамынган,
Колунда найза кармаган,
Белинде кылыч байлалуу,
Таң калгандай барлык жан,
Жоо куралы шайманы.
Ай балта белде шыңгырайт,
Доолбас жанда каңгырайт,
Туулга башка көмөргөн,
Буттап темир өңөргөн,
Бул сыйактуу бендени,
Мен чоң болуп көрбөгөм.
Өңү сары, көзү көк,
Көздөн күйөт жалын өрт,
Бендеден башка келбети,
Төгүлөт беттен бермети,
Мындан мурун бул өңдүү,
Туулуп бенде келгенби?!
Караанын көрө калганда,
Коркуп жүрөк желдеди,
Кайтып барып ханыңа,
Айтып кабар бер, деди,
Менин атым Кененим,
Айта баргын сен, деди,

www.bizdin.kg

Качкынга кылган кошамат,
Кандай урган хан? деди.
Ушул кепти уласам,
Мана бул турган Дабытай,
Бир жактан качып келгенби.
Бүткүл кыймыл жер бети,
Тигилип кастык кылса да,
Мен көргөн жанкы Кененим,
Ал келбестей кептенди,
Семиз эмес, кагалес,
Шыңга бойлуу чабандес,
Оңойлук менен адамга,
Оморулар тоо эмес,
Оңой-олтоң жоо эмес,
Арзандык менен ар кимге,
Оморулчу бел эмес,
Деп кабарчы айтканда,
Ардангансып Дабытай,
Опурулду бир далай.
- Оозуңа келген сөздү айтып,
Сен Оторго бир малай,
Ал Кененим дегенден,
Качып келем мен кандай?!
Кененимди ашырып,
Не мактайсың сен андай?!
Ошол кепти укканда,
Кайтып келген кароолчу,
Кененимди көрдүм, деп,
Айтып келген кароолчу,
Ороолонуп алганы,
Дабытайдын бар сырын,
Олойто тартып салганы:
Коросондук Дабытай,
- Коркпогон киши кептенип,
Мактанасың сен кандай?
Шаарың колдо бар болуп,
Такта олтурган хан болуп,
Касиетүү жан болуп,
Олтурсаң анда мейли эле,
Бүгүн качып жүрөсүң,
Ээ табалбай зар болуп!
Эркелетээр балаң жок,
Эрмекке сүйөр катын жок,
Көңүл ачар эрмектен,
Сенде бүгүн такыр жок,
Өрөпкүйсүң оолугуп,
Биттей сенде акыл жок.
Кененим атын укканда,
Ичиң жалын, бооруң чок,
Намыс жолун талашар,
Эрдигиңдин тайны жок
Ойлойсуң качан өлөм, деп,
Андан башка кайгы жок.

www.bizdin.kg

Деп кароолчу сүйлөнүп,
Коросондун чоңуна,
Эли жогун билгизип,
Кептин заарын тийгизип,
Кененимди кубаттап,
Ого бетер кургурду,
Ийинге мыктап сийгизип.
Оолугуп Отор күүлөнөт,
Кароолчуга сүйлөнөт:
- Ойлоп сүйлө, оолукпа,
Оозуңа келген бокту жеп,
Кененимди барыдан,
Кыйын  көрдүм мыкты, деп,
Айдама кошуун аскерге,
Угулбасын ушул кеп.
Кененим кайда келатат,
Көргөзгүнүң мага, - деп,
Отор калмак, Дабытай,
Жүрүп кетти күпүлдөп,
Өтө катуу жөнөдү,
Ат табышы дүпүлдөп.
Коркуп барат Дабытай,
Айласын таппай бүлкүлдөп,
Кененимди көрбөгөн,
Отор барат күркүрөп,
Аркасынан көп кошуун,
Келе жатат  дүркүрөп.
Отор ойлойт ичинде:
“Кененим көрсө коркот” деп.
Алды талаа, айкын түз,
Коңур  салкын келген күз,
Чыга калып урчуктан,
Кененимге келди кез.
Дабытайды көргөндө,
Кызыл желек байракты,
Жерге сайып таштады,
Жазайыл уруш баштады,
Аманат жалгыз бир жанды,
Кылга байлап таштады,
Дөөдөн экөө экен, деп,
Эр Кененим кайран шер,
Өлөмүн деп качпады,
Сумсайып кайра тартпады,
Кеңкуланы чуратып,
Артынан чаңды чубалтып,
Күүлөп найза сундуруп,
Күүсү кулак тундуруп,
Дабытайды беттеди,
Сайар жерин чиктеди,
Кайра тартпай кабылан,
Качырган бойдон жеткени,
Кактырбастан найзасын,
Көмө койуп кеткени,

www.bizdin.kg

Отор калмак кездешип,
Ажыратып алганы,
Катыксыз болуп тайынсыз,
Мактанып жүргөн жалганы.
Отор калмак кеп айтат:
- Мен көрбөгөн кишисиз,
Кимде болчу ишиңиз?
Жаны ачынып калгандай,
Кан өткөндөй ичиңиз,
Атым Отор меники,
Ким экен атың сеники?
Деп сурады чодойуп.
- Атың Отор сен болсоң,
Кененим атым мен болсом,
Кектүү кишим Дабытай,
Кыдырып келем жер бетин,
Качкын кулду табалбай.
Кектегеним табылды,
Керектүү жерде кабылды,
Карасыңбы, хансыңбы,
Абдан айтчы дайныңды.
Билдирип айтчы элиңди,
Ашкере айткын жериңди,
Туйук айтпай ачык айт,
Дабытайга жар жөлөк
Боло турган кебиңди.
Коросондун Дабытай,
Кыргыздан колун тарталбай,
Айла, арам, ой менен,
Аркачан келет дем албай,
Өзү тынчып жай албай,
Мен барбадым жерине,
Жылында келет элиме,
Артынан кууп барбадым,
Өзүнүн кетсе элине,
Сен келгендей кейпиң бар,
Алданып айткан кебине.
Кошулушсаң кол курап,
Коркуп кетер жерим жок,
Качкынды берип колума,
Кайра кетсең жолуңа,
Анда сага кебим жок.
Катылышкан кишинин,
Катыгын берип келгемин,
Катышпаган кишиге,
Капшытына келбеймин,
Мындан башка кебим жок,
Ошол айтар бар кебим!
Кененимден кеп угуп,
Отор калмак оолугуп:
- Карасыңбы, ханбы деп,
Бул айтканың кайсы кеп?!
Калың каңгай элинин,

www.bizdin.kg

Эл башкарган ханымын.
Шибе, солон, манжуну,
Ага кошуп анжуну,
Башкарып жүрөм баарысын,
Ачык билем айгине,
Кыргыз, сенин алыңды,
Мурункудан уккан кеп,
Баарыңарды бурут, деп,
Бурут келсе,  курут деп,
Менден уксаң ушул кеп.
Коросондун Дабытай,
Качып келди маана издеп,
Мен Отормун, Кененим,
Калбалашсаң мен менен,
Капилет өлүп сойлойсуң,
Муңгул менен буруттун,
Ортосунда эр өлдү,
Эбегейсиз шер  өлдү,
Кара өлдү, хан өлдү,
Сен колдуу болуп, Кененим,
Букарадан көп өлдү,
Жакынкысын айтканда,
Чиктей сындуу хан өлдү,
Темир тондуу Шалкымат,
Жез киндиктүү Кикимат,
Калдагай кулак Чойун алп -
Үчөө катар тең өлдү,
Атанын кунун кубам, деп,
Сакта менен Саранжа-
Эки түгөй бала өлдү.
Ага жакын болом деп,
Тажиктердин  Темирбек,
Испандыктын Ачакан,
Ал кошулуп дагы өлдү,
Жалаңгыч сарык Кененим,
Сенден канча хан өлдү.
Баарынын кегин алам, деп,
Таласка издеп барам, деп,
Аттангамын Каңгайдан,
Ажал айдап тургузбай,
Капташып калдың Алтайдан.
Өзөктөн каның жайамын,
Буруттун баарын чабамын,
Борбор болгон бурутка,
Сыр коргонуң чагамын,
Манастын көрүн табамын,
Талаага сүйрөп саламын,
Кең ордоңду талкалап,
Олжого кызың аламын,
Кебимди уксаң, Кененим,
Ушул менин талабым.
Беш урук менин элим бар,
Эминеден кемим бар?

www.bizdin.kg

Бир топ бурут сен эмес,
Кыргын кылып кытайды,
Ойрон кылып орозду,
Баш көтөртпөй бараңды-
Баарысын басар демим бар!
Деп күркүрөп турганда,
Кененим айтат Оторго:
- Отор калмак сенсиңби?
Орус, кытай бараңды-
Баарысын кырам дедиңби?
Ошентсем коркуп кетет деп,
Опуза кылган кебиңби?
Суудай суутуп демиңди,
Сугарайын каныңды,
Өзүңдүн туулган жериңди!
Деп айкырып баатыр шер,
Күүлөп алды найзасын,
Тоодой болгон чоң калмак,
Коркуп кайдан айансын.
Калмакты беттеп качырып,
Манастап ураан чакырып,
Аркасынан чыккан чаң,
Жөө тумандай жазылып,
Кененим, Отор кездешти,
Кезенишип беттешти.
Качырып найза сайышты,
Найзаларын кагышты,
Ат дабырты тарсылдап,
Найзалары каңкылдап,
Үндөрү башка күркүрөп,
Уккандын бойу дүркүрөп,
Анча-мынча кишинин,
Сийдиги агып бүркүрөп,
Найзалашып сайышып,
Балталашып чабышып,
Жан айабай салышып,
Кыйла кылыч кыйрады,
Булардын жаны тынбады.
Балтанын сырты жарылды,
Байкап турган кишиге,
Заман акыр тарылды.
Найзада сайар уч калбай,
Кылычта кесер курч калбай,
Башка кийген туулга,
Талаа-талаа жарылып,
Торгой көз темир бадана
Далдал болуп жыртылып,
Ок өтпөс буулум олпоктор,
Туш-тушунан кырчылып,
Жака-жеңи бурчулуп,
Белиңде темир жынжырлар,
Туурасынан үзүлүп,
Бүтүн калбай кийимдер,

www.bizdin.kg

Кармаган жерден бүчүлөп,
Найзаларын баатырлар,
Кара ташка түйрөшүп,
Күңгүрөнүп түр чыгып,
Көргөнгө башка түр чыгып,
Ажыдаардай аркырап,
Айбаты башка сүр чыгып,
Күн кечкирип, түн келип,
Түн сүрүлүп таң келип,
Кара жанга күч келип
Какпай найза мушташып,
Учун канга чыкташып,
Өчөгүшкөн баатырлар,
Өлүмдү албай эсине,
Ого бетер ыкташып,
Ойунда турат булардын,
Бирин бири кетмекке,
Кара жерге тапташып,
Жакындады Оторго,
Ажал өлүм капташып,
Кененим, Отор- эки дөө,
Аттан түшкөн булар жөө.
Этектерин түрүшүп,
Уй букадай сүрүшүп,
Нар буурадай жөөлөшүп,
Биринен бири өөдөсүп,
Эрегишип жүргөндө,
Отор сүрүп жөнөдү,
Кененимди аркага,
Көрүнүп турган дөбөгө,
Капташтырып жыгам, деп,
Көөдөнүнө чыгам, деп,
Бир сонунду кылам, деп,
Сүрүп кетип баратып,
Эр Кененим жолборсту,
Айгырдан бетер айкырып,
Кар жиликтен тиштеди.
Ойунда Отор ушундай:
“Каржиликтен кажасам,
Карчытына катыра,
Камтый белден кармасам,
Элетпей туруп бурутту,
Как дөбөгө барбасам,
Капташтырып корумга,
Чалкасынан салбасам,
Амалы кетет абыдан,
Кылычтап башын албасам,
Ээрдинен көзөп бурутту,
Канжыгага байласам”
Ойлонуп Отор тиштеди,
Арамдык ойдо барлыгын,
Эр Кененим билгени.
Камындырбай Оторду,

www.bizdin.kg

Капшыра кармап кемерден,
Капка салган самандай,
Так көтөрүп алганы,
Манастап ураан чакырып,
Айландырып Оторду,
Кара ташка чапканы.
Ташка чапкан оңобу,
Жыгачтай кетип тараша,
Тайны калбай жоголду.
Отордон калмак айрылып,
Баарысы күйүп кайгырып,
Амалын таппай турганда:
- Карап, калмак, турбагын,
Сен сексен миң, ал жалгыз,
Жаныңды айап калбагын,
Карсылдашып теңдешип,
Кармашуучу мен бармын,
Тегеректеп чыгарбай,
Бир бурутту кармагын,
Кунун куугун, калган журт,
Мурунку өлгөн кандардын!
Дабытайдан кеп угуп,
Кара кытай, калмактар,
Манжу, солон жөнөдү,
Кара таандай чубуруп,
Бул сапар кирбей урушка,
Шибе калды бөлүнүп,
Каптап барган Каңгайга,
Качырып кирди Кененим,
Ажыдаардай көрүнүп,
Каны суудай канчанын,
Агып кетти төгүлүп.
Каттап сайып канчадан,
Сайып кетип баратат,
Таталаган төрт урук,
Каны суудай шырылдап,
Агып кетип баратат,
Шамал соккон алмадай,
Эр Кененим баштарын,
Кагып кетип баратат
Шибелер жүрөт чапкылап,
Ээсиз калган ат жыйнап,
Күнү түнгө айланды,
Туралбады эл чыдап,
Дабытайга барышты,
Тирүүлөрү чуркурап:
- Сен Дабытай биздерге,
Калба салдың тынч элге,
Кармашамын мен дедиң,
Каптап киргин сен дедиң,
Дөбөдө турдуң калдайып,
Дегеле жардам бербедиң,
Сааты тийет ар качан,

www.bizdin.kg

Сендей азган неменин!
Шибелер калды бөлүнүп,
Муну да сенден көрөбүз,
Дагы саатың тийбесин,
Кененим издеп келбесин,
Ылдам элден жөнөңүз!
Акыл айтар, эл багар,
Өлүп кетти төрөбүз,
Отор калдай өлүмүн,
Дабытай сенден көрөбүз!
Ага чейин шибелер,
Эки миңче ат айдап,
Айалдабай каты айдап,
Эр Кененим жолборстун,
Алдынан утур баратат,
Шибелердин ичинде,
Туң миң деген бар эле,
Кененимге ал айтат:
- Алыстан келген Кененим,
Алдыңа Туң миң келгемин,
Айыгышкан иттердин,
Азабын колго сен бергин.
Коңурбай, Манас барында,
Кошулушуп шибелер,
Кол куушуруп муңгулга,
Кырылыптыр урушта,
Кылайып калбай барынча,
Кармашып жүрүп Манаска,
Канча түмөн эл туруп,
Жарабаптыр намыска.
Же шибенин аты калбаптыр,
Айтылып өткөн урушта,
Урушка муңгул ээ болгон,
Биздин шибе кырылып,
Кара жерге тең болгон,
Өткөндөрдөн угушта.
Ороккыр менен Бозкертик -
Баарысы өлүп жоголгон,
Кененим, Чиктей уруштуң,
Эбегейсиз жулуштуң,
Шибеден барды алты эрен,
Калтырбастан сойлоттуң.
Бүгүн Отор биздерди,
Айдап келди бул жерге,
Отор өлүп кеткенде,
Каптап аскер жеткенде,
Бөлүнүп шибе биз калдык,
Ээсиз калган муңгулдун,
Чогултуп атын жыйнадык,
Качып кетпей, Кененим,
Тамашаң көрүп тургабыз,
Кылыч сууруп чапсаңыз,
Мойнубузду сунабыз,

www.bizdin.kg

Кандай акыл айтсаңыз,
Кулак салып угабыз.
Айылды бөлүп муңгулдан,
Ажырап шибе чыкканбыз,
Туң миң келдим алдыңа,
Арзыбыз ушул угарсыз,
Анда айтат Туңмыңга,
Баатыр тууган Кененим:
- Шибеден Туңмың келдиңби?
Баарысын уктум кебиңди,
Ээсиз калган муңгулдун,
Атын жыйдым дедиңби?
Бөлүнүшкө муңгулдан,
Буздуңбу ачык пейлиңди?
Тийишпеген кишиге,
Мен тийбейм Кененим,
Тийишип келсе Отордой,
Талпагын ташка керемин,
Жалганы жок жамаксыз,
Анык болсо чын кебиң,
Ээсиз калган муңгулдан,
Жыйнап келген аттарды,
Баарын, шибе, саа бердим,
Сайып алдым Оторду,
Мен аламын дебеймин,
Шибелер атты колбутуп,
Айдап жөнөп бергенде,
Солондун эли чуркурап,
Бул дагы келди Кененге
Аны да койду эркине,
Жан соогалап келгенде.
Шибе, солон муңгулдан,
Бөлүнүш жайы бул эле.
Шибе менен солондун,
Бөлүнгөнү бөлүнгөн,
Чандандын каны төгүлгөн,
Шибе, солон бөлүндү,
Дабытай алды мойнуна,
Анык бүгүн өлүмдү.
Анжу, манжу, муңгулдар,
Дабытайды караандап,
Карап турду ушулар.
Кененимге беттешип,
Кездешерге жан чыкпай,
Жалдырап карап турушту,
Ажал алып жакадан,
Алдырап карап турушту,
Айагы кайдан сай табат,
Айласы кеткен жумуш бу.
Эптеп күндү кечкиртип,
Көз байланган бүрүлдө,
Дабытай качып чу койду.
Күйүп турду Кененим,

www.bizdin.kg

Күн жаркырап чыкканча,
Дегеле кабар болбоду.
Эр Кененим ошондо:
- Анжу, манжу, муңгулдар,
Баарың карап турасың,
Кебиңерди ачып  айт,
Урушар болсоң аныңды айт,
Урушалбай шай кетсе,
Болор иштин дайнын айт.
Кененимдин  кебине,
Анжу, манжу, муңгулдар-
Жалпы  калбай чуркурап,
Арасынан бири айтат:
- Биз силерди бурут деп,
Канча атадан бер жакка,
Карчашып келдик кан чачып,
Азап тартып жол басып,
Канча дүйнө мал бузуп,
Нечен эр өлдү кан кусуп.
Бизге улук болгондор,
Тынчыбады жай алып,
Аркачан барат бурут деп,
Арбын кошуун кол алып.
Букара келет бир кезде,
Ханы өлүп чубашып,
Жана кетет беш урук,
Арадан аскер курашып.
Чыдай албай мындайга,
Шибе, солон бөлүнүп,
Анжу, манжу, муңгулдун,
Бели сынды, буту аксап,
Отор өлдү, бел сынды,
Дабытай кетти эл таштап,
Ханы жок  караан калган эл,
Баатыр, сага арз айтмак.
Кырсаң кырып таштагын,
Мойнубуз сага сунулуу.
Алтын алсаң, зар алсаң,
Шири капка салылуу,
Төрт түлүктүү мал алсаң,
Өрүштө бар жайылуу.
Сулуу кыз алсаң олжого,
Ордодо бар багылуу.
Деп божурап жатканда,
Кененим айтат аларга:
- Кыз баштаган малыңдын,
Алтын, күмүш зарыңдын,
Кереги  жок баарынын,
Кайда кетти Дабытай,
Ачык кабар айткының.
- Өткөн күнү бүрүлдө,
Дабытай мында бар эле,
Таң атканда карасак,

www.bizdin.kg

Көрүнбөдү бул элде.
Кай кеткенин билбейбиз,
Деп жабырап турганда,
Кененим айтат аларга:
- Жай-жайыңа тарагын,
Жамандык болсо пейлиңде,
Ажалың жетсе сен баргын,
Качан барсаң, анда бар,
Алдыңдан чыгар мен бармын.
Буратып чаңды созулта,
Жүрүп кетти Карагөк,
Тилеги каткан Дабытай,
Түз Таласка барат, деп.
Качып кеткен Дабытай,
Айал кылып турбастан,
Отордун барды үйүнө:
- Кененимден жеңилдик,
Силерди алып кетмекке,
Мунда келдим, жүргүлө,
Күлүктөн тандап мингиле,
Буулумдан ылгап кийгиле.
Отордун алты катынын,
Ашыктырып Дабытай,
Алты атка мингизип,
Тандалган тонун кийгизип,
Тамам пулун артынып,
Ээрчитип алып жөнөдү.
Бир катыны Отордун,
Келинжыр деген болучу,
Беш катынды талаага,
Таштап койуп Дабытай,
Келинжырды ээрчитип,
Алып кетиш ойу ушу.
Таң атканча Келинжыр,
Талаада кетип баратып,
Чандан акыл ойлоду,
Дабытайдын кыларын,
Таамай билип болгону:
- Отор өлгөн турбайбы,
Жесир калган биздерди,
Коросондун Дабытай,
Олжо кылмак турбайбы.
Бешти таштап талаага,
Тандап туруп бирди алып,
Артынып жүргөн пулду алып,
Индистан кетмек турбайбы.
Күнүлөрүнө Келинжыр,
Бирден-бирден кеңешип,
Ойлогонун айтыптыр,
Эртеси күнү кечкурун,
Бир жерге барып жатыптыр.
Келинжырды Дабытай:
- Экөөбүз бирге жаталы,

www.bizdin.kg

Балыктын суда изи жок,
Отордун болбос чатагы,
Күндө бирден мен жатсам,
Калгандар кабар айтабы.
Болжошкомун Оторго,
Индистанда бологго,
Аман-эсен силерди,
Баштап барам ошого.
Деп Дабытай айтканда,
Алты катын ажаандай,
Артараптан аркырап,
Канчык иттей ажылдап:
- Өлүгүңдү көрөйүн,
Баштап жүрүп Оторду,
Кененимге өлтүртүп,
Алдап бизди ээрчитип,
Күндө бирден катындап,
Бешөөбүздү беш күндөн,
Бирден-бирден жыга чаап,
Келинжыр алып сулуу деп,
Эти жумшак Келинжыр,
Төшөгү мунун жылуу, деп,
Келинжырды олжо алып,
Куржунга салган пулду алып,
Индистан барып жатмаксың,
Памил чайдан кайнатып.
Келинжыр олжо бергенче,
Өлтүрөбүз кескилеп,
Сөөгүн сөпөт кылалы,
Тезектей муну тепкилеп!
Келинжырды, Дабытай,
Сага олжо бергиче,
Алып барып бурутка -
Кененимге беребиз,
Отордун ордун жоготпой,
Иниси бар Одура,
Хандыгын алып келебиз,
Келинжырды буруттар,
Албаса муну калмак деп,
Каңгайдын алат бир уулу,
Отордон калган олжо деп.
Катындын баары камынып,
Отордун алты катыны,
Кыңырак, кестик, бычагы,
Дабытайга жабылып.
Отордун улуу катыны,
Мужу деген бар эле,
Жекелешсе эрсейген,
Катындан балбан ал эле.
Торгой көз темир бадана,
Көрсөтпөй соотун ичине,
Кийип жүрчү ал эле.
Сурчабар деген аты бар,

www.bizdin.kg

Балбандык  мунун салты бар,
Атын минип камынып,
Далыга калкан тагынып:
- Чык Дабытай! Чыккын! - деп,
Келинжырды суйсалтып,
Сага салып бергинче,
Өзөктөн каның жайамын,
Отордун өчүн аламын,
Башынды кесип байланып,
Мен бурутка барамын!
Деп бакырып турганда,
Коросондун Дабытай,
Коркуп туруп алалбай,
Эми шылтоо табалбай,
Отордун алты катындан,
Орунсуз өлүм кабылды.
“Бешөөнүн белин сындырып,
Беймаал жанын тындырып,
Келинжырды ээрчитип,
Кетейин деп кыдырып,
Алты куржун алтынды,
Эми алтымыш жыл жесем да,
Жетишпейби алмага.
Алы канча” дегенсип,
Беттешип чыкты Мужунга.
Отордун Мужун катыны,
Оролонгон капыры,
Бүктөмө найза колунда,
Булгап катын качырды,
Дабытай, Мужун бет келди,
Мен Дабытай Мужунду,
Ыргыта сайам деп келди.
Бир беттешип жанышты,
Найзаларын кагышты,
Сурчабарды камчылап,
Каарданган Мужундун,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Балбан катын бакырып,
Капкачанкы Коңурбай,
Калдайдын атын чакырып,
Катуу тийди кырданып,
Жан алчуудай сурданып.
Дабытай буга арданып,
Кандуу найза карманып,
Кененимге кирчүүдөй,
Канча түрдүү заарданып,
Салгылашты бул экөө-
Мужун менен Дабытай,
Чака-чака чабышып,
Каңгытып найза кагышып,
Чумкуй тору сурчабар,
Шамалдай сызып жарышып,
Азыркысын теңирээк,

www.bizdin.kg

Келинжыр байкап караса,
Дабытайдан Мужундун,
Кайраты чок кемирээк:
Душманга Мужун бет келип,
Карсылдашып жатканда,
Биздер медет бербесек,
Биздерге болот каргаша.
Мужунду сайып алганда,
Менден башка төртөөңдү,
Өз билгенин кылуучу,
Мойнуңдан кесип башыңды,
Кылгылыкты кылучу,
Дым чыгарбай кырууучу,
Андан кала бергенде,
Маган зордук салучу.
Басма катын болгунча,
Келинжыр өлүп тынычу,
Кептин түбү мана ушу,
Ал көрөкчө жабылып,
Мужундай балбан катынга,
Жардам кыла кетели,
Колго тийсе коросон,
Койдой башын кесели,
Эриндиктен тешели,
Коктукат карай кетели.
Байланып башын баралы,
Баатыр Отор төрөнүн,
Кунун кууп алалы,
Келинжырдан кеп келди,
Катындарга эп келди,
Кылыч алды Келинжыр,
Кыңгырак алды канчасы,
Бычак алды мынчасы,
Чуркурашып баарысы,
Дабытайга кол салды,
Алар анча барбаса,
Кетип калган мужундун,
Сайыша албай аргасы.
Дабытай калды шашылып,
Кетмек болду кутулуп,
Кара башын качырып,
Алы келбей Дабытай,
Качты алты катындан,
Куру калды айрылып,
Куржундакы алтындан,
Талыкпайт тилим такшанып,
Мындай сөздү айтуудан.
Куржунда пулун артынып,
Аттарына тартылып,
Алты катын элине,
Жүрүп кетти шартылдап,
Кайда барсам батам, деп,
Кимдерге арзым айтам, деп,

Уйку көрбөй сандалып,
Дабытай келет кайгы жеп,:
“Барарыма жер да жок,
Батарыма эл да жок,
Кебимди угар бенде жок,
Калмактан алтын нар алып,
Көр дүйнөгө алданып,
Эл-журтумдан айрылып,
Маминтип калдым сандалып.
Коросон барсам кондурбайт,
Жаңы хан эми оңдурбайт,
Испанга барсам батырбайт,
Испандын жерин бастырбайт.
Ирак менен Иранда,
Орун жок эми буларда,
Баш кишисин билбесем,
Күн чыгышка бараргa,
Күллү жердин бетинде,
Батынар бенде калбады,
Саргарып жүрүп ар кайда,
Сары- санаа болгунча,
Манастын кыргыз журтуна,
Түз барайын Таласка,
Катышып көрүп четинен,
Алым келбей баратса,
Мен барайын аралап,
Түрк ичинде маңгытка -
Саламаттын элине.
Күйүнсө маңгыт эрине,
Эки-бир жыл баш катам,
Маңгыттардын жерине,”
Батар жерди таптым, деп,
Бара жатып Таластын,
Бүлүнтүп элин чаптым, деп,
Шамалдын тоосун аралап,
Эрте жүрүп, кеч жатып,.
Алаштын арбын жеринде,
Күндүз баспай түн катып,
Түсөрү качып, муң басып,
Кайран жаны чыркырап,
Чапанынын  биттери,
Учуп жүрөт зыркырап,
Шамалдын тоосу бүтүн кар,
Ызкаар жүрүп зыпылдап,
Алтымыш азап, миң тозок,
Арада көрүп Дабытай,
Таласка жетти чукулдап.
Мындан мурун Таласка,
Эки келип Дабытай,
Жерин билген болжолдоп:
“Жылкысын айдап кыргыздын,
Ышкырып кайдан жүрөйүн,
Которуп кийим кийейин,

www.bizdin.kg

Кутурган кыргыз бул элдин,
Коргонуна кирейин,
Колума тийсе Кененим,
Как боорунан жирейин,
Ал талапка жетпесем,
Коргонуна от койуп,
Эшиктерин бекитип,
Андан кийин жөнөйүн.
Күмбөзүнө барайын,
Талкалап аны чагайын.
Коргону күйүп күл болсо,
Күмбөзү кулап түз болсо,
Тайынсыз кыргыз болбойбу.
Көңүлдөкү иш болсо,
Коргонунда өрт алып,
Кененим күйүп жоголсо,
Баш кишиси боломун,
Мен Дабытай ошондо.”
Ойу менен иш кылып,
Кем -керчи жок бүт кылып,
Суусамырдын Кыркууда,
Бир күн өрүн алыптыр,
Баатырлыкка кийинген,
Кийимдерин бөктөрүп,
Бүт кийимин өзгөртүп,
Коргонду көздөй бет алып,
Тору ат менен очойуп,
Келе берсин Дабытай,
Эми кепти мундан ук,
Алдас уруп ашыкпа.
Кыргыздардын элинде,
Нечен түркүм киши бар,
Ошолордун ичинде,
Көкүм деген бар эле,
Көрөгөчтүн бири эле,
Жок жоготуп мал карап,
Дабытай жаткан жерине,
Утур келип калды эле:
“Жатып -копкон бул жерге,
Өтө балбан киши,- деп,
Көңүлүндө бар экен,
Көп эле мунун иши,- деп,
Которуп кийим кийди деп,
Такасын тартып атынан,
Анан  жолго кирди,- деп,
Аркасынан жетейин,
Анык билип мунусун,
Изчинин башы Эшимге,
Кабаркыла кетейин.”
Деп ойуна  алганы,
Көкүм жолго салганы,
Дабытайдын артынан,
Эми жете барганы.

www.bizdin.kg

Көкүмдүн жашы он алты,
Көргөн эмес ал мурун,
Анык тааный албады,
Билмексен болуп күзөтүп,
Эшимге жетип барганы:
-Эшим аке барсыңбы?
Изчинин башы жансыңбы?
Жети төрдүн кырынан,
Жетик кабар алдыңбы?
Мал жоготуп жок карап,
Суусамырдын бөксөдөн,
Жат из көрдүм көз менен .
Ашкере мага билинди,
Которуп кийим кийинди,
Такасын тартып ат минди,
Суусамыр ылдый ал кирди.
Аркасынан ат койдум,
Айалдабай бат койдум,
Келе жатат кеңгиреп,
Өзү мыкты эр экен,
Мингени чумкуй тору экен,
Жүрөгү кандуу чер экен,
Байкашымча меники,
Бара алса коргонго,
От койучу неме экен.
Көкүмдөн Эшим кеп угуп,
Мине салып чобурун,
Чыга калып тумшуктан,
Дабытайга жолугуп,
Элебеген кептенип,
Өтө берди жулкунтуп.
Эшим өтө бергенде,
Көзүнүн чаарын көргөндө,
Изчи экен деп Эшимди,
Ал Дабытай билди эле.
“Байакы өткөн жаш бала,
Жаттыгымды  билди,- деп,
Баш кишиси бул окшойт,
Келип кабар берди,- деп,
Жолумду башка алайын,
Буткул-буткул кара суу,
Саз аралап барайын,
Букадан бирди минейин,
Элебеген кептенип,
Саан уйдан айдап экини,
Коргонго эптеп кирейин.”
Деп Дабытай ойлонуп,
Сазга жолун салыптыр,
Башкадан жөнөп калыптыр,
Байакы Эшим бурулбай,
Коргондун чоңу Орунбай
Бегине айтып барыптыр:
-Баш кишибиз Орунбай,

www.bizdin.kg

Менин айтар кебим бар,
Үйдө олтурсам жайма-жай,
Көкүм келди бакырып,
Эшим деп мени чакырып,
Үнүн улап тыңшасам,
Өтө жаман шашылыш,
Мен да чыктым ашыгып,
Көрө салып мага айтты,
Суусамырдын сыртынан,
Суук салкын из көрдүм,
Которуп кийди киймин, дейт,
Такасыз минди атын, дейт,
Өрт койчуудай коргонго,
Аны байкап таптым, дейт,
Аркасынан алдырап,
Мен да катуу чаптым, дейт,
Андан өттүм алдырап,
Карап көрдүм мен байкап,
Эрендиги, эрдиги,
Бир кишиче бар, деди,
Ашыгыш келген жумушум,
Эшим аке ал, деди,
Жаза карап салдымбы,
Изин өзүң чал, деди.
Көкүмдөн угуп чолто кеп,
Чолокту минип желгемин,
Суусамырдын чатында,
Артынан жете келгемин,
Байкап билдим бар сырын,
Бизге салчу чоң чырын,
Дабытайдын өзү экен,
Өзү эмес кара көзү экен,
Анык билдим ич сырын.
Алдындагы Көкүмдөн,
Кийинки келген Эшимден,
Күмөн кылып шекиген,
Чоң жолго кирбей саз менен ,
Өгүздөн бирди минчүдөй,
Уйдан айдап экини,
Күүгүм-шамга аралаш,
Сыр коргонго кирчүдөй.
Коргонго кирсе кол салып,
Өрт койчудай кептенет,
Дагы сыры бар болсо,
Аны, Оке, ким билет?
Алыстакы Эшим кул,
Алдыңа келдим темтиреп,
Уруксат сенде, менде эмес,
Эми кала бергенде,
Сизден чыгат кеп-кеңеш.
Эшимден ушул кепти угуп,
Ордонун чоңу Орунбай,
Ордунда тынчып туралбай:

www.bizdin.kg

- Эшим, Көкүм, Атаке,
Тердикбай, Күчүк, Сатаке,
Дайар болуп алтооңор,
Кабар алгын ар жактан,
- Эшим көргөн Дабытай,
Анык өзү болгондо,
Баш бошобойт чыр жактан,
Башкадай арзан чактабай,
Кененимге мен айтам.
Алты киши аткарып,
Кененимге айтмакка,
Орунбай кетти түз басып,
Учурап калды Кененим,
Эшикке чыгып келайтып.
Салам айтып Орунбай,
Тура калды жолуна,
Эреже менен иш кылып,
Эки колу боорунда:
-Эл башкарган төрөбүз,
Өзүңүздү, жолборсум,
Алатоодой көрөбүз,
Кабагың ачып жарк этсең,
Күн тийгендей көрөбүз.
Жүзөңдөн чыкса ызкаарың,
Жүрөк чыгып өлөбүз.
Арзым бар менин угуңуз,
Алдыңа келип турабыз,
Укканым айтам жашырбай,
Мен Орунбай кулуңуз,
Эшимбай келди алдырап,
Ашыгып сүйлөп балдырап,
Биздин Көкүм жаш бала,
Суусамырдан из көрүп,
Мындан жаман иш көрүп,
Эшимге кабар бериптир,
Артынан түшүп кубалап,
Эшим жете келиптир.
Аңкаарып Эшим байкаса,
Которуп кийим кийиптир,
Такасыз атка миниптир,
Коросондук Дабытай,
Которолуп келиптир,
Анык билдим чырын, дейт,
Коргонго кирсе Дабытай,
Өрт койчудай көрүнөт,
Өтө берип чочкодон.
Он имерип карадым,
Изин башка салчудай,
Өгүз минип уй айдап,
Коргонго кирип алчудай,
Кейпин көрдүм, деп келди,
Эшим, Көкүм, Атаке,
Тердикбай, Күчүк, Сатыке,

www.bizdin.kg

Артынан алтоон жибердим,
Анык кабар билгин, деп,
Бээ саамчалык арада,
Кабар кылып тургун деп,
Алдыңызга келгемин,
Аны баатыр уксун деп.
Угуп болуп Кененим,
Эсендик элге келди деп,
Кашкайып күлүп жиберип:
Андай болсо, Орунбай,
Элдин көөнү болсун жай,
Коргонго кирбейт билип ал,
Арамзада Дабытай.
Алтоону көрөт бир-бирден,
Туйунуп кыргыз калды, деп,
Коргонго калды кирүүдөн.
Алтоонон алып кабарды,
Сак болгула коргонго,
Арбын ойлоп амалды,
Кире албаска коргонго,
Ачык көзү жеткенде,
Күмбөздү беттеп баручу,
Күмбөзгө бузук салучу,
Мен күмбөзгө барайын,
Кара жүз кандуу душманды,
Кармап келе калайын,
Орунбайды чуркатып,
Кеңкуланы алдырып,
Үстүнө токум салдырып,
Бар керегин жам кылып,
Жан кишиге көрүнбөй,
Чыгып кетти Кененим,
Арка эшиктен бастырып.
Аркадан чыккан Кененим,
Умачтай көзүм ачар деп,
Кеңкула изин көргөндө,
Күмбөзгө барбай качар, деп,
Адырга салып кулатты,
Алмалуу булак, Шумкарташ,
Ашып түшүп белести,
Күмбөзгө келип көк жалың,
Аттан түшүп жетелеп,
Карап турду Дабытай,
Эми качан келер , деп,
Коросондун Дабытай,
Өгүздү минип өчөйүп,
Минген  атын жетелеп,
Уйдан айдап экини,
Коргондун жолун төтөлөп,
Саз аралап баратып,
Эшимди көрүп калыптыр:
“Жана эле менден өттү эле.
Жандап өтүп кетти эле,

www.bizdin.kg

Сырымды билип алганбы?
Сыртымдан мени кайтарып,
Корогонго кире бергенде,
Кармайлы деп калганбы?"
Ушуну ойго алыптыр,
Токтолуп тура калыптыр,
Туурага көзүн салыптыр,
Суусамырдын сыртынан,
Келатканда кырчында,
Учураган баланы,
Андан башка карааанды,
Көрүп калды аларды.
Эшим, Көкүм, Атаке,
Бир тарапта бул үчөө,
Тердикбай, Күчүк, Сатыке,
Бир тарапта бул үчөө,
Ээрчитип тайган ит алып,
Колуна илгир куш алып,
Мойнуна салып жаа алып,
Койон, түлкү, кашкулак,
Ит агытып мындайга,
Өрдөк-чүрөк, кекилик,
Куш салышып андайга,
Бугу-марал, эликке,
Жаа тартышып кийикке,
Анда-мында шаңданып,
Адырдан элес көрсөтөт,
Токойдо үнү угулуп.
Буларды көрүп Дабытай:
Түгөнгүс кырса кыргыздар,
Адам сырын билгисиз,
Арамзада жыластар,
Мени таанып билген бейм,
Артымдан изим кубалап,
Аңкоосунуп жүргөн бейм.
Мени көргөн эки эле,
Алты болду санаты,
Далы карап, изди кууп,
Төлгө салып, шам жагып,
Душманды тапчуу адаты,
Коргонуна барбайын,
Күмбөзүн  чакпай  калбайын,
Коргондон мени кайтарып,
Колбуп жүргөн кезинде,
Чыгарып таштайт унутуп,
Күмбөзү болбойт эсинде.
Күн бешимден кыйшайып,
Дигерге барган кези эле,
Дарбазасын кайтарып,
Кененим жатсын үйүндө,
Мен күмбөзгө жетейин,
Көз байланган бүрүлдө."
Ушуну алып эсине,

www.bizdin.kg

Калың камыш жерине,
Киши барбас бир жерге,
Аралап кирип Дабытай,
Буканы таштап бултуйтуп,
Туулгасын кийип мултуйтуп,
Тору атка така жаңылап,
Алдындагы тору атты,
Тери менен жабуулап,
Туулганын сыртынан,
Малакай кийип чөмөрүп,
Коргошун, коло аралаш,
Куйун салган Чойун баш,
Койдой кылып өңөрүп,
Түнт токойду аралап,
Күмбөздү күздөй жөнөдү,
Ачууланып көгөрүп.
Алты изчини ар жерге,
Аңырайтып таштады,
Кечип кетип баратат,
Карабуура Чаткалды.
Көз байланган бүрүлдө,
Күмбөзгө жетип барганы,
Арбак урган чочконун,
Анткорлугу кармады,
Бастырган бойдон күчөнүп,
Күмбөзгө туура барбады,
Тоорулуп карап из чалып,
Кеңкуланын изине,
Капташып калган убагы,
Кеңкуланын изинен,
Аттай басып кеталбай,
Титиреп тору ат турганы.
Арам өлгөн нетти, деп,
Не калба болуп кетти, деп,
Түшө калып атынан,
Дабытай жерди  карады.
Чарадай туйак Кеңкула,
Кайта баскан жеринде,
Казандай чымды  аңтарып,
Тоз-топурак келген жер,
Жер очоктой ойулуп,
Кере баскан жерлери,
Кереге бойу жар болуп,
Кемегедей аң болуп
Калган экен, караандын,
Жеткенин билди Дабытай:
Изчини салып артыма,
Коргонду таштап калкына,
Күмбөздөн тосуп жолумду,
Келген экен алдыма.
Кайра качып нетейин,
Качырыша кетейин,
Качсам да, турсам да,

www.bizdin.kg

Карсылдашат экемин.”
Деп кутурган Дабытай,
Коргошун, коло аралаш,
Койдой болгон чойун баш,
Алаканга түкүрүп,
Арта салып ийнине,
Күмбөздү жетип чабам, деп,
Каалгасын чагам, деп,
Кененимден өлсөм да,
Дабытай  күмбөз чаккан деп,
Бир атакты алам, деп,
Каарданып, карарып,
Караса көздөн от жанып,
Күмбөздү жетип чабарда,
Чапса каалга чагарда,
Карап турган Кененим,
Казабына карк болду,
Кайрат кылар чак болду,
Жебеден мурун жетти эле,
Качырып найза сайбастан,
Балталашып атпастан,
Кемерден бурдай кармады,
Тору атынын үстүнөн,
Торгойдой кылып алганы,
Көтөргөн бойдон Кененим,
Бастырып кетип калганы.
Коргонго кетип баратып,
Учуратты бир жанды,
Отор хандын катыны
Мужун келип калганы,
Бастырбай тосуп жол жагын,
Мужун кебин салганы:
- Тааныбайсың, Кененим,
Отор хандын катыны,
Атым Мужун дегенмин,
Эки беткей кара жүз,
Артынан кууп келгемин.
Индистан кетти Отор, деп,
Алты катын жүргүн, деп,
Алты күндүк барганда,
Күндө бирден силерге,
Басымдарлык кылам, деп,
Келинжырды алам, деп,
Айбыкпай айтты кара жүз.
Мен айыгышып салыштым,
Катын да болсом салыштым,
Беш күнүм мага кошулду,
Айласы кетип кара жүз,
Бизден качып жоголду.
Күйүгүп буга жатпадым,
Аркасынан изин кууп,
Айткалы келе жаткамын,
Изчилериң, Кененим,

www.bizdin.kg

Из кууганын байкадым.
Көрүп турдум бир жерден,
Кеңкула менен болкойуп,
Күмбөзгө бара жатканың,
Тосуп туруп  жолуңдан,
Ушул менин айтарым.
Соогатка бергин бул кулду,
Жериме алып кайтамын,
Беш күнүмдү ээрчитип,
Жүнүн сайын кескилеп,
Мен берейин азабын.
Жалганбы сөзүң, чынбы деп,
Сурабастан Кененим,
Мужунга берди мына деп.
Мужун катын турбады,
Чытырата кол-бутун,
Тору атына таңганы,
Жүрөмбү деп жалынтып,
Божуратын зарылтып,
Тилин кесип таштады.
Алып барып элине,
Өзүнүн турган жерине,
Беш күнүсүн бет кылып,
Көргөнүн айтып берди эле,
Баары айран-таң калды,
Кеп кылбастан Кененим,
Дабытайды бергенге,
Кеңеш тапкан Келинжыр,
Баатыр Мужун болушуп,
Мууну сайын оморуп,
Жүүнү сайын кескилеп,
Алты катын тепкилеп,
Алты санын алты күн,
Кара бойун бир күнү,
Жети күндө түгөттү,
Ааламдын баарын буй кылган,
Арамзада Дабытай,
Катындан өлүп түгөштү,
Билишимче кыргызга,
Билгизип айтам бул кепти,
Жусуп Мамай өз атым,
Баатыр Манас дастанын,
Айтып бериш адатым.

**Басмага даяардаган :**
**ОРГАЛЧА КЫДЫРБАЙ**